СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# Албуут
# дарек
# издери

Ош — 2014

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
Ж 64

Ж 64 Суранчы Жетимишов
Албуут дарек издери, Ош; 2014.512 бет

ISBN 978-9967-18-076-5

Эгемендүү кыргыз элинин тарыхында эркиндик үчүн көтөрүлгөн элдик кыймылдардын саны арбын. Айрыкча колониялык мезгилде курч мүнөздө жүргөндүгүн тарыхый булактар тастыктайт.

Советтик доордун тарых наамасында басмачылар кыймылына бир беткей пикир айтылып, жашырылып келген маселелер эми гана жүз берүүдө.

Чыгармада Чыгыш Түркстан саясатындагы тарыхый оош-кыйыштуу мезгил аралыгындагы инсандар туурасындагы окуялар камтылган.

*Китепти “Кожоев Ади фонду” каржылады*

*Сүрөөнчү Примов Улан Бердибаевичке ыраазылык билдиребиз*

Ж 4702300100-014 УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
ISBN 978-9967-18-076-5
© Жетимишов С., 2014

*Китепке сүрөөнчү*

*Примов Улан Бердибаевичке*
*ыраазычылык билдиребиз*

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Көк-Суу жайлоосу Кашкар менен Оштун ортолугу. Жай башталгандан тарта аркы тарабы Кашкардан, бул тарабы Оштон соодагерлер тапкан ташканын жүктөй келишип, малга айрыбашташып, пайдага туйтунушат. Андагы тоолуктар кен жайлоодо кеңири жайлашып, мурун келгени, кийинкилерин өрлүктөшүп, бирин-бири ардактаган, үлүш-тамашалары бир.

Келберсиген жайлоодо короодогу малынан бейкам болгон чарбадар өрүк түстөнө, кызара бышкан кымыздан кылт жутуп коюп, ныксырай жолдон кандай жолоочу өтөрүн күтүп, боз-үйдүн алдында ары-бери баскан болот. Кокустан эле алыстан ат бастырган караан көзүнө чалдыга калса, колуна калпагына ала:

-Ээй жолоочу! Ат тизгинин бери, тарт! Бери, бура тарт! Ак ооз тий? Кымыз ичип кет?- деп кыйкыра, абалаган иттерди кайтарып, утурлап басат. Жолоочу таанышпы, бей таанышпы ага карабайт. Алыстан айтылган саламына колун көкүрөгүнө ала жооп кылган соң, улоонун жылоосунан кармай, үйүнө чакырат. Жолоочу да илгертен келген кааданы буза албай атынан оонай түшүп, эшиги түрүлгөн боз үйгө баш багат. Заматта түрлөнгөн ала кийиз, шырдак үстүнө көрпөчө салынып, досторкон жайылып, даам келтирилип, ашкананын оозундагы кереге бойлуу, арча баканга илинген жаңы ышталган серке чанач бышылып, баш-аягы кере карыш кесеге кымыз куюлуп, кош колдоп мейманга сунулат.Чаначтын ышы менен кымыздын мурун жарган даамы тандайды такылдатып, аргасыз шилекейди куюлтат. Кош колдоп сунулган кесени, кош колдоп алган мейман.

-Биссимилдар–рахман ибраим-деп кере жутуп, бир дем алып, балдай болгон даамын ырахатына, тандайын такылдата

тамшанып, кайрадан дагы бир жуткан сон, кесени жерге коердо, үй ээси:

-Кел, жолоочум, жаңырталы? деп, кайрадан кесеге кымыз толтуруп, сунулган соң, мейман кош колдоп алып, кесени дасторкон үстүнө коюп, үй ээсин карайт.

-Жолдо арыбай, ат көөлүгүндөн кыйналбай келдиңби?

-Рахмат. Өзүңүздүн ал-жайыңыз кандай?

-Бала-чака менен келберсиген кенен жайлоодо, жасаарга иш, жагалдана ат бастырганга шылтоо таппай, кыштагыдай кыйналып, мал бакпай жатабыз, жайлоонун доорун сүрүп.

-Пай-пай. Жайлооңор бейиштин өзү эле тура. Жайыттын кенендигин айт. Абасы менен суусунун тазалыгына сөз, түрлөн-гөн гүлдөрдү саноого сан жетпөөчүдөй. Бу бетеге менен гөдөө мамыктын эле өзү белем. Ат аягынан чаң эмес, доош чыкпайт. Пай-пай!

-Аның ырас. Кудайым керемет жайды кыргызга энчилеп бергенби, көз тийбесин. Отурган-турган жайыбыздын баары эле көлдөлөндөй жумшактыгын айт. Ко-ош жолоочум, кайдан, кай тарапка?

-Жайынча эле. Бу тарапка кетип бараттым эле.

-Чаалыксан өргү? Жайынча болсон эс ал? Шырбаз бышты.

-Аныңызга ырахмат. Ишим бар деп, жолоочу зарылдыгын жашырбайт.

***

Малга көбүн эсе салкын төр жагат. Аны жакшы билген чарбадарлар журт которушуп, жайыт издешип жайлоого көчүшөт. Көчтүн да өзгөчө шаңы, көпкө маалым мыйзам-заңы бар. «Байлыгыңды билгиң келсе, көчүп бак» дейт кыргыз. Тоолуктардын кимдиги көч аркылуу билинет. Ириде мал түгөлдөнүп, санактан өтөт. Кайсыл күнү айдалары, жолго чыгаары алдын ала күн болжолдонуп, ага чоң даярдыктар көрүлөт. Улоолор даярдалып, аркан-жип беленделет. Үй чечкенге, жүк-жүктөгөнгө, мал айдаганга келин-кыз, жигиттер тандалып, ар бирине иш тапшырылат. Мал айдалып, жүк коер алдын ар бир үйдүн ээлери чогулушуп, кайсыл күнү көчөөрү, кайсыл жерге барып, улоо белин тыныктырып, жүк түшүрөөрү болжолдонуп, эски журтка арналган каада-расмилер аткарылат.

Мына, бүгүн да ата-бубалардын арбактарына арналып, куран окулуп, эски журттагы акыр-чикир өрттөлүп айлана-

тегерек тазаланды. Жолго азык мол камдалып, таңдык салганда үй чечилип, улоолорго жүк артылды. Энелерине умтулган кулун, торпок, козу-улактар агытылып, желе-көгөндөр жыйыштырылды.

Көч алдында ак сакалдуу карыялар, ак элечекчен байбичелер, аларды ээрчий саркечтелген, адеми кийимдери менен кечтеленип, жабууланган улоолорго келин-кыздар, алардын артында түрлөнгөн килем-шырдактарды жабуулап жүктүү көч ээрчийт. Маарап-мөөрөгөн төрт-түлүктүн үнү жолго батпай, баш аягы көрүнбөгөн топ бөлүнбөй созулуп, комуздун күүсүндөй ыргак менен жылып жөнөдү. Ат үстүндө бараткан карыялар арар жерде көрүнө калган белги, таш-мазарлардын таржымалын баян кылышса, жаштары обон созушуп, ыр ырдашып, көргөндөрдүн көөнүн өздөрүнө тартып баракташты. Кай жерден чыкты, кимдин көчү, кай жерге барарына кызыккан жол боюндагы айылдардан улуудан-кичүү калбай жардана чыгышып, алыстан кыйкыра салам-алигин айтышат:

-Көч байсалдуу болсун!

-Болсун.

-Алыскы жолдо чаңкап келдиңер, ак таткыла? -Улоолордун белин тыныктырып, даамдашалы?

-Сапарыбыз алыс, жол арбыталы.

-Суусундук жуткула?-дешип бириси кесеси менен кымыз сунса, бириси ат тизгинин тарта, кесени колго кармап, ат жалына тийгизе ак ооз тийип, ыраазылык билдирет. Жолду ката ушундай көч. Болжогон жайга келишип, аманат жүктү түшүрүп, убактылуу улоо белин тыныктырып, ат чалдыра, азыктанышат.

***

Араванга жаз ого эле эрте келди. Кышкы чилде чыгып, чыкпай жатып, шагылдуу таштын бетин бербей көк майса ээледи. Түз тийген күндүн табын боюна сиңирген шагылдуу төштүн баш-аягы кадимки килем жапкандай болуп түрлөнө түштү. Тоң чыгаары менен жер бетин каптаган көк майсанын, ууз даамын таткан төрт түлүк, от кууп, тоо бетине чачылып кетет. Канчалык баш көтөрбөй оттосо да, көбүктөнгөн көк майса, малга кубат болбой ичин алып, дарманын кетирерин жакшы билген чарбадарлар караган-буталуу беттерге мал жайдырып, күндүн ачуу тийгенинен качыра, тескейлетип айдатышат. Анын жөнү жаз айында жаңы бөртүп, боюна суу жүгүргөн караган-

бутанын, тал-теректин майда бутакчалары ары жашаң, ары жумшак. Жашаң, жумшак бутакчаларды оттогон малдын ичиндеги кыл курттар көбүктөнгөн көк менен шаталап түшүп, малдын ичтейи ачылып, тазаланат. Караган-бутанын, тал-теректин бутакчаларынын, кабыктарынын дарылык касиети зор. Төрт түлүктүн ирденишине, ого эле себеп болот.

Өмүр бою мал карап, аны менен сырдана болгон чарбадарлар көк майсага көбүрөөк оттотуп, жаңы бөртүп, күчүк байлаган сай-талдарды аралата малды имеришет. Ачуу тийген жазгы күн жан-жаныбарды ныксыратып муунуна түшүп, жаткысын келтирет. Аптапка мемиреген малдын уйкусу келип, туруштан зеригет. Бир капталы нымда, бир капталы күндө болгон малга, айрыкча жаш төлдөрдүн өпкөсүнө суук тийип, улам жөткүрүп калат. Анын үстүнө ууз сүт, уктап жаткан дененин ичинде уюп, аш болбой, ичин алат. Жегени аш болбогон мал көтөрүм болуп, дарманы куруп, шалдырап жата берет. Муну беш колундай билген малсактар жайытка чыккан малды жаткырбай айдап оттотконунун жөнү бар. Анын үстүнө таштуу беттеги көк майса күн бүркөлүп жамгыр жаабаса, эки-үч күндүн ичинде эле саргарып, куурап кетет. Кубатына келе элек куураган чөпкө мал тойбойт. Жазгы ууз чөпкө тойбогон мал, канчалык жем берсе да семирбейт.

Жалган курандын алгачкы күнүнөн тартып, кыштоону таштап, улам өргө карай жылышты көздөгөн аравандык байлар эртелеп жүк коюга камданышты. Улам жашаң кууп, чын куранды ортолоп, тоо этектей келишти. Ага чейин мал да ирденип, ичтери тазаланды. Ошондо гана узак жолго көч башталды. Үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой, күтүрөгөн мал айдаган үндөр алыстан угулуп, жүктүү кирелер биринин артынан бири өтүп, жайлоолорго кетчүү жолдор чууга толду.Алыскы жолду басып, арып-чарчап араң келе жаткан малчылар, жайлоонун тулаңын көргөндө аралай чаап, жолдон чыккан малдардын бири-бирине кошулуп кетишинен чочуп кыйкырышса, улам өрлөгөн сайын жүктөрү аркага кетип, ооп түшүп калаарынан чочуп, энтеңдей атын темингендерди көрүп, тоолуктар утурлай чыгып, мал тосушуп, жүк оңдошуп, аңкап-чаңкап келе жаткандарга суусундук сунушуп, аттан кондуруп, даам таттырышы көч башыларды аябай эле ыраазы кылгандыктан, чын дилдеринен алкап жатышты.

-Айланайын тоолуктар! Меймандос, пейилиңердин кенендигине ыраазыбыз. Ал-жай сурап, кол кабыш кылганыңар не деген гана керемет. Жериңердей, пейилиңер да тазалыгын айткыла. Ыраазыбыз силерге-деп көчтөгүлөр алкыш айтышса, тоолуктар кыла жүргөн иш, күтө жүргөн сый катары, улоо белин тыныктырып, союшун союп, кымызын сунуп, каадасын кылышты.

Чөлдүктөр тоолук туугандардын кең пейилдигине ыраазылык билдиришип, эрте бышкан жер-жемиштерин ортого төгүшүп, белек–бечкектерин ыйгарышып, көкүрөк чайкашып, суусундукту кандырышкан соң, ал-абалдарын сурашып, таныша кетишет. Даам таттырганга үй ээси ыраазы. Алыстан карды ачып келе жатканда, кимдигине карабай жол тосуп, чакырып, дасторкон жайдырып ал-абалын сураганга жолоочу ыраазы. Жол бараткан жолоочуну аттан түшүрүп, ак татытканына үй ээси кушубак. Бул адаттар тоолуктун айныксыз милдети болбосо да, адата аткара келген адамгерчилиги. Мындай адатты тоого келгендердин баары билишет.

Жасалгалуу көчтү баштап, күтүрөгөн малын айдап, маңгыттардын билерманы Сейитбек баш болгон байлар жыл сайын Аравандан жайлоолоп, атайлап Алайга келишет. Алай алардын жайлоосун жайлар экинчи мекени. Кеч күз гана кыштоого эңкүүлөп келбесе, жайды жайлай жайлоонун нак кымызын ичип, салкын абасынын кыныгын алган эле. Жазда көтөрүм болуп араң келген жандыктары жайлоонун гөдөөсүнөн эркин оттоп, эчки-улагы серкедей, токту-койлору торпоктой болуп, куйруктары Аравандын анарындай чарт жарыла семирсе, жылкыларынын жалы кармалбай дыйкандын жемишиндей бышып жетилчү. Көк-Суунун кыныгын алган бай жаз алдыкелеринде да, кеч күздө кетээринде да Бүлөлүгө токтоп, бир ай, кеми жума баш-аягын жыйып көчкөнгө шашпайт. Кар оор түшүп, кыш узагына айланган жылдары кокту-колоттогу жол ачылганга чейин, булуттун катышын күтүп, бейкам жата берет. Толуктардын өрлүгүнөн колу да бошобойт. Мындай учурда айылдагылар бүт чогулат эмеспи. Карылар баглан козунун этин жеп, кымыз чайкатып, ар түрдүү жаңылыктардан кеп салышса, жаштар оюн-күлкү тамаша курушуп, селкинчек тээп, ырдап-чоордошор эле.

Ачык айтып, тамаша сүйлөгөн тоолуктарга бир чети таң кала, экинчи суктана тиктеген чөлдүктөр ары уяң, жумшак

сүйлөп, жооп беришип, анан бара оюн кызыганда тартынышпай калышчу. Комуз чертилип, кыяк тартылып, бири-бирине алым сабак ыр таштакан жаштардын кимиси эмнеге шыктуулугу, заматта билине калчу. Кезеги келгенде тоолуктардын ичинен Алмаке аттуу боз улан койнунан чоорун алып, ышкырта тартканда, ойноп жаткан жаштар гана эмес, кымыз ичип, ортоңку кырда отурган карылар да моюндарын созуп, кулак түрүп калышчу. Бирде тоонун жели болуп ышкырган чоор үнү, бирде торгой болуп көктө сайрап, бирде тоо суусундай шаркырап, бирде түркүн куштун үнүн туурап, бирде көлдөй мемиреп, коңур добушу менен тоо ичин көөшүлтүп, ырахатка батырчу.

Карышка жетпеген как куурайды күүгө келтирип, уккандын көөнүн өзүнө тарткан мукам добуш, жаратылышты мемиретип, жайдын жагымдуу абасынын ажарын туюнткан, миң түркүн гүлдүн көркү менен жытын, сандаган өсүмдүктөрдүн көк-жашыл түсүн жамынган тоолордун келбетин күүгө айландырып, жашоонун кереметин, адам өмүрүнүн асылдыгын, чар тараптын сулуулугун жуурулуштуруп, сезимге таасир эткен сыйкырдуу добуш, карышка жетпеген как куурайдан чыгып жатканы, аны обонго салып, тилге келтирген боз уландын элеси, аны тааныгандардын көз алдына тартыла түшөт.

-Алмакенин өнөрү-дешет аны билген көпчүлүк.

Кыз-келиндер шыпшынып, жигиттер шатыра-шатман кыйкыра, кубатташат.

Ээрининдеги как куурайды үйлөп, манжаларын кыймылга келтирип, ар түркүн ыргак, күү жараткан маңдайдагы боз уландын турган турпаты да, колундагы чооруна окшоп жөнөкөй эле. Таар шымчан, жеңи кыска, өпкө желек, башына боз калпак кийген баланын көрүнүшү, көзгө комсоо болгону менен кызылдуу жүзү, оттуу көзү Сейитбек байдын Ашыр кызына сүйкүм көрүнчү. Улам сыбызгыган чоор үнүнө машырлана, аны үйлөп жаткан боз уланга көз тиккен буудай ыраң жаш кыздын бетине кан тээп, жүрөк тушу тыз дей түшөт. Эмнеге анткенине өзү да таң. Бир эле кыз оюнда эмес, үйгө келгенде да, иш менен алек болуп жүрсө да, баягы чоорчу жигиттин элеси көз алдына тартыла түшүшүнө кыз бушайман.

Сейитбек бай да жаз-күз жайлоого келип-кеткен чакта, малын короого тосушуп, жайыттан имере жүгүргөн боз уланга көңүлү ийриле калат.

-Ушул баланы, койчу кылып алса кандай болот? Мал сактыгын айт. Эртели-кеч мал тоскондо чаалыгып-чарчаганын көрбөдү. Желе байлаганда, үйрөтүлө элек кулун-тайларга шап жетип, кулактан ала шык-шыктаса, анын ымаасына көнгөн жабагылар заматта оозлорун ачып-жуумп, баштарын ийкеп, туруп беришет. Козу-улактар андан үркмөк тургай, кайра ээрчип алат. Малды өзүнө тарткан сыйкыры бардай. Жаш эле туруп төрт түлүктүн сырын окуп, үйрөнүп алгандай. Ээн-талааларда да азоолорго чалма салбай тутуп, минип алышына таң. Ушундай ойлонуп жүргөн байдын кыялына бир нерсе түшүп жүрдү. Анысын үй-бүлөсүнө билдире элек.

Алайдын жайытынын кенендиги, отунун жемден артык кубаттуулугу байга дайын. Жыл сайын кеч күздө нык семирген малын узак жолдо, майын жегизип албайын деп, шашпай аярлатып айдатат. Жайлоонун отун жеген малы узак кышта да этинен бузулбайт. Канчалык кыш катуу болуп, мал жутаса да, жазга барганда сойгон малынын кабыргасы тыштуу чыгат. Этинин даамдуулугун айт. Базарга алып барганда да, анын малынын баркын билген кардарлар, айткан баасын берип, талап кетишет. Анын бары Алай жайлоосунун касиетинен, отунун күчтүүлүгүнөн, жеринин салкындыгынан, суусунунун тазалыгынан деп билет.

Түгөнгүс байлыктын бири, мал деп санаган Сейитбек бай, койлорунан эле жыл сайын бирден короо козу кочкор ажыратат. Анысын жайда бөлдүрүп, койлорунан алыс бактырат. Жай-күз жайлоонун гөдөө, бетегелеринен кенен оттоп, нык семирген козу кочкорлор эркинче чоңоюп, базарга барганда, чөлдө жыл ичи жемдеген бордокуларга караганда ашыкча баада кетет. Бордокуларга арналган жем-чөп, коромжуга учурабай өзүндө калат. Мунун баарын бай эсепке алат. Кыялына келген ойдун учу, келип-келип, Алмакеге жетет. Ушул баланы кол бала кылып, колуна алса короодогу малын «ары сүр, бери сүр» кылбай кыштатууга калтырса, кандай болот? Чөлдүктөрдүн койлору алыстан жол басып, алды көтөрүм болуп, ылаңдан араң келген чакта тоолуктардын койлору, так секирип ойноп, карматпай калат. Мына ушуну аңдаган бай, койлорун

кыштатмак болду. Ал үчүн ага ары ишенимдүү, ары чарбадар адам керек. Ага ылайык ким? Ой келеби кайра эле ушул Алмаке сагырга келет.

Тоодогулар эттен мукурабайт. Кайберендер койдой болуп, жылга сайын жайылып жүрөт. Тоодо тамак-аш, кийим дале, көп талап кылынбайт. Акысына мал берсе кантет? Бирок, башынан болбосо да, төлүнөн кымтып калаарын ким билет? Эгиз болсо «жалкы» деп, жалкы болсо «өлдү» дегенин ким аныктайт? «Адам аласы ичинде». Андайды кылбайт деп, ким ишенет? Бул бир жолу, сагырга кирише турган эч ким жок. Экинчиси кызын берсе кантет? Ушул жол туурадай. Экөө эриш-аркак, ата-бала арамдыкка барбайт. Кем-карчын өзү алып келип, толуктап турат. Тоолуктар чөлдүктөргө окшоп ичинен тап эмес. Алдап кетиш ойлорунда болбой, ар дайым ак сүйлөшөт. Ободой ойду, сакадай кылып бышырган бай, Алмакени өзүнө биротоло тартмакка бел байлады.

Алмаке байдын көнүлүн чоору менен алдыбы, же кайтарып жүргөн кою менен алдыбы? Айтоор, бай балага өзү кардар болуп, Ашыр кызын берип, күйөө бала кылып алаарын, бир күнү кымыз ичип отургандарга жарыя кылды. Тоолук тоокелерге Сейитбек байдын ою ого эле жакты.

-Атаңын көрү, маңгыттардын байы Сейитбектин тил билгилигин айт.

-Жөн адам бай болбойт. Мындай иш акылмандык.

-Бир сагырды ошончо кадырлаганга, Кудай да берет.

-Сагыр да, пешениси ачык жигит экен.

-Ошону айт. Байдын кызын алып, бай төшөккө жатыш, түшүнө да кирбесе керек.

-Ээ эмнеси болсо да, бай билет. Арканды узун таштаган, эртеңкини көрө билген пенде экен. Сагыр анын ишеничин актайт.

Тоокелердин уу-дуусуна аралаш Алмаке менен Ашырдын тою берилип, калыңы болбосо да, каадасы бар никелери кыйылды.

Ошол жылы кеч күздө Сейитбек бай күйөө баласына кызы менен кошо бир короо коюн калтырып, кыштоону көздөй кайрылып кетти.

***

Алмаке менен Ашыр уулду болушуп, ысымын Кожо деп аташты. Кожо эми боконосун жерден көтөрүп, көзгө көрүнө баштаганда атасын ажал алып кетти. Алмакенин көзү өткөн сон, туугандары жылдыгында бир чогулушту. Жетим бала, жесир келинди эч кимиси ойлоп да койгон жок. «Эки бакыр, бир тукур» болуп, эптеп күн өткөрүштү. Узун кышты чыгарышып, үзүк маалы келгенде, саандары жок, кара суу менен күн көрүп калышты. Жаш келин баласын ээрчитип кимге барат? Кайыр сураш оюна да келбеди. Ал ишти ата-бабасы такыр кармаган да эмес. «Элдуу түлкү ач калбайт» демекчи бириси болбосо да, бири кайрылышар» деген ойдо жүргөн келин, айласы такыр куруганда баласын жакынкы эле кайнагасына жөнөттү.

-Уулум, тиги өйүздөгү абана барып, эч болбосо убактылуу саап ичкенге, бир эчкисин сурап көрчү?

-Кайсы абаман?

-Тиги эчкилүү бай абаңчы

-Мамыт абамданбы? -Айылдагылар аны «саран» дешет экен?

-Сага сарандык кылбастыр.

Апасынын сөзү менен Кожо өйүздөгү абасына жөнөдү.

Бүлөлүктөр Баргынын небереси Мырзакеден тараган Тоокеден. Тоокенин небереси Каныбек. Андан Чеке. Чекеден Токтук, Кемпир. Кемпирден Жаманкыз менен Түлөбай. Токтуктан Сагын. Сагындан Алмаке менен Намаз. Алмакеден Кожо, Медет. Намаздан Болот, Козубай, Казак.

Кожо «сараң»-деп айткан Мамыт абасы Намаздын Болот уулунан. Мамыт абасынын пейилиң билген бала, апасынын көөнүнөн өтө албады. Тан эрте менен Кен-Тектирде отурган Мамыт абасынын үйүнө барды. Ал кемпири экөө эрте менен эчкилерин саап, энелерине жамараткан улактарын алып, күпкөгө камап жатыптыр.

-Ассалоомалейкум аба.

-Ваалеки, кел сагыр?

-Апам жиберди эле…

-Ии?

-Абандан бир эчкисинин сүтүн сура? Эптеп жазга жетсек, кайтарып беребиз –деп айтты.

Мамыт абасы эми эле эчкилеринин сааган сутун, ашканага коюп чыга келген кемпирин карады. Анысы «Бер деп да, бербе

деп да» айтпады. Бир топко үндөбөй турган абасы, оозун аран кыбыратты.

-Мынабу чебич, субай калды эле. Бирин алсан, ал. Бирок, ичиндеги улагы көтөрүм болуп калбасын, бир желинин такай эмизип тургула.

Кожо мандайында турган муштумдай болгон чебичти карап, сүт чыгарына ишенбеди. Шарт бурулуп, аркасына кайтты.

Айылдагы Тезекбай мерген жаш аялмед бүлөнү көрүп, өзүнүн да, бала кездеги жетимдиги оюна түштүбү кээ күндөрү, ууга ээрчитип барчу болду. Анча-мынча капканга, тузакка түшкөн кекилик, чилби, же коенбу колуна илешкенин тен бөлүп жүрдү. Кийин, теке атып калса этинен берип, жесир келин, жетим баланын казаны кайнап, оттон түшкөн жок. Тезекбай мерген да баланын илбериңкилигин жактырып, анга чыкканда мылтыгын, чаначтагы айранын көтөртүп, ээрчитип алчу болду. Кожо да аска-зоону аралап жүрүп, эчки-теке атпаса да, кур дүрмөт мылтыкты мээлегенге маашыр болуп, кыялында эр жетсе мерген болууну самоочу. Тоого чыккан сайын жолдуу келип, узун түндө көргөн-билгенин апасына айтып берчү. Бир күнү ичиндеги оюн, апасына ачык айтты.

-Апа, таятама барып келейинчи?

-Ии, таятанды сагындынбы?

-Ооба. Сагындым. Анан, мылтыгын сурайын дегем.

-Мылтыгын берер бекен?- деди апасы уулун сынай.

-Берет. Менден аябаса керек.

-Мейли, барсан бар. Жолдо адашып кетпейсинби?

-Адашпайм апа. Сурамжылап бара берем.

-Жолдо чарчап калбайсынбы?

-Чарчабайм апа. Тиги Тезекбай мерген «Сен тоо үчүн жаралган окшойсун. Чон мерген болчуудайсын. Мергенчилер мага жетпей калчу. А сен, чуркап басат экенсин», деди

-Чын элеби? Эне уулунун улам чыйралып бараткaнына сүйүнө, элжирей тиктеп, эркелеткиси келди.

-Чын апа. Бир зоодон, экинчи зоого жеткенге чейин дем алып отурганды жаман көрөм. «Анча-мынча кайберенди кууп жетип, шыйрактап алчуудайсын»–дейт мерген абам–деп баласы мактана да кетти.

-Зорое түш. Анан барарсын.

-Апа бара берейинчи?

-Жолдо кыйналып каласың

-Өзүм кетип калсам, капа болбо. Баары бир барам.

Эне уулунун көөнүн кыя албады. Бир топ ойлонуп туруп:

-Мейли, Лянгарда мурда атана келип жүрүүчү аяш атан бар. Анын дарегин таап үйүнө түнөп кет.

Баласынын айтканынан кайтпаган мүнөзүн билген эне:

-Өткөн кербенчилерге кошоюн-деди:

Кожо кербенчилердин өтөрүн күтпөй, эртеси эле жолго чыкты. Эне ичинен кыйылса да, көзүнө жаш ала, уулун узатып кала берди. Шамдагай баскан Кожо жол анча-мынча энкүүлөй калганда «бөрү жортушка салып» аркардай арыш керип, кеч кире Кербен-Колго жетип, Лянгардагы кербенчилердин түнөгүнө келип, аяш атасынын дарегин сурады. Үйү жанаша эле жерде экен. Ал аяш уулун кубана тосуп алды.

-Бул акен Керме-Тоого жеткирип коет –деп, Ошко бараткан салт атчан бирөөнө учкаштырып койду.

Дэзликкен Кожо ат басыгына алымсынбай, түшө кала жортуп, чарчаганда кайра учкашып, түш оой Керме-Тоого жетишти.

-Ушул жолдон чыкпай жүрсөн, мангыттардын айылына барасын –деген шериги менен кош айтышып, ире-ширеде тайтасынын үйүн таап, кирип барды.

Тайатасы, тайэнеси небересин бооруна кысышып, кызынын ал-абалын билүүгө кызыгышты. Жээндин келгенин уккан тагалары түгөл чогулуп келишип, биринен бири өтүп, ал-жайларын сурашты.

Элде «Эр жигиттин үч журту болот» делет. Биринчи тага журту, кайын журту, өз журту. Эр жиги үч тарапка тен бирдей кызмат кылат. Биринен бирин, кем көрбөйт. Душман келсе, курал алып коргойт. Жамандык болсо, төшүн тосот. Жакшы-лыкта, намыс-ариетинде болот деген эл оозундагы милдетти өтөөдө жээн үчөөнө тен карыз.

Ал эми жээнге тага журту дайыма карыз. Эрке жээн оюна келгенин жасайт. Каалаган буюмун сурабай алат. Аны тага журту көтөрөт. Ошол себебтен элде «Жээн келгиче, жети бөрү келсин» делет. Каада-салтты кастарлаган Кожонун тагалары, анын кетеринде

-Энчи берели, каалаганынды айт! Камдап берели дешет.

-Энчиме эмне ыйгарасынар? Кожо тамалашай кетти.

-Алдына жабдыктуу ат тарталы. Сааныны мал берели. Апан экөөнө жетерлик азык-оокат, буюм-тайым, кийим-кечени бир улоого жүктөп, жетелетели, болобу?

-Анынар көп. Баарын алсам насакка калам. Мага бир эле нерсе берсенер, болду–дейт жээн.

-Ачык айт. Колубузда болгонун аябайбыз.

-Ыраазычылык менен тайатамдын мылтыгын бергиле? Болот, ошол мага.

Тагалары бир бүтүмгө келишип, мылтыкты карматышты.

-Бир таякты эмне кылам? Берсенер, ок-дарыларды кошуп бергиле?-деди…

Жээндин каалаганы аткарылып, эртеси, кем-карч, азык, ун, жүк артылган унааны жетелеп, жабдыктуу атты алдыга тартып, бир тагасы карындашы менен учурашып келүүгө тоого келди. Тагасы кайтарында жээни кайберендин этин мол жүктөп, жолго узатты.

Каруу-күчкө кире элек уулун, сынай тиктеген эне, оюн айтты.

-Эми уулум, экөөбүз ач калбайбыз. Кайберендердин алды айылга чейин түшүп келет. Сен аркар, кулжа атсан үйгө жеткирүүгө күчүн жетпейт. Төрт бутун бууп, корумдап кой. Болбосо арча, кайындын бутагы менен аябай жаап, энкүүлөп кел. Мен сага жардамдашайын. Күн сайын сени акмалап, карап турам. Тумагынды алып, булгаласан, мен аргын өгүздү минип барып, анды жүктөп, үйгө келебиз –дейт.

Кожо аткан текени жүктөп, күн алыс айылга келет. Кардалдар кой-эчкисин берип, текени алышат. Чон текенин этин токтуга, кичине текени улакка алмашып, тез эле ирденип кетти. Бир күнү Кожо аткан текесин аргын өгүзгө артып, айылга келсе, абасы Мамыт алдынан утурлай чыкты.

-Азамат Кожом, аркар-теке атып, жолдуу болду деп угам. Бүгүн ашарга чакырып, арпаны оргузайын дедим эле. Ушул аткан текени мага бер?-деп бак-бак сүйлөдү.

-Сиз текени эмне кыласыз? Эчкиниз көбөйгөндүр. Бирин тандап ашарчыларга союп жей бериниз.

-Аттиң! ...

Баланын көнүлүндө кир калганын ошондо билди абасы. Таш тиштегендей болуп, сөз айта албай туруп калды.

Кожо оокат-аштуу болуп, элден укканын аткарат, көргөнүн бүткөрөт. Жаз алды менен жер айдап эгин эгип, күз келгенде орок оруп, боо байлап, кырман түзөп, темин бастырат. Кызыл сапырып, оро-оро кылып арпа, буудай куят. Жетим бала, жесир апасын элге тенеди.

***

Алай аймагында көбүн эсе Адигиненин Баргы, Жору уулдарынан тараган уруулар жашайт. Баргынын балдары Сатыке, Сансыз. Сансыздан Ардай, Мөнөк, Кенжекул топтору Алай, Кара-Суу өрөөндөрүндө чачырай жайгашкан. Сатыкеден тараган Мырзаке, (Илеке) Кудайберди-Саматтан таркаган Сарыбаргы, Карабаргы, Тазбаргы топтору Алайкуу, Кара-Кулжа аймагын мекендешет. Мырзакенин уулдары Бөкөй, Сабай Тооке топтору Алай, Кара-Суу өрөөндөрүндө отурукташкан. Тоокенин уулдарынан тарагандардын айрым топтору Жошолунун, Будалык, Аскалы, Бүлөлүнүн баш тараптарын ээлешип, көбүн эсе Көк-Суу өрөөнүнө жайлоого чыгышат.

Жаз алдын этектеп, кеч күзгө чейин жайыт жанылап Ак-Сорон, Бекмурзанын Кара-Ташы, Дүнгүрөмө, Суук-Төр, Ой-Бала, Кашка-Суу, Тор-Ала, Кызыл-Агынга чейин жетип кайтышат. Баш аягына көз жетпеген жайлоонун кенендигинен «мал кетип калды», «алдын тос», «башка короого кошулуп кетпесин?»деген алдастоо жок. Касиети улук Көк-Суунун баш-аягына көз жетпей туш тарабын ак карлуу тоолор курчап, эчендеген жайыты кенен төр. Жазда көтөрүм болуп, аягы менен аран басып келген, мал он күндөн кийин ойноп, жакын барганга туткурбай калат. Бетеге, гөдөө белден буралып, качан көрсөн жап-жашыл боюнча түрлөнүп турат. Көк-Суунун көркүн талашкансып, көк жашыл боло, өнү бузулбайт. Жайыттын салкындыгынан улам, жайкы саратанда да жылкы баласы баш болгон кара мал шыйпанып, илелебейт. Жандыгы кашынып да койбой, керээлден кечке от үзүп жештен эринип, калын мамык тулан үстүндө төрт аягын кере оонап, жатканы-жатканы.

Алай менен Алайкуулуктардын жайлоосун бөлүүгө болбойт. Аш-той, мааракелери, андагы ызат-сыйы, алака-берекелери, кыз берип, келин алган, деги эле жакшылык-жамандыктары бар. Бири-бирин кабар бербей койбойт. Эки тарап тен эрте жаздан кеч күзгө чейин Ак-Богуз, Мин-Жылкы, Сурпө, Кызыл-Агын, Тору-Ала, Домбол, Андакулду тандап конушуп, мезгилдин ысык-

суугуна, малдын отугушуна карай, көчүп-конуп, журт которуп, турушат.Тез-тез журт алмашылганданбы, же эгиз жердеги бетеге, гөдөөсүнүн коюу, жыштыгынан уламбы, отурган журт, мал түнөктөлгөн короолордун туланы кадимкидей эле, мал аралай элек жайыттай, жап-жашыл болуп көркү бузулбайт.

***

Илгертен эле Алайкуу өрөөнүндө он аталган Адигине тобунун Бөрү, Баргы, Жору урууларынан тараган майда урук-тагылар жашайт. Бөрүнүн уулу Бабакенин кичүү аялынын үч уулунун ортончусу Байтору. Байторунун Келдибек уулунан Мээрбек менен Калдык. Калдыктан Рысбай. Рысбайдан Асан, Абды. Асандан Сарыгул, Молдобай, Алимбек, Бердибек. Асандын чон уулу Сарыкулдан Эрмекбай, Одон, Жаныбай, Апак тараган. Эрмекбай Алайкуу аймагы боюнча менмин деген уч бай болсо, ошолордун бири. Эрмекбайдын Токтобай, Сыдык аттуу эки уулу бар. Байторунун Келдибек уулунун Мээрбегинен Муса, Мырзак, (Ыбайдылда). Мусадан Желден.

Желден менен Алайдагы Тоокенин Токтук уулунун Намазы-нан Боктубай мурунтан эле ынтымак болушчу. Эми ынтымак-тарын андан да арттырышып, кудай кошкон куда болмокко бир отурганда кол алышты. «Эки жакшы жайлоого чыкса куда-лашат»-демекчи Боктубай элдеги боло келген каада менен уулу Шамырзага Желдеңдин кызы Бопону алып бермекке сөйкө салдырды. Баглман козу сойгузуп, кымыз чайкаткап кызуу топ, биринен бири чакырышып, тойду эртелетүүнү кеп кылышты. Өөнгө энкүүлөгөнчө чейин эки жаштын тоюн өткөрүүгө кызуу даярдыктарды көрүшүп, бириси сарпайын, бириси себин даяр-дашып, бир Кашкарга, бир Ошко ат чаптырышып, кем-катык-тарын толуктап жатышты. Убакыт келип чөп каткан соң, жайлоо-нун бийик төрү салкындап, булак көзү каймак ала баштаган чакта, той берилип, эл чакырылды. Алайкуулук Желдендин кызы Бопо күйөөсү Шамырзанын этегин кармап, Боктубайдын Бүлөлүдөгү үйүнө көч менен бирге келди.

-Келин көрөбүз дешкен айылдагылар, түрө келишип, Бопону сынашып, баскан-турганын кеп кылып жатышты.

-Түстүүдөн түнүлбө дейт. Ырай-чырайы көзгө сүйкүм экен.

-Чырайда чылап ичмек беле. Боктубайдын баласына айры буттуу, түйдөк чачтуу бирөө болсо, болду да.

-Бир көргөнгө чырай да керек. Боктубайдын баласы анын баскан изине тен келгидей эмес.

-Койсонорчу! «Ай чырайлуу аялдан, бака баштуу эр артык» делет. Очокту үйлөгөн, казанды көөлөгөн болсо, тиричилик өтө берет.

-Мени бир айтты дээрсинер. Бу келин, акыры келип, айылга башчы болчуудай.

-Туура байкаптырсын. Баскан-турганы орундуу. Сөздү да таап сүйлөйт экен.

-Антсенер Шамырза балабыз туманда калабы.

-Жаркырак жылдыз туманга карайбы. Карангыда күйгөн шам алыстан көрүнөт.

-Койгула айтышпай. Эсен болсок, көрө жатарбыз. Кыздын барган жеринен табар бактысы бала. Эки жаш бала-чакалуу болушсун! дешип келгендер бата берип кетип жатышты.

Алай аймагы Ош менен Кашкардын тен ортосунан орун алган. Алайлыктар жайлоодо жүрүп Кашкарга базарлашса, кыштоого келгенде Оштон соода сатыгын бүткөрүшөт. Ошондон уламбы Кашкарда болгон окуядабы, же Оштогу жанылык-тардабы алайлыктардын катыштыгы болбой койбойт.

Боктубайдын уулу Шамырза капылеттен ажал тапты. Кар улуу. Кайын журтуна да кабар берилбеди. Кабар берилген чакта да, улуу кар, бекилген ашууну ашып, узак жолдо кайберен гана өтпөсө, салт атчан жүрө албайт болчу. Ажалга айла жок. Күйө баланын сөөгүнө кайын журтундагылар топурак салууда, кабарсыз болушту. Бопо келин колундагы ымыркайы Ниязды кармап, жубайынан ажырады. Сөөк узатуунун зыйнаты бүткөн сон, каралуу келиндин кайын журтунун бирөөсү кеп сала кетти.

-Каралуу келин, чүргөдөгү ымыркайы менен жалгыз үй калабы?

-Үйүн бүгүп, кайната, кайынэнеси менен бирге жашай берет.

-Үйү бүгүлгөнү эмнеси? Изи бар. Үйү бүгүлбөйт.

-О-уу, муштумдай палапан, караан болгуча качан?

-Эми эле келет. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок.

-Эмне кылалы дейсинер?

-Жаз келип, кар ээрисе бел ачылаар?

-Жайга барганда ашуу ачылат. Кабар менен кудалар, келиндин төркүнү келет. «Болор иш болуптур. Кызыбызды алып кетели» –деп айтышары анык.

-Кыз ыргыткан таш. Таш түшкөн жерде оор «Кызыбызды алып кетебиз» десе эле биз, бере коебузбу. Намыс-ариет деген бар. Уулубуздун жыты бар. Бир тоокенин баласын, бөрүлөргө берип коебузбу?

-Ап-бали. Туугандан топурагы алтын дегени ушул. Балага ата-эне өлбөс болуп жаралбайт. Ата-эне өлмөк мурас. Анан эч ким, баланы туугандан ажырата албайт.Андай ой эч кимде болбойт. Бөтөн жерде бий болсо да, келип-келип, кыргыз тегин суурайт. Тага журт, эр жигитке ата журт эмес.-деди ортодогу аксакал

-Кыз баланын тууру кайын журту. Төркүндөрү келсе, келбесе да, келин өзүбүздүкү. Бөтөнгө кетпейт. Ылайыгы келгенге, башын байлап койгула!

-Жакын туугандарынын кимисине ылайык? Же үйлүүнөрдөн биринер, колтугунарга кысып аласынарбы? Бирок, келинди кир кол менен кармоого болбойт.

-Туура айттыныз. Акыл-эси жагынан айылдагылардын арасынан эч кимиси шоона эше албайт.

-Өнү- башы да, төп келгенин айтын. «Кызга бергис, жубан бар» делет тура.

-Башынарды оорутуп не кыласынар? Агасы өлсө, иниси бар. Бөлөк- ботон эмес. Бу Кожо сагыр турбайбы? Аны эмнеге эске албайсынар?

-Ал экөөнүн башта эле…

-Тек! Сөзүндү таап, сүйлөп жур. Болду. Оомин!

Ортодогу аксакал бетине бата тартып, тура кала, этегин кагынып, эшике чыга берди.

Күйөөсүнүн кыркы чыгып, чыкпай эле Бопону Ашыр уулу Кожого нике байлатып, келин кылып, киргизип алды. Айылдагылардын арасында Ашырдын жесир, Кожонун жетим аты өчтү.Кожо табышкер чыкты. Капчыгайга барса кабылан, ойго түшсө суусар, түлкү, аска-зоого чыгып аркар-кулжа атып, казан-аштуу, очогунан от үзүлбөдү. Баягы кара алачыгы, алты канат ак үйгө айланды. Ар бир кереге башы сайын карышкыр, сүлөөсүн, суусар баш болгон. ан терилери илинди. Мурда ээнсиреп турган эшиги, күн кур эмес, ар түрдүү аттар байланып,

саламайткандардын саны көбөйдү. Кожону үмүттөндүрүп жүргөндөр эми өздөрү аны акмалашып, айлана-тегеректеп, аңтерилерин сурап, белектерин белендеп келишсе, кээлери кара куурдакка карк болгону түтүнүн пайлап жүрүштү.

Кожонун келинчеги да колдуу чыкты. «Кайынэне менен келиндин зубаласы бир» демекчи, тери ашатып, ийлеп-өндөп кой терисинен тон, сүлөөсүн, карышкырдын терисинен ичик, суусар, түлкүдөн тебетей-тумак жасап, тигишип, айылдагыларга гана эмес, андан алыстагыларга да таанымал болушту. Тери аттуу жерде калбай баарын керекке жаратышты, Көлдөлөн-олпок, бостектер да чебердик менен ийленип, бычылып, төргө салынып, үйдү көркүнө чыгарды. Иштиктүү зайыптардын колөнөрлөрүнө кардарлар көбөйүп, айыл билермандары атайлап алардын атын атап, белекке-тартууга алып барышып, уулу даражалууларды көнүлүн алышты.

***

Бопонун башы карангылап, көөнүнө тамак барбайт. Бою оорлошуп, ишке да көнүлү жок. Тура келди кусуп, табити ачылбады. Кайын эне келинин талгак болгонун туюп, ар түрдүү даамдарды берип көрдү. Талгагы жанбаган келин күндөн-күнгө арыктап, оозуна аш албады. Ууртаган даамын кусуп, ары-бери басканда башы айланчу болду. «Табити ачылабы»- деген эне мөмө-жемиштин баарын алдырды. Ал тургай жапайы ачуу бадам, четин, чие, бөру карагатка чейин берди. Келин аларга карап да койбоду. Талаадагы кайберен, илбесиндин баарынын этинен таптырып, бышыртып алдына койдурду. Бопо аны көрмөк тургай жытына окшуп, көңүлү каш болуп туруп алды. Келинин талгагы жанбаганга кайнене кыжалат.

-Кой балам, жата бербе. Эшик-эликке чыгып, көнүлүндү сергит. Энсегенин кандай даам. Эмне жегин келет?

Келин эмнеге талгак экенин өзү да билбейт. Күндөрдүн биринде ныксыраган денесин жазмакка аркы өйүз тарапка, Бугу-Жайлоону көздөй басты. Көөнү ачылбай, кыбырап бараткан келининин артынан узата тиктеп отурган кайнене, ойлонот.

-Илгеркилер талгагы жанбаган аял ара, же «нышан» тууп коет- дешчу. Жанга чукак үй-бүлөгө касалман, бир мүчөсү кем баланын эмне кереги бар-деп ойлонуп, кайра оюнан чочуп кетти.

-О, Кудай кам сүт эмген пендени кечире көр? Ойго нелер келбейт. Жаман оюм жок. Жакшы үмүтүм бар. Бергенине каниет. Берерини унутпа? Тукумубуз уланса эле болду. О жараткан, күнөөкөр пенденди кечире көр?-деп жакасын кармана, жаратканга жалбарды.

Оюна алаксып отурган кайнене, келини кеткен тарапты карады. Келини дөңгө чыга берерде токтоп, бир нерсе издегендей, эки тарабын элендей, жер тиктеп туруптур. Кайра ары басып, аркасына кайрыла, энкейе калат. Шыпылдай басып дөңгө чыгып, бир топко көрүнбөй калды. Кайра дөңдү ашып келип, мурдагы жерине келип, токтоп туруп, кайрадан дөңдү ашып кетти. Кайнененин оюна ар кыл нерселер келди.

-Бу келин соо эмес. Бирөө менен ошол жерди болжошконбу? Анысы келбей жатабы? Же келсе да, кетирбей кайра-кайра чакырып жатабы? Мынча эле айланчыктайт. Бошонгону барса, кайра тез эле кайтат эле. Болду болбоду, бир шайкому бар-деп бир чети кыжалат боло, бир чети кызганыч менен ордунан тура кала кыйкырды.

-Э, Бопо. Бопоо! Оо Бопо! Үнүнө тоо жаңырды. Бир нерсеге алектенген келинине жетпеди окшойт. Күчөнө кыйкырды.

-Бопо дейм. Уу- Бопо!

Дөңдөн чыга берген келинге, кайын ененин үнү кулагына шак дей түштү.

-Я, эмне эне?

-Бас бери!

-Кетип баратам.

-Ылдам бас!

Капылеттен күчөнө кыйкырган кайын энесине таң калган келин, ылдамдай басып, заматта жетип келди. Өңү бир аз кубара түшүптүр.

-Эмне кылып жүрөсүң, тиякта?

-Ии, тиги…

-Эмне, сени күткөн бирөө бар беле.

-Жо-ок.

-Эмне эле, аркы-терки басымыш болуп, айланчыктайсын?

Кайын энесинин шектенгенин туйган келин, тишин кашкайта жылмайды.

-О жарыктык. Шектүү эч нерсе жок.

-Бирөө сени ал жерге аркандап койдубу?

-Жылан көрдүм.

-Эмне? Жылан жүрсө жүргөндүр. Жылан көргөн киши коркуп качат. А сен качмак тургай, аны кайра издеп аттыңбы?-деп ачууланады.

-Ооба. Издеп такыр таппай койдум.

-Тапсаң эмне кылмаксын? Жейт белең? Же мүйүзү бар бекен?

-Ооба мүйүзү бар экен. Тапсам жейт элем.

-Ок. Сен эмне болуп калгансың? Мени менен айтышканы турасыңбы?-деп кайын эне күүлөнө ачуусу келди.

Кайын эненин кыялын билген келин, үнүн жумшарта.

-Мүйүзү бардыгына кызыгып, кайрылып көргүм келди. Ийинге, же ат кулактын арасына кирип кеткенби, таппай аттым.

-Мүйүздү жыландын касиети болот-деп уккам Ашыр келинин кебине эми ишенгендей болду. Мүйүзү бардыгы чын беле? Же капылеттен көрө калдыңбы?

-Алдымдан чыга калганда чочуп кеттим. Бирок, кайра-кайра карагым келип жакын бардым. Ал менден чочудубу, жолдун таманына сойлоп кирген боюнча, көрүнбөй калды. Кайра дагы бир көрүнөр бекен деп, жонду ары ашып, бери ашып издеп жүрдүм.

-Чочуган жоксунбу?

-Алдын чочуй, кайра көргүм келип кызыктым.

-Чочуп калба. Кел бери апаптап, ырымдап коеюн-деп кайын эне келининин таңдайына эки манжасын сала «ап-ап»-деп, кесеге суу чөмөрүп, келинин башына тегеретип, үч түкүртүп, сууну серпе ыргытып, кесени босогого көмөрө койду.

-Мүйүздү жылан касиеттүү болот дейт. Талгагың ушундан жанып жүрбөсүн. Бу да болсо Куданын буйруганы. Таптырайын, жейсинби?

-Билбейм. Бирок, кайра, кайра көргүм келе берди.

-Көргүн келсе, айылдагы балдарга издетип таптырайын

Ашыр байбиче келининин сөзү менен Буга-Жайлоого ашчу дөндү үч күн катары менен айылдагы балдарды чакырып барып, өзү баш боло андыздын, аткулактын жалбырактарынын алдын кайра-кайра аңтартып, ийиндерди каздырып, акыры таптырды. Кызымтал, чаар, мүйүздү жыланды туттуруп, быштактын калтасына салдырып, үйүнө алып келди. Мүйүздү башын кесип алып, калганын карыштап үчкө бөлүп, майда

талкалап, ысык сары майга мычкыма кылып, күүгүм талаш келинине берип, түгөл жегизди. Келини да көңүлү айныбай, ырахаттана жеп, төшөккө жаткан соң, көл-шал боло тердеди. Эртеси кийимдерин алмашып, таза жуунган соң, көөнү ачылып, көңүлү көтөрүлдү.

Андан көп өтпөй эле эрте мененки тамакты ичип отурушса, түндүктөн аппак канаттуу учуп өтүп, короого конуп калды. Ашыр байбиче эшиктин кышасын серпе баш багып маңдайдагы кайыңдын түбүндө ак куу келип отурганын көрдү.

-Э Кожо, мына бу куш кайдан келип калды? Акырын туурдуктун тешигинен шыкаалачы? Жараткан өзү жиберген окшойт. Насип кайып атып ал!

Ашыр ак кууну туюк сойдуруп, этин бышырып, келинине түгөл жедирди. Терисин аярлап, бычак тийгизбей кеп кылып, үйдүн төрүнө илгизди.

Бопонун айы-күнү жетип, толгоосу толду. Адаттагыдай эле айылдагы колу жөндүү байбичелер чакырылды. Уулбай байбиче менен Ашыр кемпирдин колдору женил болуп, алар келгенде айылдагы толгоо тарткан келиндер кыйналышчу эмес. Заматта ичтерин сылап, баланын оң-тетирисин билишип, ыңгайлата тууралап, же кол салып, оңдоп алышчу. Ал экөө айылдагы көпчүлүк балдарга киндик эне болушуп, ымыркай-ларды жерден алышып, киндигин кесип, жуундуруп, ороо-чулгоого алышкан. Наристелерге «ит көйнөк» кийгизишип «кыркын чыгарганда», баланын чачын алып, бешикке бөлөгөн да, деги эле тушоо кескенге чейинки ырымдарын ушул байби-челер өткөрүшкөн.

Мына бүгүн да Бопо уул көз жарды. Уулбай байбиче ымыр-кайды жерден алып, ылымылык сууга киринтип, ороп-чулгалап, энесинин эмчегин эмизгенге чейинки ырымын жасады. Балканактай болгон уул, чочогун чурмойтуп, көзүн бардап ачып коет.

-Ботом, наристе үч-төрт күнгө барган да көзүн араң аччуу эле. Бул эмнеси? Эрте жетилет окшойт. Денеси да чулу, колго толумдуу, боло турган балабы?-деп ойлоп.

-Туфу, туфу. Көңүлүмө көп эле албайын. Көөнүмө кетип калбасын. Биссимилда деп, улам баласын элжирей тиктеп, күтүп жаткан эненин колуна карматты.

Баятан бери Уулбай курбусунун кыймылынан көз айрыбай турган Ашыр кемпир абысынын эмнелерди ойлоп жатканын туйду. Кантсе да байбиченин жаман ою жок. Бирок, небереси жөнүндө айылдагыларга кеп кылып койбосун деп, ичинен кызгана кетти.

-Болор бала богунан. Жакшы чыкса элдин бактысы, жаман чыкса туугандары менен элдин шору. Не болсо да жакшылык жагына ырым кылалы. Балды таткан, башы таштан болсун! Тукум улап, түтүн булатсын. Баштан байып, элди сыйласын, келечеги кең болсун! Алло-акпар! Алло-акпар! деп, Уулбай байбиченин ар бир кыймылын сая кетирбей тикирейе тиктегенче, жакшы ниетин ичинде шыбырай, кайра-кайра айтып турду.

Бопонун денеси балкып, ымыркайы эмчегин ар бир соргон сайын мээримге батып, дене-бою жазыла ийип турду. Агылыптөгүлгөн эне мээрими ысык тапка айланып, наристеге эмчектин сүтү аркылуу тарап жатты. Мээримдин кучагындагы мемиреген ушул мезгил, ымыркайдын жарык дүйнөгө келишине күбө болгондордун көңүлүн биротоло өзүнө тартып алган эле. Ар бири жүрөктөрү элжирей, суктана көз багып, сырткы дүйнөнү унутуп турушту.

Капылеттен чыккан үнгө, барынын оюу болунду.

-Ким төрөлдү?

-Адам. Адам! Уул, уул.

-Болсун, болсун!

-Сүйүнчү, Сүйүнчүү! деп, сыртта ойноп жүргөн жаш балдар, тоо жанырта кыйкырышып, биринен бири өтүп конушуларды көздөй чуркап жөнөштү.

-Атасынан сурагылачы? Баласынын ысымын ким деп койду?-деди үй ичиндегилерден бирөө суроо сала.

-Адил. Адил деп, чурулдашты жаш балдар.

-Алло-акпар! Алло-акпар! Аты Адил!

Ашир кемпир ырым кылып, небересине баягы ак куунун кебин кийгизип, билегине мүйүздү жыландын башын байлады. Кийин бешике салганда жыландын башын тумар кылып тагып, бешикке карышкырдын ашыгын илди. Андан сон Кожо менен Бопо удаа Жаныл, Апиш аттуу эки кыздуу болушту.

Сырттан Кожо таап, ичкериден Бопо колун тындырбай иштетип, казандары майлуу дасторкондору жайлуу болду.

Келиң-кетим көбөйүп аяк-табактардын саны арбыды. Эрдикатын балдарын эрке өстүрбөй билген өнөрлөрүнүн баарын үйрөтүштү. Мал союп, жиликтешти, меймандын жаш-карысына карай, устукан узатууну, үй ичинденги камыр жууруп, нан жабууну, уук матап, кереге көктөөнү, тери ашатып, тон бычууну, сырттагы аркан эшип, көгөн түйүүнү, желе байлап, тай үйрөтүүнү-тоолукка тиешелүү тиричиликке уулу да, кыздары да ата - эне көргөн намыс-ариетке ылайык иштерге көнүгүштү.

- Короодогу малга көп эле ишене бербе! Бирде кыйкыра тийген жоонуку, бирде кыйабына келген жуттуку. Пешенеге бир бодо байлап берген жок. Керегинче жеп-ич, доорун сүр. Мал аягында келип, эч кимге ымаа болгон эмес. «Байлыгын балдарын, бар тапканын»,-дейт элде. Тоонун катаал шарты бир эле адамды эмес, малды да сынайт. Жайдын толуп турган чагында асманды ала булут чалып, аш-паш дегичекти жамгыр себелейт. Аяк-башты жыйгычакты ал добулга айланып, кекиликтин жумурткасындай болгон мөндүр сабап кирет. Кой-эчки маарап, уйлар бөкүрүп, жаландан зоо-таш, далдаа-жарларга качып барып, калкаланыша, биринин атынан бири шыкалышат. Добулдун аягы карга айланса, күн ачылат. Мөндүр сабап жамгырласа, кокту-колоттон сел агып, кыян жүрөт. Кыян менен көчкүдөн тике учкан сагызган гана сак калбаса, кайберен менен канаттуу качып кутула албайт.

Жайдын жыргалынын арасында ушундай да кырсыгы бар. Мындай шартты башынан көп өткөргөн тоолуктар жайдын төрт мезгилин тен жаратылыш кырсыгын эске алышат. Жылга-коктулардын оозуна конбой, дөнсөлөшүп, куюн-шамалдын эпкини тийбегидей, суусу мол, отуну кенен, жапсарга журт которушат. Ата-бабаларынан бери ар кандай кырсыкка азыр болгон тоолуктар күн санап, жылдыз тиктеп, айды карап, күндү болжоп, кыштын узактыгын, жаздын катаалдыгын, жайдын жаанчылдыгын, күздүн салкындыгын болжошот. Табиат менен сырдаш болуп, тоодон чыккан айды, баткан күндү чен кылышып, чөптүн бүрдөшүн, жалбырактардын түшүшүн табыркалашат. Аны этибар алышпаганда да, куштардын келип-кетиши, тили чыгып сайрашы, кош-кошунан өйдөлөп-төмөндөп учушу, кайда болбосо кайберендердин «чуркашы» жайылып, өйдөлөшүнө көнүл бөлүшөт. Табигатты табырка кылган тоолуктардын каада-салт, расмилари да, барыш-келиш катташы да, жолго чыгып сапар

алышы да эске алынат. Жабдык, кийим-кече да мезгилге ылайыкталат. Кары-жаштын, эркек-аялдын, бала-бакыранын мүнөзү да мезгилдин көрүнүшү менен салыштырылат. «Ызгаар үйлөп» «жай күнүндөй жайдандаган», «түнкү жылдыз», «айдай ыран», «күн нурундай», «күздүн нурундай», «күздүн күнү баштанып» деп табигаттын көрүнүшүнө окшотушат.

***

Мезгил өз өкүмүн жүргүзүп, убакыт өтө берди. Эл ичине тумоо тарап, кары-картаң, жаш балдардын өмүрүн алды. Аларга кошо Кожонун, бир тууганы Медет жубайы менен дагы, айылдагылардын көбү ооруга туруштук бере алышпай көз жумушту. Ата-энеси жок, чиедей Алима, Балтабай, Койтукур, Кожо менен Бопонун колунда калды.

Кожонун үй-бүлөсү эти болбосо да, наны кеңири болуп, жазгы үзүкчүлүктө кыйналышкан жок. Ал тургай айылдагыларга ун-талкандан кайрылышты. Тегирменге жетпегени тапкан данын жаргылчакка тартышып, жан багышты. Кыш канчалык оор болсо да, жаз эрте келгени менен жер айдаганга улоо жок. Кожо баягы күнгөй беттерди аркар-кулжалардын мүйүздөрү менен чокулап, үрөндү кеңири септи. Кеткен кыш көбүн эсине келтирбедиби, малга ишенип, ага жөлөнгөн жандар, эми жапырт жер тырмалашты. Анча-мынча жандыктарын аман алып калган жандар, үрөндүк данга айрыбаштап, Кожонун короосунда бирин-экин мал байланды. Анысын жайытка чыгарбай, кашатка кайтарганча, Кожо ортодогу чоң суудан четке карай арык казды. Элден көргөн, уккан, билгендердин айтуусу менен тоо боорундагы «эне таш, күйө таштарды» таап, жай бою чегип, арча үстүнө сүйрөтүп келип, тегирмен курду. Күзү менен үстүн жаап, арча-кайындан ноо, параларды жасап, суу буруп келип, тегирменди иштетти.

-Кожонун тегирменин көрөбүз-дешип, элдин баары сүрүлүп келишип, алкышын айтышып, арпа, буудайларын тарттырып кетип жатышты.

Ар бир ишке усулдуу, көзү каник Кожо колуна кармаган иштен майын чыгарды. Тоого басып, мергенчиликте алдына адам салбады. Жер айдап, эгин эгүүдө, кырман кылып, темин бастырууда, тегирмен жүргүзүп, дан тартууда, жыгач матап,

кереге-уук жасоодо деги эле кандай өнөрдө болсун чебердик менен аткарып, көпчүлүктүн көңүлүн алды.

Тоого жаз кеч келет. Чилде чыккандан бир топ күн өткөн соң, күн таптуу тийип, күнгөйлөрдөгү кар ала-телек кете баштаганда Балтабайды аргынга мингизип Ак-Ташты көздөй жөнөдү.

-Жерден тоң кетиптир. Кожо жер чукуганы жөнөптүр. Жаз келген тура-дешип, Бүлөлүлүктөр жерге салган бостектерин сыртка алып чыгып күүгөнгө киришишти.

Кожо нымдуу күңгөйгө буурсун салып, жер чийди. Кээ бир таштак, тик жалама, жар үстүн кийик-текелердин мүйүзү менен чокулап, топурагы тоборсуй электе үрөн септи. Какталма күңгөйдөгү ным кургаганча арпа күчүктөп, шарт эле көк майса көтөрүлө калды. Күндүн табы топуракты кызытып, эрте жаздын кара жамгырын кана ичкен эгин, тез эле боткоктоп, баш ала баштады. Жаңы жердеги, жаңы үрөндүн даны толо болуп, сөөмгө жеткен арпанын башы ышкындын боткогу агара баштаганга улана дүмбүлүнө айланат. Тоо бетиндеги токумдай жерди чокулап-чийип, сепкен үрөнү, бой созуп жетилген кыздай сеңселе, ыргалганына кубанган чарбадар күн алыс эгининен кабар алып, айланып келет.

Жаздан жайга чейинки мезгил чарбадар үчүн көңүлүн алагды кылган чак. Себеби, кайберендердин баары төлгө кирип, канаттуу куштар балапан чыгарат. Илбесин-жырткычтар да түлөп, тукум улайт. Жан-жаныбарлардын баары жаңыланып, жаздай болуп жасанышат. Жаратылыштын көркүнө жан-жаныбардын тукумдары да төп келип, деги эле көзгө сүйкүм. Ууз жыттанган тоо ичинде ууз эмген жан-жаныбардын балдары эркин оюн салып, кылак эте, ар-ар жерден көрүнө калат. Дал ушул чакта мерген колуна курал албай, таң эрте күндүн мурду менен кырдан кыр ашып, эчен белести кыдырып келет. Тоо ичиндеги ажайып коздукка суктанып, жаратылыштын берешен марттыгына көөнү тоюп, өзүн жашыргандай сезет. Жаздан-күзгө чейин салааларын бешилик, алаканын күрөк кылган чарбадардын көөнү ток, көңүлү кушубак. Мезгил өз өкүмүн жүргүзүп, убакыт өтө берди.

Сагырдын жалгыз жаны экөө болду, эки баш төрткө жетип, жылдан-жылга үй-бүлөсүнүн саны артып, балдары да көбөйүп өсүп барат. Өзү көргөн кыйынчылыкты, башынан өткөргөн

«жокчулукту балдарым көрбөсүн» деп жайда-кышта, жаздын камын көрөт. Өмүрлөшү да камдуу, оокатка бүйрө тапкандарын уул-кыздарына тутуп, эч нерседен кем кылгылары келбейт. Алар да ата-эненин тарбиясын алып, бири-бирине боорукер, ынтымак. Оорду колдон, жеңилди жерден алып турушат. Мындан артыктын эмне кереги бар?

Жетимдиктин азабын тарткан Кожо өз тиричилигине бүйрө, камдуу болду. Бирди экиге, экини төрткө ураштырып, короосуна мал топтоп, желесине кулун байлады. Жаз-күз жер тырмап, эгин экти. Эрте жазда күнгөй тарапта кар апа-тепек кете баштаганда өгүз кошуп амач менен чымдуу жерди айдап. Үрөн сээп, «канаттуу куштар терип кетпесин» деп, долоно, шилби сүйрөп малалады. Булут катканга чейинки жамгырда майса көтөрүлгөнгө чейин мал аралатпай сак-сактап, күн алыс кабар алды. Тоонун салкын төрүндө кайракы жерге эрте себилген аштыгы баш алып, дан түйгөндөн тартып, жалан дөбөгө жакын, жайпак тектирге кырман ордун ырастады. Арпа, буудайы дүмбүлдөн өтүп, кыяра бышкандан тартып, бир четинен оруп, боо байлап, чөмөлөктөп, как болгонго чейин өгүзгө чийне сүйрөтүп, баягы кырманга ташыды. Ортого момук орнотуп, өгүз, кунан тайды кошуп, Адисин атка мингизип, эртели-кеч тоонун шамалына баракка сузуп кызыл сапырды. Кырмандагы кызыл данды калбырга үйрүп, тазалады. Бопо балдары менен данын бир бөлөк, чарын бир бөлөк капка салышып, өөнгө ташышты. Ата-энелери менен кайсы иште болсо да, кошо кармашкан балдары ары чыйрак, ары жетик, мээнеткеч болуп жетиле беришти.

-Э Куда, ушунуңа каниет дейт Кожо жаратканга ыраазы болуп. Ушул бактылуу күндөр узак-узак болушун самайт.

***

Кыргыздын бактысынын да, байлыгынын да бири төрт-түлүк. Алардын ичинен жылкы жаныбар мингенге улоо, сапарга чыкканда канат, иштеткенге күч. Кымызы суусундук, ары дарылык касиети менен улук. Кара малдын каймак-майы, айран-сүтү азык-оокат. Жандыгы жесе эт, кийсе кийим. Төөсү көчкөндө улоо, жүнү жылуу, эти даамдуу. Төрт түлүк мал деп аталат. Малды сойсо эт, жесе азык, сатса пул, айрыбаштаса дүнүйө. Тиричиликтин баары мейман күтүп-узатсаң да, той берип, салтты уласаң да кааданын баары мал менен. Элибиздеги

«Мал боор этиң менен барабар», «Мал ачыгы,жан ачыгы» деп айтылгандай, ата-бабаларыбыз жашоо-тиричилигин малсыз элестете алышпаган, тагдыры малга байланышкан, малдын асыралышы тоолукка сырдана. Көчүп-конушту да малга карай тандап, жайытты да күздөө, кыштоо, жаздоо деп пайдаланып келген. Ар дайым көз жаздымынан кетирбей сак-сактап астейдил асыраган мал, тоолукка атадан балага мурасталган мүлк.

Тоолуктардын душманы көп. Төрт мезгилдин катаалдыгына кошул-ташыл жырткыч айбанаттар жана андан да ашкан ууру-кески, каракчылар. Сак-сактап, азыр болуп турбаса, капылеттен кол салып, малын талап, өзүн тоноп кетери бар. Мээнет кылбай, онойлук менен окат таап, жан баккандар дайыма коркунучтуу, Мал-мүлктү тоноп, карактап кете берет. Алардын душмандан айырмасы жок.

Кожо күтүрөгөн малынан бир күндө эле ажырап калды. Жылкысын жылгага шыкап, малын коктуга айдап, эгин тегинин жыйыштыруу алектенип жүргөн. Ары-бери өтүп, ал-жай сурашкан айылдаштары, малынын көрүнбөй калганын айтышты. Ал күнү кырман сапырып, эртеси эрте менен жайытты көздөй жүрдү. Ар жылганы өрдөп барып, кыр-кырга чыгып, кыйла жерге көз салды. Малынын карааны тургай, жаны тезеги көрүнбөйт. Аз эле күндүн ичинде Бүлөлүнүн-Ашуусунан баштап. Эшей-Зоо, Ууз-Саз, Ит-Агар, Кара-Чал, Шоро, Кара-Талаа, Ак-Сорон, Бекмырзанын Кара-Ташын. Дүнгүрөмө, Суук-Төр, Ой-Бала, Кашка-Суу, Кызыл Агындын кычык-кучугунан бери кыдырды. Из чалып, ашууларды акма-лады. Үйрөнгөн мал кетпейт эле. Атайлап бирөөлөр алып кеткенин туйду. Азык албай, ашуу ашып жол басты. Акыры келип, из тапканы менен кимдер алганын билбеди. Жок жоготуп, малын издеп жургөн чакта, үй-бүлөсүнүн көз алдында эле карышкырлар келип жайылып жүргөн кой-эчкилерине тийди. «Карышкыр алганына эмес, чалганына кубанат» демекчи, үрккөн койлор жарга барып капталса, ары-бери аралаган карышкырлар аралай чаап, тамактап кирди. Катын-баланын кыйкырыгын тоготпогон карышкырдан калган койлор, качып барып аска-зоодон учуп өлдү.» Карын жарды, кузгун тойду» болуп, эртеси карга-кузгун талап кетти.

Ошол күндөн баштап Кожонун пейили бузулуп, мүнөзү өзгөрдү. Малын алдырган соң, уурулардан өч алмакка жумалап,

айлап жүрүп, шектүү деген ууруларды н изине түштү. «Ууруну каракчы урат»-демекчи, ар кайсыл жердеги атагы кеткен ууруларды издеп жөнөдү.

-Алтын башын аман болсо, андай малдын эченин табасын, деген энесинин айткан сөздөрүн эске албады. Анын үстүнө ошол жыл, катаалына айланып, эрте күздө эле бир күндүн ичинде кар аттын оморосунан өткөрө жаап салды. Элдин малы колго карап, жайытка чыкпай калды. Кээ бир чарбадарлар гана «атка от» деп жайында чөп оруп, там башына үймөктөбөсө, көпчүлүгү күндүн көзүнө, кыштын ырайына карап, күнгөй-тескейди жайытка пайдаланышчу. Улуу кар көбүн мукуратты. Бирин-экин малы барлар арча-кайын арасын ачымыш болуп, кар алдынан чөп жулушпаса, көп малдуулар айлалары куруп асманды карап отуруп беришти. Кышкы чилдеге жетпей, ач калган мал четтен өлө баштады. Бир боо чөп, бир малдын баасына татыды. Улуу карда аттын аты гана кар аралап баспаса, анча-мынча чабал аттар мууну куруп, титиреп аяк шилтей алышпады. Ач калган кайберендер короого чейин келишип, искерге от табышпады. Ит-куштун күнү тууп, ар айылдын, этеги кандуу-булоонго айланды.

Кожо жайыттагы малын алдырган соң, тынбай издөө салды. Барбаган жери, сурабаган эли калбады. Бир тарабы Катуу-Багыт-Кашкарга барса, экинчи тарабы Алайкуу-Нарындын башына чейин жетти. Коңшулаш айылдардан сураштырып, сүйүнчүсүн да арбын айттырды. Акыры жиги билинбеген соң, «издөө салбасам да, искеп жүрүп, ичи өткөндү табам» деп өзүнө өзү сөз берди. Жашынан уу уулап, кайберен кубалап чаалыгууну билбеген Кожонун басканына көргөндүн баары таң калышчу. «Аска-зоодо, түз жерде жүргөндөй чуркайт» дешип, бүлөлүктөр аны «таш аяк» атап алышкан.

-Таш аяк Эшей-Зоого кетиптир.

-Ак-Сороңго дешпеди беле?

-Дүңгүрөмөдө кийик атканын көрүшүптүр.

-Суук-Төрдөн-Ой-Бала ашып баратканын айтышты.

-Кашка-Суудан Кызыл-Агынга аткан кийигин көтөрүп келди дешпедиби?

-Кожону ким көрсө да жаңылбайт.Ал ашуунун эле шамалы, бир күндө ааламдын баарын кыдырып келет.

-Ошону айт. Аткан аркар, кийиги дале арбын.

-Анын баарын үйүнө кантип жеткирет?

-Ар зоодо байырлаган үңкүрү бар. Ал кайберендин этинен эч мукурабайт-деп Кожонун туугандары, анын күлүктүгүн мактап калышчу.

Жоготкон малына издөө салгандан тартып, анын аттан да ылдам басканы Алай аймагындагыларга аңыз болду.

Бири Тоң-Мурундан көрдүм десе экинчиси «Качуурадан көрдүм» деп, үчүнчүсү «Туруктан түшүп келе жатыптыр» десе, дагы бири «Ийри-Сууда жүрөт» деп кеп кылышып, таң калышчу.

Кожо малын издегени менен көөнү буйга, кокту-колот, ээн талаа, капчыгайларда болду. Кай тараптан келип, кай жерге из жашыраар, кыска жолдорго алдыртадан сарасеп салды. Жайыттын баары ага таанымал болду. Барган жеринен кур келбеди. Кош-коштоп сүрүп келбесе да, ат коштоп бирин-экинди жетелей жүрдү. Тез эле кайра ирденди. Бирок, эл арасында ууру аталып кетти. Кожонун оомадысы келдиби, же алла атайлап бердиби малын жоготкондун экинчи жылы бая үйүрү менен жиксиз билинбей кеткен жылкысынын ичинен айгыры өзү менен бир үйүр субайды айдай келди.

Жайдын күнү эрте менен жайыттан бээлерди айдап келип, кулундарды желеге байлаган соң, бардыгы үйгө киришкен. Капылеттен эле алыстан аттын кишинегени угулду. Айгырын минип алып, «жылкы айдаган бирөөдүр» деген ойдогу Кожо аттын үнүн анчейин таназар албады. Төргө барып, эми жүйүртө отура беринде, аттын кишинегени кайра кайталанды. Жакындан чыккан үнгө капчыгай ичи жаңырып, аттын кишинегени тааныштай угулду. Эсине мурдагы жылы жоготкон айгыры түшүп, кулак түрдү.Күтүрөгөн көп туяктын үнү чыгып, желедеги айгырдын үйүрүн имерген кошкуругу угулду. Ага чейин эки ат кошкура, бирин-бири утурлай чуркаганы билинди. «Коңшунун айгыры үйүрүн таштап, чуркап келдиби»-деди ээси ичинен. Эки айгыр кажыша кетип, желедеги кулундарды тебелеп, кетпесин деген ойдо Кожо үйдөн башындагы малакайын кармап, шашып чыкты. Эшиктен баш багаары менен жытташа калган эки айгырга айбат көрсөтмөккө:

-Ай-ай!-деп кыйкыра берип, өңү тааныштай атты бүшүркөй карады.

Ээсинин айбатынан жазганган аттар, кулактарын жапырыша, туяктары менен жер чапчый, токтой калышты. Аларга жакын

чуркап барган Кожо үйүргө келип тийишкен «бейтааныш» атты таш-кесекке ала кубаламакка, эңкейе калып, жерден таш ала жаңсай береринде, бейтааныш ат, каршысындагы айгырды таштай Кожону көздөй басты. Өз атын тааныган ээси, таң кала, таңыркай тиктеди. Ал окурана башын чулгуду. Кожо «шык-шыктап» барып аттын мойнун кучактап, жалын тарады. Өзүнүн эки жыл мурда жоготкон аты. Мойнун кашып алдыңкы эки колун карады. Бакайы ак болчу. Ошондон улам атын «Ак бакай» атачу. Ак бакайдын мойнун, жонун кашып, куйрук жалын тарады. Ал дагы ээсинин тааныш жытын искеп, тумшугун анын колтугунаката, маңдайы менен түртүп, мүрүсүнө башын жөлөдү. Уулунун бейтааныш атты кармап алып, мойну-башын кашып, жалын тараганын көргөн эне, жакындай басып келди.

-Апа, жоголгон атым кайра келди.

-Эмне дейт?-деп эне, атка саресеп салды.

-«Ак бакай» өзү келиптир.

-Болсун, болсун! Ак жолтой болсун! Ак мээнет, маңдай териң менен тапкан ак малың эле. Кайрылып келиптир, оома-тың келгени ошол. Аксар башыл. Ак алып чыккыла! Ырымын кылып коелу. Алла өзү жалгасын. Жакшылыктын жышааны, Биссимилла рахманирраим-деп эне кеседеги актан «Ак бакай-дын» көзүнө жалына, моюн-жондоруна сыйпай кетти.

-Аксары башыл азыр. Уулум сары улакты садага чап. Бул жышаан жөн жеринен эмес. Кудай чак түштө берип отурат. Шамалдан бүткөн жаныбар өзү келген тура. Насибин берсе ушул. Атыңы үй жанына жетелей жүр-деп эле ичинен бир нерселерди кобурай атты айлана басып жүрдү.

Белиндеги курун чечип, ат мойнуна артып жаткан Кожо, арыта турган бир үйүр субайларды көзү чалды. Демек айгыр субайларга үйүргө коюлган. Айгыр жайытта жүргөн жеринде үйрөнгөн жерин көздөй, үйүрүн айдап келгенин билди.

Бир үйүр жылкысын жоготкон адам, издеп келбей койбойт. Малын ким алганы эми белгилүү болгудай. Жик билгизбеген, өтө кыраакы ууру менен «эми кезигем го» деген Кожо, атайлап жолдон субайларга көңүл салды. Жылтырап, түлөгөндөрүнө караганда, жайытка эрте жазда агытылганы көрүнүп турат. Туяктарына караганда, тегиз жердеги жайыттан келген окшойт.

- «Таш аяктын» эки жыл мурда жоготкон аты, үйүрү менен качып келиптир.

-Жо-ок. Бир үйүр субайды айдап келиптир.

-Анда, жакынкы эле жердеги уурулар алган окшойт?

-Жакынкы болсо, эмдигиче билинбейт беле?

-Алыспы, жакынбы айтор уурунун кимдиги, эми билинет.

-Ал батынып келе албайт.

-Бир үйүр жылкысын жоготуп, кантип эле издөө салбасын?

-Анысын көрө жатарбыз.Кожо оң жамбашы менен жаткан экен. Кайсыл иши болсо да оң келип турат.

-Канткен менен Кожо мээнеткеч. Баарын ак мээнети менен табат.

-Уурулук өнөр карманып, болбосо, бир элди башкарып, бир элди бага турган эси да, күчү да бар.

Ооба. Ууга барса аңы болот. Арам оокатка кызыкпашы керек эле.

-Жетимдик кимди жер каратпайт. Жанын багам деп жүрүп жаман адатка көнүп алды. Эми андан арылышы кыйын. Уурулук аты жуусаң кетпейт, кессең чыкпайт, балдарына чейин кетет. Уурунун баласы делет.

-Жан баккан, эл баккан баатыр делет. Уурулук да баатырлык.

-Койсонорчу бирөөдөн ала качып, жула качып келсе батырдык болмок беле. Ал каракчылык, тономойчулук. Андайды уурукески дешет.

Айтты, айтпады дээрсиңер. Бөрү заман, түлкү заман эми келет дейт.

-Мындан артык да, куу заман болобу?

-Биз заман тейин аңдабайт экенбиз. Кардыбыз ток, кийимибиз бүтүн. Күн өткөнгө каниет кылып жүрөбүз. А тиги тарапка ачкалыктан адамдар кырылып жатат дешет.

-Айтканың туура. Жакынкы эле чөл тарапта суу жетпей эгини куурап, тоюту жок, малы жутап,азыгы жок адамы арыктап, оору-тумоо бучкактап адамына да, малына да өлөт тийди дешет.

-А бизди болсо касиети улук тоо сактап, малыбыз өлсө да, кайберен кубалап, жамандыкты көрбөй келебиз. Жараткан бизди тоодон айрыбасын. Тоону байырлаган ата-бабаларыбызга ырахмат!

-Ырас айтасың. «Урпактарыбыз аман болуп, уучубуз узарсын»-деп бабаларыбыз атайлап тоону байырлашкан экен.

-Эй бурадарлар! Бардыгы Кудайдан. «Кырк жыл кыямат болсо да, бей ажал чымын өлбөйт» делген. Насипке карайт. Ырыскыбыз ушул тоодон экен. Тоодо жашап, өсүп-өнүп жатабыз.

Тоолуктардын ой-толгоосу, дүйнө таанымы маалыматтар аркылуу биринен бирине жетип, улуу санжырага өткөн. «Калк айтса, калп айтпайт» демекчи пенде баласы жашоодо эмнелерди гана көрбөйт. Кээлери мезгилинде алкынтып аргымак минип, аз өмүрүн дуулап өткөрсө, кээлери өгүз минип өчөңдөп, курсагы ашка тийбей, куурап өтөт. Кээлери эптеп аяк артар улоого жетпей, жонунан куур тону кетпей, казаны жыртык, үй тамтык болгондору да канча. Бирок, пенделик жашоосунда азан чакырылган атынан башка ысымды мезгил, ошол мезгилинде кошо жашаган адамдар ыйгарат тура. Кээлерине кулк мүнөз, пейлине, жүрүш-турушуна, кесибине, аткарган кызматына жараша ат коюлуп, өлөр өлгүчө ысмы менен бирге айтылат экен. Өз ысмынан да,лакап аты-анын кимдигин айгинелеп, элге элан болору анык. Кожону башта «таш аяк» дешсе, кийин жүргөн турганына карай «ууру» дегенди кошуп, «Кожо ууру» деп аташты.

Кожо ууру ары чыйрак, ары шамдагай, баскан-турганы элпек, көңүлү шайдоот болуп, мүнөзү жайдары эле. Шадылуу колу-бутуна сом темирдей күржүйгөн түктүү денеси төп келип, булчуңдуу денеси туташып турчу. Калың кабыгынын алдындагы көздөрү ойноктоп, жалтанбастыгын айгинелечү.

Жүүнү бош, басканда буттары чалыштап, жолу арбыбаган, сүйлөсө сөзү угулбай, күңк-мыңк этип, жер караган, кийимин шөлбүрөтүп, эптеп боюна карабаган бирөөлөрдү жининен жаман көрчү.

-Жүдөмүш, өлүм-санги болбой, тирик бол. Чокоюңа чалынып, ышкырыңа тушалбай боюңа кара. Жер караган кишинин иши оңолбойт-деп, айылдагы балдарды тескеп, анчамынчасын какыс-кукус кылып, кагып да жиберчү.

Бир тууганы Медеттин баласы Балтабайды жети жашында Алайкуута жер көрсөткөнү ээрчитип барды.

Бүлөлүдөн Алайкууга эки жол менен жетүүгө болот. Биринчиси Бүлөлүдөн капчыгайды өрдөп, Эдилбек аркылуу Демөөргө жетип, Чепти баскан соң Андакул аркылуу Алайкууга ашат. Экинчиси Чоң-Бүлөлүдөн Абышка-Оозуна, андан ары

Чеп-Чатына жетет. Ал жерден эки тарапка Ак-Үңкүр менен Эркечке өтөт. Эркечте Кожонун атайлап курган тамы бар. Күңгөйүн айдап арпа эккен. Эркечке барган соң ашууну ашып, Көк-Суу, же анын баш тарабындагы Кызыл-Агынга, андан өтүп Ой-Балага жетип, Кара-Белге чыгып, Кара-Чал Дүңгүрөмөгө келет. Ал жерден Кытайга жол алууга өтө жеңил.

Жолдуката жер, суунун атын атап, аска-зоону көрсөтүп, капчыгай өрдөп, суу бойлой, жаман кыялардан өтөт. Акыл-насаатын кулагына кумдай куят.

-Уул бала жети жашка чыкканда боз бала аталат. Боз бала эр жетип, боз улан болот. Боз улан он төрттөн өткөн соң жигит аталат.

-Боз бала болсоң улансын,
Боло турган кунансың.
Тиреше келген, жоо чыкса,
Бой бербеген куралсын.
Боз улан болсоң, жигитсиң,
Боюңа милдет илипсиң.
Бой бербеген душманга,
Бороондой болуп тийипсиң-деп элде айтылат.

Талаада күн-түнү жүрсөң да, эч сестенбей, коркунучту эске алба. Багытыңдан тайбай бастыра бер. Алдыңдан жырткыч чыкса, кайра тартпа. Түз жазганбай келе бер. Адамдын касиети улук, колдоочусу бар. Жакын келген адамдан, жырткыч сестенет. Мына бул зоонун жанынан ырдап өт. Мына бу чарлуу жерге келгениңде сүйлөп өт. Мына тумшуктан өткүчө үн чыгарба. Жапсарга жете бергениңде кыйкырып салам бергин. Тээтиги суу боюнан өтүп баратканда көп адам кеп талашышып, кажылдашат. Ага көңүл бөлбө. Тиги чарга келгенде, бирөө салам айтат. Такыр алик алба. Менин айткандарымды эсиңе сакта, көңүлүңө түй. Унутуп калба! деп узак жолду басышты.

Бир жерге барганда Балтабайды бир колоттун ичиндеги чарлуу жерге отургузуп коюп, андан ары жалгыз кетти. Кеч кирип, түн коюлана жылдыздар айкын көрүнгөн чакта, ноктолонгон бээни минип, экинчисин коштой жетип келди:

-Балташ, мына бу бээни минип, муну жетелеп, баягы келген жолубузга салып үйгө жет. Менин зарыл ишим чыгып калды. Аркаңдан куйрук улаш жөнөймүн. Мени жете келет деп, токтоп, күтпө. Үйгө барган соң Туюк-Капчыгайдын ичине алып барып,

мингениңди тушап, жетегиңдегини бош кое бер. Мен сени жетээриңе чейин акмалап барып, кайра тартам-деп Балтабайды жайдак бээге көтөрүп мингизип, жолго салды. «Артыңдан акмалап барам» дегени жаш балага ишенич бергени эле. Балтабай агасынын айтканын айткандай аткарат. Кожо бир жума өтүп үйүнө олжолуу барат. Көрсө ууру инисин бала кезинен чыйралтып, телчиктиргенин Балтабай кийин түшүндү.

Кожо Балтабайдын атасы, Медетти эчен жолу ууга кошо алып барып, мергенчиликке үйрөткөн эле. Бир жолу инилери Медет менен Тагайды баштап, аң уулоого чыкты. Өрдөштү кыдырып, Эркечке барышты. Эчки-теке көрүнбөйт, жолдору болбоду. Ак-Сайдын күңгөйүнөн ээрчише түшүшүп, күнгөй-тескейди акмалай келе беришти. Алдыда келе жаткан Кожо коюу четиндин жанына келгенде тык токтой калып, артындагы эки шеригине колун көтөрө белги берди да, бир тарабын карай башын ийкеди. Берки экөө акмалай карашса коюу четиндин арасында килейген аюу жер чапчып, ийин көөлөп жатканын байкашты. Экөө тең коркуп, элтеңдеше, качууга камданышты. Кожо аларды тыйып:

-Мен тиги аюуга барам. Силер карап тургула-дейт

-Аа-а-дешип, Медет менен Тагай анда-санда топуракты серпип, ыргытып жаткан өгүздөй болгон аюудан коркушуп, Кожону этектешти.

Ал шериктерине моюн бербей,жанына ала жүргөн арканды белинен бошотуп, куруна тешесин кыстарып даярдык көрө баштады. Эки инисинин чый-пыйы чыгып, үн чыгаруудан сестенише Кожонун колуна асылышты. Ийин казуу менен алектенген аюу аларды байкабады. Мерген колуна жармашкан шериктеринин колдорун силкип, кыл арканды сол колуна оройт да, шыпылдай бут учунан басып барып, аюнун аркасынан түрттү. Аюу өмөчөктөп барып, кайра тура кала, жалт карады. Боюн түздөй маңдайындагы адамды көрүп айкырды. Оозун арандай ачып, эки колу менен чапчый берээрде, мерген кыл аркан оролгон колун аюунун оозуна сала коюп, оң колу менен тамактан алды. Аюу ага моюн бербей, курч тырмактары менен чапчып, алыша кетти. Ага карабай Кожо, оң колуна илешкен тамагындагы кекиртегин, манжалары менен кыса кармап, өзүнөн алыстата түрттү. Экөө тиреше туруп, бирин-бири моюн бербей жатып, кулап түштү. Мерген кекиртектен такыр колун

үзбөй, бекем кармап, кое бербеди. Жан боордо экөө тең жулмалаша кулап, түзгө түшүштү.

Катуу манжаларга кысылган аюу айкырууга алы келбей, анда-санда «кар-кар» эте, оозуна кептелген мергендин кыл аркан оролгон сол колун чайнаган болот. Муунгандан аба жетпеген кекиртегинен улам, жаактарын ача «аа-а» деп үн чыгарат. Кычкачтай кыскан карылуу манжалар аны муунтуп, шайын оодарып баратты. Бир кезде аюу кыйкырууга шайы келбей сулк жыгылды. Мерген белиндеги куруна кыстарылган тешени алып, оозун аңырайта ачып, эси ооп жаткан аюунун тиштерин чакты. Ооруган тиштеринен уламбы,аюу эсине келип, ооналактай тура кала, кайра кармаша кетти. Улам башка чапканга тешесин кезеген мергенге моюн бербей, башын булгалактата, колунан тешени жулуп ала, ыргытып жиберди. Экөө тикелеше кармашышты. Башта тишке согулган тешеден улам, аюунун дарманы кетип, оозу канап шалдырады. Кожо оң буту менен аюуну тогонек чала, түртүп барып жыгып, көкүрөгүнө минип алды да, сол колундагы чайналгандан улам бошогон аркандын бир учун чыгарып, аюуну мойнунан байлады. Шериктерин эстеп, эки тарабын караса, алардын карааны көрүнбөйт. Мерген аркандын экинчи учун кабаттай коюп, ноктолой байлап, аюуну жетелеп Мойнокко чыкса, корккондорунан баштарын анда-санда кылтайта чыгара коюп, пайлап жаткан эки бала дыргаяктап качып жөнөштү.

-Токтогула, жүрөгү жок, бок көтөндөр. Аюунун тиштээрге тиши жок. Чагып салдым. Келе бергиле-десе да болбой экөө алысташып, жакын жолошподу.

-Ноктолоп койдум. Кача да, кубалай да албайт. Минип ойносоңор болот-дейт мерген кашкая күлүп.

Аюу менен алышып, беттери чапчыла канаган, үстүндөгү кийимдери жыртылып, кызара эти көрүнгөн агасына, эки шериги, араң дегенде жанына келишти. Кожо жетелеген аюусун, эки инисине айдатып, үйүнө алып келди. Мамыкка байлануу «аюуну көрөбүз» дешкен жаш-карылардын баары таңыркашты. Мерген аюуну Чөкө байга тартуулап, жетелеп барган күндөн баштап «аюу менен кармашкан мерген» аталып кетти. Ошол мезгил айылдаштарынын эсинде калып, айылда балдар төрөлсө, же бир окуя болсо, «мерген аюу менен кармашкан жылы» деп эстешчү.

***

Кожо менен Бопонун балдары ата-энелерин тартып, аябай эле чыйрак болуп өсүштү. Уулу Ади бала кезден эле атасын ээрчий жүрүп, мергенчиликти үйрөндү. Ууга чыкканда атасына жеткирбей кетип, мерчемдүү жерге барып, анын келишин күтүп отурат.

-Каны суюк, жаш да. Шырп алдырбай, кайберендей басып, аска-зоодо жүгүрүп жүрөт. Баралына келгенде чыныгы мерген болот-деген ишенич менен уулун көбүн эсе айдакчыга коет. Өзү тосмодо отуруп, тээ чокудагы караандары араң көрүнгөн аркар, текеге жөнөтөт. Уулу да жерчил. Кайсыл мезгилде, шамал кай тарапка жүрөөрүн эске алып, илгертпей жетет. Шек берүүчү сагызган, түлкү тургай, коргоол-котур чымчыкка да туйдурбай, илбирстей секирип, таң дык салып, эми чыгыш тарап агара баштаганда, бейкам оттогон аркар-кулжалардын үстүнөн түшүп, тескери качырбай атасы отурган тосмого айдап келет. Шамалдай шуулдаган уулуна ыраазы болгон ата мустакам жай алып, аркар-текелерди жашына жана этине карай тандап атат. Кээде жайыла оттоп жүргөн кулжалардын үстүнө чыкканда мылтыкты уулуна берип:

-Тигини мээле, тигини ат-деп, кайберендердин бооз, кысырын, субай калды, эркек -кочкорун тандап, айтып берет.

Уулу көбүн эсе карышкыр уулаганды жакшы көрөт. Дайыма өтчү жолун тосуп, кай тараптан келип, кай тарапка кетээрин жатка билет. Карышкыр да жырткычтардын сырттаны болгондуктан кырма-кыр кыдырып, такыр чаалыкпайт. Элдик айтымга караганда, кашабаң өзү айтат имиш:

-Бир күндө кырк дабанды ашып, кырк биринчисине барганда жатам-дептир.

Демек анын артынан сая түшкөн мергенчи да кырк дабанды кезе басып, карышкырга жетет экен. Көсөм болгон мергендер, салпактап карышкыр кубалашпайт. Ар дайым алдынан чыгып, билинбей бекинип, жакындаганда атат. Ок анын талуу жерине дал тийбесе, анча-мынчасын тоготпойт. Күч менен көтөрүп, өлбөй жүрө берет. Ичине, бутуна тийген ок, ага көп эле залал кылбайт. Ок тийген жерин бир «каап» алып, арышын керген бойдон чуркап кете берет. Карышкырды кантип капканга түшүрүп кармап, кантип атууну атасынан үйрөнгөн Ади ар бир ашууда анын келер-кетер жолун пайлап, такыр колтукка, же

башка атып, терисин туюк сыйрып алган соң, ашыгын жана өтүн аярлап, үйгө алып келет. Эл ичинде аны ырым кылышып, ар түрдүү дарылыкка пайдаланышат. Айылдагылар Адинин баскан-турганын көрүшүп:

-Баралына келгенде азамат аталат. Атасынан ашса ашат.

-Атасынан артык уул чыгат-деген ушул.

-Баскан-турганы тетик. Чыйрактыгын айт.

-Паам-парасаттуу. Бардыгына акылы жетип турат.

-Көзүндө оту бар. Адамдын ички сырын аңтара билгендей, оюңду айттырбай билет.

-Окууга да дилгир имиш. Молдонун бир айтканын жат кылып, кайра айтып берет экен.

-Өлбөсөк көрөбүз. Ким болоруна күбө да болобуз.

Айылдаштардын ар биринин көзү Кожонун үй-бүлөсүндө. Себеби, дайыма эле оокат-аштуу. Күн кур эмес, үйүнүн алдындагы момукта жок эле дегенде эки-үчтөн аттар байланып, моорусунан чыккан көк түтүн үзүлбөйт. Төрүндө дасторкону жайылып, арпа нан болсо да кенен коюлган. Капкагы жабылган кара казанда кайберендин эти борк-борк кайнап, алыстан жыттанат. Короочу күчүк сөөк кемип, үргөндөн эринип, келген кишинин бутуна оролошо, куйругун шыйпаңдатып, эркелеп турат. Колу усулдуу Бопонун айланасынан чыкпаган айылдагы келин-кыз, кандай иш болсо да кошо кармашышып, шырдак шырып, курак кураганды, тери өңдөп, тон бычканды, суусар, сүлөөсүндүн терилерин ашатып, укалап жумшарта, тумак, тебетей тиккенди үйрөнүшөт. Жип ийрип, таар согуп, кап, куржун жасашат.

Жайында гана ар кимиси өз жайлоолоруна көчүп кетпесе, калган мезгилдерде аял-эркеги үзүлбөй, бириси үй жанында куу арчанын дүмүрүн оморуп, отун алып келсе, бириси от жагып, бириси шак кайнатса, бириси бозо сүзүп, деги эле күндөлүк оюн-зоок ушул жерде өтөт. Ордо ойноп, ашык калчагандан тартып, комуз кайрып, күү черткени, алым-сабак ыр ырдаганы, ар-ар жерден кеп угуп, “миш-миш” айткан жаңылыктар, анан барып айылга тарайт.

Кожо менен Бопо Адидан соң удаа кыздуу болушкан. Улуусунун аты Жаңыл, кичүүсү Апиш. Кыз-келиндин эрмектегени, үйдүн кенжеси Апиш. Ага эптеп шылтоо болсо болду.

Айтканын кылат. Анын сөзүн атасы да, энеси да эки кылбай аткарып көнүшкөн.

-Эй эрке кыз, эт жегибиз келди, эмне дейсиң?-дейт бир жеңеси.

-Казандын майы кургай элек. Эми эле куурдак жебедиңер беле-дейт эрке кыз болгонду болгондой айтып.

-Кара куурдакты жей берсе, ич ооруйт экен. Жаңы эт жегибиз келди-дейт экинчи жеңеси шеригин коштоп.

-Эт жегиңер келсе үйүңөргө баргыла. Бизге эле мукурап калдыңарбы?-дейт эрке кыз.

Кыраан-каткы күлгөн кыз-келин, тамаша-чыны аралаш, эрке кызды намыстанта биринен бири өтө, ортого алышат.

-Коюуңар дары чөптү тандап оттойбу, даамы ого эле башкача го?

-Бир шырбаздык өтүмүң жокпу? Сенин эркелигиң кайсы?

-Эрке кыз да сараң болобу? Айттырбай эле билсе болбойбу?

-Ха-ха. Хи-хи.

Шаракташкан кыз-келин көздөрүн ымдаша ортого алышат. Көптүн күлкүсүнө арданган Апиш, кемегенин жанында арча кертип жаткан атасына барып:

-Ата, ала баш токтуну союп бериңчи? Мына булар эт жегилери келип жатыптыр.

Эрке кыздын сырын билген атасы унчукпай барып, көп койдун четинде турган ала баш токтуну шыйрактай кармап сүйрөп келип, мууздап кирет. Шыпылдаган келиндердин бириси карын төксө, бириси ичеги жууп, бириси өпкө үйлөп, сүт куюп, бириси жөргөм жасап, заматта казан толо эт кайнайт. Бир токту менен Кожонун койлору кемигени менен карманган иш арбып, эт бышкыча аягына чыгат. Көпчүлүк шорпо-шилең ичип, жаш токтунун этине тоюшат.

Күндөрдүн дагы бир күнүндө айылдагы кыз-келиндер чогу-ла калышып, адаттагыдай селкинчек тебишип, ыр ырдашып, «Жоолук таштамай», «Шакек салмай» деген оюндарын ойно-шуп, атайлап эрке кызды «жыдытышат». Акыры чарчашканда арчанын көлөкөсүнө отуруп алышып:

-Айыбыңды тарт, эмне берип кутуласың?-десе бирөөсү.

-Алтымыш сап ыр ырдап берсин.

-Бешимге чейин ырдасын.

-Койгула, баглан козу сойдуруп берип кутулсун-дейт. Көпчүлүк тамашалай:

-Эрке кыздын эмнеси кетиптир. Бир ооз сөзү да.

-Ырынан, козу кымбат дейсиңби?

-Ооба, бир сөзүн атасы аткарбай койбойт. Азыр эле бүткөрөт-дейт жеңелери аны күүлөп.

Апиш аларга жооп да бербей, үйүн көздөй чуркап жөнөйт. Эшиктен кирип-кирбей жатып:

-Ата, ичим ооруп жатат. Баглан козудан сойдуруп бер?-дейт.

Ата-энеси айылдагы кыз-келиндердин тамашасын туюп, «жок» дешпейт. Заматта ойноп жаткан кыз-келиндерди чакырышып, шырбаз козудан тандатып келтиришет. Тамаша чынга айланып, кыраан-каткы күлгөн кыз-келиндер адаттагыдай, козунун эти казанга түшкүчө, жөргөм өрүп, өпкө куюшуп, даярдай коюшат. Бириси от жакса, экинчиси суу алып келип, үчүнчүсү кара куурдак бышып жаткан казандын капкагын жаап, төртүнчүсү кымыз бышып, шатыра-шатман күлкү менен аяк узатышып, «дем албасты башташып», «ыр кесени» улантышат.

***

-Чоко бийдин үйүндөгү молдо, балдарга дарс берип, молдолукка окутат экен деген кабарды уккан Кожо, келинчегине маслат салды.

-Кат окуй албаган адам, көзү сокур болот экен. Көп жерге бардым. Кат чие албай, бармагымы басып берем. Көп масала уктум. Китепти карап эле «Пайгамбар антиптир. Пайгамбар минтиптир»-дешип, пайгамбардын сөзүн айтышат. Угуп отуруп таң калам. Атам ыраматылык, мен төрөлгөндө «Кожодой окуп, билимдар болсун» деп ниет кылып атымы Кожо деп койгон экен. Жетимдиктин айынан окуй албай, сокур болуп калдым. Уулубузду молдолукка берсек бейм?

-Жаштык кылбайбы?

-Кайдан. Мен мындай кезимде кербендер менен Ошко барып, Араванга таятамкына жеке кеткем.

-Таң ай. Мага дале ымыркай көрүнөт.

-Балабыз чыйрак. Молдонун айтканын алып кетээр. Карындагы майыңды бер. Бир козуну өңөрүп барып, молдонун алдынан өтүп келейин-деген Кожо кеч күз, эрте менен молдого келди.

-Молдоке, менин бир “күл чачарым” бар. Кат таанытып, молдолукка үйрөтүп бере аласызбы?

-Эркек танабы? Келсин, кат үйрөтүп көрөлү-деген сөз менен атасы Адини молдого берди.

Адини маңдайына отургузган молдо ага суроо берди.

-Сен ким деген болосуң?

-Мен Кожо деген кишинин уулу болом.

-Жок. Сен Мухамед пайгамбарымдын үммөтүсүң.

-Мен Мухамедди таанybайм.

-Ок. Мусулман баласы антип айтчу эмес. Сен кимсиң? - деп бирөө суроо берсе, Мухамеддин үммөтүмүн деп жүргүн.

Ади ага таң кала суроолуу тиктеди.

-Майли, калганын кийин үйрөнөсүң. Мен сага сабак берейин-деп бир тактага чиймелеп кирди. - Бул Алип бе, те, се, жим. Кана мени кайталап окуп көрчү.

-Алип, бе, те, жим.

-Ушуларды жат кыласың, калганын кийин үйрөтөм.

Ади молдо окуп, чийип берген тамгаларын заматта үйрөнүп алды. Эртеси бирге окуган балдар менен кайрадан келди. Молдо кечээ күнкү үйрөткөн тамгаларын бир-бирден, кайра жалпы окутуп, кошумча дагы тамгалардан жазып берди. Бир жарым ай дегенде бардык тамгаларды жатка үйрөндү. Окууга дитин койбой, тамгаларды үйрөнө албагандарды жазалап:

-Кожонун уулунча боло албайсыңар. Силер шайтандын азгырыгынан чыга албай жатасыңар-деп жемелөөчү.

-Балаң кат таанып бүттү. Зирек бала экен. Молдолукка башка жактан окут-деген айылдык молдонун кеңеши менен кийинки жылы Кожо уулун Оштогу Алымбек датканын медресесине окууга алып келди. Ал жерде үч жыл окуган соң, Кашкарга окутуш үчүн соодагер досторуна кошуп берди. Ади ал жерде Курандын сүрөөлөрүн жаттап, түрки тилинде, уйгур тилиндеги китептерди окуп, Кожо-апызды (Ясави) бүтүп, Халифаттардан таалим алды.

***

Бухаранын атактуу «Мир-арап» медресесинде жума күнү болгондуктан, демейдегиден адам көп. Ар кыл көлөмдө, ар кыл түстө селде чалган, түрдүү улуттагы мусулман өкүлдөрү, чоң уламалар, каары мураттар, мударисттер, дин өкүлдөрү. Арасында карапайым мусулман адамдары биринин жанынан бири,

кысылып өтөт. Алардын баарынын тиктегени ортодогу кең килемде чөгөлөп отурган, отузга жакын жигиттерде. Ары сыпаа, ары ийкемдүү кыймылдары, кыраатына келтире курандын сүрөөлөрүн окуган үндөрү, көпчүлүктү өздөрүнө тартып алган. Бир тараптын четирээгинде отурган карасур өңүнө ак селде, ары жумшак, жеңил, төө жүнүнөн согулган желек жарашкан жигит, кунт койгон кишиге кыргыз экендигин айгинелеп турат. Канчалык өзүн сабырдуу кармаса да шок көздөрү ойноктоп, бир нерсеге саресеп сала теше тиктеген көзү, анын өткүрлүгүнөн кабар бергендей.

-Акыры кезек ага жетип, башкы уламанын баш ийкешинен улам, ал акырын, үнүн жасап, кыраатын келтире окуп жаткан сүрөөсү үнүнүн тунуктугу, тилинин тактыгы, айрыла, созула берген кыраатты угуп отургандарды таңдантып, баары көөшүй кыймылдоодон айбыгыша, кулактарын төшөшөт.

-Тообо, “жапайы” тоолуктарда да, ушундай илимдар адамдар чыгабы? Курандын ар бир сөзүн бабына келтирип, созулма үндүү арииптерди кыраатына чыгара, эреженин талабына жараша так, даана, уккулулуктуу айтып жатышы нукура мударистик өнөр. Ата-энеси өмүр бою илимдар болуп, бул жигитти тили жаңыдан чыккандан баштап, куранды жатка, көркөм окууга калыптандырып келгендей-деп тамшанышса, кээлери:

-Даарат алып, чөгөлөп отургандын эрежесин билмек тургай, беш убак намазын убагында окууга чолосу тийбеген кыргыздардан болбосо керек. Ата-теги пастан келип, Бухарада туруп калгандардан көрүнөт-деп боолгошот.

Накта, болгондо да тээ тоо башы аталган Алайдан келип окуп, Кудайдын ыйык сүрөөсүн бир тамга, белгилерин ката кетирбей, болгон дитин, ички туюмун, Мухаммед пайгамбарымдын чыныгы үммөтү катары бар дүйнөсүн арнап, Кудайдын кулумун-деп өзүн сезген, пенденин өнөрүнө, шыпшынышып, кулактарынын кычуусу каныптарынын, көңүлдөрүнүн кири кетип, дилдери тазаланып отуруп, угушту. Пендечилик, көр тиричиликтин көйгөйү, жашоонун кызыкчылыгы менен кээде аркы жыргалдуу дүйнөнү унутуп, ага баруудагы мусулмандык милдетти ак өтөөдө: бок дүйнөгө аралашып, чийимден чыгып, арам-адалды, ак-караны, жакшы-жаманды, чоң-кичинени пикирден чыгарып, эске албай, унуткарып, өзүңдү-өзүң алдап, билип турса да

билмексенге салган, анда да өзүн актап, «кам сүт эмген пенде» деп жооп тапкан пендечиликтерин эстеринен чыгарып коюшту.

Сүрөө окулуп бүтсө да, көпчүлүк, кыймылдоодон, ашыкча үн чыгаруудан айбыгышып, бир демге тым- тырстык өкүм сүрдү. Окулган курандын сүрөөсүнө чын дитинен берилип, өзүн да унутуп койгон жаш жигит, билинер билинбес чайпала отурган боюн токтотуп, маңдайындагы уламаларга карап, таазим кыла башын ийип койду. Сынакта бааланган жигиттин аты Ади Кожо уулу Кашкардан келип, түрки элдердин мусулман өлкөлөрүнүн Мухаммед пайгамбарыбыздын туулган күнүнө арналган салтанатына чакырылган талабалардан эле.

Чоң зыяпаттан соң, шериктери менен кечки Бухаранын көчөлөрүндө бараткан Ади соодагерлердин өтүп бараткан кербенин көрүп, жүрөгү зырп эте түштү. Көңүлүнө туулган жери Алай, тоолук туугандары, ата-энеси түштү.

-Э, Кудайым, окуума ийгилик берип, пешенеме Бухарадагы медресеге келип, чоң жыйынга катышууга насип эткениңе миң мертебе ыраазымын. Эй, Алла, өзүң колдо, эли-жерибизге тынчылык берип, ырыскыны кеңири чач. Пенделериңден жакшылыкты аяба? Э Кудайым, миң кала шүгүрчүлүк келтирели, сенин улук касиетиңе деп тообо кылды.

Билим берген тажик устатынын жүзү көзүнө элестеп, айткан сөздөрү кулагына жаңырып турду.

-Уулум, Кудай энди пешенеңизди ачып, Мударис-аалым даражасына ээ болуп, Бухарадагы эң катта Медреседе дамбылда укугу берилет. Мындай ийгиликти, Кудай сүйгөн пендесине гана берет. Ошол жерде калып, өзүңүздүн алган билимиңизди, үйрөнгөн өнөрүңүздү мусулман балдарына үйрөтүңүз? Бизден алган таалимиңизге ыраазы болуңуз.

-Устатым, бу жашоодо атам үйрөтпөгөн, атам бербеген таалим-тарбияны, окууну сиз мага багыштадыңыз. Эң улук Мухаммед пайгамбарымдан кийинки, сыймыгым сизсиз. Батаңызды берип, ак жол каалаган сизге өмүр бою ыраазымын. Сиздин ар бир сөзүңүз, ары акылмандык, ары пенделик бийик адамгерчилигиңиз, мен аркылуу башка мусулман балдарына жетээрине терең ишениңиз. Кудай берген бул өмүрдө сиздин асыл сөздөрүңүздү, пенделерге берилген ак дилиңизди башкаларга жеткирем деп сөз берем. Мен үчүн элет эли улук. Ата Журтум табарик. Кыргыздарда башка элдердей болуп, сабатын

ачып, окууга маани берерине мен ишенем. Сизден үйрөнгөн таалимимди, туугандарыма жеткирем. Алар окуу, билим деген-де суусап турушат. Сиз аркылуу түгөнгүс байлыкка жетиштим. Бир төөгө ылайык китептерди алдым. Сизди туулган жериме, Алайга чакырам келиңиз? Биздин элди,жерди көрүп, мейман болуңуз?

Адинин жашы сексенден ашкан устаты, ары илимге кызыккан, айткан убадасын так аткарууну өнөкөт кылган тоолук балага, ыкласы түшүп, өнөрүн толук үйрөттү. Чагатай тилиндеги китептерди табууга көмөктөштү. Төрүнөн көрү жакын калган аалым Адинин келечегин илимден айкын көрүп турду. Бирок, эрктүү, шамдагай, эч нерседен кайра тартпаган, өткүрлүгү аны кооптондурду. Өзүнүн үйдөн алыс чыга албастыгын айтып, Бухарага барып, сынакка барып катышуусун, ал жерде ийгилик-ке жетишерин каалап, атадай насааты менен батасы аркылуу жолдомо берип, кала берген.

***

-Кожонун уулу молдолук окууну бүтүп келиптир-деген кабар айылга угулганы менен анын мударис-аалым болгондугу, чоң Бухарадагы Медресеге дамбылдалыкка жолдомо алганы эч бирине дайын эмес эле. Ади аны эч кимге айткан да жок. Айтканда да бирин, экин кат-сабаты жоюлгандар гана маани бербесе, көпчүлүгү «молдо» деп гана түшүнүшөр эле.

Чоко бий гана аны учурашып жатып:

-Мага катчы бол-деп өзүнө чакырды.

Жаш молдого кылаарга иш жок. Бийдин катчыга берген тапшырмасы алыскы, жакынкы бирөөлөргө жаздырган салам-дубасы гана. Башка убактарда жаш молдо өзү менен төөгө жүктөп ала келген түрк, уйгур, перс (фарс) тилдериндеги ада-бияттар. Айылдагы молдолор аш-тойлордо, бирөөлөр өткөндө куран окуу менен чектелишет. Жаш молдого анчейин да маани беришпейт. Барган жерде Ади алардын атын алат, колдоруна суу куят. Эшикке чыгып баратканда, бут кийимдерин таап, оңдоп берет.

-Сен бала, кат окуп, көзүң ачылып калды. Биздин колдон иш ал. Кызматыбызды кылып, таалимибизди үйрөнө жүр. Куранды аксакалдар окуп, масалани да ошолор айтат. Элдин арнаганын, бизден ашса, алып жүр-деп Үсөнбай молдо кеңешин айтып калды.

Адида андай ой болбогон. Бир күнү айылда аш берилип калып, молдолор жокто, үй ичинде жык отурган катын-калач, куран окуганга эркек издешип калат. Капылеттен Адини көрө калышып, өздөрүнө чакырышты.

-Ии айланайын,эркек атың бар.Куранды билсен окуп койчу?

Ади куран окуп, бетке бата тарта бергенде, төрдө отурган анча-мынча кемпирлер жашып:

-Айланайын балам,үнүң өтө эле муңдуу экен. Бизди жашытып жиберди. Кайраттуу добуш чыгарып жүр-деп бирөөсү айтса:

-Куранды угуп отуруп, аркы дүйнөдө бейиштин төрүндө жүргөндөй туйдум өзүмдү. Тиги молдолорду колдуратпай, сен эле окуп жүрчү -деди экинчиси.

-Куранды ушундай окуйт. Мындан кийин сен эле окуй койгун-деди дагы бири.

Аялдардын айтканы эркектерге угулуп, ага куран окута баштаашты. Ал барында берки молдолор куран окуудан айбыгышып, масала айтууну да токтотушту. Аны туугандары «имамыбыз» деп атай баштаашты.

Кожо баласын окуткусу келбеди.

-Кат-сабаты ачылды. Айылда молдо болуп, балдарга кат таанытып, чарба күтсүн. Кудайга шүгүр, төрт тыракыны эсепке албаганда да, үйүрү менен жылкы, тобу менен топоз-уйду караганга адам керек. Саба толо кымыз, карын толо май, карын-курсак ток, кайгы-капа жок. Жайлоого барып, бейкам жата берсе болот. Эриксе элик атсын, кыр кыдырып кийик атсын. Текени терип, илбесиндерди тандап атып жүрө берсин. Каалаcа капкан коюп, кылтак-тузакты түйүп берем деп ойлоду.

Бир күнү Чоко бий да айылда өткөн аш-тойдо, төрдө өзү теңдүү билермандар менен катар отуруп, тээ ирегеден орун алган Кожого карай:

-Угушума караганда балаң чоң молдо болуптур дейт. Ал билгенди, айылдагы молдолор билбейт экен. Масаланы жат айтып, окуган сүрөөлөрүнө чоң молдолордун да тиши өтпөйт имиш. Келсин, катчылыкка кабыл алайын-деп бир-эки курдай топ арасындагы көпчүлүккө угуза, кеп сала кетти.

Ал ансайын Кожонун төбөсү көккө жетип, өзүнүн тонуна өзү батпай калды. Алды-аркасын аяр карап:

-Көрдүңөрбү менин уулума Чоко бий өзү кардар болуп отурат. Ал качан эле мени теңине алчу эле. Уулум катчылыкка жараган соң, мен дале жаман адам эместигимди билип жатасыңарбы? дегенчелик тердеп-булап отурду.

Үйүнө келгенде атынан түшпөй жатып, кемпирине мактана кетти.

-Жакшы атанын баласын, эл да жакшы дейт да. Бүгүн Чоко бий уулуңду аябай эле мактабадыбы. Угуп отуруп, төбөм көккө жетти. Көп арасында отурсам да, өзүмдү учуп жүргөндөй сездим. Анан «Балаң чоң молдо болуптур. Айылдагы молдолор билбегенди билет экен. Ал окуган сүрөөлөргө чоң молдолордун тиши өтпөйт экен»-дебедиби. Өткөндөгү ашта да ушинтип айткан. Бүгүн болсо өткөн сөзүн кайталап, кайра-кайра айтып, «Мага катчылыкка келсин»-деп суранды.

-Сен эмне дедиң?

-Мен эмне демек элем-деп дудаланып калды.

Бая бий көптүн ортосунда баласын «келсин!» деп андан макулдук сурабай эле, буйрук бергени эми эсине түштү. Ал сүйүнгөнүнөн аркы-беркини эсине албаптыр. Көрсө Кожосуз эле баласын өзү каалагандай жумшап алгыдай. Кемпиринин суроосуна жооп берүүнүн ордуна, өзүнүн мактанычын айта кетти.

-Аштан кийин, бата берээр алдында, төрдө отурган бий баш болгон билармандар

-Кожонун уулун чакыргыла! Куран окуганын угалы-дешип, аркы үйдөн алдырышты.

Ананайыным, куранды бир келтирип окуду дейсиң. Кулагыма булбул сайрап жаткандай эле туюлду. Элдин баары эле мемиреп, өздөрүн бейиштин төрүндө жүргөндөй сезишти окшойт. Тук эткен үн угулбады. Анан десең-Омийин-деп алакан жайган мезгилден соң, токсон тогуз баш болгон пайгамбарлардын атын атап, мазар-машаяктарды айтып, айылдагы өткөн ата-бабалардын жети атадан ары өткөндүн ысымдарына курандын сообун багыштап, бетине бата тартканда, ыраазы болбогон киши калбады. Баары эле алкап жатты. Балабыздын ушунчалык даражага жетип калганына, ушу күнгө чейин маани бербептирмин-деп маңдайы жарыла, мактанганын жашыра албады.

Ошентип жүргөн чакта, Ади базарга кеткен боюнча үйгө келбеди.

-Ана келет, мына келет-деп күткөн ата-энесине, бирөө-лөрдөн:

- «Ата-апам менден кабатыр болушпасын. Билимимди улантканы окууга кеттим»-деп кабар жибериптир. Кыш өтүп, жаз келсе да уулунан кабар жок. Күндө эртели-кеч жол караган Бопо бир күнү күйөөсүн жемеге алды.

-Ботом, ата баштанып, баладан бир кабар албайсыңбы?

-Кайдан кабар алам.

-Бетим иий. Бир малың жоголсо, тоомо-тоо чуркап, кырлардын кыйырын басып, күн тыным албай, түн уйку көрбөй издейсиң. Малың эмне балаңдан артык беле. Бар. Кайдан-жайдан болсо да баланы таап кел. Табалбасаң келбе үйгө. Ботом, баланы бир эстеп койбойт. Малым эле, малым дейт. Ишенген малың каарына алса жуттуку, же жоонуку. Эмне эле малыңдын артынан ээрчийсиң?!-деп бир чети кекетип-мокотуп, бир чети эскертип да, күйөөсүнүн кулагынын кужурун алды.

Баласы кантип эле эсинен чыгып кетсин. Энесиндей эзилбесе да, колу бош боло калганда уулун эстеген Кожо анын дарегин кимден сураарын, кай жакта жүргөнүн билбей башы маң эле. Кемпиринин казабынан соң, Ошко келди. Кимден сурайт? Кайда барат? Башы туман. Эки-үч күндөн бери кеңгиреп көчө кыдырып жүрүп, кеч киргенде чайканалардын бирине кирип, түнөп чыгат. Ар тараптан келген көпчүлүк, аны менен иштери жок. Шаар ичинде аябай эле жүдөдү. Ысыктын күнүндө тердеп-булап, чаңкаганын айт. Суусаганы канбай койду. Күндө кечинде Ак-Бууранын шар аккан суусуна чөмүлүп, жаны калат. Болбосо тери суудай куюлуп, денесинен кадим-кидей буу көтөрүлөт. Бүгүн да кою көлөкөнүн түбүндө отуруп, улам ныксырап, уйкусу келе берди. Ордунан туруп, уюган денесин жазмакка керилип-чоюлуп жатса, кулагына азанчынын доошу угула калды. Жанынан селдечен бирөө шаша-буша өтүп баратканын көрө кала, анын аркасынан түштү.

-Болду-болбоду мечиттегилерден сурайын. Окуу кайда экенин ушулар билсе керек деген ойдо мечитке келди.

Көпчүлүк намазга туруп калган экен. Ал да катарга келип намаз окуп, сажда кылды. Намаздан соң масала айтылып,

көпчүлүк таркай баштаганда, туш келген кишиден окуунун дарегин сурап кирди.

-Сиз бул суроону тиги мечиттеги молдолорго бериңиз. Бир билсе ошолор билет-деген бирөөнүн сөзүнөн соң, жайнамаздарды жыйыштырып жүргөн боз уланга сөз катты.

-Жүрүңүз, дамбылдадан сурайлы, деп баштап келип.

-Таксыр, бул киши баласын издеп жүрүптүр. Кай жакта окуганын билейин -дейт.

-Жакшы болот. Бери келиң?-деп Кожонун суроолорун түгөл укту.

-Ади каарынын атасы турбайсызбы. Ал өтө биларман жигит. Кабарын укканбыз. Лекин кайда окууга кеткенин билбейт экенбиз. Бирок, уулуңуз дарегин билдирбей койбойт. Райондогу почтого бир кайрылып көрүңүз. Кабары ошол жерде болсо керек деп сыпайы узатып калды.

Ошто жүрүп жадаган Кожо Гүлчөгө келди. Почтого иши түшпөгөндүктөн анын кайда экенин да билчү эмес. Сураштырып аны да тапты. Почточу баласынын каты бар экенин айтып, колуна үч бурч болгон кагазды карматты. Кагазды сүйүнүп кемпирине көтөрүп келгени менен аны окуганга киши табышпады. Айылдын молдосуна алып барышса, ал эрежелеп окуп, маанисин түшүндүрө албады. Айлалары кеткенде кайрадан Гүлчөгө келишип, Кызыл-Коргондогу Сулайман калпа гана катты окуй ала турганын билишти. Калпа катты окуп, салам-дубайын түшүндүрүп берди. Анын айтуусунда Ади Оренбург деген шаарда окуп жатыптыр. Ата-энесин. ”Мен окууну бүтүргөн соң барам. Жол алыс. Кабатыр болбогул”-дептир.

-Калпам, балама кантип жетсем болот? - деди эне байкуш көөнү чыдабай.

-Ээ балам. Барам деп убара болбо. Балаң аман-эсен экен. Акыры келет. Чыдап тургула-деди калпа аларды жооткотуп.

-Жолун айтыңыз? Кербен барабы? - деди эне чечкиндүү.

-Жолу узак. Кербен бир айда жетет. Бирок, пойуз барат.

-Пойуз деген эмне? Ал кайдан кетет? Бопо безилдеди.

-Пойуз үйдөн да чоң, сүйрү-сүйрү бири-бирине чиркешкен вагон дегендери бар. Анда жүктөр жүктөлөт. Адамдар отурат. Алардын баарын барабоз дегени тартып жүрөт.

-Ага биз окшогондорду түшүрөбү?

-Киресин төлөгөндөрдүн баарын түшүрөт.

-Киреси канча турат? Бодо берсе алабы?

-Бодону ал жакка жеткире албайсыңар. Бодону пул кылып барсаңар болот. Бирок, жол узак күн-түн тынбай жүрөт. Тамак-аш, жатакана дегендей бир бодонун пулу жетпейт. Барган киши пулу түгөнүп, кыйналып калбагыдай болуп, бир нече бодону сатып, пулун белине түйүп алыш керек.

-Пойуз дегениңизге кайсыл жерден жоолукса болот?

-Мына бул эле Анжианга барса, ошол жерден жөнөйт.

-Ал кантип алып барат?

-Э ал тозок иш. Ар шаарга барып токтоп, ал жерден пойуз алмашат. Эркек адам барбаса, аял киши жетиши кыйын. Адашып кетиши да ажап эмес.

-Адашпас үчүн эмне кылыш керек?

-Кат. Кат барган кишини адаштырбайт. Мына бул жерде Орумбурум деп жазылып турат. Аны окугандардын бары түшүнөт. Көрсөтсө эле мусулманы болобу, каапыры болобу айтып берет. Мени ушул кат кана Сибирден алып келген. Каттын күчү өтө зор, балдарым.

-Ырахмат аба. Сиздин кебиңизден улам, балабыз менен жолуккандай эле болуп калдык. Мына бул сизге соога. Акыңызга сыртта бир кой өңөрө келдик эле, алыңыз?

-Кой. Койгула. Аны алгыдай кызмат кылган жокмун. Силердин күнөйүңөрдү мойнума ала албайм. Буларыңарды жетим-жесирге алып барып бергиле-деп калпа өзүнө жакын жолотподу.

Эрди-катын жадаганда баласына кат чийип берүүсүн өтүнүштү.

«Катыңы алып, кабарыңды билдик. Биз аманбыз. Кудайым баарыбызга тынчылык берсин апаң-атаң» дегизип, дарегин жаздырып Кожо менен Бопо үйлөрүнө кайтышты.

Эненин сагынычы кат менен таркабады.

-Киши барган жерге киши барат. Сен малың менен кала бер. Мен уулуму көрмөй сайын жаным тынбайт-деген Бопо үч-төрт бодо саттырып, узак жолго камынды.

Дээликкен жубайын Кожо Ошко алып келип, ал жерден избощ жалдап, Анжианга барды. Бирөөлөрдүн кеңеши менен пойузга билет алып, кемпирин вагонго отургузган соң, көөнү бир жаңсыл боло үйүнө кайтты.

***

Ады кезектеги машыгуудан келип, адатынча бешим намазына камданып, даарат алмакка чыгып бараткан. Ал беш убак намазды үзбөй окуйт. Ага ар кимиси каршы чыкканы менен эч кими койдура алышпады. Окуу жайдын башчысына чейин барышты.

-Чиркөөгө баарың эле барып жатасыңар. Эмнеге аларды койдура албайсыңар деп, талаша кеткендигинен, кийинки күндөрү аны жөн коюшту.

Окуу жайындагылардын көбү «молдо» деп аташса, өзү теңдүүлөр «атаман» атап алышкан. Себеби, дем алыш күндөрү көчөгө чыгышканда өзгөчө, аскердик кийим кийингендерге шаардык балдар көп тийишишет. Жалгыз жарымын тоноштон, колдорундагы буюмдарын тартып алган учурлар да көп болгон. Ади менен кошо барышканда аларга эч ким тийишпейт. Тийишкендин сазайын берип, көптөгөндөрдүн баарын сулатат. Өңү буудай ыраң болгондуктан анын этинин көгөргөнү көп эле байкала бербейт. Эч кимден келтек жебей, тирикарактыгынан аны теңтуштары «атаман» атап алышкан. Дээрилик достору, тели-теңтуштары анын тилинен чыгышпайт.

Ал окуу жайына келгендин алгачкы күндөрү көп сыноолорго туш келди. «Дедовшинанын» эрежесин бекем туткан окуу жайындагы бүтүрүүчүлөр, ал тургай кенже кызматкерлер анын өңү-түсүн көрүп, бөлөктөп, «мусулманин» деп шылдыңга алышып, көптүн арасында маскара да кылмак болушту. Ал андай ызалоого жол койгон жок. Жеке мушташта жеңилбеди. Көп топ урушса да денесине доо кетирбеди. Көбү көтөрүп чаап, көкүрөгүнө минип, тамактап, мурду-башын былчылдатып, эзип, экинчи каяша кылбаска, көкүрөгүндөгү отун өчүрмөк болушту. Канчалык жерге чабылса да, так секирип тура калып, мышыктай колго илешпеди. Көптөп, ортого алып тепкилемек болгондорго моюн бербеди. Күрөштө, алышта, мушташта да эч бири жеңе алышпады.

«Атамандын» кабарын билген офицерлер түнкү мушташка, башка шаарлар менен болгон мелдешке аны алып барышып, эчен «пайдага» марышты. Алыш, мушташ ага көнүгүү болду. Жакшы жери «салмакка жараша» беттештирүү анын пайдасына чечилип жүрдү. Ал коркпостугу, чечкиндүүлүгү, тайманбастыгы менен өзүнө абийир алып, окуу жайдагылардын «сүймөнчүлүгүнө» айланды.

-«Атаман» сени дежурный короонун оозунда күтүп жатат?-деп сырттан киргендердин бирөөсү кыйкырып өттү. Эч кимдин сөзүн жерге таштабаган «молдо» жай басып короонун оозундагы дежурныйга келди.

-Ади, сени мында, жанатан бери азият кемпир сурап, сыртта күтүп турат-деди дежурный анны көрөөрү менен ылым санап.

-Мени эч ким сурашы мүмкүн эмес. Адашып жатышса керек-деген ой менен Ади короодон чыгып, баш бакты.

Аркы отургучта азият аялдарынча кийинген бир кемпир отурат. Ал короонун оозун карап отурганы менен өзүнө дале көңүл бурбады. «Кемпир кимди издеп жүрөт?» деген ой менен анын жанына басып келди. Улам жакындаган сайын анын караанı көзүнө жылуу учурады. «Бир көрүнүшү апама окшоп кетет экен» деген ой менен жумшак кайрылды.

-Эне кимди издеп жүрөсүз?

Ал селт эте чочуй, Адини бир карап.

-Уулум. Сенсиңби?

-Апа!

Экөө бири-бирине ишенишпеди. Эне-бала көпкө чейин кучакташып турушту.

-Апа каяктан келип калдыңыз?

Ади кучагын жазып, кетенчиктей түшүп суроо салды.

-Бала дегенде, жердин жети түбүнөн болсо да келет тура, эне байкуш.

Апасы аны кайра-кайра кучактап, бети-колдорунан өөп жатты.

-Сиздин келишиңизге ишенбей турам, апа?

-Ишен уулум. Эптеп, сен деп келдим, балам.

-Ким алып келди? Шеригиңиз барбы?

-Кат. Мына бул кагаз алып келди.

-Алда байкуш, апам ай! Мынчалык неге кыйналдыңыз экен?

-Бир сага, канча кыйналганым татыбай кетет.

-Апа? Мен түк ишенбей турам-деп кучактады.

-Ишен балам. Сен дегенде аркы дүйнөгө да бара берем.

-Ха-ха-ха.

Эне-баланын кубанычы каткырыкка айланды.

Көчөдө өтүп бараткандар ал экөөнө танкалыштуу карап жатышты.

-Апа, ушунча жолду басып, таап келди десе ким ишенет? Кат-сабаты жок, өмүр бою үйдөн чыкмак тургай, жанындагы райондун борборун көрбөгөн тоолук аял Россиянын бир бурчундагы Кыргызстанга белгисиз шаарды таап келиши жомок.

-Жомок эмес. Чындык балам.

-Аябай чарчагандырсыз ээ?

-Сени көргөндө, чарчаганымды унутуп калдым.

-Жүрүңүз? Мен окуган жеримди, жашаган жайымды көрсөтөйүн?

-Мына буларды, алып алайын.

Эне отургучка артылган оор куржунду, оордунан козгоду.

-Буларың эмне, апа?

-Сага деген даамдар, балам.

Уулу апасынын колундагы куржунду ала коюп:

-Оо-уу. Ушунун баарын, алыскы жолдо кантип алып келдиңиз, апа?

-Сага арнап, алып келдим да балам.

-Ушунчанын баарын, кантип көтөрүп жүрдүңүз?

-Дагы көп эле. Жолдуката ичип, жедим. Биреөлөргө бердим.

-Таштай оор го? Эмнелер бар?

-Май, курут, чучук, эжигей, куймак, боорсок. Кайберендин, жылкынын сүрсүтүлгөн эттери.

-Анын баарын кантип түгөтөбүз?

-Досторуңа, улуу адамдарыңа бер.

-Алардын баарын бул жердегилер жешпейт.

-Эмне, ботом?

-Микробу бар дешет.

-Микроб дегени эмнеси?

-Курт бар дешет.

-Курт айлансынбы? Таза даам. Жолдо бузулбасын деп, кээде шамалдатып, кээде жайып, жанымдан чыгарбадым. Мазар басып келди. Досторуңду түгөл чакыр жешсин.

Аңгыча болбой «Атамандын» апасы келди деген кабарды уккан достору, окутуучуларынан бери келип, мейман менен саламдашып жатышты.

-Здрастувуйте мамочка.

-Твой мать?

-Старуха?

-Откуда, пришол?

-Из Ташкента?

-Ош, Алайдан келди.

Аны уккандар мүрүлөрүн кысышып, билбейбиз дешти.

-Кытай мамлекетинин чек арасынан.

-Авган, Индия?

-О-оу.

Баары таң калышат.

Эне да жалаң сары түстөгү, уулу менен чамалаш жаш жигиттерди көрүп, куржундагы даамдарды стол үстүнө жайнатты.

-Алгыла, мазар басып келди. Баарын өзүм жасагамын.

Эне бапырап, стол үстүндөгүлөрдөн ар бирине карматып жатты.

Баятан бери, мурда көрүп, татпаган даамдарды таңыркап тургандар, бирден ооз тийишкен соң, талап кетишти.

-Ох выкусно! Мать повар да?

Таңдайларын такылдатып, шилекейлерин куюлткандарды көрүп, эне уулунан сурап жатты.

-Эмне деп жатышат?

-Кандай даамдуу. Апаң ашпозбу деп сурап жатышат.

-Жегиле, жегиле. Эне элжиреп турду.

-Апа, кыйналбай эле койсоңуз болмок.

-Эмне кыйналам, балам. Сени көрүп кыйналганым заматта эстен чыкты. Дарегиңди биле албай, күнү жол күзөттүм. Түнү бою уйкум келбей, сени эстеп такыр эле чыдай албай койдум.

-Дарегими билгиңиз келсе, атамы эле жиберсеңиз болбойт беле?

-Атаң Ошко келип, бир жума жүрдү. Айласы кеткенде Медресеге барып бирөөлөрдөн сураса «Почтого бар. Дарегин билдирип кат жазса керек»-дептир. Гүлчөнүн почтосунан катыңды таап барды. Окуганга киши жок. Сулайман калпага алып келип, араң окутуп, дарегиңди билдик. Анан дарегиңди көрсөтүп, пойуздан, пойузга түшүп келе бердим.

-Апа, оңор адам эмес экенсиз. Сиздин чоң касиетиңиз бардай.

-Мендеги касиет сенсиң балам. Мынча алыстабай, жакынкы жерлерден эле окусаң болбойт беле?

-Насип экен апа. Ушул шаарга туш келдим.

-Сени бөлөктөп, уруп-соккондор жокбу?

-Бөлөктөгөндүн бөлөсүн, ургандын атасын таанытам.

-Кой балам, өзүңө душман ашырбай жүр. Ынтымакташкан жакшы.

-Апа. Заман тейи ушундай. Күчтүүлөрдүн заманы. Алдуулар бай, кыйналбай жашашат.

-Жолду ката көрдүм. Көптү баамдадым. Жарды, кедей, ачка, азгандар көп экен. Окуш сага ошончо эле зарык беле?

-Ооба апа. Окуу гана дүйнө таанытат экен. Дүйнөнүн кеңдигин, жаратылыштын кооздугун, жашоонун рахатын окуу гана туюндурат. Мындан да чоң окууга барып, окусам дейм апа?

-Окууңдун чоңдугу ушул да балам. Пойуз менен бир айлап жүрүп араң келдим. Бирге кетели, атаң бизди күтүп жатат.

-Окууну бүткөнүм жөнүндө документ, кагаз берет. Аны алып, анан кетем.

-Кагаз дегениң шаарда көп болот экен. Бирөөнү алып жүрө бер да. Бөтөн жерде, кызыл өңүңү бозортуп жүрө бергиче, өз жериңдин караандай суусун ичсең да дары эмеспи?

-Дагы бир жыл күтөсүз. Анан үйгө барам.

-Сен жок кантип кетем?

-Сүрөтүмү берем. Сагынганда карап коюп, жүрө бересиз-деп уулу тамашага жооткотту.

Ади ошондо Оренбургдагы кадеттик корпуста аскердик окуу жайында билим алып жаткан эле. Анын оюна өткөндөгү бир окуя капилеттен келе калды.

***

Кеч күз. Тоо ичи эртели-кеч ызгаар тартып, эл чепкен-чапанын кийип калган. Айыл Сары-Конушка жаңы көчүп келишкен Бопо жалгыз уулунун кийимине астейдил карачу. Анын үстүнө Ади шаардан окуп келип, мезгилге ылайык кийинип, боюна чаң жугузбайт. Кандай кийим кийсе да жарашып, алдыда жоолуга калган кыз-келиндерди гана эмес, эркек адамды да суктандырып бир карат. Ал жаштайынан эле апасы тигип берген кийимдерин этияттап кийип, кастарлап илет. Ары таза, бырыш кирбеген ичигин кийип, коңушу айылга жөө бараткан. Арт тараптан жорголой баскан, жалгыз аттын дүбүртү угулду. Ади кылчая бергенде салт атынын үзөңгүсүн чирене тээп, эликтин шыйрагына кадалган бүлдүркөн камчысын бүктөй кармап, оң санына жөлөй, сол колу менен тизгинди бош кармап,

улоосунун кой жорго жүрүшү менен келе жаткан, олбурлуу сакалчан адамды көрүп, жол четине чыга бере токтой калды. Арттан жете келген атчан анын жанына келгенде тизгинди тартпай, жандап өтө береринде, улуу кишиден ыйбаа кыла, оң колун көкүрөгүнө ала, башын ийип салам айтты.

Салт атчан жаш немени тоготпогондой, үндөбөй өтүп баратып, анан анын саламын баш ийкей алик ала, үн катпай оозун бүлк эттирип койду да, сынай тиктеди. Ичилигинин этеги делдейип, көкүрөгү ачылган жигитти бир карап:

-И, сагыр?-деди.

-Сагыр эмесмин аба. Атам бар-деди жигит жай гана.

-Байдын баласысыңбы?

-Атам чарбадар киши.

-Алдагы ичикти кайдан алдың?-деп, жигиттин боюна чак келип, жарашып турган, ары кооз, ары бычымы келишкен ичикке ээк какты.

Өзүн адам катары көрбөй, жогортон атчан келе жатып ичикке көз артып турган жолоочуга жигит таңыркай карап:

-Кайдан алмак элем. Апам тиккен.

-Апаңын колу усулдуу экен. Аты ким? Ким дегендин зайыбы болот?

-Атамдын аты Кожо. Апам Бопо.

-Аткезчи-ууру Кожобу?

Жигит анын сөзүнө териксе да, анысын билдирбей:

-Сиз ким болосуз?-деди.

-Мени билбейсиңби? Жаныбек казы деген мен.

-Уккам. Сизди да аткезчи дешет го?-деди жигит, элдин айтканы эсине түшүп.

-Аткезчиликти атаңа бердим. Менин дүнүйөм өзүмө жетет. Чеч, алдагы ичикти!

Өктөм сүйлөгөн улуу кишиге каяша кылбай жигит үстүндөгү ичикти чече баштаганда, ичиктин жакасы толук кайрылып, ички өңүрү атчанга толук көрүндү.

-Кана, бери бер! деп жолоочу атын алдыга темине колун сунду.

Жигиттин оюнда арамдыгы жок, айкарасынан аңтарылган ичикти ага узатты. Жолоочу ары жеңил, жумшак ичикти колуна алып, ар тарабынан аткый кармап, ээр каштын үстүнө тура таштай, ат тизгинин бурду.

Тамашалап жатабы-деген таризде жигит аңкая тиктеди. Жолоочу атын теминген боюнча, шарт жүрүп берди.

-Ай, ай. Абаке?-деген жигитке атчан көңүл буруп да койбоду. Жигит анын кылыгына таңдана, ордунда туруп калды. Атын жорголоткон жолоочу заматта маңдайдагы тумшуктан имерилип, карааны көрүнбөй калды. Ошондо гана жигит шыпылдай басып, артынан ээрчий жөнөдү. Адинин кийген ичиги кимди болбосун кызыктырбай койбойт эле. Кожо атып келген карышкырлардын шыйрак, чандырдагы бучкактарын, кулак-тарын чогултуп Бопо, бокчосуна катып жүргөн. Качан гана уулу чоңойгондо бучкактарды ашатып, күнгө кактап, сүткө жумшар-тып, бырышкан жерлерин аябай ушалап, кайра-кайра малдын майы менен майлап, бышырып, жумшарткан соң курап, тигип, Кашкардан алынып келинген кара кыжым менен каптап, ичик тиккен. Керегеге илип койсо ичи тышы сеңселип, кыздын кара чачындай сүлкүлдөп, көз жоосун алат. Көргөндүн баары таңыр-кап, Бопонун чебердигине тамшанып, биринен-бири өтүп, сөз кылышкан.

-Жеңе бул ичикте канча карышкырдын кулагы, бучкактары кураштырылды-деп кыз-келиндер кызыгып сурашса:

-Санын этибарга албай, эптеп кураштырдым-деп жооп берген Бопо.

-Эптегениңиз ушул болсо, атайлаганыңыз кандай болот, жеңе?-дейт экинчи келин таңдана.

Улам санап, улам жаңылган үчүнчү келин :

-Эки өңүрү менен аркасы эле жүз карышкырдын бучкагына жетип барды, эки колтук, жеңи менен жүз элүүдөй карыш-кырдыкы бейм?

-Ой-ой. «Мерген акем» ошончону ата калдыбы?-дейт дагы бири.

-Анда карышкырларды үйүр-үйүрү менен эле ата берген окшойт-дешип, кыз-келиндер ичиктеги бучкактарды зерикпей санашып, ар бирин кынаптап тигип, каршы-терши кылбай тээсин бузбай ийне өткөргөн узга эчени тамшанышкан.

Бопо уулу шаарга барып, окуп келгенге чейин эчен желке-син талытып, көз майын коротуп, ичикти тигип, кара кыжым менен каптаган эле. Окуусун бүтүп келгенде, ырым кылып уулунун мүрүсүнө арткан.

-Карышкырды жырткычтардын арстаны дешет эл. Эч нерседен жалтанбайт. Күйүп турган чычаланы жакын алып барсаң көзүн ирмебейт. Эч кимге, эч нерсеге боор ачыбаган мыкаачы. Алганына эмес, чалганына кубанган, алты айлык жолго жүрсө да арыбаган, чарчап чаалыгууну билбеген, дилин эч кимге бербеген көк жал аташат. Жортуп жолунан кайтпаган, кайрыла аркага баспаган карышкырдын касиети бар дейт. Көк жалдын касиети сени да колдосун. Ичигиң күзгө жетсин, өзүң жүзгө жет. Бирөөгө мүңкүрөбө, дайым өктөмдүгүңдөн жазба!-деп энеси ырым кылып кийгизген эле.

Анын баарын эсине алган Ади кадамын тездетип, карaанды акмалай келе берди. Ичигин кантип аларын ойлогон да жок. Жолоочу артын кылчая да тиктебеди. Жоргологон атынын ыгына коюп, тизгин какпай, камчы шилтебей, күмүш үзөңгүнү чирене тээп келе жатты. Күн тоолорго кыңкая берип, капчыгай-дагы көлөкө күңгөй тарапка жыла берип, бешим убакка жакындап баратты. Күң-Электен өтө бергенде жолоочу асманды тиктеп, күндүн нурун болжоду. Кызыл-Коргондогу Аттокурдун тегирменинен өтө бербей атынан түшүп, ат тизгинди ээр кашка ороп, үстүнө үзөңгүнү каңтара илип, чылбырын чоң ташка орой байлады. Өңөрө келген ичике баш кийимин кошо коюп, сууга колун жууп жүзүнө тартып, даарат ала намазга турду. Баятан бери акмалап келген Ади учурду бош кетирбей, шып жетип барып, өз ичигин алып, кайра тартты. Бая адатынча жорто басып, эми маңдайы нымдаша баштаган чакта, үйүнө кирип келди. Бирөө-лөр артынан кубалагандай болуп, шашыла келген баласын алыстан көрүп, көң жыйып жаткан Кожо утурлай басты.

-Шашып калыпсың уулум. Тынчылыкпы?

-Тынчылык ата-деп жооп берип жатып, болгон окуяны атасынан жашырган жок. -Бая жолдо баратсам, Жаныбек казы өтүп баратыптыр. «Ичигиңди бер!»-дегенинен бере койсом, ээр кашына коюп, артына кайрылбай кетти.

-Сурабай-этпей элеби?

-Үндөбөй жолго түштү. Артынан акмалап бардым. Кызыл-Коргонго жеткенде, бешим болуп калып, намазга турганда шап жетип, ичигимди алып, кайта бердим.

-Казы ичигиңе кызыгып калган экен. Кайрылып келип жүрбөсүн?

-Ким билет. Казынын күнү ичикке түшүп калдыбы?

-Ал ырымдап деле ала берет. Ага эч бир жан каяша кылган эмес. Сенин алганыңды билди. Өчөшүп болсо да кайра келет. Бир жайга жашынбасаң болбой калыптыр.

-Ошончолук элеби?

-Угушубузга караганда ал эч кимди аяган эмес. Сага бир жамандык кылып жүрбөсүн.

Ата-баланын сөзүн угуп турган Бопо кабатыр боло, күйөөсүнүн сөзүн кубаттады.

-Балам, атаң туура айтат. Анын көзүнө чалдыкпа. Кайрылып келе турган болсо сени эмес, бизди да аябайт. Эми, эмне кылсак?-деп эне байкуш алапайын таппай калды.

-Сен болушка кабар берип, иштин жөн-жайын айт. Мен муну бекитиштин аракетин кылайын-деген күйөөсүнүн сөзүнөн соң Бопо коңшу турган Рысмамат болуштун үйүн көздөй чуркап жөнөдү. Адинин боюнан ичигин сыйрып алган атасы, чаркап кылып жаткан көңдүн ортосуна уулун отургузуп, ар тарабын тосуп, көң жыйа баштаган чакта, алыстан атын теминген казынын карааны көрүндү. Берки тараптан шашкалактаган Рысмамат болуш утурлай чыкты.

-Ассолоомалейкум, казым. Келиңиз, келиңиз?-деген болуш, ат үстүндөгү казыга колун сунду.

Казы анын сунган колуна көңүл буруп да койбостон, чаркап көңдүн үстүндө турган ичикти көрө, Кожого бурк этти.

-Алып кел, тигини!

-Казым, аттан түшүп, даам ооз тийиңиз?-деди болуш илбериңки, анын атынын жылоосунан кармай.

-Бала, балалыгына барып, туура эмес иш кылыптыр, казым. Кечиргейсиз, айыбыбыз мойнубузда?-деди Кожо ичикти сунуп жатып.

-Мм-деди казы түнөрө. -Айыбыңарды кантип тартасыңар?

-Аттан конуңуз?-дешти Рысмамат болуш менен Кожо жарыша

-Убара кылып… Жолдон калтырып… Жаныбек казы ызырынды.

-Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечиргейсиз,казым? Сизге арнаган-деп Рысмамат болуш аркасында турган Кожого суроолуу тиктеди.

Болуштун оюн түшүнгөн Кожо шашкалактай, арча дүмүрдүн үстүндө таңылуу, дайыма аш-тойдо, сыйга барганда гана атына

токуй турган, жалаң таза күмүштөн жасалгаланган ат жабдыгын илбериңки ала коюп, үзөңгү боосуна байлай койду. Кожонун кыймылына саресеп салбай, Рысмаматтын башына кийген жаңы суусар тебетейин тиктеген казынын оюна түшүнө калган болуш, төбөсүндөгү тебетейин алып, кош колдоп суна кала:

-Баш улук, казым? Сунган моюнду кылыч кеспейт. Сизден аянбай калалы?-деп таазим этти.

- А мейли-деди казы жазыла.

-Келиңиз, ак татыңыз?-деди артта турган Бопо сыр аякка мелт-калт куюлган кымызды алга суна.

-Кур ооз кетпей, аттан конгонуңуз биз үчүн сыймык эле казым-деп Бопонун колундагы сыр аякты алып, болуш өзү узатты.

-Болуптур. Насип улук-казы сыр аякты колуна алып,

-Биссимиларахманиррайым деп коюп, ичинен шыбырай калып, кесени ат жалына тийгизе так көтөрдү да, жүзүн кош колдоп сылап, ат башын бурду.

-Кош деп да айтпай, ыраазылыгын да билдирбей кетип бараткан казыга үчөө аңкая тиктешип, узатып калышты.

***

Сырт кийимин чечинип, үйүндө жылаң баш отурган Рысмамат болушка -“Жаныбек казы, кайрылып келатыптыр”-деген кабар угулду. Шашыла чыгып бараткан күйөөсүн Абабү токтото калды.

-Болуш, соксоюп, жылаң баш чыкканыңыз уят. Мына бу тебетейиңизди кийип алыңыз?-деп, болушка арналып атайлап тигилген жаңы суусар тебетейди, керегеде илинүү турган жеринен алып, силкилдете күүп, башына кийгизген эле. Эми башын соксойто, баш кийими жок үйгө кирип келген Рысмаматты көргөн Абабү таң кала:

-Болуш, баш кийимиңиз кайда калды?-деп сурады.

-Газыга тартуу кылып жибердим.

-Ок! Ырым кылып тикпедим беле. Баш кийимиңизден башка табылбай калдыбы?

-Шарт ошондой болуп калды, байбиче.

-Оомадыңызды алдырыпсыз.

-Анчалыкка барбас-деди Рысмамат аялына тикирейе карап.

-Ботом, бир-эки жолу кийсе да мейли эле. Шайтан кыстап кайдан да бере калдым. Эл эгаси болуп жүргөн неме, бөтөн

журттун бийине сыны менен көрүнсүн дебедим беле? Кан кусуп өлгүр казы да «кой ай»-дебей шарт илип кеткенин карасаң. Көрөсүз, ал ырымдап алды. Мени бир айтты дээрсиз. Иши эми оожалат. Пай-пай, пай. «Амалдуу жигитке, ажалдуу кийик жоолугат» демекчи жөндөн–жөн тартуулап… Же эл сурабаса, же кун сурабасаңыз-деди болуштун ичигин алып, керегеге илип жатып.

-Тейт! Какылыктап кулактын кужурун алып… Кетсе кеткендер бир суусар…

-Болуш, бир суусар дейсиз. Суусардын да, суусары бар. Бу кой суусар эмес, суу суусар эмес…

-Болду. Кызга бергис, жубан бар дегиң келеби? Алып кел кымыздан!-деп болуш төргө барып, куш жастыкка кынтая кетти.

Ашкана тарапка өткөн Абабүнүн үнү тып басылып, керегеге байланган кол чаначты чечип силкилдете баштады. Анын сүйлөбөй калуусунун да себеби бар эле. Абабү ары акылдуу, ары сулуу жубандардын алды. Атасы тектүү жерден чыккан, барындардын чоң байы Өмүрзактын кызы. Анын бир туугандары Рысмамат, Жунус, Шерали аттуу алты баласы ар топту бийлешип, элге төбөсү көрүнгөн эргулдар болчу.

Рысмамат көз ачып көргөн, биринчи аялынан көпкө чейин бала көрбөдү. Молдо, бакшыларга да түштү. Ага-тууганы ага «төшөк жаңырт» деп кеңеш беришип, ар айылдан «Паланча байдын кызын ал, паланча бийдин кызын ал»-дешип, ар кимди чоттошту.

-Катын алсам, тууп-түшкөн эле жубан алам деген болуштун сөзү эки болбой, эл жакшылары ортого түшүшүп, ары кайыны тектүү дешип, барындардын байы Өмүрзак байдын Согондуга түшүп, эки кыздуу болгондон кийин, кокустуктан күйөөсү өлгөн Абабүнү табышкан.

Күйөөсүнүн карасын али чече элек, «кара ашын берип, жылдыгын эми чыгарабыз»-деп турушкан согондулуктарга Байбазардын балдары барышып, «Калыңы болбосо да, каадасыз болбойт», -«Маркумдун жылдыгынын ыгым-чыгымын биз көтөрөлү», «Жок, болбойт» десеңер кыздын калыңындай кылып берели»-дешип, «карасын» ошол жерде чечтиришип, өрттөтүшүп, ырымы дешип, ак жоолук салышып, ак кийгизишип, ак боз атка миндирип, көчүрүп келишкен эле. Болуштун жана «кызга бергис жубан бар» деп айтып жиберишинин себебин Абабү

өзүнчө ойлогон. «Сени кыз албасам. Үйдө баш байбиче болуп, баарын тескеп, билем дей бербегин» деп, болуштун кыйыта айтканы деп түшүндү.

Жаныбек казынын кайрылып келээрин билип, алактап калган Кожонун аялы Бопону Рысмамат болушка шашыла кабар бериши, казы көптөн бери Совет-Кытай соода ишин кармачу.

Кышындасы кар улуу жаап, ашуу бекилген чактан, жаз келип, жайга жете барып, мөңгүлөр ээрип, жол ачылганга чейин убактылуу жол бекиген. Кербен кокустук болуп гана бара-келди токтоп калбаса, калган мезгилде, чиркешкен кербен менен салт атчан түнү-күнгө карабай тынбай каттап турат. Жүргүнчүлөр улоо белин талытпай «Ош-Кашкар, Кашкар-Ош»жолунун аралыгынын каалаган жайына токтоп, каалаган жеринде ат чалдырышат. Илгертен келген эреже боюнча соодагерлерди жана алардын кербендерин «палан жерге токто, палан жерден өт» деп, эч ким тескей албайт. Кербен жолдун ыңгайына карап кете берген. Бирок, жаз-күз мезгилдери эске алынып жол боюна бекет, рабаттар коюлган. Жергиликтүүлөр кербендерди тосуп алышып, узатышып, улоолоруна жем-чөп, кашектерин, өздөрүнө азык-оокаттарын камдашып, жаткырышып, акыларын алып турушкан. Мындай бекет, рабаттар Бүлөлүдө, Сопу-Коргон, Теректе атайлап курулган эле.

Жаныбек казы Ош-Кашкар жолун эчен каттап, коен жатагына чейин билчү. Жол боюнда кайсы уруу, кайсы топ, кайсы бай да, кайсы бий турары ага беш колундай белгилүү эле. Каалаган жайга токтоп, каалагандай өргүү алчу. Кокустан бир буюму жоголуп, улоодон кемип кала турган болсо, жергиликтүү бий-болуштарды чакыртып алып, ашыгы менен төлөтүп алчу. Же үйөздөгүлөргө билдирип, жазана салдырып, түрмөгө каматтырчу.Ошондон улам анын айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылар эле. Анын сырын жакшы билген Кожо Рысмаматтын алдасташынын да жөнү бар. Башта Кожо Кашкарга элдин малын айдап барып, базарга сатып, соода кылса, кээде анча-мынча зарыл буюмга башма-баш алмашып кем-карчты алып келип берчү.

Уулу Ади жаштайынан тың чыгып, элдин соода-сатык ишин түгөл мойнуна алып калган. Рысмамат болуш да Адиге ишеним бергенден бери үйүнө ар кыл мата толуп, короосундагы малы эки эсе көбөйдү. Жана казы казабына алса бир эле Ади эмес,

атасы Кожо, эл башкарган Рысмамат болуш да, көп айыпка жыгылып, көп чыгым тартары да бышык болчу.

Рысмамат болуш курулай дооматтан оңой кутулганы менен кеч, күн отурган чакта төбөсү локулдап, жанына жай бербеди. Улам үшкүрүнө, ооналактап, ордунан тура кала, кайра жата кала чабалактап тынчтана албады. Көпөлөктөй айланчыктаган Абабү бирде колу-башын укаласа, бирде желкесин сүрдү. Жаны жай таппаган болуш төбөсүнө колун басат. Абабү да анын төбөсүн кармаса оттой тап чыгып, болуштун бетинен алка-шалка тер кетти. Жубайы болуштун бел куру менен улам жүзүн аарчыган сайын, анысы да малма-малма суу болду. Эмне кыларын билбей, такыр арга таппаган Абабү күйөөсүнүн төбөсүнө, бети-башына муздак чүпүрөктү басып, үйдөн чыга албай, жакынкы биреөлөрдүн караанына зар болуп турду. Желкеси тырышып, улам-улам чалкалай калган болуш Кожонун үйү тарапты колу менен көрсөтүп, кайра имере чакыр дегендей ымаа кылды. Абабү шашып-бушуп чуркап чыгып, Кожого жетип барып кайра келди. Кожо эшиктен баш бага болуштун ал-абалын сурагыча болбой Рысмамат окшуп-окшуп, Абабү тосо койгон чылапчынга кочкул кара кан кусуп, сеп алгандай чалкалай түштү. Жубайы анын оозу-мурдун аарчып, жатканда болуштун өңү бозоруп, көзү сүзүлүп баратты. Кожо шап жетип барып, анын жастыгын оңдой бергенде, болуштан «кор эте» үн чыгып, узап кетти.

***

Рысмамат да болуштукка бир туугандарынын күчү, колдогон сүйөмөсү, көптүн көңүлүн алган дүнүйөлөрү менен келгенин элдин баары билет.

-Атаңын көрү, көптүн иши көп да. Алты бир тууган алты жерге салмагын салып, ташты оодарып кетишти.

-Эй, кептин баары көптүктө эмес. Чөнтөк. Чөнтөктө.

-Ооба. Ошондой болду. Бардыкы башка экен. Алтоо алты жерде чачып, алты топту алганы ырас.

-Кептин баары, жолун таап чыгышта.

-Адилеттик дале барып, алкымга такалат тура.

-Кызыл ала кекиртек. Кыйла жерге секиртет-дейт. Кекиртек да аш барбаса ачылбайт.

-Ушундай шайлоолор тез-тез болуп турса, аламандардын иштери жүрүшүп, тиричиликтеги оңолуп кеткидей.

-Койсоңчу, адам баласы алып алты, жеп жети болгон эмес.

-Талашып эмне кыласыңар. Ар нерсенин орду бар. Оңой оокат аш болбойт. Желден келген, желге кетет. Келип, келип маңдай тер, ак мээнетке жетпейт.

-Бий, болуштар жегени аш болуп эле, байлыгына байлык кошулуп жатпайбы.

-Ооба. Алдым-жуттумдун эле заманы болуп калды. Жебеген жердин астында. Бу тирүүчүлүктө ырыскы ар тараптан келет экен. Ырыскыдан качып кутула албайсың.

-Сен антип айтасың. Көбү ошол ырыскыга жетпей жүрбөйбү.

-Байыгандан эле башы алтын болуп кетти дейсиңби. Баарынын бара турганы жер. Же байлар эле көп жашап, колунда жоктор мүрт кетип жатыптырбы? Көп эле «мен болом» дебестен көпчүлүккө караган жакшы. Жандын тынчтыгын, бала-чаканын амандыгын ойлойлу.

-«Көп арасында көп айтылат. Арасында бирөөнүкү төп айтылат» демекчи, талашка түшкөн болуштук жакында эле Рысмаматтын колуна тийген.

Алайдын Сопу-Коргон аймагынын эли аркы тарабы Ак-Босого, Кызыл-Алай, Үч-Дөбө, Кежигеге келип, Көл-Чаты, Терек, Аскалы, Бүлөлү болуп бир болушка карайт. Үйөздөгүлөрдүн талабы боюнча таш эсептелип, көбү, азы аныкталат. Ал үчүн ар айылдан өкүлдөр келип, таш салымы менен болуш шайланмак. Бул жолку шайлоого Бүлөлү, Аскалыдан Рысмамат, Үч-Дөбө Кежигеден Маадаким болуштукту талашып калышты.

-Эртеңки күнү шайлоо жүрөт деген кабар менен эл ортосу Сопу-Коргонго эки тараптын эли көчүп эле келишти.

Ар-ар жерден койлор союлуп, асылган казандарда эт кайнап, Сопу-Коргондун сайында жагылган оттор жылдыздай болуп, жымырап кетти. Чара-чара эттер тартылып, бир жерде комуз чертилип, кыяк тартылса, бир жерде ыр ырдалып, сайдын бети шаңга толду.

Эрте менен үйөздөн келген өкүлдөрдү жандаган казы-калыстар келишти. Алардын аттарын алышып, колдоруна суу куюлуп, беленделген үйлөргө киргизилди. Сый тамактар тартылып, конок каадасы көрсөтүлгөн соң, бардыгы колдорун жуушуп, боз үй алдында туруп калышты. Бир топтон соң үйөздөгүлөр чыгышып, колдорун аркаларына ала чиренишип, тоо арасын-

дагы жылаңач аскалардын арасында кантип жашашат деген-сишип, асманды тиктешет. Шашылышкан эч кимиси жок. Жар-данган элдин баары аларды таңыркайт.

Күндүн мурду чокуларга тийип, улам эңкүүлөй келип, кокту-колотторго тегиз тийген чакта, улуу даражалуулар топтошкон-дорго жакындай басып келишти. Шыпылдаган экиден төрт жигит жанаша коюлган туулгага эки казанды көтөрүп аса коюшту. Анча-мынча шайлоого катыша элек, мындайды көрө электер таңданыша моюндарын сунушуп:

-Казанга бир немени бышырышабы?

-От жакпай туруп, бышырышмак беле?

-Анан эмне казандарды, асып коюшту?

-Таш салышат.

-Ташты бышырышабы?

-Таш кайдан бышмак эле.

-Анан эмне туулгаларга асып коюшту?

-Кое турчу, кайдагыны сурабай. Азыр көрөсүң.

Аңгыча үйөздү жандагандардын арасынан бирөөсү бөлүнө келип, тургандарга түшүндүрө кетти.

-Тууғандар! Улуу даражалуу ак падышабыздын өкүлү шайлоону өтө адилеттик менен өткөрүүнү талап кылууда. Бул жерде, ишти бурмалап, пара алып, бирөөнө орун алып берүү деген жок. Бардыгы силердин көз алдыңарда ачык-айкын өткөрүлөт. Кимиң кайсы болушка добуш бергиң келсе, мына бул казандарга таш саласыңар.

Арытан бирөөсү анын сөзүн оңдоп «сака» деп толуктады.

Сака саласыңар. «Ак сака» Рысмаматка, «кара сака» Маадакимге тиешелүү болот-деди.

Тургандарга сакалар таркатылды. Ар ким келип, өз сакаларын казандарга таштап жатышты. Көп сака Рысмаматка түшүп, утуп кеткен болчу. Көрсө анын туугандары көпчүлүккө алтын тыйын таркатышкан экен. Аны кийин билген Маадаким:

-Атаганат Кежигедеги жети миң эркек коюмду сатып, сөлкөбай кылып койбогон экемин. Акылыма эми түштөн кийин кирип отурам деп, бармагын тиштеген эле.

***

Адинин балалык чагы атасы мекендеген Кызыл-Кыштоодон тартып, Чоң-Бүлөлү менен Кичи-Бүлөлүнүн арча, кайың жыш өскөн капчыгайында, чокуларын кар басып, аскасы асман тире-

ген Алай тоолорунун койнунда өттү. Мотурайган кезинен баштап, айылынын атарабындагы маңдай-тескейдеги бирине-бири бой тирешкен кою арчаны аралай жашынмак ойноп, мамалак минип, кулун-тай үйрөтүп, чоң сууга түшүп, балыктай сүзүп өстү. Жеткинчек курагында атасына көмөктөшүп, жер айдаса кош баш жетелеп, орок оруп, боо байлап, темин бастырып, топон-саманын оодарып, кызыл сапырып чарбанын ишине бышыкты. Аң уулап, мергенчилик кылды. Боз улан кезинде айылдагы жаштар менен селкинчек тээп, ыр кезегине жооп кылып, өнөктөштөрүнөн кем калбады.

Көбүн эсе жаштардын оюндары айылдын бет маңдайындагы Сасык-Бел, Кашка-Суу, Капчыгай-Оозунда өтөт. Арча-Короо менен Жалгыз-Карагайдын атарабы жайык, тектирче келет. Аркы тарабы Таргалак, Аскалыдан, берки тарабы эки Бүлөлүдөн жайлоого чыккан үй-бүлөлөрдүн жаштары чогулуп, жайдын салкын түнүндө, күкүк менен сүтакка үн алышып, алым сабак ыр ырдашат. Тээ төмөндөгү дарыянын шоокуму, леп эте жүздү сылаган жайдын желинен бирде угулуп, бирде угулбай, кээде безелене чакырган күкүктүн үндөрү күнгөй-тескейге жаңырып, ага сүтактын кыйкырыгы кошулуп, анда-санда үкү менен байлуунун бакырыгы түнкү коздукка төп келип, жаштардын жүрөгүн эргитет. Уруттарында жаңы эле түк баш багып, бой-келбеттери сымбатына чыгып бараткан боз уландар, көкүрөктөрү көзгө даана көрүнүп, денесинен оттуу тап чыккан, кайыңдай буралып, бой тартып бараткан кыздардын бурак жытына мас боло, алардын жумшак колдорун кармаганда денелери ток тийгендей дүркүрөп кандары кызыйт. Жаштыгы жанган жылдыздуу жүздөрүн алдыртан тиктеп, бири-бирине сөз ыргытып, тамаша айткан улан-кыздардын көңүлдөрү шат.

Арадагы айрым уяң, мококтору ортолуктан четтей, капыстан ыр кезеги келе калса, жооп кыла албай каламбы, деген ойдо кетенчиктей турганы менен ар бир ортолукка ташталган сөз да, ыр да катуу каткырык менен коштолот. Оюнга тойбой, жаштыкка мас жаш келиндер жер карашканы менен кайнилеринин чымчый сүйлөп, сөз агыткандары, ары-бери өтө калганда башкаларга билинтпей укуй кеткени, жагымдуу сезилип, жүздөрү албырат. Айылдагы эми жетилип, кечки кыз-келиндер менен жаш жигиттердин селкинчек тээп, «Ак чөлмөк» оюндарына барып, катышууга делбеленген Аптап, Күмүш, Сакандар апаларынын

дайындоосу менен жаш жеңелеринин жанынан чыкпай, ары басса ары, бери басса бери болушуп, көлөкөдөй ээрчишет.

Көпчүлүк кыз-келиндердин көңүлү бүгүнкү оюнга жаңы келип кошулган чарчы бойлуу, денесинин булчуңдары кийиминин сыртынан даана билинген, белин кындыйта курчанганы менен көкүрөгү кенен, нур жүздүү, каш-кирпиги боелгондой кара, оттуу көздөрү ойноктогону менен өзүн сабырдуу кармап, ойлуу сүйлөгөн, кымырынып-кысынбай, бардыгына эски тааныштай эркин көрүнгөн жигитте эле. Ал анча-мынчаларга назар таштаганда көзүнөн от жанып, каршысындагы жалтана жер карап, сүрдөп, сүйлөп жаткан сөзүнөн, же ырдап жаткан ырынан жаңыла, жөтөлүмүш болот. Жаңы келгендерге аты белгисиз болгону менен билгендер аны Ади деп атап жатышты. Көпчүлүктөн сүрдөгөндөн улам үнү дирилдеп, кээде жаңыла кетип, анысына уяла, бети-колу ысып чыккан, жүзү сүйкүмдүү жаш келин келип, жумшак, таптуу алаканын көбүнө билинтпей «алтын шакекти» ага салды. Тегерек тарта кол тосуп тургандардын этегине жете барып:

- «Алтын шакек» учуп чык!-деп назик үн катканда, ортодогу жигит ага жетүүгө үлгүрө албай утулуп калды.

Баятан бери тамаша айтып, ыр ырдагандардын кезеги өзүнө келгенин туюп, үнүн жасаганда, баары кулак түрүштү.

-Кызыл гүл кайда –деп жүрсөм,
Кыраңда өсөт турбайбы.
Кыз-уландар чогулуп,
Тамаша айтып ырдайлы.
Жашыл гүл кайда-деп жүрсөм,
Жайлоодо өсөт турбайбы.
Жаштыктын доору бир келет,
Агарган айдай жыргайлы…

Жигиттин коңур үнү жайлоонун жагымдуу түнүндө, айлананы терметкендей туюлуп, жогортон соккон желге баятан бери дилдиреп, бийлеп жаткан кайыңдардын жалбырактары моюн бербей тып басылып, кулак түрүшкөндөй, бой керген көрктүү арчалар теребелге жытын аңкыта чачып, баятан бери жаны калбай безилдеп, үн алышкан сүтак менен күкүктүн тилдери байланып чыкпай калгандай, ал тургай тээ төмөндөгү дарыя да көөшүп, агымын токтоткондой, төбөдөгү ай жакындай келип, ырга кулак түргөндөй, сандаган жылдыздар жымың-жымың эте

кубаныша кубатташкандай, деги эле ааламдын баары мукам обонго бериле, кулак түрө угуп жаткандай сезилди.

-Ах, бар экенсиң го!

-Баракелде!

-Улай кет, улай кет!

-Жарым жан кыла көрбөй, дагы да созо түш!-деген коштоолор менен көпчүлүктүн өтүнүчү көтөрүлдү.

Башкача обон менен ыр уланып, аны ороп тургандардын назары эми чындап ага бурулду.

-Жадырай күлсөк, караша,
Жаштарга жагат тамаша.
Жароокер селки боюнда,
Кош алма турат жанаша.
Антымды сага берейин,
Ардактап аны билейин.
Ал алмаңды мага бер,
Жүрөккө сактап жүрөйүн.
Жаштыгың кымбат бааласа,
Жагымдуу сөздөр тамаша.
Жароокер селки боюнда,
Ак алма турат жанаша.
Көңүлгө бекем түйөйүн,
Кадырлап аны билейин.
Ал алмаңды мага бер,
Тумар кылып жүрөйүн.

Ыр обонго төп келип, тургандын бардыгын суктандырды. Алдыртадан кыздар көздөрүн моймолжута, жигиттин ар бир кыймылын сая кетирбей, имерчиктей, жылуу сезимдерин билдирип алуудан айбыга, ийменип, астейдил жер карашты. Өзүн эркин кармаган жигиттин өткүр көзү, уяң кыздарды сыдыра сынай тиктеп баратты.

Баятан бери каш-кирпиктери төгүлүп, эликтин улагындай элтең караган, көздөрү бажырайган, мурду кырдачынан келип, оозу боегондой кызыл, жука ээриндери жумшак сезилип, улам күлүмсүрөй калганда кашкайган акактай таза тиштери айкын көрүнө калганда, уурттарын жыя, боегондой кып-кызыл жука, ары жумшак сезилген ээриндерине ката, көпчүлүккө аралаша албай, өзүн тартып, балтырына жете түшкөн чачы, шыңга боюна төп келген, эми бышып бараткан өрүктөй, ак жуумалынан

келген кыз, кезек алгандан бери, өзүнүн ырына бериле, андан көзүн ала албай ары бае, ары таңыркоо менен тиктеп турганын байкады.

Бир демге созгон обондун аягына созуп барып, этегине чыгып, экинчи бөлүгүн баштаардагы токтой калган көз ирмемде кыз өзүнө тигилген ары жалындуу, ары курч, учкуну жанган жигиттин көзүнүн өзүнө тигилип турганын байкап, селт эте чочуй кетти. Жүрөккө жеткен саптарды, обондун мукам кайрыгына салган үнгө берилип, ошол ыр менен обондун туткунунда калып, андан чыгып кетүү таптакыр эле эсинен чыгып, жайлоонун жагымдуу, айлуу түнүндөй көөшүп, бардык жагымдуу тунук сезимдер көкүрөгүндө жуурулушуп, өзүн алда кайда канат сермеп, жеп-жеңил учуп бараткан куштай туйган кыз, таптаза тунук көздөрүн пардап, пардап уялып кетти. Аягынан башталган кан дүр эте башына чыгып, денеси кызыктай боло түштү. Кан тепкен бетинин кызарганы өзүнө туюлуп, жан-жака белдеги жанашып тургандар байкап алгандай уяла, жер карады.

Ыр аягы бүтүп, кезек башка бирөөгө берилсе да, кыздын кулагынан жигиттин үнү кетпей, дале өзүн көз айрыбай тиктеп тургандай туюлду. Тушалып калгандай, кыймылдоодон чочуп турду. Аңгыча жигит адаттагыдай катарлаша тургандардын колдоруна колун тийгизип келип, ага жанаша калып, жумшак колун назик сылай өтө бергенде, денесине коломтодогу чокту баса койгондой сезим пайда болуп, «дирт» эте чочуй, дүрдүккөн кан бүткөн боюна батпай этин чымыратты. Кыз мас болгондой, өзүн башкарууга алы келбей, жанындагылар баса-басып, токтосо токтоп мурда бир келбеген, оюна түшпөгөн сезимде болуп турду.

Оюн-тамаша кызып, толгон ай тоолорго батып, түн коюланып бараткан чакта «Ак чөлмөк» оюну башталды. Көпчүлүк «Ак чөлмөк» артына түшүп, бири-бирин кубалаша жарыша кеткенде, баягы ырчы жигит келип, кыздын колун аяр кармап атын сурады.

-Сакан-деди кыз угулар-укмаксан шыбырай.

-Кайсыл жайлоодо турасыңар.

-Көл-Чатыда турабыз.

-Түнкү оюнга үзбөй келип турасыңбы?

Кыз тартынган сезимде уяң баш ийкей, сөз айтуу, суроо берүү оюна келбей, жигиттин ар бир сөзүнө баш ийкей, үнсүз

жооп берип жатты. Ошол түн Ади менен Сакандын табышышына себепкер болду.

Жайлоонун жагымдуу түндөрүндө жаштыктын жалындуу сезимдери алоолоп, ар биринин денесиндеги канды кызытып, канчалык кайрылып, суранса да кайта келгис, ары сырдуу, ары таза учурларын мезгилдин эпкинине салып, алыска алыска, кийин бир учурларда арман кыла турган, сагынта турган аалам-га алып кетип жатты. Улам-улам жаңы ыр, жагымдуу обондор түн терметип чыгыш тарап агара, таң шоокуму шоола чача баштаганда гана жаштар үйлөрүнө тарай башташты.

***

Күн өтө берди. Кечээ эле атасына эркелеп, мойнунан түшпөгөн Апиш үй жанындагы дайыма суу алчу булакка келгенде, булак бетине чагылышкан өзүнүн келбетин каранчу болду. Бирде баскан сайын булактаган көйнөгүн, бирде сай талындай майдаланып өрүлүп, кулунчактын өзөгүндөй шыңга болуп суюла багалегине жеткен кундуздай кара чачын, кирпиктери төгүлгөн карагаттай көзүн, алмадай албырган бетине төп келген каштарын улам карап, ууртунан төгүлчүдөй болуп турган кашкайган акак тиштери, туптунук булак бетинде чагылган күн нуру менен өзүнүн сулуулугун салыштырып талашкансыйт. Шоктоно ыргытылган кыз колундагы майда таш «чулп» эте булак көзүнө түшкөн сайын, бетиндеги майда толкундар тарам-тарам болуп, тик сайылган күн нуру менен биргеликте жүзүн назик сылагандай туюлат. Бото көз булак бетиндеги чачылган өзүнүн тулку менен келбетин салыштырып, бирде анын сулуулугуна суктанса, бирде өзүнүн сулуулугун андан кызгангандай, жумшак ээриндерин чормойтуп «шылдың-даса», булак бетиндеги «сынай тиктеген кыз» өзүн шылдың-дагандай сезилип, кайра кыткылыктап күлөт. Ары туп-тунук, ары тиш какшаткан мөлтүрөгөн муздак булак, ага күзгү болуп, сууга келген сайын аны зарыга күтүп жаткан курбусундай көрүнүп, көкүрөгүндөгү эми бүчүрлөп ачып келе жаткан, жүрөгүн туй-латып, ары сырлуу, ары жагымдуу сезим отун жандырып бараткан жаштыктын жандуу, ары таза, дене бойду дүргүткөн ысык дем дал ушул булактай көлкүп бараткан эле.

Булак анын жан сырдашы. Таң шооласы чачырап, чыгыш тарап агыш тартып шоокумданып келаткандабы, күндүн алтын нурлары ак карлуу чокуларды аяр сылап, акырындап төмөндөп

жылып келаткандабы, жер бетиндеги көлөкөнүн баарын кубалап, төбөгө келип, чакчая тиктеген чак түштөбү, же күн кылкылдап чокуларга кылтая жашынып бараткандабы, күүгүм кирип, жылдыздар жымыңдаша ак жүздөрүн жаркытып, биринен бири оозуна ашыгып, көк асман бетине чагылып бараткандабы, аппак жүзүн балкыта ааламга жарыгын чачып, сулуулугун сууларга жууп, мемиреген жаратылышты көлкүтүп ай чыккан мезгилиндеби, күн менен түндүн кайсыл гана учурунда келбесин бото көз булак аны мөлтүрөгөн тунуктугунан жазбай таптаза, кирсиз дидары менен тосуп алат. Тунуктук менен тазалыкка суктанган кыз, мөлтүр булактын бетинен жумшак сылап, таптуу колун ага сунат. Мөлтүрөгөн муздак тамчылар нымдашкан алаканы менен ээриндерин сыйпап, кыздын бетин салкындыкка бөлөп, жүзүн жууйт. Кыз булакты, булак кызды өпкүлөп, экөөнүн тең кумарлуу табы бири-бирине өтүп, булак кыз болуп, кыз булак болуп жуурулушуп, мөлтүрөгөн тунуктукка айланышат.

Күн өткөн сайын кыз-булактын жаны көркүнө чыккансып, сыны да, сыры да арта берди. Айылдагы боз уландар кызга көз артышса да, сөз айта алышпады. Сөз айтууга даашпады. Ары тетик, шайдоот, тартынбаган мүнөзү, теңине албаган жүрүш-турушу, кагылып-согула элек боз балдардын көбүн сүрдөттү. Кээлери жүдөп, сөз таап, ойлорун билдире албаса, кээси сөз тапканы менен жүрүш-турушунан, оңойлук менен сөзгө келбеген кыялынан коркушуп даай алышпады. Бирок, зарыл иштери болбосо да, көкүрөктөрү кургап чаңкашпаса да, Кожонун отурган журтун айланчыктап, алысташпай, булак боюн акмалаша, жанаша жердеги коюу арчага бой жашырышып, чака көтөргөн кыздын шайдоот басып келишип, зарыга күтүшөт. Акырын обон созуп, шыпылдаган кыз, өңгүл-дөңгүл боло, чаржайыт жаткан таштан ташка секирип, кээде токтой калып, коюланган арча арасынан ашыра биринен-бири уланып, аппак чокулары асман тиреген тоолор тарапты карап, суунун шарына, куштардын үнүнө кулак түрүп, көңүлү ачык бейкапар, булак боюна келет. Челегин ташка жөлөп, булактан өзүн көрүп, чачын сылап, жүзүн жууп, адатынча булакты тиктеп көпкө отурат. Анан барып, челегине суу толтуруп, жай үйүн көздөй басат.

Арча ичинде шыкаалап, анын ар бир кыймылын сая кетирбей караанынан сүрдөгөндөн муундары титиреп, таңдайы

катып, оозу кургаган уяңдар, аяк шилтеп жанына жакын келе алышпай, караандарын жашырып, ызааларына чыдабай, арча бутагын мыжыга кармашып, үшкүрүнө үңкүйүп кала беришет. Дал ошолордун катарында айылда бала кезден «балбан» атыккан, анча-мынча аюу менен алышса «тарс» көтөрүп чаап, көкүрөгүнө минип алчуудай болгон ары москоол, кең далылуу, өзү тартагай, колу-буттары шадылуу Адиш да бар. Ал Адинин жана жан досу. Ади дегенде жанын да аябайт. Ади да аны өзгөчө баалап, дайыма жанынан чыгарбайт. Адиш ушул күнгө чейин айыл арасында боло калган аш-тойлордогу күрөштө башка балбандарды жыкса жыгат, азали далысы жерге тие элек. Эңишке түшкөндө ат үстүндө кадагандай отуруп, канчалаган «менмин» деген балбандарды ат үстүнөн жаш баладай илип алып, талпактай сүйрөп, элге күчү, сабырдуу, көп сүйлөбөгөн токтоолугу менен таанымал болуп жүрөт.

Ал Ади досу менен аяш атасынын үйүнө келгенден тартып, кереӊ кишидей эч нерсе укпайт. Аяш карындашы Апиштин караанын уурдана тиктеп, ары басса артынан ээрчип, бери басса жалтайлай жер тиктеп, отурган жеринен тура калып, күчүн эшик алдында эбактан бери жаткан, төөнүн белиндей болгон арчалардын дүмүрүнөн чыгарат. Анын ар бир шилтеген балтасынан тарам-тарам болуп, бири-бирине чаташкан дүмүрлөр чамындыдай ыргып, отун дөбө-дөбө болуп үйүлөт. Эптеп шылтоо болсо эле, кыздын жанынан чыккысы келбеген балбан, эртели-кеч ээндете, булак боюн акмалайт.

Кызыл-Кыштоонун маңдайындагы Беш-Арчанын кыраңында күйүп жаны өрт болуп, эки көзү төрт болуп, таң агаргандан, күүгүмгө чейин бир орундан жылбайт. Коюу арча арасында отуруп, кыздын ар бир кыймылын сая кетирбей тиктегени тиктеген. Ал кай мезгил болсо да, тиктегенден эч жадабайт. Канчалык аракет кылса да кыз жанаша келгенде тили байланып, оозуна сөз кирбей калат. Кыз узап кеткен соң, өзүн-өзү жемелейт. Убакыт өтө берди. Акыры уяңдыгын мойнуна албаска аргасы калбады. Анысын жан сырдашы Ади досунан жашыра албады. Ага ачык оюн билдирди.

-Ади, экөөбүз сыр жашырышпаган досбуз ээ?-деп, жер карап, бир топко ойлонуп, сөзүн улады.

-Мен сенден сырымды жашыра албайм, досум.

-Мен да сенден сыр жашырбайм. Эмнени айтайын дейсиң?

-Карындашыңды жакшы көрөрүмдү билесиңби?

-Алибетте жакшы көрөсүң. Ии айт! Мамилеңер келишсе, күйөө бала кылып алам.

-Такыр айта албай койдум-деп башын шылкыйта жер карады. Анан оор үшкүрүп:-Айткан кезде да, мен ага тең эместигимди, моюнга албаска, аргам жок, досум.

-Ал эмне дегениң? Сага тең келбегидей эмне, акылсыз деп ойлойсуңбу?

-Жо-ок. Мен өтө эле тартынчаакмын. Ал шайыр. Жанында болсом сүрдөп, айтар сөзүмдү таппай калам.

-Ушунча балбан, эр жүрөк болуп туруп, айтаар сөзүңдү таппай калганың кандай?

-Билбейм, досум. Айткан мезгилде да, карындашыңа тең боло албайм. Бир тууган боюнча эле жүрөйүн дедим.

-Атам менен апама айтайынбы?

-Жок. Анын бактысын байлабайын. Үйлөнбөсөм мейли. Бирок… Бир өпсөм арманым болбос эле?

-Ха-ха-ха! Эй досум! Эмне деп жатасың?

-Чын досум десең, карындашыңдын ак бетинен бир өпкөнгө шарт түзүп бер? Мен сага да, карындашыңа да ыраазы боломун.

-Бир ооз сөзүң. Бул оюңду бүгүн эле аткарам.

-Кантип?

-Карындашым жаткан боз үйдө чоң сандык бар. Сени сандыкка салып коем. Калганын өзүң бил.

-Аяш энемдер кайда болот?

-Алар тиги Эркечтеги үйгө кетишти.

-Макул досум. Өлсөм, өлүгүм ыраазы сага.

-Кокустан кол салып жүрбө, досум?

-Өлөйүн, бир тууган карындашыма кантип кара санайм.

Эки достун бүтүмү бүтүм. Ади досун үйгө ээрчитип кирип, чоң сандыкка жаткырат. Адиш түнү менен уйку көрбөдү. Таң агарып, жерге жарык киргенде балбан, сандыкты абайлап ачып караса, кыз ашкананын төр жагында каш-кирпигин төгүлтүп, жууркanды акырегине чейин жамынып, ак шоокумдай, чыккан айдай болуп, уйкуда жаткан эле. Анда-санда дем алган сайын , таноолору кериле калып, жуп-жумшак ээриндерин кымтып, олоң чачтары мойнун жаап, бир тарабына кыңкая жаткан кыздын жууркан ичиндеги келбети жигиттин делебесин козгоп, моюн

созгон денеси дүркүрөп, ысык кан тээп, булчуңдары чыңала, көкүрөгүн жарып чыкчуудай, дүк-дүк соккон жүрөгү шашылгандай, ээ –жаа бербей, албууттана согуп, мас кишидей башы кеңгиреп, ач бүркүттөй көздөрү тумандап, кулактары чуулдап, эсин жоготуп, жанында бей кам турган аңды, шап моюндан, баса калчу жолборстой камданган балбан, бир заматта досуна берген убадасы эсине түшүп, өзүн тарта акырын бутунун учу менен аяр аттап, жууркан четине, эңкейе бергенде, мурдуна «бур» эте кыздын жыты таноосун өрдөгөндө, көздөрү тунарып, ала-чакмак боло, кулагы тунуп, мас кишидей башы кеңгиреп, какшып калган кургак тамагын улам ирмеп, шилекейин жута, калтыраган денесин башкарууга алы калбай баратты.

Кыз жытынын кандай касиети бар экендигине маани берип да, бербей да, бирок кумарын арттырган күчүн туюп, бүтүндөй тулку боюн жууркан ичинде жаткан кыз койнуна таштоого, бүтүндөй дити бурулуп, тоодон атырылып түшкөн сел эч нерсеге моюн бербей чамына булкунуп-ташыгандай күч, жапайы сезим бийлеп алды. Уйкудагы кыздын чукуранганынан улам, алдастай түшүп, бирок ага моюн суна албай, таттуу даамга шилекейи чубургансып, тамшанып алды да, көзүнө кыздын жүзүнөн башка эч нерсе көрүнбөй, акырын эңкейе, кургаган ээрдин анын жумшак бетине тийгизип, акырын сүйүп токтоп калды. Анын жагымдуу деми, жалындуу денесиндеги жайдын аптабындай болгон жылуулук, өзүнө магниттей жабыштыра тартып алгандай болду. Жагымдуу жыт анын тулку боюн каптап, денесине сыйбаган күч чыңалып, ташып баратты.

-Аа!-деп чочуган кыздын кыйкырыгы, баятан бери ташып эч бир күчкө моюн бербеген селдей болуп, жигиттин өрттөй болуп алоонгон сезимине, суу сепкендей тийип, селт эттире чочутту. Ордунан шарт тура калып, сыртты көздөй тарталаңдап качып жөнөп, алдастаганынан улам боз үйдүн эргилчегин таппай, керегенин ар жерин бир сүзүп, торго түшкөн илбирстей чыгышка тешик издеп, баш-аламан чалынып, араң дегенде босого баштын бир тарабына күч менен ажырата коюп, боз үйдү солк дедире, эшиктин жел боосуна, үйдүн кырчоосуна чалына, эшик алдындагы өзү жыйган отунга чабылып көмкөрөсүнөн тийди. Кулагы дүң болгондой, эч нерсени укпай, көзү да эч нерсени көрбөй, тытылган денесине карабай,кайыл боло, коктуну көздөй жөнөдү. Түнү менен сак короо кайтарып, эми гана таң агарганда

тумшуктарын чурайына катып, уйкуга кирген иттер чочулап, ордуларынан шарт тура кала үрүп, анын аркасынан кубалап жөнөштү. Заматта чуу түшкөн шоокумдан улам, чочулай сыртка чыккандар кокту ылдый чуркаган иттерди көрүшүп, пайлаган ууру-кески болбосо да, ит-куш келдиби деген ойдо аңкайышып, үн сала иттерди айдакташты.

Чочугандан таштай каткан кийимдерди көрүп, дайыма өзүнүн артынан акмалай тиктеп, булак тарапка барганда утурлай баскан аяш акесинин кийимдери экенин тааныган кыз, окуяга бир түшүнүп, бир түшүнбөй аңкайды. Акыры сандыктын ачылуу турганын көрүп, оюнда боолголоп, түшүнгөндөй ууртун жыя мулуя, шыңк күлдү. Ары мокок, уяң балбан аяш акесинин кыймыл-аракетин, тигиле караган көздөрүн эске түшүрүп, ой-дити эмне экенин, өзүнө сөз айта албай жүргөнүн эми гана түшүнүп, беттери алоолоно кызарып, ордунан жыла басып сыртка чыкты.

Айылдагы боз балдардын эртели-кеч акмалаганын сезген кыз булак боюнда көп отурбай калды. Айылдагы шок балдар кыздын булакты көздөй басканын көрүшүп, этектеги суудан аттарын чапкылай өтүшүп, заматта жете келишет. Эптеп кызды сөзгө алмакка:

-Апиш, булактан сузуп берчи, колуңдан суу ичейин.

-Сулуу кыз, сен берген суудан суусунум канаар бекен?

-Ох. Булактын суусу башка да. Ичкен сайын ичкиңди келтирет. Же сен сууга бал кошуп коесуңбу?-дешип тийишкен болушат.

Апиш кээлерине жооп берсе, кээлерине үндөбөй, суудан сузуп берип,челегин сууга толтуруп, артына кайрылат. Кыздын карааны жигиттерге айкын көрүнгөндөн баштап, алар биринен-бири кызганчу болушту. Мурун келгени кийинкиге ат салып, бирме-бир келгени, беркинисинин атын башка чаап, карылаша алышып, кажылдаша айтышкандар күчөп бараткандa аркы өйүздөгү Осмондун уулу Ысак, эки-үч досторун ээрчите келип, сөзгө келбей, ат үстүндө туруп, кыздын булкунган-жулкунган оюна карабай, бир күнү кечки ире-ширеде ала качып жөнөштү. Кожо адаттагыдай эле кемпири экөө үйдөгү балдарды алып, койлорун кыркмакка жайлоого кетишкен эле.

Кыздын кыйкырыгына карабай, бейбаш жигиттердин бириси качкан, кийинкиси кууган болуп, айкырыкты аябай салышып, аш-

баш дегичекти болбой Осмондун эшик алдына жете келишти. Келин алганга кам көрмөк тургай, масилат кылууну ойлой элек. Осмондун кемпири бул ишке аң-таң. Адепсиздик кылган балдарынын жоругуна кандай чара көрмөк. Коло-коңшу, жакын туугандары бири-биринен алысташып, жайлоого чыгып кетишкен. Бүгүнкү кечтин кирип калгандыгынан аларга кабар берүүнү кийинки күнкүгө калтырган байбиче, балдардын жорук-жосунуна кейип-кепчип, кечки сааңды чала-була бүтүрдү. Абышкасы да алыскы жайдагы туугандарынын көзү өтүп, чакыруу менен көз көрсөткөнү баталап кеткен болчу. Эми эмне кылат? Эч кимге кабар айттырбай, бардык ишти эртеңкиге калтырып, дүм түшүп жатып алайын дейт. Элдин, уккан-билгендин наалласынан коркот.

-Ботом, баш-көз болоору болбосо ушул да. Атайлап баш киргизип жатып, бирөө-жарымга кабар бербегени эмнеси?

-Осмон байкуштун пешенеси. Жаман бир түйдөк башты эптеп катын кылып жүрөт да. Айылда имиш. Болбосо, өзү аба-аксакалга акыл салып, заматта Кожонун алдынан өтпөйт беле.

-Ошону айт. «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык»-деп бекер айтылбаган. Катындык кылбаса, Кожонун кимдигин жакшы билет. «Абышкам алыска кетти эле.Балдар айтпай-дебей, айып иш кылып, кызыңы ала качып келиптир. Алдыңан өткөнү өзүм келдим. Каадасынан да, калыңынан да качпайбыз. Келиндериңден кошуп бер. Ага чейин абышкам да келип калат. Бөлөк-бөтөн эмеспиз. Айыбыбыз мойнубузда?»-десе болбойт беле?

-«Катынга ишенген арам өлөт» деген ушул да. Жакынкы «тууган-уругуна,уул-келиндерине жанагы кичине уулу Ысакка кызды качырышып келген досторун жиберип, алдырса болбойт беле?».

-Ооба. Катын аты болбосо, каада-адатты билбеген бир эле жаны бар окшойт?-деген абысын-ажынынын, эртең эле айтчу сөздөрү көзүнө элестеп, кулагына чуулдады.

Шашыла келип, «Караңгы үйдө каман күркүрөйт» болуп отургандарды тескеп, шам жакты. Бүлбүлдөгөн жарыктын панасы менен бокчодогу көшөгөнү алып чыгып, боз үйдүн капшыты тарапка тарттырып, жумшактап көлдөлөң салып, баятан бери балдардын ыгына көнбөй, жакын келгенин апчып, кош келгенин тепкиге алган Апиштин жанына келди.

-Кой айланайын, мындай болчу эмес. Кыз тынар жерине ыйлап келет. Жолдо балдар кыйнап койгон окшойт. Айтканыма көн. Ыйласаң ыйла. Бирок, булкунбай-жулкунбай отур-деп барып, жаңы куйган карындагы майына сөөмөйүн сала бир имерип, үңкүйүп башын жерге салып турган Апиштин оозуна жакындатты:

-Биссимилда. Ак жолтой келин бол. Алганың менен тең арып, тең карыгын. Ач оозуңду. Майлуу болуп жүр-деп оң колунун сөөмөйүндөгү майга сол алаканын тосуп, кызга жакындады.

Апиш оозун ачпады. Сөөмөйүндөгү сарыгып агып бараткан майды шашыла уулунун оозуна салып:

-Алганың ак жолтой болсун. Бактылуу, бала-чакалуу болгула-деп алкап, аяш уулдарына да май оозантып, ар бирине тапшырма бере кетти.

-Айланайындар, айтып-деп, алып келсеңер биз жок демек белек. Аяш атаңар алыска кетти эле. Эртең-бүрсүгүнү келмек. Жайлоочулук. Жакынкы тууган-урук чачылып,ар жайлоодо. Ага-жеңелериңер да өздөрүнчө үй көтөрүп, түтүн булатышып, бул иштен кабарлары жок. Ар бирибиз, ар кимге кабар берели. Эртеңкиге тууган-урукту чакырталы. Ушунча болуп калды, кааданын кабары улук. Уулумдун ата-энеси жок баштантпай, куда-кудагыйымдын алдына өзүм барайын. Сен аяш уулум, досуң Ысактын абасынын алдына барып кабар бер. Сен аяш уулум бир тууган аяш акеңи аялы менен баштап кел. Сен аяш уулум аяш атаңдын кичүү бир тууганына кабар бер. Таң эртеге жете келишсин-деп бирин Суук-Төргө, бирөөсүн Чепке, бирин Ат-Жайлоого жөнөттү. Өзү Ак-Үңкүрдөгү Кожонун үйүнө шашыла жөнөдү.

***

Үйдө калган Ысак Апишти кармалап, уйпалай баштады. Анын ар бир кыймылына итиркейи келген кыз, жанына жакын жолотпой, алышса алыша кетет. Күйөө сөрөйдүн оозунан жакшы сөз чыкпай, дудук баштанып, күчөнө кызды кучактап өзүнө тартат. Кеп-сөзгө келип, оюн билдирүүгө даай албаган, олдоксон жигитти жактырбаган кыз.

-Сен күрөздүккө салба. Сөзүң болсо айт. Эмнеге зордук менен ала качып келдиң? Же мен сага тием дедимби? Же экөөбүз сүйлөштүк беле? Мен сага мал эмесмин. Менин жолуму тоспо, үйүмө кетемин.

-Кетпейсиң. Караңгыда кантип кетесиң? Сен мага катын болосуң. Айтканыма көнгүн. Болбосо зордуктап болсун катын кылам.

-Айта гана берипсиң. Өлсөм да сага катын болбойм. Жолуму тоспо. Болбосо…

-Болбосо, эмне кыла аласың? Колуңдан эмне келет?

-Колумдан келгенин азыр көрөсүң-деп кыз жигит менен алыша кетти.

Экөөнүн үрпөңдөшкөн кармашканынан очоктогу сүт төгүлүп, күл сапырылды. Үлпүлдөгөн шам чырак ыргып, жарык өчтү. Жулмалашып, кармашышып, көшөгөнү айрышты. Керегедеги жел боо түшүп, ага чалынышты. Ыңгайы келе калып кыз жел боону жигиттин мойнуна арта салды. Шакектей кыскан жел боого муунган жигит, бүткөн бою шалдырап жыгылып түштү. Кыз шамдагайлык менен анын буту-колун чырмап, жылгыс кылып керегеге таңып салды. Аргасы кеткен жигит колу-буту талып, айласы куруй жалынды.

-Айланайын, өлүп калбайын буту-колуму бошотуп кой?

-Зордуктай турган сенсиңби?

-Зордуктабай калайын.

-Катын кыла турган сенсиңби?

-Жок.

-Ата-энеңе айтып, мага уруксат бересиңерби?

-Берели?

-Артымдан адам салып, барып жүрбө?

-Барбай калайын.

-Эгер убададан тайсаң, башыңа жоолук салайынбы?

-Шерменде кыла көрбө?

-Артымдан баса турган болбо.

-Маакул.

Аңгыча жайдын кыска таңы атып, алыска кабарга кеткендердин алды келе башташты. Алар үйгө баш багышып, төрдөн босогого жете төгүлгөн сүт, күлдү сапырып, үйдүн ичи чаң-тополоң. Көшөгөнүн ар жери тытылып, шамдын майы таамп, очойто күйгүзгөн. Жел боо менен керегеге бекем таңылган Ысак башын жерден көтөрө албай, мурду-башы канжалап, ыйламсырап турат.

-Атаңын көрү! Болбогон нерсени болтурам-деп бала балалыгын кылган экен. Кызды тазасында үйүнө жеткирип

койгула! Жаман аттууга калып, тууган адамдар кектешип калбайлы. Жабылуу аяк, жабылуу бойдон калсын-деди Ысактын абасы, камчысы менен жер сабап, тескери басты.

-Мени тирүүлөй өлтүргөн турбайсыңарбы? Эл караган бетим, эми жер карайбы. Эл эмне дейт? Абысын-ажыныма эмне деп жооп берем? Бала болбой, балээ болгур. Кайсыл абалыңда катын алам дедиң экен. Бир түйдөк баштын көңүлүн ала албай, бир жаман немени көндүрө албай, кайдан да, жер басып жүрөт, желмогуз. Экинчи дагы катын алам дээрсиң. Бул кейпиңде, кемпир да тийбес-деп Ысактын апасы улуп-уңшуп жатканын, кийин ээрчише келип көргөн чоң уулу менен кичүү кайниси абалды айттырбай туюшту.

-Какшабай кал, какшаал! Жаныңа жакын коңшу кондурбай, абысын-ажыныңды кажып, уул-келиниңи жадатып, жалгыз коносуң. Чала сага. Эл арасында жүрсөң, келиң-кетимиң болсо, бирөө болбосо, бирөөсү «Ай-уй» дээр эле. Кыздын ата-энеси астананы аттай элегинде, өзүң ат коштоп барып, кызды үйүнө жеткирип кел-деп жекирди.

Кемпирдин оозунан кеби түшүп, үйүн жыйыштырууга буямасы келбей, боз үйдүн капшытын капшыра, оор үшкүрүнө отуруп калды.

***

Кожо мергенчилик кылганда, же чилде чыгып, күнгөй беттер карара баштаган чакта малын алып жайлоодогу турагына келе берүүчү. Анын Ак-Үңкүрдөн башка Эркечтеги аска алдында атайлап, арчалар менен кынаптап курган үйү, малы сыя турган короосу бар. Мезгилдин жаан -чачынына, кыштын каталдыгына, күндүн ысык-суугуна карай, малын айдап келчү. Кеч күз,оор кар түшкүчө бир үңкүрүндө болсо, эрте жаз, кар алателек кетээринде, шартка карай сырттап кетчүү. Азали, анын малы колго карабай, канчалык кар оор түшсө дагы, ала-шалбыт, жутчулукта да, кабыргалары калың, тыштуу келип, сойгон малдары согумдай болуп, этинен түшчү эмес.

-Кожо ууру болгону менен назары ток. Жылдын кайсыл мезгили болсо да, сойгон малдарынын кабыргалары, төрт мезгилде алган майларынын жиги билинип турат.

-Ал чарбадар. Азали малын ач калтырбайт.

-Туура. Анын короосуна карышкыр да келбейт, өлөт да тийбейт.

-Ага ажалы жеткен карышкыр гана келбесе, калган жырткычтын баары тааныйт.

-Аюнун тилин билип, кадимкидей сүйлөшөт дейт.

-Койсонорчу. Сүйлөгөн аюну көрмөк тургай, уга элекпиз.

-Ымдашат экен.

-Жалгандын да эби-чени болот. Сенин оюна койсо «Бопо кемпири өөндө жүргөндө, эне аюу үйүн шыпырып берет» деп да айтарсың.

-Сен эмнени айтып отурасың. Эне аюуга үйлөнүп алганын уккан эмессиңби?

Айылдаштар ары азил, ары чынын айтышып кыраан-каткы болушар эле.

Кожо мезгилдин алмашуусуна карай коңушу коктуда жашаган аюуну табырка кылат. Эрте көрүнсө жаздын эрте келгенин билет. Күздүн күнү чээнге киришине карай кыштын эрте-кеч келерин болжойт. Коңшу аюу чеки басып, Кожонун короосуна тийбейт. Мерген да ага барып атмак тургай, чоочун бирөөлөрдү ал тарапка бастырбайт.

Аюунун туягы жок айбан дешке болбойт. Манжасы жок,адам насилине кирбейт. Бөкүргөнү менен сүйлөй албайт. Ымдаганды билет. Төрт аягы менен чуркап, эки аягы менен басат. Бир мезгилде ал да адам болгон экен. Карды тойгонуна топук кылбай, Кудайдын каргышына калып, арабөк жанга айланыптыр. Этин жешке болбойт. Ыйык жаныбар-деген элдик уламыштан улам, аюуга эч ким катылбайт. Ал дагы тоо-токойго бой жашырып, адамдар сейрек барчу жерде жашап, тиричилигин өткөрөт. Алты ай чээнде уктап, калган алты айда мамалагын асырап, кышка карата оокатын камдайт. Кыш ортосу болгон мезгилди тоолуктар «каңтар ай» дешет. Күздө уктаган аюу чилде теңдеп келгенде ойгонуп, бир жамбашына оодарылат дейт. Ошол мезгил «каңтар» аталат. Жердин тоңу кетип, кар ээрий баштаган мезгилде аюу ойгонуп чээнден чыгат. Күн таптуу болуп, жердин бетине көк чыга баштаганда- «Аюу ойгонду, жаз келгени ушул» дешет. Ал эми күн бурганактап суугуна айлана берсе –«Аюу чала уйку болгон экен. Али жаз келе элек тура» дешип, мезгилди да аюунун чээнден чыккан, чыкпаганына жоорушат.

Кожо тиричиликтин айынан жакынга басат, алыска кетет. Көпкө чейин үйүндө турбай, сыртта болуп жүрдү. Анын карааны

көрүнбөй калганданбы, же напсиси бузулуп, даяр тамакка азгырылганбы Балтыркан-Колотту байырлаган аюу келип, короодогу койлорду үркүтүп, бир козуну колтуктап кетти. Күн аттатып дагы келип, жаш балдарды, катын-калачты тоготпой, аласасы барсынып, дагы бир козуну алып жөнөп, кынык тапты. Чайылдап үргөн короочуну тоготуп да койбойт. Үйдөгүлөр андан сестенип, эч бир каршылык кыла алышпайт. Кожо үйүнө келсе аюунун кылыгын айтып даттанышты. Эртеси эрте менен мерген эки инисин ээрчитип алып, Балтыркан-Колотту өрдөп жөнөйт. Күндүн мурду тоо баштарына тийген чакта аюу байырлаган жайга барышты. Аюу чоң арчанын түбүндө уктап, алигиче ойгоно элек эле. Кожо мылтыгына дары салып, кур дүрмөт менен аюунун баш тарабына өтүп , машаны басты. «Баң» эткен үн капчыгайды жаңыртып, аюу селт эте чочуп ордунан тура калды. Уйкусуроо ортосунда айкырып, жакын турган мергенге шап жетип, сунуп турган мылтыгын колунан сууруп алып, ыргытып жиберди. Алдастаган Кожо аюудан көзүн албай туруп, артындагы инилерине:

-Мага чокморду бергиле?

Шериктеринен дарек жок. Аюу жакын келип кол салаарында мерген таянып барган оор кайың таякты көтөрүп башка чапмак болду. Аюу жазганып да койбой, шап тиштеп оор таякты колунан сууруп алып, аны да ыргытты. Эки балбан бирин-бири карап тирешип калышты. Шашкалактаган Кожо алапайын таппай шарт, кош арчаны айлана чуркады. Аюу бучкактай кубалап, алдыңкы колу илешип,ансайын атырылды. Айласы кеткен мерген, кош арчанын ортосуна бой уруп, маңдай тарабына өтө калып, аюунун аркасынан чуркаганча:

-Келе мылтыкты?-деп шериктерине кыйкырды.

Аюу тура калганда, жан боорду көздөй качып жөнөгөн эки шериги өпкөлөрүн баса, таңыркай калышканданбы, эстерин жыйып мергенден алыстай түшкөн аюуну көздөй ок чыгарышты. «Тарс» эткен мылтыктын үнүнө заарканган аюу, Кожону таштай коюп, жан боорду көздөй качырып жөнөдү. Шамдагай эки мерген, жанындагы жалама ташка жабыша чыга качышты. Үксөңдөгөн аюу таш түбүнө заматта жетип, сыйгалак ташты сыйпалап калды. Аңгыча Кожо да, кош арча менен бой тирешкен таш үстүнө тырмыша чыгып барып,

-Мылтыкты октоп аткыла!-дейт

Кожонун артынан кубалап, ташка тырмышып жаткан аюунун аркасынан шериктери өпкөгө мээлеп атышты. Жаны ачышкан аюу чамынып, эми алар тарапка чуркады. Энтиккени басылган мерген, казандай ташты төбөсүнө көтөрө берип, ташка чыгууга далалаттанып жаткан аюуну мээлеп урду. Салмак менен урулган оор таш башына тийген аюу, кетенчиктей сендиректеп барып отуруп калды. Мерген үлгүрүп экинчи ташты колуна алып көтөрө бергенде, башын чулгуган аюу «Аа-а» деген боюнча, оозу-мурдунан кан кетип, чалкасынан жатып калды.

Кожо эки шериги менен таштан түшүп, жаткан аюунун жанына келишти. Ал араң жан кыңкыстап, оор онтоп, туруууга дарманы келбеди. Шериктери терисин сыйрып башын караса, оор таш тийген баш сөөгү талкалынып мээсине аралашкан кан толуп кеткен экен.

***

Жөн адам ууру болбойт демекчи. Кожодо өнөр көп. Төрт түлүктүн сырын жакшы билип, малын да айдап-тоскондо, өздөрү келгенге үйрөткөн. Койлорун дайыма Эркеч баштап, эрте менен жайытка ээрчитип кетет. Жайкысын күн көтөрүлүп, ысый баштаганда тескейге ооп, шапаталуу кырга, же күн тийбеген суу боюна баштап келет. Түштөн кийин ала-көлөкө түшө баштаганда жайылып, күүгүм кире түнөгүн карай кайры-лат. Жылкылары да үйүр-үйүргө бөлүп койсо чачылып кетпей, бири-бирине кошулбай, күн ысыкта эгиздеп, салкын тартканда өөндөп келет.

Малынан көңүлү тынч Кожо, эрте жазда жер тилип, арпа-буудай эксе, күзгө жетпей эгини бышып, орумун баштайт. Боолорду тар жол, бийик кыяларда өгүздөргө артып келип, канектеп, топтоп, жер тегиздеп, кырман бастырат. Топон-самա-нын иргеп, кызылын сапырып, эрте тоң түшө турган тескей-лердеги оролорго куят. Оролордогу данга суу өтпөйт, чычкан кирбейт. Жыйын-тегинди бир жаңсыл бүтүргөн соң, тегирменин кышка даярдап, ноо, параларын оңдоп, таштарын чегет. Кайберендер семиргенде, уусун баштайт. Аюу, карышкыр, суусар, түлкү, илбирстерди бирден тандап атып, терилерин керип, кургатып, үңкүрдөгү үйлөрүндөгү бакандарга илет. Кар-дары келсе үйдөн сатат. Каалаганда Кашкар-Ошко алып барат. Аны тааныган, алака-белеке кылган достору көп. Кучак жая

тосуп алышып, каалаган буюмун таап, ок-дарыны мол камдап, үйүнө узатышат.

***

Тоолуктар бала кезден эле аң уулоого, ит агытып, куш салууга кызыктар. Анын жөнү бар. Бешиктен бели чыгып, аягы менен баскандан тартып, уул баланы айрыкча атасы атка өңөрүп жүрөт. Эртели-кеч мал тособу, же жакынкы коло-коңшу, тууган-урукка кирип чыгабы жетелеп алат. Ага да кошумча тоолуктар атайлап казан аскандан да, эрте мененки жылытмасын коңшусуз, жалгыз ичишпейт. Эрте менен малды жайытка чыгаргандан баштап, жаз, жайында жабыла келишип, кымыздуу үйдө болушса, күз, кыш ичи курут эздиришип, же бозо ичишип, тапкандары чогуу, ортодо болот. Кокустан конок келип союш союлса, бириси от жагып, экинчиси шорбо сапырып, үчүнчүсү устукан узатат. Ал эми кыз-келиндер ичеги жууп, өпкө куюп, жөргөм өрүп бардык иш эриш-аркак «Жабыла көтөргөн жүк жеңил» демекчи, мындайда үй ээси түйшүк тартпай, кызматтын баары жалпынын мойнунда.

Үйгө келген мейманды, өзүнчө калтыруу осолдук иш. Үй ээси болбосо да, коңшу кошо отуруп ал-жай суроо, кепке тартып, аңгемелешип отуруу баалагандыкка барабар. Алгачкы эле ден-соолук суралып, анан эле мал эске түшөт. Айдын жаанчылдыгы, жылдын катаалдыгы, малдын эттүүлүгү, тоюттун азы-көбү туурасында сөз айтылып, ит-куштан сактыгына көңүл бөлүнөт. Анан келип күлүк ат, алгыр куш, айылдык өнөрпоздорго сөз кезеги келет. Кеп келеби узарып, ар түрдүү жаңылыктар айтылат. Бул мейманды мүнөзүнө, кармаган өнөрүнө карай айтылуучу сөздөр «Киши болоор кишинин, киши менен иши бар. Киши болбос кишинин, киши менен не иши бар»-демекчи, кишинин бир жакка мейманга барганда, же келген мейманды күтүп алууда сөзмөрлүгү да, сөздү таап сүйлөгөнү, мейманды көңүлүн алып, алаксыта, зериктирбей отурганы керек.

Дал ушулар аңдаганга тарбия, баамдагандарга жөн эле жарыя. Кулагына илгени илет. Илбегени баягы эле бойдон жүрө берет. Жаман-жакшы айтылат. Калп айыбы чукулат. Ууру-кески уяткарылат. Көп арасында айтылган сөздүн, күбөсү көп. Сүйлөөк, тантыктар сынга алынат. Сөз таап, оюн айта албагандар шылдыңга калат. Көпчүлүк кимдин-кимдигине заматта эле баа берет.

-Сүйлөөр сөзүңдү таап сүйлө.

-Кептин кунун учурбай айт.

-Билип-билбей айтпа.

-Кеп кадырынын баасын туй.

-Көп сүйлөбө, төп сүйлө-дешип жапырт ортого алышат.

Бүгүн да айылдыктар чогула калгандан баштап мергенчилер сөз баштап кетишти. Бириси теке атканын айтса, экинчиси аркар, кулжага барганын, атып алып көтөрө албай, терисине ороп, корумдап келгенин мактанды.

-Кайберендин эти өз кардына эле толот экен-деди бирөөсү кеп баштап.

-Калпты ойлонуп айт. Баарыбыз эле мал союп жүрөбүз. Өз кардына батканын деги эле көрө элекпиз-деди экинчи сөзүн жула.

Экөөнүн талашы көпкө барат беле, ортодогу сакал-мурутун ак аралаган бирөө сөз баштап калды.

-Бу балдар, бүгүнкү күндө деги эле мергениң көбөйүп кетти. Илгери бир-экөөндө гана түтөтмө кара мылтык болоор эле. Аны да алыстан тартуусун белендеп, araң сурап келип, айткан күнүн өткөрбөй алып барып беришчү. Ата-бабабыз капкан коюп, тузак тартып кармап тиричилик кылчу. Азыр төш таянганың эле, жаш-карыңа карабай мылтык көтөрөсүңөр. Этияттагыла, кайберендин да, каргышы, ээси бар. Көп ысыраптабагыла убал. Кээ кылбагыла. Тообуздун көркү. Бооз мезгилинде, төлдөгөндө тийбегиле. Силерден жалкып келбей коет. Атсаңар да акыл-эс менен эсептеп, иш кылгыла. Мен силерге айылдагы болгон окуяны айтып берейин.

Илгери Кудайменди деген абаларыбыз өткөн. Өзү көзгө атаар, аты алыска кеткен мерген экен. Жайлоо барган конушуна кийик-теке короосуна чейин келип, жайылып, жандыктары менен туз талашчу дешет, аны көргөн аба-аксакал:

-Шадынын уулу Кудаймендинин бир жөлөмөсү бар. Качан барсаң казанында кайберендин эти кайнап, бышып турат.

-Деги эле, мылтыктын үнүн укпайбыз, кайберендерди шыйрактап тутабы дейм?

-Күз, кыш эмес, ала-шалбыт сары үзүктө барсак да, өзүнүн майына кайнаган семиз эт үзүлбөйт.

-Башка кокту-колоттон үрккөн, кагуудан жалккан кийик-текелердин бары Кудайменде конгон жайга келет-дешип тууган-

дары-биздин эле ата-агаларыбыз кеп кылып калаар эле-деп аңгеме айтып отурган кары маңдайдагы тик беттерге көңүл бөлүп, көз чаптырып калды.

-Анын кандай касиети бар экен?-деп баягы биринчи сөз баштаган суроо салды.

-Шашпа. Өзүңдү сабырдуу кармап отур. Аксакал сурабасаң да айтып берет-деп, экинчиси аны тыйды.

-Ал кезде Бүлөлүнүн ичи чытырман токой. Бүгүнкү биз отурган жайларда ар түрдүү аңдар, жырткыч жаныбарлар жык толуп, жалгыз-жарым адамдар даап кире алышчу эмес. Кудаймендеге окшогон ары эр жүрөк, шамдагай, чапсаң мергендер гана элди багышчу.

Кудайменде айылдагы ары эстүү, ары балбан жигиттерди топтоп жылдын кеч күзүндө, аң улоого тоого баштап барып, кийиктер толук семирип, куутка түшө элегинде атып, эттерин өздөрүнүн карынына салып, кокту, колоттордо агып жаткан мөңгү суулардын жээктериндеги азали муз кетпеген шагыл-дардын астына көмүшүп, казык кагып, таш үйүп белги салып кете беришчү. Элдин санына ылайык, жыл ичинде жетээрлик кийик-текелерди атышкан. Алар кеч күздөгү суукта тоңуп, андан соң кар астында калып, жазда кар көчкү түшүп, жайдын этегине чейин тоңгон эт бузулбаган. Кайсыл жердин көчкүсү, кайсыл мезгилде ээрип, кокту, колоттордун агылары ага беш колундай белгилүү эле. Калган мезгилдерде кийиктерге эч кимди тийгизбей, корукка алчу. Айылдагылар да аны кубатташып, айткан сөзүн эки кылышкан эмес.

Менин билишиме караганда тээ-тигил маңдайдагы кою арчанын этегиндеги тектирди жайлап, күздө башка тарапка журт которчу.

Отургандар жабыла маңдайды тиктешти.

-Абаке, менин атам «Кудайменде деген абабыз дыйкан-чылык кылат эле»-деп айтып калчу. Анын жөнүн билесизби?-деди кара тору ортодогу жигит.

-Атаң туура айткан. Сарка уулу айылындагы арыктын тому башта «Кудайменде арыгы» деп аталчу. Себеби ал киши Сарка уулу айылына кыялай арык чаап, бийик жар аркылуу суу чыгарып алып келет. Жардын беттерине арчадан казык кагып, ага төмөндөгү дарыянын боюнда чымдардан ташып барып, оңор эмес жерге жалаң чым төшөгөн. Дайыма жар бетинен суу

агып өткөнүн көргөндөр таңыркашып, атайын келип карап кетишчү. Эл Кудайменденин сөзүн жерге калтырчу эмес.

-Будалыктын суусун алып кетти-дешип, будалыктык тууган-дар аны айыпка жыккан дешкен кандай?-деп жаштардан бирөөсү сурай кетти.

-Аның да туура. Будалыктын суусун Көк-Таш жайлоосу аркылуу арык казып, суу жүргүзөт. Бел, Кичи-Шалба, Чоң-Шалба, Кара-Конуш, Моло-Белдеги жайпаңдарды бузуп, эгин эгет. Будалыктын бир алыш суусун жетелеп келип, эгинди кандыра сугарып, оңор эмес түшүм алат. Жаңы жердин токумдай эле аралыгынан баштарын араң көтөргөн эгиндин боолору байланат. Канектер жакын-жакын тигилген боз үйлөрдөй болуп, кырманга батпай кетет. Бүлөлүлүктөр оруп да, боолоп да, канектеп да, жанчып да суй жыгылышат. Кап-кап эгин алышып, кызылды салганга ийдиш табышпай, үйлөрдөгү кийиздерин кап кылып тигишет.

-Биздин суубузду жетелеп, Бүлөлүгө алып кетти-дешип, будалыктыктар Ошко барып, Курманжанга жана ал башкарган казыга арызданышат.

-Сууну эмне менен жетелеп кетти? Аны алып кетишине кандай белгини көрсөтөсүңөр?-дейт Курманжан дайындаган казы.

-Кудайменденин өзүн чакыртсаңыз айтып берет - дешет будалыктыктар.

Кудайменде казынын алдына чакыртылат.

-Кудайдын берген суусун, мени жетелеп кетти-деп арыздан-ган будалыктык туугандардын белгиси бардыгына көңүл бөлүңүз?-дейт Кудайменде казыга. -Белги болсо мен талаш-пайм.

Будалыктыктар эч кандай белгини айта алышпайт.

-Бизге өкүлүңүздү кошуп бериңиз. Мен белгими көрсөтөйүн-дейт.

Казынын өкүлү баш болуп, арызданган будалыктыктар алыштын башына келишет. Кудайменде арыкты чаап жатканда алыштын башына, өткөн суунун таманына арчанын күйүндүсүн көмгөнүн көрсөтөт. Көрсө, арчанын күйүндүсү суу ичинде канча жыл жатса да, чирибестигин бабаларынан угуп, билген экен.

-Кудайберген сууну ким биринчи пайдаланса ал ошонуку. Кудайменденин белгиси далил болду-деп өкүл Көк-Таштын суусун талаштырбай чечип берет.

Кудайменде элдин камын көрүп, ач калтырбай жайы-кышы эт, эгин менен камсыз кылганын баалаган бүлөлүлүктөр аны өздөрүнө бий шайлап алышат. Ары акылман, көрөгөч адамдын кадыр-баркын эл баалайт эмеспи, алты топтогу тооке уруусундагылар:

-Бир эле Бүлөлүгө эмес, жалпыбызга бий болсун деп чечишет.

Ары калыс, боорукер, идириктүү бий эр ортонунан өтсө да, аялынын согончогу канабай, балалуу болбойт. Аны байкаган аксакалдар:

-Бий, күн өткөнгө каниет кылып жүрө бербе. Карыганда, колуңдан иш келбей калган учурда, жакын туугандарыңдан эле «куу баш» деген сөз чыгат. Эми кемпириң төрөбөйт. Тапкан-ташыганың кимге калат? Ордуңу басар уулду бол дешип, Папандын этегиндеги кодогочун уруусунун бийинин он алты жаштагы кызына куда түшүшөт. Калыңды ченебей беришип, кызды барып, көчүрүп келишет.

Кудайменде элүү алты жашка келгенде төшөк жаңыртып андан алты уул, үч кыз көрөт. Көңүлү тынып, өз ыктыяры менен бийликти элге өткөрүп берип, карылыктын доорун сүрөт.

Бир күнү Жошолу айылындагы тооке тобунун жакшылары атайын чабаган чаптырып, Жошолуга чакырышат. Кудайменде айылындагы беш-алты аксакалдарды, идириктүү жаштарды кошуп алып, Жошолуга жөнөйт. Жашы 75ке жетип калса да, жыйырма бештеги жигиттей болуп, баскан-турганы чың, жүзүндө карылыктын белгиси билинбеген бийин жошолулуктар кастарлап тосуп алышат. Биринчи күнү сый көрсөтүлүп, экинчи күнү кенен жайылган дасторкон четинде, туугандары сөз башташат.

-Мындан мурун элибизге ары башчы-бийибиз элеңиз. Эми аксакал аталып сыйыбыз болдуңуз. Сизди атайлап чакырып, маслатташканча сөзүбүз бар. Жакындан бери айылыбыздагы калың камыш арасына бир жолборс кирип, турук алды. Түнү тургай күнү да жалгыз жарым адам, бала-чака ары-бери өтө алышпайт. Жолборс жолукканды адам дебей, мал дебей шарт

алып, жарып, аргабызды кетирди. Буга кандай чара көрөбүз? - дешти.

-Туугандар, акылын айтат. Же бир чарасын көрөт деп, атайлап чакырыпсыңар. Жаш кезимде мындай жолборстордун далайынын башын айра чаап, терисин тескери сыйрыган элем. Дале, силер үчүн бир аракет кылып көрөйүн. Үйгө барып, эки-үч күндө келемин. Мага кулунунан бери байлабас бир байталды бир жаңы тууган эчкини даярдап тургула - деп үйүнө кайтат.

-Бул чал эмнелерди эле айтып жатат?

-Түшүнбөй да калдык. Мылтыгын алып келгени кетти окшойт.

-Карып калыптыр, кароолго көзү жетпес бекен?

-Чала атып калса, жолборс өзүн чалаарын ойлоду бекен?

-Эмне болсо да айтканын даярдайлы-дешет туугандары.

Кудайменде болжогон күнү келип, жаңы тууган эчкинин улагын бөлдүрүп калып, өзүн камыштын бир четине бошонгус кылып аркандатат. Байталды өзү жетелеп келип, эчки көрүнө турган жайдан орун алат. Улагын издеген эчки безилдеп маарайт. Анын үнүн уккан жолборс күркүрөп келип аны басып калат.

Түтөтмө мылтыгын даярдап отурган Кудайменде жолборстун такыр колтугун мээлеп, как жүрөккө атат. Жолборс «ар» эте ок тийген жерине тумшугун тийгизе калганда, чапсаң мерген азоо байталдын жалына шап жабыша, алга теминет. Аны көргөн жолборс ордунан ыргып туруп, аргамжыдай жерди бир аттап, байталдын аркасынан кубалайт. Камыш өтө калың, кең аянтта болгондуктан, азоо байтал өлөөр-тирилерине карабай үркүп, калың камышты аралай чуркап, акыры четке чыгат. Чамынган жолборс камышка аралашып, буйдалып, аркасынан жетпей акыры четине келгенде, кансырап, көмкөрөсүнөн жыгылат. Комдонгон тирүү жолборстой түрүнөн эл айбыгып, эки күнгө чейин жанына келе алышпайт.

Кудайменде өзү келип, жолборсту ордунан сүйрөп барып, терисин сыйрып, жошолулук туугандарына тартуу кылат. Алар мергендин алдына ат тартып, үстүнө тон жаап, ардактап узатышат-деп аңгемесин аяктады.

-Абаке Сарка уулу айылынын ортосундагы чоң кызыл ташты, эл эмнеге «Кудайменденин чеги» деп аташат? - деп балдардын бирөөсү суроо узата салды.

-Чын эле. Аны, «Чек таш» деп атап жүрүшпөйбү-деди аны коштогон дагы бирөөсү.

-Ошол бодур кызыл таштын туурасы да, бийиктиги да бирдей. Эки кадамдан ашыгыраак көрүнөт. Эмнеге Чек таш деп аталды экен? Анан да «Эламандын ташы» деп да коюшат? Аны билсеңиз айтып берсеңиз? - деди ортодон бирөө.

-Сарка уулу айылындагыларга жер бөлүштүргөндө чек болгон. Ал жерде чоң улак болчу. Бир жолу Кудайменденин чоң уулу Элеман атасы таптаган күлүккө улак ашырып чаап жөнөйт. Улакчылар эки тараптан тосмолоп, улакты жулуп алышарында, атына ишенген Элеман камчы басып, түз эле Чек ташты көздөй багыт алат. Табына келген күлүк, жалтанбай таш үстүнөн секирип өтөт. Аттын аягы жерге тиери менен бодур таш тилген курсагынан ичегилери жерге чубалат. Он бештеги Элеман атынан түшпөй туруп, чөнтөгүнөн бычагын алып шашыла бата кылып, аттын желкесине бычак урат. Мойнунан кан аккан ат сендиректеп барып жыгылат.

-Балаң түшкүр, ай! Ат үстүнөн түшпөй, туура эмес иш кылды. Азабын тартаар бекен - дейт Кудайменде.

Айткандай эле Элеман кийин малга жетинбей, кедей өткөн экен-деп сөзүн бүткөрдү.

***

Эрте менен үйдөн чыккан Кожо адатынча жөө жүрүшүнө салып, бөрү жортуш менен келе жаткан. Аңдаган адамга анын басканы жүгүрүп бараткандай туюлат. Жайы-кышы терлебесе да баш кийимин бел курчоосуна кыстарып алып, кайда болсун жалаңбаш кете берет. Баш кийимди кар, же жамгыр жааганда кийбесе, көп учурда анда-санда ак аралаган чачтарынан булоо чыгарып, соксоюп жүргөнү-жүргөн. Кара кушундагы коюу чачы моюнуна барып, кадимкидей жалга айланып, жакжая ачылган көйнөгүнөн көрүнгөн көкүрөгүндөгү калың түгү сакал-мурутуна туташып, алыстан тиктеген адамга сүрдүү көрүнөт.

Тумандуу бүркөк күндө кар бурганактап жаап, ашуудагы шамал аны буйгу-туйгу кыла, бирде беттен, бирде туурадан согуп, бура бастырбайт. Кумдун майдасындай болгон кар музга айланып, анын бети-колуна тийгенде, чиркей чаккандай тызылдатат. Чачтарынын үстүнө, түктүү бетине бубак туруп, оозунан чыккан буу, түтүн баштанып муздак абага тарап кетет. Кардын суугун, ашуунун ызылдаган шамалын тоготуп да койбой, сапар

улап келе жаткан Кожонун улам ойноктогон көздөрү да жөн турбай кыймылына шайкеш эле. Чептеги жаман кыяга барчу жолдогу тумшуктан бурула бергенде, көзүнө Балбан-Таш дал келе калды. Таштын аркы далдоосунда жүк артылган кош аттын карааны көрүнгөндөй болду.

-Бул жерде жөн адам турбас эле деген ойдо, кадамын катуулатты. -Ээси даарат ушатам-деп ары басып кеттиби? Же ээси артта калып, өз алдынча келе берген улоолор Жаман Кыяда Балбан-Таштан өтө албай туруп калдыбы-деп ар кыл ойду ойлогон Кожо кыя ортосунда турган чоң ташка жете келди. Ал ойлогондой эки жүктүү ат ээси жок, таштын түбүндө токтоп турат. Үстүндөгү жүктөрүнө, жал-куйруктарына оңор эмес кар туруп калганына караганда көптөн бери тургандай. Ашуунун албуут шамалы уйгу-туйгу согуп, аттардын жал-куйруктарын уйпалап, жүдөтүптүр. Бир оорунда туруп үшүгөн аттар, шамалга буюгушуп калч-калч эте титирешет. Жакындап келип калган караанды көрүшүп, үмүт эткендей көздөрүн ачышып, окуранышты.

Асты-үстү зымылдаган зоо. Адам тургай как эткен карга, кук эткен кузгун турбас бул жайга ээсиз аттар, жүгү менен кайдан келип калды?-деген ойдогу Кожо таштан өтпөй туруп, далдоодогу кош атты аярлай тиктеди. Улам жааган карды ширенди учуруп кеткендиктен, кыянын бети жалаң эле. Жаман Кыядан коркконбу, же чарчашканбы аттар келип токтогондон баштап орундарынан жылып да коюшпаптыр. Адамдын карааны тургай изи да көрүнбөйт. Ат үстүндөгү жүктөр оңор эмес, бир кыйла оорбу, белдерине тартылган кыл аркандар чыңалып, ал тургай аттардын белдерин кысып, бир элидей өтүп калыптыр. Аттар тар кыядан өтө албай, же кайта да албай, көздөрүн сүзүп араң турушат. Ичтери кабылып, ач экендиктери айкын байкалат.

Кожо ээси жок аттар жакка өтмөккө, аяк шилтеп, кучагын жая, чоң ташка жөлөнө баратып, алды тараптан «кың-кың» эткен үндү угуп, чочуп кетти. Кылт этип баратып, кайра боюн араң жыйып токтотуп калды. Алга шилтеген кадамын артка тарта, мойнун созо эңкейди. Тик, жалама зоонун түбү көрүнбөйт. Тумандуу бурганак аркы-терки кар үйлөп, шамал сапырат. Эңкейген мойнун артка тартып, оңдонуп баратып, анын курч көздөрү жолдун таманынын кырындагы манжаларды көрө калды. Ал заматта окуяны түшүнө калып, жүрөгү «шуу» эте

коркуп кетти. Өзүн-өзү колго алып, үстүндөгү этегин белине кыстарган чолок чепкенин шапа-шупа чечип ыргытты да, жеңилдене, балбан ташка сүйөнө тизелей отурду. Суукта көгөргөн эки кол жолдун таманындагы таштын кырына асылып, карышып калгандай. Асылган жеңдин ичине кар кирип, андан төмөн кар турган баш кийим көрүндү. Бул жерде суроо бермек тургай үн чыгарууга болбойт. Кокустан асылып турган адам чочуп кетсе, карышкан колу чыгып кетиши да мүмкүн. Анда анын денесин эмес, сөөгүн издеп табууга болбойт. Кийимдеринин гана үзүгү ар-ар шиш таштардын чокусунда калбаса, өзү кумга сиңген суудай жоголот.

-Астапр алла, астапр алла! - деп келме келтирген Кожо козголууга буямасы келбей, денеси титиреп, чалкалады. Кандай айла кылса болот? Шап билегинен кармап тартууга болбойт. Асылган адам анын сунган колун кармай да албайт. Эмне кылса болот? Чалкалай жатып ээрдин тиштеди да, белиндеги кыл чылбырды чапа-чупа бошото салды. Эми эңкейсе асылган адамдын билегине колу жетээр бекен? Жеткен мезгилде да анын колуна кыл чылбырды кантип байлайт. Сыйыртмак сала албайт. Казык бош чалууга болбойт. Күрмөп байлоо үчүн эңкейиш керек. Эңкейсе өзү кулашы мүмкүн. Эмне кылуу керек? Тез ойлонуп, тез чечпесе, асылуу турган адамдын колу талыды. Карышып калгандан гана турат. Болбосо, байлап койгондо да катуу суукта, аркы-терки күүлөп соккон шамалдан эбак эле үзүлүп түшмөк. Жүрөгү алкымына келген Кожо кыл чылбырдын учун таштын алдынан өткөрө коюп чыңай тартты да, бир учун өзүнүн белине байлады.

-Бир жаным кудайга аманат. Тобокел дейин-деп көмкөрөсүнөн түшө сойлоп, колун созуп, асылган дененин жеңин сыйпалады. Ашуунун майда мөндүрдөй болгон суу кары, жеңди калдайта катырып койгон экен. Ага карабай колу жеңге жабышкан соң, оң колу менен тутамдай кармап, өзүнө тартты. Салмагы бир топтой эле сезилди. Аңга барганда аткан кийигинин көлөмү канчалыгына карабай шарт көтөрүп кетип көнгөн Кожо асылган денени шарт тартпай, сабап өзүнө жакындатты. Белиндеги кыл чылбыр чыңалып, ичине өтүп, кабыргаларын кысты. Ага карабай асылган денени сабап тарт-канда, селдечен түктүү бет көрүндү. Кожо көмкөрүлгөн денесин бир аз артка жылдыра бекем кармаган жеңди эки колдоп, күч

менен тартты. Түктүү бет белине чейин чыга түштү -Я-деп, өзүнө дем бере дагы бир тартканда асылган дене өзүнө жанаша сулк жатты. Чекесинен шорголоп чыккан терин, бир колунун сырты менен аарчый, белиндеги кыл чылбырды бошотуп, сулк жаткан денени сүйрөп барып, тар жолдун таманына узатасынан жаткырды. Анын колдору жансыз, тырмактарынын түбүнөн кан сызыла агып, катып калыптыр. Шамал үйлөп, таштын бетине жабыштырган кардан алып, бейтааныштын бетине, мойну-башына, колдоруна катуу сүргүлөдү. Өлүк немедей эти муздап калыптыр. Акырын көзүн ачкандай болду.

-Жаны бар экен-деди Кожо ичинен кобурай. Кардан алып кайрадан сүрүп кирди. Чай кайнамдай сулк жаткан денеге, акырын жан киргендей болду.

-Мусапырым, өзүңө келе алдыңбы?

Ал акырын башын ийкеген болуп, кыймылдабай жата берди.

-Көп догурунба. Эми эсен калдың- деди Кожо тамашалай.

Бейтааныш оор үшкүрдү да, солкулдап ыйлай баштады. Алдын пыш-пыш эте, көзүнөн жаш куюлуп жатты эле, эми кадимки жаш баладай үн чыгарып, уңулдап кирди.

Ашуунун шамалы да аны тууragансып «-уу-уу» эте карды каршы-терши учурду. Кожо жолоочуну «Жаман кыянын» учуна чейин жетелеп келип, отургузуп, өзү аттар жакка барарын айтты. Ал нес кишидей, жалдырап тиктеп отура берди. Тар кыядагы Балбан-Таштан салт атчан эмес, жолоочу атын жетелеп, араң гана кысылып өтчү. Кожо аттардын жүгүн ордунда түшүрүп, аттарды жетелеп өткөрдү да, аттардын жүктөрүн бириндете өзү көтөрүп өтүп, ээсинин жанына ташыды. Түйшүк менен болуп жатып, ал кечтин киргенин да байкабай калыптыр. Көз байланган чакта, эки аттын жүктөрүн кайрадан артып, кош ат менен ээсин жетелей, жолдо келе жатты. Жолоочу коркунучтан эсин жоготуп койгонбу, жаңы шеригинин суроосуна жооп бербей, жетелесе басып, жөн койсо жалдырап тиктеп, бир орундан жылбады. Төмөн карай жүрүшсө да, ар жерге токтоп, жолоочунун ыгына карай басып, таң атаарга жакын Кожонун үйүнө келишти.

Жүктөрдү түшүрүп, аттарды отко койгон Кожо бая келгенде босогодо жылбай отурган коногун үйгө киргизип, ысык тамак берүүгө аракеттенди. Ал нес болгон немедей тамак ичпестен

бир тарапты тиктеген бойдон үнсүз отурду. Мейманын жылуулап үстүн оор жаптырып, өзү малдарын карап, тиричилик менен алек болду. Эртеси түш болгондо коногу туруп, оор үшкүрүнө Кожону таңыркай тиктеди.

-Өзүңө келдиңби жолоочум?

Ал баш ийкеген болду.

-Кардың ачкандыр. Даам таталы.

Анын бети-колун жуудуруп үйгө киргенде, байбичеси топоздун курутунан эзип, май томоруп салып, алардын алдына койду. Карышкан колдору ооруган жолоочу, курсагынын ачканын эми туйдубу, кара кесени апсыга көтөрүп, шоркурата ууртап жатты. Денеси көл-шал боло тердеп, шалдырап отурду. Кожо аны кайра жаткырып, үстүн жаптырды. Жолоочу үч күн дегенде тилге кирди.

-Бул жер каер?

-Бүлөлү деп аталат.

-А, мени өлүмдөн сиз сактап калдыңызбы?

-Тирүү отурасыз го.

Жолоочу сүйлөөгө буямасы келбеди. Оор үшкүрүнө, ыйлай баштады.

-Кой, жолоочум. Бардык коркунуч артта калды. Кудай өмүрүңүздү узун кылсын.

-Кудай сиздин өмүрүңүздү узун кылсын. Менин өлбөй калышыма сиз себепкер болдуңуз. Сизге өмүр бою карызмын.

-Кай жактан, кайсыл тарапты көздөй, кетип бараттыңыз эле?

-Ноокаттык болом. Атым Дубана. Кашкардан келе жаткам.

Жаман Кыядагы окуя эсине түштү окшойт. Улам-улам үшкүрүнө денеси титиреп жатты.

-Соодагерлик кылам. Тапкан-ташыганымы үйүмө алып келе жаткам.

-Бейкам болуңуз. Ооздору чечилбей, сыртта турат.

-Ал сиздики. Жаным аман калды. Жарыкчылык мага дүнүйө.

-Тапкан мээнетиңиз. Өзүңүзгө насип этсин.

-Жок албасаңыз таарынам. Сиз болбогондо мен өлгөн адам элем. Мээнет сиздики. Өлөр өлгүчөктү сиз менен каттоо кылам. Сыйымы көрсөтөйүн. Алдыңызга ат тартайын. Каалasaңыз уул

үйлөп, кыз беришели. Уулуңуз болсо айтыңыз, бой жеткен кызым бар.

-Аны көрө жатарбыз. Бул жерде эки-үч күн тыныгыңыз. Жүгүңүздү артып, кош атыңызды жетелетип, жолго узатып коем.

-Аныңызга миң мертебе ырахмат. Мени менен үйүмө барасыз. Аялыңызды да ала жүрүң? Эшик төрүмдү көрүп эки-үч күн сыйымда болосуз. Үйдөгү кызымы көрүңүздөр акыл-эси, бой-келбети көөнүңөргө жакса, калыңсыз берем. Менин сыйлашаарым да, катташаарым да сиз болосуз. Барбасаңыз таарынам.

-Куп, аны да көрө жатаарбыз. Көңүлүңүзгө оор келбесе сөз сурасам?

-Сураңыз. Сизге жооп бербей анан.

-Кашкарга кеткениңизге көп болдубу?

-Ээ, тиричилик кай жакка алып барбайт. Жайында баргам. Бирди экиге кагыштырып жүрүп, убакыттын өткөнүнө да көңүл бөлбөпмүн. Бөтөн жер, бөтөндүгүн кылат экен. Менин пайда тапканымды билген эле жакын адамдарым көзүмдү тазалап, дүнүйөмдү бөлүп алышмак болду. Мен алардын арам оюн туюп калып, тапканымдын бир бөлүгүн берип, киши жалдадым. Аларды карматып, түн жамына жолго чыктым. Эки күн кылчак-кылчак карап, куугундардын келишин күттүм. Жок келишпеди. Жалгыз жарым болсом да жол арбыта берейин деп келе жаткам. Аттарым ачка калганына карабай, эптеп бел ашсам, эңкүүлөп барып, аттарды тыныктырам деген ойдо элем. Баягы кыядагы ташка келгенде аттардын жүгүн чечиштен зеригип, анын үстүнө «ким артышмак эле» деп ойлоп өзүм өткөм. Кайра кайрылып баратып бутум тайып, колум асылып калып, коркконумдан колум карышып, катып калыптыр. Канча турганымды билбейм, бактыма сиз жолугупсуз.

Сизди үйүмө алып кетмей сайын, бул жерден жылбайм. Сизди жолуктурган таштын таржымалы кандай болду экен?

Чоң-Бүлөлүнүн башындагы Чеп жайлоого өткөн кыядагы ташты, эл Балбан-Таш деп коюшат. Анын таржымалын так билгендер жок. Бирөөлөрдүн айтуусуна караганда тээ илгери калмактар Кашкар аркылуу ашып келишип Ош-Анжиандын калкын аянбай чабышат. Капылеттен келген жоону туйбай калган кыргыздар жан алакетке түшүп, ар тарапка качышат. Жоо талоон-булоон кылып жатканда, кыргыз баатырлары акыл

токтотушуп, бири-бирине кабар беришип, кайрадан баш бириктиришет. Аңгыча жоо жаш келин-кыздарды туткунга алып, майда балдарды сүрүп айдамак болуп, кары-картаңдардын баштарын алып жазалап жатканда, күчтөрүн бириктирип, ынтымакка баш коюшкан кыргыз жоокерлери ылаачындай жоого тийип, көп туткундарды бошотуп алышат.

Капылеттен каптап кирген калмактардын мизи кайтып, эми жан алакетке түшүп, кайтуунун аракетинде болуп калышат. Кези келгенде кылыч менен чабышып, найза менен сайышып, жергиликтүүлөрдүн сүрүнөн калмактар артка сүрүлүшөт. Кууш жолдо куугунга алынып, жайык жерде жалтаңдай алышып жатышып, көп колунан ажыраган калмактар Бүлөлүнүн капчыгайын өрдөшөт. Буктурмага жашынып кол кайруу кылышып, капчыгайга келгенде капылеттен туурадан чыга калып, кармашкандарына карабай, кыргыздар жерчилдик кылып, мергендери аска-зоодон мээлеп атып, баатырлары аркадан сая түшүп кууганда калмактар Чепке келип жашынышат. Бирок куугун токтобойт. Алдасташкан калмактар тар кыяны пайдаланмак болушуп, кыя жолдун ортосуна оңор эмес ташты алып келип орнотушат. Куугун ал жерден аттары менен өтө алышпай, айласыздан аркаларына кайтууга аргасыз болушат.

Калмактар ташты көптөп көтөрүп келишкенби, сүрүп келишкенби, айтоор тар жолго коюлган таштан эки тарапка эч ким өтө албай калат. Жол ортосундагы чулу таштын чоңдугу узундугу чоң адамдын төрт-беш арымындай, бийиктиги, туурасы он эки жашар баланын боюндай ташты көпчүлүк көтөрөлү дешсе, тар кыяга батпайт. Бир алп адам койгондой туюлат. Себеби ал жердин айланасында ага окшогон таш жок. Тээ үч-төрт аргамжы алыстыкта, ага окшогон таштардын үймөгү бар.

Жергиликтүү эл ары-бери өткөндө, жайлоого көчкөндө ал таш аябай эле тоскоол болот. Андан мукураган бүлөлүктөрдүн менмин деген жыйырма отуздай балбан жигиттери чогулуп барып, ал ташты көптөшүп, бир арым аралык араң жылдырышат. Ушул күнгө чейин ал ташты көтөргөн балбандын күчүн көргөндөр таң калышып, ичинен ыраазылык билдиришет.

***

Ади менен Сакандын бири-бирин жактырганы кыз оюндагыларга гана эмес, айылдагыларга дайын эле.

-Эски замандын мезгили кетти. Уруяттын заманы. Сүйүшүп, табышкандарга тоскоол жок.

-Ким тоскоол болмок эле. Бүлөлүнүн ичинде Ади баланын карааны бийден ашса ашат. Каалагандай той берип, Кожонун жыйган-тергенин чачса жарашат.

-Ооба, Кожонун малы бир тойдон кемип калбайт. Калыңына, каадасына жетет.

-Анткениңер менен Кожо Көл-Чатыга кудалап түшүүдөн тартынчактагандай.

-Ал эмнеси? Кыз жакпай жатыптырбы?

-Кыз Кожого жагып-жакпай кайда барат. Эки жаш табышып, бири-бирине ылайык эле.

-Кожо эмнеге кетенчиктейт?

-Ал бир досуна барып аялы экөө «-Кызыңы келин кылып алайлы?» дешип сөйкө салып келишкен экен. Уулуна Көл-Чатылык кыз жагып, Кожо менен Бопонун баштары маң.

-Ооба, ооба. Кожо менен кемпири кыйын абалда калыптыр.

-Ха, Кожо башын оорутпай уулуна экөөнү тең эле алып бере бербейби?

-Ушундай да болчу беле?

-Болбой эмне? Болбойт деген болуп жатпайбы. Кедей бий болуп, жер там үй болуп жатат.

-Аның ырас.

Айылдагылар чогула калганда ар кыл сөз чыгат.

Бирок, «Алыскы туугандан, жакынкы кошуна» демекчи, «жакынкы жер», «сынаакы кыз», «жакшы мал жатка кетпесин» дешкен Кожонун туугандары сүрөмөлөп жүрүп, Кожону Көл-Чатыга түшүрүштү. Калыңы да, каадасы да кудалар тарапта-гылар айткандай болду. Кыңшылатып кыз көчүрүп баргандар да, урматтап тосуп алган уул тарап да, ыраазы болушуп, «Куш боо бек болсун?» дешип ак баталарын бериштi.

Кудасынын алдына келген күндөн бери Кожо «ичимен тап». Ким кандай сөз айтса да, ойлонбой туруп «куп» дейт. Арча түтөтүп аластагандан баштап, «сөйкө салаар», «алдынан өтөөр», «журт керчилик», «эшик айыбы», «тогуз табак», «толгоо табак», «садагасы», «кийити», «чал жыгар», «сеп көрдү» деги ж.б толгон-токой ырым-жырымдарына «жок» дебеди. Бододон баштап, жандык-улагына чейин, айтылганын айтылгандай аткаргандыктан, акыры кудалар тарап «болду» дешти. Уулуна

арнап жаңы үй көтөртүп, келиндин себин чып-чыргасын коротпой ошол үйгө түшүрткөн Кожо бир айдан ашык үйгө келбей кырларды кыдырып кетти.

-Жаңы келиндин «кыркын чыгарып» кайын атасынын үйүнө «отко киргизели»-деп, мергендерди жиберип, байбичесинин чакыртуусунан улам өөнгө түшүп келди. Аба-аксакалдарды чакырышып келин «отко киргизилген» соң, келгендердин көзүнчө уулунун «энчисин» үйүрлүү жылкы баш болгон бодо мал, жандыгы менен бөлүп берди.

Андан көп өтпөй эле Ноокаттагы Дубана досу:

-Замандын түрү бузулуп, зордук-зомбулук күч алды. Басмачы деген балээ чыгып, өңдүү-түстүү кыз-кыркынды, келин-кесекти бөктөрө качып, ата-энелерди кан-какшатып жатат. Аман-эсенинде бүлөөсүн алып кетсин. Достун аманатынан кутулуп, өз колуна тапшырайын-деп атайын чабаганчы жөнөтүптүр. Кожонун шаштысы кетти. Ансыз да, эки бети дандырдай ысып, алапайын таппай, өзүн алаксытмакка аска-зоону аралап, жалгыздап жүрдү эле, досунун кабарынан соң, жанын коерго жай таппай калды.

Абышкасынын абалын көптөн бери байкап, «Кантээр экен?» - деп жүргөн Бопо арганы да, амалды да өзү таап:

-Абышка абалыңды байкап жүрөм. Турмушта нелер гана болбойт. Көп эле санаага батып, кыжалат боло бербе. Өлүктүкү жөн. Тирүүнүн аргасы табылат. «Илабизим бүрк болду, достун алдына кантип барам, бетин кантип карайм?» деп жүрөсүң. Уялганың өлгөнүң, аның ата-бабалардан бери болуп келген иш. Баштан танбайбыз. Алса алабыз. Эркектерге эч нерсе эмес. Бирок аялзаты ичи тар жаралгандыгы белгилүү. Анын үстүнө элде «күндөштүн күлү жоо» делет. Илгертен күндөштөр күлдү бир жайга төкпөйт. Төксө да бирикпейт. Аял алсыздыгына арданат. Эрксиздигине намыстанат. Ичи өрттөнүп күйөт. «Сен андай болсоң, мен мындай болом» - деп өчөштүктөн жолдон чыгып көгүнө таянып, өлүмдөн кайтпайт. Өзүн-өзү өрткө таштап, агын суу, аска-зоонун коркунучунан кайра качпайт. Андай иш акылдын тайыздыгы эмес, айласынын кеткени. Адам көңүлү гүл. Гүлдү аярласа ошончолук кооз көрүнөт. Ары жок айрымдар гүлдүн кооздугун гана эмес, жытын да сезбейт. Андайлар малдан айрымасы жок. Сулуулук менен улуулуктун баары

аялзатына теңештирилип, ар бирине баа берилген. Ар кимге, ар кандай бааны берет.

-Бопошум, сен кайсынысына киресиң? - деди баятан берки кемпиринин ачылып-чачылып, көңүлүн көтөрүп көп нерсени айтканына көөнү карк болгон Кожо.

-Менин кайсынысына кирээримди, кандай атка коноорумду эл айтсын. Кайсынысына кошулаарымды билсең сен айт. Бирок, ууруну тууру жүр, тантыкты таамай сүйлө, жалкоону жатпа-деп жумшак сүйлөп, башчыбыз деп бапестеп, баш кийимин аздектеп, жаңылап жакасын агартып, тону менен токумун кабартып, жакшыга жанаштырыш аялдан. Эзели эринин сөзүн эки кылбай, какшанып каяша сүйлөп, кагып-силкпей, ардактап, куштаса акыры барып, эр жаныбар туюнат. Мен бир өзүңө мактанбайын. Бириңди эки, экиңи жети кылып көбөйттүм. Азали, алдыңан туура баспадым. Желпинген жеңелериңе барсаң да, алкынган аяштарың менен жатсаң да билип туруп билмексенге салдым. Көрүп-туруп көңүлүмө албадым. «Айгыр бошонсо айылдын бээлерине чабат, кайра эле үйүрүн табат» деп кызгансам да, кыйкымдабадым. Эркектерге берилчү бааны айтайын десем убакыт аз.

-Койдум, байбиче койдум. Боло турган кепти сүйлөшөлү. Эмне десең мен макулмун.

-Мынаке «күнөөлүүнүн күлкүсү кыска» делет. Кайт десең, кайтайын. Айт десең, айтайын. Катындын сырын катын билет. Келин менен кептешип мен бүтүрөйүн. Дос кыяматтык дейт. Досуңдун алдына бар. Эки-үч аксакалды бетиңе тутуп, туугандарыңа маслат сал. Калыңына макул болуп, каадасына чыда. Сыр билдирбей, чоң топ менен уулуңду ээрчитип ал.

Кожо Адини алып, инилерине калыңга делген малды айдатып барып, күн болжоп келди. Аба-аксакал баштаган жоон топ, убадалашкан күнгө ноокаттыктарга той беришти. Лайликан аттуу каш-кирпиктүү, кундуздай кара чачы багалегин жапкан, ак жуумал, бели ичке, шыңга бойлуу сулууну үйүнө алып келди.

Бой кошкондон кумары кана элек жаштыгына балкып, бири-бирине арналган ышкы отунун жалынына жупташкан бойлору ээрип, тиричиликтин түйшүгүн, жашоонун көйгөйүн түк эстен чыгарып, бар дүйнөлөрүн бири-бирине арнаган арзуулары, алоолонгон чактагы бул окуя, Сакандын денесин муздатып, бир алдын ичин тарытты. Кызганычын жашыра албады. Үй жыйыш-

тырып жатканда кийиз, көлдөлөңдөрдү серпип, ыргытып, идиш-аякты кагыштыра ыкчам да, орой да, аярлабай койчу болду. Жумшак пейилдүү, назик кыймылдуу келининин ич күйдүлүгүн туйган Бопо билмексенге салганы менен ичи дүпөйүл, үн катпай жүрдү. Күндөр өтүп, жаңы келин бой жыйырбай, улам жазылып үйрөнүшкөн соң, экөөнү эки тарабына отургузуп алып кеп баштады.

-Келин менен кайнене ынтымак болсо, ырыс коошот. Ынтымак-ырыс бириксе, үйгө береке кирет. Берекелүү жерди бакыт уялайт. Демек пенде баласы бакытты самайт. Бала бакыт, бала мээрим. Эненин сүйүүсү, бала курсакта экенинен башталат. Балалуу-чакалуу болуп, эртеңкиге кам көрүү адам баласынын бирден-бир милдети. Ошол милдетти өтөө биринчи аял заты менен эркектин үй-бүлөө болушуна тиешелүү. «Жакшы аял жаман адамды эр кылат. Жаман аял, жакшы эркекти кор кылат». Бул алмустактан бери, айтылган сөз. Үй-тутунган эркек менен зайыпка арналган лакап. Жакшы менен жамандын аралыгы бир дем. Ooздон чыгат. «Жакшы сөз, жан эргитет. Жаман сөз, жан кейитет». «Жакшы дарактын өңү көк. Жаман дарактын өңү серт». Жакшы даракты пааналап, жан-жаныбар, канаттуу куштун баары келет. Жакшы менен жаманды улай келсек ого эле көп. «Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста». Аны өзүңөр аңдагыла. «Жаман аял эр коруйт. Жаман эркек жер коруйт». Демек, жакшынын көңүлү кең. Жакшылык менен бакытка ээ болоюн деген аял-арканды узун таштап, көптү ойлойт.

Мен силерге кеңеш айтаар алдын, бир икаяга көңүлүңөрдү бургум келет. Илгери бир акылман карыя болгон экен. Ал мезгилде эл талаш, жер талаш болуп, айылдагы азаматтар эл-жерин, бала-бакырасын коргоп, душманга бет келишип, урпак-тарынын уланышы үчүн жоого каршы бет алышат. Улам басып кирген жоого каршы аттанган эр жигиттер, «элим-жерим» -деп жан аянбай салгылашып, кийинкилер үчүн өмүрүн берет. Эркектердин саны азаят. Баягы акылман карыя

-Уруум чачылбасын, уулдар жетим калбасын» деп, жетим балдар өксүк, жалтак болуп, жан багыш үчүн ар тарапка тентип кетээрин ойлойт. Туугандар бирге өсүп, бири-бирине кайрымдуу болсун деп, күйөөлөрү курман болуп, жесир калган келиндерди аман калган жигиттерге алып берип, нике байлатат. Ошондо

бир эркекке үчтөн-төрттөн аял туура келет. Аял аялдыгын кылып, бири-бири менен батышышпайт. Ал кишинин сөзүн албай, өзү каалагандай басып кетейин десе, баштагы күйөөсүнөн калган баласы бар. Башка жакка барса баласы кор болуп, ата тегин билбей, ата тарбиясын көрбөй, тентегине айланып, турмуштун айынан ууру-каракчы болушу мүмкүн. Эл-жерди сүйүүгө, коргоого ата-эне чоң себепкер.

-Биз деле укугубуз менен эркибизди чектетпей, эркектерге окшоп, өзүбүз каалаган эки-үч күйөөгө тийсек болбойт беле? деп ойлошот. Бир күнү үчөө-төртөө акылман карыяга келишип, арыз-армандарын айтышат.

-О улуу урматтуу акылман! Аялзатынын эрки, укугу да тебеленип баары сиздин айтканыңыздай болуп жатат. Биз да эркектерге окшоп, көөнүбүзгө жакан эки-үч эрге тийсек болбойт беле?

Мындай ой, башына кирбеген акылман эмне деп жооп беришин билбей, аялдардан кечирим сурап, эртеңки күндүн таңына чейин ойлонууга уруксат сурайт. Аялдар макул болушуп, үйлөрүнө таркап кетишет. Абышка жолдо ката, үйүнө келгенде да, суроого кандай жооп берүүнү ойлоп башы катат. Атасынын ойлонгонун көрүп, эң кичүү, кенже тай кызы:

-Атаке, кабагыңызды катуу түшүрүп, ойлонгон санааңызды тең бөлүшө алабызбы?

-Э, кызым ал суроонун сага тиешеси жок. Үйдөгү өз ишиңди жасап, мени жайыма кой-деп жактырбайт.

-Жок ата, сизди бушайман кылган ойду билбей, аны тең бөлүшпөй кантип өз ишимди жасайм. Айтыңыз, экөөлөсөк бир жооп таба аларбыз.

-Айылдын келиндери, «Күндөштүн үстүнө тийбейбиз. Биз да эки-үчтөн күйөөгө тийсек болобу?»-деп суроо менен келишиптир.

-Сиз эмне деп жооп бердиңиз?

-Мен эртеңки күндүн нуру жерге тегиз тийгенге чейин ойлоноюн, силер күндүн нуру чыкканга чейин келгиле-деп жооп бердим.

-Эгер туура көрсөңүз. Бул суроого мен жооп берейин.

-Мейли, сен да жооп изде. Мен да ойлонуп көрөйүн.

Эртеси күндүн нуру жерге тегиз тийишин күтпөгөн кыз, чакаларын алып, сыртка чыгып, акылмандан жооп күткөн үч-төрт аялдарды жолуктурат.

-Сиздер атамы күтүп турасыздарбы?-дейт кыз тигилер менен илбериңки учурашкан соң.

-Ооба. Акылман карыя, бизди ушул маалда келгиле-деп убада берген эле-дешет аялдар жабыла.

-Атама сүт аябай зарыл болуп калды эле. Мына бул чакага жайытка айдаганга чейин коңшулардын уйларынан саап, толтуруп келе аласыздарбы?-деп кыз ар бирине бирден чака берет.

Мезгил кеч күз болгондуктан уйлардын сүтү тартылып, көбү байып кеткен эле. Аялдар уйларды жайытка айдаганга чейин үлгүрүшүп, ар үйгө барып, ар кыл уйларды саап, чакаларды толтуруп, сүт алып келишет. Кыз аларды күтүп алып:

-Сиздер атамын жообун укканы келдиңиздерби?

-Ооба –дешет алар.

-Сиздерге мен суроо берейин. Кеч күздө, уйлар байыган чакта кандайча чаканы толтура сүт саап келе калдыңыздар?

-Туура. Уйлардын сүтү тартылып, ар кыл уйларды саашка туура келди-дешти аялдар чындыгын сүйлөп.

-Ар кыл уйдун сүтүн өз-өзүнчө бөлүп бере аласыздарбы?

-Бул эмне деген кебиң! Ар кыл уйдун сүтү өз-өзүнчө бөлүнмөк беле?-дешип аялдардын ачуулары келет.

-Эжелер, менин сөзүмө терикпеңиздер. Сиздер эркибизче болобуз деп, эки-үч эрге тийгенге уруксат сурап келипсиздер. Эгер эки-үчтөн эрге тийсеңиздер, алардын балдарын кантип бөлүп бере аласыздар? Алардын ортосунда ынтымак боло алабы?-деди кыз суроолуу аларга.

Аялдар бири-бирин тиктеп, акылман карыяга жолугуудан уялып, аркаларына кайтышыптыр. Акылман карыя кызынын жообуна ыраазы болуп, «Акыл жаштан, асыл таштан» деп там берип, үй-бүлөнүн ынтымагы аялзатынын колунда экендигине баа берген экен.

Калайык калк калыс. Түйдөк чачтуу, түйүлгөн баштуу ургаачынын баары эле аял эмес. Ар биринин жүрүш-турушуна, пейилине, мүнөзүнө жараша коюлган аты атайлап берилген баасы болот. Аял затынын асылдыгы-ак көрпө жайылдыгында. Канчалык оорчулук келсе да, кабагым-кашым дебеген, жокту-

бардай, жупунулукту-байдай чачкан ак дасторкон, айың кепке, ашыкча сөзгө кенебеген, бирөөнүн артынан кеп айтпаган, айтылып келген ушакты укпаган, жакшыга кеңеш айтуудан зерикпеген, жамандын сөзүнө терикпеген-кең пейил, ыйманы ысык, берекелүү көңүлү ток зайып ак көрпө жайыл деп аталат.

Алар өмүрлүк жарын кадырлап, кастарлап турат. Жада калса баласындай эле көңүл бөлөт. Кийген кийимин, ичкен тамагын көз жаздымынан калтырбайт. Ал айымдардын жүрүм-турумдары токтоо келип, ата-эне кадырын, элдик салтты ыйык тутушат. Дайыма конок күтүп, бар тапканын дасторконго жаят. Жубайына туура кеңеш берип, иштин тыянактуу бүтүшүнө көмөктөшөт.

Жайыл дасторкон аты айтып тургандай, дасторконун түрдүү даамга жайнатып, даамдуулугу, тазалыгы менен көргөндүн көөнүнө жагат.

Акылгөй тараз аталган айымдар көп балалуу болуп, жашы өйдөлөп калса да, келин сынынан кетпейт. Келишимдүү келбети, сымбаттуу боюнан улам аркар мүчө деп, аркарга теңеген. Акылы жагынан бул мүнөздүн ээлери алдыга эч кимди чыгарбагандыгы үчүн акылгөй аталган. Баскан-турганы орундуу, адамгерчиликтүү болгондуктан дайыма сый гана жарашкан.

Жабылуу кара ингендер-көп сүйлөбөгөн, убактысынын көбүн үй-тиричилигине жумшаган камкор. Эч кимге жаман айтпай, баарына бирдей мамиле жасайт. Колунан жамандык келбейт. Бирөөлөргө залал да кылбайт. Барга көппөйт, жокко чөкпөйт. Сүйүктүү жубай, сүймөнчүктүү коңшу.

Үтүрөңдөгөн үркүнчөк- ачуусу чукул, терс кыялы келгенде жанындагылардын баарын каарып турат. Өзүн токтото албай, балдарын да сабап жиберет. Жолдошу менен тез-тез урушуп, кемчилигин такыр мойнуна албайт, долу келет.

Ай чырайлуу ача тил-дечүүлөр ай чырайын, ит кыялы менен бузуп алат. Колунан түзүк иш келбейт. Коңшу-колоң, тууган-урук кем каттайт. Себеби тили заар, оозуна келген сөздү аярлабай айта берет.

Эчки сан ушакчы атка конгондор түтүндү түрө кыдырып, үйүндө турбайт. Барган жеринде да байырлабайт. Эки адамды эриктирбеген, бир айылды зериктирбеген, бир туугандарды бириктирбеген ушакчы келишет. Алар сары эсепчи да болушат. Бир тыйындан өйдө санап, ашыкча баспайт. Кайда жүрсө да

чыгымын эсептеп турат. Илгеркилер «бокчо катын» дечүүлөр тапкан чүпүрөктү чогултуп ката берет. Табышкерлердин гана теңи, колу жукаларга баш кошсо, жүдөп, колунда барларга суктанып, өтүп кетүүдөн да кайра тартышпайт.

Ак жоолуктун алды деген баага, жумшак сүйлөп, акырын жооп берген, келбети келишип, боюн кармаган-тутканы таптаза, жаркын жүздүү, мүнөзү майин, бар буюмун аябаганкең пейил, айдай жүздүү асылкеч зайып татыктуу.

Аял затында асыл сапаттар арбын. Акылман калк ар бирин аңдап, атайлап мүчө, мүнөзүнө, өңү-түсүнө, жүрүш-турушуна, мамилесине баа берген. «Асыл зайып», «алтын согончок», «жароокер жубай», «Акыл карачач», «ай жамалдуу», «ак байбиче», «эл энеси» өңдүү сөздөр менен өзгөчөлөнтүп аташкан. Алардын ар биринин маани-маңызы, мүнөзү тизмектелип, бөлүнүп айтылган. Ошондой эле терс жактары сыпатталган: «ажаан», «жалп этек», «таркылдак», «кара жаак» ж.б. мүнөзүнө, мамилесине жараша ысымдар ыйгарылганын угуп, билип эле жүрөбүз.

«Келиндин аягынан, койчунун таягынан»-деп эл берекелүү, ырыс-кешиктүү, ак жолтой, кут чачкан сапаттардын болушун күткөн.

Экөөң да эже-сиңдидей ынтымактуу болгула. Жеңилиңерди жерден, ооруңарды колуңардан алып турсаңар бири-бирине көңүлүңөр жибийт. Эл силерди кеп кылгыдай болбой, суктангыдай болгула. Эне-атанын тапканы балдарыныкы. Биз атаңар экөөбүзгө дүнүйө-мүлк кереги жок. Аларды көрүбүзгө көтөрүп кетпейбиз. Силердин балдарыңарга деп көбөйтүп, кайтарып жүрөбүз. Менин айтаар акылым ушул. Ыркырашкан суук, ымаалашкан жылуулук. Жылуулук мээримге айланат. Мээрим ынтымак. Ынтымагыңарга бакыт кушу уяласын. Оомийин-деди кайнене келиндерине бата берди.

***

Алима, Балтабай, Койтукур, Токтосун Кожонун колунда. Ата-энеси жок чиедей жетимдерди Бопо байбиче асырап, тамактын алдын алардын оозуна тутат. «Жетим кыйык болот» демекчи кичине эле көңүлдөрү кирдесе, тескери карап калышат. Кээде ата-энелерин эстешип ыйлашабы, көздөрү жашылданып, бирин-бири жетелей келип калышат. Кыз бала тетик болот эмеспи. Алима алардан улуу болгондуктан уктаганда жаткырып,

ыйлаганда сооротуп, үйрүлүп калат. Жашынан жетим өсүп, жетимдиктин азабын тарткан Кожо, кээ күндөрү, көңүлү чөккөн мезгилде оор үшкүрүнө:

-Жөлөгүм Медет жаш кетти,
Жубайы менен кош кетти.
Койтукур, Балта, Алимам,
Укпаса экен терс кепти.
Атадан калган Медерим,
Энеден калган белегим.
Үчөө тең үйлүү, жай болоор,
Тийгизип элге керегин-деп, ырга кошуп, ыйлап алаар эле.

Кожо менен Бопо да алардын «көөндөрүнө кетпесин» дешип, кагып-силкпей, көздөрүнүн агы менен тең айланышат. Ансыз да Адинин келинчектери бардык ишти жасашып, эрте менен мал айдап, кечкисин тосуп алышып, чал-кемпирдин колу узарган. Келиндердин бириси саан сааса, экинчиси сүт бышырып, айран уютуп, үчүнчүсү казан асып, тамак кылып, жабыла чыга калышып, кулундарды байлашып, бээ саап, кийиз кылып, тери ийлешип тиричилик өткөрүшөт. Сагырлар анча-мынча кой-козуларды имерип гана коюшпаса, башка кылаар иш жоктугунан Кызыл-Ташка барып, оюн менен алек.

Кээ-кээде гана келиндер күндөштүк кылышып, бири-бирине тултуюп калышат. Ади базарга барса, биринчи апасына, анан аялдарына базарлык алып, жетимдерди да унутпайт. Адинин колуктулары бет маңдайларынан гана айрымаланышпаса, сырттан караган адамдарга кийген кийимдери да, бой келбет-тери да оп-окшош. Канткен менен да күндөш, күндөштүгүн кылбай койбойт. Же аял заты өтө эле кызганч болобу, күйөөлөрүнө жагыш үчүнбү, же адаттарыбы биринен-бири өтүп жасаныштын аракетинде. Колдору бошой калганда эле керегe башындагы түйүндөрүн ала, күзгүлөрүн каранып калышат.

Ади чымыр денелүү, кийиминин сыртынан булчуңдары буруюп билинип турат. Ал үйрөнгөн адатынча үрөң-бараңда туруп алып, керилип-чоюлуп, ар түрдүү кыймылдарды жасап, ордунда секирип чуркап, арча бутагына асынып жаш баладай бир топко ойнойт. Күндө эртели-кеч, бел курчоосуна чейин чечинип алып, тоонун тиш какшаткан муздак булагына жуунат. Аны көргөн келинчектери, үйдө отуруп ичиркенишип, оромол-дорун чүмкөнө салынышып таңыркашат. Күйөөсү барында үчөө

ынтымак. Бири-бирине сый көрсөтүшүп, жасап аткан иштерин колдоруна ала коюшуп, жайдарыланышат. Ади үйдөн чыгып кеткенден баштап, бирине, экинчиси сыртын салып, кеп айтышса укмаксанга салышат. Анын да жөнү бар. Ади аны да жакшы билет. Үчөө тең жаш, ары сулуу. Ойносо оюнга, күлсө күлкүгө тойбой турган чактары. Күйөөсү кезек менен аларга үч күндө бирден түнөйт. Жаш немелер ага алымсынабы, черлери жазылбай, бүркөлгөн кабактарын билдирбеске, колдоруна иш кармашып,тиригилик менен алектенимиш болушат. Анын үстүнө тоонун шартында кеч жатышып, эрте турушуп, эттери эми ысып, көңүлдөрү кызып, кумарлары жазылып келгенде таң атып кетет. Түнү менен уктабагандын көңүлү чөгүп, көздөрү киртейет эмеспи. Сиркеси суу көтөрбөй, биринин сөзүн бириси уккулары жок. Иш жасоого көңүлдөрү келбей, илең-салаң кыймылдашат. Аны байкаган берки күндөштөр бири-бирине ымаа кылып, көз кысышып , тилдерин чыгара шылдыңдаган болушат.

Эрди-катын үчүн төшөк, кулптанган сырдын ачкычы. Баш кошкондордун эң бир таттуу да, кызык да, эңсеген да кумар-лазаты. Жууркан ичинде жуурулушуп биригет. Жер менен күндөй тогошот. Эки жарты бир бүтүн болуп, бой кошот. Сырткы дүйнө, тиричилик, жашоодогу көйгөй эстен чыгат. Жууркан ичи кең аалам болуп, анын алкагында махабат деңизине бой таштап, бирде чабак уруп, балыктай туйлап, ансайын кумар оту алоолоп, рахат майрамында көңүлдөрү эңсеген, самаган керемет дүйнөдө балкышып, денелеринен чок чыгып, жүрөктөрү дүкүлдөп согуп, кан тамырлары лукулдап, биринин алоосу, бирине өтүп, жамынган жууркан эстен чыгып, аяк жакка серпилип, дырдай жылаңач аял-эркекке бири-бирине айкашып, дене бой сымаптай ээрийт. Байгеге кошкон аттай, жанын үрөп, маарага жетүүнүн аракетинде бар күчүн жумшап, ары шашып, ары күчөнүп аптыга дем алган жанга, анда-санда кың-кың этип, ыйламсыраган, ары жашык, ары майин үн кубат бергенсип, жупташкан денелер чарчап, чаалыгуудан ырахат ала, шаркырап аккан тоонун суусу тегиз жерге келип, дымыган сымал көлкүп, анан кайра серпилген толкундай күр-шар эте алыска-алыска атырыла жол улагансыйт.

Айтылган сөздөр канчалык кымбат болсо да, андан да ашкан, сөз табуунун аракети болуп, ааламдын алкагындагы, асман менен жердин ортосундагы ары таза, ары тунук, эң бир

терең, эң бир бийик, эң бир улук сөздөр айтылып айтылбай, айтылса да анын наркы асыл баа, кымбат заттарга теңештирилет. Бири-биринин асылдыгы, айкөлдүгү, теңдешсиздиги ушул учурда байкалып, кымбаттыгы бааланат.

-Айым, күнүм, гүлүм, атырым, нурум, шоолам.

-Кабылан, шер, жолборсум, болот кылыч, өткүрүм.

-Алтыным, каухар, берметим, жароокерим, жан биргем.

-Аскар тоом, айкөлүм, алгырым, күлүгүм, ак шумкарым, бүркүтүм.

-Мөлтүр булагым, шербет, шекерим, мүрөктөй болгон тунугум.

-Асылым, кымбатым, берекем, ханышам.

-Акылманым, даанышманым, падышам.

-Жароокерим, жан биргем, жылдызым, мамыгым… кумар оту жанып, ээриндер ээринге жабышып, минайым, жумшак, ары онтогондой, кыңкыстаган үнгө болгон күч-дареметин жумшап, маарага жетүү аракетиндеги тулпардын демиккен деми кошулташыл.

Дал ушулардын баарын билген күндөштөр:

-Тигиге айткан сөздү мага неге айтпайсың?

-Ага сүйлөп, мага сүйлөбөйсүң?

-Мага эмнеге артыңы саласың?

-Тигиге күлүп сүйлөйсүң?

-Арнаган, жакшы сөзүң кана?–дешип, атаандаша, ар кыл өнөр чыгарышат.

-Мага келгенде, уктап каласыңбы? Тигини жакшы көрсөң кетир мени? Бактымы байлап, ала көрсөң албай эле койбойсуңбу?-дешип ары эркелешип, ары таарынган болуп, тамаша-чынга айланта каадаланышат.

***

Кыш кетип, ала шалбыт мезгил эле Ади базарлап кетип, эки-үч күн дегенде үйүндөгүлөргө белек-бечкекти арбын алып артынып келди. Күндөгүдөй күтүнүп, алдынан утурлап чыкчу, сагырлар жок. Аялдары чыгып, атын алып, байлашпады. Ал куржундарын көтөрүп үйгө кирсе, очоктогу отко түшө калчуудай болуп, үч жетим-Токтосун, Койтукур, Балтабай жылаңайлак буттарын койдун көңүнүн чогуна какташып, үчөө үч жерде талтайып отурушат. Титирешип үшүгөндүктөн, агаларын да байкамаксан болушуп өздөрү менен өздөрү алек.

-И, эмне болду?

Үчөө тең жер тиктешип бирин-бири карап, унчугушпайт. Багалектеринен буу чыгып, баштарын жерге салышат.

-Кардын суугуна карабай, эшикте ойноп жүрө бердиңерби?

-Өтүктөрүңөрдүн жыртылганын көрүп, өтүк алып келдим. Ме, кийип алгыла.

Үч жетимден үн жок.

-Кана, сүйлөбөйсүңөрбү? Силерди ким таарынтты?

-Катындарың карга карабай, суугa жиберишип, суу ташып, тоңоюн деп калдык-деди бирөөсү.

-Ме, бул өтүктөрдү кийип, сыртка чыккылачы? Кар кирет бекен, кирбейт бекен, көрөлүчү-деп Ади ары басты.

Катындарын чакырып алып, үндөбөстөн, үчөөнө үч челек карматып суугa жиберди. Күйөөсүнөн айбыккан үчөө карга тыгылышып, эңиште суу карга сыйгаланып, суу боюна араң жетишти.

-Мени менен жүргүлө суугa барабыз деп, жаңы бут кийим кийген инилерин ээрчитип, аялдарынын артынан келди.

Алар челектерин суугa толтурушуп өрдү карай жол тартышканда, токтото калып, чачатарын бири-бирине байлап, отургузду.

-Жетимдерди, жылаңайлак карда, суугa жиберген силерсиңерби? Жетим сырын билесиңерби? Кардын суугу кандай экенин эсиңерге албадыңарбы?-деп колундагы камчы менен сабап кирет. Жаны ачышкан аялдары чыңырып, кыйкырышып баштарын катышты.

-Кана, жетимдер. Тигил челектеги сууну буларга куйгулачы. Жылуу үйдө кутурган немелер, суу кардагы суукту билишсин-деди.

Жаш балдарга эмне, агасынын айтканын кылышты. Келиндер андан бетер чучуктай чыңырышты.

Аңгыча мал карап жүргөн Кожо келип, ортого түштү.

-Кой балам, катындарыңа камчы салба! Бошот-деп кыйкырды.

-Ата сиз киришпеңиз. Булардын айыбы өздөрүнө белгилүү. Жетим кадырын, суукта калгандарын, кадырын билишсин - деп кайра-кайра суу куйдурду.

-Ыйыңарды, чырыңарды үйдө кылгыла. Ээн талаада, катындарын кошоктоп урат экен, деп элге насак болосуң-деп

Кожо ачуусу келип, уулунун колунан камчысын алып ыргытты. Ошол күндөн баштап жеңелери абайлап жумшап калышты.

***

Падышаны тактан алган жаны өкмөт тууралуу каншаар, алыскы тоо арасындагы элге үзүл-кесил угула баштады.

-Калктын каргышы акыры жетиптир да.

-Падышанын тактан кулаганы зап болуптур. Элге завун чыгып, алык-салымы менен аябай эле кыйнады эле.

-Эми, кандайы келер экен?

Атасы кетсе, баласы келет да. Бизге алардын келгени эмне, кеткени эмне. Тынчылык болсо болду да.

-Кимиси келсе да бизге жакшылыгы жок. Пешенеге жазганын көрөбүз.

-Элди эзген өзүбүздүн эле мусулмандар болуп турбайбы. Ал жактагылардын биз менен иши эмне? Чондоруна жагыныш үчүн алык-салыгын ашыкча салышып, өзүбүздүн эле бий, болуштардын күнү тууп жатпайбы.

-Э тууган, Кудай бизди ушунтип жараткан сон, не чара. Башка келгенин көрөбүз. Падыша тактан куласа кулагандыр. Тактыга дагы бир насип эткени келээр. Элге күн өткөнү эсеп эмеспи.

-Жо-ок элге бийлик алып берем дегендер күрөшүп жатышыптыр дейт.

-Ага ишениш да кыйын күрөшсө күрөшкөндүр. Бирок, тактан онойлук менен кулабайт. Падыша ордун жөн бербейт ко?

Тоолуктар оюна келгенин айтып, ондуу жооп алгыча болбой. «Февраль революциясы башталып, көтөрүлүш бүтүндөй Орусия аймагына тараптыр»-деген дагы бир кабар, жете келди.

Элет эли аны толук түшүнүп-түшүнө электе эле:

-Элдин таламын талашкан убактылуу өкмөт бийликти алыптыр. Мурдагы бийликтин ырайымсыз азап-тозогунан кутулат экенбиз-деген, сөз биринен-бирине угула баштады.

Улам айтылып жаткан кабарга карапайым калк ишенер-ишенбес болуп, кулак түрүштү.

***

Убактылуу өкмөттүн жарыя-ураандары элге жетпей жатты. Гезит-журнал, же радио жок. Шаарга барган бирин-экин гана

адамдардан гана угулбаса, бири-биринен алыс жайгашкан айылдарга дүйнөлүк жанылыктар толугу менен жете элек эле.

Имперalisттик ири мамлекеттер ортосунда бөлүнгөн дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүдөн улам башталган биринчи дүйнөлүк согуш колониялык элдерге да зор салакасын тийгизди. Орусия өлкөнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн жана колониялык ээлигиндеги шарттарды толук пайдаланууга аракеттенди, кандай да болбосун жеңишке жетишүүнү көксөгөн болчу. Башкалардай эле Орусиядагы калайык калкка азап-тозокторду, көптөгөн жоготууларды, жакырчылыкты алып келди. Азык-түлүк жетишпей элдин турмушу ого бетер оорлоду. Колониялык элдерди улуттук колониялык эзүү күчөдү. Өкмөттүн колониза-тордук саясатынан улам 1914-жылдын жайындагы падышанын жарлыгы боюнча бүткүл Түркстан аймагында өзгөчө коргоо абалы киргизилди.

Бийлик согуштук керектөөлөргө деген шылтоого жамынып жергиликтүү элден ат улоо, жабдыгы менен ал тургай кийиз, арканга чейин жыйып алды. Акчанын наркы кетип, азык-түлүккө жана башкаларга баалар асмандап улам өсө берди. Бийликтегилердин зордук-зомбулугунун, калктын муктаждыгы-нын, жакырчылыктын күч алышынан наразычылык күчөп, толкундоолор тез-тез боло баштады.

Башка империалисттик мамлекеттердей эле Орусияда армиясынын катарын колониялардын эсебинен толуктагысы келген. Бирок куралдандыруудан коркуп, түркстандыктарды согуш талаасына эмес, орук жумуштарына тактап айтканда коргонуу чептерин куруугa, жол курулушуна, отун, завод-фабрикалардагы кара-жумуштарына пайдаланууну көксөдү. Колониялык элдерди согуштук-орук иштерине он тогуз жаштан кырк үч жашка чейинки эркектерди чакыруу жөнүндө падышанын жарлыгы жарыяланды. Чакырылгандардын тизмесин түзүү иши болуштук башкаруучуларга жана алардын жардамчыларына тапшырылды. Эзүүнүн запкысы жанына баткан эл ачыктан-ачык эле ага каршылыгын билдире башташты.

Түркстанда көтөрүлүш Кожентте башталып көп өтпөй бул сыяктуу толкундоолор бөлөк аймактарды да кучагына алды. Фергана аймагында жайылып, Анжиан үйөзүнүн Алтын-Көл, Базар-Коргон болуштугунун калкы чечкиндүү аракеттерди башташты. Көтөрүлүшчүлөр падышанын жарлыгын аткаруудан

ачык эле баш тартып, атайын түзүлгөн тизмени жок кылууну талап кылып жатышты. Атүгүл, бийлик өкүлдөрүнө, падышалык чиновниктерге кол салуудан да кайра тартышкан жок. Толкундоолорду Балыкчы, Жалал-Кудук, Массан, Майсары болуштуктары кубатташты. Ош үйөзүндө Сулайман тоонун этегинде жыйын менен башталып, ага он миңдей киши катышты. Алар «Согушка барбайбыз! Балдарыбызды бербейбиз!» деп ачык эле жар салышып, падыша чиновниктерине таш ыргытышты. Колониялык бийлик жазалоочу аскерлеринин жардамына таянып, чогулган элди араңдан зорго таркатып, айрымдарын камакка алдырышты.

Ал эми Булак-Башы болуштугунун Кожо-Абад жана Чакар кыштагындагылар бир жумага чейин таркап кетпей коюшту. Андан кийинки Үч-Коргондогу көтөрүлүшчүлөрдү жазалоочулар күч менен басып, он киши окко учуп, он бештейи камакка алынат. Өзгөндөгү көтөрүлүш да бир нече күнгө созулса, Алай, Гүлчө, Ноокат, Куршаб болуштуктарындагы калк жабыла кубаттап, чогулгандардын саны улам көбөйө берди. Ошондон улам Түркстан аймагында согуштук абал киргизилип, көп сандаган калк жашаган кең аймак аскердик-полицейлик админстрация менен жандарм тыңчылардын үзгүлтүксүз көзөмөлүндө жана бийлигинде калды.

Бул көтөрүлүш Орусиянын колонизатордук саясатына каршы чыккан кыргыз элинин улуттук-боштондук күрөшү болду. Ага калктын бардык катмарларынын өкүлдөрү катышты. Император Николай экинчи көтөрүлүштү басып, тартипти тезинен жөнгө салууну, аскердик-орук иштерине жергиликтүү калкты алууну уюштурууну, армияны азык-түлүк менен камсыз кылууну талап кылды. Жазалоочу отряддар күнөөсүз адамдарды жүздөп, миңдеп кырган жүрүштөрүн мыйзамдуу деп эсептеген падыша өкмөтү талаа сотторун түздү.Ал соттор ар бир үйөздөгүлөрдү тынчытуу, басуу жана бейкүнөө элдерди кыруу үчүн берилген чексиз укукту пайдаланган жазалоочуларды ар тараптан колдошту. Падышачылыктын көтөрүлүштү басуу чаралары кыргыз эллин массалык кырып-жоюуга айланды. Кандуу жазалоодон корккон көтөрүлүшчүлөр аман калуу аракетин көздөп, Кытайга качуугa аргасыз болду.

***

1916-жылдагы көтөрүлүштүн натыйжасында Кыргызстандыктардын бүлгүнгө учурашы, жергиликтүү элдин мал-мүлкүнөн ажырашы, чарбалык азык-түлүк кризисин күчөткөн болчу. Натыйжада Убактылуу өкмөттүн жүргүзүп жаткан саясатына каршы нааразычылык күчөдү. Толкундоолор күчөп Москвадагы «Проводник» жана Тушно фабрикаларынан, Минск губерниясында, Сибирдеги токой кыйышкан, ишканаларда иштеп жүрүшкөн жумушчулар Убактылуу өкмөттүн уруксатсыз эле Кыргызстанга кайтып келишти

Чындап эле убактылуу өкмөт бийликке келгени менен өлкөдөгү курч маселелер чечилбеди. Өлкөдөгү азык-түлүк жетишсиздиги күчөгөндөн күчөп, ачарчылык коркунучу өлкөнү каптады. Дүйнөлүк биринчи согуш улантыла берди. Орус империясынын Түркстан жергесиндеги улуттук колониялык эзүүсү өзгөрүүсүз калып, андагы элдер улуттук эркиндикке эч жакындай алышкан жок. Мурдагыдай эле падышалык төбөлдөрдүн дээрлик көбү, жер–жерлердеги бийлик орундарынан козголушпады. Падышалык генерал губернатор Кропаткин убактылуу өкмөттүн комиссарынын милдетин аткарып, мурдагыдай эле Түркстанды башкарууну улантып жатты.

Түркстан аймагында өз алдынча, же Орусиянын тутумунда автономиялуу мамлекет түзүүнү көздөгөн партиялар жана топтор айрыкча февраль революциясынан кийин аракеттерин күчөтүштү. Казакстанда түзүлүп, кыргызстанда да тамыр жайган «Алаш» улуттук партиясынын максаты казак жана кыргыз элдеринин өз алдынча мамлекет түзүү болчу Партияны көрүнүктүү коомдук ишмер, орусиянын мамлекеттик думасынын мүчөсү, Кадет Ахмед Байтурсунов жетектеген. Ага буржазиялык демократиялык багыттагы казак-кыргыз интеллигенциясынын улуттук буржазиялык өкүлдөрү, демократиялык маанайдагы бардарлар, дин кызматкерлеринин, дыйкандардын айрым бир бөлүктөрү кирди. Кыргызстанда алгачкы болуп Абдыкерим Сыдыков 1917-жылдын жайында Бишкекте «Алаш» партиясынын бөлүмүн түзүп, Түндүк Кыргызстанда иш алып барды. Анын жер-жерлердеги уюмдарын уюштурууга кыргыз интеллигенциясынын алдынкы өкүлдөрү болгон Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстановдор аракеттеништи.

Партиянын катарында жогорку диний мектептерден келген көптөгөн окуучулар, дыйкандар, жумушчулар болушту. Кытайга качууга аргасыз болгон кыргыз-казак качкындарына жардамдарды көрсөтүшүп, эл алдында эркиндик, тендик, демократия, элдердин бир туугандыгы, алардын эркин өнүгүшү деген ураандарды көтөруп чыккан «Алаш» партиясы кыргыз-казак элин өз алдынча мамлекетке болуу мүдөөсүн көздөгөн. Калк арасында алар үчүн түшүнүктүү тилде үгүт жүргүзүлгөндүктөн, эл арасында чон таасирге ээ болду.

1917-жылы мартта «Туран» партиясы Ташкенде түзүлүп, тез эле кыргызстандын түштүгүндө уюмдары пайда болуп, коомчулуктун айрым бир өкүлдөрүн тарта баштады. «Туран» партиясы өз катарына Түркстан аймагындагы окуучулардын, мугалимдердин, котормочулардын жана улуттук соода буржазиясынын өкүлдөрүн бириктирген «Туран» партиясы Түркстан аймагын Орусиядан бөлүп, бирдиктүү түрк мамлекетин түзүү максатын көздөгөн эле.

Большевиктер жарыялаган «Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу» деген принципке таянышып «Түркстан автономиясы» деген ураанды көтөрүп чыгышты. Анын башында мусулмандардын Түркстан крайлык кенешинин төрөгасы Мустафа Чокоев турду. Бул демилгени «Шуро-и Исламиядан» тышкары «Алаш», «Мусулман эмгекчилеринин бирдиги» сыяктуу уюмдары колдошту. Ошол жылдын декабрында Кокон шаарында Түркстан мусулмандарынын төртүнчү курултайы өтүп, анда орусия республикасынын курамында «Түркстан автономиясын» түзүү маселеси кубатталды. Автономияны башкаруучу өкмөттүн курамы шайланып, башына Мустафа Чокоев, «алашчы» Тынышбаев көрсөтүлдү. Курамына жергиликтүү элдердин өкүлдөрү менен бирге славяк адамдары да киргизилди. Мусулмандардын Кокон курултайы жергиликтүү элдердин кызыкчылыктарын коргоо чечимин кабыл алды.

Мурдатан эле калыптанган Кокондо дини мусулман болуп, көптөгөн мечит медреселерде иштеп таалим-тарбия берген, талаба мударисттер арбын болчу. Айрыкча Орусиядан окуп билим алгандар, Сибир баш болгон падышачылыктын түрмөлөрүндө отуруп келгендер, Казан, Офо, Кашкар, Багдат, Ыстамбул, Бухара шаарларында окуп англисче, орусча жана башка тилдерди билгендер көп эле. Алардын сырткары да

Орусия, Кашкар аркылуу батыш, чыгыш өлкөлөрү менен алака кылган соодагерлер жана алардын кызматкерлери дүйнөдөгү саясат менен айрыкча Орусиядагы күндөн күнгө күч алган өзгөрүүлөр боюнча жаны маалыматтарды алып турушкан болчу. Уламдан улам, тездик менен жылып келе жаткан жаны саясат билимдарларды жана диний ислам адамдарын ойлонтпой койбоду.

Жаны өкмөттөрдүн кенештеринин курамына жаны эле сырттан келгендердин кириши, суулу, тегиз жерлерди ошолордун ээлеши, артыкча укуктарды пайдаланышып, ар дайым курал менен жүрүшү, жергиликтүүлөрдү кара жумушка пайдаланылышы көпчүлүк арасында уу-дуу сөз болчу. Мурдагы жылдагы падышанын жергиликтүүлөрдү зордоп мандикерликке алуу жарлыгы ага жалпы элдин каршылыгы улуттук күрөшкө айланган эле. Аны басыш үчүн Борбордук орусиядан жазалоочу аскерлер атайлап келтирилип, кубаттуу курал-жарак менен Борбордук Азиядан миллионго жакын кишинин өлтүрүлүшү, эки жүз миндейи Сибирге сүргүнгө айдалышы, үч жүз миндейи баш калкалоого Чет өлкөгө ооп кетиши, иши кылып жергиликтүүлөрдүн мал-мүлкү, байлыгы таланып, тууган-уруктарынын кырылышы падышалык орустардын атайлаган иши экендиги жергиликтүүлөргө айкын болду. Эл тозуп, журттун бузулушунанбы ошол он жетинчи жылдын кышы узакка созулуп, өтө эле оор болду. Өрөөндү жут каптап, мал-жан кырылды.. Калк каржалып, өлүм көбөйдү. Аймакты бүтүндөй ачарчылык каптады.

Бир нече шаар, аймактардан келген эки жүздөн ашык өкүлдөр, айрыкча молдолор, имамдар, казы, сопулар кошулушуп, мусулмандардын чукул чыкырылган төртүнчү курултайын өткөзүшүп, бир добуштан «Орусия бийлигинен азат болобуз. Башка диндегилер менен бир дөөлөттү түзө албайбыз» деген бүтүмгө келишти. Түрк тилдүү элдин өкүлдөрүнөн Курултайды куттуктаган телеграммалар биринин артынан бири келип эгемендүүлүккө болгон умтулууну колдоп жатышты. Курултайда Түркстан жумуриятынын аткаруу комитетинин өкмөтү түзүлүп, 32 кишиден турган уламалар кенеши шайланды. Өкмөт башчылыгына казак Мухамеджан Тынышбай көрсөтүлүп, кийин анын ордуна тышкы иштерди тейлеген Мустафа Чокоев бекитилди.

Өкмөттүн ички иштерин, азык-оокат, билим берүү, өнөр жай курулуш ишканаларын тейлеген вазирлик орундарга билимдүү интеллигенциянын өкүлдөрү көрсөтүлүп, кызмат орундарына бекитилди. Бул болсо жергиликтүүлөрдөн чыккан интеллигент-тердин жаны демократиялык күчтөрдүн жетилип калганын агийнелеген көрүнүш болчу. Алардын негизги программасында Түркстан ислам жумуриятын түзүү, билим берүүнүн-жадидчилик (жаны) жолун түзүү. Туркстан элдеринин бириктирүү, уруу уруктардын башын кошуу, мыйзам чыгаруу органдарын түзүп, алардын милдеттерин бөлүштүрүү, чек ара кайтарууну колго алуу, ички тартипти чындоо, улуттук армия түзүү, дин эркин-дигин берүү, бардык улуттарды бирдей кароо, өзүнчө акча чыгаруу.

Курултайдан кийин Кокондук чон Жаамы мечитинде, жарым миндей адам чогулуп, жаны Түркстан жумуриятынын туусун мечиттин купасына коелу деп чечишти. Ташкендеги мечитте Түркстан Мухтар (автоном) жумириятынын Шоро (Кенеш) мүчөлөрү жана зобололуу кишилер эл алдына чыгышып, Түркстан Мухтариятын таануу маселесин жар салышты. Бул кабар калын элдин катмарына да колдоого алынып жатты. Бир катар шаарларда Кокон автономиясын колдогон митингдер болду.

Ташкендеги большевиктик өкмөт Кокон автономиялуу өкмө-түн мыйзамсыз деп жарыялады. Орусия өз алдынча болгусу келгендерди жактырбады. Эл комиссарлар кенеши «Жаны чыккан Түркстан Мухтар жумуриятынын бул иши өлкөнү болуп-жарууга болгон аракет. Мыйзамга туура келбейт» -деп Ленинге жана аны кубаттагандарга шашылыш билдирүү беришти.

«Улуттарга жана элдерге укук берилет. Ким эмне кылса өзү билет» деген Лениндин сөзүн большевиктер эстеринен чыгарышты. Ошол кезде Ташкенде 1-2-Сибир аткычтар полку жана армиянын элдик кошундары, армиян дашнактар жайгашкан болчу. Аларга темир жол тармагында иштеген жалан европалык кишилерди курал берип кошушту.

Большевиктердин жол бербегенине карабай Кокон авто-номчулары совет бийлигине каршы үгүт жүргүзө башташты. Кокондук куралдуу күчтөрдүн командачылыгына полковник Чанышев дайындалып, Кокон милициясын Эргеш жетектеп турган эле.

Кокон автономиясы күн сайын чыңалып, бекемделе берди. Түркстан аймагындагы жергиликтүү улуттардын өз тагдырын өзү чечүү жана өз алдынча улуттук мамлекетин түзүү үчүн күрөшүп жаткан Мустафа Чокоев, Мухамеджан Тынышбаев баш болгон жетекчилердин кадыр-баркы жергиликтүүлөрдүн арасында өсө берди. Коконго Скоблевде (Ферганада) турган төрт замбирек, төрт племоту бар жүз кырк кишиден турган отряды келтирилди. Ташкендеги, Самаркандагы Кызыл Армиянын бөлүктөрү. Ошондой эле Кызыл-Кыянын гвардиячылары келтирилди. Кокондун өзүндө турган дашниктер жүз армиян дружниктери да бар эле.

Жергиликтүү калктын өкүлдөрү колониячыл эзүүнү жоюу жана улуттук тенчиликти орнотуу үчүн улуттук боштондук мүнөздөгү күчтөрдү бириктирген уюмдарга топтоло баштады. 1917-жылдын апрель айында Пишпекте кыргыз коомдук комитети түзүлсө, августта Ошто мусулман жумушчулары менен чайрекерлер депутаттарынын Совети, 1917-жылдын майында Пишпекте Абдыкерим Сыдыковдун жетекчилиги алдында «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү түзүлдү. Ага чейин майда Казакстанда (Оренбург) шаарында түзүлүп, анын башчылыгына Алихан Букейханов менен Ахмед Байтурсынов өндүү буржазиялык,-демократиялык багыттагы топтун өкүлдөрү келишти. Алар башында турган «Алаш» партиясынын негизги максаты казак жана кыргыз элинин өз алдынча мамлекетин түзүү болду. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө өзбек жана кыргыз байларын жана мусулман дин кызматчыларын, интеллигенция өкүлдөрүн бириктирген Шура-и-Ислам (Ислам кенеши) партиясынын жергиликтүү уюму иштеди. Кыргызстандын аймагында Социал-Туран партиясынын жергиликтүү уюмдарын түзүү аракети башталды.

Буга жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрүнүн улутчул көз караште болгону, орус улутундагы кээ бир большевиктик лидерлердин шовинизм маанайдагы иш жүргүзгөнү негиз болду. Ушунун өзү большевиктер жергиликтүүлөргө колониялык саясаты улантарын көрсөтүп койду. Эзилип келген улуттардын кызыкчылыктарын эсепке алынбастыгы улам дайын боло берди. Курч турган улуттук маселелердин чечилишин күткөн жергиликтүү интеллигенциянын үмүтү акталбагандыктан алардын өкүлдөрү чукул маанайдагы аракеттерин баштаты.

Жаңыдан баш көтөрүп, эми гана көрүнө баштаган Түркстан мухтар жумуриятынын жетекчилерин жок кылуу үчүн большевиктердин жалан словяк улутунан түзүлгөн Кызыл армиячылары каптап кирип, Коkондо граждандык согуш башталды. Хан калаасы ок, дары, кан жыттанып, кара түтүн каптады. Автономго жардамга келчүү жолдор тосулду. Ал эми Кызыл армиячыларга Анжиан, Наманган, Маргалан өндүү жакынкы шаарлардан жардамдар берилип, биринин артынан, бири келип жатты. Өкмөт мүчөлөрү камакка алынып, асканын асып, атканын атып, качканы куугунтукка алынды. Эптеп аман калганы чет өлкөлөргө кетишип, из жашырышты. Кокон жумириятын жок кылууга большевиктер эч аянышпады. Эл чогулган жайлар, мечит-медреселер өрттөлүп талкаланды. Бул окуя болшевиктерди, бутуна жаны гана туруп келе жаткан Совет өкмөтүн элге жаман көрсөтүп койду. Мындай мыкаачылык, зомбулукка мусулмандар чыдап тура алышпады. Адилетсиздикке кыжырданган эл колундагы кетмен-күрөгүн, орогун ташташып басмырлагандарга каршы курал алышты. Ушул кандуу тополондо большевиктин башчылары да, кызыл командирлер да, динчилер да, карапайым эл өкүлдөрү да бири-бирине «басмачы» атала башташты.

Кызыл кыргын Фергана өрөөнүндөгү эки жүзгө жакын шаар-кыштак, айылдарды каптады. Маргалан, Анжиан, Наманганда кызылдар өрттөшүп, бейкүнөө адамдарды өлтүрүштү. Базар-Коргон, Сузак, Жалал-Абад, Ош жана башка кыштактарды да өрт каптап, зордук-зомбулук, өкүмсүрдү. Эл үркүп, тоо таянышты. Бул абалды көрүп-билген, кулак түргөн башка аймактыгылар ар ар жердеги жаныдан түзүлүп келе жаткан жаны өкмөттүн мүчөлөрүнө ачыктан ачык каршылык көрсөтө башташты. Карапайым калк өзгөчө оор абалда калды. Эгин эгилбей, түшүм алынбай, ачарчылык каптады.

Автономчуларды жазалаган кызыл кыргындан Маргаланды жети миндей, Анжианды алты миндей, Наманганды эки миндей, Базар-Коргон менен Кокон-Кыштакта беш миндей киши өлтүрүлдү. Армиян дружниктери менен кызылдар Коконду бир ай өрттөштү. Сузак, Базар-Коргон, Кокон-Кыштакта адам аттуу калбай, тоо-токойлорго качып, жашырынышып, көчөлөр ээнсиреп калды. Кокондогу Мухтар жумириятты кулатуу үчүн большевиктер эч нерсени аябады. Кеңеш өкмөтү убадага

турбагандарды, тил алып баш ийбегенди тукум курут кылууга жөндөмдүү экендиги аныкталды. Өз өкүмүн басып, басмачылап, мажбурлап аткартары билинди.

Түркстан эл комиссарлар кенеши Ташкен шаар думасын таркатып, буржазиялык гезиттерди жаптырышты. Дин мамлекеттен бөлүндү. Бардык байлыктарды большевиктер тартып ала башташты. Орусияга оңойлук менен кошула бербеген Орто Азиялыктарды куралдын күчү, же алдоо жолу менен болсо да шашылыш Советтештирүү керек эле.

1918-жылдын жайында жаш совет республикасынын согуштук саясий абалы оорлоду. Өлкөнүн түндүгүн англиялык-француздук жана америкалык ыраакы Чыгышты-япониялык жана англиялык империалисттер басып алышты. Германдык баскынчылар Прибалтиканы толугу менен ээлеп, Белорусияга, Украинага жана Донго кирип келишти. Баш-аягы капиталисттик он төрт мамлекет куралдуу интервенция уюштурушту. Совет өлкөсүнүн аймагынын төрттөн үч бөлүгүндө интервенттер жана ак гвардячылар кожоюндук кылып жатышты. Түркстан автономдуу республикасы аймагы жагынан РСФСРдин аймагынан бөлүнүп, Федерациянын борбордук органдары менен тыгыз байланыш болбоду. Маданий-экономикалык жактан артта калган Түркстанда Совет бийлигин орнотуу жана бекемдөө контрреволюция күчөгөн кыйын абалда калды.

Мусулмандардын кыймылын басууда орус кызыл аскерлери өзгөчө «каарданышты». Күнү-түнү мылтык үнү басылбай алоолонгон от, уюлгуган көк түтүн шаарды тумчуктуруп турду. Кокон автономиясын талкалоо мыкаачылык менен жүргүзүлдү. Маргаландан Анжиян, Намангандан Базар-Коргон, Кокон-Кыштактан Сузак биринен- бирине уланган большевиктердин жазалоосу кыргынга айланды. Муну көрүп турган эл айласыз коргонууга өтүштү. Кеңеш өкмөтүнө болгон ишеним жоголду. Түркстан аймагы чоң кыйроого учурады. Дыйканчылык токтоп, эл талаага чыгуудан таарканышты. Пахта иштетүүчү заводдор, көмүр кендери, ири дыйканчылык жерлер ээлеринен тартылып алынды. Жерсиз калгандар, менчигинен ажырагандар большевиктерге каршы чыгышты. Орусиянын ири шаарларындагы ачарчылык андан бетер күчөп, азык-түлүк барбай калды. Түркстан аймагында өзгөчө кырдалды көзөмөлдөө комиссиясы түзүлдү.

Түркстан аймагын колдон чыгарбоо, абалды жөнгө салуу боюнча шашылыш комиссия түзүлүп, тажрыйбалуу большевиктердин тобу жиберилди. Алардын негизги максаты диндик, тилдик, салттык жактан Орусиялыктарга кошула бербеген орто азиялыктарды кандай жол менен болсо да, советтештирүү керек болду. Алардын ар түрдүү аракеттери менен Ташкенде жумушчу жана мусулман депутаттарынын кеңештеринин бүткүл түркстандык 5-сьезди чакырылып, Түркстан аймагын РСФСРдин карамагыңдагы автономиялуу республика деп жарыялады.

Бирок орус кызыл аскерлери калкты кыйноону токтотушкан жок. Айыл кыштактарды, шаарды эркин аралап жүрүштү. Бир аз эле каршылык көрсөтүлсө, алардын талаптары аткарылбай калса эркек-аялына, бала-бакырага карабай жазалоого алып, атып, кылычтап өлтүрө баштashты. Туугандарын, жакындарын жоготкон адамдар, баягы менчигинен ажырагандар биригип алышып кек алуу үчүн аракет кыла, колдоруна курал алышты. Ошентип «басмачы» деген сөз эки тарапка тең тиешелүү болуп калды. Жергиликтүүлөрдүн арасынан элди коргоого үндөгөн эр азаматтар чыгып, өз топторун түзүп, күрөшкөнү менен большевиктер курал жана күч жагынан өктөмдүк кылышты. Орусиядан, татарлардан түзүлүп, аскердик даярдыктан өткөн кызыл аскерлерди алып келишип, жергиликтүү баш көтөргөндөрдү мыкаачылык менен жазалашты. Башкаларга сабак болсун дештиби кээ бир айылдардын калкын талап-тоношуп, өздөрүн талаага айдап алып барышып, атып жатышты.

Түркстандагы ички контрреволюция негизинен чет өлкөлүк капитал колдогон басмачылардын кыймылына таянды. Контреволюциянын Кыргызстандагы негизги базасы болуп, бир кездерде Орусиянын борбордук райондорунан көчүп келип, жергиликтүү элдин жерин басып алуу, орус, кыргыз кембегалдарын аесуз эзүү, эгин мал сатуу жолу менен байыгандар эсептелген буржазиялык улутчулдарга, байларга, ири көпөстөргө, молдолорго, ак гвардиячыларга таянган басмачылар чет өлкөлүк капиталисттердин колдоосу менен Совет бийлигин кулатып, феодалдык түзүлүштү орнотууну максат кылышты.

Фергана облусу граждандык согуш жылдары басмачылыктын борбору болуп калды. 1917-жылы 26-27-ноябрда Коконду өткөн мусулмандардын атайын чакырылган крайлык IV сьездинде «Кокон автономиясы»-Түркстандагы буржуазиялык

улутчул өкмөт түзүлгөн эле. Анын түпкү максаты Түркстанда Совет бийлигин жоюп, Кокон хандыгын кайра түзүү, Түркстанды Советтик Россиянын курамынан чыгарып, анда жашаган мусулмандарды Туркиялыктар менен бириктирүү болгон. «Кокон автономиясынын» башкаруучу төбөлдөрүнүн бири Эргеш баштаган топ 1918-жылдын январынан тартып куралдуу күрөшкө чыгышты. Бирок, бир айга жетпей, Кызыл Армия бөлүктөрү аларды талкалады. Эргеш тоого качып барып, күч топтоп беш жүз адам менен Фергана өрөөнүнө кайтып келди. Аларды курал-жарак, ок-дары менен Оогон жана Бухара эмиратынын реакциячыл күчтөрү камсыз кылды. Ферганада Эргешке Калкожо сыяктуу уурулук, каракчылык кылып соттолгон жети корбашы топтору менен кошулду. Эргеш корбашынын колу ыктыярдуу жана милиция отряддарынан бир нече жолу катуу сокку жеди.

Уламалардын колдоосунда өзүн хан деп жарыялаган кичи Эргеш 200 миң аскеринен калган 200 жигити менен Бачкир кыштагына (Кокондон 18 чакырым аралыкта жайгашкан) чегинген. Ал жерде 27-февраль күнү Кызыл Аскерлер дашнактардын дружинасынын бириккен күчтөрү менен болгон кагылышууда кичи Эргешке ок жаңылды. Анын ордуна чоң Эргеш шашылыш дайындалып, Бачкир кыштагында анын буйругу боюнча курулган чеп май айына чейин басмачылардын негизги таяныч пунктуна айланды. Ошол учурда чоң молдо Эргештин кол астында 18 миңден 24 миңге чейинки аскер топтолгон. Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын башын бириктирүү максатында мурда келише албаган. «Шура-Улама» менен «Шура-Ислам» саясий уюмдардын өкүлдөрүнүн демилгеси менен 1918-жылдын март айында Бачкыр кыштагында корбашылардын биринчи курултайы чакырылды. Ага кырктан ашык корбашылар катышты. Мусулмандар кошунунун башкы командири болуп бекитилди. Чоң Эргешке «Амир-ал-мусулмин» наамы ыйгарылды. Мадамин бек менен Шермухаммед (Көршермат) чоң Эргештин орун басарлыгына дайындалышты.

***

…Адмирал Колчак… жүз кырк беш миңдей колу, жүздөгөн замбирек, племеттору менен чыгыштан селдей болуп каптап, жаз айынын орто ченинде Уфаны басып алып, андан Белебай,

Бугулманы каратып, андан Самара, Сызран, Стоврополго карай жутунду. Аларга көмөк болгон ички душмандар кандуу каршылыктар, көтөрүлүштөрдү уюштурушуп, өлкөнү бүлүндүрүшкө аракеттеништи.

Кавказдын чыккынчылары менен ак казак-орустардан куралган «ажал дивизиону» аталган коркунучтуу колду Петроградды көздөй баштаган Корнилов ажыдаардай чамынды. Большевиктер партиясы элди корниловчуларга каршы аттанууга чакырды.

Англиялык интервенттерге, ак гвардиячыларга жана контрреволюциялык басмачыларга карша өзүнүн баатырдык күрөшүндө Түркстандын жумушчулар менен дыйкандары өлкөнүн бардык элдеринин дайыма колдосуна таянышты. Жаш республиканы жанчып таштоого аракеттенгендерге каршы, тезинен жаны армияны түзүү аны куралдандыруу жана машыктыруу талап кылынды. Шашылыш дал ошондой армия түзүлдү. Волгада ак чектерге каршы күрөш жаныдан эле бүткөн кезде,«Россияны жаны бошотуучусу» Колчактын армиясы пайда болду. Душман техника жагынан артыкчылыгы жана аскер санынын көптүгүнөн пайдаланып, 1919-жылы март жана апрель айларында көптөгөн аймактарды басып алып, токтобостон Волганы сүзүп өтүп, Москвага баруунга камына баштады.

Совет республикасына чон коркунуч пайда болду. Ленин «Баардыгы Колчакка каршы күрөшкө»-деген ураан таштап, Чыгыш фонтуна жардам берүү үчүн бардык күчтөрдү мобилизациялоого үндөдү. Чыгыш фронтундагы абалга байланыштуу партиянын Борбордук Комитети Тезис жарыялады. Партиянын чакырыгына жооп кылып, миндеген коммунисттер менен комсомолдор аскер бөлүктөрүнө өз ыктыярлары менен катталышты.

Кызыл Армиянын катарларында жалпы аскер бөлүктөрү менен катар улуттук бөлүктөр татар, башкыр жана башка турк элдеринин кызыл армиялык бөлүктөрү түзүлдү. 1919-жылдын күз айларынан Түркстан фронтунун М. В. Фрунзе командалык кылган советтик аскерлери Түркстан тосмосунан бузуп өткөн мезгилден тартып, айрыкча күч алды. Эн негизги уюштуруу жагындагы толгон-токой түйшүк кедергисин тийгизип жатты. Бригадада артилеристтердин өтө жетишсиздиги,баарыдан

мурда жоокерлерди кийим кече, курал-жарак жана башкаларды камсыз кылуу түйшүгү турду. Эн эле зарыл мылтык, пулемоттор, жарак-жабдык, ок-дары жетишсиз болду. Саясий бөлүм ишенимдүү саясий кызматкерлерден тобун уюштурууда жоокерлерди тамак-аш, улоо, зарыл керектелүүчү азык-түлүк, медициналык тейлөө согуштук курал, ок-дары өтө зарыл эле. Жокчулуктун кесепетинен жоокерлер массалык түрдө ооруп, мектептер чон-чон имараттар, орулууларга медицина кызматкерлери жетишпей, дары дармектердин тартыштыгы көпчүлүктү мукуратты. Темгилдүү  келте бүтүндөй аймакты каптады.

Чыгыш фронтундагы Тухачевский командалык кылган армиянын составындагы 59-аткычтар дивизиясынын Төбөлдүк 524-полку Тула шаарынын жумушчуларынан түзүлдү. Адмирал Колчак менен генерал Дутовдун ак гвардиялык армиясы талкаланып, Верный шаарындагы козголоң басылгандан кийин, ал Түркстандык 22-аткычтар полку болуп аталды. Полк Верныйда эки айга туруп, Жети-Суудагы жана шаардын чек жакаларындагы Совет бийлигинин тарабында турган казактардын, орустардын эсебинен толукталды. Командалык состав мурда падышалык армияга кызмат кылган, бирок кийин ак гвардиялык контрреволюциячылар менен болгон согушта сынактан өткөн офицерлер жана унтер-офицерлер эле.

Верныйда турган полк согуш тактикасын үйрөнүү, аскердик тартипти чыңдоо боюнча машыгуудан өттү. Кийимдер, куралдар Колчактын жана Дутовдун армиясы менен болгон согушта колго түшүрүлгөн олжолор болду. Полк үч батальондон, андан тышкары племеттон атуу жана жөө чалгынчылар командаларынан, кенже командирлерди даярдоочу командадан түзүлдү. Күз айынын башталышында басмачыларга каршы күрөшүү үчүн полк Ташкен шаарына жөнөтүлдү. Алар Ташкен, Урсатьевск, Кокон, Наманган темир жол бойлоруна бир нече эшолондорго бөлүнүп жайгаштырылды. Биринчи батальондун командири-Петровский Наманган шаарындагы горнизонду күчөтүү үчүн 8-аткычтар бригадасынын командири өз карамагына алды. Экинчи ботальондун командири-Терехов, Төрө-Коргондогу 3-батальондун командири-Трифонов, жөө чалгынчылардын начальниги-Воронов аттуу чалгынчылардын начальниги-

Михайлов, племеттук команданын начальниги-Журавлев жетек-тешти.

Аскердик даярдыгы жагынан полк жакшы баага арзыганы менен кийим-кече жагынан жупуну, курал-жарактан жетишсиз эле. Аны байкаган Фрунзенин көрсөтмөсү менен полктун өздүк составы бирдей түстөгү кийимдер менен жабдылды. Чет элдик согуш куралдары алмаштырылып, кем-карч болушунча толукталып, полк Англиянын, Туркиянын колдоосунан пайдаланып элге катуу кыянатчылык менен, барган жерлеринде зордук-зомбулугун, талап-тоноочулугун жүргүзүп жатышкан басмачылар менен күрөшүүгө Наманганга келди. Айыгышкан бир нече салгылашуудан соң басмачылар Төрө-Коргон менен Чусту таштап кетүүгө аргасыз болушту. Күйүк-Мазардан, Гавадан, Варзыктан түндүк тарапка чегиништи. Ушул салгылаштарда басмачылар көп жоготууга учурашты. Көп сандаган аттар, англиялык, немецтик, орустун курал-жарактары колго түшүрүлдү. Хожентти, Коконду, Наманганды, Касанды, андан кийин Урсатьевскиден Наманганга чейинки темир жол станцияларын ээлешти. Бирок, ага карабай басмачылар Анжиандан Наманганга чейинки темир жолду бузушту.

***

Фергана өрөөнүндө ири корбашылар Эргеш-Кокон, Анжиан уезин, Мадамин бек Скобелев менен Кокондун аралыгын, ошондой эле Маргалан уездинин Шааркан, Асакеге чейин жана Анжиан уездин Мойдунбек-Ноокат болуштугунан тартып, Наманганды түндүк бөлүгүндөгү Таш-Көмүр станциясына чейин, Жалал-Абаддын түндүк бөлүгүнөн тартып Чаткалга чейин, Рахманкул, Баястан, Арзымат, Аманкул корбашылар көзөмөлдөп турган. Мындан сырткары жогорудагы корбашыларга баш ийүү менен уездик масштабда, маселен Оштун тегерегинде Калкожо, Өзгөн тарапта Жаныбек, Маргаландын тегерегинде бир туугандар Шермухаммед менен Нурмухамбет, Наманганды тегерегинде Аман палван, Кабыл, Сатыбалды казы, Анжиандын тегерегинде Акунжан, Парпи корбашылар аракеттениишти. Чоң Эргештин кол алдында 18, Мадаминбекте 5, Шермухаммедде 6, Калкожодо 3, Аман палбанда 2.5, Парпиде 3.6, Мойдунбекте 4.5, Жаныбек казыда 5.7 миң кол топтолду. Фергана өрөөнүндө күз мезгилинде 9 ири корбашы-

нын карамагында 52 миңдей басмачы совет бийлигине каршы согуш жүргүзүштү.

Мадамин бек Наргинскиге он төрт жылга сүргүнгө айдалып, 1917-жылы мунапыс боюнча бошонуп келгенден кийин, Маргалан милициясынын начальниги болуп дайындалган болчу. 1918-жылы жайында бүткүл отряды менен басмачылар тарабына өтүп кетти. Басмачылар чет тараптан колдоого алынып, 1919-жылдын февралында Англиялык консул, мурдагы падышалык консулга жүз миң рубл, Кашкарга качып барган орус көпөстөрү жүз элүү миң рубл жардам берди. Мадамин бекти колдошкон Колчактын эки генералы англичандардын эки офицери келишип, ага полковник чинин ыйгарышты.

Ошол эле жылдын октябрь айында ири басмачылар топторунун корбашылары Айым кыштакта чогулушуп, курултай өткөрүштү. Ага Англиянын, Бухара эмираты, Түркстандагы улуттук буржуазиялык топтордун өкүлдөрү келип катышышты. Фергана аймагындагы Мадаминдин, Эргештин, Шермухаммед (Көршермат) жана Калкожонун башчылыгында, басмачылардын жүз элүүдөн ашык өкүлдөрү келишти. Анда биргелешкен топтор, Ош жана Жалал-Абаддагы кыштактарга, орустар жашаган аймактарга басып кирип, талкалоону макулдашышты.

Ноябрь айынын башында Мадамин бекке Фергана облусунун Кара-Дөбө айылында жашыруун англо-афгандык делегация, афгандык байлардын англиялык чалгынчылары кошулуп келишип, бир топ басмачылардын топторунда болу-шуп, акчалай колдоо көргөзүштү. Айдын этегинде Казан полкунун отряды, кызыл аскерлер менен биригип болгону 122 кызыл аскерлер басмачыларга каршы аттанышты. Беш миңден ашкан басмачылар көптүк кылып,кызыл аскерлерди камоого алышып, колго түшүрүшүп, жырткычтык менен кыйнап өлтүрүшүп, денелерин Кара-Дарыяга ыргытышты.

Мадамин бектин отрядында англиялык шпион Неисберг, бир тууган Ситковскийлер, Фаринский, генерал Муханов сыяктуу аскер кеңешчилери жана инструкторлор болгон эле. Мадамин өзүн «Ферганanын башкаруучусу» жана мусулмандардын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы-«Амир аль Муслимин» деп атаган болчу. Ал эми Бухара менен Фергана аймагынын мусулмандары «исламдын таламын жактоочулары»

жана «кедей-кембагалдардын коргоочулары» -деп аталышты. Мадамин бекке эң ири сегиз банда кошулду.

Англис агенттеринин үгүтү менен падышанын качкын ак гвардиячыл офицерлеринин азгырыгына ишенип, «Жаңы ляшкар башы» болууну самап, мансап кордук сезим менен Көршермат, Калкожо эшен, Аман Палбан корбашылар бөлүнүп чыгып кетишти. Ошол кездеги даңкы, кадыры өткүр Мадаминбек бөлүнүп кеткендерди эсине келтирип коюу максатында арага киши салып, кепке келишүүгө чакырды. Алар кепке келмек тургай, Мадаминбекке кайра душман болору, чекисттер тарабынан бир нече жолу эскертилди. Ал кезде Көршермат англисттерден чин алып, өзүн «амин ляшкар башы»- деп атап алса, Калкожо динге өтө берилген адам эле. Аман Палбан-эч кандай максаты жок, түн каткан талоончу болчу.

Басмачылар тынчыбады. Арадан бир ай өтпөй эле, контрреволюциячыл күчтөрдү бириктирүү максатында убактылуу Фергана өкмөтүн түзүү колго алынып, Мадамин бек башчы болуп дайындалды. Монстров башкы командачы, падышалык генерал Муханов анын орун басары болду. Арадан бир жума өткөндөн кийин Айым кыштагында корбашылардын курултайы болуп, Фергана өрөөнүндөгү 120дан ашкан басмачылар тобу, төрткө бөлүнүп, аларга Мадамин бек, Эргеш, Калкожо жана Көршермат башчылыкка көрсөтүлдү.

Басмачылар жергиликтүү калктын өкүлдөрүн: жумушчу-дыйкандарды жана коммунисттерди массалык түрдө өлтүрүп, шаар жана айылдыктарды талап-тоношту. Тынч жаткан калктын эгиндеринен, малдарынан салык алып, келин-кесек, кыздарды зордук менен алып кетип жатышты. Темир жолдорду, сугат тармактарын буздуруп, айдоо аянттарын аттарга тебелетишип, өрттөшүп, керектен чыгарып турушту.

Советтик, партиялык жана аскер жетекчилеринин биргелешкен кеңешмесинде Фергана фронтунун жаңы штабын түзүү чечими кабыл алынды. Фронттун башкы командачысы болуп, М.В.Софонов дайындалды. Революциялык Аскер Совети ал чечимди бекитип, Ош-Анжиян жана Кокон-Наманган аталган фронттун оперативдүү эки тобун түздү.

Түркстандагы комиссиянын иш-аракеттери жемишин бере баштады. Фергана өрөөнүндө боштондук кыймылын начарлатып, андан ары толук талкалоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Көтөрүлүшчүлөр өз базаларын толуктоо, ок-дары, аттарына жем-чөптү камдоо кыйындагандыктан, бийик тоолуу Алайга, Памирге орун которууга аргасыз болушту. Согуштан, ар кандай жыйындардан жана талап-тоноолордон тажап бүткөн жергиликтүү калктын айрым бөлүктөрү аргасыздан большевиктер тарабына өтүп, көтөрүлүшчүлөргө каршы чыга баштышты. Большевиктердин демилгеси менен жергиликтүү калктан көтөрүлүшчүлөргө каршы күрөшүү үчүн ыктыярдуу негизде өзүн-өзү коргоо отряддары, милиция жана улуттук аскер бөлүктөрү түзүлө баштады.

Миндеген куралдуу бандиттер айыл-кыштактарды талап-тоношуп, бей күнөө адамдарды өлтүрүп, Анжиан, Маргалан, Ош, Наманган шаарларына кол салып турушту. Анжиан, Жалал-Абад шаарларынын ортосундагы бирден бир темир жолу күн сайын бузулуп, Советтик жооптуу кызматкерлер, азык-түлүк топторунда, милицияда жана ЧКда иштеген активисттер, үйөздүк жана болуштук комитеттердин алдындагы аялдар кенешине барып турган аялдарды басмачылар кескилеп, өлтүрүп жатышты. Өз топтору менен Калкожо Ош жана Анжиан аймактарында, Мойдун бек эски жана жаны Ноокатта, Көршермат Кокон районунда, Мадамин бек Ферганасын жанында, Аман палбан Наманган районунда аябай жаалданып турушту. Ар бир түндө жергиликүү адамдардын бакырыктары угулуп жатты. Басмачылар Совет бийлигине тилектеш адамдарды жана добуш берген «төртүнчүлөр» деп аталган адамдары өлтүрүштү.

Жергиликтүү бийликтегилер көпчүлүк жашаган көчөлөрда, кыштактарда жыйын уюштурушуп, аларга коммунисттер, большевиктер Совет өкмөтүнүн саясатынын идеяларын түшүндүрүп жатышты. Элди баш-кошууга үндөштү. Басмачыларга каршы күрөшкө чыкырышты.

Күрөш мурда бир жактуу жүргүзүлчү. Бандиттер кыштактарга келип, кескилеп, өлтүрүп, чан-тополон сала, элди тоноп, кетишкенден кийин, ал кабарды уккан милициянын, кызыл аскерлердин чакан отряддары дароо жетип келишчү. Ал отряддын мүчөлөрү жабыр тарткандар арасында аман калгандарды суракка алып, басмачылардын капыстан кол салышканын, аларга жергиликтүүлөрдөн кимдер жардам бергендигин аныкташчу. Көп учурда андай маалыматтарды бергендер,

кийинки эле күнү кызыл канга бөлөнүп, өлтүрүлгөн. Аларды коргой турган эч ким жок эле. Ошондон улам жергиликтүүлөр билген маалыматтарын да айтуудан айбыгышкан. Басмачылар зомбулуктарын уланта беришти. Ар бир кыштакты, ар бир элдүү жайларды басмачыларга каршы күрөштүн таянычына айландыруу колго алынып, элди дайыма кайтарып туруучу кызыл аскерлердин чакан топтору түзүлдү. Бирок, басмачылардын ири сандагы топторуна алар эч кандай туруштук бере алышпады.

М.В.Фрунзе жаны тактиканы сунуш кылды. Ири элдүү топтордо кыштактарды кыдырып карап чыгуу, аларды бандалардан тазалоодо кызыл аскерлердин женил атчандар топтору түзүлүп, алар негизги бир-бири менен тез-тез байланышуулары белгиленди. Басмачылар кыштактарга капыстан кол салганда, гарнизон коргонуу согушун жүргүзөт. Ал эми ушул аймакта аракет кылып жаткан оперативдүү кавалериялык топ душманды тылынан курчап, аны талкалап турду.

Паравоздон, бир нече вагондордон жана замбирек менен пулемоттор үчүн ачык эле платформадан турган талаа тибиндеги бронопоезддер Анжиан-Кокон, Анжиан-Жалал-Абад аймактарында темир жол линиясын күчөтүп, басмачылардын ири топторуна каршы күрөш колго алынды. М.В.Фрунзенин көрсөтмөсү боюнча бронопоезддер менен броноотряддар маалмаалы менен келип турду. Бирок, бир тарабынан каардуу, ары амалдуу жана бир орундан экинчи орунга тез-тез жылып турган душмандарды бөлүп талкалоого кам көрүлө баштады. Бригада биринчи күндөрү Акбарали менен Маккамкожонун олку-солку болгон басмачылар топторуна бир нече жолу сокку урду.Бир туугандар Акбарали менен Маккамкожо элчи жиберишип, согуштук аракеттерди токтотууну өтүнүштү. Экөө тен Совет бийлиги тарабына өтүүгө даяр экендиктерин билдиришти. Алар эки айлык машыгуудан жана текшерүүдөн өтүп, Түрк кавалериялык бригадасынын төртүнчү полкуна кошулуп Колкожо менен Мадамин бекке каршы уруштарга катышышты.

Мадамин кызыл аскерлерге өтүп кетишкен Акбарали менен Маккамкожодон өч алуу үчүн Пайтак кыштагына үч минден ашык кол топтоду. Алар жакын жерде бригаданын комендант-тык ротасы жана эки бир туугандын отряддары турушкан болчу. 3-февралда Эргеш менен Мадамин бек Пайтактан сегиз чакырым жердеги Око-Обериде өз күчтөрүн топтоштурду.

Арасында орус офицерлери бар, душмандын үч минге жакын адамдары, эрте мененки саат алтыда Пайтакка ок ата баштады. Пайтак кыштагы бардык тарабынан курчоого алынды. Гарнизон жардамга өтө муктаж болуп, ротанын командири Гафировдун билдирүүсү келди.

Тревога белгиси боюнча Анжиандан бригаданын командири Ю.Ибраимов башчылык кылган женил атчандар отряды тезинен Гафировго жардамга аттанды. Кызылдардын чабуулуна туруштук бере албай Мадаминбек түштүк-батышты карай, Кара-Кол кыштагына чегинди. Басмачыларды куугунтуктап, Кара-Колду, Избаскентти, Кокон-Кыштакты басып алууга өтө күчтүү отряд уюштурулду. Анда  экинчи полктун аткычтар батольону, жөө чалгынчылар командасы, бригада тарабынан коменданттык командасы, женил атчандар отрядынын жүз атчаны, он алтынчы ковелердик полктун эскадрону жана Акбарали менен Маккамдын жоокерлери катышты. Эки күндүк уруштан сон, кыштакты ээлеп, Мадамин бекке толук талкалануу коркунучу туулду. Басмачылар  көнүмүш адаттарынча майда топторго бөлүнүшүп, алыскы кыштактарга качышты.

Душман тынчып жатпастыгын ар бирибиз жакшы түшүнөбүз. Айткандай эле февралдын башында Горбуа жана Тода кыштактарынын аймактарында Мадамин бектин жан-жөөкөрлөрүнө Колкожо менен Эргеш өз кошуундары  менен кошулуп, анда төрт минге жакын атчан басмачылардын бардыгын чалгындоо аркылуу билинди. Экинчи Түркстан дивизиясынын командиринин буйругуна ылайык Гарбуа,Тода аймагындагы Мадамин менен Калкожого каршы баруугa эки топ түзүлдү.

Кужелонун кавалердик бригадасы менен Ибрагимовдун командалыгы астында «он» аталган топ Горбуага тынымсыз, тез жылып отуруп, «сол» топ менен кошулуп, душманды талколоо планы иштелип чыгылды. Жолдо баратып биздин аскер бөлүктөр Шарихан жана Азиван кыштактарын ээлеп, ошондой эле Айым кыштагынын аймагын кошо тазалоого тийиш эле. Скоблев аталган «сол» топко кошулууга мүмкүнчүлүк болбоду. Горбуанын жанындагы басмачылардын катуу каршылыгына кабылып, кысымында калдык. Арга кеткенде Владкино станциясын көздөй чегинүүгө мажбур болдук. Ал жерде жоокерлерди бир аз тыныктырып, кайрадан душманга каршы

согушка аттандык. Беттешүү кыска убакытта болгону менен салгылаш өтө катуу жүрдү.

Душман Горбуанын жанында талкаланып, чегинди. Аскердик чалгындоонун натыйжасында Мадаминбек Балыкчы аймагында Үч-Дөбө жана Жар–Коргонго өтүп бара жатып, Кужелонун кавалердик бригадасынын бөлүктөрүнө туш келди. Кужело биздин негизги күчтөрүбүз жеткенче, душмандын кысымын токтотуп турду. Көршермат менен Калкожо Атава аймагында Пармановдун отрядына каршы согушуп жатты. Биздин жакын арадагы максатыбыз жана милдетибиз: Нарын жана Кара-Дарыя сууларынын он жээгине бектин шайкаларынын өтүп кетишине мүмкүнчүлүк бербей, катуу чабуул коюу менен талкалап жок кылуу Көршермет менен Калкожону Атавай аймагында топтолгон шайкаларынын калдыктарын биротоло тазалоо болчу. Бригаданын бөлүктөрүнө тезинен чабуулга өтүп душманга качып кетүүгө мүмкүнчүлүк бербей Нарын жана Кара-Дарыянын кошулган Балыкчы кыштагынын жанында камап талкалоо боюнча буйрук келди:

«Атвай кыштагынын жанындагы операциялар үчүн он бешинчи ковелериялык полктун 2- жүздүк аскер бөлүгү, 16- Түрк полктун эскадрону жана 2-кавалериялык полктун жүз атчан аскери Федченкодон чыгып, Парманов менен кошулууга Русское селосуна келишти. Пайтак, Хаккул-Абад горнизондору аркылуу телефон, ошондой эле «тез жүрмө» почта боюнча бригада штабы менен байланыш болуп турсун. Операциянын жүрүшү жөнүндө кабарлар ар бир эки саатта бригада штабына берилсин»-деп белгиленген эле.

Басмачылардын негизги күчтөрү флангалык соккулардан кутулуп, качып кетүүгө үлгүрүшкөндүктөн буйрук жарым-жартылай гана аткарылды. Бирок, кийинки бир катар кармашылуулардын натыйжасында советтик аскерлердин колуна түштү.

Бригаданын түзүлгөндүгүнүн бир жылдыгы белгиленди. Эрте менен Анжиандын борбордук аянтында шаарда жайгашкан бригаданын бардык бөлүктөрү, ошондой эле кавелерия бригадасынын аскер бөлүктөрү катарга турушту. Тыкан, кайраттуу жоокерлерди, алчыланган атчандарды корүү шаардыктарга жагымдуу эле. Анжиандын көчөлөрү, жалпак үйлөрдүн үстүлөрү элге толуп турду. Оркестр ойноп Ташкенттен, Ферганадан, Кокондон жалпы Түркстан фронтунун

бөлүктөрүнөн келген меймандар тосуп алынды. Митинг башталып, аскер бөлүктөрүнөн өкүлдөр чыгып сүйлөштү. Андан кийин парад болуп, бригаданын жоокерлери катарын бузбай, тегиз арыштап, шаардын көчөлөрүнөн салтанаттуу марш менен өтүштү.

Жылдын башында фронттун Револоциялык аскер Совети менен Түркстан Борбордук аскер комитети көп кан төгүүлөрдү болтурбоо максатында басмачыларга өкүлдөрдү жөнөтүп, жарашууга чакырдык. Анткени басмачылардын катарында үйлөрүнө кайтып келүүнү каалап жүргөн, алданган дыйкандар бар эле. Сүйлөшүүлөргө бардык эле басмачылар макул боло бербеди. Алардын басымдуу бөлүгү буржуазиялык улутчулардын тукуруусуна берилип, англиялык интервенттердин колдоосуна таянып,кызыл аскерлерге каршы катаал күрөштү улантып жатты.

Басмачылар менен күрөшүүдө Фергана өрөөнүндө фронттун чеги, кайсы жерден өтөөрүн билүү да кыйын эле. Бардык жерде күчөтүлгөн сакчылар коюлбай, гарнизондун жоокерлери да, бейкут калк да, өрөөндүн эч бир жеринде тынч уктап, коопсуз тиричилик өткөрө алышпай калышты. Кызыл армиянын Генштабынын кызматкери Ф.Ф.Невицкий «Фронт кайда? Чек кайда? Деги, алар канча?» деп, көп ирет суроо койчу. Басмачылардын түн ичинде, кээде күп-күндүзү эле тынч тиричилик өткөрүп жаткан элге капыстан кол салышып, жоолукканын кылычтап, бычактап, атып өлтүрүшүп, чан-тополон салыша, кайда кеткендерин билгизбей, көздөн кайым болушчу.

Мындай абалга жергиликтүү шарттарды жакшы билген коммунисттер, Совет бийлигинин органдарынын кызматкерлери, айыл активисттери менен тыгыз байланышта аракет кылууда жергилүүктүү акылман, ан-сезимдуу, абройдун ээлери болгон аксакалдар, жаштар тартылды. Алар басмачыларга каршы урушка катышышып тим болушпастан, алардын ири шайкаларын эл тарабына өткөрүү боюнча коркунучтуу операцияларга катышып жүрүштү. Кээде алардын өмүрүнө чон коркунуч келтирип, кымбатка түшчү. Көбүн кармап алып, өлтүрүп да жатышты. Айрым активисттерди атайылып издеп келишип, көздөрүн тазалашты. Бригада комиссары, баатыр солдат Бакир Белоусов корбашы Жиноятханды кызыл аскерлер

тарабына тартууга барган учурда, аны басмачылар кыянаттык менен кыйнап өлтүрүштү.

Аскерлердин саясий бөлүмдөрү жана совет бийлигинин жергиликтүү мекемелери Түрк комиссиясы жана Түркстан компартиясынын борбордук комитети жүргүзгөн иштерге Фергана аймагынын калкы улам кошулуп жатышты. Басмачылардын тамыры биротоло жок кылынбады. Көп узабай алар кызыл армияга каршы согуш аракеттерин кайра башташты. Өрөөндүн чет тарабына, тоолуу аймактарга топ-топ болушуп кетип жатышты. Айрым караңгы адамдарды үгүттөшүп, кээ бирлерине жалган байлыкты убада кылышып, кээлерин коркутуп, мажбурлап алып кетип жаткандыгы билинди.

Түркстан фронтунун революциялык аскер кенешинин буйругу боюнча бир катар жерлерде «женил атчандар» отряддары түзүлүп, ага жергиликтүү эр жүрөк жигиттер тартылды. Мындай топтор Коргон-Төбө, Кара-Суу, Хаккул-Абад, Жала-Абад, Пайтак, Базар-Коргон, Эски Ноокат, Жаны-Ноокат, Гүлчө, Лянгар, Избаскент, Аман-Чура, Ош, Анжиан горнизондорунда уюштурулду. Жумушчулардын командалыгы алдында темир жолчулардын жана кыш заводунун кызматчыларынан бир нече роталар түзүлдү. Анжиан-Ош согуш району участкаларга бөлүнүп, анын ар биринин жетекчилиги айыл-кыштактардагы бардык майда горнизондорду бириктирүүгө макулдашылды. Анжиан-Ташкент, Анжиан-Жалал-Абад, Анжиан-Наманган темир жолдорун күзөтүү үчүн М.В. Фрунзе кошумча иретинде эки бронопоездди №10, №23- поезддерин, аэростат жана «Эзилгендерди куткаруучу», «Эр жүрөк» жана «Ырайымсыз» деп аталган үч брономашинасы бар 17 бронетопту жиберди.

Кызылдардын күчтөрүн топтоштуруу чараларын билген басмачылар, өздөрүнүн майда топторун бириктирип, ар бири эки, үч миңге жеткен кошундарды түзүп жатышты. Корбашылар чечкиндүү аракеттерге өтүштү.Кырк, элүү градуска жеткен ысыкта кызыл аскерлерди, элди суусуз калтырышып, жапа чектиришти. Дарыялардан бөлүнүп айыл аралаган арыктагы сууларды бөгөштү. Айрым жерлерде, сууларды арык, каналдарга коп бурушуп, айыл-кыштактарды селге каптатышты.

Басмачылардын кара санатай айла-амалдары аябай чектен ашты. Кызыл армиядагы жоокерлердин эрки майышпады. Бардык кыйынчылыктарга чыдашып, эр жүрөктүүлүгүн

жана кайратмандуулугун көрсөтүштү. Көпчүлүгү безгек менен оорушса дагы, шайды кетирген чанкоолорун басууга тамчы суу таппай жатышты. Сыркоо менен чанкоого туруштук беришип, душман менен жан аяшпай салгылашып жатышты. Басмачылардын ири тайпаларынын чаабуулдарынын мизин кайтарып турушту. Кужело, Ушаков, Пармановдун аз сандуу ковелердик бригадалары, жана андан тышкары женил атчандар топтору душмандардын чабуулуна туруштук беришип, кайра аларды куугунтукка алып турушту. Камоодо калган горнизондорго жардам көрсөтүшүп, чагылгандай чамынышып, тийип-качып, аларды алагды кыла, кармаша беришти. Басмачылар кызылдардын женил атчан топторуна бет келүүдөн качышып, тайсалдашты.

Көршермат Горбуанын жанында талкаланган сон, бир азга из жашырган эле. Анын жөн жатпасы биздикилерге белгилүү болчу. Бары бир кек алыш үчүн күч топтоп келет деп күттүк. Биз ойлогондой эле Анжиандын түштүк тарабындагы жыйырма чакырым аралыктагы Жаны-Чек, Булак-Башы кыштактарында бир жарым минден ашуун атчандарды топтоп жатыптыр.

Татар бригадасы менен Кужелонун кавелеристтерин коштогон он бешинчи кавелеристтик полк Нияз-Баатыр кыштагы тарабынан аракет кылууга тапшырма берилди. Анда Көршерматты тоого качып кетүүгө мүмкүндүк бербей, турган жеринде талкалоо белгиленди. Бир нече кагылуушудан кийин Жаңы–Чек кыштагы душмандан бошотулду. Бирок, басмачылар жан алакетке түшө коргонушуп, Татар бригадасынын Коновалов командалык кылган төртүнчү ротасынын турган горнизонду Булак-Башы кыштагында камоого алууга үлгүрүштү. Жердин шартын толук өздөштүрө албаган кызыл аскерлер ыңгайсыз абалда калышып, ок-дарылары түгөнө баштаган болчу. Ок дарыларды жүктөгөн араба жакын жерде болгону менен анын айланасын душмандар ээлеп алган эле. Пулемотчу курман болуп, анын ордун Коновалов өзу ээлейт. Бирок тынымсыз атышуудан улам, сызмасында ондон ашпаган патрон калган. Жоокерлерде да төрт-бештен ашпаган гана патрондору бар болчу. Окко жетүүгө аракет кылган жоокерлерди алар үлгүртпөй атып жатышты.

Ок атуунун басандай түшкөнүн байкаган басмачылар, улам курчоого алып, жакындай башташты. Айласы кеткен жоокерлер

курчоону жарып чыгып кетүүгө канчалык аракет кылышса да, душмандар алды-аркаларынан кысышып, шакектей ороп кетишти. Кановалов оор жарадар болуп, оордун Бочаров ээледи. Октору такыр түгөнгөн жоокерлер найзалашууга өтүштү. Басмачылардын кысымына тируу калган жоокерлер батырлыкты көрсөтүшүп, башка бөлүктөр жардамга келгенче салгылашып жатышты. Жөө аскерлер кыштактан чыгуучу жолдун баарын ээлешип, улам илгерилей беришти. Ангыча аттуу эскадрондор кирип келишип, басмачылар менен көчөмө-көчө чабышып, ары сүр, бери сур болуп жатышты. Бир нече саатка созулган кармаш, кызыл аскерлердин пайдасына чечилип, тирүү калган басмачылар багынып беришти. Бирок, Көршерматтын караанын эч жерден жолуктура алышпады. Көрсө ал, милиционердин кийимин кийе коюп, жашырына качып, курчоодон чыгып кетиптир.

Ак-Босого станциясын басып алуу үчүн басмачылар катуу чабуул уюштурушту. Жоокерлер жайгашкан үйдү такыр жок кылууга аракеттенишип, тынбай ок жаадырышып, жакын келип от коюшту. Кызыл аскерлер атышып жатып өрттү өчүрүүгө үлгүрүштү. Болгону анда он кызыл аскер, үч телеграфис аялдан турган горнизон бар эле. Уламдан улам чамына ат коюшкан, душмандарга багынып берүү өлүм. Басмачылар аларды тирүү калтырышпай, кыйноонун ар турун колдонушуп, өлтүрөрү анык болчу. Аны жакшы билген станциядагылар басмачылардын чаабуулдарына туруштук беришип, кызыл атчандар келгенге чейин коргонуп турушканы, жоокерлерге чоң таасир калтырды.

Басмачылар менен болгон кармашта кызылдардын катары мурда Урал, Оренбург жана башка фронттордо салгылашкан аскер бөлүктөрүнүн жоокерлери менен толукталып турду. Бирок келип кошулган жоокерлер менен командирлер жергиликтүү шарттарды билишпей «басмачы» десе эле олуттуу душман деп түшүнүшкөн. Алгачкы эле салгылаштарда алар басмачылар арасындагы куу жана айлакер амалдарын байкашып, өтө сактык менен кароого мажбур болушту.Кээде кырдалды толук андап, ага жараша иш кылуу кымбатка да тушуп жатты. Жаныдан келген командирдин өзүнө ашкере ишенген окуя болду.

1920-жылы 18-июнда Коргон-Төбө горнизонунун начальниги Лавровдон кабар келди. «Калкожо, Барпы, Көршерматтын бир тууганы Жолчу эки минге жакын атчандарды топтошуп Коргон-

Төбөгө, Күрүч-Мазарга, Кара-Сууга капыстан кол салып турушат. Ханабадды курчап алышты. Калкожонун баш кесерлери Коргон-Төбөдө жергиликтүү бир нече адамды союшуп, Совет бийлигин жактаган жыйырма кишини туткундап кетишти. Көрүнүктүү жайларда илинген ундөөлөр менен плакаттарды жулуп, айрып, Айым-Кыштак тарапка өтүп кетишти-деген кабар талкууланып, бригаданын командири заматта буйрук берди.

«Душман ири күчтөрдү Айым-Кыштакка топтоштуруп, Коргон-Төбө, Күрүч-Мазар, Кара-Сууга кайрадан чабуул жасап, аларда жайгашкан биздин горнизондорубузду курчап алууга жана жок кылууга аракеттенип жатышат. Коргон-Төбө горнизонуна колдоо жана жардам көрсөтүп Калкожо менен Барпынын башкесерлерин талкалоого буйрук кыламын.

2-полктун командири М.Романов 17-автоброне отряддын командиринин карамагына племоту бар жыйырма адамдан турган комендант командасын жана атчан чалгынчылар командасын бөлүп берсин.

Автобронотряддын командири бириккен отрядды (броно-машина, жук ташуучу автомашинага отургузулган жөө аскер, мотоциклисттер жана атчан чалгынчылар командасы) түзүп, горнизон менен бирге аракет кылуу үчүн Коргон-Төбө станциясына жүрүшкө чыксын. Жер шарттарын жана душмандарды чалгындоо учун атчан чалгынчылар командасы пайдалансын»-деген талабы аткарууга алынды.

Бириккен отряд Анжиандан жүрүшкө чыгаардын алдында анын командирине

-«Калкожо өтө куу жана айлакер. Ошондуктан Коргон-Төбө горнизону менен тыгыз байланышта аракет кылуу керек»-деп, катуу эскертилди.

Отряддын командири ага маани бербей, эрсине жылмайды.

-Эмнени айтасынар. Биз Фортунатов менен Беловду талкалаганбыз. Ал эми булар… алардын денгэлине жеткиче, али көп бар,-деп колун шилтеп басып кетти.

Лавровдон автобронотряд «Эзилгендерди куткаруучу» броновиги менен бирге Коргон-Төбөгө келди да, 9 саат 30 мүнөттө душманды куугунтуктап, Айым-Кыштакты карай жөнөдү-деген кабар келди. Дароо Лавровго буйрук жиберип, тезинен бронотряд менен байланышууга жана биргелешип

аракет кылууга буйрук бердик. Бирок, эртесинде андан бул жолу өтө чочулаган кабары келди.

-«Коргон-Төбөдө согушуп жатам. Душман ири күчтөрү менен горнизонду курчоого алып жатат. «Эзилгендерди куткаруучу» броновиги жана отряд менен байланыш түзө албадык. Чалгынчылар Айым-Кыштакка чейин жете алышпады. Агентердин маалыматтарыны караганда броновикти басмачылар куурчап алышып, жөө аскерлер отрядын кескилеп, өлтүргөн имиш. Бригаданын оперативдүү бөлүмүнүн начальниги Ласовский душман колунан каза тапты».

Бригаданын командири Талковский менен бирге биз курчоодо калгандарга жардам берүүгө аттанууну чечтик. «Ырайымсыз» броновиги, мотоциклисттердин бир звеносу, сапердук команданын 80 жоокери, бригаданын саясий бөлүмүнүн атайын ротасы, Анжиан шаарынын партиялык дружинасы жана №10-бронопоезд курамында болгон топ тезинен түзүлдү. Отрядка эки плумет жана эки замбирек берилди. Муну менен бирге согуш аракеттери жүрүп жаткан жерге 13-кавалердик полктун эскадрону жиберилди. Экинчи полктун командири Романовдун жетекчилиги алдындагы отряд тез жүрүүчү поезд менен бат эле Коргон-Төбө станциясына жетип келди. Катуу кармашта басмачылар чегиништи. Бирок, биздин биринчи отрядыбыз кыштакта курман болушкандыгы жөнүндө кабар заматта жетти. Айыгышкан согуш Кара-Суу станциясында, Хаккул-Абадда да, Күрүч-Мазарда да алардан сырткаркы башка жерлерде күч алып жатты.

Калкожонун негизги күчтөрү Айым-Кыштакта жайгашкан эле. Чалгындоонун маалыматына караганда, анда эки минден ашык басмачылар жана мыкты куралданган бир нече жүз ак гвардиячылар топтолушкан. 13-полктун эскадронунун келишин күтпөгөн, тезинен Айым-Кыштакка чабуул коюп, душманды капысынан курчап алып, жок кылууну чечтик.

20-июнда саат он алтыда кыска митинг өткөрүп, отряддын командири чыгып сүйлөп, баш кесерлерге каршы аесуз кармашууга  кызыл аскерлерди үндөп, Айым-Кыштакка карай баштап жөнөдү. Катуу жүрүш менен Шааркан-Сай дарыясын кечип өткөн соң, катуу кармашта курман болушкан жоокерлердин жана басмачылардын өлүктөрүнө кезиктик. Ал жерде аттардын, адамдардын олуктору аралашып жатат.

Өрттөлгөн машиналар жүгү менен күйүп жатат. Кызыл аскерлер мыкаачылык менен кескиленип өлтүрүлгөндүктөн алардын кимдигин таануу да кыйын эле. Каарданган басмачылар алардын көздөрүн оюп, кулак-мурундарын кескилеп, буту-колдорун манжаларын шылый чабышкан. Алардын денелерин Анжианга алып келгенибезде өз бир туугандары, жакындары да тааный алышпады. Бир гана Татар бригадасынын оперативдүү бөлүмүнүн начальниги Ласовскийдин кескилеп, кыйнап өлтүрүүдөн улам, денеси бүтүндөй канга боелуптур. Акыры мойнундагы калынан улам, аялы аран тааныды.

Басмачылардын жырткычтыгына кабылып, кескиленип өлтүрүлгөндөр сүрөткө алынып, Түркстан Борбордук Аткаруу комитетине жиберилди. Баатырлардын сөөгү аскердик сый-урмат менен Анжиан шаарынын көрүнүктүү жайына коюлду. Басмачыларга каршы күрөштүн өзгөчөлүгүн билген адамдардын кенештери менен көрсөтмөлөрүн отряддын командири этибаралбай койгондугу ушундай кырсыкка, орду толгус жоготууга алып келди.

Биз андан аркы жүрүшүбүздү улантып, Айым–Кыштакка жетип келдик. Уруш тынымсыз үч күнгө созулду. Биринчи, экинчи күндөрдөгү кармашта биз эч кандай ийгиликке жетише албадык. Алар сан жагынан бизге караганда артыкчылыктары бар эле. Корбашылар селдей каптаган атчандарын чабуулга аттантып, кызылдарды талкалоого чамынып жатышты. Жоокерлер бир кадамга артка чегинбей, туруктуулук менен салгылашып турушту. Отряддагылардын эч кимиси укташпады. Абал улам кыйындай берди. Жоокерлер коргонууга өтүшүп, ок атуу чегине кыркалай жатышты. Ок дарыларды ташып келүүгө Коргон–Төбө станциясына жөнөтүлгөн жүк машина кайтып келбегендигинен улам, душмандын колуна түшүп калды деп чочуладык.

Биздин абал улам оорлой берди. Патрондор түгөнүп, ар бир замбирекке онго жетпеген снаряддар гана калган болчу. Жакынкы Кара-Суу, Күрүч–Мазарлардан алынган кабарлар да кубанаарлык эмес. Ал тарапта Аман-Палбан менен Көршерматтын баш кесерлери аракет кылып жатышты. Отузга жакын Избаскентке жиберилген кызыл аскерлердин отряды көп жоготууга учурады. Эскадрондун командири курман болуп, запастык ротанын командири Усманов катуу жараланды.

Коргон–Төбө менен Күрүч–Мазардын ортосундагы темир жолду үч чакырымга чеин бузуп, биздин бронопоезддин жолун бөгөп салууга үлгүрүшүптүр. Анжиан менен байланыш үзүлдү. Айым–Кыштактын айланасындагы арыктарга салынган көпүрөлөрдү, Кара–Дарыядагы көпүрөнү басмачылар атайлап өрттөп салышты. Эзилгендерди куткаруучу броновигинин экипажы жөнүндө чалгынчылыр жаман кабар алып келишти. 20-июнда Калкожонун баш кесерлери машинаны колго түшүрүш үчүн курчап, экипаждын жоокерлери акыркы окторуна чейин салгылашканына карабай, аларды туткундашып, жырткычтык менен кескилеп өлтүрүшөт. Броновиктин кайда экени бизге белгисиз бойдон калды.

Түн бою командирлер менен саясий кызматкерлер кырка жаткан жоокерлерди кыдырып, алар менен ангемелешип, женип чыгуунун ишенимин пайда кылышты. Танга маал туман суюла баштаганда ок-дарылар жүктөлгөн машина Коргон –Төбөдөн душмандардын тосмолорундагы чон коркунучтарга карабай бузуп отуп, бизге жете келди. Аларга удаа эле Татар ковелердик дивизону менен 13 –ковелердик полктун эскадрону да келип кошулушту. Анткени менен эскадрон негизинен корбашы Хамдамдын мурдагы басмачыларынан түзүлүп, кыйын учурларда оной эле чыккынчылык кылып, бизди таштап кетиши мүмкүн эле. Канткен менен биздин көнүлүбүз көтөрүлүп калды. Айым–Кыштакты артилерия менен аткылагандан кийин бардык роталар чабуулга өтүштү. Душман жайгашкан аймактын тылына чыгып, анан түштүккө чегинип кетүү жолун тосуп салуу үчүн ковелерия дивизонун жана брономашинаны айланып өтүүгө жиберилди.

Кавалерия басмачыларга тылдан чабуул коюп, кыштактын четки көчөлөрүнө кирип барды. Жоокерлер да кысымын күчөттү. 23–июнда эртен менен душмандын аткылаган огуна карабай, суудан өтүүчү көпүрөнү шашылыш ондоп, Айым–Кыштакты аралай кирип бардык. Басмачылар качууга аргасыз болушту. Негизги Калкожонун башкы күчтөрү талкаланып, өзү болсо жана жан жигиттери болуп, тоо аралай качып кетти.

Айым–Кыштакты басмачылардан тазалаган соң, биз жоголуп кеткен «Эзилгендерди куткаруучу» броновикти издөөгө алдык. Көпкө чейин эч бир дареги чыкпады. Машина жөнүндө эч бир жан маалымат айта албады. Анткени кыштактын адамдары,

кыштактагы кармаштан чочулашып, тоолорду аралай жашынууга кетишкен эле. Көп убакыттан соң жоокерлерге эки абышка учураптыр. Алардын айтуусунда броновекти басмачылар бузуп, аттарга сүйрөтүп барышып, Кара–Дарыяга чөктүрүп жиберишкенин билдиришти. «Эзилгендерди куткаруучу» броновеги, суу түбүнөн, алынып чыгып, мастер Романовдун күчү менен ремонттолуп, катарга кошулду.

Абалды талдоого алуу, ал жердеги партиялык жана советтик мекемелердин ишин жөнгө салуу үчүн борбордон жиберилген комиссия аймактагы терс иштери менен өзүн булгаган кадрларды бийлик орундарынан кууп-таратып, башкарууга жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тарта баштады. Кызыл Армияга катуу тартип киргизилип, дыйкандарды, айрыкча жергиликтүү калкты талап-тоноп, кысымга алгандар үчүн атуу жазасы киргизилди. Исламдык укуктук нормаларды, вакуфтарды жанан мечиттерди калыбына келтирди. Мындай саясат жергиликтүү калктын большевиктерге болгон ишенимин бир кыйла жакшыртып, алардан аскердик бөлүктөрдү түзүүгө жардам берди.

Большевиктик күчтөрдү кайра топтоо боштондук кыймыл басаңдап калган мезгилде болду. Дыйкандар согуштан жадап бүткөн эле. Тынымсыз уланып жаткан согуш аракеттери алардын чарбачылыгына тоскоолдук кылып, бүлүнткөн болчу. Эми алар көтөрүлүшчүлөрдү багууга кудреттери жетпей калган. Оордоп бара жаткан кырдаалда көтөрүлүшчүлөрдүн арасында ички ыйкы-тыйкы, чыр-чатактар күч алды. Аны аймактагы большевиктик жетекчилик билгичтик менен пайдаланды. Өз ыктыяры менен колго түшүп берген көтөрүлүшчүлөр мурдагыдай атылып салбастан, өзүнүн кетирген күнөөлөрүн актоо үчүн мурунку куралдаш жолдошторуна каршы күрөшүүгө аргасыз кылды.

Жергиликтүү советтердин демилгеси менен коомдук тартипти чыңдоо боюнча Түркстан республикасынын шаарларында «Кызыл гвардия жөнүндө Жобо» бекитилип, коомдук тартипти сактоо боюнча куралдуу отряддар түзүлө баштады. 1918-жылдын башында Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында жумушчулар дружинасы, Жалал-Абад жана Өзгөндө өзүн-өзү коргоо отряддары уюштурулду. Ал бара-бара Кызыл гвардиянын отряддары Кызыл Армиянын бөлүктөрү болуп

кайра түзүлдү. Кыргызстандын милициясы чет өлкөлүк интервенция жана граждандык согуш жылдары ВЧКнын органдары менен тыгыз байланышта иштей баштады.

Фергана аймагындагы жаш Совет Республикасынын бийлигине каршы Кокон автономиясындагылар менен гвардиячылардын бириккен таптарына каршы Түркстан Борбордук аткаруу комитети Кызыл Армиядагы орус солдаттары менен биргеликте үч жүз адамдан турган милициянын тобун түзүп аларды курал-жарак менен камсыздоого шашылыш көрсөтмө берген болчу. Ошол кезде Памирдеги чек ара аскер отрядынын командиринен «Памир-Алай чек аралары өзгөчө стратегиялык жана саясий маанидеги чек аралар эле. Алай өрөөнүндөгү мерчемдүү жайлар да басмачылардын жолун тосууга жана кошумча постторду уюштурууга Гүлчөдөгү негизги өтмөктө көзөмөлдү күчөтүүгө, чек ара аскерлеринин санын төрт жүзгө жеткирүү өтүнүчү менен Түркстан аскер комиссариятына атайын кат келди. Абалды чындоо жана чек араны катуу көзөмөлдүккө алуу чаралары иштелип чыгылып, тиешелүү жетекчилерге милдеттендирилди. Чындыгында эн алгачкы түзүлгөн жаш Совет Республикасынын абалы, айрыкча чек араларды кайтаруу маселелери өтө оор эле. Чек араларда мурунку падышалык мезгилдеги келишимдин негизинде көзөмөлдүккө алынып, аскердин шартына көнүл бурулбагандыктан чет өлкөлүк интервенттер кайсыл мезгилдерде болбосун тосколдуксуз ары-бери өтүшүп, өздөрүн эркин сезип жүрүшкөн.

Жакында эле ак гвардиячылардын полковниги Тимофеев Бухара аркылуу Ташкентке келип, Кытай аркылуу Индияга өтүү максатында отряддагылар менен оюна келгенин жасап, жергиликтүү элдерди талап-тоноп, мыкаачылык иштерди жасагандыгы кабарланган. Ал жетектеген отряддын катарында бандит, баш кесер, ууру, адисинен ашкан канкорлор бар эле. Алар Лянгар өтмөгүнөн ээн эркин, тоскоолдуксуз өтүшүп, Оогандык төрт мадиярды жолдо өлтүрүшөт. Ага удаа эле Алайдагы чек арада кызмат кылып жүргөн фельдшер Носовду жана Памир өтмөгүнүн начальниги Чудиновдун өлтүрүлүшү да алардан күмөндөлүп жаткан.

Тимофеевдин баш кесерлери социал-демократ партиясынын мүчөсү чех улутундагы доктор Вичичти жана отряддын начальниги Павел Воловикти туткундашып өздөрү менен ала

кетишет. Жолду ката отряддагылар жергиликтүүлөргө азап көрсөтүшүп, мал-мүлктөрүн талап, жабыр тарттырышты. Эркеч-Там чек арасына жете беришкенде доктор Вичич менен Воловик биргелешип, азык-оокаттары, жылуу кийимдери жок алардын тобунан качып чыгышты. Аябай кыйналышкан туткундар тоо аралап качышып, жашынып жүрүшүп, жайлоодогу айылдарга барышат. Жергиликтүүлөр мусапыр болгон экөөнү тойгузушуп, жылуу кийим беришип, улам бир айылдан экинчи айылга узатышат. Туткундар Тимофеевдин отрядындагыларга жолугуп калуудан коркушуп, көпкө чейин эл аралашып, ээн талаа,эгиз тоолорду басышып, акырында Сопу-Коргонго келип, чек арачыларга кабылышат. Ал жердегилер Ташкентке жиберишет. Барган жерде өз абалдарын толук баяндашты. Аскер комиссариятындагыларга Повел Воловиктин таржымалы дайын эле.

Дьяковдун балдары Таричан менен Алексейдин атасы дворянин Михаил Алексеевич Дьяков Твер губерния-сында жашап, адистиги врач. РСДРПнын мүчөсү, большевик эле. 1902-жылы М.А.Дьяков революциянын ишине активдүү катышканы үчүн Твер губерниясынан башка жакка айдалат. 1905-жылкы революциядан кийин Самара губерниясына келип, холера оорусуна каршы күрөшөт. Революциядан кийин бардык күчүн, болгон билимин элге арнайт. 1919-жылы Троицк шаарындагы дарылоо бөлүмүн башкарып, шаардагы балдар мекемелерин тейлейт. Тиф эпидемиясы башталат. Уулу Алексей да врач, тифти айыктыруучу госпиталды башкарууга бекитилет. Михаил Алексеевич тифти жуктуруп алып, андан ажал табат.

Таричан Дьяков Томдогу политехникалык институтта окуду. 1917-жылы большевиктер партиясына мүчө болду. Граждандык согуш мезгилинде армиянын катарына чакырылып. 1919-жылы партиянын тапшырмасы менен Украинага келип, бандиттер менен күрөшүүгө катышты. 1919- жана 20- жылдары 10-армия-нын өзгөчө бөлүмүндө иштеп, Түркстан фронтунун өзгөчө бөлүмүнө которулуп, өз милдетин так аткарып жүрдү.

Түркстан Борбордук Аткаруу комитети мамлекеттик чек араны кайтарууну жана Совет бийлигин Памир аймагында чындоо максатында кошумча топту жөнөтүүнү чечти. Бул топ тарыхта «Жаны бийликти Памирге орнотуу саясатында

«аскердик экспедиция» деп аталып калды. Борбордук аткаруу комитети ал топко бийликтин бардык күчүн пайдалануу укугун берди. Ал топтун башчысы болуп Таричан Михаилович Дьяков дайындалды. Памир отрядын өзгөчө бөлүмүнүн жетекчисинин карамагында жыйырмадай адам бар эле. Кызыл армиячылардын көпчүлүгү басмачылар менен күрөшүүнүн бай тажрыйбасына ээ болушкан эле.

Отряд Оштон 1921-жылы августь айынын башталышында чыгышты. Гүлчөгө чейин тынч, бейкапар келишти. Гүлчөдөн өтүп Сопу-Коргон айылына жете бергенде басмачылар менен кармашууга туура келди. Бир топ атышуудан сон душмандар алыстап кетишти. Отряддын сапары токтогон жок. Сүрдүү тоону аралаган топ жолго түнөшүп, бир нече күндөн сон Хорогко жетишти. Жыйырма төрт жаштагы Дьяков тартипти катуу кармап, чек аранын эски имараттарын ондоп-түзөп, шартты ондоого киришти. Бир тууганы Таричан менен Памирге бирге келди. Жаш аскер врач бардык күчүн, окуу жайынан алган билимин жоокерлерди жана тоолуктарды дарылоого жумшады.

Ади чек ара масилелеринде жана Кашкар аймагындагы иштерди Алексей Михаилович Дьяков менен биргеликте иш жүргүзүп, көрсөтмөлөр-маалыматтар аркылуу үзбөй байланышып турду.

***

Ади өткөн күндөрүн эстеп, ой калчап олтурду. Ал кадеттик корпусту аяктаган соң, айылга барууга көңүлү келбеди. Поездде келатып, Ташкентке түшүп калып, ушул жерди байырлап калды.Ага айрыкча өзүнө курбалдаш кыргыз жаштарынын билим алууга болгон кызыгуусу көңүлүнө төп келди. Жаш жигиттер Ташкенттеги түрдүү окуу жайларында-техникумдарда айрыкча САКУда билим алышып, болочок адистиктерге даярдалып жаткан эле. Бош убактыларында бириге калышып, жаңы заман, Кыргызстандын келечеги, өз алдынча өлкө аталышын кыялданышчу. Ар тараптан келген жаштар билимге чаңкашып, чогула калган жайда билген маалыматтарын ортого салышып, ой бөлүшүшчү. «Кыргызча гезит чыгарабыз, өз алдыбызча басма сөздү уюштурабыз»-дешип таттуу кыялдарын билдиришчү. Өзбек, казак тилдеринде чыккан басылмаларды талаша окуп калышчу.

Жаштардын көбүнө жаңыдан ысымдары көпкө тааныш болуп бараткан К.Тыныстанов, И. Арабаев, А.Сыдыков, Ж.Абдырахманов өңдүү жаш интеллигенттердин жүргөн-тургандары, сүйлөгөн сөздөрү, кайрылуулары жакчу. Ар дайым алар менен жолугушууларды уюштурушуп, кызыккан суроолоруна жооп алышчу. Өлкөдөгү «Алаш» улуттук партиясы, «Туран», «Шуро и Исламия», «Мусулман эмгекчилеринин бирлиги» сыяктуу уюмдардын иштери көп сөз болчу. Ал уюмдардын, улуттук партиялардын программалары менен таанышышып, колмо-кол бир-бирине жеткиришчү. Кыргызстандан барган жаштардын ойлору бир жерден чыгып, кыргыз элинин эртеңин кыялданышчу.

Дем алыш күндөрү чыгыш элдеринин эң бир кызыктуу оюну болгон балбандардын күрөшүн көрүүгө барышчу. Көпчүлүк жаштарга Адинин кыял-жоруктары жагып, кайда болушпасын чакырып алышчу. Анын орус, уйгур тилдеринде эркин сүйлөгөнү, ошол тилдерде күлкүлүү окуяларды айтып бергени, сөзмөр, куудулдугуна тели-теңтуштары өзгөчө кызыгышаар эле. Анын шамдагай, балбандыгын билип алгандар күрөшкө алып барып, анын күчүнө жана иласине суктанышчу. Аскер окуу жайында окуп, ар дайым тынымсыз машыгуудан улам ал чарчабайт эле. Тубаса тоолук мүнөзү, таза жерден калыптанган балбандыгы өзүнө дем берчү. Такыр чарчабагандыгы менен күрөш оюндарындагы өнөрү, аны көпчүлүккө таанымал кылды. Шериктеринин көбү анын колу ачыктыгына суктанышчу.

Адини оюнду башкаруучулар күрөш кызып баратканда ортолукка чакырышчу.

-Ади балбан Оштук. Оштун Алайынан. Аны достору «Атаман» дешет. «Атаман Адиге» чыкчуу балбандар барбы? деп кыйкырышчу.

Орто бойлуу, чымыр денелүү балбанды көргөн айрым, оопуруш бойлуу, кабалтең балбандар келишип, анын белиндеги курун кармап, бир-эки силкишкенден соң, анын жөн эместигин байкашчу. Ар түрдүү ыкка салып, бир топко таймашчу. Ал ансайын «Атамандын» күчү артып, атаандашын жыкмай сайын ортодон чыкчу эмес. Кошо барган шериктерине Адинин мөрөй алышы, оюнду башкаруучулардын жана калыстардын:

-Эй бироодарлар! Жамаагат! Балбанды чакыргыла. Оюнга карк болуп, күчүнө күбө болдук. Чакыргыла, чакыргыла! деп

кыйкырышып, илаган-челегин калдыратып,тамаша көргөндөрдү кыдырып жүргөн оюн башкаруучулардын балбанга жан тарткан аракеттери таңдандырчу.

Заматта идиш көпчүлүктүн кагаз акчаларына, тыйын, буюмдарына толуп Адинин куруна төгүлүшүн күтүшөөр эле. Акчаны көп кармабаган тоолуктар оюндан соң чогулуп барышып, ашпоздордун ысык манты, самса, чайларын татып, көңүлдүү кайтышаар эле. Ади колу ачык, март, берешендиги менен досторун кубантчу.

Кыш күндөрүнүн биринде,

-Оренбург жолу ачылыптыр. Актар куулуптур. Орусиядан кызыл вагондор чыгыптыр-деген шаарда сөз таркады.

Февраль айынын суугуна карабастан шаардыктар түп көтөрүлө, вокзалга агылып келип жатышты. Эң алдыда Ташкенде советтик-партиялык курстарда окуп жүргөн партиялык-советтик кызматкерлер, андан соң шаардын, мекеме-ишканалардын жетекчилери, меймандар, шаар калкы, кызыл желектерди көтөрүп турушту. Оркестр ойноп жатты.

-Келатат. Келатат!

Ураалаган үндөр. Алдынкы вагондон аскер кийимчен адам чыкты.

-Фрунзе. Фрунзе! деген кыйкырык көтөрүлдү.

Аркасынан аскер жетекчилери ээрчише чыгышты. Фрунзе сөз сүйлөп, элге кайрылды.

-Актардын таш-талканы чыкты. Оренбург жолу ачылды. Эми мындан ары Москва менен түз байланыш болуп турат. Жаш Совет өкмөтүн коргоо үчүн жергиликтүү элден ыктыярдуу кызыл бөлүктөрдү түзөбүз. Түркстанда душмандарды өзүңөр кубалап чыгасыңар-деген жалындуу сөздөрүн айтты.

Андан соң аскер жетекчилери, партиялык-советтик кызматкелер, аксакалдар чыгып сүйлөштү.

Жаңыдан уюштурулган кызыл бөлүктөр басмачыларга каршы күрөштү улантышты.

Ади шаардын борбордук аянтында достору менен кобурашып бараткан. Көчөдө эл көп. Ар кыл улуттагы адамдар. Айрыкча аскер кийимчен адамдар тез-тез алдыдан жолуга калат. Алардын кийген-кийимдери баскан-тургандары көпчүлүк-тү кызыктырабы, айрыкча жаштар, өтүп бараткан аскер адамдарын узата тиктеп калышат. Жаш Совет өкмөтү аскер

адамдарына жаңы тартип, жүрүш-туруштун, адамдарга мамиле кылуунун жол-жоболорун талап кылгандан баштап,алардын элге болгон мамилелери бир топ өзгөргөн. Кызыл аскерлердин кийинки күндөгү жөнөкөй, кичи пейил мүнөздөрү, ары сылык, сыпаалыгы чын көңүлдөрүнөн эле.

Капыстан туура тарапта сүйлөшүп турушкан аскер кызматчылары жолуккандарына көңүл бөлбөй, Ади шериктери менен өтүп баратты.

-Атаман. Атаман!

Шериктери үн чыккан тарапка көңүл бөлө тиктей калышты. Аскер кызматчыларынын арасынан бирөөсү аларга карай кайрылып жатыптыр.

-Атаман-деп бийигирээк үн салды.

Ади ал тарапты бир карап алып, кыйкырып жиберди.

-Коля! Досум!

Эки дос бири-бирине чуркап келишип, кучакташып калышты.

-Ади, ойдо жок жерден жолугуп турабыз.

-Кайдан келип жүрөсүң?

-Мен Түркстанга барарымды билгенден баштап, сага жолугам деп ойлогом. Мына Ташкент бизди жолуктурду.

-Улам кат жазып, такыр жооп ала албай койдум эле.

-Ооба. Граждандык согуш мени ар түрдүү жайга учуруп жүрдү.

-Мен сени Түркстанга чакырам деп жүрчүүмүн. Мына өзүң келдиң. Бул биздин максаттын орундалышы.

- Сен ушул жердесиңби? Мен кызматка келдим.Кел бирге иштейли.

-Сөзсүз, досум. Өзүң менен дагы кимдер кошо келишти?

-Сен тааныгандардан Таричан бар.

-Абдан жакшы. Ага келип, сөзсүз жоолугамын.

-Атаман, сени көрүп аябай кубандым, досум. Өзүң билесиң аскер адамынын убактысы чектелүү. Башкы командачыга кирмекпиз. Убакыт болуп калды. Аскер гарнизонуна кел? Кеңири сүйлөшөбүз.

-Сөзсүз келем, досум. Сени көргөнүмө мен да сүйүндүм.

-Мейли убактылуу болсо да, коштошуп туралы. Күтөм?

Коля досу ылдамдай басып шериктерин ээрчите башкы командачы жайгашкан имаратты көздөй жөнөдү.

-Николай Андреевич Веревкин-Рохалский деген досум.Кадеттик корпусту менден башта бүтүп, «атамандык бийлигин» мага тапшырып кеткен эле деп, Ади шериктерине досун сыймыктануу менен артынан тааныштырды.

Николай Андреевич Веревкин-Рахольский аскердик окуу жайын бүтүрүп жаткан жылы Ади жаңыдан барган болчу. Экөө таанышкан соң, мамилелери жакшы болуп кетти. Көпчүлүк балдар менен Адини тааныштырды. Ал кеткенден кийин да тынбай кат жазышып, абалдарын билдирип турушту.

Тагдыр ал экөөнү капылеттен жоолуктурду.

Николай Андреевич Веревкин-Рохальский таржымалы өзү айтып берген эле.

- Мен Екатеринославский облусунун Беленько кыштагында айылдык мугалимдин үй-бүлөсүндө 1893-жылы 23-февралда төрөлүптүрмүн. Башталгыч билимди үч жылдык диний мектептен алдым. Чоң атамдын эмгеги эске алынып, казнанын эсебиндеги Оренбургдагы экинчи кадеттик корпустагы аскердик окуу жайына кабыл алындым. Аны 1911-жылы аяктап, 1913-жылга чейин Киевдеги жөө аскерлердин окуу жайында билим алып, Ташкенттеги төртүнчү Түркстан аткычтар полкунда подпоручик чини менен кызмат кылдым.

1914-жылы сентябрь айында биздин полк дүйнөлүк согуштун Батыш фронтунун экинчи армиясынын курамында болуп калдык. Ал жерде кенже офицер, андан соң ротанын командири болуп кызмат кылдым. 1915-жылы февралда урушта курчоодо ротанын жарымы калганына карабай өлгөн, жарадар болгон жоокерлердин денелерин аман алып чыккандыгым үчүн Георгиев алтын сыйлыгы менен сыйландым.

Биз Февраль революциясына фронтто жолуктук. Полктун жоокерлери мени полкту башкаруу комитетине көрсөтүштү. Биздин комитет алгачкылардан болуп, согушту токтотууну талап кылган токтомду кабыл алдык. Октябрь революциясын өзүмүн полктошторум менен тосуп алдым. Полктун командирлигине жана полктук комитеттин председателдигине шайландым. Жумушчу-солдат большевиктер комитетинин председателинин орун басары кылып Калашниковду көргөзүштү. Ал мага саясий кырдаалдагы окуяларга туура ой жүгүртүүгө көмөк берди.

Полктогулар алдыңкы линияда болушуп, революциялык тартипти колдошту. Күжүрмөн тапшырмалар чечилгенден

кийин,өзгөчө армиянын полку Бүткүл Россиялык Комитетинин чечими менен аскердик эшалондо Ташкент шаарына жөнөтүлдү. Түркстан Республикасынын Эл Комиссарлар комитетинин чечими менен полк кайра түзүлүп, өздүк составы таркатылды. Мен Фергана облусунун аскер комитетинин аскер жетекчиси кызматына жөнөтүлдүм-деди.

Ал 1919-жылдын декабрында экинчи Түркстан дивизиясынын начальниги болуп шайланып, дивизияны кайра түзүүгө кырдаалды өзгөчө талдоого алып иш жүргүздү. Фергана өрөөнүндө эң алгачкы жолу басмачылар менен кагылышууга туура келди. Ал учурда «Кокон автономиясы» аталган басмачылар кыймылынын башчысы Мадамин эле. Анын миңдеген адамдардан турган отряддарында ак гвардиячылардын офицерлери жана кеңешчилери кызмат кылышкан. 1919-жылдын акырында «аскер министр» аталган Мадамин Памир отрядынын мурдагы начальниги, генерал-майор А.В.Мухановду өзүнө кабыл алууга чакырды.

Дыйкандар армиясынын командири К.Монстров Мадамин корбашы менен «автономдуу өкмөт» түзүүдө күрөш жүргүзүүгө биригишти. Алардын бириккен күчтөрү 8-сентябрда Ош шаарын ээлеп, 18-сентябрда Анжианды курчоого алышты. Жардамга келген Кызыл аскерлердин отряддары алардын күчтөрүн сентябрдын аягында талкады. Аман калгандар Гүлчөгө чогулушуп, Фергананын убактылуу өкмөтүн түзүшкөн. 1919-жылы октябрда Мадаминбек Айым-Кыштагындагы корбашылардын Кенешинде хан деп жарыяланган эле. Басмачылар Ош жана Наманганды басып алышты. Алар эски шаарды ээлеп талкалашты. Сентябрь айында Мадамин бектин бандалары жана «жумушчулар-армиясы» аталган полковник К.И.Монстровдун армиясы Анжианды басып кирди.

Жалал-Абад аймагындагы Көк-Арт өрөөнүндө, Өзгөн аймагынын Мырза-Аке айылдарына басмачылардан коргонуу максатында түзүлгөн майда отряддар бирикмелеринин өздүк жана жетекчи топторунда ак гвардиячылар, Жети-Суулук казак-орустар кирип алышты. Акыр аягында алар контрреволюциячыл «дыйкандар армиясына» айланды. Совет бийлигине каршы күчтөрдү бириктирүү максатында 1919-жылы 1-сентябрда «армиянын жетекчиси» кулак Монстров жана корбашы Мадамин бек Ош менен Жалал-Абаддагы Совет бийлигин кулатууга

келишим түзүштү. Басмачыларды, байларды, дин өкүлдөрүн, орус кулактарын жана ак гвардиячыларды топтошуп, күчтөрүн бириктиришип, Ош, Жалал-Абад, Анжианды басып алмак болушту. Анжианды бошотуп алууга А.И.Соколов баштаган Казан полку, М.В.Софроновдун отряды жана улуту боюнча чех, Австриянын Кунта Гора шаарчасында туулган, коммунист Эрнест Францеевич Кужало командирлик кылган III Интернационал атындагы атчандар полку жардамга келди. Басмачылардын каршылыгы көпкө созулбай, үчүнчү күн дегенде алар бет келди качып беришти. 24-сентябрда Ош, 30-сентябрда Жалал-Абад бошотулуп Мадамин бек менен Монстров Алай тоолоруна жашырынышты.

Басмачылар тобу Гүлчө сепилин ээлегендиги дайын болду. Памир жана Кытай чек арачыларына өтүүчү жолдор жабылды. Гүлчө жана ашуулар басмачылардын күчтүү тобу менен тосулду. Дивизиянын начальниги Веревкин-Рохальский басмачылар бандасын аесуз талкалоого Гүлчө сепилин алууга басмачылардын кардондон аман чыгып кетүүсүнө жол бербөөгө буйрук кылды.

«27.02.1920-жыл Ташкентке РВС Түрк фронтуна.

Мен бүгүн Гүлчөгө келдим. Төмөндөгүлөрдү силерге кабарлоо менин милдетим. Бул операцияга катышкандар өздөрүнүн кол жеткис кайраткерлиги, өзүнө ишенген таймanбастыгы менен катыша алышты. Своровдун жүрүштөгү катаалдыгы менен аткарылды.

Көршерматтын бандасынын калдыктары баш-аламан Кызыл-Коргон аркылуу Алай өрөөнүн көздөй качышты. Жолуна туш болгондорду талкалашты, өрттөштү. Жергиликтүү кыргыздар ызы-чуу болуп, алардан качууда Көршермат Мухановду көздөй жөнөдү жана анын 12 орус адамы коркунучта турушат. Маалыматка караганда Мухановдун тобу Эркеч-Тамга багыт алды.

Гүлчөдөн Эркеч-Тамга жөнөгөн Мухановго «Өзүңдүн билимиңди жана кызматыңды Кызыл Армиянын катарына келип, кызмат кылсаң, күнөөң жуулат» деп сунуш билдирдим. Ал кат Мухановго жетсе, бардык орустар бизге келет деп эсептеймин. Кызыл Армиячылар басмачыларга кайрымдуулук мамиле жасашып, Совет бийлиги адашкандарга кечирим кылаарын айкындашты».

Мухановго кабарды жеткирүүнү дивизиянын штабынын чалгынчысы Хамракул Турсункулов менен келиштик. Бул тапшырма өтө коркунучтуу. Кокустан басмачылар билсе, бул документ колдоруна түшсө, аны алып барган Турсункулов жазаланат. Хамракул Мухановго катты берип, тапшырманы аткарды. Муханов Түрк фронтунун штабына жолугууга Ташкентке келди.

1920-жылдын март айынын орто ченинде А.В.Мухановдун Түрк фронтунун штабы тарабынан 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын начальнигинин жардамчысы болуп бекитилди. Жолугушуу күтүүсүздөн болду. Биз эмнеден баштоону билбей турдук. Бир убакта биздин биринчи жолугушуубуз дүйнөлүк согуш мезгилинде ал Генштабдын полковниги, а мен анын кол алдындагы поручиктин жардамчысы кезде болгон эле. Мадамин-бектин сүйлөшүүгө болгон аракети, анын полкундагы отряддардын толук жок кылынышы кийин улантылды. 1920-жылдын 2-мартында 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын штабына «Биргеликте тынчтык келишимин түзүүгө жооп берүүңүздөрдү өтүнөмүн?» деген каты келди.

Фронттун командуюшийи М.В.Фрунзе сүйлөшүүлөрдү баштоого санкция берди. Мадамин бектин өз отряддары менен бизге өтүшү өзгөчө чоң саясий мааниге ээ экендигин М.В.Фрунзе белгиледи. 4-мартта Мадаминбектин парламенттери келишти.

РВС Түрк фронту тарабынан келишимдин шарттарын даярдоо Веревкин-Рохальскийге тапшырылды. Ал «Толук түрдө, талкуулоосуз, тезинен өз катаңызды моюнга алып, Совет бийлигине баш ийүүдө эч кандай шарттарды койбойсуз, аймак тууралуу сөз козгобойсуз» деп белгиледи.

Мадамин-бек менен сүйлөшүү жүргүзүүгө РВС фронтунун атынан В.В.Куйбышев телеграф аркылуу ишеним берди. Кар ээрип, ашуулар ачылып, качып кетүүсүнө жол бербөө үчүн убакытты созбостон, кыска убакыттын ичинде 5-мартта эски Маргаланда эки тараптын делегацияларынын жолугушуулары өткөрүлдү. Советтик делегацияны Веревкин–Рохальский жетектеди.

Мусулман армиясынын командуюшийи Мадамин тынчтык келишимге кол коюп, кол алдындагы 4 племеттон турган отряддын толугу менен Совет бийлигине өткөрүп берилерине

макулдугун билгизди. Түркстандагы Совет өкмөтүнүн жана РВСнын сунушу менен Ташкентке барып, Ферганага кайтып келди. Ал М.В.Фрунзе менен болгон жолугушуусун курбуларына сыймыктануу менен айтып, Совет бийлигинин алдында чоң карыздар экендигин жана Фергана аймагындагы басмачыларга каршы күрөшүү сыймык экендигин белгиледи.

1920-жылы Н.А.Веревкин-Рохальский экинчи Түркстан дивизиясынын начальниги болуп, революциялык Бухарага жардамга жөнөтүлдү. Бухара аскер назиратынын орун басары, бухаралык Кызыл Армиянын командачысы, аскер кызматынын жооптуу орундарында кызмат кылды.

Николай Андреевич досу кийинки жолугушуусунда Түркстандагы абал туурасында ага толук баяндап берди.

***

Айылдыктар, дөбөдө өткөн-кеткенден кеп кылып отурушту.

-Мадамин бек Гүлчөгө өтүптүр дештиби?

-Ал жакта эмне кылат?

-Элди талайт да.

-Жо-ок. Кашкар тарапка жол тартат окшойт.

-Ал кечээ эле Ошто коргонуп жатат дешбеди беле?

-Эмне Анжианды алдырганын укпадыңарбы?

-Ошту да, кызыл аскерлер андан тартып алыптыр.

-Анда Гүлчөгө баш калкалап, качып келген турбайбы?

-Күч, аскер, жигит курап жүрүптүр.

-Баары эле жанын тиштеп отурган чакта, ким эле барып кошула койсун. Ал жигит курабай эле, башка ой менен келсе керек.

-Кошулчуулар табылат. Корбашы «Мага келгендерге алдына ат, үстүнө тон, колуна мылтык берем» деп айттырыптыр.

-Ээ, анын да милдети бар. Бирөөдөн зордуктап, тоноп алган буюм эч кимге ырыскы болуп бербейт. «Сайдыкы сайга, суунуку сууга» дейт илгертеден.

-«Күнү келсе түштүгүңө жорго мин» деген сөз бар. Ким эле алчыланта ат минип, тарсылдата мылтык атып, бирөөгө бүжүрөбөй, айтканын аткартып тургусу келбесин.

-Андайларды угуп атабыз. Аягы сай таппай «денеси аңгалда, калдасы сандалда» калып жатканын.

-Канткен менен Мадамин бек «Мусулман дөөлөтүн курайм. Өзүбүзчө эл болуп, баш бириктирип, журт курайбыз»-деп төбөсү көрүнгөндөрдү чакырып жүрөт деп уккам.

-Орус мусулмандарды колдон чыгарбайбыз деп, бу Кокондон бери баш көтөргөндү балчайта, кол көтөргөндү тартайта атып, чаап келе жатыптыр деп да, угуп жатабыз.

-Мадамин бек аларга оңойлук менен моюн бербейт дешти. Аны колдогон дале орустар өзү экен. Дутуптун аскер башылары. Монстрүп, Муханов дегендер курал, кийим-кече берип, жигиттерине согуш өнөрүн үйрөтүп, кошо жүрөт дешет.

-Анда Гүлчөгө эмнеге келди?

-Кашкардан күч, курал-жаракты тоскону келсе керек.

-Эй, айтканыңардын баары туура. Бирок Мадамин бектин бир максатын билбей жатасыңар-деди баятан бери четте бардыгынын сөзүн тыңшап, унчукпай отурган бирөө.

Баятан бери өз билгенин айтып жажалап, тургандар жабыла ага тигилишти.

-Эмне деп келди? Кандай максат менен?

-Билип алгыла. Адиге келди.

-Ооба, ооба. Баягында Айым кыштакта жалаң билермандар чогулуп маслат өткөрдү дешпеди беле. Ага Алай-Гүлчөдөн Кадырбек, Жамшитбек, Адилер да чакырылып, барган деп укканбыз.

-Анда көбү амал талашышып, бир бүтүмгө келе алышпаптыр деп айтышкан.

-Келген. Ошондо Мадамин бек башчылыкка көрсөтүлгөнүн укканым бар.

-Болду, болду. Мадамин бек Адиге жөн келбептир.

-Эй туугандар, уккулачы? Мадамин бек башчы болсо, өзү келбей Адини чакыртпайбы?

-Сен Адини билбейсиңби? Ал жөн адам эмес. Кудай ага бардыгынан берген.

-Ооба. Амал десе, амалы бар. Байлык десе байлыгы бар. Каалаca Кашкарга барып аш жеп, Ошко келип чай ичет.

-Оо. Андай болсо оңор эмес экен.

-Атасын «Кожо ууру» деп коюшат. Ар жагы Кашкар, Кулжа, бер жагы Алайкуу, Наарын, бу тарабы Сары-Кол, Мургаб, Каратегин. А Ош-Анжиан чөлкөмүн айтпай эле коеюн. Баарына

алака-бересеси бар таанымал адам. Көөнүнө туура келген жерде, жүз жылкыны «ары сүр, бери сүр» кылып коет дейт.

-Ары сүр, бери-сүрү эмнеси?

-Андан биреөлөр келип жүз жылкы сураса айтканын берип, өзү биреөлөргө барып жүз жылкылык зарыгы болсо алып кете берет дешет.

-Айтам. Ошон үчүн Ноокаттан миң тилда берип, келин алганы ырас тура.

-Деги, Адинин канча катыны бар?

-Адинин катыны канча экендигинин бизге кереги эмне?

-Кайда барбайын «Ади бизге күйөө бала» деп калышат.

-Катын албай, кайын ал деген ошол. Кайын журтунун абройу Адида, Адинин аброю кайын журтунда.

-Анан айткылачы? Мадамин бектин Адиге келишинин себеби эмне болду?

-Аны эми билебиз.

Көпчүлүк арасындагы кеп жөндөн –жөн айтылбайт. Мадамин бектин Адини чакырган катын алып, жигиттери эчен курдай келген эле. Ал тургай атайлап чабаганчылар да бир нече жолу жиберилген. Катка жооп да болбоду. Чабаганчылар ага кезиге алышпай, акырында күтө-күтө жадашканда, артка кайтышкан. Мадамин бек андан кабар болбогондуктан адатынча Кашкарга, же Иранга кетсе керек деп ойлогон. Бирок Ади бардыгын угуп, билип жүрдү. Кашкарга да, Иранга да барып иши менен алек болду. Бүлөлүгө келгенде атасынын Эркечтеги, Ак-Үңкүрдөгү үйүнө барып, катын-балдарынын маңдайында отуруп, олку-солку болуп жаткан абалды угуп, билип аягы эмне менен бүтөөрүн күтүп жүрдү.

Мадамин бек Гүлчөгө келгени менен ал жерде байырлап көпкө тура алган жок. Адинин дарегин сурап Бүлөлүгө өзү аттанды. Анын келээрин уккан бий-болуштар эчак эле аны тегеректеп, бура бастырышмак эмес. Канчалык өзүн жашырып, калпыс жерлерде караанын билдирбейин десе да, анын «Ади» деп келе жатканы караламанга кабардар боло берди. Чаттан баш бага бергенде, айыл башчы, бийлер жабыла тосуп алышып, Абышка-Оозунда атайлап көтөрүлүп, тигилген боз үйгө, ардактап киргизишти. Союштар союлуп, жаш тайдын карта-жалы өзүнчө салынып, кайберендин кара куурдагы, жүнү кыркыла элек баглан козунун эти ар казанда бүлкүлдөп кайнап,

суусундукка кымыз сунулуп, атайлап күткөндөн да ашыкча болуп жатты.

Үйгө кире элек жатып, Адиге чабаганчыларды чаптырды. Алар бир топ убакыт өткөрүшүп, сомсоюп, бириндеп өздөрү келишти.

Корбашынын караанына ийиктей ийилип, ийиктей чимирилип, иш кылгандар гана эмес, калтарларын камдап, тай туягын тартуулап турган бийлер эмес, бир Ади керек эле. Атын укса, келгенин билсе, кирип келеби деген үмүт менен өзүн-өзү алаксытып отурду. Акырында чыдамы кетип көөнү каш. Шам чыракты айланган жетим көпөлөктөй болгон бийлерге көңүл да буруп койбостон, Адиге кайда болсо да өзү барып, алигине карай, бар-жогун аныктап билип, «амандашып» келүүнү чечти. Бул чечим бир эле Мадамин бектин жеке керт башынын кызыкчылыгы эмес, элдин эртеңки тагдыры экендигин билдирейин. «Ади, Ади» десе, адинен ашып баратат. Болсо болду, болбосо Адинин тизгинин тартып, Бүлөлүктөрдү эси-көөнүнөн кеткис кылып, «Мадамин бек» -дегенде кимиси болбосун, «ордунан чочуй турарын», биротоло таанытайын деген ойдо отургандарга буйруп:

-Жердин жети түбүндө болсо да, сууруп чыгып, таап келесиңер-деди каарданган корбашы.

Айыл башчылар ары басышты титирешип, бери басышты калтырашып, акырында баштарын тийгизишип, абалдарын аныктап билдирбеске аргалары калбады.

-Таксыр, айылда көптөн бери Адинин карааны эмес, дареги да билинбейт. Билинген мезгилде да, ал бизди көзүнө илбейт. Биз аны кел? деп, келтире албайбыз. Кой деп, койдура албайбыз-деди жергиликтүүлөрдүн арасынан сары чийкил бирөөсү.

-Ал эмне пайгамбар болуп кеттиби?...Аны келтире албаган силерди…

Корбашынын көзү канталап, маузерин сыйпалай кол сунганын көргөн айыл башылардын аргалары куруп, денелери титиреди.

-Кел? деп келтире албасаң, айт. Кай жерде? Баштап бар бизди.

Азыр эле быдылдай жооп берген сары чийкил айыл башчыга атырыла, маузерин кезеди.

-Жайлоосунда имиш –деди ал ээги титирей.

-Жайлоосу кай жерде?! Деги адам бара алабы?-деп корбашы демитти. -Тур баштап барасың! Кашкарда болсо да таап, жолуктурасың!

Сары чийкил алдастап, шашып келатып, астанага чалына жыгылды. Шериктери жөлөй калышып, каңтарылып турган атка, үзөңгү тептирбей, көтөрүп мингизишти.

Мадамин бек алдына тартылган атка аягын арта берип, өзүн ээрчий чыккан шериктерине кайрылды.

-Бардыгын ушул жерде каласыңар. Бейчеки иш кылбайсыңар! Дейди баспайсыңар! Ушул Абышка-Оозунан жан адам ары-бери өтпөсүн. Эгер Ади келсе, мен келгиче кетирбейсиңер. Мени менен кошо Бедел менен Чырмаш барат!-деп эки ишенген жан жигити турган жакты карай, камчысын серпти.

Баштатан эле бүлөлүлүктөр Кожонун жайлоодогу кайсы үйүндө түнөөрүн билишчү эмес. Атайлап гана барган киши аны бир үйүнөн таппаса, эрте менен Эркечтен чыкса, кеч Ак-Үңкүрдө болуп, же Бугу жайлоого кетип калчу. Кожо ууга чыкканда, жайлоого барганда жакынкы жердеги үйүндө болуп, зарыгына жараша устачылык кылып узанчу.Ади да атасындай кээде күнгөй тарапта, кээде тескей тарапта, же жайлоодогу үйүндө отурган аялдарынын бирине барчу.

Ээрчише бастырган үч атчан, илгериде бараткан баягы сары чийкилди ээрчий, жыландай ийреленген жолдо тоого тырмышып өрдөп жөнөштү. Кээде тик,кээде кыялай бир адам гана баткан тар жол, Капчалды аралап, кайра жолго чыгып, кайра бурулуп, тар жол, эгизде жүрбөгөн чөлдүктөрдү бушайманга салды. Капчыгайдан чыгып, кыр жонго жеткен сайын айлана айкын көрүнүп, кабат-кабат болгон ак кар жамынган сансыз тоолордун чокулары бадырактай болуп, бирине –бири бой салышып, көөшүп уктагансышат. Тик бетте баратышып, кылчая төмөндү тиктешип, баштары тегерене, көңүлдөрү айнып, көздөрүн жума да коюшат. Кокустан эле аттын буту кылт дей түшсө, ат үстүнөн учуп кетип, тик беттен куланып, капчыгайды жара аккан сууга барып түшчүдөй сезишип, ээр каштарды бекем кармашып,ат тизгинин бош коюшкан. Аттар да, бирде демиге токтой калып, бирде басыгын ылдамдатып, кыйнала энтигишет. Моюн, кулак алдыларынан

тер кетип, өйдөлөгөн сайын аба жетпей, жөткүрүшөт. Сары чийкилдин артынан Бөкөймөгө барышып, андан Сары-Кырга чыгышып, Ак-Үңүр аркылуу, Балбан-Ташка жетишип, Бугу жайлоону көздөй кыялашты. Бая эрте менен жолго чыгып, өр таянгандар түш кыңкайса да, бара турган жайга али да жетише элек.

Ади биринен-бири бой талашкан шыңга, коюу арчаларды аралай басып, кыр жонго чыкты. Адатынча дүмүр үстүнө отура калып, дүрбүнү колуна ала, күн сайын көрүп көөнү тойбогон жаратылыштын көркү өзүнө тартып, кайра-кайра көргүсүн келтирген туулган жеринин келбетине дагы бир көз тигүүнү ойлоп, дүрбүнү көзүнө жакындата бергенде, маңдайдагы кыя дал келе түштү. Айланасын кылдат байкап, сак жүргөн сезимине таасир эттиби, кыядагы кыймыл көз жаздымында калбай заматта байкала кетти. Ийри колоттон берилей, жалгыз атчан, андан аркан аралык артында ээрчий бастырган үч атчан. Үчөө тең ат минишине, бастырыштарына караганда тоолуктарга окшобойт. Ээрде бош отурушуп, үзөңгүлөрүн бошоң тебишип, тизелери кымтылбайт. Ат басыгына карай баштары шылкылдап, денелери олдоксон ээрди бекем кармашып, отургандары коомай. Ээр кармашпаса, кокустан ат мүргүй кетсе эле топ эте жерге ооп түшчүдөй болгонго караганда, чөлдүктөргө окшойт. Атчандар коктуга кирип, көрүнбөй калышты. Ади тик эңкүүлөй, үйдү көздөй басты. Коюу арчанын арасында келе жатып, үчөөнүн алдындагы өзгөчөлөнгөн караанга көз салды. Ат үстүндө үстүнө чапан кийсе да, кең далылуу шыңга бою түз көрүнгөн, сакал, мурутчан адамдын өңү тааныштай сезилди.

Аңгыча иттердин авалаган үндөрү чыгып,зоңк эткен эркектин үнү асканы жаңыртты.

-Үйдө ким бар?

-И, келгиле?-деп утурлай чыккан апасынын үнү угулду.

-Бу жерде ким жашайт?-деди чоочун үн.

-Биз эле. Азыр. Ак алып чыгайын-деп апасы кайрылды окшойт.

-Ади ушул жерде турабы?-деди өктөм үн.

-Ооба.

-Кайда азыр?

-Эрте менен кийикчилеп кетти эле.

-Качан келет?

-Келип калаар. Аттан түшүп, үйгө киргиле?

-Биз көп күтөбүзбү?-деп бурк этти баягы үн.

-Караанынардын алыстан көргөндүр. Заматта эле келип калат.

-Кай тарапка кеткен? Келишин күтпөй, өзүбүз дале бара беребиз

-Аңчы үйдөн чыккан соң, кай тарапка кеткенин өзү билет-деди Бопо чыйрак сүйлөп.

-Оо. Тоолук зайыптардын жообун көр. Кеп сурасаң,каката коет деп, ойлой кетти бек.

Коюу арча арасынан Ади чыга келди.

-Ассалоомалейкум. Келгиле меймандар?

-Оо Ади мырза, амансызбы? Сиз барбасаңыз, биз келдик.

-Жакшы келипсиңер?

-Сиз бизге табериксиз мырза.

-Ырахмат. Кана, аттан түшкүлө?

-Жок. Ырахмат азизим. Маслатташа турган иштер чыгып калды.

-Ошончолук зарыкпы?

-Зарыктыгынан өзүм келип отурам. Келиңиз, аттаныңыз!

-Тоолуктардын салтында атайлап келген адам, аттан түшпөй кетпейт. Ак ичип, даам татпай кетиш салтта жок. Ырыскы улук, таксыр.

-Ооба. Катуу жерден кармайсыз. Сиздин сөз жерде калбасын-деп корбашы аттан оонап түшө бererинде, жан жигиттеринин бири колтугунан сүйөй калды.

Ади анын атынын тизгинине кол созгондо Мадамин бек келип аны кучагына кыса:

-Дардиңиз жамаан өттү да, мырза-деп тамашалады.

-Кана, үйгө кириңиздер деп Ади жол баштады.

Меймандар жайыла үйдөн орун алышкан соң, аманчылык тилешип, алакан жайышты. Төрт тарабы, ал тургай үстү да, жалаң арчадан кыналып, бири-бирине жабыштырыла сомдолгон үйдүн ичи ары таза, ары салкын эле. Тиричилик буюмдары ирeттүү жайгаштырылгандан улам, үй туткан зайыптын сарамжалдуулугу айкын байкалат. Дасторкон жайылып, каймак, май коюлуп, кымыз узатылды. Мурдатан даяр, кийиктин кара куурдагы келтирилди. Ат үстүндө чайпала чаңкап келишкендер, көңүлдөрү көтөрүлө тамактанышып, дасторконго бата кылышты.

Сырттагы аттардын терлери кургап, тоонун шамалына чыйрыгып калышканбы, алар чыкканда ойдолоп, түздөнө туруп калышты.

-Мырзам, сиз бизге зарылсыз, жүрүңүз?

-Ат көөлүгүм даяр эмес эле.

-Зордоп болсо да алып кетебиз. Мына бул атка миниңиз-деп жан жигити Беделдин атын, алдына тарттырды.

-Сиз менин атымды миниңиз, мейман. Мен жөө басып, көнгөнмүн деп,сары чийкил өз атына Беделди мингизди.

Ади канчалык кыйылса да, Мадамин бек анын оюна койбоду.

Анын үстүнө жакында эле Айым кыштакта «мусулман мамлекетине» аны башчы шайлаганда катышып, бардыгын билип туруп, анын сөзүн жерге таштоого батынбады. «Эмне болсо да бара көрөөрмүн» -деген ойдо, үзөңгүгө бут салды.

Бая өйдөлөгөндө өбөктөп, аябай кыйналган немелер, эми тик беттен эңкүүлөй түшүп баратышып, андан бетер болушту. Тоого атчанбы, жөөбү чыгып баруу оңой. Себеби, токтогон жерде дем алып, жан кыйналбайт. Эми эңкүүлөгөндө бүтүндөй денең силкилдеп, өпкө-бооруң алкымга келет. Таканчык таппаган ат аяктары да шылкылдап, мүргүгөндөн улам ат үстүндөгү адам, өзүн учуп кетчүүдөй сезет. Ат тизгиндерин кабыштыра тартышып, жал үстүнө жылган ээрге отура албай, үзөңгүнү чирене тээп, улам алектенип, астейдилденген үчөөнөн сары чийкилди алдыга салган Ади илгери бастырып, узай түшүшкөн болчу. Капыстан чоку тараптан «шоу» деген үн чыгып, нымдашып турган кар «шап» дей түштү. Мадамин бек менен Бедел аркада келе жатышкан.Алардын алдына минген атын жетелей Чырмаш узап калган болчу. «Шоу» деген үндү уга, Ади кылчая карап тик беттен суюлган кар, эч нерсеге илешпей, улам эңкүүлөгөн сайын ылдыйкы карды кошуп алып, түрмөктөлө келип, арттагы Чырмашты аты менен кошо көмөлөтө өзү менен алып кеткенин көрдү. Узактан башталып, тик беттен күүлөнгөн оңор эмес кар, тээ төмөндөгү капчыгайдын таманына күү менен шалак тийип, коктуга толо жатып калды. Кар тозоңу чаңып, колотко толо түштү. Аты менен Чырмаш тоодой болуп көчкөн карда чымынча да көрүнбөй, кайда калгандыгынын жиги да билинбеди.

Корбашы жан жигити менен көчкүнүн аркы башында нес боло тиктеп, катып калышты. Бир аз эле илгерилешкенде көчкүдөн алар да кутула албайт болчу. Экөөнүн тең ооздорунан келмеси түшүп, өң-алеттен кетип, муундары калтырады, аман калгандарына өздөрү да ишенбей турушту. Тоолуктар бир тарапта, чөлдүктөр бир тарапта селейишти. Жолу жок көчкүдөн Корбашы учуп өтпөсө, басып өтө албайт эле. Аны билген Ади «кала бергиле» деп колун шилтеп, өөндөгүлөрдү жол салууга баштап келүү үчүн шашыла эңкүүлөдү. Корбашы анын ымдаганын түшүнсө да, ызасы ичине батпай, денеси дүркүрөдү. Ара жолго таштап кетип жаткан Адини жалпайта аткысы келип, маузерин улам сылап, кайра жөн болду. Аткан огу алыскы аралыкка жетпейт болчу. Жеткенде да көчкүнүн калдыгы жаңырыктан улам шарт жылып, аларды алып кетээри бышык эле.

-Бул эмнеси? «Кырсык каш-кабактын ортосунда» демекчи, кайдан да балакет болуп кетти. Кудайдын эскертүүсү болуп жүрбөсүн. Ади экөөбүздүн ортобуздун ажырымыбы? Бириге албайт окшойбуз? Бек көпкө ойлонду. Кой ушундайда аракетимди токтотсомбу? Жо-ок. Арасат жолдо калбайм. Бир максатты тутундумбу аягына чыкмай сайын койбойм. Көрүнчүгө көрүндү. Менин ишим ак. Мына, жамандыктын баарын көчкү шыпырып кетти. Эми жаңы жол салынат. Аны мен, мени менен баш бириктиргендер бүтүрөт. Мындан кийинки жакшылыктарга Ади себепкер болуп жүрбөсүн? Же кайрылбай кетеби? Кетпейт. Келет. Ал ара жолдо таштап кетчүүлөдөн эмес. Бир айтканын аткарат. Ошол үчүн ишенип келбедимби ага. Арадан канча убакыт өткөнү белгисиз. Корбашы тээ төмөндөн көзүн албай Адинин келээрин чыдамсыздык менен күтүп отурду.

Ади атын шашыла теминип, Абышка-Оозуна заматта жетти. Корбашынын дайындоосу менен өткөн-кеткенге астейдил көңүл буруп отурган анын жигиттери Адиден кабар уккан соң, Ак-Үңкүргө айылдыктардын да тобун сүрүп, айдап келишти. Көчкүнү канчалык укурук, шуургулар менен сайгылашса да Чырмаштын денесин таба алышпады. Айдын жарыгы менен арсак-терсек музга айланган көчкүнүн үстүнө жалгыз аяк жол салышып, түн ортолоп калган мезгилде корбашыга жетишти. Атын аманат, кошо барган жергиликтүүлөрдүн бирөөсүнө тапшырышып:

-Эрте менен жер жарыганда, бүгүнкү тегизделген жолдун нугуна салып, эптеп жетелей өтүп минип, барасың –дешип, ай отургандан кийинки түнкү көп жылдыздардын шооласы менен аркаларына кайтышты. Этектеги байырлашкан жерге келишип, Чырмаштын арбагына багыштап, куран окушуп, жабыла бата кылышты.

Ади менен Мадамин бек жекеме-жеке, маңдай-тескей сүйлөшүп, бир үйдө отурушту.

-Мырзам, экөөбүздүн тегибиз да каныбыз да, жаныбыз бир. Мусулман динин туткан кыргызбыз. Мухаммед пайгамбарыбыздын үммөтүнөнбүз-деп, Адинин көңүлүн акырындык менен жайгара баштады. -Көптү билген, илимдарсыз. Турмуштук тажрыйбаңыз да мол. Ислам дининин эрежелерин, пайгамбарыбыздын осуятын, Курани каримди жат кылып окуган, окумал молдочулугуңузга угушума караганда көбү там берип жүрөт.

-Ырахмат. Окуганыбыз ырас. Оюңузду ачык билдире бериңиз.

-Өзүнчө мусулман мамлекетин куруугa, түптөөгө чогуу аттаналы, каарым?

-Мен сиз тараптамын, таксыр. Мага, эмнеге эле мынчалык кызыгып калдыңыз?

-Сиз орусча, англисче билим алып,учурду толук түшүнөсүз. Аскердик өнөрдө согуштун ыкмаларын так өздөштүргөн адис экениңизди да билебиз.

-Бек, сиздин ойду түшүндүм. Мени өнөктөш бол дегени турасыз

-Мусулман мамлекетибизди түптөшкө, ислам динин тазалоодогу күрөштө аскер өнөрүн карманып, кол башчы болуп бериңиз.

-Сизде ак гвардиячылардын генералдары жүрбөйбү?

-Мырзам ырасын айтсам, дини, тили бөлөк болбойт экен. Анан аларга, биздин иш, баары бир сыяктанат.

-Аскердик өнөрдө катуу талап, бекем тартип болбосо иш алга жылбайт.

-Мына, билген кишинин сөзү. А буларыңыз бир нерсени талап кылсаңыз тартипти бузушат. Каалаcа туруп, каалабаса ичкиликтин артынан кетишет. Ошонун кесепетинен Анжианды борбор кылмак элек, аны алдырдык. Ошко келип, аны да колдон

чыгарганы калдык-деп ички оюн ачык айтып жибергенине өкүнгөндө, токтоло калды.

-Азыр кай жердеги турак кылып жатасыздар?

-Гүлчөгө келип, Англиядан келчүү курал-жарак ок-дарыларды тосуп алганы турабыз.

-Сиздин колуңуз коргонууга өтүп калыптыр. Канча кошун бар?

-Кошундун жайын кудай алсын. Бизди колдоочулар ого эле көп. Бирок, аскер өнөрүнөн өксүк экенибиз билинип атпайбы. Куда кааласа жакынкы күндөрү кошунду көбөйтүп, курал-жарак менен камсыздайбыз. Балчевиктерди келген жагына кайтууга аргасыз кылабыз. -Исламды тазалаш, мусулман мамлекетин түптөш баарыбыздын мойнубуздагы милдет.

Эгер кимде-ким бул иштен баш тартып, жардамга келбесе анын өзүн байлап, айылын тып-тыйпыл кылып чаптырам.

-Анда кандай болуп кетет? Өзүбүз менен өзүбүз урушабызбы?

-Душман ким экенин билбегендерге билдиребиз. Бул иш ар бир мусулман баласына сабак болушу керек.

-Анда жеңиш ким тарапта болот?

-Адилеттик, эл жеңиши керек! -Ади мырза баятан бери кыйыта да, ачык да айтып,ирибизди бирибиз түшүнүп отурабыз. Исламды коргош, мусулмандык милдетти акташ жеке адамдын колунан келбейт. Мага окшогондор бир-бирден баш көтөрүшүп, чакан корго башчы болуп, балчебектерге каршылык көрсөтүп жүрөт. Ошол кор башчылар бириксе чоң күч болоор эле. Бирок алардын ынтымагы келишпей турат. Бардыгы эле башчы болгусу, буйрук бергиси келет. Башкалардын алдыга келип, жүгүнүп туруусун каалайт. Баары эле буйрук берип турса ким урушат?

Урушканы курусун. Азали кылыч кармабаган, мылтык атпаган, бир куралды колуна тутпагандар келип, башчы болом десе, анын маң баштыгына, мээсинин жоктугуна күйүп кетет экенсиң. Өзүң айтчы? Экөөбүз тең кош кармаганбыз. Кош кармабаган кантип бизге «Андай айда, мындай айда» деп айта алат? Биздикилер дал ошондой. Жөндөн жөн көкүрөгүн окко, мойнун кылычка тосуп келе жатышат. Муну көрүп туруп,менин зыбаным кайнайт. Көбү мылтык атып, кылыч чаап көрбөптүр. Өзүңө окшогон ары мерген, ары чапсан кордогуларга башчы

керек болуп турат. Карасам жашташ көрүнөбүз. Жолубузду бириктирип, дос бололу? Ушунча болуп калды, сага таржымалымды толук айтып берейин.

-Эл атамы «Акматбек уста» дешчү. Үй оокатына зарыл кашык, чөмүч кырып, бакан, аш такта жасап бизди бакчу. Мен төрөлгөндө азан чакырып атымы Мухаммед Амин атаптыр. Бала кезде мени Мадамин деп жүрүшүп, Мадамин атыгып кеттим. Азыр мени эч ким Мухаммед Амин деп атабайт. Атам «Көзүң ачылып, кат таанығын» деп медресеге берди. Баргандан баштап эле молдонун айтканы кулагына жат болуп, куранды шар үйрөнүп, тилабатты да, кыраатты менен окуйм. «Каары болуп,калыпсың» -деп мактап жүрдү. Атам карып колунун каруусу, көзүнүн курчу кетип, үйдөгүлөрдү багыш менин мойнумда болду. Айласыздан жалчы болуп орустардын колунда иштедим. Алардын айтканын аткарып, жалкоолук кылбадым. Тилдерин үйрөнүп, орусча окуп, жазганга көнүктүм. Турмуш мени каалагандай калчады. Иш тандабадым. Акымы берген жерге барып, ылай тебеледим, гөөлак кылып, пакса урдум, атаман калган өнөр устачылыгым-ылай иши болобу, жыгач иши болобу, көргөн киши бүтүргөн ишимен өөн таппады. Жаш кезимде болоор-болбос акымы берсе, унчукпай кетип калчуу элем. Эс-акылым толуп, зоройгонумдан баштап, канча акы аларымды алдын сүйлөшүп, кол алышканымдан кийин гана иштерди аткарчу болду. Көп алданыш көңүлүмө тийип, бара-бара бирөөгө акымы жедирбейин-дедим.

Ошондой күндөрдүн биринде иштеген акымы түгөл бербеген кожоюнум менен чырдаша кетип, аны ачуу үстүндө сабап салдым. Кошоматчыларды күбө тартып, кожоюнум сотко берди. Падыша өкмөтүнүн орус соту мени түрмөгө Сибирге айдады. Нерчинский деген жерге барып, саясий айыпкерлер, эрки майышпаган азаматтар менен достоштум. Көзүм ачылды. Караңгы, түпкүрдө максатсыз жүрө бергениме өкүндүм. Саясий туткундардын ичинде ар кыл адамдардын бардыгын аңдадым, илимпозу, ыр жазганы, устасы, деги эле өнөрлүүнүн баары ошол жерде. Алар эртеңки күнгө ишенишип, эркиндикти тартып алууга, бири-бирин шыктандырган күрөшчүл, адамдар болуп чыгышты. Ал жерде орустардан башка да немис, француз, поляк, чех деги эле көптөгөн улуттардын өкүлдөрү ынтымак. Падышалык бийликти тартып алууга аттанган чынчыл, акыл-

эстүү революционерлер менен бирге жүрдүк. Алар динге, улутка карабай достошконуна күбө болдум. Тилдерин, өнөрлөрүн үйрөндүм.

Беш убак намазымды окуп, түрмөдөгү мусулмандар арасында «атаман» аталдым. Ал жерде жакшысы да, жаманы да аралаш, ууру-кески, адам соер мыкаачы, баш кесерлери да бар. Мушташканы менен мушташып, кармашканы менен кармашып, күрөштөн алдыма адам чыгарбадым. Кыскасы жемими жедирбедим. Көбүнө сүйөнүч болдум. Тил билгеним мусулманча, орусча да жаза билгеним, окуганымдан артыкчылык кылдым. Николай тактан кулаганда бизге мунапыс берилди. Өз жериме келген соң, элдин таламын талаштым. Баш кесер ууруларды, бирөөлөрдүн акысын жеп, алдагандарды аябадым. Эл мага ишенишип, жергиликтүү бийликтегилерге кайрылбай, мага келишчү болду. Ошондон улам элдин кызматында жүрөм.

Эки көкжалдын пикирлери келишпеди.

***

1922-жылы Татар бригадасы Түркстан фронтунун башка аскер бөлүктөрү менен кошулду Х.Мавлюковдун Түркстандык он экинчи аткычтар полку фронттун штабынан буйругу боюнча Чыгыш Бухарага жөнөтүлдү. Анда башка бирикмелерге кошулуп Энвер пашанын бандасын талкалоого катышты. Энвер паша сакчылары менен чабуулга чыккан учурда Оби-Дарыя (Чыгыш Бухарадагы) кыштагынын жанында өлтүрүлдү. Ошол замат анын өздүк документтери, мөөрү, револьвери, кала берсе аты жазылган шпорлорунан бери алынды. Энвер-паша өлгөндөн кийин англиялык журналдардын бири анын сүрөтү менен көнүл айтуу жарыялап, авантюристтин «каза болгондугуна» байланыштуу аза күткөнү кызык. Командирлер менен саясий кызматкерлер кайрадан басмачыларга каршы күрөшкө катышууга Ош аймагына келишти. Басмачылар тоолорго жашынышып, Мойдун бектин топторуна келип кошула башташты. Мойдун «Ислам аскерлеринин» жогорку жетекчиси болууга ынтызар эле. Ал Кызыл Армияга туруштук бере ала турган «Мусулман армиясын» түзүүнү көздөгөн болчу. Ал өзүн «каапырларга каршы ыйык согушка башчылык кылуу учун жерге жиберилген пайгамбар» деп жар салуудан да анган жок. Ал Маргалан уездине караштуу Эски-Ноокат болушундагы Көк-Жар

кыштагында туулган. Убагында бай болуп, колдо болгон байлыгына алымсынбай, бала кезинен тарта уруулук кылган. Бой жеткенден баштап, уурулукту туруктуу кесип кылып, кылмыш күнөөлөрү үчүн бир нече ирет соттолгон болчу. Февраль революциясынан кийин ал убактылуу өкмөттүн айрым өкүлдөрү менен жакын болуп, алардын колдоосу менен баш кесерлердин тобун уюштурат да, ким көп акы төлөгөндөрдүн кызматын кылып, бир нече убакыттын ичинде үч жүзгө жакын баш кесерлерди бириктирген. Мадамин бекке караштуу басмачылардын топтору, баш кесерлер, контрреволюциячыл кулактар. Анненковдун, Семеновдун балдары менен кошулушту. Ак гвардиячылар менен басмачылардын топторун, бири биринен бөлүп талкалоо керек эле.

Большевиктер Түркстандын жергиликтүү калкынын бир бөлүгүнүн колдоосуна ээ болуп, улуттук боштондук согушту граждандык согушка айландырышты. Карапайым элден ажырай баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн отряддары улам жеңиле беришти. Кызыл Армиянын бөлүктөрү менен чоң кагылышуудан чочулашып, алар жаңы согуштук ыкманы колдонушуп, күтүлбөгөн жерден чыга калышып, узакка урушуудан тайсалдап жүрүштү. Жыйырманчы жылдардын аягында улуттук-боштондук кыймыл негизинен жок кылынды.

Совет өкмөтүнүн талабы боюнча жергиликтүү бийлик органдары басмачылардын корбашылары менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, бир нече жолу кайрылышты. Алардын айрымдары кепке көнүп, курал-жарактарын тапшырышып, басмачылары менен өтүштү. Айрым жан кечтилери куулук кылышып, чыккынчылыкка барышты. Мойдун, Акунжан, Парпи сыяктуулар бирде Советтер тарабына өтүп, бирде каршылыгын көрсөтүп жатышты. Калкожо Ош жана Асаке шаарларын карактап, карапайым элден салык ала баштады. Өзү бир кезде «пир» туткан Мадамин бек менен оту күйүшпөдү.1920-жылдын башында Кызыл Армия жана ыктыярдуу отряддагылар негизги күчтөрүн Эргештин бандаларына каршы аттандырды. Ал өзүнүн Бачкырдагы сепилине жашынып калганына карабай Кызыл Армиячылар сепилди эрдик менен талкалашты. Эргеш менен кошо Көршермат да талкаланып, алардын тогуз жүздөй адамы күнөөлөрүн моюндарына алышып, багынып беришти.

Карапайым элдин басмачыларды колдобой калгандыгы улам айкындала берди. Адашып жүргөндөрдүн, байлардын кызматчыларын жана британиялык империалисттердин кызыкчылыктары үчүн согушуудан баш тартып, тынчтык түзүлүшүнө чечкиндүүлүк менен умтулушуна жардам болду. Баары бир басмачылардын арасында коркунучтуу жана айлакер бандиттер али да бар эле. Алар жаныдан бутуна туруп келе жаткан совет өкмөтүнүн түзүлүшүнө зыян келтирүүгө ыңгайлуу учурларды пайдаланып калууну көздөп жатышкан. Басмачыларга каршы күрөштү тынчтык жол менен бүтүрүү ишенимине алданып калбай, багынып бербеген карбашыларга каршы кармаш уланып жатты.

Аскерлердин саясий бөлүмдөрү жана совет бийлигинин жергиликтүү мекемелери Түрк комиссиясы жана Түркстан компартиясынын борбордук комитети жүргүзгөн коомдук саясий жана маданий иштерге Фергана аймагынын калкы улам кошулуп жатышты. Басмачылардын тамыры биротоло жок кылынбады. Көп узабай алар кызыл армияга каршы согуш аракеттерин кайра башташты. Өрөөндүн чет тарабына, тоолуу аймактарга топ-топ болушуп кетип жатышты. Айрым караңгы адамдарды үгүттөшүп, кээ бирлерине жалган байлыкты убада кылышып, кээлерин коркутуп, мажбурлап алып кетип жаткандыгы билинди.

1921-жылы 13-майда Куршаб-Ош жолунда бир миң жети жүз пуд буудай, алты миң кез кездеме ж.б буюмдар жүктөлгөн унааларда орус, кыргыз улутундагы аялдар, балдар бар эле. Аларды кыркка жакын кызыл аскерлер узатып келе жатышкан. Мойдун өзүнүн баш кесерлери менен аларга кол салышты. Кызыл аскерлер кыйноого алынып, отко күйгүзүлүп өлтүрүлдү. Балдарды кылыч менен кыя чаап, арабанын дөңгөлөктөрүнө жанчышты. Айрымдарынын санын сан, колун кол кылып, улак тарткандай чапка басышып, чаттарын айрышты. Аялдарды кылычтап, көкүрөктөрүн оюп, боюнда барлардын ичтерин жарып союп, мууздашты. Анын басмачылары кай жерге барбасын күнөөсүз адамдарды кыйнап, жазалашты. Ар бир айылга салык салып, жигиттери үймө-үй кыдырышты. 1922-жылы 3-июлда Мойдун Ош шаарына басып кирип, ооруканада жаткан оорулууларды, медициналык кызматкерлерди кыйнап өлтүрттү.

Ош-Жалал-Абад аймактарына барып, негизинен Эски-Ноокат, Жаңы-Ноокат, Базар-Коргон, Өзгөн, Лянгар, Гулчө айылдарын, Кытайдын Эркеч-Там жана Оогондун Хорог чек араларына чейинки аймактарды тазалоо үчүн штабыбыз Ош шаарында түзүлдү. Мойдун бекке каршы куралдын күчтөрүн гана колдонбостон, тынчтык жолу менен келишүүлүккө бармак болдук. Калктын колдоосунан ажырып калган басмачылар жан үрөп, элге каршы аракеттерди жүргүзүп жатты.

Мойдун өз топторун толуктоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, эч кандай айла-амалдарды жасай албай, кайтадан сүйлөшүүлөргө келди. Аскерлердин ферганалык тобунун командованиеси басмачыларды кан төгүүсүз жоюуга үмүттөнүп, аны менен үч ай бою сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Мынчалык убакыт Мойдунга тыным алуу жана курал-жарак каржысын толуктоо үчүн керек эле. Июнь айында ал тоо арасын аралап кетип, Кызыл Армиянын горизондоруна кол сала баштады.

Тоо шарттарындагы катуу кармаштар Мойдун жетектеген топтун шаштысын алды. 6-июлда колго түшүрүлүп, 26-сентябрда атууга өкүм кылынды. Жаны ачынган эл өкүм жарыяланганга чейин эле аны «Таш бараңга алып өлтүрөбүз» дешип суранышкан эле.

Совет өкмөтү, партиялык уюмдар басмачылардын кыймылына каршы күрөшүүдө түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Жергиликтүүлөр «Кызыл союлчандар» деп аталган топторду түзүп, найза, кылыч, таяк, түтөтмө мылтык, союл менен куралданышып, басмачыларга каршы чыгышты. Кызыл милицияга басмачылардын түнөгүнө барчу жолдорду көрсөтүшүп, тыңчыларын ашкерелешти. Шарттуу белгилер боюнча басмачыларды бир-бирден куралсыздандырып, мылтык, аттарын тартып алышты. Эл тарабынан катуу каршылыкка учурагандарына алдастай түшүштү.

Кызыл Армия тарабына өткөн басмачылардын бардык бөлүктөрү М.В.Фрунзенин буйругуна ылайык өздүк составын текшерүү, кайрадан түзүү жана машыктыруу үчүн Ташкенттеги лагерге жөнөтүлүүгө тийиш эле. Бирок, бул бөлүктөрдүн көбү ал жакка баруудан баш тартышып, ыңгайлуу учурларда Көршермат менен Мойдун бекке өтүп кетип жатышты. Ошодон улам өз лагери бизге басмачылардын топторун алып калууну токтоттук.

Ага дагы бир себеп 1-Турк полктун командири–анжиандык басмачылардын мурдагы башчысы, кызыл аскерлер тарабына өткөн Ахунжан Совет бийлигине чыккынчылык кылып, өз полкун алып кетүүгө ниеттенгендиги текшерүүдө билинип калды. 25-майда М.В.Фрунзе Анжианга келди. Ал партиянын, ревкомдун өкүлдөрүнүн, партия уюмун, Татар бригадасынын саясий бөлүмүнүн жана командаваниянын өкүлдөрү менен кенешме өткөрдү. Михаил Василевич чогулгандарга түзүлгөн абалды – кайрадан уюштуруу үчүн Ташкенттеги лагерге 1-Түрк полкунун барышы жөнүндө фронттун командачысынын буйругун Акунжандын орундатпай койгондугуна байланыштуу түзүлгөн абалды тааныштырды. Бул полкту куралсыздандыруу зарылдыгана токтолду.

Команданын чечимине бардыгы ынанышты.Фронттун командачысынын келгендигине байланыштуу жоокерлерге жаны кийим кийгизилип, тууларды алып, патронсуз куралдар менен горнизондун парадына өз полкун алып чыгып, шаардык аянтка катарга тургузуу жөнүндө Акунжанга буйрук жиберилди. Парад башталар алдында клубда командачы өткөрө турган кыска кенешмеге Акунжан өзүнө баш ийген командирлери менен келүүгө чакырылды. Парадда ар бир басмачынын каршысында экиден кызыл аскер тургандай кылып, аскерлерди жайгаштыруу чечилди. Басмачылардын колдору бош калбас үчүн алар аттарынын тизгиндерин кармап туруууга тийиш болушту. Берилген белги боюнча жоокерлер алардын мылтыктарын тартып алуулары тийиш. Ошол учурда Фрунзе өзүнүн кайтаруучулары менен Акунжанды жана анын корбашыларын куралсыздандырмак. Жагдайга жараша зарыл деген ниет менен жакынкы тар көчөлөргө жана көчөлөр кесилешкен жайларга племеттор орнотулуп, кош ат чегилген арабалар даярдалып коюлду. Вокзалда жана короолордо аскердин алдынкы күзөттөрү топтоштурулду. Ал эми качып чыккан басмачылар топторуна урушка даяр турушкан Анжиандын тегерегине кызыл аскерлердин атчан бөлүктөрү жайгаштырылды.

Бирок, көп нерселерди алдын алууга маани берилбептир. Биринчиден парадга басмачылар октолгон куралдары менен келиши мүмкүн эле. Экинчиден парадды көрүүгө жергиликтүүлөр да келиши ыктымал болчу. Айткандай эле элдин көптүгүнөн бут коерго жай жок. Ангыча жетекчилер трибунага

көтөрүлүп, горизондун жетекчиси аскерлерди жеништери менен куттуктады. Андан кийин фронттун командачысынын кыска буйругун окуп, Ахунжандын баш ийбегендиги жана анын куралдарын берүүгө тийиш экендиги айтылды. Ошол замат белги берилип, басмачылардын куралдарын алуу аракеттери башталар замат, бирөөсү ок атып жиберди. Баш-аламан атышуулар башталды. Көчө кесилиштеринде пулеметтор тытырап жатты.

-Ок атууну токтоткула. Басмачылардын эч кимиси кете албайт. Горнизондун жана шаардын айланасы жылчыксыз бүтөлүп, пулемоттуу арабалар тосуп турат –деп горнизондун башчысы канчалык кыйкырса да аны эч ким уккан жок.

Ал эми клубда башкы командачы өзүнө тиешелүү милдетти бүтүрүптүр. Айтууга караганда Акунжан өзүнүн он төрт корбашчысынын узатуусунда командачыга келет. Михаил Василевич алардын столго келип отуруусун сунуш кылат. Бир тарапта Фрунзе жана штабдын кызматкерлери, экинчи тарапта Ахунжан корбашчылары менен отурат.

-Фронттун Реввоенсовети сиз командалык кылган полкту Ташкентке баруусу жөнүндө токтом чыгарды-деп сөзүн баштады Михал Василевич. -Сиз Реввоенсоветтин буйругун аткаруудан баш тарттыныз. Эмне үчүн? Кандай негизде?

-Мен бул жерден полкту алып кетпейм. Эгер биз кетсек, биздин үй бүлөбүз коргоосуз калат. Үйлөрөбөз менен мүлк-төрүбүздү ким кайтарат? –деди Акунжан.

-Бизде Татар бригадасынын бөлүктөрү бар. Алар Анжиан-дын коопсуздугун камсыз кылышат.

-Бирок, биз шаардан кеткибиз келбейт. Анжиан биздин шаарыбыз. Биз ушул жерде жашап, аны коргойбуз –дейт Акунжан өз оюнан жанбай.

-Кызыл Армия совет бийлигинин душмандарынан Анжианды гана эмес, Туркстандын баардык эмгекчилерин да коргойт. Эгер сиздер Кызыл Армияга кызмат өтөп жүрсөнүздөр, анын тартибине баш ийип, командованиянын буйругун орундоого тийишсиздер.

-Полктун Ташкентке баруусу сизге эмне үчүн керек? –деди Акунжан Фрунзеге тике карап –Биз сиздин буйрукка ишен-бейбиз. Биздин үй-бүлөбүздү орусттар талап алуу үчүн бизди жөнөтмөк болуп жатышат, деген кеп –сөз айтылып жүрөт.

-Бул ушак! Талап –тоногондор кызыл аскерлер эмес, басмачылардын өзү деп Михаил Василевич кыйкырды.

- Сиздин полкто эски басмачылар коп. Алар кыштактарда басмачылык кылышат. Мага дыйкандар «Кызыл Аскерлер да басмачылардай экен» деп айтып жатышат. Полкту баш кесерлерден тазалаш үчүн Акунжан сен эмне иш жасадын? Эч нерсе. Полкто тартип жок. Күжүрмөн жөндөмдүүлүктөн ажырап калган шашкалактап. Ал кайрадан түзүлүп, лагердик аскер машыгууларынан өтүшөт.Эгер Реввоенсоветтин буйругуна баш ийбесенер, сиз жана бул полк куралсыздандырылат.

- Мен айттым го. Эч жакка барбаймын деп, Акунжан ордунан турду.

- Куралынызды бериниз! –деп Фрунзе катуу буйруп, колун сунду.

Акунжандын өнү кубарды. Ал кабурун кармап, маузерин сууруп чыгып, командачынын көкүрөгүнө багыттады. Корбашылар ордуларынан тура кылышты. Фрунзе өзүн токтоо кармап, Акунжандын көзүнө тике карады. Акунжандын колу калтырап, бою шалдырай, колдору төмөндөй берди да

-Ме, ал! –деп айкыра маузерин стол үстүнө таштады. Карбашылар да аны кайталашып, куралдарын ташташты.

Бир нече убакыттан кийин басмачылардын каршылыгы басылып, толугу менен колго түшкөндүгүн моюндарына алышты. Бирок, арасында жарадар, курман болгондор да бар эле.

-Колго түшкөн жигиттердин баардыгы, мыйзамдын коргоосуна алынат. Эч кандай репрецияга кабылбайт. Ак ниеттери менен элге кызмат кылышсын. Айткыла аларга –деп Фрунзе тургандарга эскертти.

Арасында алданып жүргөн дыйкандар топ-тобу менен Совет бийлигине өтүшүп, ыктыярдуулар отряддарын толукташты. Басмачылыктын келечеги жоктугуна көзү жеткен ири корбашылар, белдүү адамдар да келип жатышты. Алардын арасында «Большевиктердин бардыгы Кужелодой болсо, анын партиясынын катарында боло албагандыгыма өкүнөм», «Англиянын кол чатырына калкалаган көрө, большевиктердин огунан өлгөнүм жакшы» деген падышалык генерал А.А.Муханов, «Карышкырлар жүздүгүнүн» командири И.Ф.Фарынский, орус армиясынын мурдагы полковниги

Сулайман Күчүков, мурда Мадамин бектин ишенимдүү кишиси Марк Ильич Паниковский, Кызыл Армия менен милициядан сокку жеп, аргасы түгөнгөн Мадамин бек багынып берүүнү туура табышты. Советтердин жергиликтүү бийлик органдары бөөдө кан төгүүнү каалабай, тынчтык сүйлөшүүлөрдү баштоо жөнүндө басмачылардын корбашыларына алда канча ирет кайрылышты. Алардын айрымдары айтканга көнүшүп, курал-жарак, басмачылары менен өтүп келишти.

Мадамин бектин максаты Түркстанды өз алдынча мамлекет кылуу болчу. Падышалык Орусия менен Советтик Россиянын айрымасы ал үчүн бүдөмүк эле. Ал башта эле падыша акимчилигине нааразы болуп, күрөштү колго алмак болгон. Бирок, динчил, улутчул, ой-пикир кошулуп,ал түгүл качкын ак гвардиячыл офизцерлер келип, Бухара эмирлиги аркылуу Орто Азияга өтө кызыкдар болгон англис агенттери аралашып, кыймыл контрреволюциячыл мүнөзгө ооп кеткен. Кийин гана Түркстан элдери кай тарапка умтулганын көрүп, билип англис агенттери менен качкын ак гвардиячыл офицерлерден бөлүнүп, 1920-жылы М.В.Фрунзе менен сөзгө келишип, большевиктик революциянын тандап алган жолуна максатташ болду. Өзүнүн жыйырма миңден ашуун колун «кызыл аскер» деп Маргаланда турду.

***

Мадамин бектин Совет бийлиги тарапка өтүшү, көптөгөн корбашылардын, паңсаттардын баштарын маң кылды. Ишенген жетекчинин Кызыл Армиядагылар менен биригип кетиши, көбүнүн колдорунан куралдарын түшүрдү. Мадамин бектин баскан кадамын аңдууга алып турган органдагылар аны менен байланыш түзгөндөрдү суракка ала башташты. Адиге да кезек келип, аны бир күнү Ошко чакырышты. Ади болгон окуяны жашырган жок. Болгонун болгондой айтып берди. Ошентсе да аны «басмачыларды машыктырган жетекчи катары» түрмөгө отургузушту.

Кабарды уккан бек көп убакыт өткөрбөй Адини издеп түрмөгө өзү келди. Учурашып, ал-жай сурашкан соң, Ади кептин ток этер жерин өзү айтты.

-Билип турам, «таксырым». Өзүң менен «үзөнгүлөш бол» дегени турасың.

-Билдиң. Сенин ордуң башка жакта. Учурда зарыл, керексиң. Жергиликтүү калктын шартын жакшы билесиң. Эки тарапты элдештирүүдө, карама-каршылыкты жоюуда сенин ак кызматың керек.

-Мен кечээки «таксырга» ишенемби, же бүгүнкү кызыл командирге ишенемби?

-Бүгүнкүгө ишен.

-Кечээгинде да, карганып, касам ичкенге чейин барбадың беле?

-Баргам. Мойнума алам. Ойлоп көрсөм бүгүнкү шарт, максат башка экен. Түшүнбөй жүргөн экемин. Сени бекер мажбурлаганга чейин барыптырмын. Сага эски досуң Таричан Михаилович салам айтты. «Жакында ага өзүм барам. Бирге иштейбиз» деп менден кабар берди.

-Саламат болсун. Мен аны күтөмүн.

-Көрсө, сенин максатың башка экенин эми туйдум. Бизге кел? Башкы командачы менен кеңешип, кызматка алалы?

-Ырахмат досум. Насибинче болоор. Дьяковду күтөмүн. Аны менен сен да кошо кел. Кеңеше турган иштер бар. Эми, сени, мен үгүттөймүн.

-Аны да көрө жатарбыз. Түрмөнүн начальниги менен сүйлөштүм. Бошсуң. Сен жөнүндө башкы командачы менен да кеңири сүйлөшөмүн, кабарлашып туралы.

Эки чыгаан кучакташып коштошту.

1923-жылдын аягында Түркстан республикасында басмачылар элге жана өкмөткө экинчи каршылык кылбайт-деген чоң ишеним болду

РКП (б) БК 1923-жылы 6-ноябрда «Басмачылар менен күрөшүүнүн жаңы тактикасы жөнүндө» токтом кабыл алды. Анда Ферганада басмачылар негизинен жоюлду. Облустун калкы басмачыларга өтө кастык менен мамиле жасайт. Совет бийлиги Ферганада чыңдалып,элдин жүрөгүнөн терең уялады.Эми ага эч кандай бандитизм коркунучтуу эмес» деп белгиленди.

Элдин колдоосунан такыр ажырап, чет жактан керектүү жардам ала албай калгандыктан, ошондой эле Кызыл Армиянын, милициянын соккуларына туруштук бере албастан басмачылар 1922-жылдын акырында келип багына башташты.

Катарында 5800 адам болгон ыктыярдуу отряддардын күчү менен басмачылардын жүз отуздан ашык тобу жок кылынып,

4500 желдети өлтүрүлгөн. Алардын ар кайсы түрдөгү 1554 мылтыгы, 6900 патрону, 318 тапанчасы,120 кылычы колго түшүрүлдү.

Андан көп өтпөй эле «1922-жылдын 1-ноябрынан 1923-жылдын 20-апрелине чейин гана милициянын ыктыярдуу отряддарынын түздөн-түз катышуусу менен Фергана облусунда (ал кезде Ош облусу да Фергана облусуна караган) 99 корбашы, 3170 басмачы туткунга алынып, 13 племет, 931 мылтык, 118 тапанча, 34710 патрон жана башкалар колго түштү».(Ош облустук мамлекеттик архиви 305- фонд, 1-опись, 33-барак).

***

Карапайым калктын канын агызган Калкожо корбашы Ош-Анжиян аймагына батпады. Акыры Кадамжайга барып, Тамашада кызылдардан таакы жеп, куйругун кыпчыган карышкыр баштанып, колун ээрчитип, Кара-Кулжа тарапка ооду. Барган жеринде «байбайлаган» ый, токтогон жеринде «томурайган» өлүктөрдү калтырып, капчыгай ичинде сойлогон жылан баштанып, өр тартып баратты. Артынан түшкөн аз куугунду тоготпой, барган жерин талап-булап, жеткен жеринде жеп-ичип, бүлүндүрүп жүрө берди. Кагуу жеп каршылашына ызырынып, камчы жеп кектешкенине өчөшүп, качканды куткарбады, жолукканды жолдо мууздады. Качканды карышкырдай жалмап, коркконду козудай союп келе жаткан Корбашынын кабарын уккандар жан алакетке түшө жашырынышты. Ал ан сайын кан ичмеси кармап, басып алып байлыгын, жыла барып жылкысын тоноду. Акыры Алайкууга жетип, аз да болсо кызылдарды тосмок болду.

Ар айылдан аппак болгон боз үйлөр алынып келинип, катары менен тигилди. Ар бирине килемдер салынып, көрпө-төшөк үйүлдү. Кемегелер кенен казылып, казандар асылды. Жалы туюк бээлер союлуп, казы-карта жуулуп, чучуктар капталды. «Жегенге жеңил» дешип, баглан шырбаз козулар тандалып келинип, сүлкүлдөгөн жорголорго артылып, бүлкүлдөгөн серке чаначтарда кымыздар чогултулду. Комузчулар күү чертип, ырчылар, жамакчылар жаны калбай корбашы баш болгон паңсаттарды, жүз башы, элүү башы жада калса ат токуган жигиттерди, эт кармаган бөкөлдөрдү макташты. Сүрмө топ, сүрөгөн үндөр ар бир үйдөн чыгып жатты.

Алайкуу өрөөнүндөгүлөрдүн көбү Адигиненин Бөрү уулунан тарайт. Ошол Бөрүдөн тараган Бабакенин өрөөндү ээлеп туруп калышкандыгы боюнча элде бир айтым бар. Бабакенин эки аялынан алты уул көрөт. Алтоо бир атанын балдары болгону менен чон аялдын балдары, токолдун балдарына үстөмдүк кылышат. Мал баккан, эгин эгишкен кичүү аялдын балдарынын тапканын тартып алышат.

-«Агасы бардын ырысы бар». Биз бар, ырысынар бар. Кызматты кыла бергиле. Силерге Кудай берет дешип, уурулукка жөнөтүп, мал алдырышат.

Каракчылыкка жөнөтүшүп, жолоочуларды тонотушат. Күндөрдүн дагы бир күнүндө конушу айылдан барып мал уурдап келүүгө жумшашат.

Токолдун үч баласы ээрчише жолго чыгышат. Айсыз карангы түндө конушу айылда жашаган байдын кароосундагы койлорго кирмек болушат. Эл уйкуга киришин күтүшүп, андып жатышып, түн коюланганда айылдын иттерин авалатпай, короо кайтаргандарга билдирбей короого жакындашат. Эч нерсе корунбогон карангыда үчөө ээрчише басышып, короого кире беришкенде, тан атып, жерге жарык түшүп, биринин караны бирине айкын көрүнөт.

-Тан атып кетти. Короо кайтаргандар ойгонуп, бизди таанып, кармап алышпасын–дешип, ымдаша, короого киришпей аркага кайтышат.

Короодон алысташканда, кайрадан кара түн каптап, эч нерсе көрүнбөй калат.

- Коркконго кош көрүнөт–деп, биз орто жолдон бекер кайтыпбыз. Тан атмак тургай, түн ортосу боло элек экен. Кайра жүргүлө деп чону инилерин ээрчитип,кайрыла короого жакындайт.

Короо четине келишкенде, түн суюлуп, кадимкидей жер жарып калат. Үч бир тууган короодон эч нерсе ала алышпай аркаларына кайтышат. Кур кол кайтып келген инилерин коргон байбиченин балдары ачууланып, аларды сабап, уйлорунон кууп чыгарышат.

Үч бир тууган Коргошун-Талаа, Кенжекул, Алим-Төбөнүн айланасын байырлашат. Элге окшоп эгин эгишип, дыйканчылык кылышат. Жер мээнетти жебей, түшүм мол болот. Ак эмгектин акыбети кайтып, түшүмдөрүн малга алмашышып, ашканын

базарга сатышып, эл катары тын жашап калышат. Инилеринин малдуу,пулдуу болгонун уккан агалары:

-Туугандан топурагы алтын. Тууган болсо кайрылышат. «Мал берсенер оорунга, эгин берсенер карызга» дешип, жылда келишип, айдап кеткен малдарын, жүктөп кеткен эгиндерин кайтарып беришпейт. Кийинки жылы кыш оор болуп, кар түшүп, малга тоют түтпөй, жут башталат. Ачка калган агалары башта сурап алышса, эми зордоп, басып, инилеринин малдарын айдап жөнөшөт.

-Агалар, башканын баарын алсанар да, мына бу, көзүн караган «Борколдойго» тие көрбөгүлө? Бул жөрөлгөлүү мал дейт.Агалары анын сөзүн этибар албай, «борколдой» букасын союп, болуп алышат.

-Байбиченин балдары, колдорубузда болгонун барын алышты. Ырымга сынар мал калтырбады. Ыраактап кетпесек, оокат кылдырышпайт окшойт- дешип, кичүү катындын үч уулу ээлеген жерлерин кырк кара байталга сатышып. Отуз-Адырдын этегине келишет. Суусу жок, какырга коно алышпай Кара-Кулжанын этегиндеги Миң-Өруккө келип жайгашышат. Ал жердин шартына көнө алышпай, ылайыктуу жай издеп Капчыгайды өрдөп, тоо аралашат. Алайкуу өрөөну суусунун молдугу, жайытынын кенендиги менен аларды көнүлүнө толот. Этекке жеткенде эн кичүүсү Майторон:

-Мага ушул жер жакты-деп, этекти конуш кылат

-Мен силердин ортонордо отурайын деп, ортончу уул Байтору ортолуктан орун алат.

-Эң башын мага ыйгарыпсынар. Силердин бүтүмүнөргө көндүм деп, үч уулдун улуусу Кошуке баш тарапты ээлейт.

Ошондон ушул күнгө чейин Алайкуу өрөөнүн Бөрү уруусунун урпактары жашап келет.

Алайкуу өрөөнүнүн ортолугун ээлеген Байтору, жерине алмашып келген кырк байталды асырай баштайт. Жылдан жыл өтүп кырк байтал төрт жүз бээ болот. Тору айгырдын үйүрү минден ашат. Жыл сайын жылкылуу бай Байтору тайын өзүнчө, субайын өзүнчө болуп, ар жайлоого жылкычыларына кайтартат. Ары-бери откон жолоочулар «Байторунун байлыгы ашыкча»- деп барган жерлеринде кеп кылышат.

Байлыгына чиренген Кара-Кулжа, Өзгөн, Ош, Жалал-Абад аймагындагы байлар.

-Жайылган мал, байлыкка кирбейт. Жыйылган мал байлык делет. Байлыгын тенештиргиси келсе, калыстарды чакырышсын. Кимдин бай экендигине баа беришсин–дешет, байлар менменсишип.

Байлардын чакыруусу менен жол боюна, калыстарга атайлап үй көтөрүлөт. Аларга тамак-аш беленделип, ар-ар жерден калыс адамдар чакырылат. Алтын, күмүш, зерлерин сандыкка жүктөп, түрдүү килемдерди жаап, кербенге жүктөткөн байлар биринин аркасынан бири, жайлоолорго көчүп өтүшөт. Байтору мин карасын бир болуп, мин аласын өзүнчө, мин бозу менен мин торусун удаалаш кылып, ар кандай түстөгү жылкыларды калыстар отурган жайдын адына чубатып өткөртөт. Ар кыл өңдөгү жылкылардын түстөрүнөн баштары адашкан калыстар:

-Жылкылардын баары тору экен-деп бироосу айтса,

-Мен жалан боздорун көрдүм-деп экинчиси талашат

-Талаадагы мал салаадагы мал. Токтосо токтойт. Токтобосо суюлуп түшөт. Байлыкка кирбейт-дейт калыстардын бири.

-Туура. Мал жоонуку. Болбосо жуттуку-дейт кийинкиси.

-Силер таап айтып жатасынар. Менин пикирим силерден башкараак-дейт калыстардын аксакалы. Баарынын көнүлүн өзүнө буруп: -Байторунун байлыгы элдики. Бир келген жоо минип алып кетээр. Калган жылкыларды тутуп минген жоокерлер аларды алыс узатпайт. Ошондо Байторунун да, силердин да байлыгынар колунарда калат- деп талашты тык токтотту.

Эл арасында «Кара жылкылуу Байтору», «Кара жылкылуу бай»-деп аталып келет. «Кара жылкы» уруусунун тобу ошондон кийин аталат. Алайкуу ороонундогу жайлоолор Байторунун жылкыларынын кышкы-жайкы жайытына карай Мин-Жылкы, Андакул, Зордо-Бука, Тору-Ала, Кызыл-Агын, Чүрпө, Ак-Богуз, Кер Жайлоо деп аталып калган делет.

-Менин мин кетменим бар. Кышын-жайын жол салып кете берем. Килемдеримди журтка таштап кетем дечу Байтору.

Анын жону мин жылкы үйүр башынын аркасынан чубаса, жалгыз аяк жол кенейип калат. Кар күрткүдө да үйүрдөгү айгыр баштап жөнөсө, кийнкилери таптап өтүп жол даяр. Кадимки кетмен тегиздегендей болору белгилүү. Байторунун жылкылары Мин-Жылкы жайлоосуна түштө түшүп келип суу ичкенде, этек

тараптагы суу тайыздап, балыктар кадимкидей чабалактап секирсе, кунан-тайлар кошкуруп, үркүп, качышчу-деп кеп салып калышчу экен.

-Көчүп кеткенимде, килемдерди эски журтка калтырам деген Байторунун сөзүнө ишенишпейт,

- Силерге сөзүмүн чындыгын көрсөтөм- деп бай Ийри-Суу жайлоосунда чон той берип, Анжиан-Арка аймактарындагы билерман, байларды түгөл чакыртат. Тойдун тамашасы өткөрүлүп, сый тамак арбын коюлат. Акыркы күнү бай айылын түнү көчүрөт. Өзү эрте менен Кичи Кароол-Таштын мойногуна чыгып, жакынкы аймактардагы аксакалдарды, билерман, байларды өз жанына чакыртат.

-Мен силерге байлыгымды көрсөтөйүн дедим эле. Карагыла, килемдерим журтта жатканын көргүлө дейт.

Жарданып тургандар жабыла тиктешсе, бай айткандай эле эски журтта тегерек болгон боз-үйлөрдүн орду, ак жашыл, көк жашыл болуп, адамдардын буттарынан уйпаланган бетеге, туландар кадимки майда гүлдөрдүн көчөтүндөй болуп, көз жоосун алат. Көрсө бай жаны журтта бир жумага жетпей байырлап, жер такырлана электе жаны журт которчу экен. Жайлоонун жашыл туланы салкын жайлоодо заматта бой көтөрүп, көк майса түрлөнүп кала бергени килемдей болуп көрүнүп, көргөндүн көз жоосун алчу.

Байторунун Алдакул аттуу уулу, алты уулду болот. Алты уул, алты жерге айыл конуп, жашоолорун тынч өткөрүп жаткан мезгилде, капыстан калмактар келип чаап, мал-мүлктөрүн талап, жылкыларын айдап кетишет. Үйүр башы тору айгыр калмактардын канчалаган тосмолоруна моюн бербей, өз жайытына карай качып жөнөйт. Көп куугунчу аркадан түшүп, такыр тута алышпайт. Аттары күйүгүп, өздөрү чарчашканда көпчүлүккө моюн бербей, карматпаган тору айгырдын алдына өтүп, тосушуп, атып салышып, башын кесип ыргытышат. Тору айгырдын башы кесилген жер, кийин Ат-Башы аталып кетет. Тору айгырды ыйык көргөн Алдакулдун балдары

-Биз аттын башы калган жерге барып конуштайбыз- дешип, Бөрү уруусунун бир тобу Ат-Башы аталган жерде калышат.

-Байторунун агасы Кошуке Кочкор аттуу уулду болот. Кочкор баатыр аталып элди коргойт.

-Өз тууганымдын балдарын талаалатып, баатырдыгым кайсы? деген Кочкор баатыр Анданын балдарын издеп калмактар кеткен тарапты көздөй жөнөйт. Узак жолдо ач калып, ток калып, аты арып жүрбөй калганда үстүндөгү соот кийимдерин чечип, аяк улоого алмашып жүрүп, ортодон он эки жыл өткөндө Чапкынчыны таап, өз журтуна келет.

Чапкынчы келген учурда Байторунун карып калган мезгили эле. Ал эн кичүү аялынан эркек балалуу болуп.

-Жоо чаап, жоголгон баланын баласы келди. Ушул уулумдун атын Келдибек коемун деп, эн кичүү уулунун атын Келдибек. Андан кийинкисин Чынбагыш атайт.

Чынбагыш Ой-Талды жердейт. Чынбагыштан Райымбек, Тейиш. Ой-Талдагы бөрүлөр Чынбагыштын урпактары. Ал эми Чапкынчыдан Насипкул. Андан сегиз уул төрөлүп, алардан тарагандар Алайкуудагы топтогулар менен бирге туруп калышкан.

Алайкуу аймагындагылар аны аябай эле «сагынып» турбаса да, алды келип аяр кол берип, арткылары али келе элек. Кол бергендер кош-коштоп отун өңөртүп, кошоктоп жылкыларын жетелетип салам жибергендери анын көңүлүнө толбоду. Өзүн «мусулмандарга азаттык алып берүүчү», «казабаттын катуу баштоочусу» сезген корбашы, жигиттерине элди эркинче талоого уруксат берди. Кызыл-Жардын ичи кызыл кан, катуу каткырык, ачуу кыйкырык. Карапайым калкка кайгы болсо, баш кескен басмачыларга оюн сезилип, карга-кузгун да Кызыл-Жарды байырлап калды.

-Басып жеп баркылдаган, тартып алып таркылдаган, зордуктап зомбу көрсөткөн каракчылык, шарияттын жолун бузуп, мусулман баласы барбаган жорук-жосунду кылмыш чегинен ашып кетти. Тескери баскандарды тескеп, адинан ашкандарды аркага тартып коесузбу?-деген өтүнүч менен келген бала болуш Бекташты корбашы көгөнгө байлатып, төрт куу казыкка кердирип, как сайда кароолдоруна каратып койду.

Ар айылды коркунуч каптап, аял-эркек сестенип, келин-кыздарды жар-жарга бекитишип, куралы жок жигиттерди алыскы зоолорго кетиришип, жалаң эле кемпир-чал үйлөрүн байырлап калышты. Алайкуу аймагындагы башы көрүнгөн бараандуулар, батынып барчу саламдуулар, сак-сактап элди аяп, акыбалды аярлап карап, баш бириктиришип, акылдарын калчашты.

-Бириндеп, баш калкалап, билмексен болуш уят-деди Ибраим бий.-Бекташ неберем кириптер болуп калды жакшылап.

-Баары бир булар кетет. Эртең эл калат. Биздин бекинип жүргөнүбүз элге насак, -деп коштоду Эгемберди бий.

-Бирикпей качкандыгыбыз кайсы? Бий болуп аталганыбыз кайсы?

Суроо бере кетти Эрмекбай бий.

-Бийи жок эл болсо да, эли жок бий болбойт. Биз элге бийбизби, же…кимбиз?-деп кумсарды Ибраим бий.

-Бириндетип, Бекташтай кылып кармай берсе, биздин эл эгеси, журт агасы болгондугубуз кандай нерсе?-деп ачуусун жашыра албады Эрмекбай бий.

Бийлердин кептерин угуп отурган бай-старчындар бардыгына сөз кошо алышпаса да, макул сымак баш ийкешип, ар бир сөздү, айтылган кепти макул көрүшүп, маң дей алышпады.

-Акмактын акылы түштөн кийин. Баарыбыздан жаш Бекташ казыны барымтага карматкандан кийин намыс-арыбызга келип отурабыз. Калкожо хан эмес. Ал качкын. Качып, калкаланып келип отурат. Ата-бабаларыбыз жердеген, киндигибиз кесилген жерде отуруп, ыйык жайыбызда туруп, качкындарга тең келе албайбызбы? Корбашы мал сураса мал берели. Ал качып жүрүп жан сурабайт. Качкынга малдын да кереги жок. Көп болсо өлүү дүйнө, күмүш-алтын сураар. Мен барып оюн билейин-деди Эгемберди бий.

Маңдай-тескей отурган бийлер, аларды тыңшап турган Алайкуунун билермандары жым дей, жеңилдей түшүштү.

-Барса, барсын. Эмне дейт? Анысын да көрөлү-дешти ичтеринен ойлонгон билармандар,алдыртан бири бири карашып.

Эгемберди үйүнө келип, чоң чары койду куйкалатып сойгузуп, этин бышыртты. Куржундун эки көзүнө тең бөлө салдырып, эки серке чанач кымыз менен бир атка арттырып, бокчодогу жамбыны алдырып, коюнга салып, салт жоргого минип, бир атты коштоп, Калкожонун алдына катуу барды. Корбашы отурган үйгө чоочун адамды жакындатпай жол тосуп турган сакчыларынын «Ай-үй» дегенин укмаксанга сала, атын катуу темине күү менен эшик алдына жете түштү.

Калкожо үйдүн эшигин түргүзүп коюп, салкын төрдө пар жастыкты жаздана, кыңкая отурган бойдон кечээки эле күндөрүн эстеп жаткан.

Калкожо айлакер, куу жана каардуу корбашы эле. Ал Мадаминбек, Мойдунбек баш болгон басмачылар тобу менен тыгыз байланышта болуп, эртеңки кыла турган иштерин да, биргеликте кенешип турушкан. Ага барып, тил табышуу оңойго турбайт эле. Өлүм менен ойногонго барабар болчу. Ошентсе да сүйлөшүү жолу менен ынатууга бел байлашып, карангы түндүн биринде Анжиан ревкомунун председатели Р.Рахимбаев, Ташкенттен келген  активист Абдрахман Калыков жана Татар бригадасынын аскер комиссары, дивизондун командири Якуб Жангарачович Чанышев болуп, Калкожонун кошунуна жөнөштү. Аларды ординарецтер гана узатып чыгышты. Ал эми кызыл аскерлердин жакынкы отряды Бажанов менен Хусанбаевдин атчан аскерлери душман жайгашкан жерден он чакырым алыстыкта эле. Басмачылардын бөлүктөрү менен сакчыларынан айланып өтүшүп, кырсыксыз Араван кыштагына келишти. Калкожо андагы пахта заводунун ээсинин үйүнүн ээлеп, өзүнүн штабы кылып алган эле.

Үйдун алдындагы чоң короодо басмачылар жык-жыйма. Келген меймандарды жарданып тургандардын көпчүлүгү чочулай тиктешсе, кээ бирлери таныркашып, көпчүлүк алдастап калышты. Пансаттардын ымдоосу менен шымаланган жигиттер колдорун көкүрөктөрүнө алыша, аттарды жетелей келишип, колтукташып аттан түшүрүштү.

- Келин, келин? Үйгө кириниздер?- дешип, эшик ачышты.

Дээрлик басмачылар гана эмес, аны тааныгандардын көбү «кожо аке», «эшен аке»- деп аташкан Калкожо отурган бөлмөгө алып киришти. Сырттан келгендер бөлмөгө баш багышып, түркүн-түстөгү килемдер салынып, анын үстүнө жумшак төшөктөр төшөлгөн. Анда куралдуу, сакалчан кенешчилери, - жашыл селдечен ажылар тегерек тарта отурушуптур. Калкожо ортодо кош кабат төшөктүн үстүндө саймаланган үч жастыктын төбөсүндө салтанаттуу отурган экен. Он тарабындагы жумшак пар жастыкка кынтая жатып алып, «кор-кор» эткире чылымды сороор-сормоксон болуп, ныксырап жаткан эле. Анын кийген кийими да, басмачылардан өзгөчөлөнүп, үстүндөгү жибек чапаны тоос кушундай түрлөнөт.Белин асыл таш чогорулгон кур

курчанып, анысы кыймылдаган сайын тийген жарыка чагылыша «жарк» дей түшөт. Саптары седептер менен кооздолгон канжарлар жана тапанчалар белинде кыстарылып, арка тарабындагы дубалда англиялык кооз карабин жолонүү турат. Бир менен айтканда, тоос кушундай кооздолгон, «чыгыштын чексиз укуктуу кожоюну» меймандарга айкын көрүндү. Аны тегеректегендердин көбүнүн белдериндеги курларында кооздолгон канжарлар менен тапанчалар кыстарылган эле.

Сырттан келгендердин ар биринде тапанча, кылыч, талаа сумкаларында зарылдыгына карай пайдаланууга камдалган экиден гранаталары бар болчу. Жана келгенде алардан эч ким «куралдарын таштоону» өтүнүшкөн жок. Өтүнгөн мезгилде да алар бербейт эле. Берген, бербеген мезгилде дале, бандит-тердин так эле түнөгүндө Калкожонун кенедей эле белгиси менен аларды бир нече көз ирмемде жок кыла турган жерде, алардын куралдары эч нерсеге татыбас эле. Тегерете отургандардын ортосундагы кенен салынган дасторкондо оокат-аш мол коюлуп, түркүн-түркүн даамдар менен кошо күчтүү чыккан күрүч бозосу менен мейиз шараптары фарфор идиштерде мелтиреп турат.

-Ассалоомалейкум- деп үн сала, салам айтып киргендерге Калкожо баш болуп отургандардын эч кимиси алик алмак тургай, көнүл буруп да коюшпады. Даамга чакырып, отурууну да өтүнүшпөдү. Бөлмө ичи жым болуп, эч ким унчуккан жок.

-И төртүнчү… Эмне келдинер?- деди Калкожо үнүн жасай.

Сырттан киргендер басмачылардын адатын жакшы билишкендиктен, «Кел»? дешпегенине эч кими теригишкен жок. Кайра өздөрүн эркин кармашып, кайраттуу үн менен жооп берүүгө аракеттеништи.

-Биз Түркстанга келатканда эле, Кожо-эшен акени ыйык адам, мээримдүү, меймандос мусулман,- деп уккан элек. Ал эми мусулмандардын меймандостук салты улук. Эгер биздин келишибиз сизге жакпаса, азыр эле келген жагыбызга кайтабыз- деди чечкиндүү Чанышев

Таасирдүү айткан анын сөзүнөн улам кенешчилери кобураша калышты. Алар таксырына карашып, угулар-укмаксан кыла сөздөрүн айтышкандан сон, Калкожо анткор күлүп.

-Мен тамашалап койдум. Кадырман коноктор, бул тарапка келип, менин он жагыман орун алгыла?-деди

Меймандар отурушары менен жаландаган жигиттери бир семиз койду жетелеп келишип, жалпыдан бата сурашты. Бата берилген сон, отургандар даам татууну өтүнүштү.

-Кана, бул суусундуктарга кандайсыздар?-деди Калкожо бозо менен суусундук куюлган идишин көрсөтүп

-Эшендер менен ажылар ичкен суусундуктар бизге да, насип эткен тура. Мейли, ичебиз дешти келгендер.

Ичимдик ичилип жаткан чакта, сөз ал-абалды сураш, аба ырайы жөнүндө болду. Себеби, чыгыш элдеринин адатында, эки тарап тен дароо эле сөздү негизги маселелерден баштабайт. Эки тарап тең, бири-биринин ойлорун билүүгө аракет кылышып, сактык менене абайлап, сылык сөз салып отурушту. Бей тааныш адамга ото ынак достор ангемелешип отургандай туюлду. Калкожо сактана, куулук менен саясатка жакындап, эл аралык жана ички абал тууралуу чечемелеей соз баштады. Ооган, Иран, Түркия менен өз ара мамилелер, большевиктердин максаты тууралуу аяр суроолорду узатты. Ошону менен катар, Ленин, Фрунзе жөнүндө кызыктар экенин жашырган жок. Ошону менен баарлашуу кызып, аркы берки сөздөр менен катар, саясатка да жол ачылды. Келгендер максаттарын билдиришип, Калкожонун жообун күтүштү.

Эт бышып, жегенге чейинки убакыт аралыгында коюлган шарттар толугу менен айтылды. Калкожо ал шарттарды өз кенешчилери менен талкуу кылып, макулдугун билдирди. Меймандарды жылуу-жумшак аттантышып, жолго узатышты. Бир нече күндөн кийин кызыл аскерлер тарабынан коюлган шарттарды басмачылардын кабыл алышкандыгын билдирген чабаганчы келди.

Сүйлөшүүнүн жыйынтыгы М.В Фрунзеге телеграмма аркылуу билдирилди. Көп узубай жооп келип, анда басмачыларды Ош шаарына жөнөтүүгө командованиянын макулдугу айтылган эле.

***

Кыргызстандын түштүгүндө милицияны түзүүчүлөрдүн жана басмачылар менен күрөшүүчүлөрдүн бири большевик Балтыкожо Султановду большевиктер тарабына өтүп кеткендиги үчүн тууган-туушкандары да жек көрүштү. Жергиликтүү молдолор анны «динсиз», «каапыр» дешип элге жек көрсөтүүгө айла-амалдарын аяшкан эмес. Ошол кездеги Фергана

өрөөнүндөгү басмачылардын ири жетекчилеринин бири болуп Көршермат эсептелчү. Анын бандасында ар кандай курал-жарактан, племетко чейин бар эле. 1917-18-жылдар аралыгында Б.Султанов Ош шаардык милициянын начальниги болуп иштеп, басмачылардын сазайын берет.

Калкожо уккандын үрөйүн учурган жырткычтыгы, ырайымсыздыгы жөнүндө жергиликтүү калк Б.Султановго билдирип турушкан. «Калкожо биздин айылдын бир нече дыйканын большевиктерге жардам бергенсиңер деп, керосин куюп, тирүүлөй өрттөп жиберди», дагы биринде «Сен басмачыларга акаарат келтирип, сөз тийгизгенсиң деп, тилин, кулак-мурдун кесип салды». «Бир айылдан башына чалма салынбаган намазга турат. Аны кармап алышып, үйүндө камыр кылып жаткан аялынын камырын дыйкандын башына ороп, шылдыңдашып, дак болуп жаткан майды үстүнө куюп жиберди». «Айылдан шаарга качкан сенсиңби деп, бир дыйканды бутунан талга асып, кылыч менен кыя чаап өлтүрдү».

Бул маалыматтарды алган Балтыкожо Сыдыков корбашы, Калкожонун желдеттеринин аркасынан сая түшүп, жеткен жеринде аларды талкалайт. Калкожо корбашы «коммунист Б.Султановду ким өлтүрсө, дүнүйөгө карк кылам» деп жарыялайт. Шаардын эли аны кармап бермек тургай, ар кыл кырсыктан сактап калышып, кол-кабыш кылышат.

Кайсы бир салгылашууда Калкожо корбашынын зөөкүрлөрү эр жүрөк коммунистти колго түшүрүп алышып, аттын куйругуна байлап, сүйрөтүп өлтүрүштү.

Элдешүүнү шылтоо кылып, убактылуу болсо да Араванда ээн-эркин сайрандап жүргөн Калкожо басмачылары менен бирде Ошту, бирде Асакени улам талап-тоноосун уланта берди.

-Ош менен Асаке шаарларын дайыма карактай беребиз. Анткени, анда жашагандар Калкожонун бийлигин таанығылары келишкен эмес. Ага моюн сунуп, салык төлөбөй коюшкан –деп басмачылар бирде Ошко, бирде Асакеге тополоңун токтотушпады. Милиция менен кызыл аскерлер күнү-түнү кароол коюшуп, Калкожо элдешүүгө келет дешип, күзөттө туруп суй жыгылышты. Эки шаардын калкы өкүл жиберип Калкожого таазим кылып, ага алым төлөп, сый тартуулап, кечирим суроого камына баштaшты.

Калкожо совет өкмөтүнүн элчилерин алдап, убакыттан утканы менен кийинки катуу соккуга туруштук бере албады. Үч-Коргонду карай чегинүүгө аргасыз болду.

Совет өкмөтүнүн талабы боюнча жергиликтүү бийлик органдары басмачылардын корбашылары менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, бир нече жолу кайрылышты. Алардын айрымдары кепке көнүп, курал-жарактарын тапшырышып, басмачылары менен өтүштү. Айрым жан кечтилери куулук кылышып, чыккынчылыкка барышты. Мойдун, Акунжан, Парпи сыяктуулар бирде Советтер тарабына өтүп, бирде каршылыгын көрсөтүп жатышты. Калкожо Ош жана Асаке шаарларын карактап, карапайым элден салык ала баштады. Өзү бир кезде «пир» туткан Мадамин бек менен оту күйүшпөдү.

1920-жылы  14-майда Көршермат корбашы Калкожо менен биргелешип сүйлөшүүгө келген Мадаминбекти көргүсү келбеди. Көршермат корбашы басмачылары менен Кадамжай, Үч-Коргон аймактарындагы элди талап, каалагандай зордук-зомбулугун жүргүздү. Ага каршы аттанган ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү, же кызыл аскерлер келген чакта тар капчыгай, тайгак жол менен тоо аралап качып кетет.

Күзөтчүлөрдү катуу дайындап, Тамаша айылында күндөгүдөй чардап жаткан.

-Бир кезде мени эл көзүнө көрүнөйүн деп, жайдак атка мингизип мазактагансың. Төрт ай бою камакта отургузгансың-деп кыжынып турду.Өз убагында Мадамин бектин оң колу болгон Шермухаммед бир кезде мал уурдап тутулуп калган соң, дыйкандар аны жазалашып, бир көзүн челейте чабышкан. Ошондон тарта Шермухаммед аты оозго алынбай, Көршермат аталып кеткен эле. Калкожо Совет өкмөтүнө өтүүгө үгүттөп келген Мадаминбекке ачуусу келип, өзүн кармана албай калды. Эски «достор» бирме бир отурушкан. Ал белиндеги курч кылычын алып, тынчтык жолун сунуш кылып жаткан Мадаминбектин башын кыя чаап, өзүн «амир лашкер башы»-мусулман армиясынын башкы командачысы-деп жарыялады.

Көршермат Мадамин бектин келерин угуп, алдыртадан эле, жолуна буктурма коюп,бекти курчап, колго түшүрмөк болгон. Орус, кыргыз, тажик, өзбектерден жыйырма беш гана жигитин ээрчитип барган Мадамин катуу каршылык көрсөттү.Күч аз болгондуктан, жыйырма беш жигиттин бирөө да тирүү

калбады.Саясий жетекчи, коммунист Сухов да кармашып жатып набыт болду. Элге каршы кыймыл-басмачылык күч алды. Калкожо «Мына чыккынчынын башы! Көрдүңөрбү, кайран бекти орустар алдап өлтүрүп салышты!»-деп карапайым элди өзүнө тартты. Ушул учурда Жаныбек дагы өзүнүн жигиттерин ээрчитип, басмачы тарабына өттү.

Көршерматтан колко кылып, сурап алган Мадаминбектин башын бирде узун таякка, бирде кылыч учуна сайып алып, «Ушуну менен элдин жүрөгүнүн үшүн алам» деп ойлогон канкор жазасын алды. Калкожо кызылдардын соккусуна туруштук бере албай Эркеч-Там аркылуу Кытайга өтүп кетмек болуп келген эле.

***

Сакчылардын атын тизгиндегенине карабай шарт оонап түшүп, камчысын бүктөй кармап, таазим кылган байды көргөн корбашы башын көтөрө берип, «тим кой» дегендей, колун имере шилтеди.

Кайда жүрсө да эркин сүйлөгөн тоолук мүнөз бий, үнүн бийик чыгара астананы аттабай туруп:

-Ассалоомалейкум, таксыр!-деп кыйкыра салам берди.

-Ваалеки-деп эрдин бүлк эттире, үнүн угулар-угулмаксан чыгарган корбашы, анын өктөмдүгүн сынай тиктеп, үйрөнгөн адатынча жамбашындагы маузерин сыйпалап койду.

-Таксыр, сизге арнаган тартууларды өз колум менен берүүгө, атайлап келдим-деп бий, койнундагы жамбыны алып, кош колдоп сунганда:

-Талабың эмне?

-Бекташ казы, жаш болсо да, Алайкуунун билерман-дарынын бири. Сизден анын, башын сурап келдим?-деп такалбай жооп берди бай.

-Талабыңа, талабым бар-деп боюн түзөй отуруп. -Эртең-бүрсүгүнү Эркеч-Тамга аттанам. Ал жакты чаап, тазалаган соң, кайра келип ушул жерди кыштаймын. Келээрки жазга чейин кошундагылардын тамак-ашы, турагы, кийим-кечеси, улоо-турманы, жем-чөбү, кем-катыгы жана көңүл ачаар, жарпын жазаар кыз-кыркындарды толук камсыз кыласыңар. Жана да Бекташтын өзүнүн салмагына барабар жамбы. Беш жүздөн ашкан колго тамак-ашың, кыз-кыркының түтөбү? Муну да ойлонуп бак! Ага чейин, алдагы сенде болсун!

-Куп болот, таксыр. Талабыңыз аткарылат.

-Келиштик. Бери кир!-деп өзүнөн төмөн жактан орун көрсөттү аскер башы.

Шыпылдаган жигиттери заматта колго суу куюшуп, дасторкон жайышты. Ар түрдүү даамдар келтирилип, Эгембердини куйкалап бышырылган коюнун эти, жаңы серке чаначтагы кымызы, сыр аякта мелтилдете куюлуп тартылды. Тамак ичилгенче кеп уланды.

-Бекташтын сага кандай жакындыгы бар?

-Эрмекбайга Бекташ күйөө бала. Мени эл жакшылары жиберди, таксыр.

-Мм. "Эрмекбай" Ак-Таш тарапта жашайт деп уктум. Сууда көпүрөсү бар, тартып койсо эч ким өтө албайт дешти, ыраспы?

-Ырас.

-Күйөө баласы Бекташты «тирүүлөй колума тийгизем, жогорудагы шарттарды толугу менен аткарам » десе, колду өзү баштап барып, бизди Эркеч-Тамга ашырасын!

-Куп болот, таксыр.

-Эртеңкиге азыр болуп, камданып келсин!-деп алаканын шак чапканда, жигит башы кирип келди.

-Алдагыны, буга кошуп бергиле!-дегенче корбашы колун сыртка серпе отурган ордунда кынтая кетти.

Эгемберди эшикке чыккыча жигит башы эки-үч шериги менен Бекташты бошотуп келишип, баягы коштоп келген аттардын жанында туруп калышкан эле.

Корбашы айткан көпүрөнү Эрмекбай Орто-Казыктын суусуна салдырган болчу. Дарыя өткөн жардын туурасынын эни алты-жети аттамга барабар келет. Эрмекбай жайлоого Ак-Таш, Тоголок-Таш, Эки-Чатка, Көчкүнчү, Чоголой, Керме-Таш, Миң-Жылкыга көчкөндө убактылуу көпүрөнү койдуруп, кайтканда алдырып коет. Көпүрө болбосо суудан учкан куш гана өтпөсө, аркы тарабына адам эмес, кайберендердин өтүшү да кыйын. Ошол өтмөккө келген суу «Курманбектин ашуусунан», "Кара-Чал ашуусунан», «Манастын ээри ашуусунан», "Кожо ашуудан» башталып, бардыгы келип, Тоголок –Таш, Эки-Чатта кошулат. Ал суунун эки тарабына Орто -Казык аркылуу убактылуу көпүрө менен өтпөсө, башка жайда кечүү да жок. Анын баарын басмачылар иликтешип, Калкожого билдиришкен. Корбашыга Эрмекбай байдын дареги баштатан дайын болгон.

Эртеси Эрмекбай бай жана анын жигиттери баштаган калың кол азыктарды мол камдап Орто-Казыкты көздөй жол тартышты. Кыр-Жол, Туюк-Тай, Ийри-Суу аркылуу Ак-Чукурдун белин ашып Сай-Конушка барып, туурасы он эки-он төрт арым келген биринчи көпүрөдөн өтүшүп, тыныгышты.

-Эрмекбай сени туугандарың аябай бай дешет. Ар бир колдун кошбашына төрттөн кой бересиң. Экиденин бүгүн жешип, экиденин жолго азык кылышат. Биз бүгүн ушул жерди түнөк кылабыз. Ак-Таштагы коюңду көрсөтүп кой-деди корбашы.

Басмачылар анын бир короо коюн айдап келишип, четинен бөлүп алышып, союп жешип, эртеңкиге жол азык камдашты.

***

Жайдын түнү. Жылдыздар бадырактай жамырап, асман бетин бербейт. Кашкая күлүп-жайнаган кыздай болуп, алыстан шоктоно көз кыскандай жымыңдашат. Калың кол жайдын түнкү сулуулугун этибарга алышпай түнкү уйкуга кетишти. Таң дык салып, чыгыш тарап агара баштаган чакта булуттар удургуп келип, күн бүркөлө баштады.

Басмачылар ойгонуп, аттарын токуй баштаган учурда кар жаап кирди. Айланада леп эткен жел жок. Кар улам лапылдатып күчөп, калың кол «Кожо ашууга» жеткиче жааган кар аттардын омороосуна жете келди. Улуу карда аттар баса албай күшүлдөп–бышылдап көбүнөн тер кетти. Кошун ашуунун түбүнө Эки-Чатка барганда:

-Силер кар жиреп, жол сала бергиле. Биз бир аз улоолорду тыныктырып алалы–деп кошун башы аргын минген Эрмекбайды эки койчусу: Малтабар менен Сайдалини жолго салды. Күн ачылмак тургай, суу кар бурганактап лапылдап жааганын токтотподу. Эрмекбай эки шериги менен араң кыбырашып, илгерилей беришти. Алардын издерин жааган кар көөмп, айлана аппак, туюк көрүндү. Дит коюп караган кишиге, гана алдыда келаткандардын карааны те алыстан чекит болуп көрүнөт. Ээрчише, бири-биринен ажырашбай келаткан үчөө ашууга улам жакындашып, чыга берерinde шамал жүрүп, жумшак карды учура келип, күрткүгө айландырды. Ширенди урган калың күрткүнү аргын өргө жирей албай, чабак атып, бир оорунда туруп калды. Баятан берки тумандуу калың булут суюлуп, күн ачыла баштады. Аргынды дем алдырып, эми

кыймылга келген кошунга тээ бийиктеги маңдайда, ашууга жакын калган караандар айкын көрүнүп калды.

Улам умтулуп, бир оорундан жыла албай, алка-шалка тердеген аргын демиге бышкырып, бириси жетелеп, бириси шыбап айдаганына карабай ордунда титирейт. Омородон өткөн жумшак карды тебелеп, ага шалчаны төшөй, өгүздүн жылышына жол салган үчөөнүн да, алдары куруп, кийимдери малма-малма терге чыланды. Чарчашканына карабай алдыдагы карды шилеген сайын аргындын алды аз да болсо бошоп, сыйгаланган шалчанын үстүндө улам мүргүйт. Жан-алакетке түшүп жатышып, үчөө байкабай калышкан экен. Баятан бери алар сүрүшкөн күрткүнүн үстү жылып, аңырая ачыла баштаганын Эрмекбай көрүп, чочуй шериктерин ымдады. Алар да көрө кала элтеңдешти. Ал эми тээ төмөндө тургандарга кар күрткүнүн жылган изи айкын көрүнүп, үчөө атайлап эле карды көчүрүүгө далбастап жатышкандай туюлду. Улам бийиктеги калың кардын жылганы айкын көрүнгөндө, «Үчөө кутулуп кетип, калганы кар көчкүнүн алдында калчуудай» өөндөгү турган корбашынын жардамчыларынын бириси үчөөнү көздөй мылтыгын суна, машасын баса калды.

«Тарс» эткен мылтыктын үнүнө ашуунун ичи жаңырып, араң турган жумшак кар сүрүлө чаңып, булут сымал жыла баштады. Өөндө, коктудагы калың кол качууга эч арга табышпай, кыймылдоого үлгүрө да алышпай, жабыла чочуп кыйкырышты. Баш- аягы бир нече чакырымга созулган тоонун эки бетиндеги калың кар күүлөнө сүрүлүп, узун капчыгайдагы коктуну жаап, чаңып жатып калды. Заматта эле ээрчише бастырып келе жаткан калың атчандардын караанын ың-жыңсыз жоголуп, бири-бирине күч менен урулган жайдын муздай каткан суу кары эчен жылкы эскиден калган мөңгүнү кошо сүрүп, бир нече аркан бою жетпеген бийик калыңдыктагы кар алдында калды.

Ашуунун кыр жонунда сүрүлгөн кардын экпининен аман калган Эрмекбай, Малтабар, Сайдали үчөө селейген бойдон, каткан кардагы соройгон таш сымал ден дароо болуп туруп калышты. Бирөөсүнүн да сүйлөөгө дарманы келбеди. Көргөн көздөрүнө ишенишпей, баштары каңгып, нес боло аңкайышты. Бир мезгилде эстерине келишип, бирин-бири мостое тиктешти.

-Басмачылардын балээсине калдык. Баары бир, бизди атып салышат деген ой менен үчөө тең ашуудан ары зоо-таштарды аралай качып жөнөштү.

Эртеси күн чайыттай ачылып, ааламда эч нерсе болбогондой тоо ичи сүрдүү тартып, жылга-жыбыт мемирейт. Үчөө канчалык аярланып карашса да, баш-аягы кенен созулган капчыгайдын ичинде адам издери тургай, айбанаттардын караандары көрүнбөйт. Ашууга кайра келишип, кокту толо муз болуп каткан көчкүнү көрүштү. Кулактарына каңырыш онтоолор угулгансыйт. Ар- ар жерди колдору менен тытмалап, аңтара көрмөккө аракеттенишсе да, бири-бирине чапташкан суу кар, музга айланган көчкү таштай катып, темирге да аңтарылгыдай эмес. Бир гана жааган кар сүрүлүп, карара ачылган бийик бетте оттоп жүргөн өздөрү минип келген аргынды көрүштү. Аны тутуп келишип, Эрмекбайга мингизишти.

Үч шерик кечээ келген жайга бармакка, каткан көчкүнүн үстү менен аяр басышып,жол алышты. Өңгүл-дөңгүл музда чалынышып, түш оой араң дегенде коктунун учуна чыгышты. Кайткан из жок. Бир топ аралыкка келишкенде, бирин-серин жылаңач жаткан өлүктөргө туш келишти. Алар тар коктуга жетпей калган, кечээ аттарына буюм-тайым артып, кеч калган басмачылар эле. Алыстан шериктерин көчкүнүн басып калганын көрүшүп, аркаларына карабай качкандар болчу. Алар да жөн кетишпей, бири-биринен кызганышып, бириси-бирисин атып, кийим-буюмдарын тоношуп, кайра кийинкилеринен ок жеп, ажал тапкан ач көздөр экендиги анык эле. Үчөө Сай-Конушка келишип, Ак-Таш тарапты акмалашты. Эч кандай из да, шек да билинбеди. Эрмекбай шериктерине кайрылды:

-Силер Жаман-Тал менен Ой-Талдагы элге кабар берип, баштап келгиле. Көчкү казып, шейит кеткендердин денелерин жерге жашыралы. Мен Ак-Таштагы үйгө барып, бала-чакаман кабар алайын -деп коштошо жөнөдү.

Бир жума өткөн соң көчкү алган жерге эл келе баштады. Алардын айтымында бирин-серин аман калган басмачылар элден жазганып эч бирине тийбей, суу жээктеп кайтып кетишкени кабарланды. Көпчүлүк канчалык аракеттенишсе да катып калган калың көчкүнү тереңдете каза алышпады. Анда-санда курал-жарак, бирин -серин өлгөн кишилерди табышты. Андан аз убакыт өтпөй, кайра кар жаап, көчкүнү көөмп калды.

- Эки-Чатта Калкожону басмачылары менен көчкү алган жердин кары кеткен имиш-деген кабар менен бир эле Алайкуулуктар эмес, Кара-Кулжа, Өзгөндөн ал тургай Жалал-Абад, Ош аймактарынан Кашкарга өтүп баратып, же мал издемиш болуп баргандар көп болду. Кээлери «жол баратып», кээлери түнөп, корбашынын элди тоноп алган, алтын, күмүш байлыгын, курал-жарак, ок- дарыларын табыштын аракетинде айланчыктап, үмүттөрүн үзбөй бирин-бири аңдып жүрүштү. Бирок, алардын көпчүлүгү уурданып барып казышкандар, эч нерсе таппай түңүлүштү. Алайкуулуктар да, көбүн эсе байлык, мүлк, курал Эрмекбайдын колуна түшкөндүгүн биле беришпейт эле.

Кан ичме канкордун колунан Бекташ казыны бошотуп алгандан соң Эрмекбайдын элге зоболосу, ого эле көтөрүлдү. Алайкуу өрөөнүндө аш берилеби, той болобу, же аламан жыйналыш, масалат болобу Эрмекбайсыз өтпөй калды.

-«Эрмекбай бай эмне дейт?», «Эрмекбай келбей иш бүтпөйт», «Эрмекбай бай чечсин», «Эрмекбай айткандан кийин бүткөнү ошо» -Анын айтканы аткарылып, бүтүмүнө каяша айткандар болбоду. Көптөн ашын аябады. Кайыр сурап келгендердин көөнүн оорутпады.

-Отунуңузду алайын, малыңызды карайын, коюңузду кайтарайын деп келгендерге «жок» дебеди.

Эптеп жанын бакчуулар арбын келип, үймө-үймө отун жыйнашты, очогунда от үзүлбөдү. Бай жарды жалчысы, бала-чакаларынан бөлүнө, обочого өзүнө үй тиктирди. Ал жайлаган жайлоолордо эмне көп, отун көп. Тээ илгертен бери адам баласы аралап өтмөк тургай, жанына жакын басып келбеген арча, кайың, карагай баш болгон ар кыл жапайы дарак тоонун бетин бербейт. Токой четин байырлап, жайкысын кенен жайыгын жайыт кылса, кышын токой аралатып оттотуп, кышкыга тоют даярдатпады. Ала-шалбырт ичеги ичкерген маалда малынын этин түшүрбөдү. Жалчылары күн кур эмес төөнүн белиндей болгон, ар кыл дүмүрлөрдү кулатышып, үй алдына алып келишет, алар отко гана жагылбаса, башка ишке пайдасыз, керек да кылынбайт. Түнү-күнү жылынганга чогу, бышырганга оту даяр. Ошондон улам эл арасында «Эрмекбайдын чоң оту», «чоң оттун жанындагы боз үйү» аталды.

Алайкуу өрөөнүндө совет өкмөтү жаңыдан тикелене баштаганда Эрмекбай бай, инилери, жакын туугандары бийликке көрсөтүлдү. Байдын күйөө баласы Бекташ казы болуп келсе, анын бийлиги–бийдин иниси Сагынбайга өтүп, волостун төрагалыгына бекитилди. Бир иниси катчылыкка көрсөтүлүп, бийлик тизгинин эч бир жанга карматышкан жок. Алайкуулуктардын айрымдары бийликке жетүүдөн түңүлүшүп, «Агасы бардын ырысы бар» дешип, ич күйдүүлүк менен да, какшык менен да бири-бирине кайрылыша калышчу.

***

-Калкожо корбашы басмачылары менен Алайкуудан Эркеч-Тамга келе жатып, Орто-Казыктан өтүп, Сай-Конушка түнөптүр. Кожо ашуунун түбүнө жете беринде, кар көчкү түшүп, бүтүндөй басмачыларды басып калыптыр-деген кабар Бүлөлүгө да жетти. Андан ашып бүтүндөй Алайкуу, Алай аймагына заматта тарады.

-Жай аяктап, күз келээр алдында каяктагы кар көчкү?

-Койсоңчу, кар түшкүдөй маал боло элек. Эски мөңгү түшкөндүр?

-Жо-ок! Жаңы жааган суу кар ат омороосунан ашат дешти.

-Чын бекен?

-Жөн жеринен сөз чыкпайт.

-Ооба. Айтканыңар жөндүү. Алайдын шартында күн ачык туруп эле, заматта кар жаашы, көнүмүш адат. Көчкүдөн аман калганы бар бекен?

-Бир Калкожо корбашы өзү аман калыптыр дешти.

-Кызыңаталак Калкожого, ок тийбейт, отко күйбөйт деген сөз чын окшойт?

-Бул апыртылган сөз. Элдин баары кырылып, бир Калкожо аман калбаса керек?

Ар кимден ар кыл сөз чыгат. Көрүп келген киши жок. Кар көчкүнү көрөбүз деген шылтоо менен көчкү баскан басмачыларды куралдарын алмакка мергенчилердин көбү кызыгып, жашырына бириндеп, экиндеп жолго чыгышты.

Кожонун кайнагаларынын бири Эрмекбай бай да, «Калкожону басмачылары менен көчкү алды» деген Кожо ашуусуна жанаша, Орто-Казыктын маңдайындагы Ак-Ташты жайлайт.

«Калкожо Алайкуудагы бай-бийлерге да тополоң салып, мал-мүлкүн талап жатыптыр» деген кабар уккан Кожо:

-Кабарды угуп туруп, билмексенге салганым уят-деген ойдо, кайнагасынын алын сурамакка, ыңгайы келсе, басмачылардын куралынан эптеп колго тийгизмекке жолго чыкты.

Капчыгайды өрдөп, Эдилбекке келип, Демөөр аркылуу чепке жетти. Алдакулдан Алайкууга ашып, кайнагасы отурган Ак-Ташка келип, Эрмекбайга салам берди. Сүйлөшүп отурушуп, Калкожонун мөңгү алдында калган таржымалын толук укту.

-Калкожону баш кылып, басмачыларды Кудай өзү жазалаптыр. Аркы дүйнөлөрү кабыл болсун. Не болсо да, мусулман балдары эле. Арбактарына арнап, куран окуп, тилабат кылып коелу?-деп бата кылышты.

Эртеси көчкү түшкөн жерге келишти.Кожо төбөсү араң көрүнгөн бийик тоонун бетиндеги түшкөн кар, оңор эмес, калыңдыгы эле эки аргамжыдан алда канча ашаарын боолголоп билди. Мөңгү ээрип гана жукарбаса, аны кол менен казып бошотууга мүмкүнчүлүк болбостугун туюп артына кайтты.

Кожонун Алайкууга кеткенин билген бүлөлүлүктөр камданышып, бириси кетмен, бириси балта-теше деги эле, өткүр куралдарынын болгонун алышып, Кожо ашуудан ашып түшүштү. Мойноктон аша беришип, баш-аягы араң көрүнгөн коктунун ичи кар көчкү, анын үстү мөңгү болуп жылтырап жатканын көрүштү. Көчкүнүн түшкөнүнө жыл айланса да, мөңгү ээримек тургай, үстү жылтырап музга айланып баратыптыр. Улам ар жеринен чокулашып, тайыз жерин табуунун аракетинде болушту. Кээлери күңгөй тарапта ээрип, аска боло ачылып бараткан жайларды үңүй чот, балтасын чаап, ар кимиси ар жерде, муз астындагы балыкты аңдыган аюудай акмалашат. Капыстан Кадыр:

-Аттын тили көрүндү-деп кубана кыйкырды.

Шериктери жабыла чуркап барышты. Күңгүрт муз ичиндеги, агыш түстө көрүнгөн жерди Кадыр балталап, улам чамындыга окшогон муздун сыныктарын колу менен шилеп, жеткени да калыптыр. Шериктерин жанына жолотпой күдүңдөп, улам кара терге түшүп жатып, «аттын тили» дегенге араң жетип, айланасындагы музду шилеп, катканына карабай, тартууга кол сунуп баратып, айланасында үңкүйүп, жабыла карап турган-

дарга жалт карады. Иш али кеч болуп калган эле. Эңкейип тургандар:

-Эмне чарчадыңбы? Кел, биз кол кабыш кылалы?-дешип, чын көңүлдөрүнөн өтүнүштү.

Кадыр эмне айтаарын билбей, жер карап:

-Тил эмес экен-деп бош үн чыгарды.

-Азыр эле тил дебедиң беле. Атаңын оозун урайын. Баарыбызды үмүттөндүрүп, ачык айт. Эмне экен?-деди теңтуштарынын бириси сөгүнө.

-Аттын эни экен.

-Эмне? Эн менен тилди ажырата албаган акмак. Дагы адаммын деп басып жүрөсүң. Жап алдагыны. Бирөөлөр көрө электе-деп улуурагы сөгүп, опузалап кирди.

Кийинкилери түшүнүп, түшүнбөй бирин-бири карашты. Кадыр шашыла, колу менен шилеп алган муздун сыныктарын үймөлөктөп, көөмп, буттары менен тебелей баштады. Кеп төркүнүн эми гана түшүнгөн шериктери кыраан-каткы күлүшүп, ичтерин баса, ар жерде томолонуп жатышты.

-Кеттик. Бул жайга келип, муз чукуганыбызды эч ким көрбөсүн. Сөз ушул жерде калсын-деди топтун аксакалы шериктерине эскертип.

-Кадыр ооз басырык кылса, сөз ушул жерде калат.

-Менин оозум бош эле. Кадыр өзүң билесиң ээ?

Шериктери бири-бирин тамашалай баштаганда, топтун аксакалы, күчөнө кыйкырып, жекирди:

-«Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзүнө доо кетет» деген сөз бар. Бул башкаларга угулса, бир Кадырга эмес, баарыбызга сөз тийээрин ойлогула, намысы жоктор. Бириңдин оозуңдан чыкса, аябаймын. Ошол жерде балталап салам-деп эскертти.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Капылеттен басмачылар келип Бүлөлүнү басып калды. Ары-бери чапкылаган караандар көбөйүп, айылдыктардын ызы-чуусуна, иттердин авалаганы кошул-ташыл боло, анда -санда тарс-тарс эткен мылтыктын үнү чыгат. Куралчандарга каршы баш көтөргөн эч ким жок. Балдарын качырып, келин-кызын жашырып, үй ээлери алдастап, үйдөн чыга алышпайт. Анча-мынча аба-аксакалдар, кимди кой дээрин билишпей, баштары маң. Коркунуч айылды каптап, коңшулар бири-бирине баруудан сестенди. Басмачылар ээн-эркин ар үйгө киришип, жылтыр-жултур буюмдарын, адеми кийимдерин жулуп алышып, жыйылган төшөктөрүн көчүрүшүп, бокчолорун аңтарышты. Баштарын каткан үй ээлери аман калуунун аракетинде бүжүрөшүп, каршылык көрсөтүү ойлорунда да жок.

Кечке айылды талаган басмачылар, кечирээк Оро-Башыга үй көтөртүштү. Жаңы журтта кемегелер казылып, казандар асылып туу калган бээлер союлуп, тартып алынган койлор топтолду. Каткырык калың чыгып кор башылар отурган үйлөрдө кара куурдак чызылдап бышып жатса, дасторкон ар түркүн даамга толтурулуп, серке чаначтагы бүлкүлдөгөн кымыздар алма-терме ар тараптан алынып келинип жатты. Ырчылар ырдап, кыякчылар кыягын тартып, аларды коштогон үндөр ар үйдөн чыгат. «Чоң үйдөгүлөр каткырса, кичине үйдөгүлөр ырсаят» болуп, кор башылрдын каткырыгын уккан басмачылар, ар үйдү шыкаалашып, моюндарын созушат.

Тамаша бир топ кызып бараткanda Курмушу корбашы жайгашкан үйдөн, бирин бири коштогон кошоматчылардын үнү, ырчыларды басып кетти.

-Корбашыга тартуу качан келет?

-Корбашыга сооганы тарткыла.

Кушун колуна кондуралы!

Ха-ха-ха дешип, бирин бири сүрөгөн үндөр үйдү үч көтөрдү.

-Жарыя айткыла! Соогасы эмне экен?

-Тартуунун башы кара.

-Карышкырбы, түлкүбү?

-Ха-ха-ха…

-Атайлап арналган белегин айткыла биз да билели?

-Суусаган кызыталак, кое турбайсынбы. Тартууну келгенде көрөлү.

-Болор иш болду. Ачык эле айта бербейсиңерби?

-Билсең тартуунун башы, кара башыл катын.

-Ха-ха-ха.

-Бах, кор башыбыз бүгүн бир жашарат экен да.

-Эй койгула! Кор башыга катын жокпу. Кыз, тапкыла? Энеси өппөгөн кыз болсун.

-Ооба. Атайлап тоокеге келип, корбашы кыз койнуна жатпай кетеби? -Тоокелердин эмнесин аяйсыңар. Кор башыга кыздарын бергенге сүйүнүшсүн.

-Алып кел, атааңын көрү. Кып-кызыл эле кыз болсун.

-Кыз экенин кайдан билебиз?

-Корбашы өзү билет, анан жеңеси билет.

-Оха-ха-ха-ха.

Жабыла каткырык, чаржайыт сүйлөнгөн сөздөр, үйгө батпай, сырттагыларга да угулуп жатты.

Төрдүн төбөсүндө, төрт бүктөлгөн төшөк үстүнө, калыңдаган аюнун териси төшөлүп, кош-кош пар жастыктар эки тарабына, аркасына тегерете коюлуп, куркулдайдын уясын ээлеп, андан кылыйта башын чыгарып, отурган карга баштанып, мыкчырылган кабагын бүркөп, көзүнүн төбөсү менен тиктеп, кошоматчы басмачылардын каткырыгын да, кыйкырыгын да тоготуп койбостон, желегин желбегей жамына, суу жээгиндеги тартар баштанган, ээгиндеги суюк сакалын ак аралай баштаган Курмушу корбашы отурду.

Айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылган корбашынын оюнда кандай чүрөк келээри дайынбы, чар жайыт сүйлөп, баш-аламан болгон басмачыларды тек, угуп кана отурду. Буларды тескеп, териштирүүнү оюна да албайт. Кимиси кандай жүрсүн, эмне деп сүйлөп, эмне дешсин, аларды тыйыштын да кереги жок. Болгону ага алардын карааны, калың саны, «ал»-дегенде ала турган, «жул» дегенде жула турган күчү гана керек. Талап-булагандарынын эң бир баалуусун өзүнө алып келишет. Жетет ошол. Калгандарын өздөрү алсын, мээнет ошолордуку

дейт корбашы жан-жөкөрлөрүнө. Бу жанында отурган жандамайчылары жалаң элүү башы, жүз башылар. Жан жигиттери, мүлкүн кармагандар. Буларды теңине алып жүрбөсө жалгыз калат. Бардык иштин ушулар аркылуу бүтүрөт. Аны куу Курмушу айкын билет.

Жабылуу эшик серпилип, жан жигити баш бакты. Баятан бери анын келишин күтүп жаткан корбашы, башын көтөрдү.

-Таксыр, үй даяр, молдо күтүп турат?

-Бара бер.

Корбашы дасторконго бата кылды да, отургандарга карабай,суурула эшикке чыгып жөнөдү.

-Бах корбашым, бир кумардан чыгат экен да.

-Кимдин кимдин заманы, корбашынын заманы.

-Оомадың келсе, түштүгүңө жорго мин.

-Күндө кымыз, күндө кыз,

Күпүлдөгөн эр кыргыз.

-Оха-ха. Оха-ха отургандар дуу-дуу каткырышты.

Ошол күнү корбашы Бүлөлүлүк жооштордогу Үсөндүн кызына нике жаңыртты. Бүгүнкү той Курмушунуку болсо, эртеңки кезек Нышанбай корбашыныкы эле. Ага да басмачылар атайлап үй көтөртүп, килем-килчемдерди салдырып, көшөгө-барчаларды илдирип, камданып жатышкан. Бул үйгө тооке тобунун кыздарынын бирөө кирмек.

Басмачыларга айткан Түлкүбай молдонун насааты, ар биринин кулагында.

-Ким катын алсаң алалдап, нике байлатып ал. Никесиз аялга кошулуу күнөө. Аял кишини эркекке бир күнбү, же бир жылбы Кудаа насип этсе, шарият боюнча нике байлатыш зарыл. Бейнике арам. Эркек талагын берген соң нике ажырайт. Эркектер барган жериңерде, аял кишиге көңүл кушуңар түшүп калса, нике байлаткыла. Айтып коюу менин парзым-деп эскерткен эле.

Корбашылар иштерин алал кылыш үчүн дайыма молдону жанына ала жүрүшөт. Мусулманчылыктагы алал – арамга Курмушу корбашы астейдил карап, Бүлөлү айылындагы жооштордү корбашы өзүнө кайын журт кылып, кызын алды.

-Бөтөндөр келип корбашынын кайын журтуна тие албайт. Силер күйөө балаңар, Курмушу корбашы менен сыймыктангыла. Бактыңар бар экен, ал силерге калканч болот - дешти

Үсөн чалдын кызын зордоп алып кетип бараткан корбашынын лашкерлери.

Басмачылардын зордук-зомбулугунан жабырланып, кызын алдырган жоош тобунун аба-аксакалы, түнү менен Кожонун үйүнө барышты.

-Айланайын Кожо, балаңы алдырбасаң болбой калды. Басмачылар келип басмырлап, бар дүнүйөбүздү талап алышты.

-Мал-мүлк деген ширин экен. Талашканга мылтыгын кезеп, постектей сабап, жан коюшпады.

-Анысы аз келгенсип, каткан жерди, ашкананы аңтарып, көз көрүнө келин-кызды чыңыртып, маскарлап жатышат.

-Басмачыларда өз болбойт тура. Өз дегенди өзгөдөн бетер талап-булашып, кара малды жетелей, кой-эчкилерди айдап кетип жатышат.

-Уулуңду алып кел. Элди сактап калсын? Булардын колунан бизди Ади куткарып албаса, калгандардын колдорунан келгидей эмес.

-Уулуң келсин? Жигиттерди топтоп, ат, тонунан бери камдап берели.

Кожо аларга жооп айтпады. Лам дебей унчукпай турду.

-Кожо бар, же жок дегин. Бала атанын сөзүн угат. Ата сөзүн укпаган баланын сага да, элге да кереги жок.

-Бүгүнкү биздин башка түшкөн мүшкүл, эртең сага да келгени турат. Бой жеткен эки кызың бар. Чыркыратып колуңдан жулуп кетишкенде гана, аттиң деп жүрбө дешип, Кожону опузалап да, намыстантып да аба-аксакалдар ортого алышты.

Кожо таңдын атышын күтпөй, баласы отурган жайлоого чыгып келди.

-Бүлөлүгө Курмушу менен Нышанбай баштаган басмачылардын жоон тобу келди. Жоошторду талап, Үсөндүн кызын Курмушуга бөктөрүп алып барып беришти. Балаңы алып кел дешип, жооштордун аксакалдары мени сага жиберишти.

-Мени эмне кылышат экен?

- «Эмне кылышат экен?» деп ачуусу келген атасы баласынын сөзүн кайталады.-Басмачылардан элди сактап калсын?-дешет. Аты, тону менен жигит топтоп берели деп жатышат.

-Ата, мен басмачы боло албайм.

-Бул эмне дегениң, акмак. Эсиң барбы? Элди сакта. Эл өздөрү ыктыяр. Ат, тону менен жигит топтоп берели деп жатышпайбы?

-Басмачылар куралдуу болушса. Менин куралым жок. Көк союл менен чыгамбы?

-Муштумуң менен чык-деди атасы какшыктай. Эл болгондон кийин, бирин-экин куралы барлар бардыр?

-Ата, басмачылар жалаң беш атаар, он эки атаар, винтовка көтөрүп жүрүшөт. Мен түтөтмө мылтык менен каршы чыга аламбы? Менин колумда курал болгондо, басмачылар Бүлөлүнү өрдөп келсе да алышпайт эле. Жок бара албайм.

Уулунун тумайта айткан жообуна Кожо күйүп кете жаздады. Башындагы жаман малакайын жерге бир чаап:

-Эртең эки карындашыңды басмачылар алып кетсе, мен кантип чыдайм. Экөөнү эки жерде зордуктаса, мен кантип элдин бетин карайм. Намыс, ары жок акмак. Барбасаң барба. Сенин ордуңа мен барам. Зомбулугун көрөйүн алардын. Отура бер, катындарыңдын этегин шыкаалап. Бир айтканыңды кое бербейсиң, сен көк мелтей. Деги элге жакшылык кылайын деген оюң барбы?

Таң эртең менен кыштоого түшүп бар! Түшүп барбасаң сени балам дебейм, уктуңбу?

Ади атасына ак да, көк да дебеди. Чамынган Кожо өзүнчө сүйлөнүп, дасторконго коюлган даамга карабай, кайрылып өөндү карай жөнөдү.

Таң үрүл-бүрүл атып, канаттуу куштар эми ойгонуп, чырыйттап, шактан-шакка уча баштады. Кеч жаткан басмачылар оор уйкуда. Кемегелердеги чоң казандардагы эттер алынып, дак болгон шорболор, тартылбаган чоктун табынан муздай элекпи, үстүлөрүнөн булоо чыгат. Кандуу булоонун жытын аңдып келген ач иттер, кан-жини төгүлгөн жерлерде, ыргытылган сөөктөр менен алек.

Корбашы эрте менен багымдат намазга туруп, дааратты алганы, эми гана сууну алаканына толтуруп, жүзүнө көтөрө бергенде маңдайдан бир караан шоп эте көрүнө калды. Ал эки тарабын астейдил карса, күзөткө коюлган жигиттер, таңкы уйкуга берилишип, эшик алдындагы таштарга отурган боюнча, мылтыктарын кучакташып, коңурук тартышып бейкапар. Тээ ылдый капчыгай оозуна, жон-жондорго күзөтчүлөр коюлганын

билсе да, ары күмөндөп, шекшинип, «Таң атпай жүргөн, бу кандай караан?» деген таризде ордунан тура калды. Ары куу, ары астейдил корбашы, бир алдын чочуй, бир алдын жоопкерчилигин сезбей, уйкуга кеткендерге ачуусу келип айкырды.

-Атаңын оозун урайын акмактар! Уктап калышканы эмнеси. Кызылдар келип калыптыр. Тургула!-дегиче болбой «тарс» эте мылтык атылды.

Туу калган бээнин майлуу шорбосу менен жумшак этине нык тоюп, оор уйкуда кийимчен жаткан басмачылар, көздөрүн пар ачышып, баштарына койгон мылтыктарын кармай,чалыша эшикти көздөй атырылышты. Кош-коштоп эшикке тыгылышып, бирин-бири түрткүлөшүп, жөөлөшүп эшиктен чыгаары менен уйкулуу көздөрүн ушалай, туш-тарапты көздөй ок чыгарышты. Суунун шарынан башка угулбай, баятан бери тынч уйкудагы айылдагылар басмачылар менен аралаша алдасташып, ызычуу боло башташты. Корбашынын ачуу үнүн уккан күзөтчүлөр, жаза алаарын ойлошуп, бири-биринен өтүп, ок чыгарышты.

-Атты тарткыла! - деген жигит башынын кыйкырыгын уккан ат багарлар, шашылышып, ээр, токумун албай отко коюлган аттарды чуркап барып, жетелеп келе калышты.

Корбашыны атка мингизип, аны жандаган жигиттер Чоң-Бүлөлүнүн капчыгайы тарапка ат мойнун бурушту. Себеби Гүлчөдөн чыккан кызыл аскерлердин.Бир тобу Будалык ашып, Моло-Бел аркылуу, бир тобу Бүлөлүнүн чатынан өрлөмөк.Бир тобу Аскалы аркылуу чыгып, Сасык-Белди ашып түшүшмөк. Чоң-Бүлөлү тараптан жол узак, аны бир түндө басып келүүгө мүмкүн эмес. Күзөтчүлөрдүн, уйкусурап үйдөн чыга калган басмачылардын мылтыктарынын тарсылдагына капчыгай ичи жаңырып, эки тарап, кадимкидей атышып жаткандай туюлгандан улам, корбашы баш болгон топ, кабар келишин күтпөй жолго чыгышты. Корбашы түнөгөн үйүндө кымбат буюму калганынан улам, кылчак-кылчак тиктеп, акыры түтпөдү окшойт.

-Катынды-деп айтып алып кайра чочуй. -Жаш келинди ала келгиле!-деп өктөм кыйкырып, атына камчы басты.

Жоолугун бетине түшүрө салынган, үлпүлдөгөн жаш келинди жеңеси менен кошо көтөрүп, атка мингизип, бириси жетелей, бириси аркадан демите кубалап, жорткон аттарды шыбай, корбашынын артынан түшүштү. Калган басмачылар да аркандалып, же тушалып коюлган аттарына ээр, токумдарын

көтөрө келишип, шапа-шупа токушуп, качыштын аракетинде болушту.

Түнү менен бака-шака түшкөн айыл ичи чачылып, кемегелерде күйүндүлөр түтөп, сумсайган бойдон кала берди. Көпчүлүк кеткен жакты тиктеген Ади атын жай бастырып, мылтыгын өңөргөн боюнча кыялай салды. Ал жонго чыгып-чыга электе, кайрадан «дүп-дүп» эте мылтык атылып, тытыраган племеттун үнү угулду.

-Кызылдар келип баскан экен- деди, Ади ичинен.

Бир азга аярлай турса, түнү менен жолго чыккан кызыл аскерлер, басмачылар туруп-тура электе, басып калышмак экен.

-Эми кимдер менен атышып жатышат. Же басмачылардан калган топ, каршылык көрсөтүп жатабы-деп ойлогон Ади, атын буйгадагы арчага чала коюп, жонго чыгып барып, айыл тарапка мойнун созду.

Айткандай эле кызылдар басмачылар жаткан айылды курчоого алып, эч кимдин карааны көрүнбөгөнгө карабай ок чыгарып жатышкан экен. Ал караанын эч кимге көрсөтпөй жолуна түштү.

Бүлөлүдөгү жоош тобу кечээ басмачылардан азар тартса, бүгүн солдаттардын кыргынына туш келишти.

Туюсуз жаткан басмачыларга таң каракчысы маалда келип ок чыгарган Адинин кабары Курмушу менен Нышанбайга эртеси эле билинди.

-Оруска берилип, чокунган, атаңын оозуна урайын Кожо уурунун бөлтүрүгү. Колума бир тиерсиң. Карап тур бооруңа гана туз сеппесемби-деп Курмушу шериктерине угуза айтып кыжынды.

-Корбашым, таң атпай келип Адинин ок чыгарышы бизге пайда эле болуптур. Болбосо орустардын курчоосунда калмак экенбиз-деди Нышанбай көңүлүндөгү сөзүн айтып.

-Жан тартсаң барып кошулуп ал-деди Курмушу корсулдап.

-Кайын журтум чыгым тартты деп кыжалат окшойсуз-деди Нышанбай аны какшыктап.

-Сен Нышанбай, мени какшыктаганыңды кой. Адиге жан тартып калдың, аны ынатып бизге кош. Колдогуларга ок аткан-ды, согушканды үйрөтсүн. Ыната аласыңбы?

-Ал экөөбүзгө оңойлук менен баш бербейт. Болгону экөөбүздө үч жүз, төрт жүздөй жигитибиз бар. Он миңге жакын жигити бар Мадамин бек «амин ляшкар башынын» тилин албай, мукураткан Ади, оңой эместиги оюңа келбедиби, корбашы!

-Оруска сатылган Мадаминбекти кеп кылып, эмне кыласың. Өзүбүздү ойлойлу. Ади бизге келсе жаман болбойт эле. Колдогу жигиттерди маш кылып берсе деген оюм.

-Ал биздин айтканды аткарбайт. Аткартат. Анын кимдигин сезбейт окшойсуз корбашым.

-Нышанбай дагы айтам. Анын сөзүн сүйлөсөң жанына көчүп барып ал. Сага пир көрүнөт тура.

-Көчсө көчүп барам. Бирок, аягы жакшы болбой калат.

-Экөөлөйүн дейсиңерби? Силерге моюн бере турган мен эмес. Оюң бузук болсо, азыртан ажырашамын.

-Мейлиң корбашы. Аттиң демей жок.

Экөөнүн мамилеси келишпей, Нышанбай чындап эле Адинин жанына көчүп келди.

***

Нышанбай айтканын аткарды. Жентекке көчүп келип, Адиге коңшу болуп үйүн тиктирди. Экөө тең тооке тобунан. Күндө мелдешип ордо атышат. Кээде кулжа, текеге ууга чыгышат. Экөөнүн ынтымакташканын ичи бузуктар көрө алышпады. Курмушу алдыртан өз кишилерин аларга жөнөтүп турду.

-Нышанбай сенин сары изиңе чөп салып, ар кадамыңы эсепке алып, аңдып жүрөт. «Өкмөткө кармап берем» деген убадасы бар экен-деп бириси Адиге айтса.

-Ади сени жок кылгысы келет. Алдыртан өкмөткө убада бергендей. Этият бол. Эртерээк оозунуп иш кылбасаң, жакында сызга отургузганы калыптыр-дейт дагы бири Нышанбайга.

Бузукулардын сөздөрү экөөнү тең ойлондурбай койбоду. Күн кур эмес, ысылыгы тургай жылытмасын кошо ичишкендер кийинки күндөрү биринин үйүнө бири кирбей калышты. Ал андан бетер себеп болду.

-Ичи арамдыгы чын экен. Кийинки күнү кириш-чыгыш кылбай калды. Бир шойкомду кылаары бышык-дешкен коңшу-лар, караандарын акмалашып, бет багышпайт.

Эрте менен айыл-апага бирге аттанып, эгиздей ээрчише жүрүп, кечинде шаңдуу үйгө келчүүлөр, эми эрте менен жалгыздай аттанып, бири оңго, бири солго кетип, кечкисин

үңкүйүп үйгө келишет. Бири-бирине саламга келмек тургай, көргүлөрү жок. Башта чогуу жайчу малдарын, эки тарапка айдоочу болушту. Ээлеринин кыял-жоругун байкаган иттери, мурда эки үйдүн ортосунда жатып, шектүү нерсе туйса, кошо үрүп чыкчуу иттери, эми кабыша кетишип, бири-бирине ыркыроочу адат таап алышты.

Нышанбайдын үйүнө Курмушунун адамдарынын келим-кетими көбөйгөнүн туйган Ади Малташты өзүнө чакырып.

-Нышанбайдын көзүн тазала!деди.

-Адиге кара санап, көзүн тазалаганы жүргөнүң билинди- деп ал Нышанбайды Жолборстуда кармады.

-Адиге жоолуктур. Сөзүмү айтпай, арманда кетпейин-дейт ал Малташка кайрылып.

Малташ Нышанбайдын колун байлап, Адинин алдына алып келди.

-Ади, даамдаш болуп калдык эле. Өз колуң менен ат. Мен ыраазы болоюн.

-Жок. Сен басмачы болуп жүрүп, күнөөсүз канчаларды өлтүрүп, эчак дитиң булганган. Мен сени атып, колуму булгагым келбейт.

-Ушул сөздү кимден угам дечү элем. Сен айттың, туура. Тирүү жүрсөм басмачы атым өчкүдөй эмес. Адам башына өлүм келбей койбойт. Өзүңдүн да өлөөрүңү эсте. Сени да бир күн, бирөө жазалайт.

-Кылмышына жараша жаза алыш ак. Мен да сага окшоп тирүүмдө жаманаттуу болуп жүргүм келбейт-деп тескери карай басып кетет.

Малташ Нышанбайды Жолборстуда атып, кайтып бараткanda, Нышанбайдын туугандары туюп калышып, жолдо кармап алышты. Колун кыл чылбыр менен байлашып атка сүйрөтүп, үйгө алып келишти. Жерге жаткырып коюп:

-Кандай кылып өлтүрөлү-деп маслат кылып жатышканда бирөөсү очокто суусу кайнап жаткан чөгүндү көтөрүп барып, Малташтын башына куят. Кайнак сууга бети-башы күйгөн Малташ жан талпас менен кыйкырып, ооналактап жатканда, жолдо ташка сүрүлүп, кыркылайын деген чылбыр үзүлүп кетет. Ал ордунан тура калып качып жөнөйт.

Кайнак сууну башына куюп жаткан адам, чөгүндү таштай артынан кубалап, жетүүгө аракет кылганча:

-Качты, эле качты! Карма эле, карма! - деп кыйкырып жөнөдү. Үйдөгүлөр үлгүрүп чыкканча Малташ, караңгыда узап кетип, караган-черге, аң-жарга жашынып жүрүп, аман качып кутулду.

Нышанбайдын кегин кууган туугандары Малташты кармоонун эбин келтире албай күн өткөрүштү.Бир күнү айылда чоң улак болуп,эл тамаша көргөнү келишти. Бети-башы кайнак сууга күйгөн Малташ майып болуп, улак чапкандарга кошула албай, көпчүлүк катары тамаша кылып турган мезгилде Нышанбайдын туугандары пайлап келип, көптөп кармап алышып, улак кылып тартып кетишти.

***

Бүлөлү Ош-Кашкар жолунун тому. Кыска жол болгондуктан чек арачыларды, же атайын тапшырма менен барган кызыл аскерлерди көргөндөр качып бекинишкен. Жөн адам качпайт деген ой менен алар куугунга алып, тутууга аракеттенишкен, же атышкан. Жергиликтүү мергендер да, солдат көрсө, анын ким экенин билбей ок чыгарышкан. Аскер кызматкерлери Бүлөлүнү «шектүү аймак» катары тынымсыз көзөмөлгө алышты.

Көбүн эсе Бүлөлү аркылуу «кара тизмеге» туш келген байлар, басмачылар, уурулар Кашкарга өтүүгө аракеттенгендер бириндеп-экиндеп, же топ-тобу менен тоо аралай бекинип жүрүшкөн эле.

Кызыл-Коргондук Ураим аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп, кызыл аскерлердин, же чек арачылардын Бүлөлүгө барарын, Бүлөлү аркылуу чек арага ашып кетерин Будалык сельсоветинин төрагасы Турдуга эскертип:

-Бүлөлүгө тез жет. Солдаттар баратышат. Бүлөлү айылындагылар ак желек алып тосушсун-деп кабар берчү.

***

Айыл ичи тынч болгон чакта, тоолуктардын бир жайга чогулчу адаты бар. Ал жайды бириси «Маслат дөбө» десе, экинчиси «Чыр дөбө», үчүнчүсү «Маалымат дөбө», дагы бири «Ушак дөбө» дешип, ар кими ар түрдүү атап келишет. Бүгүн да мал жайытта болуп, үйдө бекер отурган эркектер, зериге басышып, үйрөнгөн жайларына келе башташты. Адаттагыдай эле аркы-берки сөздөр айтылып, күндүн жаанчылдыгы, жердин оттуулугу, кайберендердин кай жерге келип, кай жерден

кайтышы, ит куштун кабары, кимдин кайда барганы, айылга кимдердин келгени, алардын ата-теги, туугандарынын арасындагы кадырынан бери айтылды. Бири сураса, экинчиси жооп берип, үчүнчүсү аны толуктап, көп сөздөр айтылды.

Жаңы өкмөттүн адамдары кай жерде, кандай иштерди жүргүзүп жатканы, аларга болгон бай-бийлердин мамилеси, те чөл жеринде жер-суу эсепке алынып, адамдарга тегиз бөлүнүп жатышы, үрөн-шаймандан жардам берилиши, кайсыл жердин, ким деген байы Кашкарга өтүп бараткан, аны коштогондор туурасында ар ким уккан, көргөндөрүн билдиришти. Айыл арасындагы, жайлоолордо оттоп жүргөн малдардын өңү, түстөрү, саны, жашына чейин айтылып келип, анан алыскы-жакынкы жайлардагы аш-тойлор кимдердин чакырылганы, кимдердин келип-кеткендиктери, кандай узатылганы, улак-байгелерде кайсы балбан өзгөчөлөнгөнү, кимдин аты кандай экени, алгыр куш, тайгандардан бери кабарланып, кулактардын кычуулары канып баратты.

Кайсы айылда кандай басмачылар жүргөнү алардын башчыларынын кимдиги түгөл айтылып, бардыгына тааныш Курмушу менен Нышан корбашылар туурасында сөз боло кетти.

-Курмушунун басмачылары Оро-Дөбөнү талаптыр.

-Кыз-келиндерин маскарлап, малдарын айдап кетишиптир.

-Нышанбай корбашынын туугандары Оро-Дөбөдө го? Кандай эле кошо жүрүп, Курмушунун жигиттерине талатып жиберет?

-Ээ, уккан эмессиңерби Курмушу менен Нышанбайдын мамилеси келишпей калган дешет.

-Койгула, эки корбашы жана-жан болушуп, бирге атτанып, бирге түшүп жүрүшпөйт беле? Эмне, дүнүйө талаш, мал талаш болуптурбу?

-Анысы да болушу мүмкүн.

-Жо-ок. Катын талаш дейт.

-Ээ катынпоз корбашылардын нысаптары кеткен экен.

-Э нысабы болсо корбашы болобу. Беттерин сыйрып, адамдыктан чыгышкан алар.

-Башкасын коюп, экөөнүн мамилесинин бузулганын айткылачы?

-Курмушу Нышанбайды «Адинин сөзүн сүйлөсөң, ага көчүп кет»-дептир.

-И, ал эмне дептир?

-«Көчсө көчүп барам. Адинин чокоюна тең келбейсиң» дептир.

-Ого, катуу кеткен экен.

-Курмушу да жөн адам эмес. Беш жүз жигитке башчы болуп алып, доорду сүрүп жатат. «Айтканы аткарылып, байлык да, мал да үйүнө батпай калды»-дешет аны билгендер.

-Ээ, кызык экенсиң, бирөөдөн талап, жулуп алган оокат апы болбойт. «Көрөсүңөр сайдыкы сайга, суунуку сууга» делет. Жаңы өкмөт аны жөн койбойт.

-Чын. Курмушунун иши убактылуу. Ал бүгүнкүсүн гана ойлонуп жатат.

-Ээ балдар «көрбөгөндүн көргөнүнө түңүл» дейт элде. Анча-мынчага салам бермек тургай, анча-мынчасынын саламын алик албай калыптыр.

-Анда, көпкөнү ырас экен.

-Көпкөн үчүн Оро-Дөбөдө бир бой жеткен сулуу кызга, бирөөлөр келип, куда түшүп, эртең-бүрсүгүнү алып кетмекке күн болжошуп, баталашат. Ошол чакта Курмушу барып басып, «кызды мага бересиңер!»-деп, эки куданын тең айласын кетирет.

-Ал кыздын убадалашкан жери бар деп, укпадык беле?

-Ээ дүнүйө деген убадага карайбы. Айтууга караганда кыздын атасы менен жаңы кардар уулдун атасы илгертен катташ экен. Кызынын бирөө менен убадалашып жүргөнүн туюп, ал досуна кабар айттырыптыр.

-Кардары ким деген экен?

-Ким билет. Бел аштылардан имиш.

-Кыз байкуштун тагдырын эч кими ойлобоптур да?

-Бел ашты баталашмакка келгенче эле, калыңы деп, кыл куйруктун көкүлүнө пахта өргүзүп, анча кара мал, кой-эчкилерин сүрүп, айдаганча келиптир.

-Ал дагы байлардын бири экен да.

-Э бай болбой калсын. Жаңы өкмөт ошол байларды кармап, барса келбес тарапка айдатып жатпайбы. Көбүнө байлыгы душман болуп чыпадыбы.

-Бел аштың да, жөн киши эмес экен. «Малым өкмөткө кеткиче, калыңга кетсин»-деп сүрүп келген тура. И, айта бер.

-Курмушунун кек сактап жүргөнүн туйган Ади - «Кызды эч кимге бербейсиңер, мен алам»- деп кечээ кабар жибериптир.

-Э Ади катындан каша кылабы. Эки-үч катыны бар дебеди беле?

-Адиге канча катын алса да жарашат. Айтпадым беле, «Ади болуш кыйын» деп, күндө кийик текенин куурдагын, жылкынын жал, картасын жеп, суусунга байтал бээнин бал кымызын шимирип, жайлоонун салкын төрүндө жатып зериккен Адиге катындан башка эмне керек.

-Ошону айт. Мал десе мал, дүнүйө жетиштүү.

-Адини каары, билим-илимдүү дешпеди беле? Көп катын алса боло береби?

-Э маң баш экенсиң. Андай дүнүйөм болсо, мен да ала берет элем. Катынды куштасаң, бага алсаң, бардыгынан камсыз кыла алсаң, шарият уруксат берет дейт туурабы?

-Айтканың туура. Мухаммед пайгамбарым дале төрт катынга үйлөнгөн экен. Биздеги эле бай, молдолорду карап бак, эки-үчтөн катыны бар.

-Ооба катынга жетинбеген эле, биз томаяктарбыз. Мен деле эки катын алгым бар. Бирок бир катынды, чиедей балдарымды бага албай, ар кимдин ишин кылып жүрөм.

-Аны коюп, Курмушу менен Адинин жөнүн айткылачы?

Жөнү ушундай. Оро-Дөбөдөгү кызга үч кардар тең бүгүн келишет деп айтышты. Калганын эми көрөбүз дешти.

«Көп айтса, төп айтат» демекчи Ади беш-алты шеригинен ээрчите келип, Осмондун үйүнө түшкөн. Союш союлуп, очокто от алоолоп, казандагы койдун эти кайнап жатты. Баятан дасторкон үстүндө отурган Ади үй ээсине кайрылды.

-Кыздын ата-энесине баралыбы, же ушул жерге чакыралыбы?

-Бардык иш өзүңүздө. Сиздин ыктыярыңыз менен.

-Кыздын ата-энесинин алдына барайлы-деди досу Адиш.

Айтылган сөз жөндүү болуп, топтогулар эки-үч үйдөн кийинки кыздын ата-энесинин алдына келишти. Салам-алик алышып сурашкан соң, Ади ток этээр кепти баштады. Кыздын энеси элеңдеп, коркуп улам үшкүрөт. Көп ыйлаганынан улам көздөрү шишимик тартып, жоолугунун учу менен көзүн сүртөт.

-Ко-ош, кудалар менен кеп бышкан беле?

-Бел аштылык досум сөйкө салдысын да, калыңын да түгөл айдап келип, колубузга карматкан болчу-деди кыздын атасы кыжаалаттанып.

-Мамилеңерге ким айгак болуп жатат?

-Бардык ишти Курмушу корбашы toktotup койду.

-Анын ой-максаты эмне экен?

-Кызды мага бересиңер! Эгер башкага бере турган болсоңор үй-бүлөөң, тууган-уругуң менен соо калбайсыңар-деди.

-А сиз эмне деп жооп бердиңиз?

-Айлам кетти. Үй-бүлөөм, тууган-уругумдан ажырабайм деп коркуп, көзүмө эч нерсе көрүнбөй турат.

-Кызды чакыргылачы. Оюн билели? - деди Ади.

Жеңелеринин бири шып жете барып, майдалап өрүлгөн чачтары далысын жапкан, каш-кирпиги төгүлө жалт караган тунук көзү ары жылдыздуу орто бойлуу, эми бой жетип келе жаткан кызды ээрчите кирди.

Кийген кийими өзүнө жарашып, келбети көргөн жанды суктандырган оозу оймоктой, жумшак ээриндеринен балалык-тын ууз даамы кете элек, мурду кырдач, узун моюну боюна жарашкан, ары сындуу, ары жылдыздуу кыз, Адини таңыркай, кыйыта тиктеди. Экөөнүн көзү дал келе калганда Ади андан кумарлуу сезимди туйгандай болду. Тагдыры ортого түшкөн кыз, капалыктан көп ыйлагандыгынан улам, көздөрү жашка жуулуп, ары тунук, ары жылдыздуу каректери мөлтүр карагаттай болуп, бир көргөн жигиттерди өзүнө тартып алчуудай эле. Ади келбети келишкен сулуу кыздын ички туюмун толук сезгендей болуп, ээрдин акырын тиштей, айлана-тегерегиндегилерди карады.

Тургандардын бардыгы «эмне болот?» деген ой менен өзүнө тигилип турган эле. Кызды баары бир Курмушу колдон чыгарбайт. Кайындаган жерине бергизбейт. Айткан сөзүн аткарат. Андан куткаруунун кандай жолу бар? Бул ишке өзү чындап киришип, кызды аман алып калгысы келди.

-Сулуу кыз, сенин оюң кандай? Кимисине баргың келет? - деди эркелете сүйлөп, жумшак үн менен.

-Эч кимине барбайм. Жашагым келбейт.

Кыз эчкирип ыйлап бетин басты. Анын көрүнүшүнөн жашоодон түңүлүп, өзүн-өзү өлүмгө кыйуудан тартынбаган бүтүм айкын көрүндү.

-Ушулардан сактап калсам. Жашайт белең?

-Билбейм. Кыз баланы Кудай кандай бактысыз, кор жаратып койгон. Мен бактылуу болоюн деп, дайыма тилөөчүмүн. Кудай менин тилегими бербеди, өлүм буйруптур-деп жашоодон үмүтүн үзүп койгонун билдирип, көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп, томсоро ээрдин тиштеди.

-Бактыңа мен жеткирейин. Мени менен кетесиңби?

Кыз жалт карады. Адинин көзүнөн чындыкты издегендей болду. Ары ишенимдүү, тамашасыз өзүн тиктеп турган жигитти көрүп кыз оор үшкүрдү. Ал үчүн жооп бериш кыйын эле. Бирок, жоопту бербесе, бир нече убакыттан кийин өлүм, же Корбашынын туткуну болмок. Кабарды уккандан бери көпкө ойлонгон.

-Көңүлү сүйбөгөн, көрбөгөн-билбеген бирөөгө кантип барам, кантип аны менен жашайм деп эчен кыжаалатка баткан. Анысы аз келгенсип, канкор корбашынын кардар болушу, айласын кетирген эле. Чын дилинен өлгүсү келип, канча аракеттерди кылды. Бирок, кайтарууга алынып, ата-энеси, жеңелери жандарынан чыгарышпады. Эми минтип, маңдайында «Бактыңа мен жеткирейин» деп Ади турат. Анын кабарын эчен жолу, элден уккан. Эки-үч курдай өзүн да, айылга келгенде көргөн.

Чарчысынан келген сымбаттуу келбети, эч нерседен жалтанбаган эрки, маңдайындагы адамды теше тиктеп, ички сырын аңтара туйгандай болгон оттуу көзү, кара тору жүзүнө төп келе, каш-кирпиктери, жаактарын жапкан капкара муруттары жарашып турган жигитке ичи жылыган. Менин жубайым ушундай жигит болсо – деп да самаганы эсине келе калды. Өлүмдөн көрө, үй-жайлуу болсо да, ушул жигит менен жашаса, чындап эле бактылуу болуп жүрбөйүн? Бактымды тобокелге салсамбы? Жарыкчылык, жашоо кандай жакшы. Өлсөң, жоксуң. Өмүрдү өчүргөндө, не муратка жетем? Жашоого аракет кылайын.

Жашоого үмүтү жанган кыз, өзүнөн жооп күтүп, көз айрыбай карап турган жигитке жалт карады. Анын оюн түшүндүбү Ади ордунан шарт туруп келип, кызга колун сунду да, анын оң колун аяр кармап, эшикти көздөй басты. Үй сыртында жабалап, тиктеп тургандар, жарыла аларга жол бошотуп ортолукту ачышты. Үй ичиндеги ата-энеси, эже-жеңелери да ээрчише чыгышып,

жардана тиктешти. Аңгыча болбой Адинин жигити чуркап барып, атын жетелей келип, алардын алдына туура тартты. Ади атка шарт минди да, ары чочуп, ары тартынып турган кызды, жаш баладай эки колтугунан ала так көтөрүп алдына өңөрдү. Ат бастырар алдын, жарданып карап тургандарга жалт карап:

-Каада-калыңсыз кыз болбойт. Андан кам санабагыла. Эртең айдатып жиберем- деп атын теминди.

Кызынын колдон чыкканына чын ишенген ата-энеси, кабатырлана,ичтери ачышып, көздөрүнө жаш алышты. Эне байкуш эсин жоготуп, сулк жыгыларында, жарданып тургандар жабыла кармашып, бетине суу чачышып, алек болуп жатышты.

***

Заман ары тарт, бери тарт болуп, убактылуу болсо да оош-кыйыштуу болуп турган чак. Катаал мезгилден улам, жакшы жерден кыз алып, жөлөк болоор жай издеген Чөкө бий, акыры келип, Кожонун кызын, Адинин карындашын тандады.

-Ата-энеси ары малдуу, ары колдуу, Адинин эл арасында күндөн-күнгө төбөсү көрүнүп, айтканы эм болуп баратат. Карындашы Жаңылга да Кудай өң-түстү, акыл-эсти аябаган. Колунун уздугун айт. Эмнени кармаса да эбин таап, гүл кылып бүтүрөт. Үй кармаганына эч ким жетпейт. Тамактын түрлөрүн жасап, заматта дасторкон үстүн толтурганын айт. Бардык иши орду, ордунда. Кожо менен Бопону ынатып, кызы Жаңылды келин кылып берсе арманда болбойбуз деген байбичесинин сөзү бийге да жага берди.

Ата-энесинин алдынан өтүп, кызды эртерээк үйгө киргизүүнүн аракетиндеги бай Кожонун үйүнө келди.

-Кожо, экөөбүз бир топтон, тууган адамбыз. Баштатан эле менин бийлигимди да, байлыгымды да балаң Адиге өткөрүп берип чоң ишеним бергем. Заман тейин сезип турабыз. Башта андай кылалы, мындай кылалы деп, маслат менен иш кармоочу элек. Эми күн сайын эле өзгөрүү. Эмне балакет болуп кетет деп, баарыбыз эле бушайманбыз. Сени менен көптөн бери куда-сөөк болууну самап жүрчү элем.

Адини күйөө бала кылып алайын десем, ылайыгы келбеди эле. Жаңыл кызыма куда түшкөнү келдим. Менин уулум Арингe бер? Калың-каадасын сен каалагандай кылайын. Жакшы бүлөө үчүн сенен аянбайм. Элге каалагандай той кылып, бата алып берели.

-Бай ойдо жок ишти айтып, ойлонтуп турасыз. Тууган-урук, энеси менен кеңешип көрөйүн.

-Кожо бири-бирибизге сынаакыбыз. Сенен аянбайын дедим, сен да менен аянба. Арин уулума бир Жаңыл кызыңы эле алып бербей, жаамы кайынын алып берип отурам. Мен баймын деп мактансам, бир айыл билет. Кожо менен Адини Алай эмес ар жагы Кашкар, Оогон бери жагы Анжиан чөлкөмү бүтүн билет. Сыймыгыбыз да, сыйлаарыбыз да силер.

Басмачылар басмырлап, айылдарды талап, мал-мүлкүн тартып алышы, өңдүү-түстүү кыз-келиндерди зордоп бүлүккө салышы элдин көкөйүнө көк таштай тийди. Кожо менен Бопо да бой жетип бараткан Жаңыл менен Апишти сак-сакташып, күндүзү үйгө жолотушпай, ар кимдин кебине кулак түрүшчү.

Чөкө бийдин кардар болуп, анын үстүнө жакынкы жер Кожо менен Бопого да жаккандай эле болду. «Кызы бардын назы бар» демекчи «Сүйлөшөлү, кеңешели» деген сөз менен Кожо байбичеси Бопо экөө «Алыскы туугандан жакынкы коңшу» дешип, Жаңыл кызын узатышып, Аринди күйөө бала кылып алышты.

Басмачыларын баштап барып, элди талаган Курмушуну кой-ай деген эч ким жок. Эркинче сайраңдаган Курмушу бирде Будалыкты таласа, бирде Жошолуга өтүп, зордук-зомбулугун уланта берди. Ар айылга барып, ат, тон, жигиттерден салык салып, колун көбөйттү. Кара-Кулжага ашып өтүп, карабаргы, тазбаргы топторундагыларды талап–тоноп жүргөндө, алардын аркасынан ыктыярдуу отряддагылар, райондогу милиция кызматкерлери түшүп, мерчемдүү жайларга тосмо коюшуп, аңдууга алышты. Алардын кабарын уккан Курмушу улам орун которуп, көз жазгырып, айылдагылардан алыстап из жашырды.

***

Ади Алайкууга тага журтуна барып, кайтарында Капчыгайга салып, Кара-Таш, Сары-Бээ, Чалма аркылуу келип, Сары-Булак аркылуу Жошолуга ашмакка эки-үч шериги менен келе жаткан. Доңуз-Дөбөдөн өтө бергенде, куралдуу басмачыларга туш келип калды. Колунда куралы жок, бурулуп кетүүгө болбойт. Аркага кайтууну намыс көрдү. Көпчүлүктү жандай, салам айтып өтүп баратканда, ортолукта турган Курмушу аны көрө калды. Алыстан эле кыйкырып, ага карай атын теминди.

-Ади «командир», тар жерде жоолугуп калдык. Кыска сүйлөшөлүбү? Же кең жайга барып, жай сүйлөшөлүбү?

-Сени мене сүйлөшө турган сөзүм жок корбашы, жол кетип баратам.

-Жолоочумун дегин. Өтө эле шашылышсыңбы? Же катындарыңды сагындыңбы?

-Корбашы, сени менен кеп чегиш менин оюмда жок. Жолдон калтырба.

-Алдымы торобо дегин. Сен эмне менин алдыма чыгасың. Мен алчу кызды алып, Нышанбайдын көзүн тазалап, айгак болгонуңду билесиңби. Талпагыңды ташка жайып, өкмөткө кармап берейинби?

-Өкмөттөн качып жүрүп, мени кармап берип актангың барбы? Сенин колуң булганып калган. Бүгүн болбосоң да, эртең колго түшөсүң.

-Сенин колуң тазабы? Мен колго түшсөм, сен торго түшөсүң.

-Курмушу башы адашкандарды топтоп алып, эрдемсийсиң. Жалгыз болгонуңда, бул сөздү айта албайт элең.

-Эй Ади, «Ади десе эле, адиңдан ашып» жүрөсүң. Бир сага тең келе албасам, Курмушу атымы башка атаймын.

-Баягы эле Курмушусуң. Жолуму тоспо. Болбосо куралыңды ташта ат үстүндө кармашалы.

- Ушунча жигитим туруп, кармашпайм. Карматам.

-Кармаша албасаң, жолду торобо-деп Ади атын теминди.

Жигиттеринин алдында, өзүн тоготуп да койбой, кечирим сураштын ордуна, каяша сүйлөп, жалтанбаган Адиге Курмушунун ачуусу келип, ээгиндеги сакал-муруту бириндеди.

-Ушуну кармап берип, өкмөттүн алдына алып барып, актанбайынбы? деген, оюна ынанып:

-Кармагыла жигиттер! Ортого алгыла!-деп жан-жөкөрлөрүнө буйруй чамынды.

Жанында тургандар аттарын теминимиш болушканы менен, эч кимиси кол сунуп, кармашка даашкан жок. Айткан кеби жерде калган корбашы, ызаасына чыдабай чыңырып жиберди.

-Кармагыла дебедимби, иттин балдары! Же ушунчаң туруп бир Адиге тең келе албай коркуп жатасыңарбы?

Корбашыдан сестенген бейтааныш бир-экөө кол сунуп келе жатканда, Ади шарт-шарт камчы шилтеп, аттан түшүрө чапты. Аны көргөндөр бошошо түшүштү. Абалды байкаган корбашы кыжырдана кыйкырды.

-Алгыла! Болбосо силерди кошуп, атып салам-деп маузерин кабынан сууруп, асманды көздөй «тарс» атты.

Корбашынын каарынан аптыккан жигиттер Адиге асылышты. Көбү менен чабышып, көк-ала болууну каалабаган Ади каршылык көрсөтпөдү. Камчысын бүктөй кармап:

-Койгула жигиттер, чабышпайлы. Алып барчу жерге, өзүбүз эле баралы-деди Ади.

Курмушу Адини ГПУга тапшырып акталгандай болду.

***

-Азиз, момун мусулман балдары, болуш-бийлер, миң башы старчылар! Мен силерге дин исламдын улук вакили табыштаган аманаты сиздерге эшитирмекмин! Үстүбүздөгү жылдын, тагыраак айтканда өткөн ишамбада тээ чоң Түркиядан азирети Рустам эшен Парганага келип түштү. Бүгүн сиздерге азирети эшендин ыйык аманатын тапшыруу милдети менин мойнумда. Мусулман баласынын башына түшкөн алаамат акыр заманды тигил тараптан эшиткен дин ислам вакилдери: баягы Ибрагим бек, Жунаин-хан, өзүбүздүн Жаныбек казы ошо тиги жагы-Кашкар, Үрүмчү, Кулжадан бул жагы-Еран, Оогондон чыгышып, биз тарапка өтүп келишке даярданып жатыптыр.

Мына алар Анжиан менен Маргаланды, Кокон менен Ташкенди, Бухара менен Самарканды, Ош менен Жалал-Абадды басып кирип, жамы Паргана өрөөнүн кайыр динден тазаламак. Баягы бизден тартып алган амалыбызды кафыр балчебектерден алып бермек. Ана ошо дин исламды сактап, мусулманабадды кайра өткөрүшкө келатышкан дин ислам вакилдерине биз тирек болушка даяр туралы. Жамы мусулман үчүн кафирларга казат ачып, келаткандарга азык-оокат, ат-тон, курал-жарак жаатын алдыртадан даярдап турушубуз зарыл. Өзүңөр күнбү-түнбү аттанышка алдыртадан даярдыкты көрө бергиле. Тиги жактан буйруп-кабар келээри менен кайырдин-дерге казават баштайбыз.

Мына бүгүн улутчул-динчилдер: ар аймактан чыккан эшен, имамдар амалынан айрылып, тизгинин колдон алдырган бий-болуштар, айласыздан куралын өткөрүп багынган миң башы,

корбашылар, булардын буйругун аткарып, эл арасын аңдып жүрүшкөн эмчи-домчу, көзү ачык, дубана-календер кейпиндеги жансыз тыңчылар жашырын мажилис өткөрүп жатышты.

***

«Бул кат Жанибек казыга! Экинчиси бир туугандарым Ташмат менен Орозматка.

Мен жакында Паргана өрөөнүнө жүрүш кылам. Мени Памир, Мургаптагы тажик Максым Пазыл корбашы кошуундары менен тосуп алаары макулдашылды. Силер да, өз күчүңөрдү топтоп, катуу даярдыкты көрө бергиле. Ага чейин ишенимдүү жана дадил адамды Пазыл Максумга жөнөтүп, бири-бириңдин абалыңарды жана муктаждыктарыңарды билдиргиле. Ок-дары, курал-жарактарды өткөрүүнүн жашыруун жолдорун сүйлөш-күлө!» деген Ооганстанга качып өткөн Көршерматтын эки каты ОГПУ нин Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлчүлүгүндө талкууланды.

-Кат кандайча Жанибек казы менен Көршерматтын бир туугандарынын колуна тийди? -деген суроо туулду. Көрсө, Ооганстандан Кашкар аркылуу өткөн Акматали аттуу кыргыз, экинчиси Якып деген өзбек- эки жолоочу аркылуу кат Жанибекке жана Көршерматтын бир туугандары Ташмат менен Орозматка жеткирилиптир.

«Өтө жашыруун

ОГПУнин Ош округу боюнча уполномочени жол Ерохинге ОГПУ нын Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнүн билдирүүсү боюнча, бул жерден Афганистанга өтө качып кеткен басмачы Көршермат ушул жылдын 15-январь күнү Жаныбектин, ошондой эле Ташматтын, Орозматтын (Көршерматтын бир туугандары, Баба-Маргалан уездинде жашап турушкан) ысмына эки кат жиберилгени аныкталды. Ал каттарда Көршермат апрелдин аягына жетпей кайрадан Фергана өрөөнүнө жүрүш кыларын айтып, ага дейре катты алары менен тигилер өз күчтөрүн Памир, Мургап аймагына топтоштуруп, катуу даярдык көрүп турушарын эскерткен.

Бул эки кат агент аркылуу Афгандан апкелинген. Бири Акматали деген кыргыз 32 жашта, экинчиси Якуб деген өзбек 33 жашта. ОГПУнын КИРОБЛОТДЕЛИ сиздин керт башыңыздын жоопкерчилигине тагып, аткарууну сунуш кылат. Өтө кылдаттык менен төмөндөгүлөрдү тактоо зарыл:

-Кат Жаныбек, Ташмат, Орозматтын колуна тийдиби?

- Каттар жөнүндө бирөөлөрдүн арасында сөз болуп жатабы? Эгер болуп жатса, эмне делип жатат?

-Жаныбек, Көршерматтын бир туугандары катты алышкан болсо, эмне ойго келип,эмне камылга көрүп жатышат?

Кандай гана болбосун Акматали менен Якубдун ушул учурда турган жери аныкталсын. Эч токтоосуз экөө тең кармалсын. Эмне иш жүргүзүлгөнү, натыйжасы дароо кабарлансын! ОГПУнин КИРОБЛОТДЕЛИ.12-3-1927-жыл».

Жаныбектин Көршермат менен болгон байланышы аныкталды. Көршерматтын каты бир туугандарга тийген. Орозмат тымызын Өзгөнгө келип, андан Көлдүккө барып, Жаныбек менен жолугушту. Катты ага кошуп, мылтыгын Жаныбекке тартуу кылды. Жаныбек ага миң сом акча бергендиги билинди.

Бир тууганынын каты аркылуу Орозмат Баба-Маргаландагы үйүнөн кире кылган арабакеч катары Өзгөнгө өтүп, ал жерден Жанибекти сураштырып, Көлдүккө келет. Катып жүргөн мылтыгын казыга тартуулап, андан акчалай жардам алат. Андан көп өтпөй эле, Мургаптан Турдугул уулу Камил, Кадырбай уулу Абдылар жашыруун келишип, Жанибек менен сүйлөшүп кетишет. Алардын аркасынан казы өзүнүн ишенимдүү адамы молдо Ырыскулду жөнөттү. Анын айтуусу боюнча Көршерматтын мурдагы жигиттери тажик корбашы Максым Пазылдын басмачылары менен биригип, жаздын келишин, ашуулардын ачылышын күтүп жатышыптыр. Ага чейин курал-жаракты жеткирүүгө, кайсыл жол ыңгайлуулугун билдирүүнү өтүнүшүптүр. Кабарды уккан казы молдо Ырыскулду кайрадан Мургапка жиберди.

ОГПУ тарабынан Көршерматтын эки бир тууганы кармалып, суракка алынды. Көршерматтын кабарынан соң басмачы аскерин көбөйтүп, даярдыкты күчалтты. Чекисттердин 1927-жылдагы алган маалыматы боюнча казынын жигиттеринин саны 170ке жетти.

Жаныбектин өзүн кайтарган, күзөтчү болгон 18 жигит. Өмүр кашка 20-30 жигити менен казынын кол алдында Кара-Шородо жайгашкан. Төрөбайдын карамагында 20-25 киши, корбашысы Шайыбек уулу Төлөнбай. Туругу Көлдүк кыштоосу.Корбашы Кошбай 17 кишиси менен Салам-Аликте. Айылында 800 түтүн

болгон. Абдулдабек Жаныбектин эң жакын жөкөрү 20-30 киши кураган. Байбичедеги 600 түтүн айылы менен турган. Алибай менен Салибай (Ташкулдун балдары) 20-25 киши топтоп, Кара-Кулжада жайгашышкан. Сырттан караган кишиге өз алдынча болушканы менен Жаныбектин буйругун так аткара турган куралдуу күч болуп эсептелген. Кылыч, бардеңке, беш атар, көбүнчө он эки атар англис мылтыгын асынып, корбашылар наган асынып жүрүштү.

Кашкарда таңкыс, баалуу, дүйнө-мүлк жүктөтүп Абдылдабекти Кашкарга өткөрдү. Ал белгиленген күнгө жетип-жетпей кайрылып келди. Өзү менен кошо орус, япон тибиндеги мылтыктарды, он эки атар англис мылтыктарын огу менен эч ким билбес көмүскө жайга түшүрдү. Эми ачык эле Кара-Кулжа, Тар, Жазы, Көлдүк тегерегиндеги, жакынкы Көк-Арт, Жалал-Абаддагы жоролоруна кабар жөнөтүп, «көтөрүлүүнү» эскертип жатты. Мындан беш-алты жылдар мурун, ар кайсыл шартта, жаш өкмөткө моюн сунуп, куралын тапшырган басмачы, корбашылар эл ичинде көп эле. Алардын жүрүм-туруму эсепке алынып, тынч-тирилик кылгандарга тийилген эмес. Жаныбек да алардын катарында байкоого алынып жүргөн эле. Жакын арада өкмөт кандай аракеттерди жүргүзөөрүн эскиртпей ага жеткизип тура турган эл ичинде да, өкмөт мекемелеринде да узун кулактар бар болчу. Айрыкча жергиликтүү өкмөт-мекемелеринде жашыруун кирип алган бай-манаптардын балдары, урук-туугандар көмөктөшүп турушту.

Казы басмачылардын санын көбөйтүп, аларды чет элдик мыкты куралдар менен камсыз кылды. Казынын өзүн кайтарган он сегиз жигиттен башка, Өмүр кашкада, Шайбек уулу Төлөнбайда, Кошбай корбашыда, казынын эң жакын жөкөрү Абдылдабекте, Алибай менен Салибайда жыйырма-отуздан жигит болуп, басмачынын саны эки жүзгө жакын эле. Дал ошол чакта ОГПУ тарабынан иш козголуп, молдо Ырыскул Өзгөндө Көршерматтын эки бир тууганы Баба-Маргалан үйөзүндө кармалып, сурак жүргүзүлө баштаганын туйган казы, ачык эле Көлдүк, Жазы, Тар, Кара-Кулжа аймагына, Көк-Арт, Жалал-Абад тегерегиндеги басыз уругуна, Өзбекстандагы Булак-Башы, Айым, Чимион, Анжияндагы ичкилик кыргыздарына чейин кабар берип, аттанууга үндөдү.

1924-жылы Ташкендеги Внешторг мекемесине барып, айла-амал менен Өзгөн боюнча увакил болуп бекитилип, соода ишин колуна алышы казынын мурдатан кыла жүргөн аткезчилик ишине ого бетер жол ачылды. Бүткүл Ош округуна аткезчилердин жашыруун башчысы болсо, эми ачыктан-ачык эле Кашкарлык валюта сатып алуучу соодагерлер менен тыкыс алака түздү. Алтын алып, алтын сатууга өтөт. Элге мал жана мата, килем-килче менен соода-сатык жүргүзгөндөй туюлду. Кандай болсо да карапайым элге «Жаныбек Кашкарды колуна алганы турат. Оомадысы келген чак» болуп, кадыры арткан сайын, байлыгына байлык кошула берди.

Өтө аяр, өтө куу Жаныбек 1922-жылы совет бийлигине кайрадан баш ийип берүүгө мажбур болду. Өзбек Исраил, Юлдаш палбан, Турду Максым, кыргыз молдо Доорон, түрк Молдокожо сыяктуу майда корбашылар өз ара жоолашып, эки ортодо күнөөсүз эл таланды. Жаныбек казы аларды эпке келтирип, куралдарын өкмөткө тапшырууга көндүрдү. Исраил корбашы гана «Мен ушу Жаныбекке баш иет бекемин?» деп кетип калды.Басмачыларды жок кылуудагы эмгеги бааланып Жаныбек башкы командачынын буйругу боюнча алтын кылыч менен сыйланды. Ошону менен катар «Ош районундагы топту кайтаруучулардын начальниги» деп эсептелинип, карамагына жыйырма беш мылтык калтырылды.

Орто Азиянын ППО ГПУнун Чыгыш бөлүмүндөгү материал-да «Жаныбек Сагынбай уулу 1869-жылы Фергана облусундагы Ак-Жар волосунда туулган. Басыз уруусунун кашка уругунан чыккан бай-манап. Шарияттык сот (казы) милдетин аткарат»… деп белгиленген. 1922-жылы Түркстандагы алтынчы чалгынчы-лар Жаныбек казыны «Чыгыш» («Восток») деп аталган шарттуу белги менен агентуралык ППО ГПУнун Чыгыш бөлүмүнө өткөрүп беришти. Эң акыры 1923-жылдын 4-сентябрында ГПУнун Фергана облусунун бөлүмүнө өткөрүлдү.

1922-жылы Түркстан автономиялуу облусунун Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Атабаев Фергана облусунун аскерлеринин командачысы Врачев, Фергана облустук аткаруу комитетинин төрагасы Бурташевдер менен Жаныбек казы Молдоажы, Исламбеков, Абдуллабек Жусупкожоев, (Юсупали Ходжаев), Кайып паңсат(500 башы) Абдырасуловдор өкмөткө каршы күрөштү токтотуп, курал-жарактарын милиция түзүүгө

өткөрүп берүүгө келишим түзүштү. Сакчылыкка Жаныбекке 25, Молдоажыга 15, Абдуллабекке 10 мылтык калтырылды.

Оштун коменданты жана облустук ОГПУнун уполномочены Александр Гаварилович Ерохин, Молдо Кубакты жөнөттү. Жаныбек казы катка өз оюн билдирди.

«Бийликтегилерден эч кандай документи жок келген силердин өкүлгө мен эч качан ишенбеймин. Муну силер камалып жаткан тууган-уругуңарды бошотуп алып, аман сактап калуу максатында жасап жатасыздар. Силердин адамдар мага колдо болгон бардык курал-жарактарды тапшырууну сунуш кылышты. Бирок, мен куралдарды өкмөттүк бийликтин өкүлдөрү менен сүйлөшмөйүнчө алар менен жеке өзүмдүн коопсуздугумду сактоого ишендирмейинче тапшырбаймын. Азыркы кезде мен бир дагы кеңешчисиз калдым. Бирок, мен чыныгы мусулманмын жана бардык мусулмандар менин бир туугандарым жана туугандарым. Ооба, мен азыр карып калдым, ошонтсе да акыл-эсимди азырынча жогото элекмин, мээм калыбында. Менин эмнелерди ойлогонума макулсуздар го!»

Ушул күндөн баштап басыз уруусунун «мыкты чыкмасы» Жаныбектин карааны айлана-тегерегиндегилерге айкын көрүнө баштады. Башка уруулар арасындагы төбөсү көрүнгөндөр эми Жаныбекке ийилип кол беришчү болду. Казы да ого бетер даңкын көтөрүш үчүн Жазы, Кара-Кулжа, Тар тегерегиндеги элди жумшап, жол оңдотуп, сел тостуруп, көпүрө салдырып көптүн көөнүн алды.

Өзгөндөгү моңолдор уруулары бир кезде күч алып, тегерегиндеги урууларга үстөмдүк кылып турганда эл арасындагы бирөө:

-Жаңгакты басыз терчү эле,
Жегенди моңол билчү эле.
Ээрди басыз кылчу эле,
Мингенди моңол билчү эле.
Жакшы чыгып Жаныбек,
Басыздар элге теңелди.
Мактанган моңол жоголду-деп ырдаган эле.

Жаныбек казынын иши оңолуп, «ити чөп жеп калганда» Кара-Кулжа аймагындагы Кара-Кочкор айылындагы моңолдор уруусунан чыккан Ысмайыл казыга салыштырып, моңолдордон чыккан ырчы:

-Жакшы чыгып Жаныбек,
Жаңгакчы басыз оңолду.
Жаман чыгып Ысмайыл,
Жалпы моңол жоголду.
Эстүү чыгып Жаныбек,
Ээрчи басыз оңолду.
Эси жок чыгып Ысмайыл,
Элиңде баркы жоголду-деп ырдады.

***

Өзгөндө Жаныбек казыга чейин Жантөрө болуштук кылат. Ал шайлоо болгонго чейин элдин көңүлүн алмакка чоң жыйын өткөрөт. Ага келгендердин көбү- «Болуш далее болсо кубаттуу, карылыкка моюн сунгудай эмес» -дешип, Жантөрөгө угуза мактап өтүшөт. Жылуу сөзгө болуш да кубанып, кат сабаты бар Жаныбекти жалгыз алып калып:

-Менин сырымды эч кимге айтпа? Сен кат таанийсың. Карысам да кайратым бар. Жарым паша менен жакшымын. Кайра шайлоого уруксат бер деп, менин атыман кат жаз? - дейт.

Жантөрө болуштун сабатсыздыгынан пайдаланып, Жаныбек: «Шайлоодо Жаныбекке уруксат бер? » деп жазат да, болуштун мөөрүн отко кактап, ысытып басып, болуштун атайын чабаганчысына берет. Арадан эки - үч ай өтпөй эле жарым пашадан уруксат кагазы келет. Аны мечиттегилерге Жантөрө болуш алып барса «Өзгөн болушуна Жаныбек көрсөтүлсүн! » деген буйрук окулат.

Жарым пашанын буйругу эске алынып, Жаныбек шайлоодо добуш алып, болуш шайланат. Ал он жылдан ашык болуш болуп иштеп, башка кызматка өтөт. Өзгөндүн казысы Кусанбайдын үстүнөн чагым түшөт. Ал жалаадан качып, Наманганга көчүп кетет. Анын ордуна Жаныбек казы шайланып иштеп калат да, болуштукту иниси Калыбек Тыныбек уулуна өткөрүп берди. Ал да он жылдан ашык болуш болуп эл бийледи.

Жаныбектин атасы Сагынбай Муса уулу балдарынын келечегине кам көрүп, айылдагы молдолорго берип, кат таанытат. Эки бир тууган Жаныбек иниси Калыбек аталарынын жолун жолдошуп, жашынан эле тың чыгышып, байлык карманышты. Алардын ата-теги айылында абройлуу эле. Өзгөндөгү басыз уруусунун билермандары аталышкан Жаныбек казы кийинкиге чейин эки тизгин , бир чылбырды колунан

чыгарбай, бекем кармап, оң колунда-казы деген наам, сол колунда-болуштук мансап турду. Мына ушул «эки тизгин, бир чылбыр» колунан жылбышып чыгып кеткенин сезе калып, адеп эле 1918-жылы Түркстан аймагын өзүнчө мамлекет кылып, бийликти бекем кармай турган болгон Мадамин бектин алдына көп корбашылардын бириндей эле жигит курап келип, салам берген болчу.

***

Фергана облустук милициянын начальниги Бех Ивановдун жана Ош уездинин шаардык милициясынын кызматкери Карабековдун жогорку тараптарга билдирген рапортторунда корбашылар Мадаминбек, Калкожо, Көршерматтардын жана Жаныбек казынын жергиликтүү элдерге жасаган мыкаачылык кылмыштары айкын чагылдырылып тизмеленген эле.

Өткөн 1916-жылы зомбулук менен падышалык аскерге алынган Өзгөн аймагындагы Карабагыш уруусунун кулуну Молдокулов Жуманазар дүйнөлүк биринчи согушка, экинчи Батыш Фронтунда катышып, революциянын шарапаты менен туулуп өскөн айылына аман-эсен кайтып келди. Өзү менен кошо чоң саясат, чоң өзгөрүүлөрдү кошо ала келди. Согушта жүргөндө большевиктер партиясына мүчө болуп кирип, Петроградда жумушчу-солдат, большевиктердин мүчөлүгүнө көрсөтүлдү. Полктоштору менен бирге, падышалык бийликке каршы күрөштү. Кышкы Сарай штурумуна катышты. Акылы тунук жаш жигит, тез эле революциялык кыймылдарга катышып, большевиктердин катарында коммунисттик партияга мүчөлүккө өттү, такшалды. Акырында Врангел, Колчактар менен болгон күрөшкө катышып, өз айылына келген эле. Ага чейин Орусиядагы жүргүзүлгөн агрардык саясаттан улам жер-суу реформасынын жүргүзүлүшүндө бир топ тажрыйба алган болчу.

Орусияда дан эгиндерин даярдоонун кескин кыскарышынан улам, өлкөдө ачарчылык күч алды. Ушундан улам пролетардык диктатура менен дыйкандардын кеңири катмарынын ортосунда курч карама-каршылык күчөп кетти. Ачарчылыктын шартында кулактар, бай-манаптар, эгинин, мал-мүлкүн жашырышып, каршылык көрсөтүштү. Большевиктик жетекчилер айыл-кыштактарда эгин жыйноо үчүн шаардагы жумушчулардан атайын азык-түлүк камдоочу отряддарды түзүштү. Большевиктердин бул саясаты дыйкандардын нааразылыгын пайда

кылды. Козголоңду Кызыл Армиянын аскерлеринин өзүн-өзү коргоо отряддарынын күчү менен бастырылды. Жуманазар дал ошол Кызыл Армиянын аскерлеринин өзүн-өзү коргоо отрядында кызмат кылып жүрүп, большевиктер партиясынын атайын тапшырмасы менен Петрограддын ач калган элине эгин жөнөтүүгө Түркстанга жөнөтүлгөн болчу.

Жуманазардын атасы карабагыш Молдокул Мырзак уулу ак мээнети менен жан бакчу. 16-жылдагы падыша Николайдын жардыгы менен жарды-жалчылардын катарында уулу Жуманазарды «жумушчу-поталиянга» (батальен) жөнөтүүгө аргасыз болду. Падышанын нанын жеген болуш, старчындар зомбулук менен тизмеге катташып, тез эле алып кетишкен. Ата 17 жаштагы уулун колунан алдырып кала берген. Молдокул айылындыгыларга «уста», «бай тешечи» атыгып, таанымал эле. Кийин өлөөр өлгүчөктү, бай теше чаап, тирилигин өткөрүп, 106 га киргенде да байтеше чаап жүрдү.

Ошол 1919-жылдарда Ош округуна Ак-Жар (Мырза-Аке) Капчыгай, Куршаб, Кызыл-Суу, Гүлчө, Отуз-Адыр, Жазы, Ачы, Ийри-Суу, Көк-Арт волостору карачу. 1914-жылы Кара-Сууга чейин темир жол келип, элден жыйналган алык-салык, мал-мата ж.б вагонго жүктөлүп, батышка кетчү. Жуманазар Мырза-Акеге азык-түлүк камдоонун жетекчиси болуп келди. Керээлден кечке кулактардан, дыйкандардан алынып, жыйналган эгин Канабадга араба менен жеткирилип, станцияга төктүрүлөт. Чарбадарлар эгин-тегиндерин бекитишип, ар кандай айла-амалдарды колдонушту. Кээлери ороо казып көмүшсө, кээлери ороонун үстүнөн суу агызышып, жашырышат. Кээлери казган оронун үстүндө таш бастырышып, малдын кургак кыгын чачып бекитишет. Жуманазар өзү баштаган тобун жетектеп, кулактардын ашыкча эгиндерин алып, ач калган Петроградга жөнөтүп турган. Ошол кезде кат тааныган Кулакмат писер (катчы) болуп, Ак-Жар волосундагылар, анын көзүн карачу.

Жергиликтүү бай-кулактар, жаңы гана басмачы атала баштаган Жаныбек казы, Кошбайлар баш болушкан жүз элүү киши биригишип, «эгинди зордоп алып жатат»-дешип, кол койдуруп, бармактарын боеп, Түркстан өкмөтүнө кат жазышып арызданышты. Арыз текшерүүгө алына электе эле Жаныбек казы менен Кошбай Жуманазардын тобундагыларды Шайтан-Колотко жашырынып алышып, башкаларды жумшап, Матраим

Каракенеевдин үйүнө мейманчылыкка чакырышты. Элдеги «Чакыргандан калба, өзүң басып барба» деген ой менен атайын чакырылган, революциялык ыктыярдуу өкмөттүн мүчөлөрү Жуманазар Молдокул уулу, Төлөнбай Машырап уулу жана Молдобайлар келгенде, шыпылдаган жигиттер, чуркап келип ат алышты.

Ошого чейин Жаныбек казы эл чогулган жерде айтып калчу.

-Касым старчындын алты баласындай сулуу балдарды, ушул күнгө чейин көрө элекмин. Молдокулдун баласы Жуманазар да, кебетеси келишкен, ары чечен, ары өткүр жигит экен. Петербургда жүрүп командир болуп, партияга өтүптүр. Бу мырза-акелик орустун баары эле, анын оозун карайт. Осташков менен Царенко баш болгон бир тобун большевиктердин партиясына мүчөлүккө кабыл алды. Орустардын мужуктары менин атымын куйругун кыркып турса да, баш көтөрө алчу эмес элем. Бу Жуманазарды көргөн орустар чес беришип, ийилип келип, эки колдоп жердеги буюмун алып беришет. Оомадысы келип турган чак экен. Акыры кандай болоор экен?

(Касым демекчи, ал старчындык кызматты кармап жүргөндө Өзгөнгө жыйынга келет. Жүрөгү опколжуп, өзүнчө эле коопсунуп отура албайт. Абалын айтып, жыйындан уруксат сурап, Токсон-Кемпир жайлоосун көздөй атын чаап жөнөйт. Старчындын эр жеткен алты уулу бар. Баары акыл-эстүү. Ыраң баштуу. Күйүп турган шам чырактай, сымбаттары да келишкен жигиттер болчу. Эң кичүүсү Абдилла он жети жашта болчу. Токсон-Кемпир жайлоосунда китеп окуп отуруп Рам китеп ачып,

-Ичер суу, көрөр күнүбүз түгөнүптүр. Эми кандай болоор экен? Бул жерден эртерээк журт которуп, көчөлү-дейт.

-Ай баарың эле олуясынбагыла! Кудайдын буйруганын көрөрбүз-дейт анын жанындагы аркалык Сарыкалча.

Түш оогон мезгилде күн бүркөлүп, заматта асмандагы ала булут коюланып, улам карарып келет. Акырын тамчылаган жаан, бир аздан соң катуулап жаап келип, жогортон күргүштөгөн сел келет. Заматта окторулган кыян Акбайбиче баш болгон алты уулу, келин–кыздары, неберелери биригип отуз эки жанды, короо толгон жандык, төө баштаган, желедеги үйүр жылкы, кара малдары менен шыпырып, алып кетет. Жайлоодогу конуш жылан сыйпагандай бош калып, агындынын гана изи

калат. Касым старчын барып, журтун сыйпалап,бул окуяга ишенээр, ишенбесин билбей, дапдаарып, оор үшкүрүнө,аттан түшүп жер таянат.

Ал эрте менен таң агарганда журт этегинде, бир колу менен баласын кучактап, бир колу менен арча тамырын кармап, асылып турган Сарыкалчаны тааныйт. Эт-бетинен түшө, чуркап барса, анын колу тамырды кармаган бойдон карышып калганын көрдү. Жан-алекетке түшүп, колун ушалап, эптеп бошотуп алды. Анын айтуусу менен төмөндү караса, ылай чайкаган келини бешик кучактап уйпаланып жатса, андан ары ар-ар жерде томпойгон кой-эчкилердин денеси көрүндү. Селге аралашып, кыян алган адам денелерин Канабаддан табышты. Кайгыга чыдабай Касым старчын ооруп калды. Айыккандан кийин туугандары төркүнү төөлөс уруусунан болгон Ташкүл кызды алып беришти. Андан Аптап аттуу кыздуу болду. Баягы Сарыкалчанын уулу Абдырайым Аптапка баш кошуп, Марал, Шарапат аттуу кыздуу болушту).

Каракененин уулу Матураимдин үйүнө түшкөн меймандарга дасторкон кенен жайылды. Кеч күздөгү сууктан улам, ортодогу печкага от улуу жагылды. Ысылыкка куурдак келип, аяктагы улам сунулган күчтүү бозо тим эле чертилет. Отургандар күчтүү чыккан бозону ичишип, бир аз кызыган соң, арак куюлуп, ыр ырдалып, комуз чертилди. Боз үйдүн эшиги туура серпилип, комуз черткен Матураим эми, бийлеп кирди. Толгон айдын шооласында анын ар бир кыймылы, отургандарга айкын көрүнүп, каткырык, тамаша үйгө толду. Ырчы андан бетер үн кубултуп, «Аксаткын менен Мырза уулду» ырдап, Аксаткын болуп Мырза уулду чакырат.

«…-Куптанда келдиң, жылгалап досум,
Кундуздан бөркүң булгалап досум.
Кыраңга келдиң, жылгалап досум,
Кара бир бөркүң булгалап досум.
Асмандагы ай толду досум,
Үйдөгүлөр жай болду досум…»

Шайтан-Колотто жашынып турган, саны элүүдөн ашкан басмачылар ырчынын чакырган үнү менен бая убадалашкан белги боюнча, заматта жетип келишти. Аттарынан шапа-шап түшүшүп, жабыла үйгө киришти. Жуманазар Молдокул уулун, Төлөнбай Машырап уулун жана Молдобайларды ордуларынан

тургузбай басып калышты. Заматта буту-колдорун байлашты да, Төлөнбай менен Молдобайды атка учкаштырып, Жуманазарды жалгыз мингизишип, тоону көздөй алып жөнөштү. Жырык-Кыяга барганда Молдобайды учкаштырган басмачы даарат ушатканы эң аркада калганда, Молдобай аттан түшө калып, караңгыдан көрүнбөй, качып кетти. Жуманазар менен Төлөнбайды улам какшыкка алымыш болушуп, тамашага батыша каткырып жатышты.

-Актиптердин көчүгү аяр болот дечү эле.

-Атка учкашканы жоорубас бекен?

-Айткандар аткартылып, салт ат жүргөн немелерге өөн болуп жатабы, дейм?

-Булар кызыл көчүк. Көчүктөрү оорубайт.

-Ооруса оорусун. О дүйнөгө барганда көчүктүн эмне кереги бар!

-Ха-ха-ха-дешип, түнкү капчыгайды жаңырта каткырышты.

Капчыгайдын ичиндеги түнкү караңгыдан, жолдун тому, араң көрүнөт. Ат туягынын ташка тийип, такылдагыны, анда-санда темир такадан чыккан учкунга аралаш, көп басмачынын кобуру, кабышкан капчалга толот.

Бөрү уруусундагы Маматбай Төлөнбайды жакшы таануучу. Эми гана эл бийлеп, актиптерге аралашып жүргөн жигитке боор ачыдыбы, айдын нуру тийбеген караңгы жерге келгенде, ат үстүндө учкаштырып бараткан Төлөнбайга кайрыла калып, колундагы чырмалган жипти чечип жиберип, акырын кулагына шыбырады.

-Жарга келгенде боюңду ур! Эптеп тирүү каларсың. Мен түзгө түшкөнүңдө кыйкырайын-дейт.

-Бар тобокел! -деп Төлөнбай караңгыда тар кыяда баратканда, көрүнбөгөн жарга келгенде төмөндү карай боюн таштады.

-Кетти мунусу дагы! Карма, ат! –деп кыйкырды Маматбай.

Кыйкырык, чуудан, тарсылдаган мылтык үнүнөн капчыгай ичи ого бетер жаңырды.

Казы баш болгон басмачылар капчыгайды өрдөп барышып, Жуманазардын күнөөсүн мойнуна коюп, соттошмок болушту. Кара-Кулжадагы Аманбайдын-Дөбөсүнө алып барышты. Аттан оодара тартышып, тепкиге ала, камчыга бөлөштү.

-Мусулман баласы болуп туруп, каапырларга өтүп кеттиң. Большевиктин кийимин кийип, тамагын ичип, орустардай жүрөсүң!

-Партияга мүчө бол, деп орустарды көтөрмөлөдүң. Өз ыктыяры жок, дыйкандардын эгинин, мал-мүлкүн тартып алдың. Биздин тапкан-ташыганыбызды кайдагы бир, бетин жубагандарга берип жатасын. Сени өлтүрөбүз-дешти басмачылар жабыла.

-Өлтүрөбүз дегениңерден коркпойм. Согушка катышып, Россияны бүт кыдырып келип, өз жеримде, өлгөнүмө арман кылбайм. Силер мени өлтүрсөңөр, эртең өзүңөр ажал табасыңар. Силердин күнүңөр бүттү. Совет бийлиги баары бир, силерди тынч койбойт-деди Жуманазар тепкиден, камчыдан көгөрүп айрылган жүзүн көгөртүп, беркилердин опузасынан жалтанбай.

-Акетай эй! Өлүмдөн жалтанбаганын көр. Оруска биротоло берилген экен. Эч болбосо, айыбымды мойнума алайын? Өлтүрбөгүлө?-дебейби.

-Мунуң, жалтанбаган көк жал экен. Же, бизди тамашалап жатат-деп ойлойбу.

-Болчевиктерге ишенгени чын экен. Мусулмандыгын унутуптур-деп басмачылар чурулдаша, биринен-бири өтүп.

-Эй, силер адам эмес жырткычсыңар! Силерден ырайым күтпөйм.

-Тек! Тамтырабагыла жамандар. Айтышып отурасыңарбы?-деди Жаныбек ачуусу келе, чаңыра.

Тепкиге алынып, камчыга бөлөнгөн Жуманазардын үстүндөгү кийимдери тытылса да, жүзү ыраңдуу эле. Чачы, каштары көмүрдөй кара, эми гана кар кетип, жаз алдындагы бирин-серин бажырайган байчечекейдей болгон, уурутун дагы балапан түгү, акак таштай кашкайган тиштери, комуздай боло каш ортосунан ак-карасы айкын көрүнгөн, ары туптунук, ары курч көздөрү куюлуп түшкөн кырдач мурду, кызылдуу бетине төп келип, койкойгон мойну ылдый, булчуңдары буруюп, көйнөк ичинде айкын көрүнөт. Кылая тиктеген кыз-келинди кана эмес, бир караган кишини да, суктандырган төгөрөгү төп келген келбетине сук арткан Жаныбек, шериктерине өрттөгүлө деп айтууга оозу барбай турду.

Буйрук күтүп, тым-тырс туруп калган басмачылардын көөнү өзүнө гана бурулганын туйган казы, тегерегиндегилерди суроолуу тиктей кетти да, бул жигитти жамандыка кыйбай турганын ачык билдирди.

-Аттиң ай! Мындай жигит, туулса жүз жылда бир туулат. Келбетинин келишкенин айт. Жалтанбаган көк жалдыгын айт. Мунун, өлүшкө акысы жок. Көп күнөөнү башына үйдүңөр. Деги, адал жагы бар бекен?

«Жан ачуу, мал ачуу» -дегендей, баладан кийинки эле-мал демекчи, короодогу малын, ородогу данын алдырып, ичтери туз куйгандай ачышкан бай, болуш, старчын,эл бийлегендердин арасынан бирөөсү да чук, этпеди.

-Эй мусулмандар! Араңардан, күнөөкөр пенденин өмүрүн тилеп калаарың барбы? Жан күйгүзгөн жакын туугандары тиякта калды. Деги,оңдон тилеп калаар кимиң бар?

Тургандарды баары тымтырс.

-Бу какшаал казынын ойноп айтканыбы, же чыныбы? Өлтүргүсү келбесе, муну эмнеге бизге карматат? Кызылдардын балээсине калтырбай, анда тийбей эле койбойбу? Бир күнчүлүк жерге алып келип, бизди сынап жатканыбы?–дешип басмачылар алдыртадан казыга тигилишти.

-Болбосо, солдон мен тилеймин-деди Жаныбек казы, ат үстүнөн алдыга обдулуп.

Ошол чакта маңдайда турган Кулакматты көрө кала, какшыктай кетти. Себеби, Кулакмат Жуманазарга писер болуп жүргөндө, бир нече жолу кулактардан алынган эгиндин салмагын азайтып жазып, өзүнө ашырып алганын байкаган Жуманазар, эл арасында аны уяткарып, «эл душманы» атаганын, ага Кулакмат теригип жүрүп, аны карматууга себепкер болгонун, казы жакшы билет болчу.

-Тилесе, Кулакмат абам тилээр?-басмачылардын баары, аны жабыла тиктешти.

Баятан бери ат үстүндө койкое, үзөнгүнү чирене тээп турган Кулакмат, тургандардын көңүлү өзүнө бурулганын билип, ат жалына өбөктөй калып,

-«Чаба бер, чаба бер»-дегендей колун жаңсап, ымдады.

Жуманазар өзүнүн өлүмгө кетээрин этибар албай, чөк түшүрө отургузуп, эки колун аркасына таңып, ороп турган басмачылардын башынан ашыра тиктеп, туптунук көк асманды,

андан төмөн чокуларын ак кар басып, кылымдар бою козголбой, сырын катып, тунжурап турган тоолорду суктана тиктеп, ичиндеги толгоосун сыртка чыгарбай, өзүн өлүмгө буйруп жаткан туугандарынын, көр дүнүйөгө кор болуп, кызганычтан улам, эс-акылдарына эртеңки жашоо элес келбей, мурдунан алыс эч нерсени көрмөк тургай, сезе албаган түркөйлүгүнө арман кылып турду.

Аттиң ай! Ушулар адам кадырын, туулган жер баласын, жашоонун баркын түшүнө алабы? Бир дилде үчүн бири-бирин сатып, бир аз эле коркунуч болсо эли-жерин таштап качаары анык. Кана, ата-бабалардан калган нарк, абийир, улуу дөөлөт? Бир күндүк өмүрүн бийик көрүп, бөтөндүн малын талап, буюмун алып, байышты көздөгөн байкуштардын деги максаты барбы? Аны өздөрү да билбейт. Күндөлүк жеп-ичкендерин эркиндик, өлүү буюм чогултканын байлык –дешет. Байлык дегендери, өмүрлөрүнө огожо боло алабы?

Эх, түркөйлүк. Дүйнө кандай кенен.Ошол кенендикти пенде неге сезбейт? Алсам, жулсам, жесем дешет. Ач көздүк, сараңдык, кызганыч адам баласынын аң сезимин имерип алган. Болбосо, канчалаган адамдар ач калып, ажал таап, тамакка зар болуп турат. Жокчулук алааматы, ачкалыктын казабы, согуштун азабы канчалардын өмүрүн кыйды. Карып-арыгандар, жетим-жесир калгандар канча? Сан жетпейт. Ошолорду көрүп, ошолордун азабын сезип, элге эркиндик, теңдик тийсин деп канчалаган адамдардын өмүрлөрү сарпталып отурат. Мына, өзү да Ала-Тоого эркиндик, теңдик орнотууга, түркөйлүктөн кутулууга умтулуп, большевиктердин акылын угуп, окуусун окуп, саясатын туу кылып, туулган жерге көтөрүп келбеди беле? Эми минтип кандаш, жандаш туугандарынын колунан, чөө бөрү-лөрдүн азуусунан ажал тапканы турат. Мейли, мен түркөйлүктүн курманы болоюн. Бирок, мага окшогон эркиндик, теңдикти самаган миллиондогон большевиктер бар экенин булар билбейт. Бүгүнкү менин өлүмүм, эртеңки булардын ажалы. Өз ажалдарын өздөрү тездетип жатышат. Муну айткан менен түшүнүшпөйт-деп баатыр туулган жердин тунук абасынан кере жутуп, көкүрөгүн кергенде:

Чак деген добуш чыгып, Жуманазардын сол мүрүсү ачыша, жылуу кандын жыты бур дей түштү.Жаныбек казынын желдети

Өмүр көккөз баатырдын артынан курч кылычын шилтеп калган эле.

Чак эткен экинчи добуш угулду.Жуманазардын оң мүрүсү да ысый түшүп, кан атып кеткени билинип турду.

-Акмактар! Араңарда эркегиңер жок беле-деген анын сөзүнө, басмачылар уу-дуу боло түшүштү.

-Өлтүрсөңөр катынга окшоп кыймалабай, эркекче өлтүрбөйсүңөрбү?

Өмүр көккөз эки мүрүсү шылый чабылып, ийиндери билинбеген, шоңшоюп калган дененин сүйлөп жатканынан чочуй, кетенчиктей калды. Жабыла карап тургандар да, бири-бирин кароодон айбыккандай жер тиктешти. Маңдайда тайтая күлүп турган ак гвардиячы Сашко жанындагы солдаттын мылтыгын шап колунан жулуп, ала коюп, шоңшоюп турган дененин жүрөгүнө күү менен штыкты матырды. Басмачылар ителгиден качкан таранчылардай дүрдүгө, бирине-бири карабай дөбөдөн чаап түшүп кетишти. Кара-Кулжанын эли келишип, Аманбайдын Дөбөсүндөгү баатыр денесин аяр алышып, ошол жерге көмүштү.

Кабар заматта Ташкенге жетти.

Москвадан Лениндин өзүнөн «Ликидириват» деген телеграмма Түркстан өкмөтүнө тийди.

Эртеси эле Казан полку аксаамай полковник Соколовдун жетекчилиги менен Мырза-Акени ээлешти.

Полковник Мырза-Акени эки саат атууга буйрук берди. Ар түрдүү куралдардын тарсылдагынан кулак тунат. Жергиликтүү эл жашынаарга жай таппай калды. Дагы эле болсо, Мырза-Акелик орустар ортого түшүштү.

-Бул иште, карапайым эл күнөөлүү эмес. Басмачыларда күнөө-дешти.

Аксаамай Соколов баш болгон Казан полкунун жетекчилери Жуманазардын апасы сары катын-Анаркүлдүн үйүнө келишти. Ал бозону кыйын салчу. Ар дайым бозосу жакшы чыгып, кесеге куйганда чертилип турчу. Сыртка кийиз салдырып, меймандарды кабыл алышты. Меймандар Жуманазардын апасы Анаркүлгө көңүл айтышып, мыкаачыларды таап, жазалай тургандыктарын билдиришти. Кандабада турган Боронбай бийди, Кулакматты Мазгуновдун багына алдырып келтиришти. Калмамат менен Нурматты дарактарга байлашып, тирүүлөй эл

көзүнчө өрттөтүштү. Алардын кесепетинен ондогон Мырза-Акеликтер чабылды.Жаныбек казы, Кошбай баш болгон бир нече басмачылар тоо аралай качып, таптырбай кетишти.

Жазаланган байлардын балдары бир чети аман калган Жаныбекке өчөшүп, экинчиси Казан полкундагылардан өч алмакка:

-Жаныбекти кармап беребиз-дешип убадаларын беришти.

Полктогулар аларга ишенишип, аркаларынан жөнөштү. Байлардын балдары Көлдүктөгү Капчыгайга алып барышып,

-Ушул жердин ичинде-дешип, өздөрү кокту-колотко жашынышты.

Куралдуу жоокерлер Капчыгайдын ичине барып издеп жөнөштү. Кыр-кырда аңдыган басмачылар тээ төмөндө келе жатышкан топ жоокерлерди ар тарабынан аткылашып, кырып жиберишти. Кайда качаарын билбей, бекинерге жай таппаган Кызыл Армиянын аскерлеринин бири да, Капчыгайдан аман чыкпады. Басмачылар алардын куралдарын алып, тоо арасына сиңип кетишти.

Казан полку Мырза-Акеге келгенде Жаныбек казынын кеңеши менен Басыз, Мырза-Аке, Көлдүктөн чыккан басмачылар биригип кетишти, басыздын бөлөкбайынан Абдылдабек, Айдаралисинен Бөрүбай, Кылыч тамгадан Чекир, Кашкадан Жаныбек казы өз алдыларынча топторду курашкан болчу.

***

Басмачылардын аракетине жардам берүү үчүн Батыш Кытайда жашырынып жүрүшкөн ак гвардиячылардын отряддары келмек болушту. Советтик түзүлүшкө каршы чыгышкан бандалардын ой-максаттары облустук жана уездик милиция кызматкерлерине билинип калды. Ал кат Калкожо, Көршермат, Жаныбек казыга даректелген эле. Бул маалымат алынары менен Ош уездинин комитетинин жетекчилиги менен сырттан келүүчү отряддын жолдору тосулду «П.Д.Личман, М.Л.Донец, М.А.Лихобабиндин күндөлүктөрүндө айкын чагылдырылып калган».

ГПУнун Фергана облусунун бөлүмүндөгү маалыматтарда Жаныбек казыга «Чыгыш» жана «Старик» деп аталган иш формулярдык коду менен атайын иш кагаздары ачылды.1918-жылы октябрь айында жумушчу-дыйкан милициясынын Башкы

башкармалыгынын алдында кылмыштуу кишилерди издөө жана кармоо боюнча Борбордук башкарма (Центра розыск) уюшулду. Анын бөлүмдөрү калктын саны кырк миңден ашкан жерде түзүлөт. Ош уездиндеги бөлүмчөдө эки адам гана иш алып барды. Милициянын катары ар тараптан текшерилди. Жүрүш-турушу начар, кызмат абалынан, өз көмөчүнө күл тарткан милиция кызматкерлерин катардан чыгаруу колго алынды. Түркстан БАКнын 1919-жылдын 6-майдагы декрети менен атайын тергөө комиссиясы (Түрк ЧК) болуп кайра түзүлдү.

1926-жылы май айында ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлдүгүнүн сунушу менен ВКП(Б) БК Средазбюросу Өзгөн кантонундагы абал жөнүндө атайын маселе карап, Жаныбек казыны келтирүүнү кантондун жетекчилерине тапшырды. Себеби малай күтүп, чейрекер жалдап иштеткен байлар, кирешелүү соодада иштеп байыган соодагерлер, совет өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан саясатына көнгүсү келбеген бектер, бек-манапсымак атка минерлер казынын айланасына топтошо башташкан эле. Бул маселени калың элге кабарсыз, чууга айлантпай бүтүрүүгө көңүлгө алынган эле. Жакшы ниеттеги чакырууга Жаныбек кулак какпады. Аны менен көзмө-көз жолугуп, максатын билип келүүгө атайын өкүл жөнөтүлдү.

Өкүлдөр Өзгөндөн чыгып, тоо аралай келе жатышты. Улам капчыгай ичи кууштап, эки тарабын тоо тосуп, асман гана көрүнгөн жолдо жүрүү коркунучтуу эле. Илгерилеген сайын мерчемдүү жерлерге байкоочу мергендерди койдуруп, мээлетип отурабы. Кокустан эле машага таамай тийип кетсе, чып эте чакый түшүп, тарс эткен үнгө капчыгай жаңырып, келаткандар ат үстүнөн учуп түшөөрү элестеп, жанын оозго тиштеген эки караан өр тартып баратышты. Көпкө жүрүшкөн соң капчыгайдын төрүнө жетишип, жапсар тектирге келишкенде, алдыларынан куралчан адамдар утурлай чыгышты. Алар келгендердин кимдигин билип турушса да, саламга келбей тергей башташты.

-Эмнеге келдиңер? Кайда, кимге барасыңар?

-Жаныбекке келдик.

-Эмне иш менен? Ким болосуңар?

-ОГПУнун тапшырмасы менен келдик. Казыга жолугушубуз керек.

-Казыны билбейбиз.

-Анда эмнеге курал алып жүрөсүңөр?

-Мергенчибиз.

-Мергенчи болсоңор эмне бизди суракка алып, тескеп жатасыңар! Алдыга түшүп Жаныбекке алып баргыла!

-Ал бул жерде болбосо керек. Бир жакка кетти бекен.

Бир топ кайым айтышуудан соң, алардын чаргыткан сөздөрүнө өкүлдөр ынашкан жок. Жолуктурууну талап кылышып, опузалаганга чейин барышты. Акыры ынашып, аларды Байбиче жайлоосуна ээрчитип келишти.

Эки тарап тең өз максаттарын билүүгө кызыгышып, суроо-жооптор, биринин артынан, бири айтылды. Ишеним ачык болуп, келишим түзүшүп коюшту. Жаныбектин милдети. Совет бийлигине каршы сөз болсо, басмачылык аракет байкалса, чек арадан өткөн контрабанда учураса токтоосуз ОГПУ органдарына «Байбиче» деген ат менен жашыруун билдирүү. Мунун баарын Жаныбек өз мойнуна алды.

**Күбөлүк**

Ушул күбөлүк КАО Ош округунун граждани Жаныбек Сагынбаевге, анткени бул адам ОГПУнин Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлүнөн бир кабарсыз жана макулдугусуз камакка алынбайт.

ОГПУнин Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлүнүн увакили

(мөөрү) Н.Г.Орлов (кол тамгасы)

6-июль 1926-жыл. Байбиче жайлоосу.

Жаныбекке ушул керек эле. Эми мындан аркысы кандай болот?

Ишеним, мөөр басылган күбөлүктөн майнап чыкпады. Жаныбек эски корбашылар менен тымызын байланыш түзүп жатты. Алайкуулук Салибай Ташкулов уурулугу жана контрабандисттиги үчүн ОГПУ тарабынан бир жылга Оштогу түзөтүү үйүнө камалган болчу. Ал качып чыгып, бир тууганы Алибайды ээрчитип, Жаныбекке келип корголоду. Өзүнө окшогон качкын-бозгун адамдарды чогултуп, басмачы тобун түзгөн эле. Аны Жаныбек жакшы билчү. Ага эле удаалаш Ташкендеги аскер мектебинин племетчу бөлүгүндө окуп жаткан өз уулу Төрөбай да качып келип, топтогуларга аскер өнөрүн үйрөтө баштады. Жан-жөкөрү Абдылдабек Өзгөн аркылуу Ат-Башы-Нарынга товар жүктөп бараткан мамлекеттик кербенди талап алды. Мына ушулардын баарын алдыртадан билип-

байкап турган ОГПУнун Ош округу боюнча бөлүмү жогорудагы окуяларды сурап, тakташ үчүн Жаныбекти чакырганда, ал барбады. Өзүнө өтө жакын Абдылдабек, Бөкөй, Бекбай, Кошбай баш болгон корбашыларды чогултуп, маслат өткөрдү.

-Кана,мындан ары эмне кылабыз?деген суроону ортого таштады.

Күн өткөн сайын Совет өкмөтүнүн бедели артып, жер-жерлерде бекемделип, кедей-кембагалдарга амал берилип, мурда бийлик орундарды ээлеп алган бай-бийлердин балдары четтетилди. Жергиликтүү партиялык, советтик, комсомол, кошчу орундары жогортон берилген тапшырмаларды аткарып, кедейлерге жер, мал-мүлк берилип, укуктары түшүндүрүлүп, эзилген элдин аң-сезими көтөрүлдү. Ким мандикер жумшайт, ким жалданып иштейт, жарды-жалчынын карааны айкын көрүнгөн сайын колунда бар байлар жалгыздаган сайын өкмөт күчөп, мал-мүлк ортого алына баштады. Кечээ эле өкмөттө «өз» болуп, учурунда «бай» деген мансапты алмаштырып «казы» атыккан Жаныбек үчүн бул өзгөрүш өтө эле шектүү сезилди.

Жаныбек үчүн Кашкар багыты өтө эле ыңгайлуудай көрүндү. Аңгыча болбой Оштогу уйгур соодагер досторунан кабар келди. Айтымда Совет бийлигине каршы түрк элдери биригип жатыптыр. Аларды ар түркүн ак гвардиячыл, бай-соодагерлер баягы кызылдар талкалаган «Алаш», «Шурон Ислам» партияларын тикелеп өзүнчө мамлекет куруугa киришип жатышыптыр. Аларды англис консулу Эсертон, Кулжадагы кытай генерал-губернатору Дао Инь, Оогон, Түркия колдошоору маалымдалды.

***

-Жаныбек Өзгөнгө кол салат имиш. Орус кыштактарын өрттөйт имиш-деген сөз апрелдин этегинде эл арасында айтылып, уу-дуу болуп кетти. Орус дыйкандары жазгы эгин-дерин экпей, тирилигин таштaшып, Өзгөндү көздөй сүрүлүштү.

«Ташкен Клевцовго

Өзгөн кантонунда абал оорлошууда.Ушул жылдын 21-апрель күнү Капчыгай болушунун Сары-Бээ участкасында Салибай, либай Ташкуловдор чек ара заставасынын чек арачыларына капыстан кол салышып, алты чек арачыны, ларга кошо жергиликтүү эки активди, эки милиционерди кармап, Ошко

партиялык чогулушка келе жаткан делегат волисполкомдун орун басарын өлтүрүп кетишкен.

23-апрелде №5-заставанын Ой-Тал аймагын кыдырып, абалды тактоого дозор жиберилген. Бирок ал кайрылып келген жок. Алынган кабарга караганда дозор Сары-Бээ чегинде ошол басмачыларга кабылып, кармашкан. Үч чек арачы набыт болуп, дозор толугу менен аттарынан ажыраган. Өлгөндөн калганы тоодо жашырынууга мажбур болушкан.

Дозор менен уруштан соң басмачылар Ой-Талга бет алып №3-заставаны басып алган. Эми №4-Эшек-Арт деген заставага кол салууга камданып жатышкандай.

Басмачы Өзгөнгө бет алат деген сөз тарап кетти.

Эл арасы дүрбөлөң болуп, өзгөчө орус айылдары катуу кооптонуп жатат.

Биз тараптан керектүү даярдык көрүлүп жатат. Гүлчөгө ошондой эле ар бир заставага күч жөнөтүлүүдө. №5-заставага орун басарым Левинсонду жибердим. Силер жактан буйрук болушун күтүп жатабыз. Азырынча коргонуу абалындабыз. Көрсөтмөнү күтөм…

Оштон Ерохин 26.04.1927-ж

**«Ош Ерохинге**

Кабар кайдан алынды? Канчалык деңгээлде анык? Кайра текшердиңерби? Участкаларда күчтөр канча, кандайча жайгашкан? Ош, Анжиан шаарларындагы гарнизон, талаа бөлүктөрүнүн саны, сапаты, кандай? Ташкенден отряд жиберилсе, Ошкобу, Жалал-Абадгабы?

Жаныбек ушул мезгилде кайда турат?

Ташкен Клевцов»

«Ташкен Клевцовго

Капчыгай волисполкому билдирди. Чек ара заставасына кол салынганы анык. Жиберилген дозордон ушул убакка чейин маалымат жок. Демек окуя чын.

Эркеч-Тамда-15, Сопу-Коргондо-10, Гүлчөдө-15 атчан, бир «Томсон» племету, Өзгөн заставасында-15, Ой-Талда-21, Эшек-Артта-25 атчан бар.

Ошто 6 аткыч полктун 2 пехота батальону коюлган. Анжианда полктун штабы жайгашкан. Окуу мектеби менен бир батальон.

Ташкенден жардамга отряд жиберилсе Өзгөнгө жакын Канабад станциясы ылайык.

Жаныбек ушул кезде Кара-Шородо. Ташкуловдордун кол салуусу Жаныбектин буйругу менен болгону тактала элек.

Ош Ерохин»

«Ош Ерохинге

Шайканын кайда экенин, саны, куралы канча экени тактал-сын. 23-апрель күнү жиберилген Ой-Тал, Эшек-Арттагы дозор-дун тагдыры ачык билинсин. Агентуралык жана аскердик чалгындоону жөнгө келтиргиле. Күн сайын саат 12де кабар билдиргиле.

Күчүңөр аз. Урушка чыга албайсыңар. Эртеңки поезде 40 кылыччан отряд жөнөтүлөт. Жаныбекке, Ташкуловдорго аскер жиберилет. Калыстыкка түш деп Жаныбекке чабарман жиберүүгө болобу?

Клевцов»

«Ташкен Клевцовго

Чабарман жиберүүгө болот. Эртең заставалардагы абал такталат. Ким жиберилери, аты, жөнү кабарланат. Силер менен байланышканымы, буйрук жөнүндө КИРОБЛОТДЕЛге айтууга болобу?

Ерохин»

***

Жаз эрте келди. Тоо этектери жашыл кымкап жамынып, дарактардын жалбырактарын кадимкидей жазгы жел делбирете баштаган.

Өрүктөр жапырт гүлдөп, алма бутактарында бирин-серин гүл ачып, уя салган келгин куштардын жандары тынбайт. Эртели-кеч тоодон сокчу ызгаар да бошошуп, күн аптабына кактанган адырлар түркүн гүлгө оронуп, көркү көз тайгылтат. Тазаланган арыктарга суу байланып, дыйкандар кетмендерин көтөрүп талаада. Жаз түйшүгү колду байлап, эл жабыла жарышка түшкөн.

Ар ким өз түйшүгү менен алек. Шаардагы ГПУга жаңы билдирүү түштү.

-«Белгисиз адамдар келип, жашыруун сүйлөшүүлөр жүрүп жатыптыр» деген Ташкенттеги ПП ОГПУнун тапшырмасы боюнча жаңы план иштелип чыгылды. Операциянын жетекчилигине Ош чек ара комендатурасынын начальниги

Александр Гаврилович Ерохин бекитилди. Ал негизги күч менен Өзгөн аркылуу Кара-Шорого-Маргайтис Лобкиндин эскадрону менен Коконддон жана К.Исабаев башкарган Көк-Жаңгактык ыктыярдуу отрядга кошулуп Жалал-Абад аркылуу жол алышат. Алар Көк-Арт, Тогуз-Торо ашууларын басып, Нарын аркылуу Чытты ашуусун торомок. Шашылыш жүрүшкө буйрук берилди.

В.Маргайтис менен К.Ысабаев убакытты үнөмдөө максатында кыска багытты тандап алышты. Чынында жол алыс. Аны кыска убакытта басып өтүү өтө татаал эле. Себеби өрөөнгө жаз эрте келгени менен тоолордогу сууктан улам мөңгүлөр ээрий элек. Көчкүнүн жүрүшүнөн улам капчыгайлар менен жүрүү өтө опурталдуу эле. 1927-жылдын 11-майдын таңында эскадрон Жалал-Абаддан чыкты. Үчүнчү күн дегенде Тогуз-Торонун ашуусуна келип, өр тартып баратышты. Көп өтпөй эле ызгаардуу шамал болуп, бороон көз ачырбады. Аттардын жал-куйругун жулмалап, ат үстүндө бараткандардын коюн-колтуктарына кирип, этектерин желпилдеткен жааган кар менен кошо эски кардын тозоңун учуруп, алга бастырбайт. Тик өйдөдө кыйналып, улам туяктарын каткан карга матырган аттар алка-шалка терге малынышса да, ашуудагы ызылдаган бороонго чыдабай буюга кетенчиктешет. Улоолордун денесинен тамчылаган тер муз болуп суукка катып, эгелерин араң көтөрүшүп, илелей жылган болушат. Бардыгын ак бубак басып, ашуунун ызгаары өз өкүмдүгүн жүргүзүп жатты.

Жоокерлердин тизгин кармаган колдору кымтууга келбей, жапырт мөгдөп, бүжүрөгөн аттардан түшүшүп, жөө илкишти. Көздү ачырбаган шамалдуу бороон аларды бура бастырбай, теңселте-теңселте коет. Боздогон бороон айлаларын кетирди. Түтөктөн улам дем алуу да кыйындап, айрымдарынын мурундарынан кан кетти. Аттар канчалык тайгалангандарына карабай өргө умтулуп жатышты. Кокустан эле бир жарымы жаза басып, тайыса барбы каткан тоңголок муздан сыйгаланып тээ төмөнгө аткан октой учуп кетмек. Адам эмес, мал жаныбар да ал коркунучту туюуп, кээде тизелей калышса да, калтырай, аяр жер таянууга аракеттенишет. Ар бир мүнөт сайын «Алда Кудай» аргасыздан ооздорун келип, араң-араң ашуунун белине чыгып келишкени менен айланада эч нерсе көрүнбөйт. Боз түшкөн туман, боройлогон бороондун бети-башка чапкылаган шамалы, улам ыз-ыз эте келип, чымчыгандай бети-колду тызылдатат.

Бая эрте менен Култай Ысабаевдин айтуусу менен жергиликтүүлөрдөн ишенимдүү мерген жигиттерди алышканы жакшы болгон экен. Кыраакы тоолук жигиттер көз ачырбаган бороондо гана эмес, эч нерсе көрүнбөгөн кара түндө да жол нугунан адашпагыдай. Эскадрондун алдына түшүп алышып, аркан бою узап кетишип, барган жайларда токтошуп, шериктерин күтүшөт. Өмүр бою тоодо өсүп, торолгон мерген жигиттер беркилерге окшоп үшүбөстөн терлешип, оздору куругандан улам, муз болуп тоңгон карды жалашса, моюн-баштарынан буу көтөрүлөт. Үшүп, титиреп, түтөккөн шериктери аларды көрүшүп, намыстан чымырканышат.

Уйгу-туйгу соккон борон ашууда алардын баштарын айлантты. Турган жайларында кайдан келип, кай жакка басышаарын билбей калышты. Тумандуу бороондон бири-бирине тийген караандар гана байкалбаса бир-эки кадам алыстыктагы шериктерин табыш кыйын эле. Дагы болсо да жергиликтүү жигиттер ишке жараштЫ. Шамалдын жүрүшүнө карай жолдун багытынан адашышпады. Ашууга келгенге чейин шамалдуу бороон жогортон төмөн карай уйгу-туйгу соксо, эми төмөндөн жогору карай жүрүп жолду бөгөп жатты. Ар бир баскан кадамды санап, бүжүңдөгөн топ, ашууга токтобой жол арбытуунун аракетинде болушту. Ашууга чейин улам өбөктөп өр таянышса, эми улам таканчыктаганына карабай, жылмыша, сыйгаланып, «алда Кудайлап» кадамдашты. Аттар сыйгаланып, очорула түшүп, кайра оңолушуп, бая өргө келе жаткандай улам демигишет.

Бороондуу боз тумандан улам жакынкы аска-зоолор көрүнбөйт. Бардыгы аяр тиктешип, таш баканын жүрүшү менен араң дегенде бир жайпаңга келишип, жол четине токтошту. Мергенчилердин айтуусунда болжогон жайга келишиптир. Эскадрондогулар аттарын бири-бирине байлашып, өздөрү да чогула, бири-бирине калкаланышып, эптеп өзөк жалгашты. Жүктөрдү түшүрүшүп, арыган, ачка, аттарга өлчөм менен жем илишти. Аңгыча болбой кара туман суюлуп, бороондун ызгаары да сыныккандай, айлана көрүнө баштады. Маңдайдагы тоолор төмөндөн көрүнүп, эскадрондогулар тээ бийикте турушканын айкындагансыйт. Жайпактагы таштар айкын көрүнүп, командирдин тапшыруусу менен жоокерлер улоолорун шамалдан кылдоо жерлерине алып барып байлашты.

Чарчап-чаалыккан жоокерлер кылдоо жайларды табышып, топ-топ болуп бөлүнө эс алганы таштарга кынтайышты. Аңгыча кеч кирип, асмандан булут сүрүлдү. Көк асмандын бетинде дыйкан чачкан үрөөндөй болгон жылдыздар жымыңдаша, улам коюланып баратты. Жап-жакын. Кол созсо жеткидей. Үшүгөнүн да, чарчаганын да унутуп койгондой жоокерлер тоонун түнкү көркүнө суктаныша тамшанышты. Байкоочулардын айтуусу боюнча эч кандай шектүү караан, белги жок. Демек, болжогон жайга эрте жетип келишкен экен.

Түн коогасыз тынч өттү. Эрте менен ойгонгон жигиттер, түнү менен үшүгөндөрүнө карабай, белине чейин чечинип алышып, кар менен жышыныша, каткырышканы командирлерди кубандырып, ашуунун таңы шаңга бөлөндү. Күн кокту-колотко тегиз тийген мезгилде тээ төмөнкү коктуларда бөлүнө топ-топ болгон караандар үзүл-кесил көрүндү. Андан бир аз убакыт өтпөй алыстап, «дүп-дүп» эте атылган мылтыктын үнү угулду. Ылдамдаган топ-топ караан ашууну көздөй салып-уруп келе жатканынан улам, жол тоскондор Ерохиндин кызыл аскерлери душмандын артынан кууп келе жатканы деп болжолдошту.

Маргайтис Лобкин менен Исабаевге кызыл аскерлер менен ыктыярдуу кошундун жоокерлерин мезгилдүү жайларга жайгаштырууну тапшырды. Эскадрон жайгашкан жайпаңдагы жолдун төбөсүнө племетчулар жайгашып, жогорку ашууга чейинки аска беттериндеги далдаа жайларды жоокерлер бириндеп ээлешти. Басмачылар куугундан качып сүрдүгө, жол талашышып, ылдамдап келе жатышты. Ашуунун тосулганын күмөн санашканбы, үч салт атчан оңор эмес алыста аттарын камчылай, улам арка тараптарын карап коюшуп, ашууну түбүнө жете келишти.

Далдаага бекинген жоокерлер куралдарын тазалашып, окторду камдашып, жайма-жай отурушту. Жалал-Абаддан чыккандан бери аттарга аябай салмак болуп, айрыкча ашууларда жүткүнгөн улоолордо улам ооп, жоокерлерди кошо кыйнаган племеттор эми ишке жарашына ишенген племетчулар, шериктерине мактанышкандай племетторун ары-бери булгап коюшат.

Үч атчан чокуну көздөй өр таяна келе жатышып, улам дүрбүлөрүн колго алыша, кунт кое карап, аркаларындагыларга эч кандай шек жок экендигин билгизишип колдорун булгашып,

белги беришти. Жайпаңга эки-үч аркан аралыкка келишкенде, энтиккен аттарынан түшүшүп, жөө жетелей басышты. Өрдө катуу келип, өпкөлөрү көпкөн аттар улам энтиге жөткүрүшүп токтой калышат. Үч жолоочу ага карабай тизгиндерди чойгулай, энтигише өргө умтулушат. Тоодогу катуу шамал кар учуруп, кыя белди тазалаганданбы, же кечки шашыла жааган кардын из басты кылганынанбы, тик өйдөлөгөн жолдун бетинде эч кандай шек билинбеди. Ошентсе да үч атчан ээр каштагы мылтыктарын алышып, оң колдруна оңтолой кармашып, өрүштү көздөй өбөктөшө шашылып келе жатышты.

Бая Лобкиндин талабы боюнча жоокерлер душмандын чалгынчыларын эч кандай тоскоолсуз шек санатпай өткөрүп жиберишмек. Үч басмачы булоолоно тердешип, чарчап-чаалыгышканына карабай, өпкөлөрү көөп, кышылдап-пышылдап, кейкейе тисерилген аттарынын мүргүгөнүн этибар алышпай зордук менен алга шашышат. Алар ашууга жакындап, кыянын учу бир имериле арка тарапка кыялай берген борчукта, үңүрөйгөн мылтыктын оозун көрө кала астыдагысы ишене бербей, көзүн-пардап, ачып-жуумп карай калды. Мээленген мылтыгын кармап таштын далдоосунда турган кызыл аскердин төбөсү шоңшоюп, кызыл жылдызы жарк эткен баш кийимин көрө кала чочуп кетти. Аркасындагыга белги берип, - аа - дешке үлгүрбөй калды. «Тарс»-эткен мылтыктын үнүнөн аркаңкы келе жаткан басмачы чочуп кетип , кыянын кырын жаза басып, шашыла тура калганда, экинчи мылтык тарс этти. Аңгыча үчүнчү мылтыктын үнү чыгып, жетеги жок аттар чарчагандан титиреп туруп калышты. Ашуудагы удаама-удаа атылган мылтыктын үнү, коктудагы жол талаша күтүрөп келе жаткандарга угулбады.

Ашууга таяна берген биринчи топтогу атчандардын караандары жапсарда жайгашкандарга айкын көрүндү. Ар кыл кийимчен, кээлери суууктан улам шапкелери ат үстүндө учуп кетпесин дегенби, же кулактары үшүгөндөн уламбы, жылуу жоолуктар менен кулактарын бекитип, арчындап байлап алышкан ыраңдары сары адамдарды көргөн Шабаев:

-А шордуулар, дагы да болсо жергиликтүүлөрдү куугунчулардын огуна тосуп, баштарын аман алып калуу аракетинде ак гвардиячылар алга түшүшкөн экен да-деп ойлой кетти.

Кайра «ак гвардиячылар эчак эле кум-жам болбоду беле? Булар кайдан чыга калышты?-деп таңдана түштү да, айылда айтылган ушак эсине түшө калды. Анын үстүнө алдыртан барып байкаган жылмаларда «Кара-Шородо Жаныбек казыга бай-манаптар, соодагерлер, молдолор чогулуп келип жатышат. Алардын арасында орустар, англистер ал тургай оогондорчо, кашкарлыкча, кийим кийинишкен уйгур, өзбек, түрктөр да бар. Англис аскер кийимин кийгендер улам көбөйүп баратат. Төрөбайдын жана англис, орус офицерлеринин жетекчилери менен күн сайын жүз башылар жигиттерин машыктырып жатышат. Орустун үч сайлуу мылтыгы кем, көбүн эсе англиялык мылтыктар, племеттору да бар» деген маалыматтар келген эле.

Байлар баш болуп, дин кызматкерлери барган жерлеринде үгүт жүргүзүшүп, «Кимде-ким балчебектер тарабына өтсө өлтүрүлөт. Алар ислам дининен чыгып, Алла Тааланын каар-казабына калат. Ошондой эле башта түрмөгө түшүп 1922-23-жылдары мунапыз болгондорду Совет өкмөтү кайрадан камакка алууну баштаптыр» деген уу-дуу кепти таркатышат. Айтылган каңшаардын чын-төгүнүн билбей турушуп, күнөөсүнүн бар-жогуна карабай эле, өз жанынан чочугандар Жаныбек казыны калка тутушуп, Кара-Шорого келип жатышкан болчу. Басмачылардын карапайым элге кордук көрсөтүүсүнүн алдын алып Ош жана Жалал-Абад ГПУсунун кызматкерлери абалды Ташкенге билдиришкен эле. Ташкендеги Жаныбек казынын аракетин токтотуп, жигиттери менен колго түшүрүү тапшырмасын бергенден улам Маргайтис, Ерохин, Лобкин, Исабаевдер шашылыш Кызыл Аскерлердин бөлүктөрүнөн жоокерлерди тандашып, ыктыярдуу кошундун мүчөлөрү менен аттанышкан болчу.

Басмачылардын алды жайпаңга жетип өтө бергенде, племеттор тилге кирди. Бейкам келе жаткандар боо түшүп калышты. Ошол кезде аркадан куугун да жете келип, ашуунун алкымына таянып калган. Тирүү калгандарга:

-Колуңарды көтөргүлө! Ордуңардан жылбагыла!-деген өктөм үн ар-ар жерден того жаңырды. -Каршылык көрсөтүү пайдасыз. Куралыңарды таштагыла!

Капылеттен чыккан октон көбү эстерин жыя албай, колдоруна курал алууга да үлгүрүшпөй калышкан эле. Буйрукту шашыла аткарышып, колдору калтырап ээр кашка илинген

куралдарын эптеп алып, ыргытууга үлгүрүп жатышты. Курчоодо калган басмачылар аттан түшүрүлүп, бир тарапка топтолду.

-Ыктыярдуу түрдө куралын таштагандар, өлүм жазасына тартылбайт. Түрмөгө камалбайт-деген кызылдардын убадасын уккандардын айрымдары-пышыңдап ыйлап, күнөөлөрүн моюндарына алгандай болушту.

Жаныбек казы үй-бүлөсү жана жакын адамдары менен ал топтогуларга кошулбай, бөлүнүп калгандыгы билинди. Атайын тапшырма менен барган ГПУнун кызматкерлери Кызыл Аскерлерге, ыктыярдуу кошуундун мүчөлөрүнө алкыш жарыялашты.

Басмачыларга каршы күрөшүүдө, мурда Жуманазарды ээрчип жүрүп ыктыярдуулардын отрядына кошулган Төлөнбай Машырап уулу, мырза-акелик орустардай эле коммунисттердин катарына өткөн. Ыктыярдуу отряддын командири Осташков Мырза-Акеде төрөлүп, ошол жерде эр жеткен эле. Экөөнө Мырза-Акелик жаштардын көбү келип кошулушуп, караандары да, сандары да арбыды.

Ошол жерде Куршабдагы орустардын арасынан ак Санка, кара Санкага окшогондор ак гвардиячыларга кошулушуп, элди талап-тоношуп, зомбулук, көрсөтө башташкан. Осташков менен Төлөнбайлар ошолор менен күрөшүштү. Күнү-түнү, же чак түштө эле колдорунан куралдарын түшүрүшпөй дыйкандардын кырмандагы эгиндерин алып, жакшы аты, же малы болсо, күрөздүк менен тартып алып, бербесе күч колдонуп ак Санке менен кара Санкелер элди ого бетер жабыр тарттырышты. Түнкү кырманда иштегендердин эгиндерин тартып алып, ал тургай тегирмендеги арпа-буудайды көз көрүнө жүктөп кетүүнү адатка айландырышты. Куралсыз жүргөн көпчүлүктүн арасына барышып, «тарс» эттире мылтыктарын асманга атышып, коркуп, башын каткан элдин мал-мүлкүн, эгин-тегиндерин каалашынча алып, тоноп кетишчү.

Осташков менен Төлөнбай Машраповдун ыктыярдуу отряддары эл көзүнө көрүнүп, оозго алына баштады. Куршаб, Өзгөн аймагындагы басмачылардын майда топтору менен кармашышып, улам алардын жолуна тосмо боло беришти. Бирок, Жаныбек казынын айланасына басмачылар улам келип кошулуп жатышты. Чакан ыктыярдуу отряддагылар басмачылардын чоң топтору менен кармашууда күчтөрү жетишпей,

курал жагынан таңсык эле. Басмачылар күн өткөн сайын чет элдик куралдар, айрыкча Англиядан чыккан мылтыктарды пайдалана башташты.

Күндөрдүн биринде Төлөнбай Семиз-Көлдүн башынан Көлдүккө түшкөн жерге чакан отряды менен келилди. Ага Жаныбектин келгени кабарланган болчу. Жанында өзү ишенген жакын абасы Мамыркан чоң тапан кошо жүргөн. Эл ичинде «чоң тапан» аталган Мамыркандын эр жүрөк, коркпостугу, эч нерседен жалтанбаган баатырдыгы бар эле. Анын балбандыгы элге дайын болчу. Мурда Анжианда Акматжан төрөнүн адамдары менен эчен жолу суу талашкан. Алар көптүк кылышып «Мамырканды сууга басып, эси көөнүнөн кеткис кыла сабайбыз» дешип, алыштын башында суу буруп жүрсө, ортого алышат. Сарттардын тейин туйган Мамыркан жабыла асылгандарды бирден апчып ыргытып, жанына жакын жолотпойт. Улам келгени жерге чабылып, буту-колдору кайрылып, бир чай кайнам убакыт ичинде кырк бир сарты тең качып чыгышат. Ошондон баштап аны менен азилдешмек тургай, жакын бара алышпай калган.

Төлөнбай Мамыркан «чоң тапанга» Молдобайды кошуп, ак желекти колдоруна карматып Көлдүккө түшүрдү.

-Бекер кан төгүлбөсүн. Жаныбек өз эрки менен куралын тапшырып, багынып берсин. Анын жигиттеринин тагдырына мен кепил болом-деген анын тапшырмасы менен ал экөө Жаныбектин боз үйүнө жакындап барышты.

Алыстан эле Мамыркан үн салды:

-Сагынбай чоң тапандын уулу Жаныбек, чык бери! Мен Мамыркан чоң тапан келдим-деп, зоңк-зоңк этти.

Жаныбек казынын жигиттери жабыла кеп-сөзгө келишпей эле, экөөнү камчылап жиберишти. Төлөнбай жондо туруп, дүрбү менен алардын ар бир кыймылын жаза кетирбей карап отурган.

- Эй Жаныбек, мына бу иттериңди тый. Менин ачуума тийишпесин. Мен сага элчи болуп келдим. Колумда байрагым бар-деди ал.

Ичкеридеги Жаныбек казы жөтөлгөндө жабалактаган жигиттери, кетенчиктеше жол беришти. Мамыркан шериги менен салам берип, боз үйгө кирди.

-Жаныбек, артыңда атаңдан калган зоот-пабрикаң жок. Орустун артынын калыңдыгын өзүң жакшы билесиң. Мени чоң

Төлөнбай жөнөттү. Сенин кепилдигиңди алат экен. Жарашсын дейт. Буга эмне дейсиң?-деп тикелей суроо берди.

-Балбаным, алдын даам тат. Мен ойлонуп жооп берейин-деди ал.

Аңгыча дасторкон жайылып, даам келтирилди. Тамак ичилип, бетке бата тартылган соң:

-Эртең жообун берейин-деди Жаныбек казы.

Элчиликке барган экөө кайра тартышты.

Жаныбек казы ошол күнү, түнү менен качып көчүп көрүнбөй кутулуп кетти.

***

Сары-Бээдеги №5-заставадан Иван Гнатюк 6 чек арачысы менен Ошко жыйналышка баратышкан. Капчыгай болушунун үч активи, партячейканын секретары, волисполкомдун орун басарына жолугуп калышты. Ошол кезде илгертен мал уурулук кылып, чек арадан жашыруун өтүп, аткезчилик кылган Барбыш туурасында «Үйүнө келди. Жанында бейтааныш кишилер бар» деген маалымат Ош ГПУсуна түшкөн.

«-Жергиликтүү өкмөттүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен тезинен кармалсын!» деген заставага буйрук келген эле.

Барбыш дайыма жалгыз үй кончу. Иван Гнатюк аны кантип кармоо жөнүндө шериктери менен кыскача кеңешти. Төрт чек арачы эки милиционер кошулуп, мерчемдүү жерди өңүт алышып, жай жүргөн катары, мал санакка келген болуп бармак болушту. Кыраңга чыгышып, аттарын буйгага таштashып, өңүт ала отурушту. Жалгыз үй, эшигинде адам көрүнбөйт. Активдер ат бастырып жөнөштү. Үйгө жакындаганда ит абалап, үйдөн бир киши чыкты. Барбыш экен. Ал келе жаткандарды көрүп, бейшеп кылган болуп, бел курчоосундагы ычкырын кармалап капталдай басты.

-Эй Барбыш! Итиңи тос! - деди активдердин бири.

Барбыш укпаган киши болуп, кадамын тездетти да карагай бетти көздөй чуркап жөнөдү. Иван Гнатюк жанындагы чек арачы менен алдын тосууга чуркап жөнөдү. «Стой!» деген Гнатюктун добушуна аралаш «тарс» эткен добуш чыгып, «зуу» этип учкан октун доошу угулду. Токто! деген сайын Барбыш кайрыла кала аткылап, дарактан-даракка жашынып качып баратты. Артынан калбай чуркап бараткан чек арачы, узап кетпесин деп, отура калып мээлегенде:

-Бутка-деп эскертти Гнатюк.

-«Тарс!»

Барбыш кулап кетти. Алар жеткенде Барбыш тырышып, томолонуп жаткан экен. Колундагы наган ыргып кетиптир. Оң балтырына тийип, кан агып турат. Ал эсине келе калып, ары жакта жаткан наганын көздөй кулады. Чек арачы ага жеткирбей, анын колун наганы менен тебеледи.

-Жаратын таңгыла!-деген Гнатюктун буйругу менен чек арачылар тигинин чарык чокоюн тилип, чечишип, жаратына йод сүйкөшүп, канын токтотушкан соң,бинт менен таңышты. Чек арачылар улам биринен–бири ооштура көтөрүшүп, араң дегенде өйдөлөй басып, кышылдап- күшүлдөшө боз үйдүн эшигине келишти. Баягыдай каңгырап турган боз үйдөн чыгып, эч ким утурлаган жок. Барбышты жерге аяр жаткырышып, баштарын көтөрүшө бергенде, үйдөн бир топ караан чууруп чыгып, чек арачыларга жабылышты. Шарт-шарт куралдарын алышып, чек арачыларды, милицияларды колу-буттарын кыл аркан менен кошоктой байлашты. Куралсыз активдерди капкачан эле улагага байлаганга үлгүрүшкөн эле.

Салибай колу-буттары таңылып жаткандарга мыскылдуу карап:

-Ии Барбышты таанып аттыңарбы? Же тааныбай эле ок чыгардыңарбы? Бутка атыпсыңар, биз силерди башка атабыз. Барбыш, айтчы! Сени кимиси атты? - деп буту таңылуу, кынтая жамбаштап турган Барбышка кайрылды.

-Салибай, тапанчаңды берчи. Мени бутка атканды өзүм жайлайын. Ии-ик. Бутум ооруп, жанымы чыдатпай баратат. Муну атсам сеп ала түшөр бекен?

-Барбыш сенин бутуңа булардын башы садага кетсин. Ар бирибиз бирден аталы? - деди басмачылардын ортосунда турган чепилдеген бирөөсү.

-Жаныбыздан ок коротпой, өздөрүнүн огун өздөрүнө жумшайлы-деди экинчиси.

-Эй, буларды атып отурабызбы? Отун кеңири тирүүлөй өрттөп көрбөйлүбү-деди дагы бири.

-Койгула тамашаңарды. Чечкиле бизди. Чогулушка бараттык эле.Кеч калбайлы? - деди активдердин арасынан бири.

-А жалаң активдерсиңерби? Чогулушкабы? Шашып баратасыңарбы? Бизди элге душман көрсөткөн силер. Силерди аяшка болбойт.

-Эй, буларды аңкылдатып, кайым айтышып, отурасыңарбы!? Өчүргүлө үндөрүн! - деди бетиндеги калың түктөн көзү араң көрүнгөн, үңүрөйгөн кара немеси.

-Эй эсиңерге келгиле! Ушу эки уурунун тилине кирип, күнөөкөр болбогула! Эртең эле өкмөт алдында жооп берип каласыңар. Андан көрө бошоткула бизди. Коркпогула, силер үчүн мен ортого түшөйүн- деди волисполкомдун төрагасынын орун басары.

-Эй актип, эмне деп келжиреп жатасың. Ким ууру? «Койкпогула, мен ойтого түшөм» деп коет. Сага ортого түшө турган барбы, ушулардын арасында!-деп ызырынган Салибай, шериктерин көрсөтүп.

-Мына сага! Ирең̧и бузулган Салибай сары чийкил жүзү кан тээп, колундагы нагандын машасын басты. Ок төраганын орун басарынын мүрүсүн чырпып кетти.

-Эй атаңын оозун урайын, канкор. Сени адам экен, кеп жейт экен деп, ишенбей калайын. Мыкаачы. Мени атпай атаңы атып кал! Тарп аңдыган ууру-деди ачууга уугуп.

-Силер канкорсуңар. Бетиңер кара болгон. Элди эми кайсыл бетиңер менен карайсыңар. Көркоолор!

-Быдылдатпай, өчүр үнүн! Арытан зоң эткен басмачы колундагы мылтыгын көтөрүп, бети-башын тырыштыра онтоп жаткан төраганын орун басарына кезей, тарс эттире атып салды.

Буту-колу таңылуу жаткандар жандарынан түңүлүп калышты. Бошонушка эч арга жок. Басмачылардын эч кандай жакшылык кылбасын туйган активдердин бири, шарт оонап барып, чекеде тайтая турган басмачынын как тизесине тепти. Басмачы ооруган тизесин сыйпалай коюп, аны колундагы мылтыгынын кундагы менен бет талаштыра удаа-удаа уруп жатты. Каршылык көрсөткөн шеригине жаны ачынган активдер, жаткан жерлеринен туруууга аракеттенишип, булкунуп жатышты. Басмачылар колго түшкөндөрдү тепкиге алышып, мылтыктын көчүгү менен урушуп, заматта активдердин бети-баштарын көкала кан жалатышкан сайын, алар сөгүнүшүп, заар сөздөрдү айтып жатышты.

-Буларды ае жок. Баары бир, тирүү калышса бизге айгак болушат. Тындым кылгыла-деген Салибайдын сөзү менен келтек жеп, денелери жанчылган активдер, чек арачылар катары менен атылып, денелери өрттөлдү.

Бул окуя 1927-жылдын апрель айынын этегинде болду.

***

-Бүгүн Сары-Бээ айылына чоочун адамдар келишип, айылдагы бай, билерман адамдарга орустардын мылтыгына окшобогон куралдарды, октору менен таратып беришти. Маңгытбаев менен Жаныбек казынын келишин күтүп жатышыптыр. Алар келээри менен чек араны көздөй аттанышат экен-деген маалыматты постун старшинасы Андрей Сидировго ишенимдүү адамдар жеткиришти.

Басмачылардын жакындап келе жатканы боюнча Кашка-Суу постуна алгачкы жолу чалгындап келе жаткан Иван Ватник да кабардар болуп, Андрей Сидировго «Капчыгай менен басмачылар келе жатат» - деп маалымдады.

-Сен Эшек-Арт заставасына коркунучтан сактанууну эскерт! Тез жөнө! - деп Иван Ватникти жөнөтүп, өзү Ой-Тал заставасын көздөй атын бурду.

Түнкү уйкудагы айылдардан четтеп бараткан Сидиров, алыстан чаап келе жаткан аттын дүбүртүн уга коюп, ат тизгинин тарта, ийининдеги мылтыгын алып оңдойлоп, жанаша турган аскага жашынды. Аны байкаган атчан көл-шал боло тердегени атынын ооздуругун тартып, аярлай калды. Атчандын караа-нынан тааныган чек арачы, жашынган жайынан чыга келди. Чабаганчы саламга келбей жатып, кабарын айтып кирди.

-Чоочун адамдар узун найлуу мылтыктар жана англиялык карабиндер менен куралданышыптыр. Ишенимдүү адамдарына винчестерлерди октору менен тартып жатышат. Айтууга караганда алар Жаныбек казынын адамдары экен. Капчыгайда байырлап турушат.

-Ырахмат сага. Тигилер, же айылдыктар сенен күмөн санашпайбы?

-Аларды жазгырып, башка тарап менен кетем.

Чек арачылар Сулайман досун дайыма сыйлашып, жакшы көрүшчү. Ал кымыз, айран, сүтүн алып келсе, солдаттар отундарды чогултуп, атына артып беришип, мамиле кылышчу. Кээде анын үйүнө конокко келишип, балдарын эркелетишип,

атасындай сыйлашчу. Сулайман да алардан эч нерсесин аячу эмес. Солдаттар да кийик, илбесин атышса, ага алып барып беришчү. Күн өткөн сайын алардын байланышы чыңдалып, жакындан жардам берүүнү милдет катары сезип калышкан эле.

Андрей абышканын артынан узата тиктеп, маалыматына ыраазы болгондой, башын ийкеп, жылмайып койду да, үзөңгүгө бут салды. Ой-Талдагы заставага барчу жол Сары-Бээ аркылуу өтөт. Андыктан ал жол менен жүрүүгө болбойт. Баары бир буктурмадагылардын көзүнө илешпей койбойт. Алыс болсо да, айланып барчу жолго салды. Тоонун тар кыялуу жолунда атын жорттуруп барууга болбойт. Ошентсе да бийикке карай таталап, улам таштан-ташка аярлай арымдаган улоосунун басканына алымсынбай, өзү кошо жүткүнүп теминип барат. Мингенин ак көбүк кылган старшина, тоонун чокусуна чыкты. Тээ төмөндөгү капчыгайлуу кокту-колот айкын көрүндү. Чамына ак көбүк чачып, буркан-шаркан түшкөн дарыя, энтеңдеген боюнча этекте барат. Теребелге бир саамга көз чаптырган жоокер, кайра ашыга тизгин какты. Мына, тоодогу алгачкы жаздын жашыл тулаңы, дүркүрөп кокту-колотту каптап келет. Суу боюндагы көк, кадимкидей ат оозуна илешип калган. Кечүүгө келгенде, күйүккөн ат ооздугун шылдырата сууга жүткүндү. Тизгинди тарта берген Андрей кечүүдөгү ным жерди ныгыра батырылган издерди, болгондо да жаңы такаланган аттардын туягы тебелеп, жапырган баткакты, анан жанчылаган көк чөптү көрө койду. Ылайга терең кирген из, жүгү оор, же алыстан жол жүрүп келген, чарчаган аттардын изин айгинелеп турду.

-Басмачылар бул жерден да өткөн экен-деп, Сидиров жалаң кайберендер жүргөн өрдөшкө салды.

Ой-Тал чек арасынын башчысы Воробьев качантан бери уктабаганын эстей албады. Мына бүгүн да кирпик какпай басып жүрүп, жаңы гана бөлмөгө кирген. Чек ара иши ушундай, өтө жооптуу. Көз ирмебей сак болуп, чекти кайтаруу. Мындай түйшүктү эчен жолу башынан өткөргөн начальник, ат дүбүртү жакын келип токтогонун туюп, шашыла сыртка чыкты. Начальникти көргөн Сидиров атынан ыргып түшүп, какайып тура кала, жаңылыкты маалымдады.

-Төрт жоокер менен силерди толуктоого Купринди жөнөттүм эле. Кезиге албапсың да?

-Сары-Бэзде, Капчыгайда, ал тургай жолду ката душмандар. Мен жашырынып, кайберендер жүрчү аска-зоону аралап келдим, жолдош начальник.

-Азаматсың Сидиров. Чек арага жакын тоолордун арасында басмачылардын пайда болгондугу тууралуу, эки күндөн бери билдиришүүдө. Биз алардын жолун тосуп кармаша албайбыз. Бирок, чек араны бузуп өтүүгө аларга жол бербейбиз.

-Так ошондой жолдош начальник .

-Сен өз убагында алардын чукул келип калганын кабарладың. Басмачылар тууралуу комендатурада эч кандай маалымат жок. Телефон болгондо иш башкача болмок-деди начальник кабагын бүркөп.

Кар көчкүлөрдөн улам телефон зымдары үзүлгөнүнө көп болгон эле. Аны оңдоо көчкүлөр ээрип, жол ачылганда, тээ жондун этегине барганда колго алынмак. Ага чейин байланышууга эч кандай мүмкүнчүлүк жок. Аны экөө тең жакшы түшүнүшөт. Заставада болгону он беш чек арачы бар. Аларды тоодогу постторго бөлүштүрүүгө болбойт.

-Кетүүгө уруксат сурайм, жолдош начальник?

-Токто. Эгер Купринге жоолуга албасаң, ал жактагы бардык документтерди өрттөп жок кылгыла да, бул жакка келгиле. Түшүнүктүүбү?

-Түшүнүктүү жолдош начальник.

-Дагы эсиңе салам. Документтер толук өрттөлсүн! Алтооң ал жайда туруштук бере албайсыңар. Тез кайткыла. А мен кандай болсо да, Алай-Гүлчө менен байланышууга, кабарды жеткирүүгө аракеттенемин.

Бөлүктүн командири Кашка-Суу постун бекемдөөгө Купринге кошуп, чек арачылар: Гребешков, Охапкин, Сомов, Бадировдорду жиберген эле. Алар таң атпай Сары-Бээге жетип барууга ашыгышып, баратышкан. Капыстан буктурмада бекинип жатышкан басмачылар заматта курчоого алышты. Кармашуу кыска убакытта болду. Басмачылар жабыла ок чыгарышып Багиров, Сомов, Куприндин миңгичтерин атып, чек арачыларды турууга үлгүртпөй басып жыгышып, мылтыктын кундагы менен койгулашып, эстерин оодарышты. Гребешков кылычын сууруп алып, топтошкон душманды аралай чаап барып, ары-бери кылыч шилтеди. Көпчүлүк аны талап, ээрден сүйрөп түшүрүштү. Ошентсе да ал тайманбай, колундагы кылычы менен турган-

дарды жакын жолотпой коргонуп жатты. Аркасынан бирөөсү байкатпай дал ортого штыгын кату матырды. Чек арачы жыгылып, кансырап жатканына карабай, басмачылар тепкилеп, мылтыктын кундагы менен жанчып жатышты.

Ууру жол менен Кашка-Суу постуна келген Сидиров, Эшек-Арт заставасына барып басмачыларга кармалбай келген Иван Ватникти гана кезиктирди. Алар алдын заставадагы документтерди күйгүзүштү да, андан соң төшөк-жууркандарды, китептерди бир жерге үйүшүп керосин чачып, өрт коюшту. Бардыгын өрттөшкөн соң, болгон патрон, племетторду, азык-оокаттарды алышып, Ой-Талга барып-келчүү жолго салышмак болушту. Бирок, Иван жолдо келе жатып, тоонун башында түтүн чыгып жатканын көргөнүн айтканынан улам Сидиров алыскы, айланма жолго салууну туура тапты. Шашыла келе жаткан жоокерлер, эптеп салынган солкулдак көпүрөдөн эптеп өтүшүп, бир топ узап бараткан чакта, маңдай тарапта ар кыл кийинип, баштарына чалма оронгон куралдуу басмачылар, аларды мурда эле көрүп, жакын келишин күтүп турушканын билишти. Арка тараптарын карашса кылыч, карабин кармаган атчандар тоо бетинен чыңк ылдый түшүп келатышкан экен.

-Артка! Жарып өтөбүз - деди старшине шериктерине угуза.

Эңкүүлөп келаткандарга илгертпей артка кайткан топ, солкулдак көпүрөгө жетпей, суу бойлото аттарын чаап жөнөштү. Ат туяктары ташка тийип тарсылдаганына кошул-ташыл, «баң-баң» эткен мылтык үнү жаңырып, «чуу-чуу» октордун чуулдагына капчыгай ичи толо түштү.

-Курчоого алынган,чек арачылар, айласыз кол көтөрөтдеген басмачылар, солдаттардын аттарын шарт буруп, суу жээктей чаап жөнөшкөнүн көрүшүп, алдастап калышты. Мээлебей эле ок чыгарышып кыйкырышып:

-Тос эле, тос!

-Жет эле, жет!

-Алыс кетирбегиле! - деген уру-чуу кыйкырыгына кошул-ташыл боло, эңкүүлөп түшүп келе жаткан атчандар, биринен-бири өтүп куугунга түшүштү. Аралык улам жакындап баратты.

Алардын оюнда чек арачыларды тирүүлөй, колго түшүрүп, мазакка салып,кыйноого алыш окшойт. Курч, күлүк аттарынын деми менен улам жакындай башташты. Поско жетпей, үч-төрт чакырым аралыкта мергенчилер менен жолоочулар баш-паанек

кылган эски жер үйдү көздөгөн чек арачылар, жан-алдары калбай аттарын теминишти. Алардын максаты эптеп эле жер үйгө жетип, каптап келе жаткан басмачылардан коргонуш болчу. Жер үй ар биринин көзүнөн угуп турду. Бул эски тамга чалгынчылар, аймака көз салып кыдырып жүргөн чек арачылар, бороон-чапкында, аяздуу кышта, малма-малма болуп, кийимден өткөн жаан-чачында бул жайга кирип, от жагышып, жылынып, кийим-кечелерин кургатышып, байырлашчу. Жоон устундардан тургузулган там, жол боюндагы жапсарга жабыштыра салынгандыктан бир тарабы жар болуп, жалгыз атчан ары- бери араң өтчү.

Жер тамга жетип-жетпей, чек арачылар, аттарынан секирип түшүшүп, чуркаган бойдон эшиктен киришип, кайра шап эте каалганы жабышып, таканчык кое, энтиге терезесин таштар менен тосуп, бүтөп жатышты. Таштардын арасындагы тешиктер мылтык атууга ыңгайлуу болуп, сырткы тарап айкын көрүнүп турду.

Жер тамга жеткирбей солдаттарды кууп жете албаган басмачылар өкүнүп, кыпкырдана ат тизгиндерин тартып, токтоп калышты. Ок жетпес аралыкка туруп алышып, өздөрүнчө бир нерселерди талашып жатышты. Аттарынан түшүшүп, жайгашып, аттарынын белдерин бошотушуп, каңтара байлашты. Алар жакын келишпей, түндү күтүшкөнү билинип турду. Айлана караңгылап барып, бийик тоолордон шыкалаган ай, жай жылып, айлананы жарыкка бөлөдү. Чек арачылар айдын жарыгынан пайдаланышып басмачылардын ар бир кыймылын көз жаздымдарынан кетиришкен жок. Алар да сойлоп, олчойгон таштарды пааналап, алга жылып келе жатышканы айкын көрүнүп турду.

Көп басмачы менен жер үйдүн ичинде жатып атышууга мүмкүнчүлүк жок эле. Сидиров шериктерин сыртка чыгууну, ташка далдааланып, жакын келгендерди кароолго алууну тапшырды. Иван Ватник, Яков Бердинов старшинанын артынан чыгышып, чоң ташка калкаланышты. Ошол кезде жакын келген басмачылар баш аламан ок чыгарышты. Жоокерлер айдын жарыгында көрүнгөн караандарды, «дүрт» эте жалын чыккан жайларга ок узатышты. Алдыңкы катарда келген басмачылар, шалак эте таш сүзө сулк жыгылышты. Солдаттардын сыртка чыгып алып, атып жатышканын билген басмачылар, асканы айланып келишип, арткы тараптан ок чыгарышты. Жоокерлер

ага да жооп кылышып, бирин-бири коргошо бириси алдыңкыларды мээлесе, бириси арткыларды кароолго алышты. Душмандын түнү менен үч жолу далалат кылып, курчоого алуу аракеттери майнап бербеди.

Чек араны бузуп өтүп, Кытайга жол ачууга аракеттенген үч жүздөй топту баштап келген Жаныбек казынын жакын тууган-дары Коргонбай менен Төлөнбай жана Алайкуулук Алибай менен Салибай Ташкуловдор эле. Төлөнбайдын атасы Шайбек, Жаныбектин атасы Сагынбай менен бир тууган Мусанын балдары. Ал эми Коргонбайдын атасы Тыныбек Жаныбектин бир тууганы Сагынбайдын балдары эле. Ал эми Алибай менен Салибай Алайкуулук болушуп, аймактын коен жатагына чейин билишчү. Жакында эле түрмөдөн качып чыгышып, Жаныбек казынын тобуна келип кошулушту. Алардын максаты басмачыларды ээрчитип келишип, чек араны орустардан тазалап, мал-мүлктөрү менен Кытайга качып кетүү аракети эле.

Сидиров тобу менен эки күн бою кармашышты. Басмачылардын тынбай аткылоосунан жер тамда коргонушту. Душмандын чек арадан өтүшүнө бөгөт болушту. Күн сайын тынбай удаама-удаа басмачылардын чабуулунун мизин кайтарышып, бирөөсүн да жакындатышпады. Жер тамдын дубалдарын ок тытмалап, кепе араң эле бузулбай турду. Курчоодон куткарууга Воробьевдин келбестиги айкын болду. Ошко, Алай-Гүлчө комендатурасына эч кандай маалымат жетпегени айкын билинди. Жоокерлердин азык-оокаттары түгөнүп, ачкалыктан дармандары бошоп, алдары куруду. Сегизинчи күн дегенде Владимир Охопкин менен Яков Бердников орундарынан тура албай, калышты. Ачкалыктан кубаты кеткен Валерий Свиневский, Иосиф Шаган, Николай Жуков шалдырап, бойлорун көтөрүп тура алышпай кулап түшүштү. Андрей Сидиров менен Иван Ватник көз жаздымга калтырбай үңкүрдөгү тешикти алмак- салмак көзөмөлгө алып турушту.

Мылтык тарсылдап атылып, тытыраган племет коштоду. Басмачылардын алдыңкылары окко учту. Калганы дуу эте жер боортоктоп жата калышып, таштарга жашынышты. Бир аздан соң кайрадан каптап киришип, каршы атылган октон жазганыша кайра чегиништи. Аларды аркадан шыкактап айдагандары билинип турду. Улам жакын келгендер октон кырылып, аман калганы кайтууга мажбур болушту. Кеч кирип, ире-шире болгон

чакта басмачылар кетүүнү ойлоп да коюшпай, от жагышып отуруп алышты. Кээ-кээде бирөөлөрү тура калып, ок атып, кыйкырып, муштумдарын кезей, сес көрсөткөн болушат. Кечки жымжырттыкта алыстан атылган мылтык үнүнөн тоо жаңырганы угула калып жатты. Демек, Эшик-Артта да уруш болуп жатат. Аны баары туйду.

-Көмөк келбейт экен. Колго түшөбүзбү? Чек арачылардын оюнда ушул суроо турду. Аны туйган Сидиров шериктерине кайрат берип:

-Тирүү турсак колго түшпөйбүз - деп кобурап койду.

Басмачылардын эрте мененки капташында да, чек арачылардын огу аларды кайра кайтууга мажбурлады. Эч кими куралын колунан түшүргөн жок. Үчүнчү күнү суу түгөнүп, октору азайды. Ачкачылык, чаңкоо аларды кыйнап турду. Басмачылардын кайра-кайра чабуул коюп, жакындап келүүсүнө, алар жапырт ок жаадырбастан, көрүнгөнүн бириндеп мээлеп, ок чыгарып жатышты. Чек арачылардын октору азайганын билген басмачылар жабыла каптап кириштти. Жер тамдан кайрып ок чыгарган эч ким жок. Чек арачылар Сидировдун гана командасын күтүп былк этпей турушту.

-Шашпагыла… Жакын келишсин…деп шыбырады Сидиров.

-Башта! «Тамсон» тытырап, удаа-удаа мылтыктар тарсылдады, коюлана алдыда келген басмачылар боо түшүп кырылды. Бул чабуул да кайтарылды. Эң акыркы күнү таң эрте менен дуулдап, туш-туштан ороп, камалай башташты. Кай бири сойлоп, жөрмөлөп, ок чыккан тешиктерден жазгана илгерилешти. Жакын келишип, ок атуучу тешиктерди көздөй ок атышты. Чек арачылар ачкалыктан жана чаңкагандыктан шайлары ооп калган эле. Ошентсе да, болгон кубаттарын жыйнап, акыркы окторун душманды көздөй узатышты.

Коргонбай менен Төлөнбай башчылык кылган топ, Алибай менен Салибайды кысмакка алышты.

-Кана, жергиликтүү болгонуңар ушубу? Бир ууч орустарга, ушул, үч жүздөн ашуун мусулман балдарынын алы жетпейби? Орустардын огунан өлгөн мусулмандардын канына завун болдуңар. Бир жолун тапкыла! Болбосо, орустарга тикелей өзүңөр барасыңар! - дешип куралдарын кезеп жатышты. Жанга баткан катуу талаптан улам, чек арачылардын ордунан тура алышпаганынан пайдаланышып, Алибай менен Салибай жер

капанын аркасына өтүшүп, басмачыларга заматта куу отундарды топтотуп келишип, жер тамдын аркасына дөбөдөй кылып үйдүрүштү.

Бул болсо басмачылардын чек арачыларга тикелей барып даай алышпагандыгынан болду. Эч кандай арга таба алышпай, тирүүлөй өрттөп жок кылууну чечишти. Ансыз да эчен жылдан бери кагына айланган жер тамдын устундары үйүлгөн отун дүрт этип күйө баштаганда, чартылдап кошо жалындады. Жан талпас кылган чек арачылар сойлоп, чыгуунун аракетинде болушканы менен ажал бүркүп, ышкырган ок аларды баш көтөртпөдү. Түтүнгө уугуп, тумчуккан Андрей Сидиров, Яков Бердников, Владимир Охапкин, Иван Ватник, Валерий Свишевский, Николай Жуков, Иосиф Шагиндер тирүүлөй өрттөлүштү.

Жардамга келген отряд басмачыларды талкалап, күйгөн капага келишти. Түтүнгө ышталган дубал гана калыптыр. Күйүндүнүн арасында өрткө куйкаланган чек арачылардын таанылбаган сөөктөрүн, куралдарын табышты. Племеттун зомогу жок. Мылтыктардын бары затворсуз. Чек арачылар душмандын колуна тийбесин үчүн куралдын баарын жараксыз кылып, бузуп ташташып, өздөрүнүн ысымдарын канжар менен племеттун темир калканына жазышып, аягына «23.04.1927-жыл» деген белги калтырышкан эле.

«Ош Ерохинге

Жаныбекке чабарман жибергиле. Ал аскердин Жаныбекке каршы эмес, чек арачыларды набыт кылган Ташкуловдорго жиберилгенин, Жаныбек өкмөткө көмөк көрсөтүүсүн айтсын.

КИРОБЛОТДЕЛге биз айтабыз. КИРОБЛОТДЕЛ менен да кабарлашып тургула.

Клевцов».

«Ташкен Клевцовго

“Гүлчөдөн шашылыш жиберилген отряд ашуудан аша албай кайтууга мажбур болду. Алтымыш атчандан турган ГПУнун эскадронунун изи менен илгериледи. Өзгөндүн гарнизонун күчөтүү максатында Оштон 5-аткычтар полкунун 1-батальону жол алды. 30-апрелде Гүлчө гарнизонун бекемдөөгө дагы бир 6-аткычтар полкунун 2-батальону чыкты.

Ерохин

Салибайга көмөккө кырк басмачыга Кошбай корбашыны баш кылып, Жаныбекке жөнөттү. Кошбай буктурмадан тосуп, жети атчан дозорго кол салды. Салибай экөө бир нече чек арачынын колго түшүрүлгөнүн, куралдардын алынганын Кара-Шорого киши чаптырып, Жаныбектин өзү келип, №4-заставага, Кашка-Суу караол постун алууга башчылык кылуусун сураныштты. Казы аларга жооп кылып Өмүр Кашканы жөнөттү. Кошбай корбашы, Алибай, Салибай, Барбыш ууру баш болгон сексендей басмачы үч топко бөлүнүштү. Ой-Тал, Кашка-Суу кароол постуна, Эшек-Арт заставасына кол салышып, камалап киришти.

Басмачылардын уламдан-улам чабуул коюсунан №4-заставанын абалы кыйындап баратты. Заставанын начальниги Ларченко ага карабай, Ой-Тал заставасына алты чек арачыны жардамга жөнөттү! Эми өзүнө кыйын боло баштады. Заставага караштуу Кашка-Суу кароол постуна көмөктөшмөк болду. Жол кесилип калды. Ким кабар кылат? Ларченко ошол жердик Исмаил уулу Козумат менен сүйлөшүп, Кашка-Суу кароол постуна жөнөттү. Ал чаап кеткен соң Козумат үйүнө келип,

-Тез Кашка-Суудагы аскер быякка алынмай болгонун билдир! - деп өзүнүн жакын тууганын басмачыларга жиберди.

Жер тамды өрттөшкөн соң басмачылардын үч тобу кошулуп, Ой-Талды курчоого алышты. Кара-Таш айланасын, Сары-Бээни, Шайтан-Көпүрө аймактарын ээлешип, жолдун баарына буктурма коюшту. Эң керектүү өткөөл болгон чоң суунун үстүнө салынган шайтан көпүрөнүн устунун керек учурда жаткырып, керек болбогондо өздөрү тарапка жыйнап алып турушту.

«Өтө жашыруун

ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛинин начальниги жол Кекинге.

Ош чек ара участкасындагы түзүлгөн абалга байланыштуу, сиз жүргүзө турган иштер:

Ошол жердеги абалды тактоо, Ташкуловдордун бул ишке баруусуна эмне түрткү болду? Басмачылардын элге таасири канчалык? Жаңжалга Жаныбектин катышы кандай?

Советтик аскерлердин калктын жакшы турмушу үчүн кам көрүшүн түшүндүрүп, басмачылар, каракчылар менен күрөшүүдө аскерге жардам көрсөтүү зарыл экендиги ачык айтылсын.

Бул саясий иш, элди дүүлүктүрбөй ишке ашырылсын. Чек ара коргоочулар тарабынан жергиликтүү элге туура эмес мамилелери, же кылган иштери тыкандык менен текшерилсин;

Болгон абалдын натыйжасы баяндалсын.

ОГПУнун Орто Азиядагы полномочиелүү өкүлү

2-май. 1927-жыл. Ташкен»

Тапшырманы аткарууну ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛИ колго алды.

Бул кандуу жаңжалга Жаныбектин канчалык тиешеси бардыгын аныктоодо Кекин Жаныбек менен байланышууга аракеттенди. Бирок, Жаныбек бул ишке тиешеси бардыгын түк мойнуна албады. Мындай жооп болорун алдын ала билген Кекин Жаныбекке «Салибай менен Алибайды кармап берүүнү» талап кылды. Бул Жаныбек үчүн чоң сыноо эле. Ал жооп бере албады.

Майдын он бешинде Жаныбек жан-жөкөрлөрүнүн ортосундагы кеңеште:

-Кана, өкмөттүн аскери менен кандай уруш кылабыз?

-Жолду тособуз.

-Жер шартын билбеген орустар Кара-Шорого кире алышпайт.

-Туш-тараптан жол тосулган. Асмандан эле түшүп келбесе.

-Эгер коргонууну бузуп, Кара-Шорого келип калышсачы?

-Ушул жерде катуу уруш кылабыз.

-Болбосо колду сактап, Турук-Шурукка чыгып кетебиз.

-Кокустан ал жерге жетишсечи?

-Терек ашуусу менен Сөөккө барып, андан ары Кашкарга өтөбүз.

Бүтүм жактырылды.

***

ОГПУнун Орто Азиядагы полномочиелүү өкүлдүгүнө ОГПУнин КИРОБЛОТДЕЛИ жогорудагы берилген тапшырманы бардык жактан анализ жасап, Жаныбекти сөз менен эмес курал менен жоюнун зарылдыгын билдирди.

Бул маселе ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнүн билдирүүсү ВКП (б) Средазбюросунда каралды. «Казы келишүүчүлүккө барабы, же каршылык көрсөтүп, орун которууну көздөйбү?» деген маселе талкууланып, үч түрдөгү иш чаранын планы түзүлүп-ОГПУнун Орто Азиядагы Полномо-

чиелүү Өкүлдүгүнө жана ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛине тапшырмалар берилди.

***

Келишүүчүлүк боюнча казы өзүн «калыс» көрсөтүп, «күнөөкөрлөрдү» кармап берүүгө жалган убадаларды берип, аз да болсо убакыттан пайдаланып, ОГПУнун адамдарын алаксыта баштады. Кара-Шородогу уюгунан кууп чыгып, өзүн колго түшүрүү аракетинен улам «Востокко» (Адиге) Памир отрядынын өзгөчө бөлүмүнүн начальниги Тричан Михайлович Дьяков өзү келди.

-Жабыла аракет көрүлүүдө. Ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү, милициянын чек ара кызматынын жоокерлери тартылууда. Ади, сенин да кийлигишүүң зарыл. Кол кабыш кылалы. Ыңгайына жараша сүйлөш.

-Кимдер менен барам?

-Шериктерди өзүң тандайсың.

-Бул маселе кимдер тарабынан сунушталды?

-ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгү менен макулдашылды.

-Мага кошулуучу жигиттерге курал берилеби?

-Жалаң мергенчилерди, куралдары менен аласың. Өкмөттөн курал берилбейт.

-Мени жибергениңди кимдер билет?

-Бул маселени экөөбүз гана билип туралы.

Экөө кол алышышты.

***

Кара-Шорого суу бойлогон бир гана жол бар. Калган тарабын тоо курчап турат. Казынын турагынын төмөн жагын Абдылдабек, жогорку тарабын Салибай менен Алибай күзөтүшөт. Башка тараптан ашып барууга жол жок. Канаттуу куш гана учуп өтпөсө, жөн адам кандай айла кылса да өтө албайт. Аны жергилүктүү мергенчилер жакшы билишет. Бирок, адам барбас аска-зоо, адам баспас ашуу болбойт. Кайберен чыккан аскага, зоого адам буту жетет.

Кара-Шоро бекем жай. Туш тарабы тоо менен курчалган. Этекте суу бойлогон бир гана жол бар. Жогорку тарапты Кара-Кулжа, Сур-Ташты Салибай менен Алибай, төмөнкү Жазы

менен Чытты жакты Абдылдабек кайтарат. Ортодогу негизги күч жүз сексен куралдуу күч бар.

Тагдыр, насип «Босогону аттап калды деген» деген сөздөн корктубу, же каттоону калыңдайын деген оюу барбы Бопо кызын өзүнүн туугандарына узаткан болчу.

Жаш кезинен Алайкууда туулуп-өсүп, торолуп жайлоолорун түгөл билген Кожонун кемпири Бопо туугандарынан кабатыр эле. Анын үстүнө кичине кызы Апишти өзүнүн инилеринин бири Келдибектен тараган Сарыгул абасынын баласы Эрмекбай байдын иниси Апакка күйөөгө берген. Сарыгул абасынын чоң атасы Рысбай, Калдыктын уулу. Калдык менен Мээрбек бир тууган. Бопо менен бир тууган агасы Желдең Мээрбектен тараган. Ары сөөк жаңыртып, каттоону калыңдайлы деген ой, ары «жакшы кыз жатка кетпесин» деген бүтүм менен Эрмекбай эжеси Бопонун Апиш кызын, бир тууган иниси Апакка алып берген болчу.

Кызынын барганына жыл айланып бaратат. Татаал шарт. Тынч жаткан айылдарды басмачылар кайра-кайра басып алышып, тополоң салгандан улам, коопсузданган тууган-урук, жек-жааттардын каттоолору сээлдеп калды.

-Тага журтуңа барганча, карындашыңдан кабар ал-деген апасынын сөзү Адиге шылтоо болду.

***

Апиш тага журтуна түшүп, апасынын инилеринен болгон Апак менен турмуш куруп түтүн булатып калды. Жыл айланбай кыздуу болушуп, атын Күңөтай деп аташты. Ал кичинесинен эле чыйрак, тили эрте чыкты. Көргөн-билгендерине акылы жетип, ата-энесин зериктирбейт. «Бардык ишке бала аралжы болот» деген чын белем, Күңөтайдын эстүүлүгү, суроо артынан суроо берген жароокерлигинен улам, турмуштары кызып, эркеги эшиктен таап келип, аялы үйдөн улап, эл катары тиричилик өткөрүп жатышкан. Керээлден кечке жеңил кийимчен эшикте ойногон Күңөтайга катуу суук тийип, эти от менен жалын. Апиш жүн тытып, кийиз кылып, мал убагы болгондо, мал карап сыртта жүргөн. Кеч, баш-аякты жыйып, эми кана үйгө киргенде кызынын кыңкыстаган үнүн угуп, үстүнө үйрүлүп түштү. Эти ысытмалап, улам чабалактайт. Муздак чүпүрөктү чекесине басканы менен ысытмасы кайтпады. «Алда Кудайлап» корккон келин, кызын колунан түшүргөн жок. Этинин ысытмасынан чабалактаган кызы

көзүн сүзө, онтогон сайын эненин жүрөгү опколжуп, жанын коерго жай таппайт.

Жанына аралжы боло турган күйөөсү да, үйгө келбегендиктен, бүлбүлдөгөн шамды караан тутуп, улам сыртка кулак түрөт. Кой-эчкилердин бышкырыгы, уй, торпоктордун жөткүрүгү угулуп, анда-санда иттердин авалаган үндөрү чыгат. Кыңкыстаган кызын бооруна кысып, келин таңдын эртерээк эле атышын, чыдамсыздык менен күтөт. Таң атып кетсе эле, таңдын атышы, күндүн чыгышы менен кызы соп-соо айыгып кетчүдөй туюлат. Кеч күүгүмдөн бери бир оорунда жаткан жандыктар, коюу түндө асмандагы жылдыздарды улам карап үргүлөшүп, таңдын дык салганын билишип орундарынан тура, бышкырынган кой-козулардын шыбышынан улам, асманга жарык шоола тээ алыстан чачырап келе жатканын боолгологон келин, жылуу кымтууланган кызынын ысытмасы кайтып, эми тынч уйкуга киргенине сүйүнүп, көңүлү тынып, отурган боюнча көзү сүзүлүп баратты. Буту-колунун талыганына карабай, кызынын тынчтанганынан улам, таңкы уйкуга тартылган келин түш көрдү.

Күйөөсү Апак жанынан өтүп баратыптыр. Колуктусуна көңүл буруп да койбойт. Бел курчоосунан жогору жылаңач. Өтө берип токтой калды. Көңүл коюп караса, жүрөк тушу кан. Өпкөсү сыртта, көрүнүп турат. Эмне болду?-деп сурагыча болбой, күйөөсү ары басып кетти. Негедир чочуп кетип көзүн ачса, үйдө кызын кучактап өзү отурат. Жүрөгү катуу согуп, өпкөсү лакылдап, оозу чуркап келгендей, кургап калгандыгынан, ээриндерин шилемейлеп жалап алды. Колу-буттары талып, уюп калган. Сыртка жарык кирип, жандыктардын козголо баштаганы билинип жатты. Колундагы кызынын ысытмасы кайтып, чекесинен тер чыга баштаптыр. Коомай козголуп кызын көлдөлөң үстүнө аяр жаткырды да, сыртка чыгып, бети-колун жууду.

Малды жайытка чыгарып, эрте мененки саалган сүтүн бышыргыча кызы тынч уктады. Эми ойгонуп, чукуруна баштаганда, кайненеси сырттан кирди да:

-Апак алиге чейин келе элекпи?-деп суроо салды.

-Аман-эсен болгой эле.

-Эмне, жаман түш көрдүңбү?

-Ооба,түшүмдө өпкөсү сыртынан көрүнүп калыптыр.

-Ок, түшүң түлкүнүн богу. Жаман жатканга, жаман түш кирет. Жаман түшүңдү сууга айт. Кызыңдын абалы кандай?

-Кызым, кечээ күнгө караганда, бүгүн жакшы.

-Кечээ күнкү кийиздин калганын бүтүрө коелу. Үйүңдү жыйыштырып чыга кал-деп кайненеси сыртка чыгып баратып, тээ маңдайда келе жаткан топ атчандарды тиктеп, селейе туруп калды.

Күтүрөтө бастырган топ атчан үйгө жакындай бергенде, көп адамдын кыйкырыгы чыкты.

-Эсил кайран агам ой, эми кайдан табам ой!

-Эсил кайран бир боорум, келбес жайга кеттиңби?

-Айрылып калдык Апактан.

-Ай! деген аялдардын үнү чыгып, кыйкырык-өкүрүктөн элдин карааны көбөйүп баратты.

Шапа-шупа аттарынан түшө калган топ, Апактын табытын аярлай көтөрүшүп киришип, боз үйдүн капшытына тарта койгон көшөгөнүн ичине алып кирищти. Аба-аксакалдар өкүргөндөрдү тыйышып:

-Элге, алыскы-жуукка кабар бергиле. Өлгөндүн зыйнатын кылалы-дешип, тажияга кам көрө баштаншты.

Ади Кара мерген баш болгон шериктери менен Эрмекбай тагасынын үйүнө келди. Ага күйөө баласынын өлгөнүн угузушту. Карындашына кирип көңүл айтып, маркум күйөө баласынын арбагына арнап куран окуп, бата кылды. Карындашы өксүп-өксүп ыйлап токтоно албады.

-Ата-энем, агам, туугандарым бар. Тоодой тирегим, аскадай жөлөгүм бар деп жүрсөм, жетим кыздай, жетеги жок күңдөй кылып жер каратканыңар эмнеси? Бир өзүң келгениң кандай? Ата, апам, тоодой тооке журтум, кана? Мен силерди, эл караган бетиңерди жер каратып, намыс-арыңарга доо кетирдим беле, аке? Бир кызы эмес, муштумдай улагы жоголсо да издейт тура, мал кадырын билгендер. Менин туугандарым, адам кадырын аңдабай, малга окшоп калганбы? Кана аке, илим-билим алдым деп, Оогон-Иран бардым деп, Кокон, Ташкен калаасын, эчен курдай чалдым дейсиз. Алайкууга арымыңыз жетпей калдыбы. Же тага журтуңузга таарынычыңыз барбы? Же бөрүлөргө тоокелер зарбы? Бир кызыңар карбы, аке?-деп буулуга, Адинин көкүрөгүнө башын жөлөп, жашын төгүп, ичиндеги кайгы-капасын, теңинен ажыраган арман-өксүгүн билдирди.

-Тага, бул эмне кылганыңар? Бөлөк-бөтөн болсок бир жөн. Бир тууган күйөө баланын өткөнүн билдирип, кабар берсеңер болбойт беле? Же кайынын теңсинбей калдыңарбы? Сизге байлыгыбыз теңешпесе да, элдигибиз, журттугубуз тең келээр эле. Карындашым байкушту, күйөөрү жок, сүйөнөөрү болбогондой, жер каратып, өксүткөнүңөр кандай? Намыс-ариетти, журт кадырын ойлободуңарбы?-деп кумсарып ээрдин тиштеди.

-Айланайын жээним? Кантип эле ошентейли. Бул иш капилеттен болуп кетти. Кабар айтууга, аралык алыс. Ашуу ачылбай туюк. Жол ачылса деп, кабар бергени турганбыз. Аз-айып, көп күнөө болсо кечирим сурайлы. Айткан сөздөрүң намысыбызга катуу тийди. Чын,карындашың туура айтат. Өлүмгө арга жок экен. Тирүүнүн кадыры бийик. Апинин ар бир сөзү, бетибизди эмес, этибизди оорутуп, жүрөккө жетти. Атайлаган ажал болсо бир жөн, капилеттен болгон иш баарыбыздын айлабызды кетирди. Анын үстүнө басмачылар басынтып, баш көтөртпөдү. Айыбыбыз мойнубузда, жээним?

Аябагандай таарынычтар айтылып, акыры аягы тага журттун, кудалардын кечирим суроосу менен бүттү.

-Апактын ажалына эмне себепкер болду?-деген Адинин суроосуна Эрмекбай бай жөн-жайын толук айтып берди.

-Ушундай жээним, өлөт тийген басмачылар «жаңы өкмөттүн адамысыңар, орустарга берилдиңер» -деп, күйөө балаң Апакты, анын агасы Сагынбайды, айылыбыздагы эми баш көтөрүп элдин кызматын аткарып келе жаткан Абдымомунду, Жорго казакты, Кыдырша тагаңдын уулу Аматты атып кетишиптир.

-Кайдагы басмачылар экен? Башчысы ким?

-Жаныбектин уулу Төрөбай, Мырзанын уулу Ажигул, иниси Курманбек баш болгон басмачылар Кичи-Ой-Талда кармап тарылгыда атышыптыр.

-Жөндөн-жөн эле ата беришиптирби? Же алар каршылык көрсөтүп, жамандык кылышкан бекен?

-Бар балээнин баары мылтыкта болуп жатпайбы. Баягында Калкожонун басмачылары менен көчкү алганын уккандырсың. Басмачылардын курал-жарактарын алабыз дешип, ары жагы Алай, бери жагы Өзгөн, Кара- Кулжа, Жалал-Абаддан бери ар кими келип, ныкталган музду балталап-чоттоп ала алышпай, түңүлүшкөндө, жылып-жылып жок болушту. Мен Тоголок-Таш

жайлоосуна көчүп барып, суу үстүндөгү көпүрөлөрдү алдырып салдым. Капчыгайдагы каптал жардан эч ким өтө албады. Малтабар балбанды, Бектемирди, Калыны Орто-Казыктагы Сай-Конушка түнөтүп, күндө кабар алып тамак белендеп берип жүрүп, үчүнчү жыл дегенде Калкожонун денесин август айында таптым. Улам күн ысыган сайын көчкү ээрип, курал-жарак, ок-дары арбын чыкты. Тапканын үңкүргө алып келип катып, бир жайга чогулта бердим.

Калкожонун сөөгү үчүнчү жыл дегенде табылды. Ошол муздак кар боройлоп жааган мезгилде  кителинин сыртынан бөрү ичигин кийип, жоон топтун алдында жүргөндүктөн, шыпырылган көчкүнүн терең жеринде калган эле. Жанында маузери, беш атары, атына артылган ак куржуну чогуусу менен үймөлөктөнгөн өлүктөрдүн түбүндө, муздап, катып калган денесин чечиндирип алат да мурдагы өлүктөр ташталган коого көмдүк. Анын маузерин Ибраим бийге, беш атарын Бекташ болушка, бөрү ичигин өкүл атам Кадырбайга тартууладым.

Муз ичинде жатып, денеси бузулбаптыр. Корбашы канчалык мыкаачылык кылып, элге жабыр көрсөтсө да, көзү өткөндөн кийин Кудайдын момун пендеси эмеспи. Аруу жуугузуп, ак кепиндетип, денесин жашырып, атайлап багыштап куран окудук.

-Калкожонун маузерин Ибраим бийге, беш атарын Бекташка, бөрү ичигин өкүл атам Кадырбайга бердим. Атаңын көрү, пенде баласы ар кыл болот тура. Эл бийлегендер башка, карапайым жөн жүргөндөр башка болоорун турмуш өзү эле аныктап коет экен. Соогаңа ыраазыбыз дешип, Алайкуунун бийлери алды ат, аркасы бээ, тон тартуулашты. Албасам болушпайт.

-Бирөөнүн буюму. Болгондо да карапайым элден алган аманаттар. Калкожо кайдан эле бул буюмдарды өз мээнети менен жасап алды эле, алгыла-десем

-Таап алсаң да, арнап-атап алып келген сенин адамгерчилигиң. Же сенен, бер? -деп сурандык беле?-дешип болушпайт.

Алган буюм да, ар кимге кандай насип кылат. Аны Кудай билет. Кадыр байкуш кар көчкүдөн казып, Калкожонун атынын башынан сыйрып алган күмүш жүгөнүн, ичинен курчанып ала койгон экен. Үч жыл муз ичинде жаткан буюм да муз болуп, ичине катуу суук өтүп, оор ооруга чалдыгып, жазга жетпей каза

тапты. Малтабар балбан алган беш атарын адамдарга кезеп, өзүнө балээ үйүп жүрөт. Мен ырымы кылып, ысырыктап, ушул жерде шейит кеткендердин арбагына арнап, мал союп, куран окутуп, карып-мискиндерге кайыр-садага берип коюп жүрөм.

-Сизге жаңы өкмөт кандай ишеним берип калды? Инилериңиз Сагынбай менен Апакты айылдагы өкмөткө башчы койдурду-дешип, кыйтуулушпаган окшойт?

-Андайы да болду, мындайы да болду. Бирок, орустарга колумдан келишинче сый көрсөттүм. Чек арачы солдаттарга, командирлерине ары өткөндө да, бери өткөндө аттан кондуруп, суусундуктарына кымыз бердирем. Бу орус дегениң нысаптуу болобу дейм. Кол учу менен ырымдап, эт жешет. Ашып кетсе бир кесеге жетпеген кымыз ичишет. Атайлап, союш союп, коноктоюн десем, жаа бою кетенчиктешип, кеткенче шашышат. Тапкан ташыган, бөлкөсүнөн бери ала келишип, менин жаныма отуруп кетишет. «Кат-сабаты бар» дешип Сагынбай менен Апакты актипке ошолор тартышты.

-Бая «бардык иш мылтыкта»деп айттыңыз. Анын жөнү?

-Аны сурабасаң да өзүм айтмак элем. «Калкожонун басмачыларынын куралын Эрмекбай бай бүтүндөй чогултуп алды. Алайкуулуктарга бергенин берип, калганын бекитип отурат»-деген кабар Жаныбек казыга жетет. Анын басмачыларынын улам ушул жайды байырлаганын жөнү ушул. Экинчиси Алайкуунун башы- Ак-Богуз. Ак-Богуздун башы Миң -Жылкы, Кызыл-Агын, Тарала, Домбол. Андакул аркылуу Алайга ашат. Силердин Көк-Сууңарга, же Бүлөлүнүн башына Домбол менен түшөт. Аны өзүң жакшы билесиң.

Мына бул чоң суу Курманбек ашуусунан, андан соң Кара-Чал ашуусунан башталып, бир тарабы Манастын ээри, андан бери Кожо ашуусунан агып келет. Тоголок-Таш менен Эки-Чатта кошулат. Орто-Казыкта узуну алты, жети арым келген аманат көпүрө бар. Мен Тоголок-Ташка өткөнүмдөн соң, көпүрөнү алып коем. Бир канаттуу гана өтпөсө, кайберен менен адам өтө албайт. Аны Жаныбек казынын колтугуна кирип алган Ташкулдун Алибай, Салибай балдары жакшы билишет. Болду, болбоду Калкожонун адамдарынын куралдары Эрмекбайда. Анын көңүлүн алып сурайбыз. Болбосо коркутуп, аргасын кетиргенде эле, ыктыяры менен көрсөтүп берет деген таризде, улам айланчыкташып, мага өтүп келе албай жүрүшөт. Кокустан

эле жайлоодон эңкүүлөп, өөнгө барсам, алардын кимиси болсо да мени кармамак.

Куралдын жайы ушундай. Дагы бир жагы «Эрмекбай инилерин жаңы өкмөткө иштетимиш болуп жүрөт. Жаңы өкмөткө ниети түз эмес. Көп беш атарларды жашырып жүрөт. Бир учуру келгенде, куралдарды жаңы өкмөткө карай бурары анык»-деген чагуулар жетип жатканын, чек-арачы орустар менден жашырышкан жок.

-Беш атарлардын жайын орустар сизден сурашпадыбы?

-Сурашты. Алдыртадан ашуу белдерди, кокту-колот, аска-зоо ичиндеги үңкүрлөрдү акмалашып, издеп да жүрүшкөндөй. Чек ара, өтмөктөрдөн башка дагы, кандай ууру жолдор бардыгын, эчен жолу мага келип сурашты. Убаскаларын (карта) көрсөтүшүп, улам белгилеп, чиймелерин чийип көрсөтүштү.

-Бекитилген беш атарларды табышкыдайбы?

-Менин көзүм тирүүсүндө, кимдин-кими болсо да таба алышпайт. Ошентсе да, ээси келсе, өз колуна өткөрүп берейин деп жүргөм.

-Ээси качан келет? Ага чейин аңдыган душмандарыңыз көп экен. Аман коюшар бекен?

-Ээси келди. Аманатын азыр эле өткөрүп берем-деп Эрмекбай ары ноопуруш, чымыр денесин бүлкүлдөтүп, тиштерин кашкайта жайдарыланды.

-Ушундай жээним, басмачылар баш-аягыбызды жыйдырбай шакектеп турат. Менин инилеримдин мүрзөсүнө топурак салууга алайкуулук туугандарымдын көбү келе албай калды. Жүз көрсөтүп, куран окуп кеткенге, силерге окшоп келе албагандар да арбын. Биз аларга таарына да албайбыз. Силерге кабар бере албаганыбыздын жөнү ушундай.

Эки инимдин өлүмү ичимди куйкалап турат. Башкалардай эле басмачыларда менин да өчүм бар. Бирок, куралды кайберендерден башкага кармап, кезеп көрбөгөм. Ошончо куралды эмне кылмакмын? Өзүңө тапшырайын. «Басмачы» деп жаман аттуу болуп жүргөнүңдү угуп, ичим ачышты. Басмачы болсоң, эбак эле болуп алмаксың. Ушул элди талап, кан какшаткандар менен ачык эле күрөшүп, жалган сөз, жаман ушактан кутулбайсыңбы? Эч болбоду дегенде, Жаныбек казынын басмачыларынан бир туугандарымдын кегин алып бер, жээним?

Тагасынын айткандарын баш көтөрбүй баарын уккан Ади оор күрсүндү. Бая келгенде, бир тууганын көрүп, ары өксүп, жубайынан ажырап, жалгызсыраган карындашынын ызаалы-гына, көз жашы көл болуп төгүлгөн кайгысына чыдабай, тагасына, ары кудасына катуу тийгенине өкүндү. Көрсө, эки тараптан кысымга алынып, ары басса да, бери басса да, тузакка кабылган тагаларынын абалы оорлогонуна ынанды. Эми, эмне деп айтып, эмне деп убада берет? Жабылуу иш, жабылуу бойдон калганы жакшыбы? Кезеги келгенде баары маалым болоор. Бирок, «куралды ал» деп жатпайбы? Курал каткан жайын көрөйүн? Кандай, канча, катылган орду? Нымдалып, сууланбадыбы? Дат басып, чирибедиби? Бардыгын ичинен эсепке алып, жээн жооп айтпады.

Аңгыча сырттан шыпылдай баскан Эрмекбайдын көзгө басар жалгыз уулу Токтобай кирип, союлган койдун этинин бышканын кабарлады. Колго суу куюлуп, дасторконго даам келтирилип, жаш шырбаздын шорпосу тартылды. Чебердик менен куйкаланып, таза жуулган, бышкан баштан ооз тийген жээн колун сүлгүгө арчыганда, кыраакы тага, бир жерде шериктеринин бардыгын туйду.

-Карышкыр тапканын жалгыз жебейт. Токтобай, шорпону ысылай челекке куюп, куржунга этин салып, меймандарга жеткирип кел-деп Эрмекбай туюк эле уулуна эскерте кетти. Жээним, шериктериңди ээрчите келсең болмок. Ысык шорпо ичишип отурушпайт беле?

-Шартка жараша иш болуп калды. Али-бери кайта койбойбуз. Сен кичине тага, атыңды минип өзүң бар. Даамдарды алып, аркы ашуунун түбүнө барганыңда өздөрү чакырышат. Мени, тагасы менен сүйлөшүп калды дегин. – Дасторконго бата кылайлы деп, күйөө баласы Апактын арбагына арнап куран окуп, алакан жайды.

Токтобай жолго чыгаары менен тага-жээн үй аркасындагы жылганы көздөй жөнөштү. Карагайлуу чер токойдун ичин,азали адам басып өтпөгөнбү, жолдун учу билинбейт. Өгүздүн белиндей болгон жоон карагайлар каршы-терши сулап, токой ичи ным, чиринди жыттанат. Жыш токойдон күндүн бети көрүнбөй, узун карагайлардын учу, тоолордун чокулары менен бой тирешкендей. Тоо бетиндеги көп карагайлардын чети

көрүнбөйт. Жар боорлоп жүргөн эки караан акыры бир үңкүргө келип, чаалыккандарын баса бир топко олтурушту.

-Кана жээним каары деп даңкыңды угам. Өлгөн-кеткендердин арбагына багыштап, тилабат кылгайсың?

-Куп болот- деп баш ийкеген жээн оңдолуп олтуруп, узакка куран окуду. Анын кыраттуу үнүнө үңкүр жаңырып, мазар-машаяктардын аттары аталып, пайгамбар, сахабаларга арналган тилектерден соң, элдин эсиндеги, жер-суунун бүтүндүгү, ааламдын бейкутчулугу, адам баласынын эртеңки жашоосунда барчылык-токчулуктун, тынчылыктын болушун, бир Кудайдын өзүнөн сураган ниет-тилектери айтылып,жүзгө бата тартылды.

-Бисмилдарахманир райым-деген тага өзү кадам таштап, үңкүргө баш бакты. Эки-үч кадам шилтеген соң, үңкүрдүн ичи туюкка такалып, төбөдө бир адам батарлык тешик көрүндү. Андан муздак шамал чыгып, аркы тарабы карарат. Бай тешик аркылуу, өйдөлөй таштарды кармалап, буттары менен таканчыктап, акырын жыла баштады. Аркадан жээн ээрчиди. Тешиктин үстү жайык тартып, туура кеткен үңкүргө уланды. Беш-алты кадам ээрчише баскандан соң, ичи жарык, эки-үч бөлмөгө бөлүнгөндөй, бийиктиги чылбыр бою келген үңкүрлөрдүн ичинде жүрүштү. Күн батыш, күн чыгыш тараптары казандын бетиндей оюк болгондуктан жел каршы-терши согуп, үңкүрдүн ичи ары кургак, ары салкын дагы. Үңкүрлөрдүн ооз тарабына канаттуу куштар түнөктөйбү, агарган заңдары көрүнөт. Ортодогу үңкүр эки тарабына караганда кенен да, жарык дагы. Төбөсүндөгү маңдай тушунан күндүн нурунун шооласы түшүп турат. Бай ортоңку үңкүрдүн төрүнө өтүп, минишкен чоң үч таштын ортоңкусун мүрүсүн салып акырын бир тарабына түртө кетти. Өгүздөй болгон чулу таш кыңкая туруп калганда, аркы тарабынан чакан үңкүр көрүндү.

-Мына -деди бай колу менен тешикти көрсөтүп, өзү кетенчиктей, жээнине жол бошотту.

Ади чакан үңкүргө баш багары менен кийиз, туурдуктарга оролгон кабат-кабат жыйылган куралдарды көрдү. Алар ар кандай: туурасынан, тикесинен коюлган. Акырын бирөөсүн алып, оролгон туурдуктун кесиндисин ачты. Жылтырап жаңыдай көрүндү. Майланышып турат. Мурдуна жакын алып келип, жыттай баштаганда, тагасы анын оюн түшүнө коюп:

-Аюнун майы. Дат, ным баспасын деп майлап чыктым.

-Майдын жытына калар, чычкан келбейби? Кийизге бүргө, курт түшкөндүр. Жыл сайын жаңылайсызбы?

-Жо-ок. Жай кургак. Арча, шыбак, эрмен алып келип түтөтүп, кээде кабаттардын арасына кошо оройм.

-Чычканга кебек алдырбайт экенсиз да?

-Кебекке үйрөнгөн чычкан келип, булгайт. Өзү эле келбестен башкаларды да ээрчите келет. Аларды көргөн соң,башкалар да келет. Шектенүү ошондон болот.

-Бул жайга бир сизден кийин мен эле келиптирмин да.

-Экөө көп, бирөө аз. Аз болгон сайын ишибиз саз.

-Ок-дарыларычы?

-Ок-дарыларынан соң, алтынын, зергер буюмдарын сураарсың?

-Өзүңүз айтсаңыз айтаарсыз. Мен сурабайын. Курал-дардын, кандай түрлөрү бар болду экен.

-Куралдын түрүн көп дале, билбейм.

-Менин билишиме караганда, он эки атар англис мылтыктары, орус, жапан мылтыктары ок-дарылары менен болсо керек?

-Кандай түрү болсо да, ушул жерде. Бу тарабында ок-дарысы-деп, бурч тараптагы кийизди ачканда чачылып жаткан октор көрүндү.

-Жээним, ушулардын бары сеники. Дүнүйө десең аны да ал. Заман тейин карасам башкача болгудай. Элге кызмат кылып, тынчтыкты сакта. Калкожого жолукканымда анчейин сезбедим эле. Көчкү алган басмачылардын өлүгүн, муз алдынан сууруп алып жүрүп, адам өмүрү каш-кабактын ортосунда экенин байкадым. Пай-пай не деген гана жаш жигиттер. Ар бири, ар бир үйдүн күйгөн шам чырагы эле го. Кокустан басмачылардын катарына кошулбай, колдору булганбаганда жүрүшпөйт беле экөөбүзгө окшоп. Мейли ажалдары көчкүдөн экен. Өлгөндөр өлүштү. Эми калган жигиттер аман болсун. Казынын көзүн тазаласаң да, калганын аман алып кала көр. Айт аларга «өз туугандарыңа, өз элиңе курал көтөрүп, не муратка жетесиңер де». Туулуп-өскөн жериңерден качып кайда барасыңар де. Бөтөн эл, бөтөн жер эч кимге Мисир эмес.

-Менин туугандарым-апаңын инилери: Сатыбалды, Чымын, Чырак, Алипсатар, Абдыкадыр, Кадыр, Момолой, Бейше, Дүйшө

аттуу тагаларың ары кыл мерген. Ары сага күйө турган жан-жолдош. Алайдан өз туугандарыңды алсаң, жоон топтун жолуна эч ким, эч кандай күч туруштук бере албайт.

Ади чачылып жаткан октордон мойнунда асылуу жүргөн чакан жан торбосуна уучтап-уучтап салды да, көп мылтыктардын четиндеги бир беш атарды алып, сыртка баш бакты.

-Эй, баатыр. Буларды сага тапшырдым. Өзүң бекитип, белги кой. Мен сага болгону күзөтүп берем. Тиги ташты сүрүлтпөй ордуна кой. Кана, күчүңдү көрөйүн-деди.

Ади тагасы оңой эле жылдырган ташты келип, так көтөрүүгө аракет кылды. Ныладай болгон чулу таш, ордунан жылбады.

-Сен аны жөн таш деп ойлоп жатасың. Ичиндеги мүлктүн баасына маани бербей турасың. Кор башынын канча колу бар деп, ойлодуң беле?

-Эки жүз, үч жүз болсо керек дечүүмүн.

-Жарым миңден жогору айт.

-Канча айылды талап, канча байды тоногонун, канча кыз-келиндердин сөйкө-билеригин, үзүк, зергер буюмдарын жулуп алганын билбесең керек. Корбашы алардын баарын жүктөтүп, өзү менен ала жүргөн. Эми жылдырчы ташты. Жээн тагасынын олбурлуу чымыр денесин кунт кое тиктеп алды да, аярлап барып чулу ташты так көтөрмөк болду.

-Андай эмес жээним. Таштар бири-бирине жабышпайт. Сүргөнчө көтөр. Ордуна келет.

Айткандай эле ташты копшоп, бир тарабына сүрө түрткөндө, тык эте барып, ордуна түшүп, тешиктин бардыгы билинбей калды.

Сатыбалды тагасы баш болгон Алайкуулук мергендер менен Кара мерген баштаган алайлыктар эскиден эле тааныш-билиш, ары катташ да болущчу. Бөрү жортушка салган мергендер асканы аска, зоону зоо дебей өйдө-ылдыйда жарыша, кээде ээрчише жол алышты. Сөөктөн, Терек ашуусуна келишип, Турук-Шуруктун бийигине жетишип,атарапка көз салышты. Май айы ортолоп калгандыгына байланыштуу кокту-колот, кыр жондорго чейин көк көтөрүлүп, айлана жашыл түс жамынган. Күңгөйлөрдөгү чүкүрү, пияздар эми боткок алып, жулуп алган сайын ууз-сүттөрү мөлт эте тамчылап, адамдын жегисин эле кетирет. Мергендер адатта аңга чыкканда ачуу,

курч жыттанган даамды татышпайт. Тамеки чекмек тургай, терлебей,жеңилдене жүрүшөт. Себеби, кайберен шамалдын жүрүшүнөн, желдин багытынан жыт алып, шексисе, ордунан жылып жер которот. Кайберендердин кыял-пейилдерин беш колундай билген мергендер, бүгүн өтө эле саксынбай тоо пияз, сармысактардан бурдай сугунуп жүрүштү. Бир чети көк, ууз чөптөр суусунду кандырса, экинчи тараптан ичтейди ачып, бойго жеңил отурат.

Алайкуулук мергендердин ашуу ашып, аска-зоону аралап жүрүшү басмачыларга башчы болгон Салибай менен Алибайды, Абдылдабек менен Айтмаректи да шектендирбейт болчу. Баары алайкуулук бирин-бири жакшы таанышат. Алайлыктарды билгени билет. Билбегени болсо шектенмек тургай, көңүлдөрүнө алып да коюшпайт. Бирок Кара мерген менен Адинин көрүнүшү кимди болбосун сестендирбей койбойт. Экөө тең илбирстей шамдагай, жолборстой жоолуккан адамды теше тиктешет. Бүркүт баштанып жөн турушпай, улам жан-жака белдерин карашып, кичине эле шек билинсе, баса калчуудай болушуп, обдулуп турушат. Баарынын үстүлөрүндө жаан-чачын оңойлук менен өтпөй турган ары жука, ары жеңил өпкө желек, кулакчыны кайрылган тоолуктардын тебетейи. Текенин терисинен ийленип, ышкын түп сүртүлө тигилген бозомук түстөгү каңгагай шымдар, калың,жылкынын моюн терисинен аябай ийленип, жумшартылган чокойлорунун үстүнөн тай туяк байланышып, асканын урчугунан, тик жан боордун кынтыгынан тайгаланбай, элпек басып кете беришет. Ар бири жанбаштарына, жан торболорду асынышкан. Анда азыгы да, ок-дарылары да саналуу, эсеп менен салынган.

Баятан берки асмандагы ала булуттун, улам жылышы,ылдамдап, ар тараптан чогула баштады. Анда-санда кокту-колотко кирип, аска-зоону аралай учкан бүркүттөр бир тарапка кеткенби, күн төбөгө келип, чак түш болгон чакта катуу шамал ар тараптан согуп, булут калыңдап, бийик чокуда бороон башталды. Жумшак кар шамал учурган сайын уйгу-туйгу болуп,жол көрсөтпөйт. Шамалдын катуулугунанбы, же күндүн сууктугунанбы баятан берки жумшактанган кар, эми тоголоктоно, бети-башка чаба жаап, тыз-тыз эткизе буюктурат. Тээ төмөндөн эч нерсе көрүнбөйт. Аярлап,эңкүүлөшкөн топ,

ашуунун этегине келишкенде,тээ төмөндөгү жайпаңда капарсыз жүрүшкөн караандар көрүнө баштады.

Боз туман жылып, өйдөлөгөн сайын,этектеги жайык айыл айкын көрүнүп, чогуу тигилген боз үйлөрдөн түтүн булайт. Баятан бери туманга аралашып, түшүп келе жаткан,чачылган караандар, төмөндөн соккон катуу шамалдан улам, булут удургуп, тик беттин айкын көрүнүшүнөн уламбы, же коюу туманда сес көрсөтө ок чыгарайын дештиби, капылеттен «тарс» эткен мылтыктын үнү төмөндөн угулду. Мергендер бой жашырышып, таштарды паана кылышты. Аңгыча атылган мылтыктын үнүн улай,экинчи жолу «тарс» эткен үн чыкты. Мергендердин бири, өздөрүн көрүп калдыбы деген ойдо, «тарс» эткен үндү боолголоп, ок узатты. Ачуу кыйкырык чыгып, анан барып, удаа атылган мылтыктар тарсылдады. Тоо тарапты аңдып, күзөттө даяр турушканбы, ойдогулар тумандуу бетти мээлебей эле туш келди, ок чыгарышты.

Мергендер жан коебу, жогортон таш кулагандай зуулдап, түшүшүп, калканчы жок жерде туруп алып ок чыгаргандарды бутага алышты. Топтошкон боз үйлөрдөн шашыла чыккан адамдар,бири-бирине карабай, каңтарылуу турган аттарга шап жетишип, ээрлерге отурууга үлгүрбөй, аттарына камчы басышып, аркы кокту тарапка, кыялай салышты. Заматта жайылган дасторкондор тамак-ашы менен жыйылбай калып кетти. Казынын он канат, сегиз канат, алты канат ак үйлөрүнүн ичи килемге толуп, ар бир керегенин башында аюу баш болгон жолборс, илбирс, сүлөөсүн, карышкыр, түлкү, суусар, кундуздун терилери илинген. Керегелердин көктөмү күмүш теңге, ак маржан болуп,көз жоосун алат. Казы жигиттери менен үлгүрүп алганы канча, калганы ушул болсо дешип, мергендер баш чайкашты.

Ади ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнүн атайын тапшырмасын эч кимге билдирген жок.

«Өтө жашыруун

САВО штабынын начальнигине

19-май күнү Чытты айланасында корбашы Абдылдабек, Кошбайдын, Өмүр Кашканын шайкалары менен 6-полктун атчандар взводу беттешти. Жүздөй душман Көл-Сайдын баш жагында бир аз жоготууга учурап, андан ары чегинип кетишти. Бизден чыгаша жок.

Жаныбек алтымыштай басмачы менен Арка өрөөнү жакка ооду.

Алтынчы полктун эскадрону куугунтуктап баратат.

КОМВОЕНКОМДИВ 22.05.27

ГПУчулар Өзгөн волисполкомунун мүчөсү, коммунист Төрөбаев Бектемирге Ж.Сагынбаевди өлтүрүү тапшырмасы менен жөнөтүштү. Андан көп өтпөй Акмат менен Байгулду жиберишти. Эч кандай тыянак чыкпады. Үчүнчү жолку 1929-жылдын акыры 1830-жылдын башында да жасалды. Бу сапар Ош ГПУнун бөлүмү чек ара комендатурасы Жаныбекти колго түшүрүүнүн иш-чараларын түзүшүп, Өзгөн райондук ГПУнун уполномочени Лапин башында турган ыктыярдуу отрядды даярдады. Отряд 1930-жылы февралдын 13үнөн 14үнө оогон түнү заставага барганы менен отряддын курамындагы Кошмат Бостонкулов, Курманали Момунов, Маша Оргалчаев, Чодон, Гүпүр Сатиевдер курал-жарактары менен Жаныбек казы тарапка өтүп кетишти.

Чыттынын ашуусун ашып, Арпа суусунун башына эки жүздөй куралдуу кошунун Жаныбек баштап барды. Кара-Шородо камтууга үлгүрбөй үйү, үч жүздөй кара малы, үч миңдей жандыгы калып кетти. Казынын үй-бүлөсү жана Салибай менен Алибайдын атасы Ташкул кызылдардын колуна түштү.

«Ош Погран 1-комендатуранын начальниги Фаддей Федорович Кекинге жана Кыргыз Республикасынын кадырлуу башчыларына!

Катыңарды алып, кубандым. Коюлган шартка маакулмун. Силер Салибай, Алибайды кармоону айтыпсыңар. Мен мурда эле силердин катыңарды ала электе эле, ал экөөнү, Барбышты кармап, силерге айдап жөнөсөмбү деп жаткам. Салибай менен Алибайды кармоого Сары-Бээге Кошбайды жиберип, артынан Өмар кашканы жөнөткөм. Кошбайым аларга кошулуп, Өмүр кашкадан мага таандык беш мылтыкты тартып алган.

Уккан кабарга караганда, мен али граждандык укугумдан ажырата элек экемин. Эгер өкмөт Алайдан, же Кетмен-Төбөдөн турук жай бере турган болсо, мейли мен барып жашайын жо, эч жерден баш калкалар жер бербесе, анда да мейли, өзүмө эптеп бурчек табам.

Дагы сурарым: эгер Салибай, Алибай, Барбыш, Кошбайды кармап, тапшырсам, мага караштуу кишилерге өкмөт тийбейби, убада кандай болот?

Жаныбек.26-май.1927-жыл»

Сая түшкөн аскер ашууларды тосуп, курчоого алды. Катуу уруш болуп, басмачылар туруштук кыла алышпады. Жоготууга учурап,беткелди качты. Жаныбек өзүнө караштуу жыйырмадай басмачыны ээрчитип, Сөөк ашуусун карап бет алды. Абдылдабек бир тууганы, уулу, корбашы барбышка кошулуп Каргаша-Сууга бекинди. Корбашы Төлөнбай Көлдүн суусунун башына кетти. Салибай менен Алибай Сары-Бел ашуусун көздөй качты. Өмүр кашка он чакты кишини баштап келип 30-май күнү аскер тарапка өттү.

Басмачылардын майда топторун, жеке-жарым жүргөнүн, бекитилген куралдарын көрсөтүшкөн эл өкүлдөрү жергиликтүү дыйкан Павел Осташков башчылык кылган кыргыз, орус, кедейлерден түзүлгөн отряд ОГПУ нин эскадрону менен биргеликте ийгиликке жетише алышты.

Май айынын ичиндеги Өзгөн, Кара-Кулжа аймактарындагы окуяларга саясий баа берүү максатында ВКП (б) БКнын Средазбюросу атайын тапшырма менен өкмөттүк комиссиянын курамын бекитти. Өкмөттүк комиссия, аскер командачылыгы, ГПУ болуп, партиянын тапшырмасын аткарууга эл аралап чыгышты.

Алардын алдыдагы максаты:-Басмачылардын кыймылынан улам кордук көргөн калкты коргоого алып, бүлүнгөндөрдү жөнгө салууга көмөк көрсөтүү. Кедей-кембагал журтунун турмушун оңдоого жашоосун жакшыртууга басмачылык кыймыл карама-каршы экендигин жарыялоо, Жаныбек жана анын жан-жөкөрлөрү эмгекчи элдин тап душманы экендигин үгүт кылуу. Аймактагы партиялык, комсомолдук, кошчу уюмдарындагы элдин мүдөөсүнө каршы элементтерди тазалоо, жергиликтүү советтерди кайра шайлоо иштерин жүргүзүү. Басмачыларды биротоло жок кылуу үчүн жергиликтүү элден ыктыярдуу отряд түзүү.

Өкмөттүн саясатын калк арасына кеңири жеткирүү үчүн байыркы шаардын базары тандалды. Өзгөндүн чоң базарына ар жагы Кара-Кулжа, Көк-Арт, Жалал-Абад, Куршаб, Өзгөндүн айлана-тегерегиндеги аймактардагы өкүлдөр: мурдагы бай-манап, бий-бектер, элге төбөсү көрүнгөн мыкты чыкмалар, басмачынын катарында жүрүп куралын тапшыргандар, айыл-аксакалдары, дин кызматкерлери, соодагерлер, чарбадар,

дыйкан, усталар, айыл активдери чакырылды. Чогулган эл арасында митинг өткөрүлдү. Кызыл командирлер, ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү, активдер чыгышып, көпчүлүктү басмачылык менен күрөшүүгө чакырышты. Уу-дуу болгон эл, каракчылардын талап-тоногонун, тынч тиригилик өткөрүп жаткандарды капылеттен келип, басып алышканын, алган түшүмдөрүн, күндөлүк оокаттарын тартып алышып, зордук-зомбулук көрсөткөндөрдү айтып жатышты. Мурдатан үйрөтүлүп, даярдалган кедей-кембагалдар, айрым акскалдар «Жоголсун басмачы!», «Басмачыларга арабызда орун жок!», «Жашасын Кеңеш өкмөт!» дегизип кыйкыртышты. Алардын чакырыгына эл да кошулуп, кубаттап жатышты.

Өкмөттүк комиссия эл аралап чыгып, ишендирүү иштерин жүргүзүштү. Жалпы чогулуштарды өткөрүштү. «Адашкан басмачылар келсин, ыктыярдуу куралдарын тапшырса күнөөлөнбөйт» деп жарыялашты. Андан көп өтпөй эле «адашып, жаңылып, жаздык, алдандык» дешкен басмачылар топ-тобу, жалгыз да келишип, куралдарын тапшырышты.

«ОГПУ аскеринин өзгөчө Ош погранучасткасынын коменданты жол. Ерохинге 18.01.1928-ж

Жаныбектин каракчыларын жок кылууга жергиликтүү элден кошумча отряд түзүү жөнүндөгү маселени, шартка ылайыксыз деп эсептейм. Буга окшогон отряддар ашыкча түзүлсө, өз алдынча аракет кыла турган болсо, эч кандай пайда алып келбейт. Тескерисинче зыяны тиет. Курал бөөдө таркалып кетет.

Ыктыярдуу отряд түзөбүз деген Байбатча, Бектемир, Бекташ уруулук, жааттык кегин Жаныбектен алууну көздөп отурушат.

Иштин жүрүшүн, өз убагында, тез кабарлап тургула!

Кыргыз АССР Погранучастканын начальниги Кекин».

Катта айтылгандай уруулук, жааттык бөлүнүү ынтымактык биригүүгө ар дайым кедерги болуп келди. Жергиликтүү шартты кыргыздардын арасына келген башка калктын өкүлдөрү, айрыкча чекисттер жакшы билишкен. Илгертен бери өз алдынча мамлекет болуп биригүүдө да уруулук, жааттошуу күч алып, эч кимди алдыга чыгаргысы келишпеген «Кортук да болсо, кочкорду өзүбүздүн короодон коелу» аттуу макалдар сөөккө сиңген кемтикти айгинелейт.

Жаныбек казы Кытайга өтүп, басмачылардын аягы тыйылып бараткандa учурунда болуш болуп, эл бийлешкен Төрөкелди уулу Бектемир, Алимжан уулу Байбача, Кыдырша уулу Бекташ үчөө тең, отрядга мүчөлүккө кабыл алууну өтүнүп келишти. Алардын оюнда «өкмөткө кызмат көрсөткөн» болуп, совет бийлиги менен жакындан алака түзүү, өкмөттөн алынган курал менен кек алуу эле.

Уруяттын кабары тоо ичин аралап келгенден баштап Жаныбек менен катар Алымжан уулу Байбачанын бир тууганы Бөрү да аскер курап, Жаныбекти теңсинбей жүргөн. Мырзакеликтердин айтуусуна караганда мышыктын куйругуна майга чыланган эски түйдөктөлгөн жүн байлап от коет. Ошол кезде камыш менен жабылган Мырзакедеги орустардын тамдарына жан талпас кылган мышык качып барат. Бири-бирине туташ салынган тамдар бир түндө, бири калбай өрттөнүп кетет. Анын жаман аттысы кайрадан келип эле Жаныбекке келет. Өзүн теңсинбей жүргөн Бөрүгө казы кекенип жүргөн.

-Менден жол талашып кыйын көрүнгүң келеби! - деп Бөрүнү Бекбайга аттырып салат.

Бир тууганынын канын кууган Алимжан уулу Байбача ичинен кекенип, -«Качан учуру келээр экен?» деп күтүп жүргөнүнүн бир себеби эле.

Бийлиги жагынан да, байлыгы жагынан да атаандашып, чоң аш-той маарекелерде өктөмдүктү самаган Кыдырша бай мурда ыңкылап келген кезде ага каршы чыгып, алдап жаңы өкмөттүн камчысын чаап, бирде болуш, бирде казы аталып, анан калса совет-кытай соодасын жүргүзүп улам зоболосу көтөрүлгөн Жаныбекке баласы Бекташты үзөңгүлөш кылып, ымала түздүргөн. Ошол Бекташ Жаныбектин иниси менен уулу Ташкулдун балдары Салибай, Алибай баштап келген Сары-Бээдеги жаңжалды Ой-Талга оодуруп, тынч элди дүргүттү. Анысына карабай Жаныбек Бекташты куугунтукка алып, бир тууганы Акматты аттырып кеткенин Бекташ унуткан эмес.

Байлардын короодогу койлорун, жайыттагы малдарын ортого тартып, бай-кедейи жок тегиз жашайбыз деген шартта жаңы өкмөттүн көзүнө көрүнүп «басмачыларды жоюуга», «ыктыярдуу аттануу» жөн жеринен эмес эле. Ушунун бары кылдат каралып, «отряд куроочулар» жердин уусун билген киши

катары пайдаланылды. Бирок бай-манаптар, бий-болуш, старчындарга чейин өкмөттүн тизмесине илинген эле.

Басмачылардын чек арадан өткөнүн Кытай акимдери көрмөксөн болуп жүрүштү. Анын себеби «оңой олжо, бекер тартуу» алардын көзүн тосуп, оозун бүтөп жаткан.

«Жаныбекти жок кылуу үчүн чек арадан советтик отряды өткөрүү жөнүндө» советтиктердин Кашкардагы консулдугу аркылуу Синьцзян Кытай акимдерине берилген сунуш келди. Ага жооп болбогон соң, мамилелеш өлкө катары өздөрү колго түшүрүп берүүсү, же биргелешип кармоо маселеси коюлду. Кытай акимдери ага макулдуктарын билдиримиш болуп, ар кандай шылтоолорду айтышып күн өткөрүп жатышты.

Аңгыча 1929-жылы 9-августта Сопу-Коргондон чыгып, Эркеч-Там аркылуу Кашкарга өтүп келген Советтик соода кербенин чек арадан алысыраак жайда талап алынып, экинчи кербенге кол салынды.

Кашкардагы Союздун консулунун наразылыгын Кашкар губернатору Ма-Шао-У өзү кабыл алып, чара көрүлөөрүн билдиргени менен Жаныбекти сактап калууга, тилмечи менен Жаныбекке өзү келди. Ал кезде казы убактылуу Улуу-Чатта турган.

-Совет өкмөтү катуу талап коюп жатат. Таланып алынган мүлктү кайтаруу керек- деди Ма-Шао-у.

-Көпчүлүк талаган мүлктү кантип изине кое алабыз, таксыр? Жолун өзүңүз табарсыз деди, алтын салынган калтаны анын алдына акырын жылдырган Жаныбек.

-Андай болсо куралды тапшырып, Кытай адамы болуп өтүп алыңыз! Эгер мындай болбосо, акыбалыңыз өтө эле жаман болуп калат.

Бул сунуш Жаныбекке оор тийди. Кулагы тунжурап, көздөрү караңгылады. Андай болгондо мурунтан берки сөөлөтүнөн да, дөөлөтүнөн да ажырайбы? Өзүнүн жообун күтүп турган кытай доотайынын талабына макул болбоско арга жок эле.

-Мейли дүйнөнү кайтартып бергизейин.

-Куралды таштап, кытай адамы болууга эмне дейсиз?

-Жигиттер менен кеңешип көрөйүн-деп убада берген Жаныбек ээрдин тиштенди.

-Жообун тез билдириңиз!-деген доотай тилмечин калтырып, өзү кайра тартты.

Жаныбектин жигиттери кытай адам болуп өтүүгө, куралдарды тапшырууга бир добуштан ынашкан жок. Тилмеч доотайга сөздү жеткирди. Ал эч кандай чара көргөн жок.

Башынан шаан-шөкөт менен жүрүүгө көнүп калган Жаныбек ары-бери бастырганда да Кашкардагы басыздардан жыйнаган бир топ жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, сөөлөтүн бузган жок. Ат кошчулары бир чети анын жан сакчылары болсо, экинчи тарабынан жакын кеңешчилери. Дүйнөнү дүңгүрөткөн англис мамлекетинин укугу чоң өкүлү, ага көңүл бөлүп, чакырып, же өзү аттанып келип кол бериши көргөн, уккандарды таң калтырды.

-Жаныбек казынын жөлөмөлөрү бары чын окшойт. Бир кезде орустар аны ого эле көтөрмөлөдү эле. Эми англичандар кастарлап калышы жөн жерден эмес. Дагы эле болсо жерге түшө элек тура? - деген шыбыр-күбүрдү байкаган казы көп эл турган жайды аралай, ээр үстүндө этегин жайып, бой сымбаты келишкен боз жоргонун үстүндө чалкалай отуруп, анда-санда маңдайдан чыга калгандарга баш ийкемиш болуп, зуулдап өтүп кетет.

Динчил элге «касиеттүү», «колдоочусу бар» деген аңыз катуу таасир эткенден улам, аны тааныган-таанибаган адамдар да колдорун көкүрөккө ала ийиле калышы башкалардын гана эмес Жаныбектин өзүнө жагымдуу сезилчү.

Жаныбектин мурдагы кытай-совет соодасын жүргүзүп жүргөндө тапкан достору англис консулдагыларды колго алышты. «Жаныбекти кармап, совет өкмөтүнө өткөрүп берүүнү жокко чыгарууну» суранышты. Ал кытай акимдери менен «убакытты созууну» макулдашты.

Жаныбектин ыктыярдуу түрдө багынып беришин Ош округу боюнча погранзаставасынын коменданты Ерохин ортого киши салып, кат жөнөттү. Келген кабар анын тынчын алды. Дал ошол мезгилде англис консулу Жаныбекти Кашкарга чакырды.

Жаныбекти биргелешип кармоо, чек арадан отряд өткөрүү маселеси коюлгандан кийин Синьцзянь провинциясынын башкаруучусу Кашкар доотайына шифр менен берген жашыруун маалыматты совет чалгынчылар кармап алышты.

«Өтө жашыруун Телеграмма

Телеграмманы алтысында алдым. Союз бандиттерди жок кылуу үчүн кытай аймагына отряд жиберүүнү сунуш кылды. Бул

Кытайдын суверенитетин бузуу менен чек арада тополоң чыгарарынан улам, четке кагылат.

Жаныбекти жок кылмайынча иш тынбагыдай. Бул маселе ырбап, чоң кагылышууга айланып,аны жөнгө салыш кыйын болуп калышы мүмкүн экендиги эске алынып, Синь Чжен-чжан бир жагынан биз тараптан басмачыны жок кылууга отряд жиберилгенин айтып совконсулдун сунушун сыпаа кайтарып коюуну сизге сунуш кылам.

Жаныбекти биргелешкен совет-кытай отрядына кармалып калбасы үчүн тез арада кытай аймагынан чыгып бир жакка кетип калуусун ишенимдүү кыргыз таап оозеки айттырыңыз. Кеңешке кулак какпаса, аны жок кылууга бизди мажбур кылаарын, ал өлүмдөн качып кутула албасын эскертсин!

Тапшырма кагаз бетине түшпөсүн, тымызын жүзөгө ашырылышына олуттуу көңүл буруңуз. Кокустан кагазга жазылып, документ катары совет тарабынан колуна тийип калса, аягы жаңжалга айланат.

Баары ойлонулуп, так аткарылсын.

Цзинь Шу-Жень.11.01.1930-ж.

Жаныбекти сактап, совет өкмөтүнүн колуна түшпөөсүнө шарт түзүшкөн кытай акимдеринин эки жүздүүлүгү билинди.

«Синь Чжень-Чжан мырза!

Кытай акимдеринин Жаныбекти кармоого эч аракет кылбай, кайра түздөн-түз көмөк берип жаткандыгы жөнүндө менин бир нече жолку протестиме карабай, ушул күндө да Жаныбек Кашкар аймагында сый көрүп, жашап жүрөт.

Дагы бир мертебе өтө кескин мүнөздө Сизге билдирүү жасап отурам. Кытай акимдеринин күнөөсү боюнча пайда болгон чек арадагы абал мындан ары да улантыла берүүгө болбойт. Ал СССР менен Синьцзян ортосундагы боло келген алакага салакасы тийет. Ошондуктан совет өкмөтүн Кытай территориясында Жаныбекти жашырып жүрө берүүгө жол койбоо үчүн айрыкча чечкиндүү кадам жасоого мажбурлайт.

СССРдин Кашкардагы Генконсулу Постников 4.2.1930»

«Постников Мырза!

Биз тараптан Жаныбекти жок кылыш үчүн аскер жиберилген. Бирок чек аранын узундугунан жана кайтаруу кыйынчылыгынан шайканын жолун тосо алышпай жатат. Совет тара-

бы дале алардын совет чегине өтүп баруусун тыйып кое албаган сыяктуу. Биздин аскер бандиттердин турган жерин аныктаган кабар алаары замат жүрүш кылат. Бирок, бандиттер өтө ыкчамдыгы менен дароо көздөн далдоо кетишип, тескерисинче аскер артка кайтары менен пайда болуп калышат. Ошондуктан Кытай тарабы толук жеңишти убада кыла албайт.

Ма Шао-У 27.2.1930-ж»

Жаныбекти жок кылуудан Кытай акимдери баш тартышты. Бирок, НКИДВОСТОЧНЫЙ ОТДЕЛ консул аркылуу катуу талап койду. Жаныбекти кармоого Синьцзян провинциясынын башкаруучусу кантсе да аргасыз болду. Совет өкмөтүнө өткөрүп берүү маселесине келгенде англис консулу кийлигишип, Жаныбекти атайын бир взвод аскерге кайтартып, Котон шаарына ар түркүн шылтоолор менен 1930-жылдын этегинде жылдырышты.

***

Тээ замандан бери «Улуу жибек жолу», «Кытайдын кербен жолу» аталып келген атактуу соода жолу ушул Кытайдан-Синьцзян, анан Орто Азияга, андан Орусиянын ички шаарларына өтүп кетчү узун жол. Ал кан тамырдай болуп Чыгыштан-батышка, түндүктөн-түштүккө агып турат. Илгертен нукка түшүп калган сода баягы калыбынан танган жок. Аска-зоолорду аралап, чөлдөрдү кезип, тынымсыз аккан суудай токтободу. Берки эле Кашкар менен Кулжадан, Үрүмчү менен Турпандан алган жүк Орто Азияга-Ферганага, анан кайра эле Синьцзянга айланып агылып турат.

Миңдеген ат-төөнүн жүгү кербен башылардын көзөмөлүндө мелжеген жайга барат. Алтын акчага, же асыл буюмга алмаштырылып эсебин тапкандарга эчендеген пайда алып келет. Кербендин шылтоосу менен не деген гана буюм-тайымдар өткөрүлүп, кара башыл адамдан тартып, ийне көзүндөй иймейген буюмга дейре издеген нерсе табыла берет. Эң негизгиси эле-кардар. Кардар каалаcа кар, зар болсо зер да келтирилет. Болгону убакыт керек. Кербенге керек-жарак, ат-төөгө токулга, жип-аркан сатып алуу шылтоосун бетке туткан соодагерлер эл арасынан өтө керек дүнүйөнү ичмектеп билишип, айрым жерде катылган алтын менен гаухарды, а тиги Синьцзян тарапка, алтындан кем турбас марал мүйүзүн жең ичинен жашырып алып келинет.

Орусия менен Улуу Британия Орто Азиядагы ээлик кылууга мурдатан эле атаандашкан саясатынан улам согуш оту бир топко чейин алоолоп келди. Бирок Орусия чапсаңдык кылып, бүтүндөй аймакты ээлеп, колонияга айландырган чакта да, Англия жутунганын койбоду. Ар тараптан тыңчыларын жөнөтүп дүйнө жүзүнө Орусияны жаман аттуу кылуудан тартынган жок. Акырында Октябрь революциясы жеңген чакта да, граждандык согуштун пайда болушуна Англия активдүү аракеттерди жүргүзүп, Түркияны, Оогонду шыкактап Орусиянын кубатын кетирип, алсыздандырууга күч үрөдү. Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдардагы Орто Азия большевиктердин басмачылык аракети кийин жергиликтүүлөрдүн каршылык көрсөтүү кыймылына айланды. Кийин алар «мыкаачы, каракчы, басмачы» аталды. Алардын арасындагы эл-жерди, динди, каада-салттарды астейдил сактоого, аны коргоого берилген мекенчилдер- эл душманы. эркиндикти, биримдикти көрө албастар катары сүрөттөлдү.

Кашкардагы Англиянын консулу катуу аракеттенип жатты. Анын ар бир жасаган иши Улуу Британиянын көзөмөлүндө болду. Кытайга жанаша турган Түркстанга колубуз жетип турат. Алар ислам динин ыйык туткан мусулмандар, биздин айтканыбызды так аткарууга дайым даяр. Кытай тараптагы да, Совет өкмөтү тараптагы да мусулмандарды колго алып, биздин королдук бийликке карап бере турган кадимки мусулман халифатын түзүү тапшырмасын башкы планга коюлуу керек! Мына ушул милдетти аткарганда гана Совет бийлигине каршы түзүлгөн аракетибиз аткарылат. Ал үчүн өтө кылдаттык менен терең ойлонуп,иш алып баруу зарыл. Анын жолдорун издегиле, изденгиле!-деген Лондондун тапшырмасы консулдагылардын күнү- түнү тынчын алды.

Кытайдагы коогалуу окуялар да алоолоп бараткан. Япония Манчжурияны басып кирип, Кытайдын төрүн карай умтулуп жаткан чакта Кытай коммунисттеринин таасири да күч алып, Кытайдын провинциялары биринин артынан бири кызылдардын таасирине өтүп баратты. Улам өрттөй алоолонуп бараткан абалдан гоменьдандык бийлик да, Чан Кайшинин өзү да сактанып, үрөйү учуп турду. Алапайын таппай гомендан армиясы коммунисттерге каршылыгын көрсөтүп, чабуулга чыкты.

Түркстандагы бийлик ээлеринин өкмөткө каршы көтөрүлүшүн япондуктар пайдаланып, мусулмандар жердеген Синьцзян провинциясын каратып алуу максатында Япониянын агенти генерал Маджуин Гансю провинциясындагы калың колун Синьцзянга киргизди. Синьцзянга, Англияга түмөндөгөн байлыгы жагынан гана эмес, Советтик Россияны алсыратуунун эң сонун буктурмасы болгондуктан аны колдон чыгарбоого өтө катуу киришти. Эгер Синьцзянды колдон алдыра турган болсо Улуу Британия сызга отуруп калмак. Аны айкын түшүнгөн Англия өзүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырууга Синьцзяндагы феодалдарды, анда турган Маджуинге каршы кайрап жатты.

Буга чейин Англия Советтик Түркстанды чалгындоого өзгөчө көңүл бурган болчу. Бирок алардын чалгынчыларынын жолу болбой, не бир кыйын деген агенттеринен кол жууду. Советтик чалгынчылар алардын көбүн колго түшүргөндүктөн жашыруун аракеттеринин бети ачылып калды. Калпыстык кадамынан сабак алган Англия башкача багытты тандап алды. Себеби большевиктик бийлик жер-суу реформасын Советтик Түркстандын түндүк тарабында 1922-23-жылдары жүргүзүп, жер-сууну ортолоштурган. Эми түштүк тарабындагылардын жерин 1927-28-жылдары колго алып, жалпы элди колхоздоштурууну жүргүзө баштады.

Совет аталган өлкөдөгү күнүмдүк өзгөрүүлөрдү кылдат байкай турган чет өлкөлүк чалгынчылардын билдирүүлөрүнөн жер-суу реформасына, айрыкча колхоздошууга каршы чыгышкан кишилердин көтөрүлүшүнөн улам Советтик Түркстанда абал күн сайын курчуп, айрым жерлерде кадимкидей кандуу кагылышуулардын болушу бир эле Англияны эмес Совет бийлигин көрө албаган башка дагы чет өлкөлүктөрдү кубандырды. Алар байлыгы мол Түркстанды колдон чыгарбоого бардык күчтөрүн жумшап жатышты.

Түркстан калкынын көбү мусулмандар. Большевиктердин саясаты исламдын саясаты менен келишпейт. Динге берилген эл. Исламды большевиктерге сунулган кылыч катары пайдалангысы келген Англия өз максатына жалаң эшен, кожо, молдолор аркылуу жетүүнү көздөдү. Кашкарга вице-консул болуп дайындалган күндөн баштап майор Кэйплтон мындан мурда Кашкарга келип, мына ушул ишти жөнгө сала албай,

шылдың өлүмгө кабылган подполковник Эсертондун кемчилигин кайталабаска аракеттенип, жаны иштелип чыгылган план боюнча Синьцзяндагы мусулмандар арасында пайгамбардай ардакталып, ыйык аталып келген, куранды, шариятты жатка билген адамдарды өзүнө тарта баштады. Мурдатан эле тизмеге илинип, эчен тапшырмаларды аткарып жүргөн агенттер аймакта саналуу гана болчу. Алар менен биргелешип иштөөнүн максаты-мусулмандарды орустарга каршы тукуруп, эл арасына өрт коюу. Совет тарабынан качып келип, кайра өтүп турган ислам жамааты дал ошол тапшырманы ишке ашырмак. Ал үчүн чектен өтүп, Синьцзян тарабына келген мусулмандарды, жакын тартып, пайдалануу. Алар Совет бийлигине тишин кайраган большевиктердин элдешкис душманы. Советтик Түркстанды Советтик Россиядан тез арада бөлүү үчүн болушунча каражат: курал-жарак, ок-дары, уу заттарды, дагы-дагы толгон-токой керек-жарактарды аябады.

Лондондон жөнөтүлгөн курал-жарактар Индиядагы Англиянын ишенимдүү адамдары тарабынан кабыл алынып, жашыруун Индостандын түндүк-чыгыш чек арсынан ары Кытайды карай жөнөп, калың кербен кара түн жамынган Кашкарга келди. Андан көп өтпөй эле ишти колго алган майор Кэйплтон Кашкар шаарынын имамы Шейхул-ислам дамулла баш болгон анын ишенимдүү муруттарын өзүнүн кабинетине чогултту.

-Мырзалар! Ушул күнгө чейин жүргүзүлгөн иштин майнабы чыкпай келди. Эми мындан ары ал маселеге өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ар бир иштин жыйынтыгын чыгарууга милдеттүүсүздөр. Акы да ошого жараша төлөнөт. Эгерде иш майнапсыз болсо ар бириң керт башыңар менен жооп бересиңер. Ар бир аракет Англия королевствосунун көзөмөлүндө турат.

Биргелешкен максатты аткарыш үчүн шашылыш аракетке өтүү керек. Ушул убакыттан баштап, эң бир ишенимдүү мусулмандарга кабар берип, келе турган жумада аларды баш коштуруп, мажилис өткөрөсүңөр. Таасирдүү корбашылар баштаган колду Ферганага өткөрүү кечеңдебеш керек. Ушул тапта Фергананын мусулмандары эң кыйын абалда экенин угуп да, көрүп да турасыңар. Жер-суусунан, мал-мүлкүнөн ажыраган мусулмандар тебелендиде калып, кордолуп турат.

Шашуу керек! Советтик орустар тукурган эркектер, ал тургай аялдар да дин исламды, каада-каркты кор кылышты.

Аларды жазалап, орустарды өрөөндөн жок кылыш милдетин силерге жүктөймүн. Исламга азаттык алып берүүгө жапа тырмак киришели! - деп маңдайында отургандарды карады.

-Таксыр! - деди имам, собол берсек туура болобу?

-Айтыңыз. Ачык айтыңыз.

-Куллугум бар, таксыр. Айтканыңызда калет жок. Куда алдында жамы мусулманга, ислам динине, сиздердин паша тирек. Аны биз көрүп- билип турабыз. Илаайим, Алла силерге мээрим төгүп, ырайым этсин. Омийин! - деп жүзүнө бата тартты да-Таксырым! Амириңизге кулдук уруп, өзүңүзгө мына бу жагдайды билдириш биздин милдет. Бирок Орусия тарабына барган адамдарыбыз көбү кайтпай калды. Курал-жарактан, каржыдан колдоо…

Майор имамдын сөзүн бүтүрбөй жатып, жооп узатты.

-Ишти башташыңарга курал-жарак канчалык керектелет? Мылтык, племет… Анын санын, суммасын айткыла! Тапшырма тыянактуу болсо, ошончо сыймык! Эч токтоосуз баштаңыздар!

***

Жылдын күз айынын ортолугунда чоочун адамды коштогон төрт корбашы басмачылары менен кызыл аскер бөлүктөрү менен кагылышып, орун которуп кетишти. Бул кабар Фрунзеге жетти. Республикадагы ГПУнун начальниги Севергин шашылыш түрдө Ош шаарына келди. Ош ОГПУнун орун басары Кулинчиевдин маалыматын угуп, чоочун адам-Жаныбек казы жөнөткөн Ахмед Палбан Насыркан төрө менен төрт корбашы Нурулла Максым, Мадумар миңбашы, молдо Стамбек, Каримхан төрөлөр экенин билди. Басмачылары менен Анжиандагы милиция бөлүмүн басып, андагы алтымыш адамды байлап, алардын курал-жарактарын тоноп алышыптыр. Куралдан тукулжураган басмачылар эми күчөнүп, тынч жаткан айылдарды тоноп, өрттөп жатышыптыр.

Басмачыларга каршы шашылыш план түзүлүп Кыргызстан ГПУсунун начальниги Севергин Кулинчиевдин жетекчилигин-деги эң тез жүрүүчү кошунду алып Анжианга келди. Басмачылардын артынан түшкөн куугун аз эле убакыттын ичинде корбашыларды кармап, басмачыларды чилдей таратышты. Митайым Насыркан төрө менен Каримкан төрө из жашырышып Нарын дарыясынан өтүп, шаарга кирип кеткени билинди.

Батальондорду, роталарды, взводдорду баштаган кызыл командирлер менен басмачыларга каршы аракет жасоонун ар түрдүү жолу иштелип чыгылды. Негизгиси жергиликтүү калк арасында үгүт-насаат жумуштарын күчөтүү, өз ыктыяры менен куралын таштаган басмачыларды жазалабоо, жоопко тартпоо, ошондой эле аларга Советтик граждандык укугун берүү жөнүндөгү Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин чечимин айрыкча кеңири түшүндүрүү болду. Кылдаттык менен басмачыларды чалгындап, бардык жерде чалгынчылар тармагын түзүүгө көңүл бурулду. Эскадрондо жана дивизиондо эң тез жүрүүчү кошуундар түзүлүп, басмачыга каршы ар кандай айла менен аракеттенишке даярдык жүргүзүлүп жатты.

Бирок ага карабай басмачылар уламдан улам күчөйө берди. Сан жагынан алганда басмачылар кызылдарга салыштырмалуу төрт, беш эсе көптүк кылышты. Алардын колунда түркүн курал-жарактар: түтөтмө мылтыктардан тартып, чет элдик куралдар, анан да кылыч менен канжар, союлга чейин алып жүрүштү. Мингендери жакшы аттар. Кийимдери жалпы жергиликтүүлөрдөн айрымасы жок. Кызыл аскерлер аларды жергиликтүүлөрдөн эч айрымалай алышпады. Басмачылар атайын аскердик түзүлүштү, тартипти билишпей көбүн эсе күтүүсүздөн, капыстан качырып, тобу менен дуу этип чабуул жасашчу.

1927-жылдын 4-июлунда ВЦИК менен РСФСР Эл Комиссарлар Совети Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасын өткөрүү жөнүндө токтом кабыл алды. Анын негизги милдети: жерге адам күчүн жалдап пайдаланууну жоюу, жерсиз жана жери аз дыйкандарга жер менен шаймандарды бөлүп берүү болуучу. Жер-сууну ата-бабаларынан бери менчигине басып алышып, кедей-кембагалдарды иштетип, эзип келишкен бай менен болуш, старчын, эшен менен кожолорго бул окуя жакпады. Мусулман баласынын ой-санаасына дүрбөлөң түшүргөн динчилер эл арасын жойлоп, тескери үгүт жүргүзүшүп, арбап жүрүштү.

1922-23-жылдары куралын таштап Совет бийлигине каршы кол көтөрбөскө ант беришип, карамагындагы басмачылар менен багынып беришкен айрым кор башылар, андан беш-алты жыл өткөрүшүп чээнден чыккан уулу жыландай кайрадан баш көтөрө башташты. Зили, түбү, санаасы бузук баш кесерлер

кылган күнөөлөрүн унутушту. Өкмөттөн кечирим болуп, жазадан кутулуп, санааларынан арылышкан менен жамандыгын унутпай элдин таламына, өкмөттүн саясатына алдыртадан каршы чыга башташты.

Жер-суу реформасынан улам Мархамат аймагындагы Кайып паңсат Сузак тараптан Нурулла максым, Өзгөндөн Жаныбек газы, Чаткалдагы Аман Палбандын тагасы Мадумар миңбашы баш болгон паңсаттар баш көтөрүшүп, кайрадан кол курай башташты.

Наманган Түркстан фронтунун Аскер Кеңешинин көрсөтмөсү боюнча басмачылар менен күрөшүүгө карата түзүлгөн райондун борбору. Анын аймагында Фергана өрөөнүнүн Сыр-Дарыя, Нарын дарыяларынын түндүк, түндүк-батыш жагындагы бүт аймагы Чаткал менен Ангрен дарыяларынын өрөөндөрү камтылат. Түркстандык 4-аткычтар полку, жергиликтүү элден түзүлгөн ыктыярдуу аскердик жана милиция бөлүктөрү аракеттенет. Аскердик бөлүктүн начальниги, мындагы полктун командири-Дмитрий Тимофеевич Козлов. Ал отряды курал-жарак менен камсыз кылуу менен аларга түздөн-түз көрсөтмөлөрдү, кеңештерди берип турду.

Жаныбек казы миңдей басмачылары менен Кытайдан өтүп келип, чек арага чектеш айылдарды каптап мектепти, сельсоветтин имаратын өрттөп, үч магазинди талап алышып, он тогуз адамды өлтүрүштү. Милиция кызматкерлери ГПУнун, ички аскерлердин бөлүктөрү менен бирге бир далайын колго түшүрүп, көпчүлүгү орун которуп кетишти. Андан көп өтпөй 18-августта Ош түрмөсүндө камалып, сурактагы басмачылар түшкү дем алуу убагында кароолдорго кол салышып, жетөөнүн куралдарын тартып алышты.

Алардын качышына мүмкүндүк берилбей, заматта коркунуч боюнча кабар берилди. Чогула калган издөө бөлүмүнүн, милициянын ГПУнун кызматкерлери, кызыл аскерлер, бандиттер менен атыша башташты. Кылмышкерлердин айрымдары түзөтүү үйүнүн кеңсесине, камераларга бир тобу короодогу арыкка жатып жашырынышты. Атышуу он сааттан ашты. Кырк жети басмачы өлүп, көпчүлүгү жарадар болуп, колго түштү.

***

Кашкардагы чоң мечит. Агылып келгендерден улам, отургандардын карааны көбөйө берди. Кирип келген адамдын

көзүнө урунганы-алтын-алкак ичиндеги агыш-көгүлтүр-Мухаммед пайгамбардын күмбөзүнүн сүрөтү. Төркү дубалдын коңулунда шыкай жыйылган кызыл-тазыл атлас, шайы төшөнчүлөр, анын туурасындагы текчеде жибектей жумшак булгары тыштуу, алтын жазуусу бар диний китептер тизилген. Түрлөнгөн хотан, кашкар килемдер жерге төшөлүп, анын үстүндө ар кыл түстөгү төшөктөрдө кыркар мандаш урунган меймандар. Тыяктагы Фергана өрөөнүнөн жалпы эле Орто Азия аймагынан удургуп келип, Кашкарды паанектеп, гоминданттык Кытай амири менен Англия консулунун колтугунан калка издегендер.

Улам жаңы кирип салам айткандар жашына карай орун алышып, жамыга бейкуттук тилеп, алакан жайгандарга кошулушуп, жүздөрүнө бата тартышат да,отургандарга үнсүз көз токтотушат. Көкүрөккө түшкөн агала сакалдарын жайкалтып, сөөлөттүү отургандар, бир кезде байлыгына, бийлигине чиренип, дөөлөтүнө мас болгон, эл бийлеп, журт тескеген мыктылар. Кезинде кенен жүргөн Фергана аймагы тарып, Кеңеш өкмөтүнүн зарпинан турагын таштай качкан бай, бийлер. Андан төмөнүрөөктө көгала сакалдарын көп эле өстүрбөй, маал-маалы менен серптирип, бойлорун тыкан кармаган болуш, казы, старчындар төр меники дегендей, бирин-бири сынай тиктеп отурушат. Алардан кийин кер мурут, кара сакалчандар улуулардан ийменгендей улам төрдөгүлөрдү карашып коомайлана көчүк басышкан. Кире бериш тарапта жаңыдан чыккан муруттарын чыйратымыш боло, короздоно отурган жигиттер. Не болсо да илгертен калган ата-бабалардын салтын улап, кичүүлөр улууларга карай орун алышкан.

Казынын байлыгы түмөндөп, өкчөгөн сакасы алчы турган чакта, Совет бийлиги орун-очок алып, кедейлер байлардан өз энчилерин бөлүп алып, байлардын укугу чектеле баштаган кез келди. «Өкмөттүн нак кишисимин» деп өзүн сезген Жаныбек жер-сууну, байлыкты эл менен бөлүшүүнү ойлобой, өйдөкү мансапка кол сунуп, болуштук орунду талашып калды. Эл аны шайлабады. Шайлабагандарга кекенип турган чакта, өкмөт анын өз менчигиндеги тиешелеген жерин, мал-мүлкүн эсепке алып, калыс бөлүштүрө баштады. Өзүнө чакан гана жер тийди. Бий болуп, казылык даражаны, бийлик менен байлыкты өз менчигиндей сезген казы бир топ шалдая түштү. Жүрөгүндөгү карарган так күн өткөн сайын уйкусун бузду.

Жанажан жигиттерин ээрчитип алып, алыскы Кара-Шорого жетип ары ойлонду, бери ойлонду. Караса оомады кетип бараткандай. Эсине баягы корбашылар түштү. Аярлап алар менен кабарлашса, алар да казынын абалында экен. Аны нак туюп, колтуктарына суу бүркө баштады.

-Мусулмандык ар-намысыбызды томаяктарга тебелетпей-биз. Жатып өлгүчө, атып өлөлү. Кантип эле, бармактайдан жыйнаган байлыгыбызды, балп эттире ортого төгүп салалы. Кедейлер өкмөткө таянса, бизди жөлөп алар акимдер турбайбы. Кашкарда караандуу төрөлөр, Туркияда бараандуу пашалар жамы түрк тукумун бириктирип, Түркстанды Орусиядан бөлүп алганы отурушат-деп баягы корбашылардын колтугуна чок салып, үйлөй баштады.

Жаныбек казы менен Осмон эшендин кийинки күндөрү ымаласы жакын. Бири-биринен тез-тез кабар алышып, болгон ишти маслатташып турушат. Оштун Куршабынан чыккан эшендин уруусу кара тейит. Бухарадан диний окуну бүтүп, өзүнчө мечиттин имамы болуп келди. Ал бир мезгилде Бухарадан чыккан Ибраим бекке жигит болуп жүргөн эле. Жаңы замандын алгачкы күнүндө шарият жолун айтып элди бийлеп, байлыкты кошо кармады. Басмачыларга да алдыртадан көмөк көрсөтүп, колтук ачып, не бир ак ниет кишилерди күйгүзүп, канчалардын канына завундук кылды. Анын ар бир кыймылына саресеп салган Мухаммед-эшен, анын ар бир аракетин колдоп, «ислам динин кафирлардан сактоочу, чыныгы мусулман» атап, «эшен» наамын ыйгарган.

Осмон эшен аталган молдо өзүнүн ишеничтүү муруттарын айланасына чогултуп, казынын ар бир жүрүшүнө көмөктөш боло калып жүрдү. Кезинде Өзгөн менен Гүлчөнү бирге талап, чек ара бузуп Кашкар, Кулжа тарапка бирге өтүп келишет. Жердеши Абдыкалык паңсат менен да аябай ысык. Абдыкалык паңсат да жөн адам эмес. Куршаптан өзүнчө басмачы курап, көп жерди талады. Жанажан досу Мойдунбек менен биригип, беш жүз басмачыга корбашы аталып, кийин Көршерматка кошулуп, Оогон тараптан колдоо таап, корбашылар арасында аябай эле төбөсү көрүнүп калды. Анын шилтеген жагынан баш тартпаган Мамажунус баш кесер Куршаптан кармалып, атууга өкүм болгон жеринен качып чыгып, калың элге аты дайын Айтмарек корбашы алдын чек арачылар менен бирге иштешип, аларга

кызматы өткөн. Кийин эле Жаныбек казынын жанга өлчөлчү жигити болуп, казы менен кошо, анын да айтканы айткан болуп жүрүп, эки жүз басмачы курады. Азыр алардын баары курал-жарактуу. Кызылдар менен катуу кармашып, катуу сокку жегенден соң, колу бытырап калды. Айтмаректин оң колу Топчубай корбашы ушул күнгө чейин экөө аябай эле ысык болушканы менен кызылдардан сокку жегенден тартып, Айтмарекке ичи оорусу бардыгын билдирбей жүрөт.

Көк жал карышкырдай албуут, баскан изин куйругу менен жоруптаган түлкүдөй амалдуу Кайып паңсат кырктын кырынан ашып, көптүн көөнүнө төп келип турган чагы. Бир нече жолу капканга түшөөрүндө, нечен жолу куугундун жарына каптал-ганда амалы менен култ берип, кутулуп келет. Сөөгү түрк болуп, колундагы басмачылардын көбүн түрктөрдөн кураган. Корбашы деп аталгандардын көбү жыйырма-отуздан, же кырк-элүүдөн курап келсе, мунун басмачыларынын саны алты жүзгө чаап жетти. Башка корбашылардан анын өзгөчөлүгү укмуштай айла-амалгерлиги, кайтпас-каардуулугу, каалаган адамын сөзгө бат уютуп, арбап өзүнүн максатын аткартуудагы сөзмөрдүгү. Кайып атындай эле заматта көздөн далдоо болуп, заматта жолугаар адамга жетип баргандыгынан улам, аны билгендер «Кайыптан бүткөн. Чын эле кайып» дешет.

Орто Азия республикаларында колхоздоштуруунун баш-талыш жылдарындагы кыйынчылыктарды пайдаланып, басма-чылар кайрадан баш көтөрө башташты. Чет өлкөлөр совет бийлигине каршы үгүт-насаат иштерин ого бетер күчөтүштү. Жыйырманчы жылдардын башында элдин каарынан жашынаарга жер таппай Кытайга, Иранга, Афганистанга кире качышкан басмачылар кайрадан совет мамлекетине кол салып киришти. Өзгөн, Ноокат, Алай, Гүлчө райондорунда мурдагы байлар тарабынан куралдуу баш кесерлер топтору уюштурулуп, аларга Кайып паңсат, Жармат Максым сыяктуу мыкаачылар жетекчилик кылышты.

1923-жылдын аягында Түркстан республикасында басмачылар куралдарын тапшырышып, моюн сунуп келишкен эле. Бирок айрым корбашылар элдик түзүлүшкө кастарын тигип, душмандык иштерин күчөтүштү. Бийликке наразы болгондорду тегерегине топтоп алган Кайып паңсат Өзгөн районунун калкына көп жапа чектирди. Элдин эгинин тартып алып, акаарат

кылган адамдардын башын кесип салуудан кайра тартпады. Мылтыктын огу, кылычтын мизи менен карапайым элдин жүрөгүнүн үшүн алды. Колхоз түзүлүшүн жокко чыгаргысы келди. Кан төгүүнү токтотуш максатында Кайып паңсат менен жалпы тил табышууга аракет кылып, нечен курдай ортого киши салып, атайын кайрылуулар жөнөтүлдү. Ош округунун отрядынын начальниги Ломанов 1930-жылы 30-июлда Өзгөндөн Кайыпка кат жөнөттү.

«Кайып! Дегинкиси сен анча эле аңкоо адамдардан эмессиң. Шартты түшүнөсүң.Ошондуктан сага кат жазып, кайрылууну туура көрдүм. Сен эң жаман оюнду баштап алдың. Эгерде азыр эле акылыңа келбесең, оюндун акыры сен үчүн жаман бүтөөрүнө ишенип кой.

Совет өкмөтүн кулатууга чамаң келбесин, сен жакшы түшүнүшүң керек. Ал жөнүндө жазыштын да, айтыштын да кажаты жок. Совет мамлекети Англиянын өзү менен да бекем келишим түзүп, соода-сатык жүргүзүп жатканын газеталардан билерсиң дейм. Сен муну жакшылап ойлон да, өзүңдүн абалыңды ар тараптан баалап көр. Жигиттериңди таратып, өзүң колго түшүп бер деп,айтайын деп Ташкенден атайы келдим. Менин кеңешиме көнөөрүңө ишенем. Эгерде менин айткандарыма көнбөй дыйкандарды тоноп, басмачылык кыла берсең мен отряддарым менен сага туш тараптан сокку урам. Эгерде өз ыктыярың менен багынып берсең , жигиттериң менен аман-соо каласың деп катуу убада берем.Тез жооп бер!»

Паңсат Ломановдун катына кулак салмак түгүл, жооп жазууну ойлоп да койгон жок. Көнгөн адатынча, тынч жаткан элди карактап, кордоп, өлтүрүп жүрө берди. Акыры анын көрөр күнү, ичээр суусу түгөндү. 1932-жылы 15-августта Ноокаттын капчыгайында Кызыл Аскерлер менен ыктыярдуу отряддын мүчөлөрүнө кабылып, катуу салгылашуудан кийин, Кайып паңсат анын оң колу болгон Тажыбай окко учту. Басмачылардын көбү өлтүрүлүп, банда биротоло жоюлду. Элдик түзүлүшкө каршы чыккандар аз эмес болчу. Жыйырманчы жылдары далай күнөөсүз калктын өмүрүнө кыянат кылган басмачылардын кол башчыларынын бири Жармат Максым колу менен кылганын мойну менен тартып, элдик соттун чечими менен түрмөгө камалган эле. Бирок ал камактан чыгып келгенден кийин да баягы адатындагыдай элди

талап-тоноп, карактап,уурулугун уланта берди. Иниси Кожо паңсат Кудайбергенов менен бирдикте Совет бийлигине каршы иштерди улантты. Куралдуу топту уюштуруп алып, Шахимардандагы Сох мамлекеттик банкатын карактады.

Жармат Максымды колго түшүрүүгө барган кызыл аскерлердин бөлүгүн, алар коргонуп жаткан мечитти орду-түбү менен өрттөп жиберди. Элдин ак мээнети аны алыска узаткан жок. 1929-жылы милиционерлер жана ыктыярдуу отряддын жоокерлерине каршы кагылышууда Жармат Максым өлтүрүлдү. Анын кара чечекей бир тууган иниси Кожо паңсат Кудайбергенов, качып туткурбай кетти. Бирок издөө - иликтөө менен Өзбекстанга качып кеткендиги билинди. Бир нече убакыттан соң Кожо паңсат Өзбекстандын Жизак районунда жашап жаткандыгы айкындала баштады.

Көрсө ал атын, фамилиясын өзгөртүп Өзбекстандын Жизак районуна караштуу «Комсомол» колхозуна эсепчи болуп орношот. Ал жерде да жөн жүрбөстөн, зыянкечтик ишин уланта берет. Канчалык айла-амалдарды колдонсо да Кожо паңсат элдин жазасынан кутулуп кете албады. Издөө бөлүмүнүн кызматкерлери анын ким экендигин аныкташты. Соттун чечими менен атууга өкүм кылынды.

Кайып паңсат Абдурасулов 1893-жылы Өзгөндөгү Баш-Дөбө айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту түрк. 1921-жылы басмачылардын кыймылына карата паңсат болуп катышкан. 1922-жылдын 17-апрелинде Жаныбек казы менен бирге өкмөткө баш ийди. Мойдунбектин бандасын талкалоого катышып, милициянын командири болду. Ыктыярдуу отряд менен Жалал-Абаддагы Юлдаш палванды жок кылууга катышты. 1929-жылы кызматтан бошоп, айыл чарбасында иштеп, мал сатып соодагерчилик кылды. Ош кантонундагы Өзгөн, Араван, Анжиан округундагы жана Мархаматтагы түрктөрдү бириктирди. Кызыл Туу ордени менен сыйлоого көрсөтүлдү. Сыйлык ордуна кысымчылык көрсөтүлдү. Бул тууралуу Москва, Ташкенге арызданды. Жооп берилбеди. Ушундан кийин өкмөттүн алдамчылыгына наразы болуп, басмачыларга кошулду.

Жер-Суу реформасында жерин, малын алып, шайлоо укугунан ажыратышты. Башталгыч класста окуган уулун мектептен чыгарышты.

Башта тоготпой жүргөн ГПУдагылар Нарынга жер которуп кеткен. Кайыптын артынан Удиловду сүйлөшүүгө жибериšти. Сүйлөшүүдө Кайып паңсат «баштагы кызмат ордун берүүнү, шайлоого катышууга укук берүүнү, налогду кайра кароону, укуксуз түрктөрдүн абалына көз салып, балдарын мектепке окутууну, мектептен чыгарылган уулун кайра алууну, түрктөрдү колхоздорго башкалар менен тең укукта мүчөлүккө алууну, алардан да жетекчи,төрага шайлоону талап кылды. ПП ОГПУ менен Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин тийиштүү документ берилсе куралын тапшырып, элди талап-тоноочуларга каршы, өзү чек арачылар менен бирге коргоого катышарын айтты.

Удилов анын сөзүнө ишенбеди. Кайып экинчи жолу да берген убадасын айтып кайрылды. Удилов ага оңдуу жооп бербеди. Кайыптын артынан аңдуу салды. Аны алдап колго түшүрүүгө аракеттенген Удилов баш болгон чекисттер менен 1930-жылы 10-апрелде кармаша кетип, Удиловду атып салып, биротоло басмачыларга кошулууга аттанды

1923-24-жылдар аралыгындагы катуу жер титирөөдөн улам Өзгөндөгү мунаранын үстүнкү бөлүгүндөгү кумпасы кулап түшөт. Келбети келишкен мунаранын жогорку тарабынын бүлгүнгө учурашы, көргөндөрдү да, уккандарды да ойго салат. Кээлери мунаранын көркүнүн бузулушуна кейисе, кээлери эчен тарыхты өзүнө камтыган эстеликтин урап калышына ичтери ачышат. Аны кайрадан калыбына келтирүү кимдин колунан келет? Ким ага жардам берет? Бир чети мусулмандар үчүн мунара ыйык аталса, экинчиси шаардын көркү эле. Өзгөндүктөр келген-кеткендерге көрсөтүшүп, ошол мунара менен сыймыктанышчу.

-Элдин байлыгына астейдил көңүл бөлүп соопчулук кылчу азаматтар барбы?-дешет көпчүлүк.

-Кимде-ким, мунараны калыбына келтирсе, элден бата алат эле. Эл элан кылат эле-деп көпчүлүк биринен бири сурап, кулак кагышты.

Бул кеп өрөөндө жашаган жергиликтүү кыргыз, уйгур, өзбек, түрк байларына чейин угулду. Байлык кармаган байбатчалар, бай балдары даңкталып, атак алыш үчүн биринен өтүп, бири «мен бүтүрөм» дешип, көпчүлүк ортосунда мактанышты. Бирок, эч кимиси, чыгымын төлөп, ишти аткаруудагы убадасын аткара албады.

Бир күнү мечите жума намазы окулган соң,көпчүлүк ортосунда мунара тууралында сөз болуп аксакалдардын бирөөсү:

-Эй бай балдары, байбатчалар, деги эле мусулман пенделери! Ушунча эл туруп, бир мунараны калыбына келтире албасак баарыбыз үчүн уят. Көрүп-уккан, келип-кеткендердин кимиси болбосун эли-жерибиздин дарегине сөз тийгизиши мүмкүн. Өзгөндүн эли ынтымакка келише албайбы? Жамы биригип бир мунараны бүтүрүп коюшса болбойбу? Аба-аксакал,эл бийлегендер эмне кылып жүрөт дебейби? деп суроо койду.

Көпчүлүктөн сөз чыкпайт. Ортодо отурган Кайып:

-Калайык калк! Бул милдетти мен мойнума алайын. Мунараны жалгыз өзүм бүтүрөйүн-деди.

Угуп-тургандардын кээлери баш ийкешип, макулдугун билгизишсе, кээлери ага ишенбей, дөөлөтүнө мас боло шылдыңдашты.

-Ата-теги, эл-жери жок тентиген түркkө, мындай ыйык мунараны оңдоону ким коюптур-дешип кемсинтишкен байлардын шылдыңына намыстанган Кайып, тууган- уругуна барып кеңешти. Алар:

-Эли-жерибиз Фергана. Ата-тегибиз ушул жерде түптөлгөн. Аны элге далилдейбиз дешип,баштатан угуп жүргөн аалымдарга барууну туура табышты. Булак-Башыдагы Ысак молдого барышты.Ысак молдо аларга илгертен бери эле түрктөрдүн териге жазылган санжырасын таап берди. Кайып молдо ага ыраазы болуп, бир ат ыйгарды. Санжыраны Өзгөнгө алып келип, баягы эле мечитте жума намазга келген байларга тааныштырды.

Намаздагы көпчүлүк бир добуштан:

-Мунарадагы жооптуу ишти Кайып бүтүрсүн деп бүтүм чыгарышты.

Кайып баштатан даңазасын угуп жүргөн Оштук сынаакы уста Тешебайды алдыртып келип, мунараны оңдоого убадалашышты. Бир топ убакыттан соң Тешебай устанын чеберчилиги жана талыкпаган эмгеги менен мунара оңдолуп, өз калыбына келтирилди. Шаарда керней-сурнай тартылып, чоң салтанат уюштурулду. Көпчүлүк эл келип, Кайыпка жана Тешебай уста баш болгон өнөрпоздорго бата беришип,

ыраазылыктарын айтышты. Кайып көпчүлүктүн көзүнчө чебер уста Тешебайга жана анын жардамчыларына кылган мээнеттеринин акысын ашыра берип, бардыгын ыраазы кылды.

Кайыптын даңазасы Фергана аймагынан ашып алыска кетти. Жакынкы Жалал-Абадга да жетип, айтылуу Мырзакул болуш да салтанатка келген эле. Ал жөнүндө эл оозунда:

….Мен мактансам таңдантып,
Жорголотсом тайым бар.
Жолдорго мечит салдырган,
Мырзакулдай байым бар-деген кеп айтылып калган эле.

Мырзакул болушту Өзгөндүк Жантөрө болуш баш болгон Осмон эшен, Абдүрасүл бий, Аманбай өңдүү аксакалдар тосуп алышты.

-Ушунчаңар туруп, мунаранын үстүн эмнеге бүтүрбөдүңөр?-деп сурады, мыйман.

Өзгөндүк бийлер жооп бере алышпай, кызарып жер карашты.

-Баарың биригип Кайып түркчө боло албайсыңар-деп Мырзакул болуш ордунан тура жөнөгөн эле.

***

Кашкарды уюктаган, жалаң гана Фергана аймагынан барган корбашы, паңсаттардын бири-бири менен бет келишип отурушунан улам, манилүү жаңылык бардыгын ар ким өз ичтеринен боолголоп отурушту. Айрымдары кандай жаңылык экенин тез эле угушту самап, ичтеринен тынчсызданышып, улам кыбыла тараптагы эшикти улам-улам карай коюшат. Бир маалда башында аппак селде, үстүндө боз ала кымкап, ээгинде бөдөнөнүн куйругундай учтанган сары чийкил орто бойлуу киши эшиктен баш бакканча ортолукка салам таштады.

-Ассалоому алейкум.

Салам менен кошо мындагыларды кыдырата караган анын ойноктогон көзү жырткычтыкындай заардуу эле. Беймарал отургандар үн чыккан тарапты кылчая карагыча болбой кыбыла тараптагы эшиктин каршысында отургандар жабыла тура калышып:

-Алейкума ассалоом - дешип алик алышты.

-Козголбогула, козголбогула, азиз меймандарым - деп эки колун бир аз көтөрүп, манжаларын ирмегиледи да, үнүн кырааттуу чыгарып:

-Оо, дин исламдын айбаттуу арстандары! ... Молдо айланасына көз токтотуп, саал тыным жасап, кайра сөзүн улады. Мына шу, бет келишип отурган маслатибиз, мейманчылык туз-даам татышуудан мурда болуп турат. Сиздерди меймандоодон алдын, ары маанилүү, ары шашылыш иш туурасында кеп баштаганы турабыз… Чүнки, бу масалада мени айыптабаңыздар?

-Жо-жо, баштай бериңиз!

-Кулак сизде азирети дамулла.

Отургандар дуу эте, сүрөп токтошту.

-Дин исламдын айбаттуу арстандары. Мухаммед пайгамбарыбыздын ыйык насааттарын, ак ниет коргоочулары! - деп сөзү отургандарга канчалык таасир эткенин билмекке отургандарды сыдыра карады. Мына, шу кезде сиздерди кубандырайын деп турамын.

«Жакшы кабар» күткөндөр дамбылдага жабыла көз тигишип, демдерин ичине тартышты.

-Инша Алла!

-Болсун, болсун! - дешти айрымдары кобурай.

-Кубангыла, дин ислам уулдары! Жамы ислам уулдарына Түркиядан ыйык кат келди-деп, боз ала желегинин ички төш чөнтөгүнөн жүз аарчыдай болгон, төрт бүктөлүү ак жибекти аяр алып чыкты. Жибектин чекесинен чымчый кармап, элге көргөзүп, жумшак, кырааттуу үн менен окуй баштады.

-Бисимиллахи-ар-рахманур-рахи-м!...

Отурган орундарында катып, тук эткен табыш чыгарбай тымтырс тыңшаган кишилер моюндарын созушту.

«Оо, момун мусулман балдары! Мухаммед пайгамбарымын азиз үммөттөрү! Учурда Орто Азия мусулмандарынын абалы өтө оор бойдон калууда. Дин ислам, ошол дин исламдын ыйык мыйзамы-акыйкат шарият жолу булганып жатат. Кафир балчебектер мусулман балдарына кысым көрсөтүп, зордук-зомбулук менен өз билгендерин жасашып, пенделерге забыр кылышууда. Элди динден чыгарып, аялдарды кордоп, балдарды тирүүлөй өрттөшүүдө. Ызаа-кордукка чыдабаган момун мусулмандар көтөрүлүшкө аттанышты. Абал оор болгондуктан бир боор мусулман биригип, кафир балчебекке каршы газават ачуу керек! Шашылыш түрдө мусулман баласын кафирдан куткарып алуу ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

Оогон тараптан миңдеген кол курап, атактуу казы Ибрагим бек менен Фузаил Максум, Түркстандын баатыры Жунаид хан кызыл аскер менен катуу салгылашышты. Кашкар тарабындагы жарак көтөрүүгө жарактуу бүткүл мусулман баласы, Кашкардан чыгып, бүткүл Фергана өрөөнүн каптап кирип, кафир-балчебектерден бийликти тартып алып, Орто Азияга ислам халифатын орнотууга шашуу керек!

Газават! Кафирларга газават! Кафир-балчебектерге газават ачышка даярдангыла. Ыйык дин исламды коргоп калууда бир колго курал кармап, бир колго Кудай ыйгарган ыйык куранды кармап аттанып, кайырдиндегилерди талкалоодо Мухаммед алейсаламдын жашыл туусун көтөрөлү!»

Ар кимиси ичинен уйгу-туйгу болушуп, өзүнчө дүрбөлөңгө түшүп,

-Я, Алла-а!

-О, жараткан өзүң жалга?

Корбашылардын уу-дуусу дамылланы ого бетер эрдемситти. Жүзү жаркып, көздөрү күлүмсүрөп, улам сакалын сылап,

-Инша Алла, Инша-Алла-деп сөзүн улады. -Кафирлардан өч алаар убакыт-саат келип турат. Туурабы дин исламдын айбаттуу арстандары?

-Туура, туура!

-Касиеттүү каттын маанисине бардыгыңардын баамыңар жетти көрүнөт. Жамы мусулман баласынын ырыс-ыйманыислам динин кафирлардан сактап калышта сиздер жана и мына шу өзүңүздөр кең Ферганада курулчу мусулман калифатынын акими-өзүңүздөр болооруңарды эстен чыгарбагыла.

Андыктан күн кечиктирбей кол курап, мына шу алты шаардан чыгып, ата-конушубуз-асыл Фергана кирүү лазим-деп, ар бирине милдет тага сүйлөп келип-Оо ата конушубуз асыл Фаргана! Асыл Фарганаными кафир-балчебектердин арам жытынан аласташка даярсыздарбы, дин исламдын айбаттуу арстандары?

Дамбылданын муңканган добушуна меймандар тынымга дым боло калышты. Жым-жырттыктан пайдаланган дамбылда тигилердин жүзүнө көз чаптырып, кайра кырааттуу үнүн көтөрдү.

- Биз кафирлардан кетпес кегибизди алып, киндик кан тамган ата конушубузда жеңишке жетишип, мүрөк тойбогон суусунан татып, гүл жыттанган абасынан дем алып, бейиштин

төрүндөй болгон жерибизде кенен басып жүрүүгө насип эткейсиң! Тууган-уругубуздун жүзүн көрүп, бала-чакабыз менен аман-эсен жүз көрүшүбүзгө жол ачкыдайсың Алла! Ээ Алла өзүң бизге жар боло көр? Пенделериңдин ниетин бер? Биздин ар бирибиздин чапкан кылыгыбыз, аткан огубуз кафир-балчебектерге ажал болсун, жолубузду ача көр о, Алла!

Дамбылданын көкүрөктү жашыткан муңайым добушу, баятан бери, анын ар бир сөзүнө муюп отургандардын сезимине жетип, көбүнүн көзүн жаштаса, көбүнүн мүрүлөрү титиреп, туулган жер, тууган-урук, үй-бүлөлөрүн кайра эске салды. Ал ушул абалды күтүп турганбы, өзүн колго алып, үшкүрүнө:

-Биссимиллаир-рахманур-рахим!...Кана, энди, таксырлар, ушул ыйык катка жооп кылгайбыз? - деп ак жибектеги катты өөп, отургандарга узатты.

-Оо, касиеттүү шейхул-ислам! Сиздин бизге айтканыңыз-пайгамбардын айтканындай эле угулду. Мына ушул каттагы сөздөрдү ыйык курандагы-бир Алланын сөзү деп билебиз. Биз бир тууган мусулман балдары, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, кафир балчебектерге каршы ыйык газабатка аттанабыз. Дин исламды сакташка-казат жолуна аттанышыбызга Алла өзү жар болсун. Оомийин!

Ортодо турган олбурлуу Жаныбек кат жазылган ак жибекти алып, бир четинен аяр кармап, тооп кылганча, алаканын алга суна, тилегин айтканда, отургандар жабыла кубатташты.

-Оомийин!

Катты отургандар элпек эңиле колдоруна алып биринен–бири өтө тооп кылып жатышты. Ар биринин көз алдына Ферганага баштаган газават көрүнүп, кыялдары кең Ферганага алып учту.

-Э, Алла ушул бет келишип, чогулуп отурган момун мусулмандардын, бөтөн жайда карып болгон туугандарымдын алдында ант оозанам! Мен көптөн бери дин ислам туусун бийик көтөрүшүп, мусулман ураанын чакырып, кафир балчабектерге каршы аттангамын. Асыл Фарганамдан кафирларды жоготмоюн бел чечпей күрөшөм. Ыйык газават жолу бизди бириктирип турат. Дин ислам салтанаты үчүн күрөшкө аттанган жамы мусулман балдарына Алла кубат бергейсиң? Дин ислам үчүн ыйык газават жолунда курман болууга биз даяр! - Осмон эшен

ордунан элпек туруп, өңүн сурдантып көптүн алдында убадасын берди.

Ак жибектеги кат отургандарды бир айланып келип, Жаныбектин колуна тийгенде, ал обдулуп алып, ортодогу дамбылдага кайрылды.

-Оо, таксыр! Дин исламдын айбаттуу арстандарына улук жортуул жолунда, ыйык газават жолунда ак батаңызды бергейсиз?

Оо, мусулмандар! Казат жолунда, көз жумгандар шейит, кафирди кыргандар казы. Алдыда ар бириңди сыймык күтөт. Дин ислам үчүн аттанган ыйык газаватта эч кимиң, эч качан жүрөксүбөгүлө. Ыйык газават жолунда кайырдин балчабектерди эч ае болбосун. Кайырдиндегилерди канчалык көп кырсаңар, ошончолук күнөйүңөр сап болуп, жетимиш жети бейиштин эшиги силерге ачылат.

Бир Алланын амири бизди газаватка аткарып жатат. Алла досу Мухаммед пайгамбардын касиети колдосун! Жамы мусулмандардын тилегин кабыл кылгайсың. Жараткан Алла! Оомийин!

-Оомийин.

Корбашылардын алакандары жапырт көтөрүлүп, коштогон үндөр жамырай чыкты.

-Алла, мусулман жолун ачкайсың.

-О, Кудай биздин тилегибизди бер?

***

Мечиттин мунарасынан угулган азанчы сопунун үнү бешим намазга чакырып жатты. Азанды кулагы уккан мусулмандар тириликти унутуп, азан угулган тарапка дүргүп жатышты. Аңгыча болбой ортодогу базардын эшигинин оропарасындагы арабанын үстүнө бирөө чыгып,элге кайрыла кыйкырды:

-О, мусулман пенделери! Эшиткиле. Эшиткиле.

-А эшиттик. Айта бер-деди бирөө зоң этип.

-Тиги Түркстанга келген балчебектер бу күндө биз тарапка да келиптир. Аларды кызылдар дешет экен. Алар мал-жанды каттап, ортолукка алышар экен. Ошол кафир кызылдарга каршы Чан-Кай-Ши казат ачмак болуптур. Мусулман балдарын Алла сактасын. Кафирлар менен балчебектер ыйык исламды кордоп жатышат. Биз аларга исламды булгатпайлы. Мусулмандарды балчебектердин туткунунан алып чыгалы! Ыйык газаватка

аттаналы, мусулмандар! Бир Алла үчүн, дин ислам үчүн ыйык газаватка жамы мусулман уулдар!

Күндө бир маал базарда айтылган чакырык Кашкар аймагындагы мусулмандардын көңүлүн буруп, кыжалат ойго салып жатты.

Он сегиз миң ааламды жоктон-бар кылган Алла! Алла өз элчиси-Мухаммед алейсаламга куранды түшүрбөдүбү. Касиетиңден айланайын ыйык куран! Касиеттүү пайгамбарым! Агар куран болбосо, курандагы Алланын амири болбосо дин ислам болбос эле. Дин исламды ыйык туткан мусулман болбос эле…

Куран жадыбызда, дин ислам-каныбызда. Бу ак сөз. Чунки, хаят бу-бу хаятта дин исламга, куранга алал хикмет-бу мусулмандын фарзы. Мухаммед алейсалам дин исламды кафырдан кандай коргосо, мусулман баласы биз да мусулманды кафирга булгатпайлы! Чунки, мусулманабадды кафирдин буту баспасын!

…Алланын ыйык куранын кармаганда ислам угулуна ант бергенге барабар!

Кулак менен укканды акыл менен баамдайлы. Өткөн жылан жылынын бештин айында Кокондо мусулмандардын курултайы болду. Мына ошол курултайга: бу жагы Кашкардан, тиги жагы-Түркиядан, Оогон-Истамбулдан дин ислам вакилдери келишти. Ана ошол вакилдер мажлис жасап, дин исламдын урaанын чакырды. Мухаммед алейсаламдын жашыл байрагын көтөрүштү. Мусулман баласын кафирдан бөлүп алмак болушту. Мусулманабадды орнотмок болушту.

Динсизден артык күнөө кайда, бу жайда? Ана ошо Түркиядан бери келишкен дин ислам вакилдери бизди ошо күнөөдөн калкалоо айласында мусулманабадды орнотуш максаты коюлду.

-Ыйык динибизди сактайлы мусулмандар! Ыйык динди, ыйык ыйманды…Оо, мусулман балдары! Ушу тапта ислам дини кыйын абалда! Дин исламга кырсыктын көлөкөсү түшүп, мусулман баласын тажаал каптап келе жатат! Киши түсүн жамынган балчебек деген тажаал каптап, жамы мусулман баласынын ыйык үйү-исламды талкалап салышка тап берип келатышат. Оо, мусулман балдары! Ыйык динибизден, ыйманыбыздан айрылсак не күн башыбызга келет? Каптап келаткан балакетти ичибизге киргизбейли. Агар алар ичибизге

кирсе акыр заман болот. Ойгонгула, мусулмандар! Кафирлерге каршы аттаналы!

Совет бийлиги тынч тиричилик өткөрүп жаткан элге тополоң салып, чет өлкөнү көздөй качкан басмачылардын аркасынан сая түшүп, жазаларын берүүгө атайын отряддарды жашыруун жиберди. Бирок, куугунтуктагы Кытай, Оогонго кире качкан басмачылар кайра биригишип, Англия сыяктуу капиталисттерден колдоо алып,совет өкмөтүнө коркунуч туудурууга аракеттенишкен. Ошол чакта Кытайдагы граждандык согуш күч алып, ар тараптан болгон кагылышуулар каптап, борбордук бийлик өлкөнүн аймагын толук башкарууга алсыз эле! Өлкөдө чет өлкөлүктөрдүн таасири күчөп, Англия, АКШ, Япония өңдүү ири империялардын жана Совет мамлекетинин өз ара тирешүү майданына айланып калган. Табигый ресурстарга бай,стратегиялык мааниси бар. Түрк-мусулман калкы мекен-деген Чыгыш Түркстан алардын кызыкчылыгына өзгөчө төп келип, жаңыдан куралып келе жаткан Совет өкмөтүн жок кылууга негизги база болмок.

***

1929-жылдын кеч күзү. Бу маалда сырт эбак кар жамынып, суук күчүнө кирип калган. Чарбадарлар эңкүүлөп кетишип, бийиктеги жайлоолор ээн. Ушул шартты пайдаланып, Осмон эшен баш болгон Төрөбай менен Айтмарек жетектеген топ чек арадан билинбей союз тарапка өтмөк болушту. Бирок, алардын оюнда «Кантип билинбей өтүүгө болот?» деген күдүктөнүү бар эле. Себеби, тоолордун бетин эбак кар басты. Жылга жыбыттарда ат эмес, арс чычкандын изи айкын көрүнөт. Күн бүркөлүп, кардын жаашын күтүү керек. Жаңы кар өткөн изди басып калып гана чек арачылар азгырылбаса, эски кардын бетинен бир аттын эмес, көп аттардын баскан кадамдары саналаары айкын.

Тоо ичинде шамал үйлөгөн бороон али баштала элек. Көбү аны ойлоп, бушайман боло, тоң май жегендей кыжалат эле.

Канчалык кыйынчылык, кандай кырдаал болсо да, аракет-тенип, ойлонгон кишиге жол табылат тура. Аны Жаныбек жакшы билет. Ары кексе, ары куу, башынан көптү өткөрүп, эчен жолу из жашырып, жети күн жаан жааса да желбегей жамынган тонуна тамчы тийгизбеген казы жолун тапты.

Аттардын туяктарына таканы тескери кадоого кеңеш берди. Аттардын канаты жок, учуп өтө албайт. Канткен менен ак карда из билинбей койбойт. Аңдап, арттан түшүп, из куугандарга атчандар кытай тарапка өткөн болот. Чек арачылар из менен алектенип жатышканда, ичкери тарапка шуңгуп кирип, алыстап кетпей жан жокпу? Дагы бир көңүл бура турган масала ат туягына кийиз орогула, аттардын чоң баскан арымын шилей жүрүп, мал, же көп топозду айдап келиптир-деп ойлошот.

Эчен жолу атайлап салынган капканды астейдил сактанып, байкабай калган учурларда да, ар бир басар кадамынан шек санап көнгөн ары сак, ары куу түлкүдөн да амалдуу болгон басмачылар, издерин итке искетпей, аяр жакындап жылма басып, жылып келе беришти. Эч кандай шек билинбейт. Чек арачылар тургай, түнкү караңгылыкта караган-бутаны, таш-коңулду паанектеген канаттуу куштар, илбээсиндер алардан чочуп, уча качышкан жок. Тоо ичинде бейпилдик өкүм сүрүп турду. «Кийиз байпак» кийген улоолорун илкий бастырышып, аярлана ийри жыландай ээрчише, дабыш чыгарбай келе жаткан топко шектүү караандар байкалбады. Чек ара аталган кыр жонго жете берээрде, демдерин ичке катып, кээлери «Алда Кудайлашып» улоолорун теминүүдөн жазганышты. Алар күткөндөй аңдып жаткан солдаттар, жерме-жер боло жабышып, бугуп жатпай эле ташка, кокту-колоттогу кар күрткүгө айланышып, көп караан жакын келгенде капылеттен «тарс» дегизе асманга ок чыгарышып, анан аны коштогон ар-ар жердеги, кокту-колоттогу томпойгон дөбө, таш кыймылга келе мылтыктарын сундуруп ок чачып, алардын үнүнөн тоо жаңырбады. Кулак-мурун кескендей жым-жырттык, аларды андан бетер кооптондурду. Кай жерден ак карга айланып, аңдып жаткан солдаттар шоп эте тура калып, курал кезерин күткөн топ, жүрөктөрү алкымдарына келе, куйругун чатына кыскан карышкырдай ары жак-бери жактарын шектене, акмалай карашып, ат жалына өбөктөшө караандарын жашырышкан болушат.

Жөө туман баштанып, акырын сүрүлө кыр жондон ашып, эңкүүлөй беришип, баятан бери ичтерине каткан демдерин чыгарыша, ичтеринен жаратканга жалбарып жатышты.

-Кудай өзүң сакта?

-Айланайын алла, өзүң жар боло көр?

-Балакеттен сакта?-дешип, буттарынын учтары менен жумшак теминишип, тизгиндерин кага алга шашылышты.

-«Старик чек арадан өтүүгө камданып жатат», «Жолго чыгышты» деген маалыматтардан улам чек ара заставасынын жетекчилери, алдын-ала ыңгайлуу жайларга жоокерлерди бөлүшүп, жайгаштырышкан. Алар басмачылардын ар бир кадамын, ат үстүндөгү кыймылын эсепке алып турушкан эле.

Баятан бери өр тарткан жолоочулардын аттары, аяр бастырышкандан улам бириндей, кадам шилтеп келген болсо, эми эңкүүлөй жүрүп, кээ жерлерде тайып, басыктарын ылдамдатышты. Кара-Белдин ашуусунан куюлуп түшкөн топ, Көк-Суунун боюндагы колотко келишкенде «топ-топ» эте аттарынан түшүшүп, аттардын туяктарына оролгон кийиздерди чечип алышты. Түнкү караңгылыкта Курбунун зоолору үл-бүл көрүнөт. Бу тараптагы Кулжа-Башыны ашкан жол Терек дабанынан, андан түшүп, Үч-Чат, Сары-Күчүк аркылуу, Терек айылына алып барат. Бул тараптагы жол Кара-Бел аркылуу Дүңгүрөмөгө жетип, Ой-Балага оойт. Андан Кызыл-Агын аркылуу Көк-Сууга келип, Эркечке жетет. Эркеч аркылуу Бүлөлүгө түшүү ыңгайлуу.

Бүлөлүнүн тоолору тик, капчыгайлары кууш болгону менен ашууларды ашып, бир тарабы Алайкууга, экинчи тарабы Кара-Кулжа, Өзгөнгө сырттан жетүүгө болот. Бул жолдордон эч ким шек санабайт. Көзөмөлдөгөн да эч ким жок. Кашкарга ашып, Кытайга кетчүүлөрдүн көбү Бүлөлүгө келишет. Бүлөлү аркылуу өткөн жол татаал болгону менен аралыгы жакын. Бүлөлү аркылуу Алайкууга баруучулар капчыгайды өрдөшөт. Эдилбекке келип Демөөргө өтүп, Чептен Алдакулга, андан Алайкууга кетет. Кайра кайрылган жүргүнчү Чоң-Бүлөлүгө. Андан Абышка-Оозуна, Чеп-Чатына барат. Чеп-Чатынан Эркеч Ашуусунан ашып, Көк-Сууга келет. Көк-Суунун башы Кызыл-Агын, Ой-Бала, Дүңгүрөмө, Кара-Бел Кытайдын тоолоруна туташып турат.

Түн баккандар Көк-Сууну кечип өткөн соң, аркы өйүздөн Көк-Суунун ичи аркылуу жүрүшүп, бирин-серин кыштоолордон кыя өтүп, тоолуктардын айылдарынан четтеп, элдүү айылдарга барганда бириндеп, ар-ар жылгадан түшкөн болуп, Ош тарапка сапар алмак болушту. Алар бир азга тынык алышып, шектүү кийиздерди күбүрлөргө тээп, кар менен көмүшкөн соң жолго аттанышты. Ашууну ашкандан кийин, эт бышым убакыт өткөндө чек ара тараптан «дүңк» эткен катуу үн чыгып, асман бети

жарый түштү. Басмачылар моюндарын созо, жапырт ошол тарапка көңүл бөлүштү.

-Сактанам дегенди, кудай өзү сактайт. Чек арачылар эч нерсени туйбай уктап калышкан экен. Текшерип келишкендери өткөн издерди көрүп,

-Изди өткөрүп жибериппиз дешип, бирин-бири тескеше беришсин!-деди табалай күлүп, топ башы.-Эми жазганбай жүрүп, таң менен эл аралап кирип кетели. Катуу-катуу бастыргыла, атыңарды!-деп өзү темине алдыга түштү.

Көк-Суу жайлоосу өзгөчө жер го чиркин. Бир караган-бутагы жок жылаңач көрүнгөнү менен гөдөөсү тушарга чыгып, эрте жаздане кеч күзгө чейин тулаңы килем сындуу түрлөнүп турат. Эрте-кеч соккон желден улам тоо-ташты жыш каптаган бетеге тарам-тарам болуп, көл бетиндеги толкундай көлкүп турат. Аймакты жара аккан Көк-Суу дарыясы коондун тилигиндей болуп, баш аягына көз жетпейт. Тээ башаты Эшей зоо, Шоро, Кара-Талаа, Ак-Сороң, Бекмырзанын Кара-Ташы, Дүңгүрөмө, Суук-Төр, Ой-Бала, Кашка-Суу, Кызыл-Агындан башталып, ар жылгадагы мөңгүлөрдөн ийиген булактар бири-бирине кошула берип, кайберендер мекендеген зоолрдун этегине келгенде ат өтө алгыс дарыяга айланат. Андан бери да, ар жылгадан тик ылдый энтеңдеген көк кашка булактар кан тамырдай болуп Көк-Сууга кошула берет.

Эзелтен ылайланбаган суунун тунуктугу, көкмөк болуп, канчалык сүрдүү, улуу болсо да,ичиндеги ар кыл таштар айкын көрүнөт. Күү-шау этип, шашыла аккан дарыя, жайлоого шоокумун чачып оштонуп, бирде өйдө, бирде төмөн соккон мустактын желинен улам жон-жондордо, те чокуларда жүргөн адамдарга угулуп, угулбай көңүлүн өзүнө буруп, чаңкоосун кандыргансыйт.Ууртаган сайын тамшандырган даамы, тиш какшаткан муздактыгы, таптаза асмандай көкмөк болуп көрүнгөн тунуктугу көргөн адамдын көңүлүн эргитип, өзүнө тартып турат. Жайлоонун бышкан мезгиличи? Көрктүүлүгүн айт. Көргөн адамдын көз кумарын алган, суктанган адамдын сугун арттырган ажайып кооз көрүнүш, салкын төр, таза аба, жапжашыл тоо-талаа бейиштин өзүндөй эле болуп сезилет. Жайлоонун керемет көркү адам баласын гана тартпастан, айдап барган малды да өзүнө тартып, арбагы чыгып, арып барган жандык эки-үч күндүн ичинде эле, жем жеп бордолгондой ойноп

кетет. Жайытынын кенендиги, чымын-чиркейдин жоктугунан улам, жылкылар илелеп, шыйпануудан зеригип, секирип ойноп, же көк тулаңдын үстүндө төрт бутун кенен сунуп, магдырап жата берет.

Жайлоонун касиети улукпу, же келгенди өзүнө тартабы, бир көргөн адам, кайра-кайра барууну адатка айландырат. Жайлоонун жайы ушундай жагымдуу болгону менен кышы өтө эле татаал. Мөңкүп аккан дарыя, жоошуп, уктагансып, тизедей калың кар чүмкөп, жалтыраган музга айланса, керилип жаткан кең ак акймак ак чүмкөнүп, агарган кардан башка жан жоктой. Ызылдап кар учурган бороон улуп, булут чүмкөп, күндүн бети көрүнбөйт.

Көк-Суу өрөөнүнүн этеги чендеги Бөдө-Белдин түбүндө ылай менен көтөрүлгөн там үйдө Пал деген орус жашайт. Анын качан келип, кантип жашап калганын эч ким билбейт. Эгиз жер, ээн талаада жалгыз-жарым жашоо ары коркунучтуу, ары табышмактуу да. Там үйүнүн жанында, чакан короосу бар. Малдан эчкини асырап, саап сүтүн ичип, союп этин жеп, эрикпей-зерикпей аялы экөө гана жашайт. Бир мезгилде минээрге аты, саап ичээрге ую да болгон дешет. Бирок, кээ жылдары кыш оор түшкөн мезгилде бодо малга тоют түтпөйт. Ошондон улам жалаң эчкини гана асырап калган окшойт. Эчки жаныбарга көп дале тоюттун кереги жок. Күнгөйгө айдап койсо кар үстүндө чыккан чөп-чардын учун жеп жүрүп да тоюнуп алат. Жылына эгиздеп тууп, тез эле көбөйөт.

Жайында Көк-Суу аркылуу өткөн кербендерден арпа-буудайды арбын камдап алышабы, нан үзүлчү эмес. Куралы, ок-дарысы кенендигиненби аркар, теке, кулжаларды, жырткыч аюу, карышкыр, түлкү, сүлөөсүнгө чейин үйүндөгү дубалында илинүү турчу. Кыш оор болуп, кар улуу жааган мезгилдерде аркар-кулжа, текелер от издеп, короого чейин келип олжо болот. Аларды атып, же капканга түшүрүп, кайра кетирбейт. Кышын-жайын ит, тайгандарды кош-коштоп багып, аң уулаганда, алар алыскы жайдан ээсинин короосуна айдап келет. Аш-оокаттан тартыштыгы жок Пал Көк-Сууну өзү билип, ээн жердин бөрүсү болуп жашап келди.

-Пал орустун ага-тууганы, же балдары, тели-теңтуштары жокбу?-дешип, Көк-Суудан ары-бери өткөндөр бири-биринен сурап калышат.

-Пал орустун катташаар, барып-келиш кылаар кимиси бар?

-Чамасы каттаган кербендерден керектүү, зарыл оокат-азыгын алдырат окшойт. Качан келип, кантип туруп калган? - деген суроолорду айтышса. Бирөөлөр аны билген болуп «Кашкардагы Орусиянын тери, жүн иштетүүчү завод-фабрика-ларына иштегени келгендерден болсо керек» деп божомолдойт.

-Эмнеге жалгыз жашап калган?

-Аны билбейбиз. Бирок, ары-бери өткөн почточулар буга жоолукмайын кетишпейт-дешет.

Палдын жайына кызыккандар да көп эле. Авалаган иттеринен, «тарс» эткен мылтыгынан корккондон эч ким тие алчу эмес. Жалгыз-жарым жүргөндөр анын үйүнөн алыстап, качып өтүшчү.

Кара-Белден ашып өткөн басмачылар, Тай-Чыкпастан төмөндөп, Пал орус отурган жайдан өйүзгө өтүп, Тоң-Мурун тарапка ооп кетмек болушту. Ээн жайлоодо аттарын шагдам бастырышып келе жатышты. Көк-Суунун кечмелигинен өтүшүп, тумшукка келе беришкенде, жалгыз үй болгон Палдын короосу көрүндү. Андан эгизирээк бетте эчкилер бейкам оттоп, энелерин ээрчиген улактар так секире, ары-бери чуркашат. Бир нерсенин шегин алдыбы, же чоочун жыт келдиби, эртеден бери күнгө кактанып, төрт аягын кенен жайып, уктап жаткан иттердин жанындагы бирин-экин майда күчүк, ары-бери карап, баш көтөрүшүп, шоңк-шоңк үрүп калышты. Майда күчүктөрдүн коопсуздана безилдеп үргөндөрүн уккан ары жактагы иттер, баштарын көтөрүшүп,-«Карагылачы, кимдер келе жатты экен?» дешкенсип, бир-эки жолу «ав-ав» деп, кайра жатууга камда-нышты. Энелеринин коштогон үндөрүнө эрдемсиген күчүктөр, күтүрөгөн туяктардын үндөрүнөн чочуй, безелене үрүп киришти.

-Эмне балакет болуп кетти? Тынчыбызды алып, көп эле безеленбегилечи?-деген карт дөбөт башын көтөрө бергенде көп караан көзүнө чалдыга түштү. Ал шарт ордунан туруп, айбат кыла үргөнүн көргөн иттер, жабыла турушуп, атчандардын жолун торошту.

-Ызылдатпай, оздорун жап кылгыла! - деди жүз башы шериктерине.

Үйгө келе жаткандарды, жакындатпай, жолдорун торогон көп ит, басмачылардын кыжырын келтирдиби, бириси ээр кашка илинген мылтыгын алып, эң чоң дөбөттү мээледи. «Тарс» эте

мылтык үнү чыкканда, алдыдагы дөбөттүн санына ок тийип, ооруксунганынан улам, ал ок тийген жерин апчый ыркырап, кайра күчөнө көп атчандын жолун тосту. Экинчи, үчүнчү... Мылтыктар тарсылдап баятадан бери кулак-мээни жеген чаңкилдактар, эми ыз-тыз боло чуулдашып, айрымдары коркконунан улуй башташты. Ок дадил тийген иттердин кээлери сулк жыгылышса, кээлери мылтык үнүнөн коркуп, артка качып, бекинүүнүн аракетинде болушту.

Иттердин безилдеп авалашы, ага удаа эле «тарс-тарс» эткен мылтыктардын үндөрүнөн улам, алдастаган Пал менен аялы ээрчише эшикке чыгышты. Иттерди атып, сүрүлө келе жаткан көп караан, ырайымдык кылбастыгын туйган Пал аялына:

-Мылтыкты, тез алып чык! - деди кыйкырып.

Аңгыча көп атчан үйдүн жанына келип, тизиле туруп калышты.

-Эй орус, иттериңди абалатпай тоспойсуңбу!-деди алдыдагы мылтыгын туурасынан өңөрүп турган бирөөсү.

-Ассалоомалейкум. Келгиле меймандар?

-Ой, кыргызча билет экен. Орус кыргыз болуп калган окшойт-деди бирөөсү таңдана.

-Ал чокунган. Кыргыз болбойт.

-Эй орус, мусулман болгонсуңбу?

-Мусулман болушу үчүн колун алалдатыш керек. Бул орус бойдон.

-Мен кыргыздардын арасында жашап, кыргыз болуп калдым-деди Пал так сүйлөп.

Аңгыча үйдөн мылтык көтөргөн анын аялы, башында жоолугу жок, кыска этегинен кызаңдаган саны көрүнүп, чыга калды.

-Сен кыргыз болсоң, аялың эмнеге этегин жаппай жүрөт?-деди басмачылардын бирөөсү.

-Эй орус, алтыныңды алып чык!

-Тирүү калам десең, каткан мүлкүңдү ыктыярың менен бер, бизге?

-Сурап отурабызбы?

-Ыктыяры менен берчү беле.

-Улак кылып кетелиби?

-Кызталак катынынын санын көрсөң, бууранын санындай.

-Соорусун кара, соорусун.

-Этинин актыгын айт.

-Бах, кучагында бир болсом арманым болбос эле.

-Ал каапыр. Сага буйрубайт.

-Каапырдыгына карайт белем. Көптөн бери катын көрбөй, көз кызарып жүргөндө.

-Эй күйөөсүн тындым кылып, катынын алып кетпейлиби?

-Эй иттин баласы. Этияттап сүйлө, казы билсе ажалыңдан мурда өлүп жүрбө.

-Эй орус, болбойсуңбу? Алтыныңды бересиңби, бербейсиңби?

-Менде алтын жок.

-Анда катыныңды бер.

-Муну менен келжирешип отурабызбы. Шарт эңип кетейинби?-деген шымаланган басмачы, аны көздөй атын теминди.

Пал мылтыгын кезей калып, жанына жакындай келгенде ок чыгарды. Тарс эткен үн менен кошо, ал аттан ооп жыгылды. Көпчүлүк сестене туруп калышты.

-Мага жакындагандарды атып салам. Кеткиле бул жерден.

-Ой энеңди урайын орус. Бул жерден өзүң кет! Атасынын акысы барсынып, жерге ээ боло калганын көр.

-Бир орустан коркуп калабызбы? Алгыла! деген үн менен тургандар жабыла ат салышты.

Палдын мылтыгы экинчи жолу тарс эткенде, эч ким жыгылган жок. Көп атчан сүрүлө келип, бириси колдон, экинчиси буттан ала тартып кетишти. Аялдын чаңырыгы чыкканда, анын жанына келе калган басмачылардын бирөөсү анын төбөсүнө бүлдүркөн камчысын шилтей берди. Төбөсүн кармаган аял сулк жыгылды. Палды атка сүйрөтүп, аялын жайдак атка мингизип, буту-колун чырмаган басмачылар аны жолдуката шылдыңдашып, Эгизек аркылуу Бүлөлүнүн башына алып келишип, Чептин ичиндеги Чакыр-Төрдүн чатында жылаңачтап, маскарлап өлтүрүшүп, денесин ээн талаага жылаңач боюнча таштап кетишти.

***

Кыргызстанда ислам диний мектеп, медреселердин саны кыйла көбөйгөн эле. Заман талабына ылайыкташкан жаңыча усулдагы «Усили жадид» мектептери калыптанып, анда диний мүнөздөгү сабактардан тышкары жалпы билим берүүчү эсеп

(арифметка), жаропия (география) окутулуп үбаска (карта) такта, үстөлдөр колдонула баштаган болчу. Жаңы усулдук мектептер кыргыз балдарынын билим алуусуна салым кошуп, ал мектепти бүтүргөн балдар кыргыз интеллигенциясын түзгөн. Кыргыз элин Чыгыштын кээ бир диний, адабий, санжыра-тарыхый мүнөздөгү чыгармаларын сабатын ачып, билим алган адамдар элге окуп, же айтып берип алардын мазмуну менен тааныштырышкан. Санжыра биринен-бирине көчүргөн кол жазма түрүндө тараган.

Кыргыз автономиялуу облусунда 1925-жылдан баштап сабатсыздыкты жоюу боюнча атайын комиссия иштей баштап, ликбез (ликвидации без грамотности) деп аталган мектептер ачылды. Сабатсыздыкты жоюуда каражаттын тартыштыгы кедергисин тийгизип жатты. Калкты окутуу кыйла жанданса да, бир нукка түшкөн жок. Улам убакыт өткөн сайын ликбез мектептери, кызыл үй, кызыл бурч, кызыл чайкана, кызыл кырман, аялдарды окутуунун көптөгөн түрлөрү колдонулуп, окуп, жаза билгендердин саны көбөйө берди.

1928-жылы Жаңы экономикалык саясат бурулуш жасап, ага удаа коллективдештирүү компаниясы башталды. Борбордук бийлик агрардык секторду өзү көзөмөлдөп, колхоз чарбасын уюштурууну турмушка ашыра баштады.

Колхозго киргизилген жеке менчиги жок адамдар өз эркиндигинен кол жууп, «жетекчилерге» көз каранды абалда калды. Колхозчулар өз эмгегинин жыйынтыгына кызыкпастан эч демилгесиз, көрсөтмө менен гана иштеген жандар болуп калышты. Жеке эле колхозчулар эмес, жалпы советтик массаны иштетүү да буйрукчул жолдун калыптанышына жол ачып, администрациячыл буйрукчул система орноду. Бийлик менен байлыктан ажырагысы келбеген буржуазияны күч менен кулатуу жана аны жоюу жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алган большевиктер бийликти тартып алаар замат, кандуу репрессияны колдонуп кирди. Ачык айрым, көрүнүктүү тап душмандары жоюлса деле, алардын куйруктарын, сырткы душмандардын өлкө ичиндеги агенттигин, колдоочуларын ж.б социализмге тымызын кастарын тиккендердин тамырын кыркуу күн тартибине коюлуп жатты.

Буржуазиялык адистердин «зыянкечтери» деген компания башталып,ал партиянын үгүт иштерине кеңири жайылтылды.

Өндүрүшкө «катуу зыян келтирген зыянкеч» деген ири уюмдардын бети ачыла баштады. «Контрреволюциячыл уюм» делип, көптөгөн жергиликтүү адамдар соттолду. «Кулакка тартуу», «Эл душманы» деген жүрөк түшүргөн жардык пайда болду. Андай аталгандарды эч соттоосуз эле «үчтүктүн» (ар бир административлык бирдиктин райондук, облустук партиялык жана советтик жетекчилик менен НКБ (КГБ)нын ошол жердин башчысынын чечими менен атып же түрмөгө кесип жиберип жатышты. Айрыкча большевиктердин казабына дин кызматкерлери, сабаттуу интеллигенциянын айрым өкүлдөрү туш келди. Алар эч аесуз атылды, камалды сүргүнгө айдалды. Болбоду дегенде мал-мүлкү тартып алынды. Диний уюмдар, мекемелер, сыйынуучу жайлар талкаланды.

1927-1928-жылдары республиканын түштүгүндө Жер, суу реформасын жүргүзүү учурунда ВКП (б) Кыргыз облустук комитети бай-манаптар, кулактар ээлеп келген жердин эсебинен дыйкандардын каражат күтүүсүн камсыз кылууда совет органдарынын жана милициянын ишмердигин күчөтүү боюнча чараларды көрдү. Бай-манаптардын зордук-зомбулугуна каршы күрөш жүргүзүүдө революциячыл тартипти орнотуп, социалисттик закондуулукту күчөтүү колго алынды.

Бай-манаптар, кулактар мурда таш-талканы чыккан басмачылардын шайкаларынын калдыктары коллективдүү чарбаларга каршы алынын жетишинче күрөшүүгө, айыл активдерин, коммунисттерди өлтүрүүнү тымызын жүргүзүп жатышты. Колхоздук түзүлүшкө көбүрөөк зыян келтириш максатында тап душмандары малды өздөрү гана жок кылбастан, башкаларды, колхозго өтөөр алдында колдо болгон малын союп жок кылууга үндөштү.

Кулактар совет бийлигине каршы ушак таратышты. Эл арасында билинбей жүргөн ак гвардиячыларды, буржазиялык улутчул уюмдарды колдошту. Бандиттик топторго кошулушту. Салык төлөөдөн баш тартышты. Кара санатайлык кылышып эгинди чала чабышты, машак терүүнү атайлап уюштурушпады. Совет өкмөтү колхоздук түзүлүштүн бекемделишине колунан келишинче тоскоолдук кылып, бут тоскон кулактарга карата чечкиндүү жана чукул чара көрүүгө мажбур болду. Кулактардын эксплуататордук аракеттерин чектөө максатында аларды тап катары жоюу колго алынды. ССС Р Эл Комиссарлар Совети

1930-жылы 1-февралда «Айыл чарбасын социалдык кайра курууну бекемдөө жана туташ коллективдештирүү райондорундагы кулактар менен күрөшүү чаралары жөнүндө» токтом кабыл алды.

1928-1932-жылдар аралыгындагы Совет өкмөтүнүн колхоздоштуруу саясатынан улам бай, бий, болуш, ал тургай чарбадар дыйкандардын мал-мүлкүн, жерин ортолукка алып, өздөрүн ар тарапка сүргүнгө айдалышы тоолуктарга өтө эле өөн көрүнүп, аман калуу аракети менен чектеш жайгашкан өлкөлөргө качууга аргасыз болушту. «Мал ачыгы, жан ачыгына» кабылып, өзүн эл-жеринен кубалаган. Совет өкмөтүнүн өкүлдөрүнө большевиктерге наразылык күчөп, аларга каршы курал көтөргөн абал пайда болду. Ортолуктун ишин бүлүндүрүп, активдерди жазалоодон кайра тартпаган бирин-экин майда топтор, улам ирелешип отуруп «динди, эркиндикти коргоо» деген жарлыкты бетке туткан кыймыл көтөрүлүшкө айланды. Жеке адамдардын өз байлыгын, кызыкчылыгын, укугун коргоо аракеттери барып-барып улуттук күрөштүн жаралышына себеп болду.

Алай Гүлчө районунан кулактар,байлар Кыргызстандын колхоздорунун катарынан чыгарылды. Орто Азия республикаларында колхоздоштуруунун башталыш жылдарындагы кыйынчылыктардан пайдаланып, басмачылар кайрадан баш көтөрө башташты. Чет өлкөлүктөр совет бийлигине каршы үгүт жүргүзүүнү күчөтүштү.

Жер-суу реформасы Кыргызстандын түштүгүндө 1927-жылы кеч күздө башталды. Ири байлардын ээлеген жерлери чайрыкерлерге  бөлүнүп бериле баштады. Ал ишке батырактар менен кедейлер кеңири катышышты. Жергиликтүү калктын көбү көчмөн турмушта жашашкан эле. Алар жай айларында өздөрүнүн малдары менен бийик тоолуу жайыттарга-жайлоолорго көчүп барышып, күзгө чейин олтурушкан. Жайлоодогу малчылардын арасында жайлоо Советтерин уюштуруу болду. Анын негизги милдети: Совет бийлигин чыңдоо, байларга каршы күрөшүү, ошондой эле көчмөн малчылардын арасында чарбалык, маданий ишти уюштуруу болгон. Жайлоо совети кедей-кембагалдарга таянуу менен таптык негизде тирешүүнү пайда кылып, таасирдүү байларды сот жообуна тартып, аймактан сырткаркы жерлерге көчүрүп жиберишкен. Көчмөн

чарбаларды отурукташтыруу жана аларды коллектештирүү иштерине жетекчилик кылышты. Коллективдештирүү учурунда малдын көп бөлүгү колхозчулардын менчигине өткөн.

«Жергиликтештирүү» саясатында иш кагаздарын жергиликтүү калктын тилине которуу менен калктын сабатсыздыгын жоюу, кедей-кембагалдардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу, борбордук райондорго практикага, тажрыйба үйрөнүүгө жөнөтүү, кыска мөөнөттүк курстарда, окуу жайларда, партиялык агартуу системаларында окутуу, кадрларды даярдоо негизги маселе болду.

1929-жылы Сталин «туташ колективдештирүү» саясатына удаа эле «кулактарды тап катары жоюу» ураанын жарыялады. Кулактарды тап катары жоюунун маңызы, аларды негизги өндүрүш каражаттарынан ажыратуу болуп саналган. Кулактар менен бай-манаптар үч топко бөлүнүп, биринчи топко «контрреволюциячыл бай-кулак элементи» кирген. Экинчи топко-чоң байлар, бай дыйкандар, уруу аксакалдары, таасирдүү дин кызматкерлери, үчүнчү топко калган бай-манап, кулак чарбалары кирген. Алар Кыргызстандын аймагынан тышкары жерлерге, өз айыл-кыштактарынан башка жактарга көчүрүлгөн.

Айылдагы бай-манаптар бардык дыйкандарга карама-каршы коюлган. Бул алардын аябай кыжырдануусун келтирип, курмандыктарга алып келген. Айыгышкан, ачык куралдуу чыгууларга чейинки каршылык көрсөтүүлөргө алып келген. Дыйкандардын наразылыктары куралдуу көтөрүлүшкө чейин жетти. Чек ара райондорунда байлар малын чет өлкөгө айдап көчүп качышкан. Алай-Гүлчө районунда көтөрүшчүлөрдүн катарында 50дөн ашык адам болгон.

Большевиктердин дыйкандарга карата зордуктоо саясатына наразылык билдирилип мал-мүлкүн, эмгек шаймандарын жок кылуу, өрттөп жиберүү болду. Репресиялар күчөдү. Украина менен Түндүк Кавказга көчүрүлдү.

«Туташ коллективдештирүү саясаты» 1930-жылдары күч алып, большевиктердин калк арасында түшүндүрүү жана уюштуруу иштери ачыктан-ачык кыйнап-кыстоолор, коркутуп-үркүтүүлөр, алдоолор, негизинен мажбурлоолор күч алды. Колхозго кирүүнү каалабагандарды кулакка тартышты. Коллективдештирүү коркунучунан улам дыйкандар малын союп, этин ысырапташты. Колхоздун эгинин өкмөт алды. 31-жылы

түшүм начар болуп, жеке менчик чарбалардын жана колхозчулардын бардык эгинин жыйнап алышты.

Эл кыштан араң чыкты. Эгин жаңы быша баштаганда ачка адамдар аман калуунун аракетинде аны уурдай башташты. Жыйын– терин башталганда ачка калуудан коркуп, чочулашкан эл эгинди чөнтөктөрүнө, коюн-колтуктарына ката башташты. Аз да болсо эгинди топтоп алууга аракет жасашты. Өкмөт ага каршы катуу чараларды көрдү. «Социалисттик менчикти сактоо жөнүндө» 1932-жылы 7-августта СССРдин БАКы мыйзам кабыл алды. Бул элде «үч баш дан жөнүндө мыйзам» деген атка конду. Ал мыйзам боюнча дан уурдагандыгы үчүн 10 жылдан кем эмес соттолуп, үй-мүлкү конфискацияланган. Кыргызстанда жүздөгөн адамдар соттолуп, айрымдары атылган. Алардын көбү аялдар эле.

Ушунун натыйжасында Украинаны, Донду, Түндүк Кавказды, Волга боюн, Түштүк Уралды, Казакстанды камтыган чоң ачарчылык башталды. Коңшулаш Казакстандан жүз миң, Сибир тараптан отуз миңдей адам ачарчылыктан жапа чегип, азып-тозуп Кыргызстанга келүүгө аргасыз болушкан. Бул азык-түлүктүн тартыштыгын ого бетер арттырды. Ачарчылык Кыргыз-стандын аймагына да тарап, айрым жерлерде ачарчылыкка учураган колхозчуларды шишик баса баштады. Өкмөттүн демилгеси менен акысыз тамак берүүчү жайлар, ашканалар ачылып жардам көрсөтүлдү. Миңдеген адамдардын өмүрү сакталганы менен жогор жактан белгиленген эгин даярдоо планы аткарылбай калды.

ВКП (б) Кыргыз обкому жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Совети 1933-жылы 14-июлда «1933-жылкы түшүмдү уурдоо-чулар менен күрөшүүнүн чаралары жөнүндө» маселе карап, ГПУ, милиция органдарын жана участоктук инспекторду ар беш күндө бир жолу түшүмдүн сакталышын текшерип турууга милдеттендирди. Колхоз жетекчилери оруп-жыюунун жүрүшүн түнкүсүн да текшерүүнү уюштурушту. Эгин уурдоочуларды СССР БАКынын жана Эл Комиссарлар Советинин 1932-жылы 7-августта кабыл алган законунун негизинде жоопко тартып, тергөө ишин он күндө бүткөрүү сунуш кылынды.

***

Тоо ичинде жаз. Элдин алды өр таянып, эгиздеп кетсе, аркасы журт которуп, жүк түшүрө башташкан. Баягындай

күтүрөгөн мал жок, элдин колу саналуу эле. Тоолукка эки эчкиси болсо да, сырт жакшы.

-Өөндө ысылап, тер сасып отургуча, эгизге барып жайдын жумшак желине төш тосуп, отурган жакшы дешип, жайлоонун кыныгын алгандар бирин-экин саандарын караан тутуп, мөңгүсү кеткен капчыгайларды өрдөп, күндүн ырабдайына карай жыла башташкан. Касиети улук жаздын көркү башка да. Таштан башкага чөп чыгып, көк мөлтүр асман шаңкаят. Кышы менен мөңгү астында думуккан булак суулары ар жылгадан үн алыша аска-зоону жаңыртса, короз кекиликтер биринен-бири өтүп бакылдашат. Көлчүктөрдүн четинде бакалар чардап, жаңы гана тили жибиген канаттуу-куштардын сайраганы кошул-ташыл боло тоо ичи өзгөчө кубулуп турду.

Мезгилдин өзгөргөнү, табигаттын жасанганы кээ бир адамдардын көзүнө көрүнбөдү, көңүлүнө алынбады. Күндө кабатыр, бушайман болгон кыжалаттык. Ар кимге кабар берип, кабар алып түйшүктөрү күч. Кыштан бери «мөңгү кетсин, жол ачылсын» деген, санаркап күткөн күн жакындаган сайын укташса уйкулары келбейт, таң эртеден баштап, кеч көз байланганга чейин жандары тынбайт. Сырттан бирөөлөрдүн келишин күтүшүп, айыл ичинде баш тийиштирген кобур. Боло турган кандайдыр бир ишке даярдык көрүшүп, кимдир бирөө-лөргө чабаган чаптырышып, барып-келгендердин кептерине кулак түрүшөт. Алар Бүлөлүдөгү тооке уругунун билерманы Чоко бийдин Саркүлүдөгү үйүнө чогулган тууган–уругу, куда-сөөк, балдары эле.

Буга чейин Чоко бий менен Турдубай байдын байлыктан арманы калышпагандай эле. Жер шартынын төрт түлүктү кармоого ыңгайлуулугу, Бүлөлүдөгү тооке тобунун ынтымагы менен биринен–бири өтүп, малдын санын ашырса ашырышты, азели кемитишпеди. Малдарын баккан жалчылары кышын-жайын Көк-Суунун кышын кыштап, күнү тынбай, түнү уктабай, жайын жайлап, түйшүгүн тартышканы менен байлыктын доору да, атагы да эки байда болду. Жаш кезинен кат таанып, тээ ичкериге чейин эчен жолу барып келген Ади да, алардын байлыгына байлык кошту. Эсеп китептерин жүргүзүп, эки байдын даңкын далайга, атын Алайга чыгарды. Бир эле Алай эмес, бери эле дегенде бир тарабы Кашкар-Кулжа, бир тарабы Анжиян-Оштон ашырып, кош-коштоп сүрүп, жорголой басып

барган койлорун, куржун-куржун сары тилдаларга алмашып, жоон-жолпу улоолорго жүктөп эчен курдай барып-келип жүрдү.

Ади элге «Кожо уурунун» баласы делгени менен ал Чоко бий менен анын кудасы Молдомар экөөнө, ак селде чалынып, айда-жылда бир келген жышаанасы бар так эле Кожонун өзүндөй сезилчү.

-Атаңарды ит жегирлердин балдары, «Кожо уурунун» бир уулундай боло албайсыңар. Эч нерсе менен ишиңер жок. Күл чачып ойнойсуңар. Бириң эл башкарып, журтту тескеп, бириң соода кармап, дүнүйө экчеш оюңарда жок!-дешип балдарын тилдешип, эки бай бири-бирине, ичтериндеги буктарын айтышат.

-Бу бөрү баласынын апасынын жатынынанбы, же атасынын астынанбы?

-Бөлтүрүккө ата-тегинен өткөнбү, же тага журтунан жук-канбы?

-Мырзанын жүрүшүндөй жүргөнүн айт.

-Басканынан чаң чыкпайт да, бир оозунан сыр чыкпайт.

-Эсеби так. Кишиликтүүлүгүн айт.

-Кармаган жеринен кан чыгарат. Маалы келсе жан чыгарат.

-Кудайдын буга бизди мукуратып койгонун айт?

-«Жети тилди билип, жети тилде кат чиет»-дешет.

-«Жети жылдын аркы-беркисин туят»-дешкеничи

-Аны өзүңүз да аңдапсыз го, байлыктын мартабасын ушуга карматып.

-А сизчи, бийликти мөөрү менен байлыкты наркы менен карматып…

-Боло албасаң мокойло деген ушул.

-Туура, мунун колунан келгени, биздин колдон келбейт.

-Аны билет экенсиз, жым болуң!

-А сиз дагы тим болуң!

Эки байдын ээн жайдагы эзилишкен сырларынын чын-төгүнү бир Ади билет. Бир курдай Ооган-Иранга кетсе, бир айланып Ташкен-Олуя-Атага жетет. Анын сапары айдан-айга өтөт.

-Балчебектер келгенден баштап жер-суу, мал-мүлк ортолукка өтүп, бай-кедей тегиз болуп жатыптыр. Ортолукка ынабагандарды жер оодарып башка тарапка айдап атыптыр-деген «миш-миштер» улам жакындап келе жатты. Ага анчейин

мани бербеген колунда барлар «тегиз колхоздоштуруу», «Түштүк аймакта жер-суу реформасын жүргүзүү» деген саясаттан улам элтеңдеп калышты. Большевиктердин колу акыры келип, тоолуктарга жетти. 1928-жылы байлардын мал-мүлктөрү алынып, Чоку бийге окшогондор Алайдан сүрүлдү. Болгондо да эзели кышы-жайы кар кетпеген Сибирге айдалды. Эки жылдан соң «алчуусун алып» алыскы жолго камынып, чоң катындан төрөлгөн эки уулу Кожо менен Ысмайыл аталарынын артынан издеп барышты. Айласын таап аталарын алып келишмек эле. Анте алышпады. Ошол жактын топурагы буйруп, мүрзөсүнө куран окуп, кур кайтышты.

-Кайып улук, ага арга жок. Пендесине кудайым насип кайып, нике кайып, өлүм кайып, үч кайыпты атаптыр. Кайран бийге шиберден топурак буйруган экен-дешти ага-туугандар.

-Ооба,мүрзөсүнө барып кайттык-дешти, элди чакырып, атасынын арбагына арнап куран окуткан балдары, ызаалуу .

Атасынын алыска айдалып, ал жактан ажал табышына себепкер болгондорго кектери кайнады. Кек ала алышпаса намыс. Эртең эле бирөө болбосо бирөө, бөтөн эле эмес туугандарынан эле:

-Атаңардын кунун кууп алалбай, эмне кылып жүрөсүңөр? Силердин эл арасында басып жүргөнүңөр эки пул. Кайран бий талаада калчу адам беле? Аламандын алдында жүрсө пешинен, аты айтыла калса байлыгынан башкалар жазганчу эле. Ата балдары болбой калгыла!-деп ары насак, ары шылдың кылып айтпай коеруна ким күбө боло алат? Кыргыз кырк жыл өтсө да унутпайт.

-Эч болбосо сөөгүн алып келбейсиңерби? Кабыры кана? Ата намысына арзыбаган акмактар!-деп иттен алып, итке салышарын ойлошуп, ичтерин ит тыткандай болуп жүрүштү.

-Орус ойрон кылбаса, ошол жакка ооп барбайт эле-деди улуусу.

-Орустун ойлогонундай боло бербейт. Ого да бир көрүнөөрбүз, учуру келгенде-деди кичүүсү.

Кектери кайнап, тиштерин кычыраткан Чоко бийдин балдары жөн жатып алышкан жок. Аларга алдыртадан көз салып турган айылдардагы айрым бий, байлардын балдары абайлап келишип, колтуктарына суу бүркүштү.

-Баштагыла, өкмөткө каршы чыгабыз. Бир эле биз эмес, жалпы жамаат кошулат. Жаамы мусулман балдары колдойт-дешти.

Бир күнү Чоконун балдарынын жанына айылдыктар чогулушту.

-Орус болбосо мындай болбойт эле.

-Орусту жерибизден айдап чыгыш керек.

-Ооба тукум-курут кылсак, экинчи келе албайт.

-Деги, канча орус бар экен?

-Гүлчөдө болгону төрт орус болсо керек?

-Ошто, андан ары Пишпекте канча болду экен?

-Аны жакында эле Пишпекке барып келген Абдырахмандан эле сурай коелу?-деди чогулуп отургандардын бирөөсү.

-Ырас эле Абдырахманды Пишпекке барды дебеди беле. Ал аныгын билет-деди экинчи бирөөсү ага кошумча болуп.

Ошол мезгилде жаңы өкмөттө «төмөндөн жогору карай» деген саясат жүрүп, жергиликтүүлөрдү бийликке көтөрүү колго алына баштаган эле. Кат-сабаты жоюлган жаштарды комсомолго мүчөлүккө кабыл алып, «ячейка» биргадир, волоско төрага, катчы кызматтарына шайлоо тартиби жүргүзүлгөн. Башка жактарга иш жүргүзүүнү үйрөнүүгө жиберилген айылдык жаштардын катарында Абдырахман да Пишпекке барып, кайткан болчу.

-Абдырахманды айтып келе кал!-деп Чоконун чоң уулу Кожо иниси Аринди жөнөттү.

Чогулуп тургандар Абдырахман келгенде ага суроо узатышты.

-Пишпекке барганда орус көрдүңбү?

-Көрдүм.

-Канча бар-деди Мамак менен Чоконун балдары жарыша.

-Аз эле. Беш-алтоодой көрүндү.

-Аз орустан коркуп калабызбы? Тым-тыракайын чыгарып тукум курут кылбайлыбы?

-Качан?

-Качан деп отурабызбы? Топтолуп жөнөсөк, башкалар кошулат. Көпчүлүк барып, чек арачылардын коргонун талкалап, куралдарын алабыз.

-Райаткомун кошуп, экинчи келгис кылалы.

-Куралды кайдан алабыз?

-Бизге ким курал берет?-деди ортодогулар чурулдаша.

-Куралды эмне кыласың? Ушул колдорубуз менен кармап, аттарга сүйрөтүп, улак кылып кетпейлиби?

Баш-аламан болсо да айтылган сөзгө Чоко бийдин балдары ыраазы.

Кашкардан ашып келип, кайра Кашкарга кеткен жолдо кимдер гана каттабайт. «Жол азабы, көр азабы» демекчи жолго чыккан адам мусаапыр. Жол азыгы жанында болсо түзүк, кокус азыгы түгөнсө, кара курсактын айынан жолдо жолуккандардан тамак суроого туура келет. Кээси «кайыр» деп берсе, кээси «мусаапыр» деп берет. Кээлери бар тамагын аяп, аркасын салгандар да кезигет. Канткен менен жолоочу жолуккан адамдын «салам-алигинен» билет. Кашкардан өтөөр жол көбүн сынайт. Ары-бери өткөндөрдүн арасында Чоко бийдин балдарынын тааныштары, дос-тамырлары Бүлөлүгө келгенде аларды байырлап, конуп кетишет. Чоко бийдин балдары атасынын «кара ашын» өткөрмөккө, алыскы-жууктагыларга кабар бермек болушуп, айылдагы аксакалдарды масалатка чакырышты. Саркүлүдөгү Чоконун үйүндө отургандар уккан-билгендерин айтып жатышты.

-Ээ, журт, мындан ары ата-бабалардан калган асыл ырасмилардан айрылат окшойбуз.

-Арбакты сыйлап, аш беришти жоготот экен өкмөт.

-Өлгөндүн арбагына эмес, тирүүнүн кубанычына той беришти токтотуп жатыптыр.

-Аш-тойду айтасыңар, Ата конушубуздан айрылат окшойбуз.

-Каапырдын сөзүн сүйлөбөй, оң айткылачы?

-Туура айтып жатышат. Төгүнү жок.

-Ии?

-Ортолукка мал бербейбиз деген байлар, малдарын союп, ысырап кылып, аш-тойлорду өткөрүп жатат-деп актиптер айтып жатышыптыр.

-Ко-ош?

-Колхоздошобуз дешип, ар айылдагы түтүндөрдү бир айылга бириктиришээр экен.

-Бу катындардын ушагыбы, же каңырыш угулган кабарбы?

-Каңырыш эмес чын экен. Кечээ жолдон өткөн мойсопут эле бир адам, Анжиан тараптан келдик деп, түштөнүп кетти.

-Не кеп айтат?

-Чек ара ачыкпы? Жол тоскондорго байкалбай өтүүгө болобу?-деп сурайт.

-Неге десем «Анжианды каапыр басып, жер-сууну тартып алып, баарын ыраакка айдап жатат. Баш паанек издеп, Кашкарга ашып кетели деп, жол кезип жүрөм»-деди Муну болуштагы билермандардан сурасам «анык» дешти.

-Бу суук кеп, Анжианда болуп жатса, эртең эле Алайга жете келет окшойт?

-Ээ, Алла!

-Балээңден сакта жараткан?

-Ата конуштан айрылсак не күн болот, Кудай!?

-Журттан аздыра көрбө, айланайын Кудай?!

-Алайга келтирбестин аргасын табышыбыз керек!

-Аргасы кайсы?

-Гүлчөнүн өзүндө отурган орус кожоюн, өзүнүн орус туугандарын көчүрүп келбесинин чарасын көрүшүбүз зарылдай.

-Кантип чарасын көрөбүз? Мелисаны башкарган ногой тилмеч анын сөзүн сүйлөйт.

-Эртерээк көздөрүн тазалабасак, биздин элге, бир балээни көрсөтөрү бышык.

«Кара аштын» масалаты калып, бардыгынын сөзүндө «миш-миштер» айтылып жатты. Бийдин балдары бүгүнкүгө тоокенин аттуу-баштууларын, элди бийлеп келген жакшыларды гана чакырган эле. Мурдатан бий-болуш, миң башы, старчын боло келишкен мыкчыгерлер маслаттин «маанисин» жакшы билишет.

-Кудайдын кудрети, томояктарга эрк берди. Эми алар «элди бийлейбиз» дешип, каадаларыбыздын ашмалтайын чыгарып жатышат.

-Томояктар малыбызды алганы аз келгенсип, эми өзүбүзгө асылганы турушат.

-Ооба, буларың кайран бийди капырларга карматышып, бей ажал жердин түбүнө алып барып көмдүрүштү.

-Кайран бий, тоокенин намысы эле.

-Бизди дале жөн коюшпайт го?

-Кең Алайдан кайда бир ээн талаа, эрме чөлгө барып өлгүчө, ушул жерибизде жан бергенибиз абзел.

-Сөөгүбүз илайим эле Алайда калсын.

-Ап-бали. Кудай ниетибизди кабыл кылсын. «Жатып өлгөнчө, атып өл» деген. Ар кимибиз алыбыз жетишинче биригүүнүн аракетин кылалы.

-Өз туугандарыбызды көтөрөлү!

-Жалпы Алай элин бириктирели!

Бүлөлүлүктөрдүн бүтүмү күтүлүп жаттыбы, же атайлап эле маалкатып, чоочун көздөрдөн калкалашканбы, бийдин балдары жапырт сырттан кирип туруп калышты.

-Туугандар! Алыстан келген, ардактуу коногубузду ушул жерге чакырсак кантет?-деди бийдин чоң уулу Кожо.

-Кирсин. Келсин? -дешти жабыла отургандар.

Аңгыча ак селдечен бей тааныш адам, эшиктен баш бакты.

-Асалоомалейкум.

-Ваалекимаассалоом.

-Келиң, келиң, быякка чыгыңыз?

-Төргө өтүнүз?

-Жо-жо кыймылдабаңыздар азиздерим.

-Ээ, меймандан улук ким бар.Өтүнүз?

Мейман төргө чыгып, коомайлана көчүк басты да, алакан жай берип.

-Кана, азиз мусулман балдары, жараткан бизге жакшылыгын ыроо кылсын! Мусулман баласынын башына түшкөн алаамат, акыр замандан Алла өзүң сактай гөр?! Жамы мусулман балдарынын ынтымагы, бirимдиги балант болсун. Алланын амири менен жер–суубуз арамдыктан таза болсун! Алла ак тилегибизди кабыл этсин! Аллоу акбар!-деп түктүү бетин сылады.

Олтургандар аны жабыла кубатташып, кошо бата кылышты. Маслаттагыларга жаңы молдо тааныштырылып, эшендин айткан масаласы олтургандардын кулагына кумдай куюлуп жатты. Шыкалган айылдыктар чакан мечитке батпагандыктан, Молдомардын айтуусу боюнча бардыгы сыртка чыгышты. Мечиттин туурасына секичеге жаңы келген эшен чыкты. Анын үстүндө кийген кийими жеңил боз желек, башында кардай аппак селде, бутунда бозомук намиркан маасы. Жүзүн коюу чыккан түк басып тоолуктардан бир топ өзгөчөлөнтүп, башка жактан келгени айкын билинип турду. Чап жаак, арык бетине ак аралаган сакалы жарашканы менен калың кабак алдындагы көзү ойноп, көпчүлүктү сыдыра тиктеп, кимдир

бирөөнү издегенсийт. Бир аз тынымдан кийин «Бисмиллохир-рахмани-ирахим» -деп кыраатын келтире окуган сүрөөсү ободо көтөрүлүп барып, кайра муңкана дирилдеди.

Мечит алдында турган жамаат жым болуп, бир гана ортодогу секи үстүндө турган эшен курандын сүрөөсүн кыраатын келтире окуп, көпчүлүктү өзүнө тартып алды. Улам чечиле сүйлөгөн сөзүн сая кетирбей угууга ынтызар болгондор кыймылдоону да унутуп коюшкандай эле.

…Оо, ыйманы таза мусулман балдары! Ислам дини кыйын абалда турат. Акыр заман! Мусулман баласынын башына келер акыр заман. Эл кырылып, шаар, кыштак өрттөнүп, талкаланып, кишилер тозок отунда күйүп жатканы …Ыйык курандын сүрөөсүндө айтылган…

Тургандар уу-дуу боло түшүштү.

-Оо. Кудай сактай көр?

-Касиетиңден айланайын эшен, айласы табылабы?

Эшен колун көтөрүп, келмени кыраатты менен айтып, сабырдуулукка чакырды.

-Оо, жалпы мусулмандар! Исламдын ыйык динин сакташ–бул фарз.

Мына, бүгүнкү биригишибиз, мусулман баласынын ынтымагынын ыйык белгиси. Мына бүгүн, сиздер менен биз, бир пикирге баш коюп, ыйык ишти колго алып жатабыз. Баарыбыз ыйык Ислам дининин коргоочуларыбыз. Алланын амири менен жер-суубуз арамдыктан, каапырдын жытынан тазарат. Чоң Түркия, берки Ооган, Кашкардагы каны бирге мусулмандар бизди колдогону турат. Алла ак тилегибизди кабыл кылсын. Мына биздин жергебизге, жаамы Түркистан аймагына капыр балчебектердин үстөм болуусуна тигил жактагы жаамы түрк балдарынын жаны ачыйт. Жамы түрк балдары козголуп жатат. Жаат курап, толкуп жатышат. Оң-солго канаты жеткен Түркия паашасы Энвер пааша өзү мусулман ураанын чакырып, жамы түрк балдарынын бийлигин курап, жардамдарын уюштурду. Жакында бул жайга эмнеге муктаж болсок, бардыгы келтирилет.

Биз Мухаммед–алейсаламдын үмөттөрү!

Ниети бузук балчебектерге кошулгандарды кармап, дин Исламдын ыйык жолуна курмандыкка чалуу–бул сооп. Ыйык Ислам динин сактап, орустарга газават! Ыйык газаватта капыр

балчебектерди өлтүрөсүңөр-газы, өлсөңөр шейит болушунар ак!

-Баракалла! Баракалла!–деп анын жанындагы айылдык молдо баш болгондор кубатташты.

-Он сегиз миң ааламды жоктон- бар кылган Алла! Алла өз элчиси –Мухаммед алейсаламга жети кабат асмандан куранды түшүрдү.

Оо касиетинден айланайын ыйык куран! Касиеттүү пайгамбарым! -Куран сөзү-Алланын сөзү. Кудай үчүн, куран үчүн, дин ислам үчүн кызмат кылуу мусулман баласы үчүн милдет. Мухаммед -алейсалам дин исламды каапырдан кандай коргосо, биз мусулман баласы да исламды каапырга булгатпайлы. Куран –жадыбызда, ислам-каныбызда. Касиеттүү куранды кармаган пенденин дили агарып, миң күнөөсүнөн арылат.

Биссимилдарракманииррахим!-деп куранды колуна алып, тооп кыла тургандарга кайрылды. -Мына бул ыйык куранды колдон өткөргүлө!-деп айылдагы топко жол көрсөтүп отурган адам 1922-жылы жайында чек ара аркылуу кыргызстандын аймагына келип, андан Анжиан-Коконго чейин өтүп, бир нече жолу Ооган, Иранга өтүп атайын тапшырмалардын үстүндө иштеп жаткан, Индиянын Чигралынын жараны Англиялык эмиссар Тимур шах - хан аттуу эшен эле

Эшендин колу менен берилген куран бир сыйра тургандардын колунан өтүп, кайра өзүнө тийди.

-Алланын ыйык куранын кармаганыныздарды унутпайсыздар момун мусулмандар! Куран алдында, Кудай алдында ант бергениңер эсиңерден чыкпасын ислам уулдары!

Тургандардан «тук» этип үн чыкпады. Ыйык эшен алардын ар бирине куранды карматып, эртеңки казаттан баш тарткыс кылып койгон эле.

-Оо азиз мусулман балдары! Исламдын ыйык туусун көтөрүп, Алай-Гүлчөдөн каапыр-балчебикти жоготушка аттанып, ант берип отурасыздар. Бул ишке баш-көз боло турган кимиңер? Кана бери өтүңүздөрчү?

Топтогулардан бөлүнүп эч ким чыкпады. Көпчүлүк тумчуккандай үн катпады. Бир топко барып, ортодон бирөө:

-Ади баш-көз болот.

-Ади деген ким? Чыгыңчы бери?

Эшендин суроосу жоопсуз калды.

-Адиге кабар жетпей калыптыр-деди четтен бирөө.

-Адини чакыртыш керек!

-Ал чакырганга келбейт. Атайлап барышыбыз керек.

-Ади келгиче шариятын түздөй бергиле, ишти чала кылбай!-деди бирөөсү зоңк-зоңк эте.

Тооке уругунун билермандары баш болушкан топ кара кой союп касам ичип, анан ай туяк чалып, бата берүүгө чогулушкан эле. Эшик алдында мууздалган казан куйрук кара койдун булоосу чыгып турган ысык канына манжаларын тегиз тийгизишкен билермандар касам ичишти:

-Айтылган антты аттасак, ата-бабанын арбагы урсун!

-Антты бузсак кара койдой мууздалалы!

Чоконун үйүнүн алдындагы Саркүлүдөгү курбуда биринен бири калышпаган, чоңдугу эшик-төрдөй келген, туу калган үч боз бээ байлануу турду. Жогортон ээрчише басып келк жаткан топтон сестене карап, биринен-бири өтүп кошкурушту. Жеңилдене кийинип, жеңдерин түргөн Ибраим колуна кыл арканды кармай келип «шык-шыктап» четтегисин ары тегиз жакка жетеледи. Көптөн бери байланбай жүрүп, жапайыдай болгон боз бээ тисериле мойнундагы чылбырды чыңай кетенчиктегенде, бирөөсү кончун «тарс» эттире чаба калганда үрккөн бээ, түзөнгө жете түштү. Ошол замат анын мойнуна серпилген кыл аркандын эки учу чаткаягынан алынып, күч менен тартылганда, бээ тырак эте жамбаштай жыгылып, төрт аягы көктү карай сырайды. Топ алдында келе жаткан бийдин кудасы Молдомар адеп кол жайганда, тегеректе тургандар бары дуу эте:

-Яа, Алла, ак жолубузду ачкайсың.

-Ай туяк ак жолго багышталды.

-Иш башы, ата-буба арбагына арналды.

-Ата-бабалар арбактары, мазар- машаяктар колдоп, жол ачсын!

-Яа, карим, муратыбызга жеткиргейсиң?

Көптүн уу- дуусуна аралаш, ай туяктын чатына, алдыңкы колтугуна чыңалган аркан күрмөй байланып, жанын ачытты окшойт. Боз бээ шыңгырай кишинеди. Бошонуп кетүүгө эч бир мүмкүндүк бербей, Айти балбан соорунунан, Ибраим мойнунан баса, баш жагындагы Мама ээриндерин чорбуйлап, туйлаганга мүмкүндүк бербей турду. Боз бээнин чанагынан чыга чакчайган

тунук көзүнө тээ бийиктеги көкмөк асман, анда өзүнүн өңүнө түспөлдөшкөн боз булут акырын жылып бараткан көрүндү. Эркиндикти самаган бээ кишинеп үн чыгарууга буямасы келбей, күрс-күрс жөткүрө онтоп алды да, алынын барынча туйлай силкинди. Төрт аягын карыштыра байлап, басып тургандар былк эттирбеди.

-Биссимилла-рахмани-райым!-деген добушка улай колкосуна тартылган курч бычактын изи менен оргуштаган кызыл кан тышка серпилди. Шыр-шыр эткен добуш кулагына элдир-селдир угулган боз бээ зор тулкусун бир булкуй титирете, денеси көөшүй, кор-кор эте көзүн пардап ачууга араң жарады.

***

Гүлчөнүн тар көчөсү кургакчылыкта чаң басып, жамгыр жааганда ылайга батып баш-аякка созулуп кетет. Ар ар жерде топтошо салынган жепирейген кара тамдар. Райондук мекемелерден корсунгансып жүдөңкү көрүнөт. Айылдын чыгыш тарабындагы кең коргондуу имарат алыстан эле айкын көрүнүп, «аскерлердин гарнизону» деп аталат. «Биздин бала кезде салынганын эс-мас билебиз»-деп аксакалдар кеп кылып калышчу. Дал ошол «солдаттардын короосунан» күн сайын эртели-кеч күндүн нуруна жарк эте чагылышкан жылдыздуу баш кийимчен, сур көйнөк-шым кийген солдаттар топ-топ болуп чыгышып, көчөнүн чаң баскан жолдору менен ары-бери өтүп калышат. Найзалуу жалаңдаган беш атарларды көтөрүшүп, бир кылка шагдам баскандары жаш балдарга гана эмес чоңдорго да кызыктай көрүнөт. Алардын баскан кадамдары алыстан эле билинип, командирлеринин кыйкыра сүйлөгөн сөздөрү угулары менен ичип отурган ашын таштап, ар жылчыктан таңыркаша баш чыгарган балдарынын артынан ата-энелери кошо чыгышат.

-Кайда барат. Быякка тур. Орустар кармап алат.

-Орустар алып кетпесин.

-Жалгыз-жарым жүрбө, орустар тутуп алат-деген ата-энелеринин коопсузданган сөздөрүнө этибар алышпаган балдар солдаттардын баскан-тургандарын таңыркашат. Айрыкча аларга куйругу тумайта кесилген аттар жорткон сайын, ат үстүндөгү солдаттар да өчөңдөшө кошо жорткону кызык көрүнүп, аны шылдыңдаша каикырышат. Кээде солдаттардын кыймылдарын туурашып, гарнизонго чейин ээрчий барышып,

шыкаалай көпкө турушат. Солдаттардын кылыч шилтеп, мылтык кезегени балдарга ого эле кызык көрүнөт.

Орустар Гүлчөгө келгенден баштап, өздөрү менен кошо өзгөрүүлөрдү да ала келишти. Сырттан келген кишиге, анча-мынча жолдордун чекелерине катар үйлөрдүн курулушу, дарак-көчөттөрдүн эгилиши айкын билинет. Көчөттөрдүн түбүнөн арыктар алынып, суу жүргүзүлгөндөн улам, көктөгөн дарактар-дын саны арбып барат. Ал иштердин баарын солдаттар аткарышат. Гарнизондун айланасын иретке келтиришип, чекелерине таш тизишип, актап коюшканы, жергиликтүүлөрдү таң калтырды. Бирин-экиндеген соода дүкөндөрүнө ар кыл товарлар келгени менен жергиликтүүлөр арасында анча-мынчалары гана акча кармабаса, көпчүлүгү алмашуу жолу менен товар алышат. Чын-чынына келгенде тоолуктар акча катчу капчыкты да, чөнтөктү да билишчү эмес. Кимдир бирөө-лөр кат, же акча берсе, баш кийимине кыстарып, кийип алышчу. Болгон буюмдарын куржунга салып, моюндарына илип алып жүрүшчү. Орустардын кийген кийимдери, кармаган буюмдары да кыргыздар үчүн жаңылык болчу.

Айылдыктар Гүлчөгө зарык иши чыкканда, же базарга эшек, аттарды минип келишчү.Аны да бирөөлөрдүн короолоруна, же суу боюндагы токойго убактылуу байлай коюп, иштери бүткөндө кайра минип кетишчү. Солдаттардын эккен дарактары жыл өткөн сайын чоңоюп, бутак ала баштады. Бирок, иш менен базарга келгендер ат, улоолорун байлай коюшуп, анысы да жөн турбай дарактардын кабыгын сыйрып, же кайрып кеткендиктен орустар ар бир даракка «штраф рубл» деп жазчу болушту. Жазуу, штраф менен иши жок айылдыктар, дагы эле айылдан келе калганда ат, улоолорун жол боюндагы дарактарга аманат байлай коюшчу. Аны көргөн орустар сөгүнүшүп, ат, улоолорду агытып же короолоруна алып кирип байлап, качан гана штрабын алмай сайын кайра беришпейт. Кечке убаракерчилик тарткан айылдыктар, жазана төлөөгө жандарында акчасы жок, өз улоолорун сурап алууга тил билбей, аябай эле жүдөшүп, Гүлчөгө келип-кетүү түйшүгү көңүлдөрүнө көк таштай тиет. Келбей коеюн дешсе, тиричиликтин айынан, базардын зарыгы-нан мукурашат. Эптеп ойлорун билдиришип, кепилдикке бир буюмдарын берип, же бирөөлөрдөн карыз алышып, улоолорун ажыратышат.

-Келгиндердин көзүн карап, өз жерибизде өзүбүз мукурап жатабыз. Ушуларды жалкытып, келгис кылбайлыбы-дешет орустардын талабы жандарына баткан айылдыктар.

-Кантип келгис кыла алабыз?-дейт дагы бири шеригинен кеңеш сурайт.

-Жалгыз жарымын кармап, көптөп сабасак кетет.

-Кимди ким билиптир. Булардын жоктоор тууганы жок. Өлтүрүп салсак, жалгыз жарымы кетээр.

-Өлтүрсөк баарын эле өлтүрүп салалы. Башка орустар кайдан келмек эле?

-Заставага кантип киребиз?

-Анын жаны оңой эле. Атыбызды байласак. Алар жазана дешет. Биз «жок» деп тура беребиз. Акыры алар бизди заставага алып киришет. Бир-бирден кармап, тындым кылбай, жаныбыз жокпу?

Биринин сөзүн бири кубаттаган айылдыктар чогулуп алышып бир күнү Гүлчөгө келишип айткандагыдай кылышты.

Гарнизондогулар аларды кармап коргондун ичине алып киришип, даракатарды бүлдүргөндөрү үчүн штраф төлөбөй жатышкандарын командирине билдиришти.

-Штраф төлөө милдет. Кутулгула! деди командир. Айылдыктар чөнтөктөрүн чукуламыш болушуп, коюндарынан бычактарын сууруп алышып, үч-төрт орус аскерин тындым кылышат. Атууга даярданган командиринин наганын колунан сууруп алышып, оозуна атышат. Гарнизон ээсиз, бош калды.

Гарнизондо аскер адамдарынын аздыгынын себеби, Гүлчөдө убактылуу гана чек арачылардын арык аттарын, иттерин багуучу солдаттар кармалгандыктан, көпчүлүк чек арадагы аскер кызматкерлери Ош, Анжиан, Ташкенден түз чек араларга жиберилүүчү. Гарнизондогу аз аскерлер өлтүрүлгөнү, жарадарлары Ошко, Анжианга госпиталга кеткендиги бүлөлүлүктөргө угулду.

Бул ишти кимдер жасашты? дешип сураштырышты.

-Жаныбыздагы көкчө уулу, сабайлардын эле эр жигиттери жасады. Биз тоокелер андай кыла албайбызбы? Алардан биздин эмнебиз кем. Орустарды биротоло жок кылалы деген бүтүмгө келишип, бүлөлүлүктөр Гүлчөнү басып киришкен эле.

***

Күндөлүк тиричилик менен алектенген Гүлчөлүктөр бейкам. Орус падышачылыгынын мезгилинде, мындан элүү жылдай илгериде төштү түптөй, айыл четине салынган аскер гарнизонунун имаратында саналуу гана аттарды караган аскерлер калган. Райатком менен милиция кананын имараты, почта менен жанаша эле. Сырт тарап дүпүр-дүпүр эткенинен улам, алдындагы кагаз менен алектенип отурган райкомдун секретары Искендер баш көтөрө, ордунан туруп барып, карагыча болбой, шыпылдаган эки чабандес адам кирип келишип, сөзгө келбей секретар тарапка жүткүнүштү. Эч нерсеге түшүнбөгөн Искендер:

-Эмне балакет болду, туугандар-деди ал.

-Атаңдын башы болду, кайырдин каапыр!-деп Ибраим ызырынды.

-Оруска сатылып, ага жан тарткан сенин мойнуңду бураймын-деп Жумабай кол салды.

Райкомдун секретары курундагы тапанчасын алууга камданып баратканда, Ибраим үлгүрө барып колун кайрый кетти.

-Эй, эй туугандар жамандыкка барбайлы.

-Жамандык деп коет. Орустун жугундусун ичип, кутурган сенин башыңды жулуш керек.

-Оруска малыбызды, жерибизди алып, сүргүнгө айдата турган сенсиңби-дешип бириси буттан, экинчиси колдон алып көтөрүп жыкканга аракеттенгенине моюн бербей, эптеп тирүү калуунун аракетинде, Искендер:

-Мени өлтүрбөгүлө. Силерге пайдам тиет-деди Искендер.

-Урдум сенин пайдаңды. Малды ала турган, жерден ажырата турган сенсиңби?-Ибраим колу менен муштап, буту менен тепкилеп жатты.

Аңгыча сырттан олбурлуу Айти кирип келип, экөөлөп аны жыга албай жатканына ачуулана:

-Колунан балээ келбеген көчөттөр, тургула быякка!-деп барып шериктери көмкөрөсүнөн жаткырып алып, жер сүздүрүп жаткан секретардын далысынан тебелей, кейкейген башын кармап, мойнун бурай салды.

Секретар «а» дешке алы келбей, сулк жатты.

-Милицияканага жеткиле-деп Айти шериктерин ээрчий сыртка чыкты.

Ар жерден тарсылдаган мылтыктын үнү чыгып, ачуу кыйкырыктар угулуп жатты. Айтилар милициянын имаратына киргенде, Алай-Гүлчө раймилициянын начальниги Забировдун чыкыйына ок тийип, сулап жатканын көрүштү. РайГПУ менен раймилицияны тоногон Мамак менен Чөкөнүн балдары, андагы курал-жаракты тоношуп, топураган шериктерин ээрчитише Гүлчөнүн соода дүкөндөрүнүн складын көздөй чуркап жөнөштү. Заматта андагы азык-түлүк, кездеме буюмдарды артынышкан атчандар, бирин-бири шаштыра:

-Кеттик, кеттик. Болот бизге ушул. Чап атты!

-Орустардан бирөөлөрү тирүү калып жүрбөсүн?

-Таң ай. Бардыгы эле кырылды окшойт.

-Өчтү алдык. Кайттык!

-Орустарга жардам келгиче, кетип калалы.

-Жардам кайдан келмек эле? Тилпондун мамыларын, зымдарын үзүп салганбыз, бейкам бол!

-Кездемеңдин бир таңгагын мага бер?

-Кампасында жыйылып турат. Менен сурагыча, ошол жерден ал!

Бир чети чочулашып, бир чети сугалакташып, алактап-шалакташкан атчандар Гүлчөнүн тар көчөсүндө аттарын атырылта чаап баратышты. Соода кампасынын айланасы апырык менен сапырык. Ар жерде соку канттар, чай-чамек, буюмдар оролгон кагаздар, чар–жайыт чачылды.

***

Мылтыктын тарсылдагынан, ачуу үндөрдүн чуусунан чочуган Гүлчөлүктөр үй-жайларын таштай, баскан баласын жетелей, баспаганын көтөрүп кача жөнөштү. Катуу коркуп, жүрөктөрү опколжуган катын-бала озоңдоп ыйлашып, кай тарапка барышаарын билбей, биринин артынан экинчилери ээрчишип, алапайларын таппай алдасташты. Эптеп жашынышкан судья Сасыкбаев менен районунун башчысы Калпаев тирүү калышты.

Ади айылына келген соң жубайы Лайликанды алып, өтүп кеткен кайын атасынын арбагына багыштап куран окуп, ага-туугандарына көңүл айтууга Ноокатка барды. Кайын журтундагы туугандарына көз көрсөтүп, бир топко жүрүп калды.

-Алайда тополоң чыгып, кызыл аскерлер кетиптир. Ташкенден жардамга солдаттар чакырылыптыр-деген кабарды угуп, кабатырланган Ади үйүнө кетүүгө шашты.

Көк-Белден Папанга өтүп, Турук аркылуу Алайга ашып, Сопу-Коргонго келгенде, «Бүлөлүлүктөр Гүлчөнү талап-тоногонун» угат. Таргалактан Аскалыга ашып, Сасык-Белге жакындаганда,ал жердеги чакан айылды курчап, ок чыгарып, чаң-тополоң кылып жүргөн солдаттарга кезигет. Уулун атка өңөрүп бараткан Ади далдоолонуп, үйүнө жетүүгө шашат. Атына камчы уруп, өтүп бараткан Адини көргөн солдаттар «качкан басмачы» дешип, бет маңдайдан, туура тараптан ага ок жаадырышат. Согуш тартибин жакшы билген Ади далдоо, кокту-колотту пааналап качат. Аны курчоого алып, колдон чыгарбас үчүн солдаттар аркасынан түшүшөт. Аларды жазгырып, коюу арчаны аралай кетип бараткanda, капылеттен алдына өңөргөн баласына ок жаңылды.

-Ата дегенге араң абалы келген баласын көрүп туруп, Адинин ачуусу чындап келди. Колунда куралы болгондо, арча ичинде көбүн адаштырып, сулатаар эле. Аттиң-деген боюнча, баласынын денесин тонуна ороп, жашырынып жүрүп үйүнө араң жетти. Баласынын көз көрүнө кырсыкка кабылганына күбө болгон Лайли чыдабады. Уулун жоктогон эне байкуш, улуп-уңшуп ыйлап, эмчеги сыздап, омурткасы оңторулуп, сай-сөөгү какшап, бүк түшүп калды.

-Оңбогон орус, оңбосун балам,
Ок атып, бизди торгоду балам.
Оңкоңдон кеткир орустун огу,
Ойрондоп сени койбоду балам.
Оңбогон орус келгени балам,
Оожалып тынчтык бербеди балам.
О дүйнө кеткен, өзүңдү таппай,
Озоңдоп энең сен деди балам.
Уу-уу.

Баласын жоктогон эненин үнү түнү-күнү тынбады.

Балканактай баласынын ажалына себепкер болгон солдаттардан кек алгысы, кырчылдаша кармашкысы келген Адинин ичинен кан өтүп турду. Шаты жайлоодогу ата-энесин алдырып, баласынын денесин жерге беришти.

-Астапрылла келтирип өзүн-өзү токтото кармап отурду. Орустун огунан жабырланган айыл-ападагылар бириндеп келишип, көңүл айтып, кайтып жатышты. Чоко бийдин чоң уулу Кожо баш болгон Ысмайыл, иниси Маткасым, күйөө бала

Ариндар, айылдагы аба-аксакалдар баштаган жоон топ, кечинде келип көңүл айтышкан соң баары баштарын салып, ыңгайсыздана отуруп калышты. Байдын балдарынын баарынын кабактары түшүп, өңдөрү суз. Бир чети жаш баланын өлүмүнө кайгырышса, экинчиси алабармандык кылышып, Гүлчөнү талаганга себепкер болушуп, бирин-экин актиптердин "Ушулар баштап барган кишилерден өлүм табышты"деген көрсөтмөсү аябай эле бушайман кылып, көңүлдөрүн чөктүрүп турганы эле.

-Гүлчөнү талашын–таладык. Искендер баш болгон район-дун беш-алты башчыларынын көзүн тазаладык. Колубуз булганып калды.

-Аркабыздан солдаттар айылыбызга чейин кууп келип, четтен эле атып, кыйратып жатат. Эми, эмне кылабыз? - деген коопсунуу көбүндө бар эле.

Байдын балдары өздөрүн күнөөлүү сезишип, «Бул ишке биз себепкер болуп, калдык» дешкенсип, бир чети санаркашып, экинчиси Адидан кандай сөз чыгат? дешип кооптонуп отурушту.

-Ади бул да болсо Кудайдын буйругу. Балага ушунча жарыкчылык насип эткен экен. Ажал кайып, айла жок.

-Туугандарың сага ишенип, жаман иш кылып, аркасында айлабыз куруп, аңга такалып отурабыз-деп көнүл айткан болушту.

Маслати жок, алабармандыктын кесепетинен орустар келип, жоош туугандарыбызды аткылашып, сенин балаңа да ок жаңылды. Эми эмне кылабыз?-деген Ысмайыл баш болгон-дордун сөзүн эч бири кубаттай албады.

Отургандар лам-дей албай, же сөздү улап кете алышпай, баштарын көтөрүшкө даай албай турушту. Бир гана эки күндөн бери баласын жоктогон эненин, кыңкылдаган үнү муңдуу чыгат. Үшкүрүнгөн Ади башын көтөрүп, өзүн айлана отурган туугандарына кыдырата карап, ар биринин жүзүнө көз тикти. Ойлонбой туруп, шар аккан сууга бой таштап, муздак суу денесин оп тартып, чамындыдай ала салдырып, агызып баратканда, жандын шириндиги, өлүмдүн коркунучу эсине келе калып, аман калуунун аракети менен далбастана, эптеп эле бир нерсени кармап, жээкке чыгуунун айласын таппай, кимдир бирөөдөн жалбара жардам күткөн байкуштай болгон тууган-дарынын көрүнүшү өзүнөн бетер аялуу эле.

Байкуш гана тоолуктарым, күнүмдүк курсактарынын тойгонуна, төрт малды ары-бери айдап, күн көрүп жатканына, ээн жерде ат бастырып, эркин жүргөндөрүнө эрдемсип, улак тартып, айылма-айыл кыдырганга маашырланып, жаңылыктарды көп эле этибар албай, эртеңки күндү «Кудайдын насибинче болоор» деген ой менен бүгүнкү өткөн күнүнө канааттанган, жашоолору качан калаар экен? Дүйнөдө эмне болуп жатат? Байлыктын кызганычы менен жер, суу талашкан мамлекеттер ортосундагы кармаштан улам, канчалаган адамдардын өмүрү кыйылып, канчалагандары ачкалыктан, оорудан, эчендеген кырсыктан набыт болуп жатканы, эки тапка бөлүнгөн, эки тарап бийлик, эркиндик талашып кырылышып жатканы кабардар болуп, эске алынабы? Аларды айтканда булар кандай түшүнөт? Тоолуктар башына иш түшүп, көзүнө көрүнмөй сайын эч нерсеге ишенишпейт! Мейли, бүгүн болбосо да, эртеңки өзгөрүүлөр баарын ойлонтоор!

-Туура эмес иш кылыпсыңар, туугандарым. Уктум. Баарын айтышты. Кечээ баатыр болгонуңар менен, бүгүн келмеңер оозуңардан түшүп турат. Беш-алты кара мылтык, куу союлга ишенип, Гүлчөнү неге чаптыңар? Бир-эки балбаныңарга таянып, райондун башчыларын неге өлтүрдүңөр? «Орусту ойрондоп, тукум курут кылабыз» деп, неге чамындыңар? Мындай обу жоктук кимиңердин оюңарга, кантип келди? Орус деген Опол тоо. Кыргыз бир дөң-дөбө. Орус токой болсо, биз бир дарактын жалбырагыбыз. Орус чоң дарыя болсо, биз булакпыз. Буга эмнеге маани бербедиңер?

-Ади, туугандарыңды кантип тилдесең да, жазаласаң да туура келет-деди Турдубайдын балдарынын бирөөсү баш көтөрүп.

-Мен силерди эмне ден тилдеп, эмне ден жазалайм. Өкмөттүн алдында, бир эле силер эмес, Бүлөлүлүктөр-тооке уруусу күнөөкөр болуп отурат.

-Баарыбыз бир сага ишенебиз, Ади. Башчыбыз бол. Эч болбосо коргонолу-деди Матибайдын баласы.

Бул сөз отургандарга жага берди окшойт. Жабыла кубаттап кетишти.

-Туура.

-Туура. Аман калыштын аракетин кылалы.

-Туугандар, орус солдаттары окуп, машыгуудан өтүшкөн. Атышты да, жашынышты да, ыңгайы келгенде бекиништи да, курчоого алышты да билинет. Колдоруна беш атар, ок-дарылары, племеттору да жетиштүү. Бизде, беш–алтооңдо кара мылтык. Калганың кантип туруштук бересиңер?

-Ади, туугандарыңдын тагдыры бир сенин колуңда турат. Карайлап турганда, калкалап калбасаң, кантебиз. Тил билбеген орустар келип, тизип туруп атканга, качканыбызды кайберендей атканга, кантип көнүп беребиз?-дешти мукурашып.

-Баары бир күнөөкөр болуп отурабыз. «Жатып өлгүчө, атып өл» дейт эмеспи. Сак калыштын аракетин кылалы, айланайын Ади. Бир жолун таппасаң чыны келип, мукурап, сенен бетер мүңкүрөп турабыз. Айтканыңды кылалы? Баш болуп бер? Жалпыбыз сенден сурандык?-деди аксакалдар жабыла.

Аксакалдын сөзүн бары жаалап, кубатташып, орундарынан козголушту. Бир өзүн калка кылып, ишенип отургандардын көңүлүнөн өтө албады.

-Мейли, мылтыгы барың алыстан сес көрсөтүп, орун которуп тургула. Куралы жогуң бой жашырып, үйүңөргө келбегиле. Өкмөттүн укуругу узун, жазалабай койбойт. Куршаптагы орустардан курал алдыралы. Калганын кийин көрө жатаарбыз.

***

-Гүлчөнү басмачылар талады-деген кабар Кыргызстандын Түштүк жана ОГПУнун оперативдүү секторунун начальниги Матвеевге кечинде жетти. Ал шашылыш тийиштүү адамдарга көрсөтмөлөрдү берип, Наманган ОГПУнун начальниги аркылуу Караванда жүргөн Маргайтести Ош шаарына тез арада жетип келүүсүн талап кылды да, жаңыдан сырттан кирип келген Янкелевичке кайрылды:

-Сен өз командаңа чек ара отрядындагы жоокерлерди кошуп алып, Гүлчөгө токтоосуз жеткин деп буйруду.

-Абалды толук билсек болобу, жолдош начальник?

-Гүлчө менен түз байланыш жок. Айтууга караганда Алай-Гүлчө районунун борборундагы соода дүкөндөрү тонолуп, бир нече жетекчилер өлтүрүлгөн.

-Бул иш, кимдер тарабынан жасалды болду экен?

-Контрабандист Ады Кожоевдин жетекчилигиндеги басмачылар деп жатышат.

-Буйрукту аткарууга уруксат бериңиз, жолдош начальник?

-Жөнөңүз. Бирок кырдаалды өз учурунда баяндап турууну унутпаңыз. Айткандай, силердин аркаңардан Гүлчөгө Ташкенден келе жаткан эшалондо ОГПУнун 10-кавалериялык полкунун эскадрону Кара-Суута түшөөрү менен токтоосуз жөнөтүлөт.

-Куп болот, жолдош начальник.

Кийинки күнү эрте менен Гүлчөдөгү абал партиянын округтук комитетинде, окружкомдун катчысы Эркин Эсенамановдун кабинетинде талкууланып жатты. Кыргызстан БАКтын төрагасы Абдыкадыр Орозбеков жана анын катчысы М.Камбаров, округдук аткаруу комитетинин төрагасы М.П.Ус баш болгон окружкомдун жана окрисполкомдун жооптуу кызматкерлери Матвеев менен кошо келген Маргайтис менен К.Кадырбековдор топтолушуп, маалыматты талкуулап жатышкан эле.

-Телефон байланышы үзүлгөндүгүнө байланыштуу, маалыматтар тактала элек. Бирок, кайсыл басмачылар экендиги Кадырбек Камчыбековго маалым болсо керек-деди оперативдүү сектордун начальниги Матвеев маалыматтын этегинде.

-Менин божомолума караганда бул иш Алайдагы тооке уругунан чыккан Чоко бийдин балдарынын жасагандары деп ойлоймун. Матибайдын кудасы Молдомар да урук-туугандары менен кошулушу мүмкүн.

-Жолдоштор, так маалымат болбогон соң, кырдаалга баа бере албайбыз. Маселени жеринде изилдеп, басмачылардын максатын билүү керек. Кимдер баштаганы, жетекчиси ким экендигин жана алар куралдарды кайдан алгандыктарын аныктагыла.

Мен Гүлчөгө барып, эл менен жолугушуп,алардын пикирин угамын-деп өкмөт башчысы А.Орозбеков Матвеевге кайрылды.
-Сиздин маалыматка карай түзүлгөн планыңызды жана аны аткаруудагы иш-чараңызды Гүлчөгө барганда талкуулайлы. Маакулсуздарбы, жолдоштор. Анда жолго камданалы-деп Орозбеков ордунан тура жөнөдү.

Кошумча күчтү жана жетиштүү курал-жарактарды жүктөгөн автомашина Гүлчөнү көздөй жол тартты. Аралык сексен чакырым болгондуктан, эч бир тоскоолсуз түшкө жетпей Гүлчөгө келишти. Аларды Янкелевич өзү күтүп алып, отряддагылар жайгашкан жерге баштап баратып, телефон байланышы жөнгө салынгандыгы билдирди.

Кадырбек Камчыбеков өкмөт башчысы Абдыкадыр Орозбековго Тойчубек миң башы баш болгон жергиликтүү аксакалдарды баштап келип тааныштырды. Алар Орозбековдон чоочуркай, колдорун көкүрөктөрүнө алышып:

-Ассалоомалейкум, таксыр- дешип жабыла салам айтышты.

-Ва-алекима ассалоом.

-Кош келиңиз, биздин Алайга, өкүмдар?

-Ырахмат, туугандар! Мени «таксыр», «өкүмдар» дебей, жолдош деп эле атагыла!

-Өкмөт башчыбыз, падышабыз болсоңуз, жолдош деп айтуу сизге да, бизге да туура келбейт-деди аксакалдардын бири.

-Улуу даражалуу падышабызды, таксыр деп эле айтабыз-дешти анны колдогон аксакалдар колдорун көкүрөктөрүнөн албай турушуп.

-Совет өкмөтү баарыбызга тең укук берген. Баарыбыз бирдей адамбыз. Мындан кийин адамдар бай кедей, «ак сөөк», «кара сөөк» болуп ажыратылбайт. Кедейлердин заманы келди. Бай-манаптардын мурунку саясатына каршыбыз, туурабы?–деп өкмөт башчы шыпылдай, ар биринин колун элпек кармап, учураша кетти.

Орозбековдун жөнөкөйлүгүн көргөн аксакалдардын жүздө-рүндө жатыркоо жоголуп, жайдарылана бирин-бири карашып, баш ийкеп жатышты.

-Эмнеге тополоң салдыңар, Алайлык туугандарым?-деди өкмөт башчы тамашалай.

Аксакалдардын заматтагы жайдары жүздөрү өзгөрүлүп мостое, калышты.

-А эми, эл арасында, тентектер болбой койбойт экен-деди.Ортодогу сакалы көкүрөгүнө жайылган кызыл жүздүү аксакал мукактана-Жалпы элде күнөө жок.

-Он-он бештей жолдон адашкандар келип, элдин бетине көө жабышты-деп жанындагысы шеригинин сөзүн коштоду.

-Аларды тескеп койсоңор болот беле?

-Болмок тургай, колубузга тийген болсо, жазаларын өзүбүз эле берет элек-деди башындагы калпагын алчыланта, чекесине коомай кийген ак жүздүү аксакал.

-Тынч, тиричилик өткөрүп жаткан элди коопсунтуп, баарыбызды өкмөт алдында уят кылып отурушат-деди Тойчубек миң башы.

-Алардын, ким экенин билесиздерби?

-Билбей анан. Билебиз-деди биринчи карыя, жалган айтуудан айбыгып.

-Бир-эки байдын балдары, айылындагы токтоно элек, кызуу кандуу балдарды үгүттөп келишип, соода дүкөндөрдү талап-тоноптур деп, угуп турабыз-деди калпакчан карыя.

-Ким дегендин балдары?

-Бүлөлүдөгү Чоко бийдин, Матибайдын, Турдубай бийдин балдарынын кылганы дешти, угуп билгендер-деди ак жуумал карыя шар сүйлөп.

-“Бир кумалак бир карын майды чиритет”дегендей, кумалактардын кесепетинен, жалпы эл күнөөлүү болуп турабыз-деп, аскерлер жайгашкан тарапты аяр караган Тойчубек миң башы,сөзүн улантты. Хандын жүзүн көргөн өлбөйт дейт калкыбыз. Өкмөт башчысы катары, улуу даражаңыз менен атайлап келипсиз. Элибизге азар тарттырбайт деп ишенебиз? Жалпы элдин өкмөткө дили ак экендигин өзүңүз жакшы түшүнөсүз, эл эгеси?

-Биздин ой-максатыбыз да ушундай, туугандарым. Баарыбыз элди коргойбуз-деп жүрөбүз. Сиздер айткан Бүлөлүдө канча түтүн бар?

-Сизге, «Жамы тоокелер басмачылык кылды» деп күчөтүп, жалган маалыматтарды айткандар болушу мүмкүн. Бүлөлүдө тооке уругунан тараган чакан топ жашайт. Ошол топтун бир-эки «жаманынын» кесепети элибизге тийип кетпесин? Азирети, таксыр-жолдош Орозбекүп.-Миң башы оозуна маалымат айтты.

Өкмөт башынын көңүлүн таап, Алай-Гүлчө элин солдаттарга чаптырбай, аман алып калуу аракетиндеги Тойчубек миң башынын астейдил айткан ар бир сөзүн, кошо келген аксакалдар коштоп, баштарын ийкеп турушту.

Карылардан оюнда коркунуч уялап, тээ өткөн он сегиз, он тогузунчу жылдардагы Совет өкмөтү алгачкы жолу куралып жаткан мезгилде, «Түркстан автоном болобуз» деп эл арасындагы баш көтөргөндөрдү шылтоо кылып, карапайым элди кошо кырган, кызыл аскерлердин жазалоосу, эстеринен чыга элек эле. Ошол кездеги кесепетте кызыл аскерлер менен кармашып, ичкери тараптан Анжиянга, Анжияндан Ошко, Оштон Алай-Гүлчөгө келип токтоп, «Бул жерден кол курайбыз, күч топтойбуз»-деген, кызылдар айткан «басмачылар» элден

зордоп, ат-улоо, жигит алган чакта, кызыл аскерлер басып киришип басмачыларды, «аларды багып, кол кабыш кылдыңар» деп жергиликтүү айрым айылдардагыларды да, окко элешкендерине күбө болушкан. Азыр да, «басмачы тооке» десе, тил билбеген солдаттар жолукканды чаап, качканын атууга алышы мүмкүн. Алар «Гүлчөнү талаган. Активдерди өлтүргөн Алай-Гүлчө эли» деп ойлоп, жамандыкка барышпасын деген кыжалаттык бар эле.

Орозбеков аксакалдардын оюн түшүндү. «Коркунучка батып, санаа тартып, элге жамандыктын эпкини тийбесин» дешип, өзүн арка кылып, чоң үмүт менен келишкен, салттуу айылдык аксакалдардын, элдин амандыгына, журттун тынч-тыгына болгон кам кордуктарына ичи жылыды. Ушундай адамдарыбыз бар, элибиз бүтүн, наркыбыз улук. Болбосо «эмне болсо, ошол болсун» деп үйүндө жатып алышса, буларды ким кой демек. Булардын ар бир сөзү-тарбия-нуска. Карапайым элге ушундайлар керек! Өкмөт башчы аксакалдарды дагы да кененирээк кепке тартууну ойлоду.

-Туугандар, сиздер айткан байдын балдарынын максаттары эмне экенин билесиздерби?

-Билебиз-деди сакалы жайкалган карыя.- Элди бузуп өкмөт, колхозду талап бай боло алышпайт. Ич күйдүүлүктүн эле кесепети.

-Атаңар Чоко бийди орустар байлыктан ажыратты, орустар ыраакка айдатты. Атаңардын сөөгү талаада калды. Орустардан өчүңөрдү алгыла! Биз силерге кошулабыз-дешип баягы байлыктарын алдырган бай балдары, жаңы өкмөттү көрө албаган бузукулар колтуктарына суу бүркүшсө, акылы кем бийдин балдары:

-Орустарды тукум курут кылабыз. Жерибизден айдайбыз дешип, касам ичишиптир. Баскыла-дешсе анча-мынча туугандары көңүлүнөн өтө албай ээрчий келишиптир.Менин айткандарым, туурабы?-деп шериктерине кайрылды.

–Туура. Биз да ушундай уктук- дешти жанындагылар жабыла.

-Аксакал туура айтат. Алардан башка Алай -Гүлчө эли тынч. Жаңы өкмөттүн саясатын кубануу менен жактап, жашап жатабыз-деп Тойчубек миң башы сөз кошо кетти.

-Силердин пикириңерге кошулам, туугандар! Элге эч кандай жамандык көрсөтүлбөйт. Эч ким чочубасын. Ар айылга кабар бердиргиле. Бардыгы келишсин, чогуу сүйлөшөлү.

-Падыша калп айтпайт, жаңылбайт! Кызыл жүздүү, сакалы төшүнө түшкөн аксакал өкмөт башчысынын сөзүн кубаттап, тургандарга жарыялай кыйкырды.

-Ак сөз, ишениңиз -деди Орозбеков күлө бага.

-Мына, элдин адамы ушинтип сүйлөйт-деп мактанычтуу күлмүңдөдү.

-Келиштик деди, ак калпагын алчыланта кийген аксакал.

-Жолдош Орозбекүп, Алайга келдиңиз ак татыңыз? Миң башы аксакалдардын атынан мейманчылыкка чакырды.

-Бизге убара болбогула, жолдоштор. Аскерлердин азыгы, дайыма жанында. Андан көрө, колхоздун малын көбөйтөлү?

-Андай эмес, жолдош башчы. Алай элинин колунан даам татпасаңыз, союшун жебесиңиз, биз капа болуп калабыз. Хан келгенде, кан чыгарбасак уят. Же өкмөт башчы өзүнчө тамак ичеби?

Аксакалдар ачык көңүлдөрү менен өкмөт башчысын, тамаша -чынга аралаштырып, мыйманчылыкка чакырышты.

-Кой сойсоңор, колхоздун кою кемийт.

-Сизге кой эмес тай сойсок да атыңызга, даражаңызга чак келбейт. Жөн кетириш, элибиздин салтында жок-деди аксакалдардын бириси таарынгандай үнүн көтөрүп.

-Тамашаладым. Мейли, каз сойсоңор да боло берет-деди Орозбеков аксакалдарды таарынтып албайын деген ойдо,күлө сүйлөдү.

Урматтуу аксакалдар! Ар бир айылдын аксакалдарына, болуш, старчын, актиптерине кабар айттыргыла! Элди, айыл-дардагы атка минерлер, колхоз мүчөлөрү түгөл келишсин. Мен райондун актиптерине да «элди чогулткула» деп тапшырма берем. Кеңири отуруп сүйлөшөлү.

-Жолдош өкмөт башчы! Сиздин «Эл жазаланбайт» деген сиздин сөзүңүздү айттыралыбы?

-Эл коркпосун, үркпөсүн. Эч кимге жамандык көрсөтүлбөйт.

-Жолдош Орозбекүп, Алай- Гүлчө эли ынтымак келет. Улуулар, чоңдор айтканына жок дешпейт. Мына, бул кишинин Тойчубек миң башы экенин таанып алдыңыз. Ушул миң башы бир ооз кеби менен мына бул: сабай, бакал уруусундагы билер-

мандарды «Тополоңго кошулбагыла, келбегиле!» деп токтотуп койду эле. Калба жок. Жаныбыз тынч-деди жайдары аксакал.

-Туурабы, жолдош миң башы? -Орозбеков Тойчубек миң башыга кайрылды.

-Биздин эл адепти туткан, сөздү уккан журт. Элдин арасында тентеги болбой койбойт эмеспи. Эртеңки эл менен жолугушкандагы сиздин сөзүңүздү, эч ким жерге таштабайт. Буга, бөркүңүздөй ишене бериңиз. Сизди биз жакшы билебиз. Канча жолу ичкилик туугандарды, орустардан, ал тургай сарттарды басмачылардан сактап калганыңыз, эбак эле элге, элан болгон-деди миң башы.

-Жөн адам көрүнбөйсүз, жолдош Тойчубек миң башы. Элиңизди жамандыктан сактап, тополоңго кошпогонуңуз бир жөн да, бизди тосуп алып, -«Бирин-экин тентек үчүн эл жазаланып калбасын?» деп атайлап келип, алдыдан өтөйүн деген акылмандыгыңызга ыраазыбыз, аксакал.

-Жолдош эл эгеси, эми колдон даам татаарсыз? Элибизде нускалуу сөз бар. «Бир жердин даамын татсаң, миң жолу салам бер» деген. Сиздин ар бир саламыңыз элге медет гана эмес милдет. Сиздин саясатты жүргүзөбүз.

-Катуу жерден кармадыңыз миң башы. Эмне десеңиз да, маакулбуз.

-Мына, мунуңуз башка, жолдош Орозбекүп- дешти, аксакалдар өкмөт башчы менен ачык-айрым дидарлашып.

Ары тарапта аксакалдардан ыйбаа кылып, бирок өкмөт башчы менен аңгемелешкендерин, ар бир баскан кадам-кыймылын сая кетирбей карап тургандардын арасындагы Тагайга окшогондор, ары таңыркап, жамандык болсо табалап, жакшылык болсо ичтери күйүп, кызганып тургандар да бар эле.

-Тоокелер чабылса чабылаар. Колдору менен жасаган күнөөлөрүн мойну менен тартышсын. Алакандай топ, Алай элин жаман атты кылып, булгап жатышпайбы.

-Бир жылганын элин чапса, орустардын көпшүнү сууйт. Канчалаган жылгалардагы эл аман калат. Чапса чабышсын.

-Койгула! Бир эки жамандын кесепетинен, жаамы бүлөлүлүктөр азар тартпасын. Дагы эле келип, ишти ылайлагандар сак калып, күнөөсү жок, момундар азар табат. Таба кылбайлы, тобо кылалы.

-Тигини карасан Тойчубек миң башы баш болгон беш-алты аксакал кечээ эле падыша Никелейдин арыгын чаап, өкүлдөрүнүн алдын тазалап жүрчү эле. Эми карасаң, Совет өкмөтүнүн саясатын айтып, өкмөттүн адамдары менен шынарлашып жатканын. Ой куу, түгөттөр. Булардын кылбаганы жок.

-Элдин адамдары да, качан болсо, элдин камын көрүшөт. Буларга, ыраазы болушубуз керек.

-Ким айтты, бул сөздү?-деп Тагай көпчүлүктүн арасынан мойнун созуп, азыркы сүйлөгөндөрдү издегендей болду. -Мен буларга окшоп, эл деп, эки жүздүү боло албайм. Болгонго бетим чыдабайт. Урдум чоңдорунду. Жөн эле тиричилик кылам.

-Сенин, бетиң болсо чыдайт элең да. Сенин жүзүң, эки эмес, элүү. Элден айлан. Эл башкаргандардын кадырын, кайдан эле сен түшүнмөк элең. Баары бир, түлкүлүгүңө барасын да.

-Ким сүйлөп турат? Кана, мага көрүнчү? Кимдигимди сага көрсөтүп, чыккан жериңе, кайра киргизип коеюн-деп булкунду Тагай мойнун созуп.

-Эл сүйлөдү. Элдин кимин тыя аласын. Булкунса кое бергиле! Кетсин, эл турган жайга келбесин. Баятан бери, ар нерсени айтып, сасыйт. Сасыткыдан качкыла алыс!-дешип, топтогулар биринин сөзүн бири кубатташып, жайыла беришти эле, Тагай ортодо боз ала болуп, жалгыз калды.

-Урдум силерди!-деп, колун тескери шилтеп, ордунан жыла басты. Топтогулар жийиркенгендей, артынан көз агыта карап калышты.

Эрте менен күндүн мурду жерге тегиз тийген чакта: ат-эшекчен, жөө жалаң болуп ар жылгадан куюлуп келген эл, Гүлчөнүн ортосундагы почтонун айланасына топтоло башташты.

Бир маалда Кадырбек, Тойчубек миң башы жетектеген аксакалдар, арыдан партиялык, Советтик жетекчилер, аскер адамдары келе жаткан Орозбековдун алдынан утурлай басып барып, тосуп алышты.

-Эл чогулуп калышкан экен да-деди Орозбеков, көпчүлүккө көз токтото, кыдырата тиктеп баратып:

-Баары сиздин сөзүңдү угушка куштар, жолдош Орозбекүп, Тойчубек миң башы элдин атынан жооп берди.

-Президиум шайлабай эле, эл менен түз сүйлөшө берели-деди өкмөт башчы.

-Куп болот жолдош Орозбеков. Бирок, келген меймандарды элге тааныштырып коелу. Буга эмне дейсиз?

-Жолдош Кадырбек Камчыбеков. Тойчубек миң башы баш болгон аксакалдарды биздин жаныбызга чакырыңыз да, өз элиңизге бизди тааныштырыңыз.

-Макул жолдош өкмөт башчы. Ал үнүн жасап, тааныштыра кетти.

Урматтуу туугандарым жана жердештерим! Бүгүн Гүлчөбүзгө Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Орозбеков Абдыкадыр баш болгон өкмөттүн адамдары келип отурушат. ОГПУнун начальниги Маргайтис, БАКтын төрагасынын катчысы М.Камбаров, округдук аткаруу комитетинин төрөагасы Михаил Повлович Ус жана партиялык, Советтик кызматкерлер, Алай-Гүлчө эли менен ал-абалды сурашып, талкууга алууга жана болуп өткөн тополоңду талдап, баа берүүгө келишти-деп, меймандарга бир бирден сөз берди. Этегинде бардык жолдоштордун сөздөрүн, айткан пикирлерин угуп отурган А.Орозбековго кезек берилди.

-Жолдош, Алай-Гүлчө аймагындагы агайын туугандар! Эки күндөн бери, силердин ой пикириңерди угуп, бардык маселе менен тааныштык.Ырас, айыл -кыштак элин колхоздоштурууда, жаңы жаш өкмөттүн саясатын калын элдин катмарына жеткирүүдө партиялык, Советтик кызматкерлерден да, каталыктар кетпеди деп, айта албайм.

Бирок, жаңы өкмөттү курууда, сиздер бизге кол кабыш кылып,пландарды аткарып жатабыз. Ликбез ишин да жөнгө салуудабыз. Жергиликтүү кадрларды көтөрүү колго алынууда. Өкмөт жалпы элге ыраазы.

Канткен менен мурдагы байлардын, бийлердин саркындылары, тууган-уругу, жек-жааты, жаңы, жаш өкмөттү куруп жаткан элге тоскоол болуп, жамандыктарын көрсөтүп жатышат. Биз алар менен күрөшүүдө силерге таянабыз. Тескери саясат жүргүзгөндөр менен жалпы күрөшөлү. Бирок,

-«Орустарды келтирбейли. Тукум-курут кылып, жок кылалы» деген ушакка ишенбегиле. Мына, маңдайдагы атты көрдүңөрбү?

Туурадагы түркүктө маңдайында алакандай кашкасы бар тору ат, момукка аса байланып коюлган эле.

-Кашкасы алакандай көрүнүп турат. Биз кыргыздар бүт чогулуп келсек, ушунча элебиз. Ал эми орустар калган түгү канча болсо, ошондон да көп. Орустарды «тукум-курут» кылалы деген сөз жалган. Бизге жаңы заманды, теңчиликти орустар алып берди. Биз алар менен достошуп, үй куруп, колхоз куруп, жер иштетип, ынтымак жашайлы -деген жалындуу сөздөрдү айтты.

Ар ким суроо берип, жооп болгон соң Тойчубек миң башы сүйлөп:

-Урматтуу төрага! Алай-Гүлчө эли сиздин айткандарды кубаттайт. Сизден өтүнүч элди жазалатпай, аман калышына кепилдик берүүңүздү суранабыз.

Отургандар жабыла коштоп кетти.

-Эл жазаланбайт. Бирок, бул тополоңду уюштургандар суракка алынат. Кимдин күнөөсү бар-жогу аныкталат. Сиздер тынч, бейкам оокат өткөрө бериңиздер-деп төрага убадасын берди.

Жыйынга келгендер кубанычтуу тарап жатышты.

Тойчубек миң башы Орозбеков баш болуп отургандардын үстүнө,баягы аксакалдарды баштап кайра келди.

-Жолдош өкмөт башчы, кечээ күндөн бери район башчылары сиздерге сый көрсөткөндүр. Калктын атынан сизге, ушул жерде биз даам берели.

-Колхоздуку эмеспи-деди Орозбеков тамашалай.

-Алай-Гүлчөдөгү колхоздордун китебине бир да каз катталган эмес. Кечээ күнкү сиздин «каз болсо да жеймин» деген сөзүңүздү эске алып, Кара-Суудан каз алдырдык. Эми бизден качып кутула албайсыз-деди миң башы тамашалай.

Шериктери аны кубатташып, жабыла каткырышты.

-Кана, көрөлүчү?-деди Орозбеков да күлүп жатып.

-Тамагың ак болсо, катпай ич дейт элде. Колго суу куйдуралы?

Жаңы даам келгенде колду жаңылап жууш ата-бабалардан калган адат. Анын да жөнү бар. Келген меймандын мээр-шыбагасы элге жуксун, элде калсын деп, кол жуулган сууну босогого чачат.

Сыртка чыгып, Гүлчөнүн таза абасында даам татыңыздар?-деп миң башы баш болгон аксакалдардын айтуусу менен жаш жигиттер шыпылдай колго суу куюшту. Андан соң дарактын көлөкөсүнө дасторкон жайдырышты. Булоосу чыккан үч-төрт каздын эти алдыга тартылып, тамаша менен отургандар даам татышты.

-Кушкер деп ушуну айтат. Куштун эти жеңил отурат. Миң башы куштун этин жактырарымды кайдан билип алдыңыз?

-Илгертен эле хан шайланса, эл ага «бакыттын кушу конуптур» дешкен. Элдин бактысы, сиздин бактыңыз. Бээ, кой сойсок колхоздуку дээрсиз. Кушкер деп, куштун этин алдырдык.

-Миң башы, Алай эли ачык-шайыр келээриңерди билем. Мындан кийинки иштин жүрүшүн өзүм көзөмөлгө алып, келип турамын-деди өкмөт башчы ыраазылыгын билдирип.

Орозбеков Тойчубек миңбашы баш болгон Алай-Гүлчө аймагынын аксакалдарынын бушайман жеп, кыжалаттанган ойлорун түшүнгөн эле. Себеби, мындан он жылдан ашык мезгил алдын, өзү да ушул аксакалдардын кейпин кийип, элди эптеп аман алып калсам деп, чуркап жүргөн.

Батышта жашап, жашоо-тиричилиги, бири-бирине болгон мамилеси, жалпы мүнөзү башка болгон адамдар, башка жайга барып, алардын жашоосуна аралашып кетиши кыйын болчу. Анын үстүндө каада-салт, адеп, мамиле да эч бир коошпойт эле.

Себеби, падыша армиясында кызмат кылып, бир гана жетекчисинин сөзүн уккан аскер адамдарына чыгыш элдеринин жашоо-тиричилиги, шарты өөн көрүнүп, ким бай, ким кедейлигин айрымалай алышчу эмес. Ошол себептен жаңы совет өкмөтүнүн курулушунда көп каталыкка жол берилип, караламан калк менен большевиктердин, кызыл аскерлердин ортосундагы ажырым көпкө чейин бирикпеди. Ошонун кесепетинен ак жеринен көптөгөн адамдар жазаланып, күрөштүн курмандыгына айланышты.

1922-жылы Фергана горнизонунун башчысы Софонов Исфайрам дарыясынын жээгинде жашаган жергиликтүү элди «Жети жашынан жетимиш жашка чейинкилерин кырып салуугa» буйрук берди.

Бул кабар жергиликтүү элдин үрөйүн учурду. Исфайрам тегерегиндегилер не кылаар айлаларын таппай, кимден жардам күтөөрүн билишпей, алдастап калышты.

Бул кабар жөн жеринен чыкпаган эле. Кызыл аскерлер менен кармашып, качып-бозгон басмачылардын бандалары Фергана өрөөнүндөгү тоолорго барып жашынышкан болчу. Алыскы тоолорго атайлап жумушу барлар, тууган-уругун издегендер гана барбаса, жөн адамдар, ал жакка барып, эмне кылмак. Ээн кокту-колот. Бийик аска-зоолор арасы ээн-эркин. Аз гана тоолуктар арасында кимдин ким менен иши бар. Тоо башына чыккан адамга ээн сай, кокту-колотту өрлөп келе жаткандар алаканга салгандай көрүнүп турат. Ал ким, мал издеген чарбадарбы, же мал уурдап бараткан ууру-кескиби, улоочонбу, куралы бар-жогу айкын байкалат. Куугун келсе, тоо ичинде кармашып, атышуу өтө ыңгайлуу. Эгизде жайгашкандарга тээ төмөндө, же туурадан келе жаткандар заматта жете алышпайт. Жатып алып, камырабай, бирден терип, атса да болот. Исфайрам менен Шахимардан дарыяларынын аралыгындагы тоолордун коңулдарында, аска-зоолордун далдоолорунда ар топтон барган басмачылар орун алышып, ойлоруна келгенди кылып, ээн-эркин сайрандап жатышкан эле. Кечки күүгүмдө түшүп келишип, түнү менен этектеги айылкыштактардын калкын каалагандай талап-тоношуп, таң сүрө өрдөп кетишет. Куугундар келсе буктурма коюу, коргонуу, ого эле каттуу чабуул болсо, чегинүүгө өтө ыңгайлуу болчу. Андайды бир нече жолу баштарынан өткөргөн басмачылар, кызылдардын отряддарынын колдорунан эч нерсе келбөөчүдөй көрүшүп, мыскылдап жүрүштү. Тоо ичи аларга биротоло турак болбошун билишип, канчалык эртеңки орун которуп кетээр жактарына кам көрүшүп, баш-аяктарын жыйганга чейин, убактылуу болсо да тоо арасы паана эле. Качан гана күч топтоп, өздөрүнө келип, жер-сууну байлыктарын тартып алган жаңы өкмөттүн адамдарынан өч алышкан соң, жаңы конуштан жай издешип Оогон, Кытай тарапка ат тизгинин бурушмак.

Тынч жаткан тоолуктарга тие-качып, активдерди уйпалап, кыйнап, кедей-кембагалдарды баш көтөрттпөй талап-тоноп, алардын көнүлдөрүнө көк таштай тийип, биринен бири өтүп басмырлап жатышты. Бай, бийлер баш болгон басмачылар толгон-токой үмүт менен өз бийликтерин кайтарып алмакка

,күнү-түнү тынбай жан үрөштү. Бирде бүдөмүк, бирде жарк эте көрүнө калган «баягы бактылуу күндөрүнөн» күдөрлөрүн үзө алышкан жок.

Кантип эле, ата-бабаларынан бери ээлеген жер-суулары, тапкан байлыктары, чиренген бийликтери колдон кетип калат? Кучактары толо бактыларын жөндөн-жөн эле, томаяктарга тарттырып ийишеби? Бул иш ойго келгис, түшкө киргис окуя. Зилзала болуп, тоо урап, сел жүрүп ташкын ташыбай туруп, көз көрүнө бактыны колдон жулдуруп ийиш качан болду эле? Эч качан болгон эмес. Эгер болсо бирөөлөр айтаар эле-деген ойдо болушуп, бар балээни жаңы өкмөттөн көрүштү.

Кеңеш өкмөтү эле заманды тегеритип, тескери кылып жибереби? Качан эле, томаяк эл башкарган? Дүнүйө-мүлк кармап, каада-салтты тескеген жалчыны ата-бабалары азали көрмөк тургай, уккан эмес. Биргелешет, уюмдашат. Баары ортолукка иштеп «тапкан-ташыганын ортолукка жыйнайт» деген сөз болбогон нерсе. Замандын тескери болгону ушул. Заманынан жараша, адамдары да тескери. Бай-кедейи менен бирге отуруп бир, казандан аш ичеби? Анткенде, кудайдын буйругу, насип эткен бакыт кайда барат? Күнү-түнү ойлонгон ишембөөчүлүк, мал- мүлкүн колдон тарттырып ийген кызганыч байларды баш көтөрүп, курал алууга түрттү. Алар өздөрү гана эле эмес, өз жандарына ишеништүү жигиттерди курап, жаңы заманды жерип турду.

-Жаңы өкмөттүн түптөлүшүнө жол бербейбиз деген бай-манаптар баш кошушуп, басмачылык кыла башташты. Күндөн-күнгө алардын шойкомдуу жоруктары көпчүлөккө билинип, жек көрүндү болуп, минтип, тоо-талаап, элден бөлүнүшүп, четтеп жүрүшөт. Аларды үмүттөндүрүп, кубат берген «миш миштер» бар. Бүтүн «ислам халифаты» колдоого алат экен. «Капырларга, динсиздерге каршы» халифат башталыптыр. Бул күрөштү англичандар колдоп жатышыптыр деген каңшаардан улам бай-болуш, бийлер туугандарын, билермандарын баштап келишип Фергана Маргалан аймагындагылар топтолуп жатышты. Исфайрам менен Шахимардан тоолорунун арты Алай толооруна уланып кетет. Андан Тоолуу Бадахшан, Түштүк Тажикстан аркылуу Оогонго өтүп, Кашкарга жетүүдөгү жолдун учу Үч-Коргонго келет.

Мурда талкаланган басмачылардын ири топторунан колго түшпөй, качып кутулгандары эл көзүнө көрүнбөй, жашырынып Үч-Коргонго байырлашкан. Учурдагы басмачылардын ишенимдүү күчтөрү болгон Мадамин бек менен Көршерматтын топторунун саны улам арта берди. Көршермат Кароол айылына ачык эле базар уюштурду. Басмачылар айыл-кыштактардан талап-тоноп алган буюмдарын ушул жерде соодалашат. Анда эмне гана дебеген буюмдардын түрлөрү бар. Күндө базар кызуу башталып, эл тиричилекке зарыл буюмдарын ушул жерден сатып алышат. Жергиликтүү буюмдардан сырткары Орусиядан, Англия, Кытай, Япондордон чыккан темир-тезек, чарбага, тиричиликке зарыл товарлар келет. Кийим-кече, ат жабдыктар толтура. Ал тургай курал-жарактын түрлөрү да кардарын таап, көбүн эсе алтынга алмаштырылат. Базар түшкө чейин кызуу жүрүп, түштөн кийин тоноп-уурдап алуу, зордоп ала качуу, талаш-тартыш, мушташка айланат. Акыры адам өлтүрүү көбөйүп, улам чырга айлана баштады. Ачык эле талап-тоноодон улам, карапаыйм эл аябай эле каржалды. Жардамга келген кызыл аскерге кол салышып, коркунуч күчөй берди.

1920-жылы Михаил Василевич Фрунзе бир пулеметчик, он-он беш сакчысы менен Үч-Коргонго келе жаткан. Капыстан дарыянын жээгинде басмачылардын буктурмасына туш келип калды. Бирин-бири байкаган эки топ далдаага жашырынууга мажбур болушту. Кокустан бир тарабы эле ок чыгарса, заматта атышуу башталып, көпчүлүгү окко учмак. Жетекчи жол баштап бараткан жергиликтүү жигитти карады. Ал кырдаалды толук түшүнүп, коктуда турган атына шап минди да Кызыл-Кыя тарапка чымын-куюн боло чаап жөнөдү.

Буктурмадагы басмачылар кызылдардын чакан тобун курчоого алмакка, алыстан имере, кокту-колотто бөжөңдөшүп бөлүнө башташты. Абалды туура түшүнгөн кол башчы артка кайтууга, же чабуул коюуга мүмкүн эместигин айтып, коргонууга буйрук берди. Пулеметчу жигит маңдайды карап, калган жигиттер кол башчыны тегерете коргошуп, мылтыктарын даярдашты. Михаил Василевич алардын аракетине каршылык кылбастан, маузерин колуна алып, жигиттердин ар бир аракетине сынай көз салып турду. Анда эч кандай коркунучтун, тынчсыздануунун белгиси жок эле.

Курчоого алышса да, камырабаган кызыл аскерлерди байкашкан басмачылар:

-Эй кызылдар, тирүү калалы десеңер багынгыла!

-Колго түштүңөр. Эч кандай айла кыла албайсыңар!

-Биз көппүз. Тең келе албайсыңар.

Фрунзе алардын ар бир сөзүн так угуп жатты.

-Бизди колго түшүргүдөй силер эл душман эмессиңер. Биз элдин ыктыярдуу кошуундарынанбыз. Силер менен атышпайбыз. Аркабызда келе жаткан кызылдардын отряды бар. Куралыңарды таштап, бизге келгиле!-деди сакчылардын жетекчиси.

Басмачылар бир топко үндөшпөй калышты. Чамасы бири-бири менен масилат кылып жатышкан окшойт. Бир маалда, бири-бирине кол булгагандары байкалды. Басмачылар соксоңдошо аркаларына кайта башташты. Алар буктурмага чогулушуп, шап-шап аттарын минишип, өбөктөшө, колот менен жогору жылганы көздөй жылып кетишти.

Михаил Василевич жигиттерин сыдыра тиктеп:

-Көргүлөчү, учурга төп келген сөз куралдан күчтүү, бекен? Кокустан эле, биз тараптан ок чыкса атышуу уланып кетмек да, көбү окко учмак. Демек, булар олку-солку болуп, басмачылардын арасында айласыз жүргөн, карапайым эле жигиттер. Дагы да катуураак үгүт иштерин жүргүзсөк, куралдарын таштап, бизге кошулушат– деди.

Бая кабар берүүгө Кызыл-Кыяга кеткен жигит, заматта ыктыярдуу отряддагыларды ээрчитип чаап келип калды.

-Беттешкен басмачылардын карааны көрүнбөйт го? - деди жигит шашыла.

-Качып кетишти-деди топтогулардын бири оозуна.

-Андай болушу мүмкүн эмес. Угушума караганда алар «жүзгө жакындап барат» дешкен.

-Корбашысы жок басмачылар окшойт. Бизге жардамчылар келе жатат-десек чегинип кетишти-деди сакчылардын жетекчиси.

-Жолдош командующий, алардын аркасынан барууга уруксат бериңиз?-деди отряддын жетекчиси.

-Жок. Куралдуу топ барбасын, жергиликтүү аксакалдардан жибергиле. Куралдарын таштап, элге кошулууга чакырышсын-деди Михаил Василевич.

-Алар карапайым элге ишенишпейт. Кепилдигин алаар активдерден барышы керек-деди топтогулардын арасынан бирөөсү.

-Мейли, биз басмачылардын башчылары менен сүйлөшөбүз. Аларды корбашылар алып келет-деди Фрунзе.

Фергана горнизонунун башчысы Софонов Мадамин бекке кат жазып, ачык талап койду.

Фергана өрөөнүндөгү басмачылар арасындагы ыктыяры менен келишкендерге жаза колдонулган жок. Эл катары жер, суудан пайдаланууга үлүштөр бөлүнүп берилип, тынч эмгектенип жатышат. Ал эми каршылык көрсөтүүнү көздөп, Кеңеш өкмөтүнө каршы курал көтөргөндөр Кызыл Армиянын жана ыктыярдуу отряддагылардын күчү менен талкаланды, бул окуялардын бардыгына сиз күбөсүз.

Үч-Коргон, Охна аймагындагы тоолордо байырлап жүргөн басмачылардын саркындыларынын арасында жалаң гана ууру-кески, адам өлтүргөн күнөөкөрлөр топтолушкан. Алардын маалыматтары, биздин колубузда турат. Биз баарыңарды элдешүүгө чакырабыз. Кимде ким өз ыктыяры менен келишсе, кечиримдер берилет. Жамандык ойлогондор бүгүн болбосо да, эртеңби, же андай кийинби кызыл аскерлердин колуна түшпөй койбойт. Чек аралар, бийик ашуулар кызыл аскерлердин колунда. Чек араны бузуп өтүүгө аракеттенгендер сураксыз атылат. Андан өтүп кете албайсыңар. Силерге тоо-талаалар дайыма паанек боло бербейт. Үйүңөргө барууну каалясаңар элдешүүгө келгиле!» деген чакырык, басмачылардын арасында талкууланып уу-дуу сөз болду.

Карапайым калкка камкордук көрүлүп, эки тарап тең сүйлөшүүлөр аркылуу макулдашылып, жарашууга аракеттер жүргүзүлө баштады. Бир нече жолу өкүлдөр жолугушушуп, талаптар коюлду. Акырында күн болжолдонуп, Үч-Коргондо басмачылар, кызыл аскерлерди тосуп алмак болушту. Эки тарап тең куралсыз келишти, ок чыгарууга тыюу салынды. Мылтык көтөргөн бир да адам болбосу эскертилди. Күндүн мурду жерге тегиз тийгенде, аттарын алыска байлаган кызыл аскелер үч-коргондук байдын чон коргонуна келип киришти. Эки тарап тең, бетме-бет турушту. Ортодогу кызыл желек алдында Үч-Коргондогу аба-аксакалдар, ыктыярдуулар кошунунун жетекчилери туруп, улам биринен-бири сөз алып, элдин тынч

жашоосуна кедерги тийгизбей, ыңкылаптын камкордугунан улам бөлүнгөн үлүштөрдү иштетип эгин эгүүнү, маңдай тер менен тиричилик өткөрүүнү эскертишип, жалпы тургандарды ынтымакташууга чакырышты.

Ыктыярдуулар кошуунунун мүчөлөрү менен басмачыларды кучакташтырып, элдештирген чакта, кара санатайлык бардык ишти бузду. Котур ташы койнунда болгон басмачылар, өз ара макулдашышканбы, жеңдериндеги бычактарын жалаңдатышып, көз көрүнө кызыл аскерлерди бычакташты. Мындайды күтпөгөн көпчүлүк, ден дароо боло, эстеринен таныштты. Аңгыча болбой отряддын башчысы ызырына:

-Жакшылык буйрубаган акмактарга өлүм ылайык, аябагыла –деп кыйкырып жиберди.

Кызыл аскерлер жарадар болгондоруна карабай, душмандары менен чарпыша, кармашып жатышты. Басмачылар бардыгын бычактоого үлгүрө алышпай, жалтаңдашып, качуунун аракетине түшүштү.

-Куралды алып, аткыла!-деди кызыл командир.

Кыжырданып, жаалдары келген аскерлер качып бараткандардын аркасынан ок чыгарышты. Басмачылар аркы өйүздөгү Назардин миң башынын коргонуна барып жашынышты. Заматта миң башынын коргону жер менен жексен болду. Даранын төрүнө жетип барган басмачылардын аркасынан куугандар, жапырт мээлеп, жалпайта атып салышты. Исфайрам дарыясынын оң жээгиндеги Шыгайдагы басмачылардын сөөгү коюлган мүрзө, ошол кандуу күндү эч кимдин эсинен чыгарбай турат.

-Үч-Коргондун эли басмачыларды багып, тамак-аш, улоо, ал тургай адамдардан да жардам берип жатат деп, горнизондун башчысы Софонов ойлогон. Себеби, басмачылар ар бир үйдөгү каруу-күчтүү эркектерди курал менен коркутушуп, алып кетишкен болчу. Үйдө калган катын-балдар аргасыз аларга тамак-аш жеткирип турушкан. Интернационалдык полктун командири Үч-Коргон революциялык комитеттин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков Софоновдун буйругунун аткарылышына каршы чыгып, Үч-Коргондуктардын ак экендигин далилдеп, сактап калган.

Абдыкадыр Орозбековдун жоокерлери көп улуттун өкүлдөрүнөн куралган эле. Алардын ичинде кыргыздардан

тышкары өзбек, тажик, уйгур, орус элдеринин уулдары кызмат кылышкан. Ынтымак менен биримдик аларды бекем кармап турган.

Кызыл-Кыя шахтерлорунан түзүлгөн коргоо отрядына басмачылар капысынан чабуул коюшуп, үстөмдүк кыла башташат. Кабар А.Орозбековго учурунда жетип, ал өзүнүн жоокерлерин баштап келип кызыл-кыялыктарды аман куткарып алат.

***

1930-жылдары басмачылардын акыркы топтору Кайып паңсаттын жетекчилигинде Ноокат менен Үч-Коргондун тоо тараптарына жайгашып, бирде айыл-кыштактарды таласа, бирде Алайга ашып келишип улам-улам жер которуп турушту. Эртели-кеч ээн жердеги жолдорду акмалашып, бирин-экиндеп калгандарды тоноп, карактап алышып, элге коркунуч туудурушту. Уу-дуу кабар облустан ашып, республикага дайын болду. Аларды жок кылуу Кызыл-Кыя ГПУсуна тапшырылды.

Үч-Коргондук Абдулла Сабиров менен Пүлгөндөгү ыктыярдуулар отрядынын командири Зиябидин Бегалиев экөө макулдашышты. А.Сабиров Кызыл-Кыя тараптан, З.Бегалиев Үч-Коргон тараптан басмачылар жашырынып жаткан тоолорду көздөй аттанышты. З.Бегалиев жетектеген бөлүктүн жоокерлеринин кийген кийимдери эч кандай кызыл аскерлердин кийимдерине окшошпойт эле. Ар кыл кийинип, кээлеринин тондору жыртылып, баш кийимдеринин төбөсүндөгү терилери айрылган. Кээлери жамачылуу кийишсе, кээлеринин бут кийимдеринен чулгоолору булайып, чыгып турат. Бирок, баарынын колдорунда беш атар мылтык, белдеринде кылычтар салбырайт. Бардыгынын сол карууларындагы кызыл чүпүрөк алардын ыктыярдуу жоокерлер экенин айгинелейт. Үстүбаштары жүдөө болсо да, өздөрү шайдоот,кабактары ачык эле.

З.Бегалиев Үч-Коргонго келип, кыштактын ортосундагы чайканада эл менен жолугушту. Ыктыярдуулар отрядынын келгенин уккан эл өздөрү эле келе башташты. Саламдашкан соң отряддын командири:

-Абдыкадыр Орозбеков мага бир иш тапшырды. Ал эмне дебейсиңерби?

–Зиябидин аке, басмачылар менин тажиктеримди аябай кыйнап коюшуптур. Сен алардын ал-абалдарын билип, кабар

алып кел деди. -Мына, мен келдим. Кабатыр болбогула! Кайып паңсаттын энесин Үч-Коргондон көрсөтмөйүнчө кетпеймин- деди.

Чайканадагылардын баары уу-дуу болуша аны кубатташты. Ал киши дөө сыяктуу, алп эле. Үзөңгүгө бут коюп, аягын артарда кандай гана ат болбосун ордунан теңселе түшчү. Ал айткан сөзүн аткарды. Абдулла Сабиров экөө ыктыярдуу отряддарын баштап барышып, күн-түнү тынышкан жок. Жергиликтүү жигиттер өз туулган жерлеринин коен жатагына чейин билишчү. Басмачылардын байыр алган мерчемдүү жерлерин болжоп барышып, алды-аркасынан курчоого алышып, колго түшүрүшүп, азын-оолагын башка жактарга, жер которууга аргасыз кылышты.

А.Орозбеков кыргыздар менен жашаган тажик, өзбек, уйгур, калктарынын өкүлдөрүнө өзгөчө камкордук көрдү.

-Силер кыргыз туугандарынардын арасында эч качан бөлүнбөгүлө. Биз силерге, дайыма жакшылык каалайбыз дечү. Ал балалык чагынан жетимдиктин азабын тартып, өзбек, тажик, туугандардын жакшылыгын, камкордугун көргөндүгүнөн уламбы, же аларды өз элиндей көргөнүнөнбү, эч убакта бөлүнүүнү ойлобогон. Өзбекти көрсө өзбекче, тажикти көрсө тажикче, орусту көрсө орусча таза сүйлөп, накта тамаша айтып, макал-лакапты кошуп бакылдап, ичи-коюнга кирип кетчү. Анын Сражидин Зыябидинов, Молдо Машарип, Абдулахад Абдурахманов, Абдулхамид Ныязматов, Теше миң башы, Атахан Максым, Абдукарим Ныязматов аттуу достору аны менен жамандыкта да, жакшылыкта да бирге болушуп, бири-бирин колдоп жүрүшкөн.

Совет бийлиги Фергана өрөөнүнө орногондон баштап, аймактарды бөлүштүрүү жүргүзүлө баштады. Үч-Коргондун түзөң тарабы, же жарымы Фергана үйөзүнө, тоо-тарабындагы жарымы Ош үйөзүнө карады. Жергиликтүү эл ал саясатка анчейин маани бербесе да, документ алып, катталууда экиге бөлүнүп калгандыгы билинди. Үч-Коргонду Кыргызстанга кошуу жөнүндө сөз боло баштады. Ага да бир себеп, 1927-жылы Өзбекстанда «Чабуул» компаниясы аябай күчөп, кыз-келиндердин паранжы, чачбактарын отко өрттөшүп, азаттыкка жетүүнү айкындашкан. Кыргыз аялдары паранжы жамынып, жүзүн жашырышпагандыктан аялдарга андай зордук-зомбулук компаниясы жок эле. Ошол себептен коңшу аймактардагы көп

адамдар Кыргызстанда калууну самашкан. Андан да, бир кыштактын тургундарын экиге бөлүү калктын экономикалык, маданий турмушуна туура келбейт эле.

Ушул маселени чечүү үчүн Үч-Коргонго Кыргызстандын Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков жана Фергана дубанынын аткаруу комитетинин төрагасы Исраил кожо Аликожоевдер келип жолугушту. Үч-Коргон менен Кызыл-Кыянын ортосундагы Сайбексары жалаңында, чоң элдик жыйын өткөрүлдү. Жыйынга Үч-Коргон, Кызыл-Кыя, Караван, Марказ, Тактек ж.б айылдарынын тургундары келишти. Ошол кезде Үч-Коргон, Кызыл-Кыя, Караван, Фергана үйөзүнө карап калган эле. Үч кыштактын эли Ош үйөзүнө өтүүнү жактап чыгышты. Эки тараптын элин жактаган А.Орозбеков менен И.Аликожоев жаңжалдашып, жакалашып кетишти. Орозбеков Аликожоевге Сталинден алып келген кагазын көрсөтүп.

-Сен Сталинге да моюн сунбайсыңбы?-дегенде, анын кайраты кайта түштү.

Көрсө А.Орозбеков Сталин менен макулдашып келген экен. Андан көп өтпөй Үч-Коргондо Юлдаш Ахунбабаев менен Абдыкадыр Орозбеков жолугушушту. Алар элдин ой-пикир-лерин сабырдуулук менен угушуп, элдин каалоосуна жараша чечүүнү туура табышып, Кызыл-Кыя, Караван, Үч-Коргон Ош үйөзүнүн тутумунда калтырылды.

-Үч-Коргонду туруктаган кыргыздар, тажиктер, өзбектер байыртан эле чогуу аралашып жашап келишкен. Бир арыкты чаап, ошол арыкты тазалап, суу ичишип, бирге эгин эгишип, бир базардан соода кылышат. Мечитке чогуу барышып, намазды бирге окушат. Кыз алып, кыз беришип, илгертен куда-сөөк. Кыргыз өрөөнгө түшсө, өзбек тажиктикине келет. Тажик, өзбек тоого барышса, кыргыздыкына конот. Кана, бири-биринен ким ажырата алат?-деди А.Орозбеков.

-Өзбекстанда жашасаң эмне? Кыргызстанда жашасаң эмне? Экөө тең бир мамлекет. Чек ара, бөлүнүү деген жок. Акчабыз бир. Үч улутту бири-биринен ажыратууга болбойт. Мыйзамыбыз, максатыбыз бир. Мен ким да, Абдыкадыр ким? Экөөбүздүн айрымабыз кайсы?-деди Ю.Ахунбабаев.

Экөө кучакташышып:

-Достугубуз бир, ынтымактыгыбыз түбөлүк дешти.

Тургандар жапырт кубана кубатташып,кыйкырышты.

***

Меймандар менен кучакташа коштошуп, көңүлү бир жаңсыл болгон миң башы, жоргонун үстүндө чайпалып, чоң кубаныч менен үйүнө кайтты.

-Кудайга шүгүр. Калкыбыз аман, журтубуз эсен. Чабылтып, чачылтпай өкмөт башчы өзү келип, ишти жайгарды. Элибизге оомаддын келгени ушул-деп өзү менен кошо, элдин камын ойлогон аксакалдардын ар бирин көз алдынан өткөрө ыраазы боло, жоргону теминди.

Күүлөнгөн жорго, этектеги кара сууга жете бергенде, эртеден бери каңтарыла туруп, чаңкаганбы ооздуругун шыңгырата сууга моюн созду. Аты сууну бир-эки ирмедиби, ирмебедиби, камыш ичинен «шоп» эте бирөө чыга калды. Бүткүл дитин, сууга бурган ат, селт эте чочуп, башын көтөрдү. Миң башы да жоргосу караган жакка көз салса:

-Ассалоомалейкум, миң башы. Атыңыз да, өзүңүз да чаңкаган окшойсуңар. Келиңиз, сизге атайлап арнаган кымыз бар эле. Бир аз татып, көкүрөк чайкап алыңыз?-деп Тагай куу кашкая күлүп турду.

Жорго сууга кайра башын салбады. Ээсин теминтпей сууга кирди.Ат аягы жээкке чыга электе, тизгинден алган Тагай миң башыны колтуктап, аттан түшүрүүгө камынганда:

-Мейли ырыскыдан кайтпайын. Атайлаган даамың болсо, ооз тийейин-деди миң башы, ат үстүндө туруп.

-Менин баамымда, өкмөт башчыны да, өз колуңузга алып, тилинен байлап койдуңуз окшойт, миң башым-деди Тагай куу-митаам көзүн жыбыңдатып.-Меймандарды узатам деп жүрүп, ысыктын күнүндө чарчагандырсыз. Шак тартып жибериңиз. Түбүнө калтырбаңыз?-деп оң колдоп кесе сунуп, сол колу менен жоргонун жылоосунан кармай.

Миң башынын ысыктын күнүндө чаңкаганы ырас эле. Эртерээк үйүнө жетип, жайлоонун салкын төрүндө нак кымызга суусунун кандырууга ашыгып, жоргонун тизгинин бошоткон болчу. Тагай куунун көңүлүн таап, чаңкаганын билип-туйган сөзүнө там бере, башын чайкап, ат үстүндө кош колдоп кармаган кесени так көтөрдү.

Баятан бери анын ар бир кыймылын астейдил баамдап, көз тигип турган Тагай, ичинен жым дей түшүп,

-Кесени, дагы бир кайтарың,миң башым?-деп шыпылдады.

Тойчубек кесени оозунан ала, бир тамшана, шилекейин жутуп, Тагайды теше тиктеди.

-Түбүмө жетмек элең. Жеттиң. Тагай куу. Тизгинди бошот-деп, жоргону теминди.Октой учкан жорго, Тагайды соорусу менен коюп өтүп, алга зуулдады.

Жоргонун күүсүнө туруштук бере албаган Тагай, чалкалай кетенчиктеп, аз жерден жыгылбай калды. Жорго үстүндө окшуган миң башы, аттын жалын бекем тутамдай, мас кишидей бир оңго, бир солго ооп, Кара-Шородогу үйүнө келсе, эч ким жок. Бардыгы жайлоодо. Өөн ээн эле. Ат үстүнө тура кала, айлананы караса Жумабайдын карааны көрүнө калды.

-Жумабай, мен кеттим. Артымдан жете бар-деп жоргонун тизгинин жолго бурду.

Жумабай ат үстүндөгү агасынын абалын көрүп чочуп, аркандап койгон атын алып келип, шапа-шупа токуп, аркасынан чапты.Миң башы Жаман-Кыяга барганда, ат үстүнөн өбөктөп окшуп, башын көтөрүүгө буямасы келбей, тизгинден буту чыгып, жерге жыгылат. Жорго адатынча жол боюндагы көк чөптөн бурдап алыс кетпеди. Жумабай чаап жетип, башын жөлөдү. Өң-алеттен кеткен миң башы улам энтиге:

-Балам, баламдын карааны көрүнөбү?-деп араң сүйлөйт.

-Миң башым айта бериңиз?

-Суу,суу. Таап кел!

-Азыр-деп Жумабай чылбырынан кармап турган атына жетип, чаап түшүп, өөндөн суу алып баргыча, миң башы буту-колун сунуп, узап кеткен эле.

***

Янкелеевичтин отряды Гүлчөнү талагандардын аркасынан түшүп, дарыядан жогору көздөй, жол тартышты. Жол баштоо-чулар, аларды кууш капчыгай аркылуу өр тарта алып келе жатышты. Кыркоолдон өтө бергенде, отряд экиге бөлүндү.

-Жыйырма жоокерден турган биринчи топ Будалык аркылуу жүрүп, Моло- Белди ашып түшөт. Экинчи топ Чатка барып ал жерден дагы экиге бөлүнөт-деди Янкелеевич.

-Жыйырма жоокер Аскалы аркылуу Бүлөлүгө өтөт. Өзүм калган жоокерлерди баштап Чатты өрдөй жөнөйм-деди. Ар топту баштаган жергиликтүү партизандар, чалгынчылардын артынан абайлай бастырып баратышты. Эч кандай шектүү караандар тургай, жай бастырган бир ар атчандар көрүнбөдү.

Баары эле жашынып, аска-зоону аралап кеткендей. Күн ала көлөкө болгон чакта Аскалы тараптан келе жаткан топтун чалгынчалары, жакынкы жерде айыл жайгашканын, андагы боз үйдүн алдында бирин-экин ат байлануу турганын кабарлашты.

-Абайлагыла! Басмачылар ушул жердик!-деген эскертүүдөн улам, жоокерлер колотко аттарын калтырышып, биринен-бири өтө өбөктөй далдоого чуркашты. Алар жалаң жерде жата кала, өмөктөй сойлошуп, боз үйлөргө жакындай башташты. Айылдагы жыт алып, шектенген иттер, чар жайыт абалап, бири-бирине кабар бергенсийт. Улам боз үйлөргө солдаттар жакындай беришти. Иттердин үргөнүнөн катуулагандан шектенген үй ээлери, сыртка кулак түрүштү. Чоочун бирөө келгенде, үй алдында жаткан ит абалап белги берет. Үргөн итти тосуп, өтүп бараткан жолоочуну утурлап алуу салт.

Ошол тартипти кармаган үй ээлери, иттерди жазгаганы, босогодогу таягын көтөрө чыкты. Тоолуктардын балдары кичинесинен чоңуна чейин малсак, ары астейдил. Кайда болушса да ата-энелери менен кошо, илеше жүрүшөт. Азыр да, сыртка бет алган улууларды ээрчий басышып, боз үйлөрдүн эшигин серпе, баш багышкан. Алардын көзүнө өмөктөй жылып, бирде оңго, бирде солго чуркап, кайра жата калган караандар көрүндү.

-Ата, тигинде бирөө чуркап келе жатат-деп чочулай кыйкырыгына, үй ичинде жай отурган бирөөсү шашыла баш бага берген чакта, орус солдатка үйдөн баш бакан караан мылтык көтөргөндөй көрүндү. Орус солдаты

-Басмачы туюп калган окшойт –деп, кезеп келе жаткан мылтыгынан ок чыгарды. «Тарс» эткен үнгө тоо ичи жаңырып, «Апа!» деген чаңырык айылдагыларды селт эттирди. Ар үйдөн жабыла баш баккандарды көздөй, солдаттардын огу жаады. Корккон катын-бала чыркырап, иттер кыңшылап, уйлар мөөрөп, мал үркүп, жана эле тынч турган айыл чууга толуп, тоо ичин жаңыртты. Качууга эч кимдин буямасы келбеди. Качып чыгууга, эч кандай шарт да жок эле. Айылдан шектенген солдаттар биринен-бири өтүп, заматта курчап алышкан болчу. Туш тараптан атылган ок бейкапар, үй-бүлөлөрдү жалмап, кызыл канга боеду. Бир айыл жөндөн–жөн ажал табышты.

Бая эрте менен «басмачылардын уюгун курчоого алып», ташын талкан кылууга ээрчип келген чалгынчы-партизандар да, Янкелеевичтин эки топко бөлүнгөн отрядынын мүчөлөрү да, тоо

жаңырта тарсылдап, атылган көп мылтыктын үнүн улай шашыла аттарын чаап келишип, өздөрүнүн үчүнчү тобундагы солдаттардын колу катын-балдарга, кары-жашына карабай, тооке тобуна илгертен бери кошо жашаган жооштордун бир тобун, кырып салганына күбө болушту.

-«Ысыктын күнүндө эртерээк жерге бербесек, денелери бузулат» дешип, экинчи күнү шашыла келишкен райондогу советтик, партиялык жетекчилер, активисттер баш болушкан көпчүлүк, жайды жабыла казышып, бир айылдын адамдарынын денелерин эркек-аялына ажыратпай, чогуу жерге беришип, артка карай кете беришти.

***

Адини туугандары Гүлчөнү барып талаганы санаасын санга бөлдү. Алабармандык канткенде да акылсыздыктын иши эле. «Орустарды келтирбейбиз, болгонунун көзүн тазалайбыз» өтө эле алабармандык. Андан ары, эмне болот? деп, ойлошпойбу? Кечээ эле күжүлдөп, тоону томкоруп, асканы кулатчуудай болуп жүргөндөр, бүгүн кана? Бириси шүңүрөйүп, жер чукуп өкүнүп отурат. Бириси заманасы заң болуп, жашынаарга жай таппай, аска-зоону паанектеп жүрөт. Көбү үйүнө эмес, айылга келүүдөн чочуп, кыр-кырда жалтаң.

Эмне ой, эмне максат менен бул ишке барышты? Дагы жакшы Гүлчөнүн гарнизонунда солдаттардын жок болуп калганы. Болбосо, топтошуп баратканда, же дүкөндөрдү талап, кайтып баратканда бир эле племеттун күчү жетмек.

Барында кара мылтык, куу союл, жогунда кызыл камчы, суу таяк. Ушул да куралбы. «Төрт көсөгө» ишенип, кантип районду чапканы барышты? Чоко бийдин балдары баш болгон, бий чыкмалардын кур намыстыгы, кем акылдыгы. Булардын кур кыялына ишенген, алдоосуна көнгөн башкаларды айт. Чоко бий аларга качан эле байлыгынан берип, малынан бөлүштүрүп:

-Байлыгымдын топтолушунда силердин да үлүшүңөр бар эле. Алгыла,-деп айтпаса керек эле? Кантип, айылдан бири болбосо да, экинчиси чыгып:

-Койгула, алабармандык кылбагыла. Жаңы өкмөт бейбаштыкка жол бербейт. Көбүн көрдүк го? Те чөл тараптан мыкаачылыгы ашынган Мойдун чыгып эмне болду? Элди талап ырайым кылбаган Көршермат кантти? Калкка завун Калкожону жараткан өзү жазалаганын көрүп-билип турабыз, кайткыла!

Канчалаган корбашылар беш-он миңдеген кол курап чыкты эле, кызыл аскерлерге туруштук бере албай, сандары сай таппай, жок болгонуна күбө болбодук беле-деп, аба-аксакалдар, билармандар тыйбадыбы?

Көңүлдөрүндө кири жок, башкаларды да өзүндөй көргөн. «Бас» деген жакка басып, «тур» деген жерде туруп, анысын ынтымак деп сезген тоолугум, ач айкырык, куу сүрөөн менен суу аккан жакка, сел сүрүлгөн тарапка кете беришкен тура. Куйту, митайымдар буларды тукуруп: -«Тигини андай кыл, муну мындай жаса»-деп өздөрү четке чыга берип, айтканы айгак, кармалганы күнөөкөр болуп отурбайбы. Мына, эми көрөбүз, бирин-бири сатмай, бирин-бири чукумай башталат. Ынтымак, бир боордук мамиле ушунтип ыдырайт. Баласы атасына, иниси агасына айгак болуп, котур ташын койнуна катмай башталбагыдай эле. Кайран гана каада-салт, адеп-ыйман канча кылымдар кыйырын басып, элдин элдигин, улуу дөөлөттөрүн көтөрүп, нарк-баасы менен бааланып келди эле, ушундай эл эртеңин эске албаган эссиздик эми ээленеби? Ата-эне кадыры, тууган баркы, куда–сөөк, дос жардын аброю эми төмөндөйбү?

Ой туманына баткан Ади, канчалык өзүн алаксытууга кылган аракетинен майнап чыкпады. Анын үстүнө баласынын кайгысы кошулуп, уйку көрбөй, наар татпады. Эмне кылса болот? Убакыт тар. Тополоңдун кабары өкмөткө жетти. Окуяны талдайбыз деген жазалоочулар, али жолдо келе жатышса керек! Тополоңго катышкандарды кайра ээрчитип барып, бар күнөөнү моюнга алып, алдыларынан чыкса эмне болот? Же убакыт өткөрүп, из суугуча тоо аралай, бой жашырып турушканы жакшыбы? Канткенде да, Оштон жөнөгөндөр кош-коштоп, куралдуу аскер менен келишет. Алар жолуккандарды четтен эле чаап, жазалабаса керек! Өкүл жөнөтүшөөр, элдешүүгө, сүйлөшүүгө чакырар. Эмне болсо да, туугандарын чаптырбай, чачылтпай, сактап кала алаар бекен?

Ади туугандарынын өтүнүчүнө макулдугун билгизди.

Адинин келээрин уккан туугандары, сүрдүгө жол тосуп чыгышты. Аттарын теминише, биринен-бири өтүшүп, утурлай жол беришти. Ал ойлогондой эле көпчүлүгүнүн колунда куралы жок.

-Ээн талаада союлдун эмне кереги бар-дешкенби, көпчүлүгүндө жалаң камчы. Кийген кийимдери кадимки эле үйдө

жүргөндөй. Ээр, токумдары ар кыл болуп, чогула улак тартып, көңүл ачканга келишкендей.

-Эй туугандар! Ушул кейпиңер менен кантип, куралчан кызыл аскерлерге туруштук бермексиңер?-деди Ади аларды тамашалай.

-Ади аке, аскерлер менен атышкыдай душман белек?-деди мамадани Шамшыбек.

-Гүлчөнү талаганыңар душмандыкка барабар. Эмнеге качып жүрөсүңөр?

-Гүлчөгө барганыбыз ырас. Бирок, башкалар талап кетпедиби -деди Турдубай.

-Гүлчөгө эмне максат менен бардыңар эле?

Орустарды кууп чыгабыз дегендерге эле кошулуп калбадыкпы? - деди жай сүйлөгөн Арык өкүнгөндөй.

-Орусту жолуктура албадык. Таламай башталганда эле, коркуп келе бердик-деп чынын айтты Жума.

-Силер болбосоңор, кимдер талады?

Жолдон кошулуп, сүр сүр менен баргандар кампа менен дүкөндөрдүн эшик-терезелерин чагып, таламайды башташыптыр-деди Калык өкүнө.

-Туура айтат. «Тоокелер» - деген насак, бизге калды-деди анын сөзүн Калык ырастап.

-Эми милициядан, ЭНКБнын адамдары сураса, «Билбеппиз, түшүнбөппүз»-деп жооп бергиле.

-Өкмөт бизди кечиреби? Же жазалап, тырайта атып салып кете береби?-деди Бөрүбай.

-Күнөө кылдыңбы?

-Күнөөм жок. Болгону ээрчип эле бардым.

-Күнөөсү жок, колу булганбагандар, кары-картаң, жаш жигиттер үйлөрүңөргө бара бергиле-деди Ади тургандарга кайрылып.

-Бизди камап, же атып салышпайбы?

-«Жаңылдым, жаздым»-деп мойнуңарга алгыла. Ак кишини эч ким жазалабайт.

Ади ойлогондой көбүнүн ыраңдары кер сары болуп, ташбиш тартып калышкан эле. Азык алмак түгүл, үйлөрүнө жолобой качкан көпчүлүк эки күн ачка калышты. Бир-экөө, аң уулап, кекилик, коен аталы-дегенге ынашкан жок.

-Өзүбүз качып, ар ташка далдааланып жүрсөк. Дүпүлдөтүп мылтык атканыбыз туура болбойт. Алыстап кетели дешти.

-Качкын болуп кайда барабыз? Тамак-аштын жайын, Кудай алсын. Бир-эки күнгө чыдайбыз.

-Бир-эки күндөн кийин кайда бармак элек! Андан көрө талаадагы топоздордон тутуп, «Бөрү жарды, кузгун тойду» кылып, өзөк жалгап туралы-деп ар кими ар ойду айтышты.

-Кой, үй безээри болгучакты, өкмөткө өзүбүз эле барганыбыз оң.

-Барсак барабыз. Бирок, «жазалабайт»-деп ким кепил болот?

Үй-жайсыз талаада жүргөндөрдүн арасында, сүрмө топко кошулуп, бушайман болгондор көп эле.

-Солдаттар келип, айылдагыларды атып жатыптыр.

-Качкындарды кубалаганы кызыл аскерлер келет-дешет.

-Элди жыйынга чакырып, райондо чогулуш өткөрүүгө кам көрүлүп жатыптыр.

Ар кимиси, ар кыл сөз айтып, «миш-миш» көбөйүп баратты. Колдоруна ак желек кармап, айылдык активдердин бир экөөнү ээрчиткен төрага Карагул келиши менен көпчүлүк арасы уу-дууга айланды.

-Туугандар, райондун элин чогултуп, өкмөт башчы Орозбекүп айтты. -Качкан тозгон болбосун. Баары келишсин. Жазаланбайт-деди.

-Чын айтып жатасыңарбы?

-Чын.

-Алдап, барганыбызда тутуп, түрмөгө камап салбайбы?

- Камаган эч ким жок. «Эл жөн тиричилигин кылсын» деп айтты.

-Падыша калп айтмак беле. Баралыбы?

-Талаада тентип, ачка жүргүчө, камалса камалалы. Атып жибербесе керек? Баарыбызды эле, кантип атып жиберсин.

-Жаңы өкмөт ырайымдуу дешкен. Кой баралы?

Уу-дуу кептен соң «күнөөм жок» дегендер чакырып баргандардын артынан ээрчишти. Өзүнө ишенбегендер тоону өрдөй салышты.

Убакыт өтө берди. Алыскы тоого кеткендер артынан биреөлөр түшпөгөнүнөн улам тынч. Баары өз-өз тиричилиги менен алек. Бирок, мүлк талап, колу булганып калгандар

көңүлдөрү тынбай, ичтеринен толгонушат. Акыры ал күн да келди. Айылдык өкмөттүн катчысы бир-бирден ар үйгө келип, милициянын чакыруусун берип, дүмүрчөгүнө «алдым» дегизип колун койдуруп, же бармагын бастырып, «палан күнгө барасың» деп дайындап кетти.

***

Терек айылы Сопу-Коргондун чыгыш тарабында. Кууш капчыгайды өрдөп кеткен тар жол тескейден-күнгөйгө өтүп, дарыяны бойлогон боюнча жогорулайт. Дарыяны тепчип өткөн кечмеликти кышындасы шагалаңдуу муз каптаса, жайындасы мөңгү ээрип, жол жүрүп бараткан жүргүнчүнү ого эле жүдөтөт. Дабанында азали булут кетпей, кышындасы бороон улуп белди бекитсе, жайында каарына алып кар жаагызып, жолдун тоомун билгизбей чүмкөп салат. Кокустан күндүн мурду жылт эте көрүнө калса, көчкү жүрүп, кар ээрип, мөңгү сүрүлөт. Канчалык катаал болсо да, Ош-Кашкар каттамынын, кыска жолу болгондуктан жүргүнчүлөрдүн көбү ушул жолду тандашат. Анын үстүнө Сопу-Коргондон баштап дабандын түбүнө чейин бекет, рабаттарды теректиктер ээлешип, тиричилигин ушуну менен өткөрүшөт. Ач калган, кеч калгандар үчүн түнөк. Улоолору үчүн жем, кашек белен. Жүргүнчүлөр каалаunion кайберендердин, же короодогу малдын этинен салдырышып, карындарынан кабатыр болушпайт. Тоо ичиндеги ээн жайда каракчы, ууру-кескилер болбогондуктан ташылып бараткан буюмга эч ким тийбейт. Жылдын төрт мезгилинде тең коркунучсуз. Муздак жайда эт, май баштанган азык-оокат, жашылча-жемиштер да бузулбайт.

Айылдын жанындагы капчыгайды алкымдап барганда «Токмондун рабаты» делген чакан коргон дөбөдө жайгашкан. Анда ары бараткан, бери келаткан кербендер ал жайга токтоп, жүк түшүрүп, кире алмашышат. Же болбосо буюмдарын сакташып, иштери жүрүшкөн мезгилдерде гана жүктөп алып кетишпесе, жыл бою ишенимдүү түрдө тура берет. Ошол себептенби ушул жайда, башка тараптарга караганда кыймыл көп. Оогон, тажик, уйгур, дунган, орус, татар, индии, пакистан, перс соодагерлер көп токтоп, кээде мал алмашкан чакан базар да болуп кетет. Кээде эшек-качыр айкырып, топоз куркулдап аттардын окуранган үндөрү кошул-ташыл болуп, капчыгай оозунда келип-кеткендердин карааны үзүлбөйт.

Теректе көбүн эсе сарт уруусунан таркаган топтордун балдары жашап, тиричиликтери кербендер менен. Бири-бирине туташкан тоолор аска-зоолуу, ары арча, четин каптаган токойлуу болгондуктан ар түрдүү кайберендер, аларды аңдыган ар кыл жырткычтар арбын. Жергиликтүүлөр көбүн эсе аңчылыкты кесип кылышып, баалуу терилерди соодагерлерге сатып, же буюмга алмашып, байлыкты да арбын кармашат. Көбүн эсе эле топоз, жандык кол карабай, анча-мынча улоолорго жана тууган малдарга тоют берилбесе кышын-жайын жайыттардагы оту күчтүү болгондуктан малдары азбайт. Тоолор тик, жалама болуп, жылкы кармоого ыңгайсыз. Үй алдынан сугарып оргон, он-он беш боо чөбү кышы менен ысырап болбой, кээ жылдары кийинки жылга да ашып калат.

-«Токмондун коргонуна» жол кезип жүргөн олуя-машайык-тардын назары түшкөн-деп калышат жергиликтүүлөр.

-Кербендегилер бизди бакса, биз аларды багабыз дешет.

Алардын айтканындай башка жерлерде кургакчыл болуп, эгинден түшүм алынбай калган чакта соодагерлер ташыган азыктар ушул жерге келип, ушул жерден кетет. «Ачка калсаң, Терекке бар» деген сөз ошондон чыккандыгын аба-аксакалдар сыймыктануу менен кеп кылышат.

Капчыгайдын чатындагы «Токмондун коргонунун» өзүнчө таржымалы бар.Анын жөнү мындай.

-Атабыздан калган байлык

-Сен албайсың. Мен алам- дешип эки бир тууган-Акман менен Токмон талаша кетишет.

«Ата менен баланы, ачы кылган дүнүйө» демекчи, эки бир туугандын талашы оңойлук менен бүтпөстүгүн туйган-калыс ата бийиктен таш кулатып, дөбөдөгү коргонду экөөнө тең бөлүп берген дешет.

Ары чырдуу да, ары сырдуу да-соодагерлердин ташыган ар түрдүү буюмдарына толгон дөбөдөгү коргонго, жаш Совет өкмөтү куралгандан соң, келип-кетчүүлөрдүн аягы акыры тыйылгандай болду. Бай соодагерлер чек арадан өтө албай сыртта калса, кээлери буюмдарын барып алуудан сестенишип, ичкери тарапта, ичтерин ит тытып жакындай алышпады. Күндө болгон өзгөрүүлөрдөн, чыккан тополоңдон улам, ал коргон жергиликтүүлөрдүн эстеринен чыкса, жаңы өкмөт башчылары-нын кулагынан түшпөй, жабылган бойдон калып кетти.

Бүлөлүлүк тоокелер Гүлчөдөгү дүкөндөрдү талаган соң, эл ичиндеги экиленген бейбаштар да көбөйүп кетти. Алардын оюнда «Таласа боло берет экен» деген ой пайда болуп, таламайга катышып, өздөрүнүн «кылмыштарын жашыруунун камылгасында жүргөндөр», «Токмондун коргонуна» келишип, кол салып, талап киришет. «Кой дээрге Кожо» болбогондуктан, ар кимиси «алганын» аттарына артып качмак болушту. Алардын жаман ойлорун туйган айылдын аба-аксакалдары

-Таламай кылбай, санамай кылабыз дешет. Коргонду көптөп ачышып, бар буюмдарды санап, сарттар менен жоош урууларынын топторундагы адамдардын сандарына жараша түр-түргө ченеп бөлүп беришет. Акыры капталган картошкалар калганда:

-Бул орус жечүү экен-дешип, сууга төктүрүштү.

Теректиктердин тополоңун уккан Ади атайлап Аскалы аркылуу өтүп, Терекке барды. Рабаттагы абалды көрүп, аябай ачуусу келди. Көпчүлүктүн кимисин күнөөлөй алат? Көбү энчилерине тийгенин бөлүп алып, үйлөрүнө кетсе, айрымдары Адинин караанын алыстан таанып жашынып калышты. Айрым ойноп жүрүп көпчүлүктү таңыркаган балдар алдынан чыга калса, алардын эч бирине көңүл да бурбады.«Болоор иш болуптур» деп кыр-жон менен Бугу-Жайлоону көздөй ашып кетти.Айылдагы балдардын арасындагы тири карак Рахман аттуу бала келип, чоңдордон сурай кетти.

-Жанагы, ким деген? Көздөрү тим эле жалындап турат экен.

-Ал Ади деген болот.

-Эмнеге, улуулар андан качышты?

-Кимдир бирөөлөр күнөө кылса, Ади аны эч аябайт. Тирүүлөй орго көмдүрүп, же отко жактырып жиберүүдөн кайтпайт-деди алар.

Артын кылчайбай, кыр жондо бараткан Адинин караанын көз алдына келтирген Рахмандын муундары калтырап, ордунан жылып кете албай, чекесинен тер кетти.

***

Басмачыларды жок кылып, түп тамырынан бери тазалоо көрсөтмөсү берилип, «кара тизмеге» алынгандардын артынан сая куугандар, эч кимге тынчтык беришпеди. «Басмачы» делгендердин жек-жаат, туугандарын бирде милицияга, бирде НКБга чакырышып, биринин артынан бири айгак коюлду. Күндө

«тил билбеген орустар» айылдарды кыдырып «баягыларга» жолугушуп, көрсөтмөлөрдү берип кетишет. Айылда биринен бири шекшинип, ынтымак кетти. Ата баласын аңдып, аял эркегин пайлап, кыбыр эткен кыймыл, шыбыр эткен сөз органдагыларга жетип турду. Башка тарапка көчүрмө кылуу, суракка алып, түрмөгө отургузуу көбүнүн үшүн алып, айлаларын кетирип койду.

-Орустар мергендерден шекшинип калыптыр. Басмачылардын адамы деп, жакында кармаганга келишет экен-деген сөз Бообек мергенге да жетти.

Мерген элдин адамы. Кара мылтыгы менен айылды багат. Күндө айылдагы балдар, эшектерин минип алып капчыгайга келишет. Арча ого эле көп болгондуктан, кылымдар ашык жашаган арчалардын дүмүрлөрү, же куурап жыгылгандары көрүнгөн жерде чачылып жатат. Отунга барган балдар, четинен эле топтоп алышып, эшектерине артып үйлөрүнө келишет. Тоолуктар жылынганга, тамак-аш бышырганга, ал тургай кышкыга кам көрүүдө да арчаны пайдаланышат. Арча жаныбар отундун төрөсү. Жылынса таптуу, жыты буркурап алыстан эле жыттанып турат. Азали башка отундарга окшоп, сасып түтүн чыгарып, бықшыбайт. Жалыны көтөрүлүп, чогу таптуу болуп, көпкө чыдайт. Аны билген айылдыктар кышын-жайын арча жагышат.

Отун камдоодон бейкам болгон балдар, беш берээндердин тобунун уулу Бообек мергендин карааны көрүнөбү деген ой менен аркан, балталарын жылганын оозуна калтырышып, коктуну өрдөп келишти. Күндө ушундай көрүнүш адатка айланган. Себеби, Бообек мерген аркар, кийиктерди тээ Күртүктүн зоолорунан атып, көтөрүп келип, болжогон жайларга таш менен корумдап кетет. Аркасынан барып, аны таап алган балдар олжолуу кайтышып, үй-бүлөлөрүн багышат. Мерген менен макулдашылган бул иш айылдыктардын бардыгына маалым эле. Айылга келген солдаттар чындап эле Бообектин дайынын сурай башташты.

-Мерген этият болсун. Орустар келип, аны сурамжылай башташты-деген кабарды балдар, мергенге жеткиришти.

-Мени издегендердин саны канча экен? Эртең ата-энеңерден сурап келгиле? дейт мерген.

-Он чакты куралчан солдаттар экен-дешет балдар эртеси.

-Андай болсо, экинчи келгис кылабыз. Айылдыктар бейкам болушсун-дейт мерген.

Айткандай эле он солдатын баштаган командири эртеси Boобек жаткан Күртүктү көздөй жол алышты.

-Атаңын көрү, мейман деп, бир өнөрүмдү көрсөтүп, кайберендердин эти менен сыйлайын дедим эле, ниетиңерге жараша ок менен тосуп алат окшойм-деп, мерген өз ичинде таш үстүнө чыгып, алардын максатын билмекке, күтүп отурду.

Boобектин үңкүрү бийикте. Коктунун төрүнө келген солдаттар төмөндө турушуп, бири-бирине түшүнбөй, үн сала сүйлөшө башташты.

-Эй, Boобек, ты охотник да?

- Алардын сөзү аскаларда жаңырды.

-Кош келипсиңер меймандар?

-Сен колго түштүң. Өзүң кел бери?

-Келгиле, кайберендердин эти менен сыйлайын?

-Сага үч жолу эскертебиз. Келбесең атабыз.

-Ат чалдырып отуруп тургула. Азыр эле атып келе калам.

-Бир, эки,үч… Түш бери!

-Эй орус төрөлөр, көп эле шашпагыла. Мына, мен жөнөдүм деп мерген кылчая, артына кадам шилтеди.

-Качканы калды. Ок чыгаргыла-дейт командири.

Даяр турган солдаттардын бир-экөө мергендин башынан ашыра ок атышты.

-Эй кантесиңер! Ок менен ойнобогула! Кайберендерди чочутасыңар. Аш-паш дегиче келип калам-деген мерген аскага тырмышып чыга жөнөдү.

-Бизге карматпай, качканы калды. Аткыла! - деп командири өзү баш болуп, мээлеп атып киришти.

Мерген солдаттардын жакшы ой менен келишпегенин түшүнүп,борчук ташка жашынды. Солдаттар ан сайын жапырт аткылашса, ташка тийген октор чуулдап кайып, аска бетин тытмалады.

-Кысталак каапырлар, оюм силерге түз эле. Өз убалыңар өзүңөргө. Огуңарга ок менен жооп берейин деп, кара мылтыгын алга сунуп, биринчи ок чыгарган немени бутага алды. Экинчи, үчүнчү жалп эткенде, солдаттар далдоолонушуп, окторун аяшпады. «Орус ташка атса, Boобек башка атат» - деп мерген далдоодо баштары кылтайгандарды тургузбады.

-Огум саналуу эле. Бекер коротмок болдуңар. Мени өлтүрмөй сайын кетпейт окшойсуңар-деп, бийиктен, бортоктоп жаткандарды бирден терди. -Булардын денесин талаада калтырбай, алып кетээр бирөөң калгыла-деп бирөөсүн калтырып, тура беринде, пайлап жаткан солдат ок чыгарды.

-Өзүңө өзүм демексиңби. Сен да шериктериңден калба-деди.

Бообекке барып, тирүү кайтпаган солдаттардын шериктери Сопу-Коргондогу чек арачылардын заставасынан эртеси көбүрөөк болуп, мыкты куралданып жөнөштү. Алардын келээрин билген мерген, кечээки өлгөн солдаттардын куралдарын топтоп алып, үңкүрдөн башка жакка барып, жол акмалап күтүп отурду. Кечээкиден эки-эсе көп солдаттар келип, үңкүрдү аткылашып, жооп болбогондо үңкүргө келишти. Мергендин буюмдарын чачып, ыргытышып, куу отундарды үйүп от коюшту. Алардын баарын байкап отурган мерген бир, эки жолу эскертип ок чыгарды. Ок чыккан жерди байкаган солдаттар жапырт атышып, курчоого алмак болушуп аскаларга тырмышып чыга баштышты. Өзүн туткунга алмайын кетпестигин билген мерген, аларды бирден терди.

Өчөгүшкөн солдаттар эртеси мергендин тууганадарын, ыктыярдуу отряддын мүчөлөрүн, Парманас баш болгон партизандарды аттарга мингизишип, өздөрү учкаша Бообек жаткан жайга дагы жакындашты. Алардын оюн түшүнгөн Бообек:

-Ал башты деп алдыңкы келе жаткан тууганына кыйкырды.

Ал үн чыккан жакка кылчая бергенде, учкашкан солдаты башка атты.

-Максым, камчылан атты-деп мерген кыйкырды.

Өр таяна ынтыгып келе жаткан атына камчы шилтегенге колун көтөрө берген Парманастын артындагы солдаты ыргыта атты. Ал күнү да, заставадагылар бир нече солдатынан ажырады. Аргасы кеткен орустар,мергендин жана-жан досун таап:

-Үңкүрдөн айылга ээрчитип келесиң! Болбосо, айылыңардан тирүү адам калтырбайбыз-деп аргасын кетиришти.

Досу барып, Бообекти айылын көздөй учкаштырып келе жатканда, жашынып турган көп солдат курчоого алып, колго түшүрүштү да, Сопу-Коргонго заставага алып келишти.Бою-

башы чакан, айылдагы мал багып жүргөн карапайым малчылардан айрымасы жок.Колу-буту таңылуу жаткан Бообекти көргөн командирлери ишенишпеди.

-Силерди, кыргыздар алдаптыр. Бул Бообек эмес. Мал кайтарып жүргөн бирөө болсо керек. Аны аябай шамдагай, качкан кайберендерди аркасынан жетип, кармаган күлүк. Бир үйүр кийикти аман куткарбаган мерген дешкен. Бообек экенин кантип аныктайсыңар?

Командири баш болгон солдаттар буталарды атып, дал тийгенине маашырланышып турушкан.

-Солдаттар бута атып, машыгып жатышат.Бута аттырып эле сынап көрөлү дейт, бирөөсү.

-Колуна курал тийгенде баарыбызды атып кетпесин-дейт дагы бири саксынып.

-Бир колун чечсеңер да, бутун чечпегиле. Бир гана ок берип, калганың мылтыктарыңарды кезеп, сак тургула дейт командири.

Бардыгы командир айткандай аткарылды. Бирөөсү барып, бутага калем сабын тикесинен коюп,орнотуп келди.

-Бообек үчүн коюлган бутага, ким дал тийгизе алат?-деди командир.

Алыстан араң билинген, тик коюлган калем сапка, окту эч кимиси тийгизе албады. Бообекке бир ок менен мылтык беришип, «Атып тийгиз» дешти. Мерген бутаны бир тиктеп алып, мылтыкты мээлеп, шыкаалабай туруп, жалгыз колун сунганча лөкүданды (затворду) басты. Баягы калем сап, тыркырап, чачылып кетти.

Канчалаган шериктеринен айрылып, ичтери өрттөнгөн солдаттар анын Бообек экенине ынашкан соң, командиринин буйругусуз эле мергенди тепкиге алышып, буту-колдорун кайрып, сындырышып, кыйнап өлтүрүштү.

«Орус ташка атат, Бообек башка атат» деген лакап ошондон улам эл оозунда айтылып калды.

***

1930-жылдын 16-июль күнү эрте менен кыргыз ковалердик дивизиондун жоокерлери кооптуу белги менен көтөрүлүштү. Орто Азия аскерлеринин дивизионунун командири Павел Ефимович Дыбенконун буйругу менен дивизиондун командири

Швецов жоокерлерин басмачылар менен күрөшүүгө Гүлчө аймагына алып жөнөдү.

Мындан мурун кавалерлер Пишпек станциясында өткөрүлгөн кыска митингден соң вагонго келип жайгашышкан эле. Андан бир күнгө жетпей поезд Ташкенге токтоп,жоокерлер Орто Азия армиясынын башка командасы менен жолугушушту. Кийинки күнү чакан Кара-Суу станциясына токтоп, дивизиядагылар Ошко келишти. Штабдын начальниги Басов дубалда илинген карта аркылуу алардын бара турган багытын аныктап берди.

-Кара уста менен Ади корбашынын бандалары мамлекеттик чек араны ээлешкен. Так ушул жерде кармаш жүрөт. Биздин максат басмачылар тобун биротоло талкалоо болуп эсептелет-деп Швецовго карады.

Швецов Алай тоолорунун түштүк-чыгыш тарабындагы Көк-Суу дарыясы агып өткөн аймакты карандаш менен белгилегенче сөзүн улады.

-Биз эки фланга аркылуу барышыбыз керек. Мен дивизионду өз алдынча эки топко бөлүнүшүн сунуш кылам. Биринчисине командалык кылуу жолдош Цейер сага тапшырылат-деп эскадрондун командири Андрей Григорьевич Цейерге кайрылды. -Сени менен бирге Ногойбаев, Жороев жана Күзөнбаевдердин үч взводу болот. Силердин милдетинер Көк-Суу өрөөнүнүн түштүгү аркылуу жетүү. Штабдын дивизиону силердин тобуңар менен болот. Ага чейин биз Алайдын Гүлчө, Сопу-Коргон аркылуу өтөбүз да, Дүнгүрөмө ашуусу аркылуу Эркеч-Тамды ээлейбиз. Ал жер биздин штабдын токтогон борбору болот. Түшүнүктүүбү?

-Түшүнүктүү деп бардыгынын атынан Цейердин эскадронунун саясий жетекчиси Асан Алиев жооп берди.

-Экинчи топко командалык кылуу сага, жолдош Муров–деп сөзүн улады Швецов.

-Жакшы болот–деп дивизиондук мектептин начальниги, кенже командир Иван Муров жооп берди.

-Курсанттардан тышкаркы эки взводко Мукашов жана Орозбаевдер командалык кылышат. Силер түндүк тарап аркылуу барасыңар. Багытыңар Өзгөн, Кара-Кулжа, Ой-Тал, Көк-Суунун башкы агымы.

Швецовдун карандашы Көк-Суу дарыясынын этегинен жогору карай жылып баратты.

-Силерге тапшырма-сол фланга аркылуу каптап кирип, каршылаштарды Кара Чал ашуусу аркылуу чек арага качыруу. Эгер басмачыларды колдон чыгарсак, алар жаңы күч топтоого жетишишет. Душманды биз канчалык денгээлде так жана тездик менен алсыздандырсак, алардын айласы куруйт. Кара уста менен Ады корбашы толук талкаланышы керек. Түшүнүктүүбү, Муров?

-Түшүнүктүү.

Айтылган сунуш кайрадан талкууга алынды. Иван Муров картага өзгөчө көңүл бөлүп, кайра шериктеринен сурап жатты.

-Өзгөн аркылуу Көк-Суунун башына баруунун зарылдыгы барбы? Андан көрө дивизион менен Гүлчөгө бирге эле барып, эки топко бөлүнсөк болбойбу? Андан түз жол алабыз. Бул багыт бир топ кыска.

-Мындай жол менен баруу өтө оор –кайра кайрылды Швецов. -Бел-Алды ашуусу аркылуу чыгып кетүү кыйын болуп калат. Ашуу деңиз деңгээлинен төрт миң метрден ашык. Шериктериңдин ден соолугу ага чыдай албайт.

-Чыдайт–деди ишеничтүү Муров.

Швецов бир топко ойлонуп калды да:

-Макул–деди ал. -Жол маселесин чечебиз. Жергиликтүүлөр менен да кеңешебиз.

Кеңешме тез эле аяктады.

-Төрт сааттан соң баарыбыз орунда болобуз-деп Швецов саатын карады.-Ага чейин эс алгыла, жолдоштор. Эртеңки кете турган багыт, баарыбыз үчүн оор.

Атчандар жолго чыгышты.

-Гүлчө өрөөнүндөгү абал бир топ татаал го? - деп жатышты жоокерлер бүшүркөй.

Улам айылдарды аралай өткөн жолдун эки тарабында жашыл аймак өзгөчө кооз көрүнүп, тоонун салкын абасында миң түркүн гүлдөрдүн жыты буруксуйт. Куралдуу жоокерлер аттарын чар-жайыт чапкылабай, адаттагыдай катарларын бузбай кетип баратышты. Тоо ичинин кооздугуна жана салкындыгына суктан-ган кызыл аскерлердин көңүлдөрү куунак эле. Чакан ашуунун кырына чыга бергенде, аттарды тыныктырууга буйрук берилди. Жолду ката катуу жүрүш менен келген аттардын терин

кургатышып, басмайылдарын бошотуша бир топко туруп калышты. Аркырап соккон тоонун жели заматта сергитип, жоокерлер талыган буту-колдорун кенен жазып, жап-жашыл тулаңга бир аз болсо да оонап жатышты.

Белгиленген убактан кечикпей болжогон жайга жетишишип, биринчи топ Түндүк Чыгышка, Өзгөндүн башы Кара-Кулжаны көздөй, экинчи топ түштүктү карай Алай тарапка Гүлчө дарыясын бойлой жол тартышты. Эки топтун арасында тең милициялык формачан, кызыл аскерлердин кийимин кийинген жана жергиликтүүлөргө окшогон ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү аралаш эле. Бардыгы куралдуу, асынган карабиндери, ар түрдүү куралдары бар. Алардын арасында ОГПУнун өкүлү, күжүрмөн участканын начальниги Өзбеков өзүнүн адамдары менен кошулган болчу. Командирлер бири-бири менен таанышкан соң, кырдаалды талкуулашты да топту экиге бөлүүнү чечишти. Муров Бел-Алды ашуусу аркылуу өтөт. Швецов Качыкеевге кайрылды:

-Адамдарды алып, дозорго барасың. Капчыгайдагы сууну бойлоп, этияттана коргонуп жүр.

Дозордун артынан дивизиондогулар куйрук улап ээрчип жөнөштү. Жол бойлору коркунучтуу. Кууш таштардын кычыктарын аралай, тик капчыгайдын ичи менен баратышты. Асман гана көрүнөт. Бара-бара илгерилеген сайын жолдун тардыгынан атчандар жалгыздап бастырып калышты. Топтун аркасы ого эле алыс чубалжыйт. Ийриленген жыландай болгон дивизиондогулардын баш-аягы бири-бирине көрүнбөйт. Кууш аскага кысылган жолдун тоому бирде жогору чыкса, бирде төмөндөп, дарыянын жээгине жетип барат. Аттардын курч такалары ташка тийип тарсылдап, кээде суу боюндагы борпоң нымдуу топуракты ое басат. Кавалеристтердин астейдил ымаасына көнгөн аттар жалтаңдап, чебердик менен куйрук улаш ээрчий басышат. Жоокерлер буга чейин мындай жолдо жүрүшө элек болчу. Кууш капчыгайда кысылып, жолдо аңдып жаткан басмачыларга жолуга калабызбы деген санаа менен бараткан кызыл аскерлер капчыгайдын төрүнүн кеңейе түшкөнүн байкашып, бир топ жеңилдегендей болушту.

Чалгынчылар алдыда аяр баратышты. Шектүү эч нерсе билинбейт. Жалгыз аяк жолдо ары-бери каттаган жүргүнчүлөрдүн аттарынын туяктарынан жанчылган жолдун таманы

чанып, майда таштар күкүмдөнө талкаланган. Ар кимиси бирибиринен аркан бою алыстап, улам алдыдагы тумшукту айлана беришкенде, аркыларга белги берип кол шилтеп коюшат. Капчыгай бетиндеги жыш арчалардын арасын астейдил карагандарга шектүү эч нерсе байкалбайт. Ар түрдүү канаттуу куштар ары-бери учушуп, балапан баспаган короз кекиликтердин бакылдаган чакырыгы аскаларды жаңыртат. Улам токтоп, астейдил айланага парасат салган чалгынчылар, кайрадан жол улашат.

Качыкеевдин артында бараткан Өмүралиев ат үстүндө мойнун созо калып, алдыны көрсөтө:

-Кыштак-деди

Экөөнүн көзүнө ылай менен паксалана урулган, жепирейген жер тамдар көрүндү. Эл көрүнбөйт. Бош. Чек арачылар бир азга токтой калышып, эч кандай шыбыш билинбеген соң, аттарын аяр бастырыша жакындашты. Адамдары кайда кеткен? Эч бир караан байкалбайт. А мүмкүн душмандар короолорго жашынышып, куралдарын атууга камдап, кезеп турушкандыр деген ойдогу Качыкеев шеригине кыйкырды:

-Куралыңды камда. Ар бир дубалдын аркасында, ар бир үйдө бирөөлөр аңдып турушу мүмкүн. -Токтогула!-деди аркадан жетип келгендерди.-Экөөң менин артымдан. Калганың ордуңардан жылбагыла! Кедей менен Турдубек кеттик.

Шериктерин кайтартып коюшуп, Кадыркул Качыкеев, Кедей Абдыбеков жана Турдубек Усупбеков чакан кыштакты көздөй жөнөштү. Айлананын баары жым-жырт. Кадыркул винтовкасын алга сунуп, кыйкырды:

-Эй, ким бирөөлөр барбы?

Жооп болбоду. Алар жакындаган биринчи үйгө баш багышты. Эшик ачылганда эч ким көрүнбөдү. Кийинки, экинчи, үчүнчү үйгө да жетишти. Анда да эч ким жок. Кандайдыр бир жерден жаш баланын уңулдаган доошу угулгандай боло түштү. Кадыркул шериктери менен кийинки үйдүн короосуна баш багышты. Жепирейген үйдүн ачык эшигинен бирөөнүн караны көрүндү. Жүдөгөн кейпте, арык аял майда үч баланы калкалай калды. Балдардын бети-баштары кир, аябай арыкташкан. Үчөөнүн тең ыйлагандан көздөрү шишиген. Сырттан киргендерди алаңдай карашып, коркушуп аялдын колтугуна баштарын катышты.

-Адамдар кайда?-деп сурады Кадыркул. -Алар кайда кетишкен?

Аял нес болгондой, жалдырай тиктеди. Кадыркул балдардын бирин колуна ала, бийик көтөрдү. Ал баягыга караганда, андан бетер кыйкыра ыйлап жиберди. Аял анын колунан баланы талаша алып, соорото силкилдетти.

-Сен коркпо? Биз кызыл аскербиз. Силерди басмачылардан коргогону келдик. Бул жерде эмне болду? Эл кайда кетишти? Айтчы?

Аял жооп бермек тургай, аларга аркасын сала, колундагы баланы селкилдете тескери карады. Аны менен сүйлөшүү пайдасыз эле. Кадыркул үйдөн чыкты. Турдубек менен Кедейди ээрчитип, дагы бир–эки үйгө кирип, эч кимди табышкан жок. Чалгынчылар кыштакты аралап чыгышты. Кыштактын ортосундагы дүкөн тонолуптур. Эшиги күч менен жулунган, айнеги талкаланып, кыйшая ачылган. Ящик, картондогу буюмдар сынып, чачылып, ар жерде жатат. Кант, күрүч төгүлгөн. Дүкөндүн жанындагы имарат да ачылып-чачалылып, жайылган бойдон турат. Босогодо айрылган чапан жайылып, аркы тарапта уюган кан чачырагандыктан, карара көрүнөт.

-Ким бирөө өлтүрүлгөн-деди Турдубек эңиле карап

-Чамасы, сельсовет каршылык кылган окшойт. Мына бу жаткан тебетейге караганда эркек киши көрүнөт.

-Ооба. Сельсовет экен-деди Кадыркул канга чылана жалаң гана активдер кийчүү галифе шым, чөнтөктүү кителчен денени көрүп.

Акыры жүрүп чек арачылар тирүү адамга жолугушту. Ал арык, суюк сакалчан карыя экен. Көзүн жүлжүйтө атчандарды карады.

-Эй аксакал-деди Кадыркул кыйкыра сүйлөп.

Абышка кызыл аскерлерди кийиминен таанадыбы:

-Келгиле, аскерлер. Келгиле?

-Ассалоомалейкум, аксакал?

Абышка көзүн сүзө, алик алган болуп, баш ийкеди.

-Аманчылыкпы?

-Аманчылык болсо ушундай болмок беле?

-Ден соолук кандай?

-Кудайга шүгүр. Силер кимге келдиңер?

-Кара уста менен Ады корбашыга келдик

-А аларды кармай албайсыңар

-Кайда кетишти?

-Кайда жүрүшөөрүн алар бизге айтышпайт. Бирок Осмон эшен менен Жаныбек казынын баласы Төлөнбайлар бул тарапка кетишти-деди карыя. Чалгынчылар келген тарапты көрсөтүп.

-Бул жерди, ким талкалап кетти!

-Басмачылар талкалайт да.

-Ади корбашы менен Кара устабы?

-Мен силерге айттым го «Осмон эшен менен Жаныбек казынын уулу Төлөнбай келишти» деп.

-Алар эмне, дүкөндү талкалаштыбы?

-Дүкөндү да талкалашты. Ыспарапка талап кылышып, селсавытты да өлтүрүштү. Айылда канвайран кылышты.

-Айылдын эли кайда кетишти?

-Кеткени кетти. Кетпегенин алар алып кетишти. Алардын келгенин туюп калгандары бекиништи.

-Сиз эмнеге качпадыңыз?

-Мен качып кайда барайын? Ажал алкымдап турат. Өз үйүм, өлөң төшөгүмдө эле өлгүм келет.

-Сизди эмнеге өлтүрүшкөн жок?

-Мени өлтүрүш керек беле?

Кадыркул туура эмес сүйлөгөнүн сезе кала, уялып сөздү башкага бура кетти.

-Басмачылар шашыла, из которушкан экен да.

-Басмачылар дүкөндөгү мүлктү жүктөп кетишти. Алардын артынан айылдагылар талашты. Эсен-аман калгандардын бардыгы тоого качып кетишти.

-Айылдагылар эмнеге качышат?

-Булардын артынан кызыл аскерлер келип,”Дүкөндү силер таладыңар” деп, бизди кырат дешти.

-Сиздей эле, качпай коюшпайбы?

-Мен картайдым. Өлүмдөн коркпойм. Дүкөндөн мага бул чүпүрөк тийди. Өлтүрөсүңбү, коесуңбу өзүң бил.

-Мен, сизди эмнеге өлтүрөм аксакал? Биз кызыл аскерлер, элди коргогону келбедикпи?

-Ырахмат жигит. Ал мына бу чүпүрөгүңдү? Өкмөттүкү эмеспи. Мага кереги жок.

-Мага да кереги жок! Өзүңүздө кала берсин. Сизге эч ким тие албайт. Айылдагыларга айтыңыз, кызыл аскерлер элди күнөөлөбөйт. Биз басмачыларды Кара уста, Ади корбашыларды күнөөгө тартабыз. Алар күнөөсү үчүн эл алдында жооп беришет. Кошуңуз аксакал. Кара уста менен Ади кор башыны кайдан табам?

-Карачал ашуусуна барсаң аларга жолугасың. А бу тарапка кеткен басмачылар силерге барып кошулдубу?

-Аксакал, аларды да кармайбыз. Биздин келишибизди билип, бекинип калышкан окшойт. Жерге кирип кетишсе да табабыз аларды.

Качыкеев өзүнүн байкагандарынын баарын Швецовго маалымдады. Маалыматтан соң дивизиондун командири шериктерине эс алууга буйрук берди. Жоокерлер аттарын откозушуп, өздөрү да дем алышты. Баягы абышканын айтуусу мененби, же кызыл аскерлердин жамандык кылбастыгын билишкенденби, айылда жашагандар биринин артынан бири келип жатышты. Алардын айтуусу боюнча бандиттер активдерди кармашып, мыкаачылык менен кыйнап өлтүрүшүптүр. Басмачылардын талоонунан калган буюмдарды алгандар өз ыктыяры менен алып келип тапшырып жатышты.

Басмачылар Кытай тараптан өтүп келип, чек арага чектеш айылды каптап киришип, бир эле күндө мектепти, сельсоветтин имаратын өрттөп жиберишет.Үч дүкөндү талап алышып, он тогуз адамды өлтүрүшөт. Милиция кызматкерлери, ГПУнун, ички аскерлердин бөлүктөрү банданын көбүн жок кылышты, далайын колго түшүрүшүп, Ошко түрмөгө алып кетишти.

Он сегизинчи августа Ош түрмөсүндө камалып жаткан басмачылар түшкү дем алуу убагында жети адамдан турган топ кароолго кол салышып, аларды куралсыздандырууга үлгүрүшөт. Коркунуч кабарланып угрозысканын, милициянын, ГПУнун кызматкерлери, кызыл аскерлер бандиттер менен атыша кетишет. Кылмышкерлердин айрымдары түзөтүү үйүнүн канцеляриясына, камераларга жашынышты. Айрымдары короодогу арыкка жатып калышты. Терезелерден да, каалгалардан да ок тынбай атылат. Атышуу күндүзгү саат бештен, таңкы саат алтыга дейре созулду. Натыйжада кырк жети басмачы өлүп, калгандары колго түштү. Милиция тарабынан үч адам өлүп,

алтоо жарадар болду. Бул күнкү кармашта Ош милициясынын начальниги Атажан Сулайманов эрдик менен курман болду.

Тоо ичиндеги тар капчыгайды аралап келген жоокерлер аттарын отко коюшуп, өздөрү да эс алышты. Качып кеткен айылдыктар түнү менен үйлөрүнө келишти. Алар болгон окуяны айтып беришип, басмачылардан арткан, өздөрү алган буюмдарын чогултуп алып келип жатышты.

Эртеси дивизиондогулар Гүлчөгө келгенде бөлүнүштү. Аскердик мектептин курсанттары Иван Муровдун тобуна кошулуп, эки взводко бөлүнө Бел-Алды ашуусун көздөй атта-нышты. Кадыркул Качыкеев жетектеген топ Швецовдун карамагында калып, Цейер баштаган чалгынчылар жолго чыгышты.

Кууш капчыгайды өрдөгөн топ, аттарын алка-шалка тердетишип, Кең-Тектирге жакындап калышкан эле. Алыстан авалаган иттердин үнү чыгып,-«Тарс-тарс!» эткен мылтыктын атылганы угулду. Алдыда келе жаткан Кадыркул чарчаган атынын оюна койбой, шашыла теминди. Тик өйдөдө, бутары арсак-терсек таштарга тийген ат, оор дем ала, демигет. Кыраңга чыга берген Кадыркул ташты далдалана, дүрбүсүн колуна алды. Алыстан коюу караан көрүнүп, андан аркы тарапта эки-үч атчан, бейкам жай бастырып баратышат. Алардын артынан ээрчий, жөө адам анда-санда колун булгалап, шаша кадам шилтейт. Бир тарабында жанаша тигилген боз үйлөр өрттөлүп, айланасы чачылып, чаң-тополоң. Аркасына кайрыла, шерик-терин карады. Жалгыз аяк өрдө, удаама-удаа ээрчише келе жаткан топ, анын берген белгиси менен тыгылыша туруп калышты.

-Басмачылар!-деди чалгынчылардын жетекчиси Швецовго кайрыла.

-Племетчик мага жакын кел!-деп буйруду Качыкеев

Чалгынчылардын племетчиги Мамыткан Жукенеев шап жете келип,племетун ташка арта койду.

-Ок аларга жетпейт -деди Кадыркул өкүнө.

-Алар кетип баратат. Аркасынан түшөлү-деди Кедей Абдыбеков атынан түшө кала, чуркап келип.

-Кызык. Бул жерде Адинин айылы болушу керек эле. Кимдер анын айылына кол салды?

Кырдаалды байкоого албай туруп, Кадыркулдун чалгынчылары толук жыйынтык чыгара алышпайт эле. Анын үстүнө Кең-Тектирге келген капчыгайдан жайыкка чыгуу коркунучтуу болчу. Боз үйдү өрттөгөндөр кызылдар келе жаткан капчыгай ылдый төмөндөшү да мүмкүн. Ушул жагдайларды эске алган Кадыркул бир азга ойлоно калып, эмне болсо да күйүп жаткан боз үйлөргө жакын барууну туура тапты да, кайрадан дүрбүсүн колуна алып, ар бир караанга дит кое тиктеди. Тээ алыста сексеңдеген төрт-беш бала чалынып жыгыла, кокту менен кыялай качып баратышты. Демек, жашырынган эч ким жок – деди оюнда командир

-Өмүралиев сен бул жерде болгун. Аттарга көз сал. Биз боз үйгө жакындап баралы-деди Качыкеев

-Куп болот жолдош командир!-деди ал.

Кадыркул Кедей Абдыбеков баш болгон шериктерин ээрчите, бүжүңдөй чуркашып, өрттөнүп жаткан боз үйгө жакындашты. Маңдайдан соккон желден улам куйкум жыттанып, туурдук күйүп, керееге-уукту алоолонгон жалын каптап жатты. Аркы тарапта уңулдап ыйлашып, коркушканынан көз жаштарын көл кыла, баштарын чаңгалдап турган аялдарга жакын келишти. Аларды көрө калган кемпирлер селт этише чочушуп, жыйрыла андан бетер озоңдошту.

-Эжекелер, эжекелер! Эмне балакет болду?-деген чоочун кишинин шашыла суроосуна жооп беришпей тескери караушты.

-Үйүңөргө кандай өрт тийди?

Мурдунун суусун сыга, колун силккен кемпир аларды карабай туруп:

-Мойнуң үзүлгөн, өлүгүңдү көрөйүн басмачылар. Өрттөп, тоноп кетишпедиби?

-Кайда кетти, басмачылар?

Уңулдап жаткан кемпир, улам жашын аарчып жаткан колун көзүнөн ала, жергиликтүүлөрдөн айырмаланбаган, бирок чоочун адамды көрүп, анын басмачы эместигин туйдубу, таңыркай тиктей калып, басмачылар кеткен туура тарапты көздөй колун шилтеди.

-Алар канча? Саны көппү?-деди шашыла

-Бир топ-деди экинчиси эми башын көтөрө.

-Сен эмне актиптерденсиңби?-деп, эми чындап көңүл бөлө тиктеп, чоочун кишинин жанындагы аскерлерче кийинген шериктерин байкап, оозунан сөзү түштү.

Кырдаал түшүнүктүү. Басмачылар аларын алып, шарт жөнөп беришкен. Убакытты өткөрбөй артынан акмалаш керек. Болбосо, чабуулга өтүп, алдынан чыгышка шашкан Качыкеев, Кедей Абдыбековго буйрук берди.

-Сен тез арада, командирге абалды кабарла! Мен булар менен басмачылардын артынан түшөм-деп шериктерин ээрчитип жөнөдү.

Окуя башкача болгон эле. Кожо менен жоош уруусундагы Рай экөөнүн мамилеси жакшы эле. Кош-Тектирге жайлоолоп келишип, жанаша үйлөрүн тигишти. Ади алардан күн алыс кабар алып, келип-кетип туруучу. Ош менен Кашкарга эчен каттап, Бүлөлүнүн уңкул-чуңкулун беш колундай билген Жаныбек казы Адинин чек арага келгенин, Кожонун кай жерге үй тигип, кай жерге жайларын аңдытып, жигиттерин жиберет.

-Качык болгон Адинин колунда ээрчиткен жигиттери аз. Алыңар жетсе аны кармап келгиле! Алыңар жетпесе абалын байкагыла. Кожо көп малы менен жалгыз үй отурчу эле. Барып, малын сүрүп келгиле!-деген казынын тапшырмасы менен Осмон эшен менен Төлөнбайга кошулбай калган жыйырма, отуздай баш кесерлери келди.

Дал ошол күнү Кожо Адидан кабар алмакка кетип, эркектен Рай жалгыз бала-чакаларга баш-көз болуп калган.

Ал жай отурса, капилеттен иттер үрүп, дүпүлдөтө улоолорун бастырган жоон топ басмачылар келишип, шапа-шупа аттарынан түшүштү. Бир тобу кепке–сөзгө келбей жайыттагы койлорду топтосо, бир тобу үйүрдөгү бээлерди айдап, желелерди кыркышты. Субайларды ар тараптан сүрүп келишип, үйдүн жанына үйрүштү. Бир тобу үйлөргө киришип сабадагы кымыздарды аттарга артышып, ашканадагы каймак-майларды, сүзмөлөрдү, чаначтарга куюшуп, канжыгаларына байлашты. Каршылык кылып, талашышкан кемпирлерди жыга түртүшүп, кол кайры кылган Райды бакан менен сабашты. Ызы-чуу болгон үй ээлеринин адеми буюмдарын, идиш-аяк, жууркан-төшөк, шалчаларына чейин алып, аттарына жүктөп, жөнөй беришээринде очоктогу отко асылуу казандарды тээп, сүттөрүн

төгүшүп, талпак, кийиздерге орошуп бөктөрүнүшө, тигилүү турган боз үйгө өрт коюшту.

Райдын байбичеси баарын унутуп, аземдеп-кечтеленген, чийден согулган ашканасын басмачылардын бириси көтөрүп бараткaнын көрүп, арытан эми башын көтөрө, туруп келаткан күйөөсүнө:

-Абышка ырымга ашкананы алып кал!-деп кыйкырды.

-Эч болбосо ашкананы таштагыла?-деп Рай алардын артынан чуркады.

Тээ бийикте көп караандын Кош-Тектирге келгенин көргөн Ади Кара Мергенди кабар алууга жөнөттү. Аңгыча жаңы журттан түтүн бургуйлап, көп караан малды сүрүп, айдап бараткaнын байкаган Ади шериктери менен алдын тосо чуркай береринде аркы өрдөштөн чыга бериштеги кара таштын үстүнө артыла берген темирдин «жылт» эте күнгө чагыла бергени көзүнө илине калып, аттаган арымын абайлай токтоп калды.

Өрдөштөн чыга келген кызылдардын тобу Кедей Абдыбековдун маалыматын угушуп, шашыла басмачылар кеткен тарапты кубалай жөнөштү. Мал сүргөндөрэчак кетишип, анча-мынча жүк артынгандар чек арага жакынкы ашуга жакындап калышкан эле. Арттагы куугунду көрүшүп, шашыла аттарын теминишти. Аңгыча жанаша кокту ичинде келе жаткан Кара уста кызыл аскерлердин алдынан карп-курп чыга калды. Көп караанга каршы ок чыгарууга кеч болуп калган. Кызыл аскерлердин бир тобу аларды орой калып:

-Стой! Куда вы? Куда? А то стрелять буду! Сдавай соружение-деди Андрей Григорьевич Цейер.

Аңгыча болбой Шады Жороев:

-Куралыңарды таштагыла!-деп талап кылды.

Курчоодо калган Кара мерген шериктери менен куралдарын таштоого аргасыз болушту.

-Кайдан келатасыңар?-деди Ногойбаев аларга тигиле .

Бириси келген жагын көрсөтө, колун шилтеди.

-Сен ким деген болосуң?-деди взводдун командири Күзөнбаев.

-Мени Кара уста дешет-деди камырабай.

-Productsды кайда?-деди Ногойбаев аны зекий.

-Ал Кытайда жүрөт-деди Кара уста.

-Силер бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр?-деди Шады Жороев.

-Басмачыларды көрүп, түшүп келдик эле. Кара уста баарынын атынан жооп берип жатты.

-Ошончо басмачыга, бешөөң тең келе аласыңарбы?

-Силерди алыстан көрүп, буйдалып калдык. Болбосо алдынан чыкканыбызда бирисин да өткөрбөйт элек.

-Бизге кандайча кезигип калдыңар?

-Силер атыңарды таштап, жөө келгениңерде, эбак аларга жетмексиңер. Биз аларды кууп барып, чек арадан өткөндө жетмекпиз. Бирок, силердин колуңарга түшүп калдык-деди Кара мерген өкүнүчтүү.

Кызыл аскерлер анын сөзүнө жапырт күлүп жиберишти.

-Биз силерди колго түшүрбөсөк, силер бизди атат элеңер да, туурабы?

-Сөзсүз-деди Кара мерген жалтанып да койбостон.

Аңгыча жакынкы жерден «тарс» эткен үн чыкты. Баары жабыла ошол тарапты тиктешти. Бийик ашуудагы абанын суюктугунанбы мылтык үнүнө тоо жаңырган жок.

Ашканасын басмачылардан алып калууга үмүттөнгөн Рай Чептин-Белине чыга бергенде, күйүгүп токтой калып, артын карады. Атырылта атын чаап келе жаткан куугунчуларды көрүп, отура калды. Кайра шыкаалай карап, кызыл аскерлер экенин байкап, ордунан тура береринде, аны «аңдып жаткан басмачы экен»-деп, кызыл аскерлердин бири ат үстүндө туруп ок чыгарды.

Ошондон бери Чептин-Белиндеги ашуу «Рай атылган кыраң» деп айтылып калды.

Бая Качыкеев көргөн, качып бараткан балдар Кожонун жана аны менен бир тууганы Медеттин балдары болчу.

Басмачылар келип атчаны атчан, жөөсү жөө короого чаң салып жатканда, Алима жеңесине жардам берип сүт бышырып жаткан. Аттардын дүбүртүнөн чочуган жеңеси:

-Балдар жегидей бир нерсе алып, эртерээк үлгүрө чыгып кет! Балдарды таап, алыс барып жашынгыла! Булардын түрү суук, жакшылык кылышпайт-деп жаман чүпүрөктү башына сала, үйдөн чыгарган. Алиманын колуна кереге башына илинген, кичинекей бөөн тийиптир. Чуркап чыккан кыз, тээ туурада басмачылардын караандарына таңыркай тиктеп турган

инилерине жетип барып, аларды дегдеңдете сүйрөп, кокту тарапты көздөй жөнөдү. Күйүккөн жаш балдар качан гана чаалыгышкан жерде, коюу арчаны аралай кирип кетишти.

Түнү менен арча арасында отурушуп, карындары ачканда бөөндөгү майды кезектеше жешип, эптеп чыдашты. Качан гана басмачылар кеткен соң, Бопо издеп келип, үн сала кыйкырганда арча арасынан чыгышты.

***

Бүлөлүлүктөр ГПУ менен милицияга, алар бүлөлүлүктөргө коркунучтуу болуп калды. Эки тарап тең, ар бир кыймылды аңдышып, жашыруун өз кишилерин таба баштаашты.

-Гүлчөнү талаганга катышкан деген шылтоо менен бүлөлүлүктөрдүн көбү камакка алынды. Анын бардыгын айтып берген, өздөрү болду. Базарга келгендерден шектүү деп бир-экөөнү кармап келип, сурай баштаганда эле, аларды касамга такап, зордоп сурап жаткансып, сурабагандарын да, билинбегендерин да, дааналап, тактап айтышканын билген милициядагылар, ГПУнун адамдары кыныгын алып, аларды баштап барып, көчөдөн, базардан, бир жайда отурган жеринен кармап келип, милицияканага камап жатышты.

Ибраим менен Айти оңор эмес, чоң адамдардан эле. Кудай алардан бой-келбетти да, күчтү да аябагандай. Көпчүлүк арасында басып жүрүшсө, беркил, жөн адамдар алардын көкүрөгүнөн араң келчү. Ибраим Шалбаны оргондо дастанын башына бир чанач, этегине бир чанач кымыз алып келип коюшчу. Чарчоону эстен чыгарып, мокогон орогун кезиккен ташка кайрап, чаңкаганда отурбастан, чаначтын оозун кайрый коюп, кымыз жутуп, кеч киргенге чейин чөбүн чаап, бүтүрүп кетчү.

Гүлчөнү бүлөлүктөр талаганда, Ураим баш болгон, Айти балбан, анын иниси Мамак да бирге болушкан эле. Аларды кийин суракка алып, сотко чакырышты. Ишти аныктап, далилдөөдө Гүлчөдөгү сот аларга суроо бере баштады.

-Кана, аткаруу комитеттин төрагасы Искендерди ким өлтүрдү?

-Мен өлтүрдүм- деди Айти отурган ордунан туруп да койбостон камырабай.

-Кантип өлтүрдүң?

-Мына бул колум менен кармап-деп күрөктөй болгон шадылуу алаканын жаз.

Башын, ээги менен карыштыра кармап, мойнун бурап койдум. Болду. Мүрт кетти-деди.

-Эмне себептен өлтүрдүң?

-Өлтүрөт да. Чоко бийди сурак-сопкутсуз эле Кыр шыбырга айдаса, кыргыздарга кысым көрсөтүп, көз көрүнө малын алып койсо.Каапырларга жан тартып, «колхозго өт» деп, зомбулук кылса. Орустарга сатылгандарды жөн коймок белек.

-Силер айткылачы? Өлтүргөнгө катыштыңарбы?-деди сот беркилерге кайрылып.

-Эй мен айттым го. Булар экөөлөп алы жетпей тырмалаңдап жатышкан экен. Мен мына бул колум менен мойнун бурап өлтүрдүм деп жатпаймынбы.

-Сага сөз жок. Булар айтсын.

-Булар эмнени айтмак эле. Иш кылган киши айтабы? Мага ишенбей жатасыңбы? Айткылачы силер? Экөөң күрпөңдөп басып алып, алыңар жетпей жатканы чынбы? Чын. Экөөңү тең жыга түртүп, мойнун бураган менби? Мен. Чынымы айтсам ишенбейсиң. Мынтсең, мен келбей дале кое берем.

Сот анын кылыгын угуп, көрүп туруп, эмне деп айтаарын билбей, таңданды.

Бир кишини үчөөлөп өлтүргөн деп, тыянак чыгарып, Оштогу түрмөгө жиберген болчу.

***

Күндөгүдөй эле суракка Бапы, Токтосун, Арзымат чогуу киргизилди. Сур гимнастерка кийип, белин кайыш кур менен кындайта курчанган, арык, бою узун ГПУнун адамы бүгүн аларга башкача мамиле кылды.

-Та-ак. Адиге кошулбадык дегиле. Мм.

Мындай суроого күндө эле жооп берип жатпайбызбы-дешкенсип, үчөө үн катышпады.

-Үчөөң тең мергенсиңер, туурабы. Колуңарга, курал берсем, кийик атып келесиңерби? - суроолуу тиктеп.

-Кийиктин жаны курусун.

-Атып келбей эмне.

-Курал болсо эле…

Үчөөнүн жообуна канааттанган ал, оюн так билдирди.

-Бошонушту каалайсыңарбы?

-Бошотсоңуз, ар дайым кызматыңыздабыз. Үчөө жарыша жооп беришти.

-Мени алдабайсыңарбы?

-Жок. Касам ичебиз. Алдабайбыз.

-Ишенейинби?

-Ишениңиз.

-Убада, убада. Бошотоюн. Бирок…

Үчөө жабыла, аны тиктеп калышты.

-Адини кармап келесиңер!

Беркилер үңкүйө жер карашты.

-Тапшырма сөзсүз аткарылышы керек. Колуңарга курал берилет. Бул иштен баш тартсаңар, үй-бүлө, тууган-уругуңарды көрө албайсыңар.

Эми эле жайдарылана, кубанычка баткан үчөө, заматта мостоюшуп, оор абалга кабылышты.

Эгер билинсе…Түшүнүктүүбү. Өкмөттүн укуругу узун, качып эч жакка кете албайсыңар. Суроо жокпу?

-Ал бизди тоготуп да койбойт-деди Токтосун шериктеринин атынан сүйлөп.

-Ага сунаар куралыбыз да жок-деди Арзымат.

-Курал берилет. Сен эмне дейсиң? - деп Бапыга кайрылды.

-Ал үчөөбүзгө баш бербейт. Биздин оюбузду билсе өлтүрүп коюштан тайбайт.

-Ал бирөө. Силер үчөөң. Бир жердиксиңер. Туугандыгыңар да бар. Ар кандай шылтоо таба берсеңер, үйүңөргө барбайсыңар. Совет өкмөтүнүн душманы катары жазаланасыңар.

Үчөө үңкүйүшүп, жооп таба алышпады.

-Тутуп келсеңер, азаттык аласыңар. Курал, акча менен сыйланасыңар. Убадалаштыкпы. Кана, бул жерге кол койгула!

Куралчан үчөө Адинин караанын акмалашат. Мергенчиликке чыккан болушуп, таң атпай Эркеч жайлоосуна келишкен. «Амалдуу жигитке,ажалдуу кийик жолугат» болуп кийик да атып алышты. Булактын боюна көтөрүп келишип, терисин сыйрып, санын сан, колун кол кылып ажыратышты. Бириси карынды тазаласа, экинчиси отун топтоп, үчүнчүсү от жагып «таш кордонун» камын көрө башташты.«Таш кордо» мергендердин сүйгүнчүк тамагы. Таза жуулган карынга чүйгүндөлгөн майлуу эттер салынат. Туз татылып, көбүргөн, же согон тууралып, аралаштырылат. Кумдуу жайга чуңкур казылып, ага

баягы карын жайгаштырылат. Үстүнө жука топурак жабылып, от жагылат. Болжогон мезгилде от тартылып, үстүндөгү топурак алынат. Акырын карындын оозу кесилгенде булоолоно бышкан «таш кордо» алдыда даяр.

Жиликтенген калган эт териге оролуп, шагыл, таш менен корумдалат. Айланасына күйгөн оттун күлү чачылып, атылган октун гилзалары таштaлат. Себеби тамак издеген, ач калган аюу, түлкү же чөө бөрү, суусарбы, сагызган -кузгунбу жыт алып келгенде күл менен дарынын жытына алар жакын жолобой, алысташат.Бардык ишти ирети менен жасап көнгөн мергендер, «таш кордо» жасоого кам көрө башташты. Ади Жунус менен Таабалдыны ээрчитип өр тартып келе жатышкан. Алыстан эле алардын курч көздөрү өздөрүнчө, күдүңдөп, от жагышка камданып жаткан үч карaанды байкашты. Ади шериктерин паанага тартып:

-Буйруса, жолубуз ачык. Тиги, үчөөнүн бышырып жаткан тамагына насиптеш болдук. Жунус, сен барып кабар ал. Эмне кылып жүрүшкөнүн бил. Биз ушул жерде күтөбүз.

Жунус жай басып, үчөөнүн жанына жакындай берди. Алыстан эле тааныган беркилер, ичтеринен кымыңдаша бирин-бири түрткүлөштү. Издегендери өздөрү келгени, аларды убара тарттырбаганы кубанычтуу эле.

-И басмачы! Ээн жердин бөрүсүндөй болуп, эмне кылып жүрөсүң? Ишенген Адиң кайда? - деди Бапы кекердүү.

-Адини билбейм. Мергенчилегени келдим.

-Чыныңы айт. Болбосо, чымындай жаныңды чыркыратып, мойнуңду үзүп алам-деди Бапы ордунан тура.

-Мойнуму үзүп алгыдай сен ким элең? Калп сүйлөп мага эмне күч келди.

-Силердин кесепетиңерден, биз камакка түшүп отурабыз. Күнөөңөрдү али сезе элек окшойсуңар. Кармагыла, басмачыны. Муну ГПУга тапшырып берели-деди Токтосун шымалана.

Экөө чарпыша кетишти. Жунус Токтосунду белден алып көтөрүп чапты. Жунус менен Арзымат Токтосундун үстүндөгү Жунусту оодара тартышты. Токтосун жерге катуу тийип ызааланганынан жанында жаткан таякты ала коюп, Жунусту башка шилтеди. Жунустун башы жарылып, кан шүүшүңдөп ага баштады. Ал канды аарчып, эңкейе бергенде Бапы менен Арзымат Жунустун колун кайрый аркасына байлашты.

-Басмачы, эми жулкунуп көрчү. Бас, алдыга түш. Бизди ишенген Адиңа баштап бар-деп Токтосун аны көчүккө тээп, алдыга салып айдап жөнөдү.

Анын шериктери Жунусту шакабалашып, шылдыңга алышты.

-И, басмачы, кайда бараттың эле?

Кашкардын хандыгын талашып жатат деп уктук, ыраспы?

-Ушул кейпиң менен кантип хан боло аласың?

-Ха-ха-дешип, аны туткунга алгандарына маашырланышты.

Жунустун жарылган башындагы кан куюлуп, көзүнө түшүп, бети-башын булгаганына карабай, дегдеңдете түрткүлөп келе беришти. Алдыларынан утурлай чыга калган Ади менен Токтосунду көргөн беркилер, ооздорунан сөздөрү түшүп, нестейе, эмне кылаарын билбей калышты.

-Ого, өзүбүз деп жүрсөк, эңкүгө өтүп алдыңар беле?-Эмне эле, баскан кадамыбыздан бери ГПУга дайын десек, айгак өзүбүздөн тура. Чыккынчыга кандай жаза колдонулчу эле? Өзүңөр айткылачы?

-Айланайын Ади. Бизди кечире көр? Ит болдук. Айлабыз кеткенинен ушул ишке бардык «Адини тутуп келбесеңер, үйүңөргө кайтпайсыңар» дегенинен келдик дешип, биринен-бири өтө, чөгөлөй калып безилдеп жиберишти.

-Андай болсо, менин колуму байлагыла. Жунус силерге эмне күнөө кылды эле. Чечкиле аны!-деп ары какшыктай, буйрук берген Адиге, лам деп ооз ача албаган үчөө калтырашып талаша, Жунустун колун чечишти.

-Эми, силер алдыга түшкүлө!-деди Ади, өрдү карай башын шилтеп.

Үчөөнү алдыга салышып, баягы булактын боюна келишти.

-«Таш кордоңор» бышкандыр. Бышкан тамакты таштоого болбойт. Келгиле, чогуу тамактаналы. Алдын кол жууйлу-деп Ади муздак булакка колун жууп, алаканын толтура ууртады.

Жунус кан аккан бети-башын жууп келгенде, беркилер «таш кордону» ачышып, булоолонгон тамакты ортого коюшту. Беркил үчөө, коркушканынан жарытылуу да тамактана алышпады. Тамак желип, бата кылынган соң, Ади колдорун жууп келип, чет тарапка отура:

-Бапы, устараңы алып, менин чачымы, сакал-мурутумду алып берчи?-деди Ади, жанындагы жалдырама тийгенсип, бозоруп турган Бапыга.

Бел курундагы устараны алууга, калтыраган колу эп келбей, араң кыймылдаган Бапы, булак четиндеги Адинин чачын, сакал-мурутун жибитип, өзүн токтото ушалай баштады.

-Бир жерден кан чыгарсаң күйөсүң. Таза алсаң белек аласың-деди Ади тамашалай.

Устарасын кылдат кармаган Бапы чебер кыймылдап, ар шилтеген сайын оор дем алып, булоолоно тердеп, таза кырып бүткөнгө оор үшкүрүндү.

-Бапы сакалымы алып жатканда, ичиңин каралыгы эки жолу билинди. Кекиртекке устараң жеткенде ниетиң бузулуп барып, өзүңдү токтотуп калдың. Сакалымы толук кырып бүткөнүңдө «Курч устараны бир тартып жибербей» деп оюң кирлеп, кайра өзүңдү карманып турдуң, ыраспы?

Бапынын «ырас» дебешке айласы жок эле. Башын акырын ийкеген болуп, устарасын тазалап, кынына салды. Ади бети-башын муздак сууга чайып келип:

-Эми каткан этиңерди көтөрүп алдыга түшкүлө. Жол улайлы-деген Адинин сөзү менен беркил үчөө кийиктин этин бирөөсү, экинчиси Адинин куржунун алып, үчүнчүсү куралдарды көтөрүп алдыга түшүштү.

Көк-Сууга жете барышканда, ат коштоп Кашкардан келгендер күтүп алышты. Үчөө үч салт атка минишип, бастыра беришеринде, Ади беркилерге кайрылды:

-Үчөөң үйүңөргө баргыла. Мен силерди жазаламак белем. Бүгүн, эртең үйүңөрдө, балдарыңар менен кеңири отуруп, анан ГПУга барганыңарда «Ади бизге туттурбай, Кашкарга ашып кетти-дегиле. Коркпогула. Силерди бошотот. Көрүшкөнчө, аман болгула!» - деп атынын мойнун буруп Көк-Сууну кечип, өтүп кете берди.

***

Биринчи дүйнөлүк согуштун катышуучусу болгон Орусия ар тарптан, чабылып чачылды, тукулжурады. Төрт жылдан ашык созулган ал согушта империянын экономикасы болуп көрбөгөндөй бүлүндү. Бардык жайда чарба жүргүзүү өтө төмөндөдү. Согуштук чыгымдардын талаптарын канааттан-дыруу максатында алык-салыктын түрү жана өлчөмү улам

көбөйтүлдү. Натыйжада калкты жокчулук, өлүм-житим каптады. Империянын башкаруудагы чабалдыгынан улам өз калкынын бөлүнүп турганы мурдагыдан да арбын болуп, жөндөмсүздүгү дааналанды. Өлкө курч социалдык-экономикалык жана мамлекеттик-саясий кризиске малынды. Анын натыйжасында падышалык бийлик кулап, бийликке А.Ф.Керенский башында турган буржуазиялык өкмөт келди. Бирок, ал өкмөт, калктын турмушун оңдоого, жаңыча жана туруктуу коомдук түзүлүштү орнотууга алсыз экенин көрсөттү.

Калктын азап-тозогу, ачарчылык коркунучу күчөгөндөн күчөдү. Убактылуу өкмөт империяны саясий кризистен алып чыгууда чабал болуп чыкты. Падышалык мезгилде жер-жерлерде бийлик кылышкан төбөлдөр өз орундарында кала беришти. Чет жакадагы улуттарга жүргүзүлүп келген колониялык саясат өзгөрүүсүз калды. Падышалык жеке бийлик кулатылгандан кийин пайда болгон чоң үмүт жакшыртылууга артылган ишеним таш капты. Элде үмүтсүздүк пайда кылды. Калктын бөлүнүп-жарылуусу болуп көрбөгөндөй тереңдеди. Кырдаалды большевиктер билгичтик менен пайдаланып, калктын кыялындагы үмүттү ишке ашырууга багытталган программаларын, ураандарды көтөрүп чыгышты. «Жер дыйкандарга!», «Элге тынчтык!» деген ураандары калың массанын үмүтүн арттырып өзүнө тартып алды.

Большевиктер өлкөдөгү саясий партияларды мыйзамсыз деп жарыялап, алардын ишмердигине тыюу салып, бир партиялуу системаны, большевиктик жеке бийликти тандап алды. Большевиктердеги башкы идея-жеке менчикти жоюу, өндүрүш каражаттарын мамлекеттин карамагына топтоо, ал маселелерди эч создуктурбай революциядан удаа эле ишке ашырууга киришти. Өлкөдө «капиталга чабуул» башталып, өлкөдө кеңири масштабдагы конфискация, контрибуция жүргүзүүгө киришти. Зордук иш бийликтин башкы куралына айланды. Большевиктер олку-солкусуз турмушка ашырууга киришкен мамлекеттештирүү саясаты, алибетте, айыгышкан каршылык көрсөтүүнү туудурбай койгон жок.

Кокон автономиясы элдердин өз тагдырын өзү чечүү жана улуттук мамлекет түзүү багытындагы алгачкы кадам болду. Ошону менен бирге колониялык саясатты уланткан Совет бийлигине каршылык көрсөтүү ишарасы да турду. Кокон

өкмөтүнүн ишмердик кадамдары жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болуп, барган сайын кадыр-баркы өсүп баратты. Мындай жагдай советтик бийликти өтө тынчсыздандырды. Автономиялуу өкмөттү мыйзамсыз деп жарыялап, аны жоюу максатында алдыртадан аскерий камылга көрүлө баштады. Аны менен катар,калк арасында ага каршы үгүт жүргүзүлүп, Түркстан советтик бийликтин Коконго каршы саясатында, автономиячылар кызылдардын сан жана курал жагынан кыйла артыкчылык колуна катуу каршылык көрсөтсө да жеңилүүгө дуушар болду. Аман калган өкмөт мүчөлөрү жана жоокерлери тоо тарапка чегинип кетүүгө аргасыз болушту. Ал эми Коконду басып алган кызылдар шаарда массалык кыргын жана талаптоноо уюштурушту. Улуттук автономияны куралдын күчү менен талкалап жоюу Фергана өрөөнүндө, анын ичинде кыргыздар арасында, Советтерге каршы күрөшкө жол ачты. Аймактын мусулман калкы Кокондук бийликти талкалоону Орусиянын колонизатордук саясатынын көрүнүшү катары баалап, ага каршы биримдикте чыгышты. Ошентип «басмачылык» аталган кыймылдын тескери жактары гана айтылып, ал калктын негизги массасына каршы багытталган деген аныктама чыгарылган. Басмачылардын айрым каталыктары, соңку баскычындагы карапайым элге жасаган зордук-зомбулугу көбүртүп-жабыртылып айтылып келди. Натыйжада басмачылык советтик калктын аң-сезимине чылкый кара түскө боелгон түрдө сиңирилди.

Басмачылыктын чыгышына саясий себептен тышкары дагы бир далай көмөкчү нерселер бар эле. Аймакты жапырт ачарчылык каптап, өрөөндөгү эгин чарбасы бүлгүнгө учурады, чарба ээлери жакырланды. Жалданып иштеген дыйкандардын жумушсуздугуна алып келип, алардын күн көрүүсүн өтө оордотту. Большевиктик бийликтин жаңылыш саясатынын бараандуусунун бири динге каршы жүргүзгөн саясаты болду. Дин кызматчыларын куугунтуктоо, шарият мыйзамдарына тыюу салуу, диний ишеними күчтүү калктын кыжырын келтирди. Советтик тарыхнаамада жырткычтык, мыкаачылык басмачыларга гана таандыкталып, өтө эле бир жактуу айтылды. Чындыгында аесуз жазалоону биринчи болуп большевиктер баштады. Түркстанда большевиктер партиясы Октябрь революциясынан кийин уюшулуп, партияга авантюристтер, мансапты

гана көздөгөндөр, далай кылмыштарды жасап, түрмөгө кесилгендер да кирип алышкан эле. Түркстанда бирин-серин өнөр-жай ишканаларында негизинен орус улутунун өкүлдөрү иштешип, сабатсыз күчтүн колуна бийлик тийген эле. Ушундай жол менен түзүлгөн большевиктер партиясы жетектеген куралдуу кошундагы кызылдар жергиликтүү калкка аесуз бүлүк салып кирген.

Большевиктердин жер-жерлердеги уюмдары жергиликтүү калктын адат-салттарын этибарга албай, тебелеп-тепсеп, мыйзамдуулук эрежелери туура кармалбай элге зордук-зомбулук көрсөтүлдү. Айылдарды талап-тоноо, мал-мүлктү конфискациялоо катардагы көрүнүшкө айланды. Басмачылар келип токтогон айылдын калкы күнөөсүз болсо да жазаланып турду. Басмачылардан бошотулган айылдарда кызылдай жазалоо жүргүзүлүп, «басмачыларга көмөктөшкөнсүңөр» деп көптөгөн эч бир күнөөсүз тургундарды кырып, ар бир жүзүнчү кишисин атып таштакан. Мына ушундай жоосунсуз иштери калктын кыжырдануусун туудуруп, өч алуу сезимин ойготуп, кызылдарга каршы улам кеңири масса көтөрүлдү. Эшен, молдолордун үгүт иштери да калктын большевиктерге каршы көтөрүлүүсүнө чоң түрткү берди. Зордукчул саясатты колдонуп, дыйкандардын, чарбадарлардын малын, эгинин тартып алуусу алардын басмачылар тарапка өтүүсүнө себеп болду.

Жергиликтүү партиялык жетекчилерге жакпай калган айрым интеллигенция өкүлдөрү, орто жана кедей-дыйкан чарбалары бай-манап жана кулак деген жардык менен туулган жерлеринен айдалды. Большевиктердин айыл-кыштактардагы саясатынан улам оор экономикалык кырдаалдардын орун алышы оппозициялык идеялардын пайда болушуна себеп болду. Оппозициячылар жашыруун даярдалып жаткан «Кайрылуу-сунда» уюштуруу иштерин жүргүзүп, Социалисттик Туран партиясын (СТК) түзүүнү белгилешти. Анын негизги программалык максаттарында социализмди бүткүл дүйнөлүк масштабда курууга болот. СССРдеги социализмди курууга аракеттери калктын, өзгөчө экономикалык жана маданий жактан артта калган, мурдагы падышалык Россиянын колониялык ээликтериндеги жашаган калктын жакырданышына алып келди.

Кыргызстандагы бай-манаптарга карата Совет бийлиги тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясий жана экономикалык

мүнөздөгү иш-чаралары өлкөдө чарбалык кыйроону пайда кылды. Мамлекеттик кызматтарга техникалык билимдери жетишсиз жана мамлекеттик башкаруу үчүн даярдыгы жок жумушчуларды, дыйкандарды көтөрүү башкаруунун бузулушуна, башаламандыктын күчөшүнө алып келет. Бүгүнкү күндө жеткиликтүү кадрлар болбогондуктан, көтөрүү принцибинен баш тартуу керек.

Лениндик улут саясаты негизинен туура болгону менен Кыргызстанда бурмаланууда деген сунуштар киргизилди.

Партиянын түпкү максаты, бардык түрк элдери курамына кирген Туран Федеративдүү Республикасын түзүү эле. Анда Туран Республикасында тапсыз демократия болуп, жогорку бийлик курултайга, курултайлардын аралыгында аткаруу комитетине таандык болууга тийиш.

Бардык түрк тилдери жалпы бир тилге биригет. Коомдо аскердик-монархиялык түзүлүш үстөмдүк кылып, аны райкомдун, БКнын катчылары башкарууда. Туранда индустриялаштыруу Россиянын кызыкчылыгында жүргүзүлүүдө. Большевиктер «басмачылар» мурдагы ГПУ (Башкы Саясий Башкарма) падышалык жандармерия сыяктуу орган-деп ачык белгиленди.

Туранчылардын алдында эки милдет: улуттук боштондукка чыгаруу принциби жана социализм принциби. Биринчиси: өлкөнү партиялык жол башчылар башкарууга тийиш эмес. Экинчиси: бир дагы тап артыкчылыкка ээ болбогон социализмди тез арада куруу. Фермердик чарбаларды түзгөн дыйкандар СТПнын таянычы болот. Өнөр жайында жана айыл чарбасынын ири ишканаларында мамлекеттик капитализм киргизилет. Алар жеке менчикте боло албайт. ТР аткаруу бийлигинин башында эл тарабынан шайланган президент турат. Анын алдында аксакалдар комитети түзүлөт. Ал президенттин чечими жокко чыгаруу күчүнө ээ.

СТПнын айланасында, өз элинин тагдыры жөнүндө ойлогон патриоттор чогулуп, уюмдун жетекчилеринин катарына Абдыкерим Сыдыков башкы оорунда турган болчу.

Борбордук Азия Британиянын да, Орусиянын да кызыкчылыгында турган. Түркия да бул жакка көз арткан. Басмачылыкка панисламизм, пантүркизм идеяларын берип, Борбор Азиядагы бардык түрк жана мусулман элдерин Түркиянын жетегинде Орусиядан бөлүп кетүү көздөлүп, басмачыларга көп болбосо да

курал-жарак жана финансылык көмөк көрсөтүлүп «капырларга» каршы күрөшкө шыктандыруу болуп турган сырттын көмөгү менен идеялары жергиликтүү элдердин күрөшүндө чечүүчү орунда болгон эмес. Ал көтөрүлүүнүн кыймылдаткыч күчү-улуттук басмырлоодон, эзүүдөн кутулуп, өз алдынча эркин жашоону көздөө болчу. Ал күрөштү большевиктердин алгачкы жылдардагы катачылыктары, зордук-зомбулугу ого бетер дүркүрөтө тутандырып, дээрлик жалпы элдик кыймылга алып келди.

«Алаш» ордосун уюштуруучуларынын бири казак Турар Рыскулов 16 жыл Меркеде Аккөз баатырга жол көрсөтүп жүрдү. Аккөз элдин сезин алмакка Меркеден Бишкекке чейинки жүздөгөн чакырым жолдун боюндагы телефон мамысына ар бир айылдагы күнөөсүз эле адамдарды астырып өлтүрдү. Андай мыкаачылыкка кыжыры келген Турар Рыскулов, Аккөздү өлтүрдү. Артынан куугун түштү. Акыры колго түшүп ондогон жылдар бою түрмөдө жатып 1917-жылы чыгат. Ак жүрөк, кең пейил адам, Ташкенге барып окуп, саламаттыкты сактоо министри болду.

Ал түрмөдө элди күрөшкө үндөгөн адамдар менен бирге жатып, элдик боштондук кыймылын уюштурууну ойлойт. «Алаш ордосун» уюштурат. Анын аракети большевиктер тарабынан колдоого алынбай, жазыксыз атылып кетти.

«Басмачы» аталгандар-ислам динин,түрки тилдеги элдердин каада-салтын дини буру келгиндерге тебелетип тепсетпес үчүн күрөшү Түркстанга баскынчылык кылып киргендерге ыңкылап мезгилинде адилетсиздикке каршы чыккандарга жасалма сөз менен аталып калды. 1920-жылдары Фергана аскерлеринин командири Д.Е.Конавалов «автономия-чыларды» кызылдардын басып алганы деп белгилегени «басмачы» деген сөзгө негиз болду. Жыйырманчы жылдарда Н.Г.Какурин, Г.Казловский «басмачынын», «партизандардын аракети», «калк аракети», «ыңкылаптык күрөш», «азаттык күрөшү» дешкен. Белгилүү жетекчи ишмер П.Сафаров («Колониальная революция анти Түркстана». Москва.1921) чыгармасында «басмачылык» аракетин көз карандысыздыкка каршы багытталган улуттук күрөш деп атаган.

«Басмачылык аракети ыңкылапка жат. Советтерге каршы багытталган улутчулдук, диний мүнөздөгү аракет Түркстанды

Орусиядан бөлүп алууга, эски хандыктарды ордуна коюу үчүнжасалган аракет» деген саясат жүрүп келди. Учурда ага «улуттун азаттык кыймылы», «боштондук кыймылы», «улуттук боштондук кыймылы» деген баалар ыйгарылууда.

Улуттук коопсуздук жана куралдуу күчтөрдүн документтеринде белгиленген материалда Анжиандык Парпыбек корбашынын жигиттеринин саны төрт миңге жакындаган. Боштондук үчүн күрөштө өзгөчөлөнгөн, кийин жаңы бийликке өткөн карабектик кунжан корбашы өз жигиттери менен Парпибектин колуна барып кошулган.

Парпибек анжиандык жердештерине өзүнүн мөөрү басылып, тастыкталган атайын кайрылуусунда: «Жалпы мусулмандарга кулактандырамын. Биз төрт жылдан бери адилет эмес большевиктер менен тирешип, кан төгүп, нечен мусулмандар канбайран болуп,ушул кезге келдик.

Эй, мусулмандар, көзүңөрдү ачкыла! Кокон кыштак, Чубама жана башка кыштактарда бул адилетсиз большевиктер жаш көөдак балдарды баш аламан чаап, таштап көп жабыр тарттырды. Кудайга ишенсек акыйкат жолго түшүүбүз керек. Акыйкат ким, кара ниет ким, акты кара кылып өкүм чыгарган ким экендиги белгилүү болду… Уурулар да бизди жаман атты кылышууда. Ошондуктан уурулук менен колго түшсө, өзүбүздүн жигиттерден болобу, же шаар-кыштактардан болобу биздин кол башчыларыбызга буйрук кылдым. Акыйкатка жетип, өлүм жазасына тарткыла.

Жашасын акыйкат жолунда жүрчүүлөр! Каракчыларга өлүм!

Азирети лашкар Парпибек Газий Махдум.

Насруллах аллах колдосун «Мөөр»

(Анжиан облустук мамлекеттик архиви. 90 фонду. 86-иш 105-бет)

Түркстандын айрыкча Ферганanын өз алдынча бөлүнүү аракети пайда болгон. «Басмачылар» өрөөндүн басымдуу бөлүгүн көзөмөлдөп турушкан. Жакшы чалгындоонун, жер сырын мыкты билгендиктин, калктын көмөгүнүн аркасында кызылдарга кайдан болсун күтүлбөгөн жерден кол салышып, буктурма уюштурушуп, аларга салыштырганда канчалык начар куралданышпасын аларды чоң жоготууга учуратып турушту. Кырдаал өтө олуттуу түргө келгенин көргөн борбордук бийлик тез арада орчундуу чара көрүү чечимине келди. Мындай

чечимдин кабыл алынышына Түркстан Республикасынын Убактылуу Революциялык Кеңешинин борбордук бийликке аймактагы кырдаалды мүнөздөп, тезинен жардам сурап 1919-жыл 19-февралдагы өтүнүч кайрылуусу түрткү берди. Кайрылууда Фергана өрөөнүндө абал өтө курчуганын, көмөккө тезинен армия жиберилбесе, Фергана колдон чыгып, советтик бийлик бүтүндөй Түркстанда жоюлары билдирилген. Советтик бийликти сактап калуу максатында 1919-жылы 14-августта Түркстан фронту уюштурулуп, анын башкы командачылыгына М.В.Фрунзе, революциялык аскер кеңешинин мүчөлүгүнө В.В.Куйбышев дайындалды. Экинчиден аймакта большевиктик башкаруунун катачылыктарын жоюп, калктын каршылыгын жумшартуу, советтик бийлик тарапка тартуу максатында Түркстан иштери боюнча өкмөттүк комиссия (Түркомиссия) уюштурулуп,ал Москвадан Түркстанга жөнөтүлдү.

Түрк комиссия Түркстандагы абал менен жакындан таанышып, жакшылап билгенден кийин, иш алып барууну түп-тамырынан бери өзгөртүү жыйынтыгына келди. Жергиликтүү Советтик мекемелерге тартип орнотулуп, алардын калк менен иштөөдөгү, айрыкча улуттук маселедеги катачылыктарын мекемелер да жаңы негизде түзүлүп, бекем тартип киргизилди. Командачы М.В.Фрунзе кызыл аскерлер жергиликтүү калкка жакшы мамиле жасашын талап кылды. Алар ар бир бошотулган айылдын калкына бардык жардамын, көмөгүн көрсөтүп, алардын Кызыл Армияга ишенимин арттырууга көрсөтмө берди.

Түркстандагы алгачкы советтик бийликтин жетекчилери кетирген кемчиликтердин бараандуусу диний куугунтуктоону жоюп, казы соту, вакып(вакуф) калыбына келтирилип, бул дагы мусулмандардын жаңы бийликке дурусураак көз карашын жаратты. Ошентип Түрк комиссия аймакта чечкиндүү аскерий операцияларды ишке ашыруу менен катар жергиликтүү калк арасында түшүндүрүү, үгүт иштерин кеңири жүргүзүп, ар бир иши менен кызылдар эл тарабында экенин далилдөөгө киришти. Басмачылыктын баш чендеринде жергиликтүү калк басмачыларды азык-түлүк, унаа, жем-чөп менен камсыз кылып турушса, согуш күчөгөн сайын басмачыларды камсыздоо кыйынга туруп, калк каржалганынан, анын үстүнө кызылдар мамилесин кескин өзгөрткөнүнөн элдин басмачыларга баш ийбөөсү, жардам берүүдөн баш тартуулары чыга баштады.

Мындай шартта корбашылар элден азык-түлүк, жем-чөптү зордоп тартып алууга өтүштү. Бул калк арасында наараазычылык туудуруп, кээде куралчан каршылык көрсөтүүгө чейин жетти. Мындай жагдайды Кызыл Армия кылдат пайдаланып, калк арасында үгүт иштерин күчөтүштү. Корбашыларды, айрыкча алардын улуттук айырмачылыгына жараша бири-бирине кайраштырып, кыймылды ичинен иритишти. Кызылдар кээ бир корбашыларды кошуундары менен өзүнө тартууга жетишип жатышты. Эң башкысы басмачылык өз табиятын өзгөртүп, адепки улуттук-боштондук кыймылынан, советтерге каршы күрөшүнөн акырындап өз эллине каршы күрөшкө өтүп кетти. Каруусу кеткен сайын басмачылар ырайымсыздыкка өтүп, жердештерин талап-тоноосу, «кызылдарга жан тарттыңар» деп айрым айылдарды түбү менен кырып, жоюусу ишканаларды талкалап, жумушчуларды массалык түрдө атышы, эч күнөөсүз дыйкандарды өлтүрүшү күчөдү.

Советтердин үндөөсүнө өтүп, артелдештирип иш баштагандардын, комсомолдун катарында, элге кызмат кылгандардын каны төгүлүп жатты. Ушундай кырдаалда большевиктер жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн өздөрүн коргоочу кошундарды жана милиция түзүүгө киришти. Бара-бара улуттук аскер түзүштү. Басмачылык өз элине каршы күрөшкө айланганы улуттук аскер бөлүктөрүнө жана милицияга өз ыктыяры менен кошулгандар көбөйүп, алар басмачылыкты талкалоого зор салым кошушту. Ошентип басмачылык улуттук-боштондук кыймыл түрүндө башталып, 1920-жылдын башынан тарта ал өз улутташтарына да каршы багытталган күрөшкө айланып, граждандык согуш мүнөзүн алды. Большевиктер жергиликтүү калктын жардамына, ошондой эле Орусиянын Европа бөлүгүндөгү согуш аяктаганы бул жакка жардамга келген Кызыл Армия бөлүктөрүнө таянып, басмачылардын катуу каршылыгына карабай 1923-жылдын аягында аларды талкалоону негизинен аякташты. Бирок, алардын чакан топтору Совет бийлигине каршы жыйырманчы жылдардын аягы, отузунчу жылдардын башына чейин күрөшүп келди. Аларга каршы эми милиция жана ыктыярдуу кошундар салгылашып турду.

Улуттук теңсиздиктен, кемсинтүүдөн,колониялык эзүүдөн кутулсак деген элдин ой-тилегин ишке ашырууга бир канча жолу бел байласа да, каны суудай агып, азап-тозокко, ачарчылыкка

малынды. Кичинекей кыргыз эли өзүн ныгыра басып турган тарап канчалык кубаттуу болбосун, улуттук эзүүдөн жылчык издеп көтөрүлдү. Жыйынтыгында элдин катары кыйла суюлду. Аз сандагы эл зор күчү бар чоң элге саясий көз каранды болду. Чоң эл алсызга карата билгенин жасады. Баш көтөрсө, кыргынга учурарын тарых айгинеледи. Кыргыздардын ал кыргындарын советтик идеология бурмалап, алар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбай, тыюу колдонгону бизге белгисиз болуп келген.

Кыргызстандагы кыраакы жаштар замандын илебин туя билишип, терең билим алууга умтулушту. Жаңы усулдук диний мектепте, орус жергиликтүү мектепте, алды Верныйда (Алматыдагы) жогорку баскычтуу гимназияда, Ташкендеги атайын орто жана жогорку окуу жайларына чейин барып билим ала башташты. Алар ата-бабанын нускалуу мурастарын дилгир сиңирүү менен катар, билимге көзү ачылып, көбү Европа тартибиндеги илим-билим, маданият менен таанышты. Совет бийлигинин кыргыздарга алып келүүчү жакшылыгынан зор үмүт артышып, ураандарына шыктанышып, республикада башталган саясий, экономикалык, маданий курулушка жан үрөй киришишти. Көзү ачылып, аң-сезимдери байыган жаштар өз элин дүйнөлүк маданиятка аралаштырсак, эркиндикке чыгарсак деген үмүттөрү жанып, ошол үчүн өмүрлөрүн сайып, тыным албай аракеттеништи.

Жусуп Абдракманов Бай-Соорундагы үч класстык орус жергиликтүү мектепте окуп, андан соң 1914-жылы Караколдогу жогорку башталгыч окуу жайына кирип, 1916-жылы көтөрүлүштө эл менен Кытайга качат. Ата-энесинен жакын туугандарынан ажырап, жетим калат. Кытайдан кайтып келгенде ал Караколдогу орус гарнизонунда ат баккыч болуп иштейт. Гарнизондун бир офицери зирек өспүрүмдү Верныйга өзү менен кошо ала кетет. Ал жакта Жусуп кызыл гвардиячыл отрядга кирип, ак орус казактарга каршы салгылаштарга катышат. Тез эле комсомолдук ишке аралашып, Жети-Суу аймагындагы комсомол уюмун уюштуруучуларынын бири болот. 1919-жылы РКСМ Түркстан бюросунун президиумунун мүчөлүгүнө жана РКСМдын Жети-Суу облустук уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланат.

Ж.Абдракманов 1920-жылы Москвада өткөн РКСМдын үчүнчү курултайына делегат болуп барат. Ал курултайда аны менен Ленин маектешкен. Ал партиялык иштерге өтүп, 1920-

1923-жылдары Түркстан компартиясынын Алматы уезддик-шаардык комитетинин жооптуу катчысы, партиянын Жети-Суу обкомунун мүчөсү, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, партиянын Капал, Талды-Коргон, Бишкек, Каракол уездик шаардык комитеттеринин жооптуу катчысы болуп иштеген. 1924-жылы Түркстан Борбордук аткаруу комитетинин жооптуу катчылык кызматында болот. Ал жаш мезгилинде жооптуу кызматтарда иштеп, уюштурууфчулук, башкаруучулук деңгээлин көрсөтүп, Түркстан аймагындагыларга таанылды.

Анын өз алдына койгон максаты-Совет бийлиги баштаган саясатта админстрациялык жактан бөлүнүп-жарылып, көп сандаган улуттарга сиңип кетүү коркунучу катуу турган кыргыз элин бириктирип, сактап калуу, аны өнүктүрүп, өстүрүү болгон. Так ушул милдетти аткарууда жан дили менен киришкен, жаш кыргыз интеллигенциясынын башында устаты Абдыкарим Сыдыков экөө турушту.

Түрк комиссиянын курамындагылар аймакта жүргүзүлүп жаткан саясат жаман натыйжага алып келерин көрө билишип, улуттук саясатка өтө олуттуу өзгөртүү киргизүүнү сунушташты. Жаңы улуттук саясатты алар чечкиндүү түрдө турмушка киргизишти. Комиссиянын саясаттагы жаңы жолу жалпы империяга таркатууга алгылыктуу болуп чыкты. 1919-1920-жылдан Совет өкмөтү улуттук саясатына айрым түзөтүүлөрдү киргизүүгө орус эмес элдердин адат-салтына, диний ишеним-дерине куугунтук уюштуруп басмырлообого, ал тургай ал элдерге автономия берүүгө мажбур болду. Большевиктердин мындай кадам жасоосуна бир эсептен алардын ички жана тышкы саясатына кайчылаш көрүнүштөрдүн арбын чыгышы; большевиктер чоң ишеним артып түртмөлөгөн бүткүл дүйнөлүк коммунисттик революцияны ишке ашыруу идеясы колдоо таппады. Алардын мамлекеттик, элдик менчик деген саясаты жана пролетардык диктатураны бүт дүйнөгө таратуу демилгеси дүйнөнүн, айрыкча өнүккөн өлкөлөрдүн советтерге кастарын тиктирди. Башкарууну, өндүрүштү жылдырууну аркалаган өлкө-нүн дасыккан, билимдүү катмарын четтетип, анын ордуна «төмөндөгүлөрдү» көтөрүү айрыкча жеке менчикти жоюп, нечендеген муундун аракетинен жаралган байлыкты тартып алуусу канды суудай агызган граждандык согушка, сырттан экономикалык камалоого алып келди. Орусиянын жаңы

бийлигинин опсуз өзгөчөлөнгөн саясатынан улам өлкө бүт дүйнө бетинде жалгыз калды. Мындай шартта өлкөнү ичтен чыңдап гана сырткы коркунучка туруштук берүү жолу калган. Большевиктер мындай чаралардын бири өлкөдөгү түркүн улуттардын мүдөөлөрү менен эсептешип, жалпы биримдикти чыңдоону колго алды.

Ушул учурда кыргыздардын улуттук тагдыры өтө оор бойдон турган эле. Совет учурунда дале алар падышалык мезгилдегидей эле башка улуттар басымдуулук кылган администрациялык бирдиктерге бытырап кирип турган. Түндүк кыргыздар жашаган Ысык-Көл, Нарын, Бишкек уезддери борбору Верный (Алматы) болгон Жети-Суу облусуна, ал эми Талас аймагындагы кыргыздар Сыр-Дарыя облусундагы Олу Ата уездине караган. (бул эки бирдикте тең казактар басымдуу эле). Түштүк кыргыздар болсо, өзбектер алда канча ашык Фергана жана Самаркан облустарынын курамында болушкан. Аталган бардык облустарда кыргыздардын улуттук кызыкчылыгы, маданий жашоо-тиричилигиндеги, каада-салттардагы жөрөлгөлөрү этибарга алынган эмес. Өз алдынча улуттук ар түркүн орчундуу иш-чараларды жүргүзө албагандыгы менен катар басма иши да жок болгон. Сабатын ачууга жетишкен кыргыз уландары чыгарма, макалаларын казак, өзбек тилдеринде жазышып, ошол тилде чыккан гезит, журналдарга жарыялоого аргасыз болушкан.

Жашаган облустарда өзбек, казактарга аралашып, аларга сиңип кетүү коркунучунда турган кыргыздардын жеринин өзгөчөлүгү (ортодогу бийик жана кеңири тоо, ашуулары) оңой менен каттагыс эки бөлүккө бөлүп, алардын өз ара байланышы өтө солгундап, ал эки бөлүк(түндүк-түштүк кыргыздар) жогоруда аталган эки улутка өз-өзүнчө ыктаган абалда калган. Фергананын адыр-тоолуу бөлүктөрүндө жашап, көчмөн турмушта күн көрсө да, чарба жүргүзүүсүндө, турмуш-тиричиликтин кайсы бир жактарына акырындап сарттардын таасири тийип, кээлери отурукташып, дыйканчылыкка өтүшүп, турмуш-тиричилигине, каада-салтына өзбектердикине окшош айрым өзгөрүүлөр кирген. Кыргызстанда Кокон хандыгынын, андан соң Орусия империясынын бийлиги орногондон тарта түзүлгөн саясий-администрациялык кырдаал кыргыздардын өзбек жана казактарга сиңип кетүү ыңгайын туудурган.

Кыргыздар үчүн ыңгайсыз абалдан сактап калуу максатында алгачкы интеллигенция өкүлдөрү башка 1920-жылы түзүлгөн Башкырт, Татар Казак АССРлери жана Чуваш АОсу түзүлгөндөй, автономиялык негизде кыргыз мамлекетин түзүү үчүн күрөш башташкан. Абдыкерим Сыдыков башында турган кыргыздын алдыңкы уулдары большевиктердин улуттук саясатка киргизген түзөтүүсүнө таянышып, биринчи кезекте Түндүк Кыргызстанды өз алдынча бөлүүнү, ал эми басмачылык кыймыл басылган соң түштүк улутташтарын ага бириктирүүнү көздөшкөн. А.Сыдыков башында турган топтун мындай демилге башташына Казак АССРи уюшулганы 1921-жылдын аягында анын өкмөтү Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын толугу менен башкача айтканда Түндүк Кыргызстанды да бүтүндөй анын курамына өткөрүп берүү өтүнүчү менен Борборго кайрылганы жана Борбор бул өтүнүчкө оң карап, маселени териштирип, иликтөөгө көрсөтмө бергени түрткү берген.

Мындай болгондо, мурда бир Түркстан автономиялуу республиканын курамындагы кыргыздар эки автономиялуу республикаларга бөлүнмөк. Бул кыргыздардын саясий абалын ого бетер оорлотмок. Анын үстүнө РСФСРдин көмөгүнө муктаж Казак АССРине караганда Борборго түз баш ийүү социалдык-экономикалык жактан да алда канча натыйжалуу болмок. А.Сыдыков Жети-Суу облустук Аткаруу комитетинин төрагасы болуп турганда 1922-жылдын башында өткөн Түркстан советтеринин курултайында Түндүк Кыргызстанды өзүнчө автономиялуу облус кылып түзүү маселени койгон эле. Аны Түркстан компартиясынын Борбордук комитетинин секретариаты колдоп, 1922-жылы 25-мартта тийиштүү чечим чыгарган болчу. Алгач мындай демилгени РКП (б) нын Борбордук комитети да колдоого алып, уруксат берген. Бул маселени ишке ашыруу максатында А.Сыдыков башында турган Уюштуруу комитети түзүлгөн. Бирок, Түндүк Кыргызстан түз РСФСРдин курамына өтпөй, Казак АССРинин тутумуна киришин көздөп күрөшкөн топ да болгон. Ал күрөштү аймактын саясий жетекчилигинин курамына кирүүгө жетишкен Р.Кудайкулов жана ал жетектеген топ, ошондой эле аны колдоого алган казак жетекчилери да уюштурган.

Р.Кудайкуловдун тобу Борборго, Сталинге кат жазышып, ал кайта бай-манап чөйрөсүнөн чыккан адамдар кыргыздардын

буржуазиялык улутчул мамлекеттик түзүлүшүн уюштурууга далалат жасап жатат-деген жалаа айтылган. Жети-Суу облусу боюнча Борбордук большевиктик өкүлү Забиров да Борборго «…манаптын уулу болгон жана падышанын маалында алтын погон тагынып жүргөн Абдыкерим Сыдыков деген неме Ташкенге өзү түзүп алган Кара-Кыргыздардын өзүнчө Тоолуу облусу дегендин долбоорун алып келди…» деп ага каршы экенин билдирип, айгак кагазын жиберген. Ошентсе да,1922-жылы 1-июнда Тоолуу Кыргыз облусунун уюштуруу курултайы башталып, бул күн совет доорунда Кыргыз мамлекеттигин калыбына келтирүү аракетинин башаты болуп калды. Бирок, оппозициялык тараптын саясий каралоолоруна ишенип, Сталин Кыргызстанда буржуазиялык-улутчул өкмөт орноорунан негизсиз чочулап, Тоолуу облусту түзүүнү токтотуу жөнүндө шашылыш көрсөтмө берип, курултай өз ишин жаңы баштаганда кайра таркатылган. 1922-жылы декабрда РКП(б) Тоолуу Кыргыз облусун түзүү боюнча кабыл алган чечимдерди мыйзамсыз деп таап, аны түзүүнүн, курултай чакыруунун демилгечилери жана жетекчилери А.Сыдыков, И.Арабаев, И.Айдарбеков, К.Тыныстанов дорду буржуазиялык улутчулдар, контрреволюциячылар деп айыптаган. Анын башкы жетекчиси А.Сыдыков партиянын катарынан чыгарылып, башка, төмөнүрөөк ишке жиберилген. Тоолуу Кыргыз облусун түзүү демилгечилеринин катарында А.Сыдыковдун шакирти Жусуп Абдырахманов да бар эле.

Кыргыз автономиялуулугун түзүү боюнча биринчи аракет натыйжасыз болсо да, кыргыз элинин көрүнүктүү өкүлдөрү улуттук автономия маселесин талбай көтөрө беришти. 1924-жылдын ортосунда Орто Азияда улут маселесине арналып өткөн жыйында И.Арабаев чыгып сүйлөп, негизги баяндамада кыргыздар тууралуу эч сөз болбогонун сынга алып, кыргыздардын өз автономиясына ээ болушун жана кайсы республикага кирүүсүн өз алдынча чечүү өтө зарыл экенин баса белгиледи. Бирок, ал жыйында кыргыздар азчылыкта болуп, И.Арабаевдин сунушу көңүлгө алынбай, кыргыздардын жери Казак Республикасынын тутумуна киргизилери тууралуу сунуш жактырылды. Мындан кийин Тоолуу автономияны түзүүнүн демилгечилери Кыргыз автономиясын түзүү боюнча иштерди кайрадан катуу жандандырып, бул жаатта өтө жигердүү ишмердикти жүргүзүшкөн. А.Сыдыков чоң саясаттан четтетилсе

да, баары бир аталган маселеге таасир тийгизүүдө Ж.Абдрахманов Кыргыз автономиясына жетишүү аракетин жүргүздү.

1918-жылдан РСФСРдин, 1922-жылдын 30- декабрынан СССРдин курамында болгон Түркстан АССРинин тутумундагы улуттарды өз алдынча улуттук мамлекеттерге бөлүү маселеси Борбордун манилүү саясатынын бирине айланды. Анткени, кеңири аймактагы Түркстан бирдиктүү мамлекет катары өнүгүп отурганда келечекте ал Борборго коркунуч туударары күтүлмөк. Андыктан андагы түрк элдердин биримдигин жок кылып, аларды майда-майда автономияларга бөлүп, байланыштарын азайтып, бириндете башкаруу көздөлгөн. Ошол эле учурда, ал саясат оторчул мүнөздө болсо да, анын ишке ашырылышы кыргыз эли үчүн жагымдуу натыйжа берери күтүлмөк. Орто Азия бөлүнгөндө өз алдынча автономияга ээ болуу жана кайсы республиканын курамына кирүүнү өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүгүнө жетишүү кыргыздардын алдында курч турган. 1924-жылы 16-сентябрда Түркстан АССРи советтеринин Борбордук аткаруу комитетинин сессиясы Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү тууралуу токтом кабыл алып, Ж.Абдырахманов менен И.Айдарбеков бөлүнүү боюнча түзүлгөн партиялык –советтик жогорку органга шайланышкан.

1924-жылы 14-октябрда Бүткүл союздук аткаруу комитетинин сессиясы Орто Азия элдеринин улуттук мамлекеттик бөлүнүшүн жактырган чечим кабыл алган. Ал чечимге ылайык Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлүп, Кудайкуловдун тобу дагы да аны Казак Республикасынын курамына киргизүүгө канчалык аракет жасабасын, Кыргыз АОсу РСФСРдин курамына киргизилген. Бул маселе А.Сыдыков тараптагылардын жеңиши менен аяктаган. РКП(б) БКнын Саясий бюросу Кара-Кыргыз АОсунун партиялык жетекчилигин жана Революциялык комитетинин курамын бекитип, РКП(б) Кыргыз обкомунун биринчи катчылыгына Борбордон жиберилген М.Каменскийди, экинчи катчылыгына Ж.Абдрахманов дайындалды. Ал эми облустук ревкомунун төрагалыгына Иманалы Айдарбеков бекитилди.

Кыргыз интеллигенциясынын Борборго жүйөлүү сунуштар менен кайрылганы кабыл алынып, автономиялуу облус деңгээлинде болсо да, мамлекеттүүлүгү түзүлгөнү кыргыз

элинин тарыхындагы эң жагымдуу, зор окуя болду. Туш-тушка бытырап, акыры жок болуп кетүү коркунучунда турган кыргыз эли бир бүтүнгө биригип, өз алдынча улут болуп, өнүгүүгө шарт түзүлдү. Чек ара бөлүштүрүүдө Ташкенттеги орто азиялык жана жалпы союздук бийликтердин жол берүүсүнүн айынан кыргыздар айланасындагы улуттарга айрым жерлерин уттурса да, жалпы жери биригип, чеги белгиленген өз жерине ээ болду. 1924-жыл кыргыз эли үчүн зор маанилүү, өтө жагымдуу окуя болуп улуттук экономиканы, маданиятты, тилди өнүктүрүүгө жол ачылды.

Кыргыз автономиясынын укугун жана келечегин кеңейтүү максатында кыргыз жетекчилеринин Борборго кайрылуусун эске алып, Бүткүл Орусиялык Борбордун аткаруу комитети 1926-жыл 1-февралда Кыргыз автономиялуу облусун РСФСРдин курамындагы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикага(Кыргыз АССРине) айлантуу жөнүндө чечим кабыл алды. Кыргыз элинин тарыхында бул маанилүү окуя 1927-жылы 7-12-мартта өткөн Кыргыз АССР Советтеринин 1-курултайында мыйзамдаштырылды. Кыргыз АССР БАКнын Президиумунун төрагалыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланды. Ал сессияда Кыргыз АССРинин өкмөтү-Эл Комиссарлар Кеңеш түзүлүп, анын төрагалыгына 25 жаштагы Жусуп Абдрахманов дайындалды.

Келечекти көрө билген чыныгы ишкер Ж.Абдрахманов 1929-1930-жылдары Сталинге эки ирет кат менен кайрылып, Кыргыз АССРин башка коңшу республикалардай эле СССРдин курамындагы республикага айландыруу жөнүндө сунуш киргизди. Ал бул сунушун Кыргызстандын үч баскычтуу баш ийүүсү Орто Азияга-Коммунисттик партиянын Орто Азиялык бюросу Ташкенде эле. РСФСРге жана СССРге анын өнүгүүсүнө тоскоол болуп жатканы, бул болсо Кыргызстанды башка коңшу республикаларга караганда начар абалда калтырганы жөнүндө жүйөлүү далилдер менен бекемдеди. Ж.Абдрахманов чет мамлекеттер менен чектеш жайгашууда өз алдынча республика болууга укук берери жөнүндөгү Борбор чыгарган жобонун шарттарын ичине камтыды. Ал ошондой эле Кыргызстанды союздук республикага айландыруу эл аралык мааниге да ээ болуп, социализмди үгүттөөнүн мыкты үлгүсү болоорлугун көрсөткөн эле.

1921-1928-жылдардагы жер-суу реформасы калктын коллективдүү чарбага биригүүсүнө так айтканда колхоз түзүлүшүнө жакшы шарт түздү. Жер-суу реформасы айрым терс көрүнүштөр менен коштолсо да, ал калкты жер иштетүүгө буруп, көчмөн кыргызды отурукташтырууга бет алдырды. Кедей адамдардын саны азайып, тыңыраак окат кыла баштаган орто дыйкандардын саны арбый баштады. Ага Жаңы экономикалык саясат көмөк берди. Эми азык-түлүктү даярдоо бир кыйла жандана баштады. Жер-суу саясатынын жүрүшүндө көптөгөн жеке чарбалардын пайда болушу менен катар, биргелешип чарба жүргүзгөн артелдер пайда болуп жатты. Андай чарбалар ар тараптуу колдоого, жардамга ээ болду.

Айыл чарбасын коллективдештирүүдө бириндеген чарбалар жаңы бийликтин башкы багытына туура келбеди. Ага жеке менчик деген мезгил шартына жана саясатына коошпойт эле. Жаңы бийликтин өз алдына койгон эбегейсиз зор пландарынын бири индустриялаштырууну ишке ашыруу үчүн бытыранды майда-чарба ээлеринин өндүргөн айыл чарба продукцияларын мамлекетке өзү топтоп берген түзүлүш керек болду. Колхоздук түзүлүштү шашылыш турмушка киргизүү, индустриялаштырууну ишке ашырууга жана коргонуу кубатын чыңдоого мүмкүндүк түзүлөөрүнө маани берип, анын жүзөгө ашырылышына бекем киришти.

Айыл адамдарын туташ колхоздоштуруу башталды. Ошону менен бирге көчмөн калкты отурукташтыруу кошо жүрдү. Жергиликтүүлөрдүн эрки эске алынбады. Калктын эркин тебелеп-тепсеген зордук менен коштолду. Советтик, партиялык кызматкерлердин, түрдүү баскычтагы жетекчилердин кызмат орду, ал тургай эркиндиги берилген планды же тапшырманы аткарууга байланыштуу болору эреже катары бекиди. План аткаруу совет адамынын ишмердигинин башкы багытына айланды. Колхоздоштуруу да пландын негизинде жүргүзүлүп, ал эми кимдин-ким экени пландын аткарылышына жараша бааланаарын баамдаган «атка минерлер» көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтырууда жана коллективдештирүүдө ашыкча, кыянатчыл, зордукчул ыкманы колдонууга өтүштү.

Колунда бар байлыгын ортого салып берүү ар бир кыргыздын кабыргасын кайыштырбай койбоду. Жаңыдан анча-

мынча жерге ээ болуп, бирок өз алдынча чарба жүргүзүүгө анча көнүгө элек кедейлерди коллективдештирүүгө үндөө жеңил эле. Бирок, баары бир алар андай өөн көрүнгөн жаңы ишти шыр кабыл ала албай, оокаттуу жана абройлуу адамдардын айтканын угуп, артынан ээрчип жүрүштү. Акыры мамлекет эч кимдин эркине койбой жапырт колхоздоштуруп саларына көзү жеткен калк мал-мүлкүн ортого берүүгө ыраа көрбөй, анын көбүн бүлүндүрүп, киргендигинен малдын саны кескин азайып, жалпы жакырчылык тереңдеди. Калктын айрымдары Кытайга, башка тараптарга көчүп кетип жатышты.

Колхоздоштуруунун жүрүшүндөгү эң жагымсыз терс көрүнүш, деги эле Совет бийлигинин адам укугун тепселеген эң катаал, иштеринин бири-бул кулака тартуу болду.Таптык деген түшүнүк калктын аң-сезиминде болбогон. Таптык жиктелүү, таптык араздашуу жок эле. Жашоосу жалаң мал менен гана болгон кыргыз үй-бүлөсүндө кой, эчки, жылкы жана уйдун болушу катардагы көрүнүш. Малы саал арбын болгондор мындай турсун колхозго кирүүгө, зордукка анча-мынча каршылыгын билгизгендер, ал тургай кулака тартылып жаткандарга боор тарткандар да бөөдөсүнөн айдалып кетип жатышты. Жер-суу реформасы аркылуу чарбасы саал кеңейген үй-бүлө иш кызыганда өз колу жетпей бир-эки адамды жалдап койдубу, ал эзүүчү катары каралып, мал-мүлкү тартып алынып, ыраакка айдалды.

Жапырт элди отурукташтыруу элди жеке эле дыйканчылыкка, курулуш иштерине, билим алууга жакшы шарт түзүп жаңы жолго түшүүгө чоң өбөлгө болду. 1925-жылы сабатсыздыкты жоюу боюнча атайын комиссия иштей баштады. Ликбез (ликвидация без грамотности) деп аталган мектептер ачылды. Сабатсыздыкты жоюуда каражаттын тартыштыгы чоң кедергисин тийгизсе да, калкты окутуу, кыйла жанданды. 1930-жылдары «маданий жүрүш» жасалып, ликбез мектептери, кызыл үй, кызыл бурч, кызыл кырман, аялдар клубу ж.б окутуунун көптөгөн түрлөрү колдонулуп, окуп, жаза билгендердин саны көбөйө баштады.

Сабатсыздыкты жоюда көп кыйынчылыктар коштолгон. Биринчиден, элди окута турган билимдүү адамдардын, мугалимдердин дээрлик жоктугу, өтө жетишсиздиги кедерги болду. Окутуудагы кадрларды шашылыш даярдоо максатында

үч айлык, алты айлык курстар ачылды. 1928-жылга чейин жазуу араб арибинде жүргүзүлсө, андан кийин латын алфавити менен алмаштырылды. Натыйжада сабатын анча-мынча ачууга жетишкен калктын улгайган бөлүгү ар бир алфавит алмашкан сайын кайра толук сабатсызга айланып калып жатышты.

Большевиктик бийликтин максаты Борбор Азия аталган кеңири аймакты үчкө-Казакстан, Өзбекстан, (Тажикстан анын курамына киргизилген) жана Түркмөнстанга бөлүү пландаштырылган. 1920-жылы Казакстан АССРи уюштурулуп, анын жетекчилери жана алардын Кыргызстандагы талапкерлери Жети-Суу облусунун тутумундагы Түндүк Кыргызстанды Казакстандын курамына киргизүүнү көздөшкөн. Ал эми Түштүк Кыргызстанды болсо, Өзбекстан өзүнө кошуп алууга умтулган. Ушундай жагымсыз шартта А.Сыдыков Тоолуу кыргыз облусун түзүү долбоору менен чыгып, аны уюштуруу курултайына чогулушат. Бирок Казакстанды көздөгөн Кудайкулов башында турган топ бул демилгени жалган жеринен улуттук-буржуазиялык идея катары мүнөздөп, Москвага телеграмма жиберишип, натыйжада Сталин ал долбоорду жокко чыгарып, курултайды таркаттырат. А.Сыдыков болсо жазаланып, жетекчи кызматтан четтетилет. Бирок, кыргыздарды бир саясий-административдик бирдикке бириктирүү идеясын Ж.Абдракманов талбай көтөрүп, аны ар тараптуу жана ишенимдүү далилдер менен аныктады.

Акыры кыргыздардын мүдөөсү 1924-жылы ишке ашып,укугу чектелүү болсо да, кыргыз мамлекеттүүлүгү пайда болду. Кийинки толук кандуу мамлекеттүүлүккө жол салынат. Ошентип Казакстанга, Өзбекстанга киргизүү идеясына каршы күрөштүн натыйжасында 1924-жылы Кыргызстан РСФСРдин курамында автономиялуу облус болуп түзүлгөндө анын жетекчиси болуп (компартия обкомунун биринчи катчысы) Москва жиберген М.Каменский дайындалып, обкомдун экинчи катчылыгына Ж.Абдрахманов бекитилди. Бирок, Жусуп Каменскийдин көз көрүнө шовинисттик саясатына кыргыздын өсүп келаткан мыкты кадрларын эмес, Кудайкулов баштаган чала сабат, жаатчыл топко таянганына ачыктан-ачык каршы чыгып күрөштү. Натыйжада жергиликтүү калктын ичинен билбеген, калыс эмес жетекчи менен иштеше албаган Жусуп 1925-жылы Ташкенге РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун уюштуруу бөлүмүнөн

чыгарып алышкан, андан тез эле Москвага которушуп, РКП(б) БКда инструктор болуп иштеген. Ал эми 1927-жылы марта 26 жашка толо элек Ж.Абдракманов Кыргыз АССРинин тунгуч премьер-министри (Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы) болуп дайындалды. Мына ошондон тарта ал республикада жүргүзүлгөн индустриялаштыруу, колхоздоштуруу, маданий революция сыяктуу иштерди турмушка ашырууда талыкпай иш жүргүздү.

Республиканы экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча долбоорлорун Москвага талбай коюп, бюрократиялык чоң тоскоолдуктарга карабастан алардын кыйласын ишке ашырууга жетишти. Бир жерде оңдуу башкарылбай, үч борборго-союздук Борборго, РСФСРга, Орто Азиябюрого баш ийген Кыргызстанды автономиялуу облустан түз Москвага караштуу автономиялуу республикага айлантууга, андан соң, кыргыз элинин келечекке өнүгүп-өсүшүнө, түрткү берүүчү жүйөлүү себептерди келтирип, СССРдин курамындагы союздук республика статусун алууга зор эмгек сиңирген, чечкиндүү, кайра тартпаган эмгек сиңирди. Ал улуттук кадр өстүрүүгө ачык камкордук көрүп, идириктүү жаш-тарды көтөрмөлөөгө, кыргыз улан-кыздарын Ташкенге ж.б. жактарга билим алууга жиберүүнү уюштурууга көп көңүл бөлдү. Ошол кездеги ашынган тап күрөшү, өндүрүштөгү зордук-зомбулук, жергиликтүү мыкты жетекчи кадрлардын айрымдарын куугунтуктоо аны кооптонткон. Ал большевиктер партиясы жарыялаган жобо, ураандарга кайчы келген терс көрүнүштөргө каршы турду.

Республиканы өнүктүрүү, натыйжалуу ишке ашыруу өтө татаалданып, элдин башына оорчулук үйүлдү. 1932-жылдын аяк ченинде чоң ачарчылыкка туш келип, Ж.Абдракманов Борбор-дун көрсөтмөсүн бузуп, кол тийгис мамлекеттик фондунан элге тараттырып берип, калкты кырылуудан сактап калды. Борбор-дун айрым дагы башка акыйкаттуу эмес, буйрук, көрсөтмө-лөрүнөн четтеген иш аракеттери үчүн ал «улутчул» катары сындалып, кызматынан алынды.

Жыргал турмушту, жаркын келечекти убадалаган комму-нисттик бийликтин саясатын эрте баамдай алган анын эрки жана жасаган иштери анын күндөлүгүнөн таасын байкалып турат. Бийликтин жүргүзгөн айрым иштеринен улам социализм-дин келечегинен күмөн саноого чейин көтөрүлүп, өз элинин

улуттук бактысы туюкка барабы деп коопсузданган ары баамчыл,терең акылман инсандын ишмердиги тарыхта таасын көрүндү.

Кыргыздын чыгаан уулдарынын ичинен Абдыкерим Сыдыковдун өз элине кылган кызматы өзгөчө айкындуулугу менен башкалардан бөлүнүп турат. Адегенде мусулман мектебинде, 1904-1911-жылдары Верныйдагы эркек балдар гимназиясында окуган. Андан соң Казан университетинде окуусун улантат. Акылман Абдыкерим Октябрь революциясынан кийин кыргыз улуттук интеллигенциясынын жетектөөчүсү-багыттоочусу болду. Ал чоң манаптын тукумунан болуп, жөндөмүнүн аркасында тез эле жогору көтөрүлүп, Түркстан компартиясынын Жети-Суу обкомунун Мусулмандар бюросунун төрагасы, ошол эле облустук аткаруу комитетинин төрагасы, Түркстан АССРинин ички иштер министринин биринчи орун басары ж.б кызматтарда иштеди. Ал кыргыз элинин атынан жалгыз өзү СССРди уюштурган Советтердин бүткүл союздук биринчи курултайына делегат болгон. Жоюлуп кетүү коркунучунда турган бытыранды кыргыз элин бириктирип, РСФСРдин курамында: Тоолуу кыргыз облусун түзүү идеясын биринчи көтөрүп чыгып, 1922-жылы ал облусту түзүү боюнча уюштуруу комитетинин төрагасы болгон. Анын томаяк чөйрөдөн чыккан каршылаштары жана Москва дайындаган шовинисттик жетекчилер Сыдыковдун социалдык абалынан, ишинен кыйкым таап, ага чабуул коюп турушкан. Ал төрт жолу партиядан чыгарылып, республикадан айдалып жиберилгенден кийин Ташкентте жүрүп, Кыргызстандын тарыхы менен экономикасы боюнча илимий эмгек жактап, 1932-жылы Кыргызстанга чакыртылып, мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары болуп турганда камалып кетти.

***

Иш бүтүрүп, көңүлү тынган Ади туулуп өскөн айылына кайтты. Атасы баштаган Нияз, Ураим, Койтукур бешөө Эркеч-Тамга барчуу жолго салып келе жатышкан. Чек арачылар байкап калып, алыстан эскертип, мылтык атышты. Топтогулар аркага кайткан болушуп, чек арадан алысташкан соң, уурдана чек араны жандай Алайкуу тарапка жол алышты. Эркеч-Тамдагы чек арачылар шериктерине кабар беришти. Тай-Чыкпаска, Эгизек тарапка жол алууга болбойт. Бир гана жол,

алыс болсо да Алайкууга ашышмак болушту. Бийиктеги кар канчалык улуу болгонуна карабай биринин изине бири салып тоо аралап, кыр жондоп жөнөштү. Шериктердин баары тоолук мергендер болгондуктан кардын улуулугу, күндүн суугу үйрөнчүк эле. Аларды бирден-бир кыйнаган улуу карды жиреп бараткандагы чыкылдаган аязда кургак кардын бирикпей шиленгенинен улам, бир баскан изин кайра басып, жолдун арбыбаганы болду. Бирде Ади, бирде Ураим кар жирешип алдыда.

Киндиктен келген улуу карда чоң көлдө чабак урган суучул баштанып, кенен кулач уруп, майдалай арым таштașып, ээрчишкен караандар баш-аягына көз жетпеген аймактагы ак карды кечип баратышты. Кээде кыялай өргө тырмышып, кээде шамал шилеген кыр жондоп жүрүшүп, күндү күн дебей, түнү да тыным албай жол арбытышты.

Эки күн ашуудан ашуу ашып, жол баскандар Алайкууга аша бергенде эки тараптагы чек арачылардын ортосунда калышты. Эркеч-Тамдагы чек арачылар алардын изине түшүп, ар бир өтмөктөгүлөргө алдын ала кабар беришкенби Алайкуу менен Алайдын чек арачылары ашууга келгенде ортого алышты. Чек арачылар бири-бирине кабар бербегенде да ээрчишкен топтун кургак карга терең баткан издери, канчалык бороон-чапкын, шамал болсо да, өткөн тому көңүл коюп аңдаганга айкын байкалат эле. Издерин ширенди уруп, көмсө да Эркеч-Тамдын сак чек арачылары жоопкерчилик менен иштешип, утурлап чыгышты.

Мерчемдүү жерди тосуп отурган чек арачыларды билген мергендер эки топко бөлүнүштү. Жаштары улгайып, сексенден ашып калган Кожо менен алтымышты аралап барган Койтукур алардан оолактап, из жашырмак болушту. Ади, Ныяз, Ураим чек арчыларга түз баруугa аргасыз эле. Себеби алардын жашынууга да, качууга да эч кандай мүмкүндүк жок. Анын үстүндө көп күндөрдөн бери аппак кар аралап, ызылдаган суукта ээн талаада жүрө беришип, көздөрү каарыгып, күн алып кеткен болчу. Карыккан көз алыскы акты тиктей албайт. Карга чагылышкан күн нурунан жакынкы жерде караандар үлбүл гана көрүнүп калаарын тоолуктар жакшы билишет.

Тоонун эки тарабындагы этекте турган чек арачылар, аларга ок атып белги беришти. Ал «Колго түштүңөр, качып кете албайсыңар» деген эскертүү эле. Ныяз ага карабады. Качып

кутулуунун аракетин кылып, тууранын көздөй шашыла чуркап жөнөдү. Улуу карда кадамы арбыбай солдаттарга бута болуп берди. Ал жер кийин «Ныяз өлгөн» аталып калды.

Баарын туюп билген Ади Ураимге кайрылды:

-Бар. «Адинин көзү көрбөй калды. Мен силерге качып келдим»-деп айт.

Ураим колун көтөрүп төмөн басканча, чек арачыларга колун булгалады. Кара терге түшкөн чек арачылар түтөктөн кыйналышып, бийик зоодо араң басышып, Ураимге келишти. Ал Адинин сөзүн аларга айтканынан улам, эки тараптын чек арачылары «Мен кармадым» деп талаша башташты. Ади экөөнү тең өзүнө чакырды.

-Эй досторум, бери келгиле? Менин көзүм каарыгып, көрбөй, баса да албай калдым. Мени талашканыңарды койгула. Андан көрө тамеки бергилечи? Акылды пештеп алайын-деп, таза орус тилинде кайрылды.

Эки чек арачы Алайдын кылда чокусунда орус тилинде таза сүйлөгөн адамды көрүшүп, жайдары жүз менен күлүмсүрөштү. Бириси тамеки берип, бириси оттугу менен тутантып, аны ортого алып отурушту.

-Кызмат кандай өтүп жатат, жердештер? Менин ысмым Ади. Силер, ким деген болосуңар?

-Иван.

-Сергей.

-Абдан жакшы таанышып алдык. Келе колуңарды. Кыргыз жери силерге жактыбы? Мен ушул тоолордо төрөлүп, чоңойдум. Россияда да окуп, билим алдым. Досторум бар. Кабар алыша албай жүрөбүз. Үйүңөргө кат жазып турасыңарбы? Абдан жакшы. Эмесе, дем алгандай болдук. Экөөң талашпагыла. Чындыкты айткан жакшы. Эркеч-Тамдын тозоту аркаман кууп келип кармады. Чынбы?

Эки чек арачы тең, макул көрүп баш ийкешти.

Ади мамлекеттик чегарадан урксатсыз өткөндүгү үчүн айыпталды.

***

Оштогу Камчыбектин түрмөсү адамдарга тардык кылды. Бөлмөлөр тургай, короолордо да «күнөөкөр» дегендер батпайт. Аңдаган кишиге көчөдө жүргөндөрдүн баарын алып келип камап койгондой. Түрмөнүн сыртында да котологон эл көп. Бирисинин

агасы, тагасы, иниси, жек-жааты отурат. Аларга тамак-аш, кийим-кече алып келгендер, же жөн-жайын сураганы келгендерден кезек да тийбейт. Чуру-чуу эртеден-кечке үзүлбөйт. Түрмөнү кайтаргандар ары орой, айткан кепти, берген суроолорду тыңшап да коюшпайт. А түрмөнүн ичинде тамак жетпей, таза суутга зар болгондор «кимге, качан тамак келет?» деген үмүт менен томсоруп отурушту.

Түрмөнү үйрөнчүк сезип, үйүнөн артык көргөн ууру, шылуундар ар кимди алдап, кумар ойношуп, алды-сатты иштери менен зеригүүнү да сезишпейт. Бийик, ачык жайда жүргөн тоолуктар күндүн табына түрмөнүн ичиндеги көп адамдын демине кысылышып, бүткөн бойлорунан кеткен терлерин аарчууга үлгүрүшпөй, булоолоп, жүдөп, ар кимдин оозун карашат. «Статья», «сурак», «прокурор», «адвокат» деген сөздөр аларга тааныш эмес. Алар кандай маани берерин али түшүнүшө элек. Суракка киришкенде болгонун болгондой айтышып, жаап жашырууну билишпейт.

«Гүлчөнү талады. Адам өлтүрдү» деген маселе боюнча Бүлөлүдөн келген Жумабайды, андан соң Айтини, Ураимди бирден сурап, акырында беттештиришти.

-Кана Жумабай окуя кандай болду? - деди тергөөчү.

-Райкомго келип, Искендерди сурасак «ичинде отурат»-деп катчысы айтты. Мен кирип барып, аны кармай кеттим- деди Жумабай.

-Анан?

-Анан, кармашып жатканбыз-деди Айти.

-Мен аркасынан кирип барып, кармашып жаткан Искендерди буттан тарттым-деди кезегине карабай Айти.

-Койгула? Эмне кылып жатасыңар?-деди райком. Орустарды чакырып келген сени өлтүрөбүз-деп муунта баштадым-деди Жумабай.

-Мен кирсем булар чарпышып жатышыптыр. Тургула быякка-дедим, буларды. Экөөң бир адамга алыңар жетпей сепеңдейсиңер-деп барып, башынан кармап туруп мойнун бурап салып, чыга бердик-деди Ураим.

-Чын эле ушундай болдубу?- деди тергөөчү бышыктай.

-Эй, бизге ишенбеген, кызык адам экенсиң. Ушул колубуз менен өлтүрүп, кантип калп айтабыз-деди Ураим чоң алаканын жая, тергөөчүнүн маңдайына тура кала.

-Эмне максат менен өлтүрдүңөр?

-Орустар келгени, Гүлчөнүн ичинде, кеңири ат бастыра албай калдык-деди Жума.

-Атыбызды байлатышпайт-деп кошумчалады Айти.

-Байлаган атыбызды, агытып жиберишет. Же болбосо «штраф» дешип акча талап кылышат-деп кошумчалады Ураим.

-Айылыбыздагы бир-эки байыбыз бар эле, малдарын алышып, кыршыбырга айдатышты.

-Ашыкча жерлерди алабыз-дешет. Кудайдын жери да менчиктелеби? Бизди колхоздоштуруп, түз жерге көчүрөбүз дешет. Бизге колхозунун да, түз жеринин да кереги жок. Жетет Бүлөлүбүз өзүбүзгө-деди Айти таарынгандай тескери карап.

Ади паңсаттын жетекчилиги менен келип, Гүлчөнү эмне максат менен таладыңар?-деди тергөөчү маселени тактамакка.

-Бирөөнүн буюмун сурабай алыш күнөө. Сен бизди талады дейсиң. Биздин максатыбыз-орустарды Гүлчөдөн жок кылыш-деди Жумабай.

-Гүлчөнү кимдер талады? Тергөөчү суроосун кайталады.

-Биз кишилер менен болсок. Кимдердин талаганын билебиз. Сен «Искендерди өлтүрдүк» дегенге ишенбей, кайра-кайра сурайсың. Гүлчөнү таладык дегенибизге ишенет белең? - деди ачуулана Ураим.

-Ишенсең ишен. Ишенбесең бизди үйүбүзгө кетир. Түрмө дегениң болбойт экен. Биз тоонун адамыбыз. Ысыктын күнүндө папалап терге чыланып бүттүк –деди Айти.

-Ади жөнүндө айт! - деди тергөөчү Жумабайга.

-Ал күндөрү Адини көргөн жокпуз. Адисиз эле келгенбиз-деди Ураим.

***

-Ади кармалыптыр.

-Ал кандай киши болду экен?

-Кармалса түрмөгө алып келет. Ошондо көрөбүз.

-Адини жөн адамдан эмес дешкен.

-Жөн адамдан кандай айрымасы бар экен?

-Эки көзү тиктеген адамдын шилисинен өтүп турат дешет.

-Кээ бирөөлөрдү бир тиктегенде эле, оозунан сөзү түшүп, эмне айтаарын билбей калат дешкен.

-Кудай ага келбетти аябай эле берген-дешчү.

-Баскан-турганы, чыныгы мырза деп айткандарды билем.

-Молдолугу күчтүү, аскер окуусун бүткөн дешет.

-Дүйнөдөгү тилдердин баарын билет экен деп айтышкан.

-Жөн адам андай болбойт. Кудайдын бир сүймөнчүгү окшойт.

Түрмөдөгүлөрдүн уу-дуу, имиши чынга айланып, эрте менен тургандар ортодогу аянтта чепкенин желбегей жамынган, орто бойлуу адамды солдаттар жандап баратышканын көрүштү.

-Ади келди.

-Эй карагыла! Ади жүрөт-деген кыйкырыкка улай, жапырт сүрүлгөн көпчүлүк, биринен-бири өтө аянтта бараткан сакал-муруту сыпаа серпилген, буудай ыраң, шайдоот баскан адамды тиктеп турушту.

-«Баатырдын атын алыстан ук. Жанына келсең бир киши» демекчи, көзүндө оту бар экен?

-Кыймылынын, баскан-турганынын чапсаңдыгын айт.

-Булчуңдарын карасаң. Кийиминин сыртынан билинип турат экен?

-Сөөлөттүү мырза, бир да камырап койбойт. Бул жүрүшүндө түрмөдө көп турбайт.

-Түрмөдө жүргөнсүбөй, колун эркин шилтеп басканын айт.

-А кызыталак өкмөт. Элге күйө турган жигиттерди ушинтип, бирден жок кылып жатпайбы.

-Этиятта. Арабызда узун кулактар көп.

-Анан жалганбы? Курулай шылтоо менен жала жабышып, ары өтүмдүү, билимдүү адамдарды жаздым кылып жатышпайбы?

-Бул да аз, мындан кийинкисин эми көрөсүңөр.

-Абайлагыла. Бирөөлөр жеткирип жүрбөсүн!

-Түрмөдө отуруп, несин абайлайбыз. Болгонун болгондой айтып жатабыз.

-Койгула, ичээрге суу алалычы. Жүргүлө.

Ади түрмөдөгүлөрдү аралай басып, кээлерине кол берип, кээлерине баш ийкей саламдашып, бүлөлүлүк туугандарын издеп жүрдү. Кээ бирөөлөр анын артынан ээрчип алса, кээлери моюндары кайрылганча тиктеп, узатышат. Бүлүлүлүктөр жабыла тура калышып, ал-жай сураша кол беришип жатышты.

-Туугандар! Куда каалаcа баарыңар акталасыңар!

-Оозуңа май, айланайын.

-Айтканың келсин.

-Сары башыл бабидин. Чынбы?-дешип уккандар кубаныш-ты.

-Өкмөттүн мыйзамына баш ийбеске чара жок. Аны өзүңөр билесиңер. Өзүңөрдү тартиптүү кармап, жылдызыңарды жерге түшүрбөгүлө! Улуу-кичүүң ынтымак болуп, бири-бириңе каралашкыла!

Мала! Сагырым, атамын дааратына суу камдап, карай жүр! Буйруса баарыбыз, аман-эсен айылыбызга барганда жолуга-быз-деп чыгып кетти.

Ади түрмөгө келээринде кандай уу-дуу сөз болсо, кеткен-ден кийин да ал жөнүндө ар кыл айтымдар көтөрүлдү.

-Ади басмачы, түрмөнүн кулпун дубалап ачып, чыгып кетиптир.

-Күзөтчүлөрдүн баарын дубалап уктатыптыр дешет.

-Түрмөнүн башчылары өздөрү чыгарыптыр-деп уктук.

-Өкмөттүн адамы экен. Өкмөт өзү бошотуптур.

-Деги, эмне болсо да мөрөй ошонуку.

-Эл билет. Жөн адам эмес дешкени чын экен.

-Колдоочусу да, жөлөмөйү да бардыгын эми билдик.

-Күнөөсү жоктугунан чыкты да. Күнөөсү болсо өкмөт кое бербейт.

Адинин түрмөдөн чыгышы менен аброю андан бетер көтөрүлдү. Анын айтканы туура келип, «басмачы» деп камал-гандардын дээрлик бардыгы бошотулду.

***

-Ади түрмөдөн чыгып келиптир-деген кабар айылга тарады.

Айгакчылардын күнү тууп, туугандар биринин үйүнө бири кире алышпай калды. «Шырп» эткен добуш НКБга жетип, эртеси эле районго чакыруу келип, сурак башталды.

-Кана, эмне көрдүң? Эмне билесиң? Тиги кайда жүрөт? Кимдикине кимдер келип кетти? Эмнеге келиптир?...

-Билбейм-десең эле балээге калдың.

-Сен өкмөткө каршысың. Билип туруп, жашырасың, айтпайсың. Эгер бир иш болсо, билип туруп айтпаганың үчүн сен жооп бересиң-деп жарга такайт.

Көргөн-билгениңди айтсаң, ага тиешелүү адамдарды чакырып, сени күбөгө тартат. Бир туугандар, ал тургай эрди-катындын төшөк ичиндеги айткан сөздөрү районго жетип,сурак

күчөдү. Айылдан кимдир бирөөлөр Гүлчөгө жумуштап келген киши көрүнсө:

-Маалымат жеткиргени, же суралганы баратат-деген ой пайда болуп, туугандар арасында ишеним кетти.

Ади Кашкардан Алайга келсе да көпчүлүккө аралашпай жайлоодо жүрдү.

Кеч күз. Ашууларды кар басып калгандыктан, ал алыска кетпеди. Бирок райондогу, облустагы жаңылыктар менен кабардар эле. Милициядагылар улам бириндетип, Гүлчөгө баргандарды сурап жаткандыгын туюп, акыры келип өзүн да суракка чакырышаарын, бир күн болбосо, дагы бир күн бирөөлөр келээрин күттү. Күн өткөн сайын ууга чыккан аңчы болуп аны акмалап жүргөндөр арбый берди. Бир-эки курдай тааныш эмес караандар да байкалды.

-Эмнеге чочулайм? Эмнеге элден четтейм? - деди ал ички оюнда. -Бирөөлөрдү талап-тонобосом, зомбулук кылбасам, эмнеге күнөөкөр сезем өзүмдү? Башка келгенин көрөөрмүн-деген чечимге келип, туугандары менен аш-тойлорго катышып, өзүн элге бейкам көрсөттү. Анын баскан-турганы милицияга, НКБга үзгүлтүксүз жетип турду.

Аны чочутпайлы. Дагы кандай иштер болот? - деп күтүшкөн органдагылар, аны чакырууга көп шашышкан жок.

Айылдагылар бириндеп чакырылып, маселе такталып жатты. Күнөөлү деп күмөндөлгөндөр, маал-маалы менен келип, жолугуп туруулары эскертилди,

Молдомар досунун атайлап келип учурашуусу, аны бир чети кубандырса, экинчиси шектендирди. Себеби Молдомар экөө бала кезден бирге чоңоюп, ары сырдаш, көңүлдөрү жакын эле. Бирин-бири кадырлаган сыйлашкан бекем дос болушкан. Бирок, кийинки күндөрү Молдомар досу өзүнөн өзү алыстап, кем каттоо боло баштады. Же ички сырын ачык айтпайт. Күндөрдүн биринде таарынычыңды айтаарсың деген ой менен өзү да сураган жок. Молдомар жайдаңдап учурашканы менен сүйлөшүп отурганда алдына бир нерсе өтүп жаткансып, коомайлана, ар жак, бери жагын карана, ал-жайды ачык сураша албады. Аны алдыртадан сезген Ади досуна ачык суроо салды.

-Коомайланбай ачык айт. Артыңда бирөө барбы?

Досунун өңү кубулуп, башын жерге салды.

-Өзүң айтпасаң да белгилүү болот. Ачык сүйлө!

Досунун айтканынан кайтпаган, жалганчыны жининен да жаман көргөн, кечириштти билбеген катуу мүнөзүн жакшы билген Молдомар:

-Айланайын акыреттик досум. Мен сенден жашырбай калайын. Айласыздан ушул ишке бардым. Кайсыл, кардында кара таруу айланбаган бузуку дайындаганын билбейм.

-Ады сенин эң жакын досуң экен. Кармап бербесең, ага-иниңди, бала-чакаңы көрө албай каласың-деп кысташканына көнбөй койдум эле. Эч болбосо барып, көрүшүп кел деп мажбурлашты. Барбасаң, балдарыңдын көздөрүн тазалайбыз-дешти.

-Кимдер? Ачык сүйлө.

-ЭНКБдагылар.

-Колумду байлап, өзүң алып бар!

-Колум кантип барат, досум?!

-Менин жанымдан, сенин жаның ширинби? Бас экөөбүз ээрчишип барабыз.

-Мен эки өлдүм. Достукка кыянаттык кылдым. Кечир мени? деп жер карап, бүткөн бою шалдырады.

-Эсиңди жый! Эмнеге бошошосуң! «Сени көрүп, досуңдун ким экенин билем»-дептир бирөөлөр. Сени көргөндөр, менин ким экенимди билебиз дешээр? Өкмөттүн адамдарынан менин коркунучум барбы? Чакыр аларды!

-Жок. Башкалар карматса карматсын. Мен сени кармап бере албайм.

-Сен эмне, мага туураланып жүрөсүң?

-Туураланбайм. Көңүлүм таза.

-Көңүлүң таза болсо, эмнеге бирөөлөрдүн сөзүнө ишенесиң?

-Ал айыбымды мойнума алам. Кечир мени?

-Кечиримди күнөөсү бар сурайт. ЭНКБыңа барып айт. Сени күнөөкөр кылбай, эртең өзүм барам.

Молдомар башын көтөрө албады. Буттары чалыштап эшик аттады.

***

Кашкар-Ош жолу Бүлөлү аркылуу өткөндүктөн «Кимдер келди? Кимдер кетти?» эл көзүндө болуп, так, же көбүрөөк маалымат бергендерге алкыш, сыйлык берилгендиктен, анын кызыгын алгандар, ат тезегин кургатпай районго катташчу

болушту. Райондогу органдын адамдары да кимден, кандай маалымат алышты жатка билип калышты. Адинин ар бир баскан кадамын сая кетирбей райондогулар билип турушту. Анын баарын Ади өзү да билип, айылдагыларга көп аралашпай, сырттап, жайлоодогу үйүндө болуп, жаздын келишин күттү.

-Кечинде мага келсин! - деп ишеничтүү адамдарын өзүнө чакырды.

Суук көзгө чалыкпай, бириндеп барышып, болжошкон жайга токтолушту.

-Мен кимиңдин кайда барганыңды, кантип сурак бергениңди билип жүрөм. Араңардагыларга мени кармоого ЭНКБдагылар тапшырма да берди. Кээлери убада берип, курал да сурашты. Айрымдары түрмөдө кармалып жатышат. Менин салакам силерге тийбесин. Ашуу ачылды. Кытайга ашып кетем. Бирок, силер этият болгула! Тууган адамдар бири-бириңе душман болуп калбагыла. Тигилердин милдети сурак, малы-мат алыш. Маалымат берген адамдын эки бети кара болуп калат. Айтылган сөздү такташ үчүн бири-бириңи беттештирет. Кепти да ойлонуп, этияттап айтпасаңар, өмүр бою бири-бириңе суук көрүнүп каласыңар. «Кепти айткан киши эмес, жеткирген киши ушакчы». «Сөз айтылганга чейин өзүңө көз каранды. Айтылган соң, сен сөзүңө көз карандысың»-демекчи, тилиңерден байланып, калбагыла. Аны тууган-урук, үй-бүлөңөргө кеңири түшүндүргүлө.

Куда каалаcа, колго бир иш келип турат. Четтеп отургула. Кабар болоору менен жетип барууга аракеттенгиле-деп баары менен коштошту.

Ош-Кашкар жолунда кышын-жайын жолоочулардын караа-ны үзүлбөйт. Кээ бир жылдары гана кар оор түшкөн учурда, же жаз алдын көчкү жүргөн маалда жолоочулар каттабай калбаса, башка мезгилдерде бирин-экиндеп, же топ-тобу менен кербен, кире айдаган жалгыз-жарымдап жүргөн жолоочулар өтүп калат. Бүлөлү менен Терек айылы алар үчүн ыңгайлуу. Аркы тараптан да, же берки тараптан да жете келгендер улоолорун тыныктырышып, оогон жүктөрүн оңдоп артышып аярлашат. Кеч калгандары түнөп өтүшөт. Алар үчүн жергиликтүүлөр акысын алып тамак-ашын, жем-чөбүн даярдап беришет. Ууру-кескилик, талап-тоногон каракчылык болгон эмес. Аз сандагы

айылдагыларга чоочун адамдардын жүргөнү, кимдин келип-кеткени алаканга салгандай дайын эле.

***

Бир күнү мойнуна куржун асынып, эки тестиер балдарын ээрчиткен кемпир, күн отураар чакта Бүлөлүгө келди. Айылдагылар менен учурашып, колхоздун башкармасынын үйүн сурады. Жаңы колхоз, аз эле күн илгери уюштурулуп, анын төрагалыгына Карагул башкармалыкка көрсөтүлгөн эле.

Башкарманын үйүнө балдарын ээрчите кирген кемпир ал-жай сурашып, бети-башын тумчуланган жоолугун алып, жеңилдеген чакта, анын муруттуу экендиги көрүндү.

-А, байбиче, кеч калыпсыздар. Айылыбызга кандай жумуштар менен келип калдыңыздар?-деди жай сурашкандан соң, башкарма Карагул мейманга суроо бере кетти.

-Жолдун узактыгынан кеч келип калдык. Эркеч-Тамга бармак элек. Кай тараптан кетээрибизди билбейбиз. Жол сурап келдик.

-Жолоочунун ырыскысы жолдон дейт. Бүгүнчө эс алгыла. Эрте менен жолго чыгарып коебуз.

-Ырахмат. Эл башчысы деп, сиздикине ылым санап келдик-деп куржунунун көзүнөн буюм алып, алдына таштады.

Карагул ага көңүл да салбады. Эрте менен айылдагы жооштун жигиттерин чакыртып алып, мурутчан кемпирди эки баласы менен кошуп:

-Мына бу кемпирге жол көрсөтүп, Көк-Сууга чейин жеткиргиле. Андан ары Эркеч-Тамга кетчү жолду көрсөтүп, кайра кайткыла-деди.

Мурутчан кемпирди эки баласы менен ээрчиткен башкарманын жигиттери «Кожонун тамына» барып жатышты. Мурутчан кемпир куржундун бир көзүн башына коюп, бир көзүн балдарынын алдына төшөп, аябай эле этияттанды. Экөө тең куржунга кызыгышып, кемпирдин колунан сууруп алуунун аргасын табышпайт.

Башкарманын жигиттеринин тескери оюн туйган кемпир бирине беш кез манат экинчисине кызыл баркут берди. Экөө тең кудуңдашып, кайра жолго чыгышты. Чекендинин үстүндөгү Чыргайлууга жеткенде экөө эки баланы кармашып, моюндарына бычак такашты. Алдастаган кемпир аларга жалына кетти.

-Айланайын мусулман балдары, болгон дүнүйөбүздү алсаңар да, бизге тийбегиле-деп безилдеди.

Экөө кемпирдин сөзүн кулактарынын сыртынан кетиришип,коркуп, ыйлаган балдардын колу-буттарын кайрып, жыгып жатканда:

-Чиедей эки баламды өлтүргүчө, мени өлтүргүлө-деп мурутчан кемпир куржунун ыргытып экөөнүн колуна алмак-салмак жабышты.

Арыган кемпир, алсыз балдарды мууздашкан экөө, алардын денелерин ташка корумдап куржунду алышып, аркаларына кайтышты.

Кийин чек арачылар жолдон өтүп баратышып, ташка корумдалгандардын денелерин көрүшүп, районго кабар беришти. Ким өлтүргөнү белгисиз бойдон кала берди.

***

Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасы жүргүзүлүп, коллективдештирүү колго алына баштады. Мал-мүлкүн ортолукка тартууга каршы болгондор, колдоруна курал алып, басмачыларды ээрчишти. Айрымдары алтындарын куржундарына салышып, Кашкарга өтө качып, кутулмакка бири-бирин үгүттөштү. Ал эми мурда чек араны бузуп, Кашкарга өтүп кеткен басмачылар биригишип, жаңыдан түзүлүп жаткан чарбаларды бүлүндүрүп, активдерди өлтүрүп, талап-тоноону көздөштү. Жаш совет өкмөтү байлардын жана алар менен пикирдеш болгон басмачылардын зыяндуу иштерине бөгөт койду.

Райондун Бүлөлү аймагында Чоң-Бүлөлүгө кире бериштеги Абышка-Оозунда, Терек аймагынын Рабатында тосмо уюштурулду. Ал жерлерде күнү-түнү жылбай солдаттар турат. Бүлөлү айылындагылар мал карап, же айылдан ары-бери өткөндө солдаттар улам текшерип, өткөрбөй коюп, кээде шакабалашып өтө эле жүдөтүштү. Бир күнү Жумабай, Калбай, Айти палбан үчөө биригишип Өтмөккө келишти. Баягы солдаттар адатынча аларды өткөрбөй «а дешсе ага, бу дешсе буга» көнүшпөдү.

-Өз жерибизде, өзүбүздүн басканыбызды тескешсе, бир тараптан, бир тарапка өткөрбөгөндүн жакшылыгы барбы?-деди Жумабай.

-Кулдуртташып, тилге түшүнүшпөсө. Биз эмне буларга көз каранды болобуз?-деди коштогон Калбай.

-Буларды тындым кылып, экинчи келгис кылбайлыбы? Бизди ким көрүп отуруптур?-деди Айти палбан.

Сөздөрү бир жерден чыгып, эрдемсинишкен үчөө куралган эки солдаттын колдорунан мылтыктарын жулуп алышып, буйдамалашты. Эки солдат да, аларга моюн беришпей алыша кетишти. Бири-бирине үрпөңдөшкөн эки тараптын кармашы бир топко созулду. Бирок, жергиликтүүлөр сан жагынан артыкчылык кылышып, алардын моюндарын кайрып өлтүрүшдү. Оюн-чыны кармаштын акыры өлүм менен бүткөнүнө чочулашкан үчөө, Чептин башына алып барышып денелерди, отундардын үстүнө жаткырышып өрттөшөт. Суу отун алоолобостон, солдаттардын денеси чала күйөт. Ээн талаада колдорун да кетмен-күрөктөрү жок үч шерик, эптеп мылтык менен жерди казымыш боло, чала көмүштү.

Эки солдаттын мылтыгын алып келишип, Чоң-Бүлөлүнүн ичиндеги Сасык-Белге, андан соң Кашка-Суудагы коюу арча-лардын түбүндөгү коңулга бекитишти. Аттарын талаага алып барып союшуп, эттерин бөлүп, үйлөрүнө ташышты. Бир топ күн өткөн соң, жиксиз жоголгон солдаттар издөөгө алынды. Дарегин билген эч ким жок. Бүлөлүнүн эли да билбейт. Башта солдаттардын шериктери айыл аралай, сурамжылап издешсе, эми даректери билинбеген соң, жол бойлорун, тоо-таш кезип издөө күч алды. Эптеп көмүлгөн солдаттардын денелери, жыттана баштады. Аны ары-бери өткөн үчөө айкын байкашты.

-Баягылардын денеси, жыттана баштаптыр-деди чочулай Жумабай.

-Эптеп көмүлгөн денелерди, түлкү дале ачып алат.

-Калыбай кооптонду.

-Башка жакка алып барып, жылдыралы- деп Айти маслат берди.

Үчөө түнү менен эки денени көтөрүп келишип, Көл-Чатыдагы Чекенди-Өтөккө таш менен корумдашып, бекитишти. Көкчө улуудагы Мамиш кекиликчилеп жүрүп, уудан келатып, аларды көрүп калды. Үчөөнүн кылыгы ага зарыл керек эле. Баягында үч бүлөлүлүк, ат союшуп, терисин буйдамалап ала качышып, бөлгөн эттеринен такыр бербей коюшкан болчу. Өздөрүнүн жылкысы болсо үйлөрүндө союшмак. Анда да үчөөлөп союшпай, айылындагыларды чакырышмак. Бул жагы шектүү. Экинчиси кимдин жылкысын союшту? Эти, териси

кандай? Эмне үчүн союшту? Буга далил, шылтоо таппай жүргөн. Райондон келген солдаттар издөө салып, үймө-үй кыдырышып, ар кимди сурак кылып, көргөн-баккандарын айттырып, жадап бүтүшкөндө, тоо-ташты аңтара тытмалап жүрүшкөнү аны дагы шектендирди.

-Муштумдай этке тең көрбөй, артыңарды салган үчөөңө бир шойком салбасамбы- деп кекене жүргөн Мамиш Гүлчөдөгү орустар турган жайга барды. Көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей айтып берди.

Аны алдыга салып, айдап алган орус командири эртеси эле Көл-Чатындагы Чекенди-Өтөккө келип, корумдалган таштан, өзүнүн солдаттарынын чала күйүп, жыттанып кеткен денелерин тапты.

Бул да Адиге жабылып, сыртынан иш козголду.

***

Терек дабаны аркылуу Көк-Сууга өтүүнү көздөгөн бир топ солдат Теректин ичиндеги Өрдөшкө жете келишип, кайра тартууга аргасыз болушту. Чын куранда лапылдата жааган кардан улам, күн эки күн бою ачылбады. Үчүнчү күнү булуттар сүрүлүп кеткени менен суук катуулап, жердин бетинде кадимкидей муз тоңду. Көк-Суу аркылуу Теректин дабанын эптеп ашып келген почточу солдаттын айтуусу боюнча арчадан башка долоно, шилби, четин, кайыңдардын жалбырактарын, ал тургай капчыгай ичиндеги көк чөптү үшүк алып, карартып салганын, Гүлчөдөгү отряддагылар билди. Кардын жааганына, сууктун болгонуна карабастан белгиленген мөөнөттө Көк-Суудагы чек арага жетип баруута аскерлердин бир тобу жөнөтүлгөн болчу. Алар жолго чыккандан баштап, күн катуу ысып, жылга-жылгалардан кыян жүрүп, суу ташкындады. Ар жылгадан түшкөн селден аярланып өтүүгө аракеттенген солдаттардын тобу түш оой Терекке жетишип, Өрдөшкө өтүп кетишкен эле. Капчыгайдын ичиндеги калың кар көчкүдөн өтө алышпай аркага кайтышкан. Аларга баш болгон жаш жигиттин айтуусу боюнча солдаттардын түнөгү үчүн Теректиктер айыл четиндеги бир боз үйдү бошотуп беришти.

Айылдыктар эрте менен карашса солдаттар жаткан үйдөн эч бир караан билинбейт. Күн тегиз көтөрүлө бергенде барышып, баштарынан ажыраган денелерин көрүштү. Заматта Сопу-Коргон аркылуу Гүлчөгө кабар берилип, шашылыш түрдө көп

жоокер келди. Алар ары чабышты, бери чабышты. Шектүү эч кимди таба алышпады. Айылдагылар кыйналып, эркек таналар тургай, аялдар да сурак беришти. Күнөөлүүлөрдүн изи билинбеди.

Акыры келип, бул иш «Адинин басмачыларынын колунан келди» деген тыянак чыгарылып, ГПУда маалымат катталды.

***

Жаш совет өкмөтүнүн «жергиликтештирүү» саясаты жүргүзүлүп, иш кагаздарын жергиликтүү калктын тилине которуу, калктын сабатсыздыгын жою, кедей-кембагалдардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу колго алынды. Кыска мөөнөттүк курстар ачылып, окуу жайларда, партиялык агартуу системаларында окутууга кадрларды даярдоого көңүл бурулду. Борбордук райондорго практикага тажрыйба үйрөнүүгө жөнөтүү, жергиликтүү кадрларды кызматка көтөрүүгө көңүл бөлүндү.

Алай-Гүлчө аймагындагы Кызыл-Коргон айыл волосу беш кыштактан түзүлүп, айыл волосунун төрагалыгына Максүт уулу Алакөз, катчылыгына Кари уулу Сатар көрсөтүлгөн эле.

Өкмөттүк тартипке көңүл бөлүнүп, талап да күчөгөндөн күчөдү. Бай-манаптарды тап катары кулакка тартуу, мал-мүлкүн ортолукка алуу күч алды. Чарбалык, маданий ишти уюштурууга көрсөтмөлөр берилди. Байлар менен кошо, колунда бар чарбадарлар, орто дыйкандар жер иштетип, өзүнчө дан тапкандар, бирин-экин малын улаштырып, тыңыраак жашагандар тизмеге алынып, районго, ГПУга тапшырылды. Күн алыс айыл волосунун төрагасы, же анын катчысы баштаган ГПУнун адамдары келип тизмеге катталгандардын мал-мүлктөрүн эсептешип, ортолукка тапшыртышат. Бергиси келбегендерди, же каршылык көрсөткөндөрдү чак түштө эле районго айдап кетишет.

Ошол учурда буржуазиялык адистердин «зыянкечтери» деген компания күч алып, ал партиянын үгүт иштеринде кеңири жайылтылып жаткан. Жүрөк түшүргөн жардык пайда болуп, «Кулакка тартуу», «Эл душманы» деп аталгандар соттоосуз эле «үчтүктүн» ар бир админстрациялык бирдиктин (райондук, облустук) партиянын жана советтик жетекчилери менен НКБнын ошол жердеги башчысынын чечими менен камакка алынып, башка жактарга айдалып жаткан. Ушундай шартты өз кызыкчылыгына пайдалангандар жергиликтүү жетекчилердин арасында көп учураган. Дал ошондойлордун катарында айыл воло-

сунун төрагасы Максүт уулу Алакөз болду. Төрагалыкка көтөрүлгөндөн тартып өзүнүн кызыкчылыгын көбүрөөк ойлой баштады. Бир күнү Күң-Элек айылындагылардан кабар алганы барса, жасакер, кошоматчылары кулагына шыбырашты.

-Абдыкадыр молдо динге берилген, эскичил киши. Үйүндө аялы туруп, үстүнө токол алды. Токолунун аты Айсулуу. Атына жараша, заты да шайкеш.

-Пай-пай. Тим эле чүрөк. Төрага, өзүңүзгө ылайык.

-Быягын, ойлонуп-багып көрбөйсүзбү.

-Ооба, колуңуздан келип турган чакта, андай немени молдого ким коюптур!

Айтканы айткандай аткарылып жаткан төрага атын бура тартып, Кызыл-Коргонго келди.

-«Жаш кызды зордоп алды»-деп «үчтүккө» кат жазып Күң-Электин молдосу Бөрүбай уулу Абдыкадырды үч жылга абакка айдатты.

Иш бир жаңсыл болгондон соң Айсулууну өзү аялдыкка алып, үйүнө алып келди. Теңтуштарынын арасында ичкилик ичип, кызыганда, ат үстүндө бөйрөгүн таянып:

-Бийлик колдо,
Мингеним кашка жорго.
Айдай сулуу Айсылуу,
Чыккыс төрдө…дегени эл арасында айтылып кетти.

Бөрүбай уулу Абдыкадырдын кыянаттык менен түрмөгө камалып кеткенин билген, Абдыкадырдын тууганы Мамыр:

-Кызыңаталак кызматына көпкөн Алакөз. Колума бир тийээрсиң. Алакөз атыңды, Чалакөз атыктырамын-деп кекенип калды.

Бир күнү Алакөз катчысы экөө районго жөнөп калышты. Мамыр басмачы аны Кара-Дабандын ашуусунда тосуп, аттарын тартып алып, жылаңачтап, колдорун кайра байлап, жигиттерине сабатат да, Согондунун белине чейин жөө айдап барды. Жигиттерин ээрчиткен Ади Согонду аркылуу Бүлөлүгө баратып, алардын алдынан чыкты. Эл арасында айтылып жүргөн сөздөн улам, окуянын чоо-жайын түшүндү. Аңгыча болбой, эттери эзиле келтек жешип, колдору байлануу, ат менен демите өргө айдалып, аябай терлеген экөө Адини көрүшүп жалына кетишти.

-Айланайын Ади, бизди куткара көр?

-Өлгүчө өмүрүңдү тилейм?

-Жакшылыгыңды унутпай жүрөлү?

-Эптеп, бизди булардан бошото көр?-дешет экөө жарыша.

Өлүм алдында, энтигип араң турушса да, Адинин алдына келишип, чөгөлөй жалбарышты. Ади маңдайындагы Мамыр корбашыга кайрылып:

-Мамыр аке, бул экөөнүн канына заун болбой бошотуңуз?

-Ади, сен ортого түшпө. Булар канча адамдын убалына калышканын, элдин баары билет.

-Өлтүрсөң өзүң өлтүр, Ади?

-Сенин колуңдан өлгөнгө ыраазыбыз?-дешип ыйлакташты.

-Бир жолкусун мен сурандым. Агалык кылыңыз. Булардын аша чаап кетишкени чын. Эгер, ал кылыктарын кайталашса, өмүрлөрү дале сиздин колуңузда. Тилими алыңыз? Сөзүмү жерге таштабаңыз?

-Сен ортого түшүп калдың, Ади. Болбостур эми-деп аларды таштап Мамыр басмачы, жигиттерин баштап жолун улады.

Ади ал экөөнө жигиттеринин тондорун жаптырып, үйлөрүнө жеткирип койду. Кийин ал экөө эл арасында жүргөндө:

-Бизди ажалдан Ади алып калган-деп кеп кылып калышчу.

***

Сот, прокуратура жана милиция органдары революциялык мыйзамды күчөтүү, ар кандай кылмыш иштерди ашкерелөө боюнча иштерди колго алышты. Аялдарды жана кыздарды мал катары сатып, калың алып байыгандардын үстүнөн кылмыш иш козголду. Кыз-келиндерден чыккан активисттер байлардын чарбасын текшерүүгө катышып, кедей-кембагалдарды эзип келишкендиктери ашкереленди. Болоор-болбос акы төлөп, жалдап иштетишкен байлардын келишимдери тастыкталбагандыгын аныкташты. Алайдагы жайлоо Советиндеги милиция органдары тарабынан кулакка тартылуудан жашынып жүргөн бир нече адам кармалды. Советтин токтому менен эки жүз бай чарбанын ээлеринен беш миң төрт жүз кой-эчки, төрт жүз жыйырма жылкы, эки жүз сексен бодо мал, жүз отуз төө мамлекеттин пайдасына алынды.

1925-жылдан тартып сабатсыздыкты жоюу боюнча жер-жерлерде атайын комиссия иш жүргүздү. Ликбез (ликвидации безграмотности) деп аталган мектептер ачылды. Сабатсыздыкты жоюуда каражаттын тартыштыгы кедергисин тийгизбей койгон жок. Калкты окутуу колго алынса да, бир нукка түшө

албады. Улам убакыт өткөн сайын ликбез мектептери, кызыл үй, кызыл бурч, кызыл кырман деп аталган жайларда тамга таанытуу жүрдү. Жаш чектелбей, кары-жаштар бирге окутулду. Айрыкча аялдар арасында, кыз-келиндерди окутуунун көптөгөн түрлөрү колдонулду. Күн санап окуп, жаза билгендердин саны көбөйө берди. Ошону менен катар байлардын ээлеген жерлерин чайрыкерлерге бөлүп берүү колго алынды. Жергиликтүү калктын көбү көчмөн турмушта жашап, жай айларында колундагы малдары менен бийик тоолорго, жайлоолорго көчүп барышкан. Жайлоодогулардын арасында партиянын саясатынын таасирин күчөтүүнүн жана советтештирүүнүн чарасы көрүлүп, жайлоо Советтери уюштурулду. Анын милдети Совет бийлигин чыңдоо, карапайым калктын жаңы өкмөткө болгон ишенимин арттыруу эле.

Жайлоо Совети кедей-кембагалдарга таянуу менен байларга каршы күрөшүү, көчмөн малчылар арасында чарбалык, маданий иштерди кеңири таркатуу. Үгүт иштерине кыз-келиндер да кеңири тартылып, өз укугун, теңдикти талашууга үндөшкөн. «Эркектер менен тең укукта болуп, коллективдештирүү ишин колго алабыз!», «Эскичиликке каршы күрөшөбүз!», «Диний эски ырым-жырымдарды колдонууга жол бербейбиз!», «Жаңы замандын эркектер менен тең курабыз!», «Сабатыбызды ачып, кат таанышыбызга каршылык болбосун!» деген ураандар жарыяланып, эркиндик, теңдик деген саясат кеңири жайыл-тылды. Кыз-келиндер арасынан жетекчилик кызматтарга көтөрү-лүп, коммунисттик партиянын катарына кабыл алуу, волосторго төрайымдыкка шайлоо иштери жанданып, мурда үй-тиричилиги менен гана алек болушкан кыз-келиндер үгүт иштерин жүргүзүштү.

Жаңы экономикалык саясат тоолуктардын турмушуна чоң бурулуш жасады. Бардык жерде коллективдештирүү компаниясы башталды. Борбордук бийлик агрардык секторду өзү көзөмөлдөп, колхоз чарбасын турмушка ашырууну колго алды. Колхозго кирген жеке менчиги жок адамдар өз эркиндигинен кол жууду. Колхозчулар өз эмгегинин жыйынтыгына кызыкпастан, көрсөтмө менен иштеген жандар болуп калышты. Жетекчилерге көз каранды болушуп, буйрукчулук жолу киргизилди. Байлык менен бийликтен ажыраган бий, байлар большевиктердин саясатына каршылык көрсөтүштү. Алар «тап душман» аталышып, «кулака тартуу» сүргүнгө айдоо аркылуу башка жактарга

көчүрүлүп жатты. Дал ушул чакта Аскалыдагы комсомол ячейкасынын мүчөсү Сырга кыз жаңы колхоз уюштуруунун алдыңкы катарында болду.

Комсомолдук, партиялык уюмдарга кеңири укук берилип, иштин жүрүшү боюнча колхоз башкармалыгынын төрагасынан баштап, майда активдердин да билдирүүлөрү угулуп, кетирилип жаткан кемчиликтерди оңдоо боюнча тапшырмалар берилген кызмат абалына чаралар көрүлгөн.

-«Ячейка карайт экен», «ячейка текшериптир», «ячейка жыйынтык чыгарыптыр»-деген маалыматтар колхоз активдерин аябай чочутту.

Жаш комсомол Сырганын активдүү аракетин, ишмердигин көрө албаган колхоз курулушунун душмандары ал жөнүндө ар кандай ушактарды таратышты. Күйөөсүнө каралашып, экөөнүн ынтымагын кетиришти. Сырга ал азаптарга чыдап, жаңы өкмөттүн саясатын жүргүзүп, айылдагы кыз-келиндерди колхоз турмушуна кеңири тарта берди. Бай-манаптардын айрым саркындыларынын бетин ачып, колхоз башкармалыгындагы «активдердин» жеп-ичкендеринин бетин ачты. Ага өчөшкөн душмандары, бирин-бири күбө тартышып, күйөөсүнө жамандашты. Жалган сөздү териштирүүгө көңүл бурбай, ачуу үстүндө күйөөсү Сырганы катуу сабап, өлүмүнө себепкер болду.

-Айдай кызыбыздын ажалына себепкер болгон күйөөдөн кун алабыз-дешкен Теректик сарттар жабыла Акмат молдонун үйүнө аттанып келишти.

-Балаңы таап бер! Катынын урган күйөөнүн колун сындырабыз-деп бирөөсү темитсе, экинчиси:

-Кызыбыздын өчүн балаңан алабыз-деп Акмат молдону демитип, жаңжал салышты. Бир –экөө аркан керишип, Акмат молдонун боз үйүн орой чапса, кырчоосуна кыл чылбыр байлап сүйрөтөөрүндө Сырганын атасы молдо, ары чоң уста Мамак туугандарынын алдына курун мойнуна сала, чөгөлөй отуруп:

-Айланайын туугандарым! Мен силерге ыраазымын. Менин абийиримди, карындашыңардын намысын бийик тутуп, келип отурасыңар. Бир ачууңарды мага бергиле. Туугандын топурагы алтын деген, мен силерден суранам? –деп көзүнө жаш алат.

-Жок, молдоке ортого түшпөңүз.

-Айланайын уста, айдай карындашыбызды кантип эле өлтүртүп коюп, жөн коебуз. Ал кайра табылмак беле?-деп

кыйкырышкан туугандарына, Мамак молдо эки колун көкүрөгүнө ала :-Мени кечсеңер да,карындашыңардан эки туяк бир уул, бир кыз калып турат. Эки сагыр үчүн кечиргиле?-деп жашып чөгөлөдү.

Теректик сарттар чоң устанын өтүнүчүнөн өтө алышпай аттарынан жапырт түшүп, Сырганы жоктоп өкүрүшүп, сөөгүн ардактап алып барышып, жайга коюшту.

-Ушул неберемди, мурдума жыттооч кылып жүрөйүн-деп молдо Мамак небересин көтөрүп кетип, койнунан чыгарбай чоңойтуп, эр жеткирди.

***

Адинин жигиттери Кара-Колдо келе жатышса, бейкапар бараткан Бабак чыгат. Ал өкмөттө кызматта болуп, эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, айылдарды аралап келаткан. Бир аз мурда эле шериктерине:

-Силер ишиңерди бүтүрө бергиле. Мен жакынкы айылга барып, элди чогулта берейин. Ага чейин силер жетип келээрсиңер-деп жалгыз аттанган болчу.

Топ басмачыларды көрө кала, чочуп кетти. Качууга үлгүрө албай атынын оозун тарта, туруп калды. Көп басмачы жабыла келишип, аны ороп калышты. Ортодогу Бабакты келекелешип, ар кими, ар кыл сөздөрдү айтып, шылдыңга алышты.

-Ии, Бабак үгүт жүргүзгөнү баратасыңбы?

-Байлардын, басмачылардын тилине кирбегиле. Алар менен тап катары күрөш жүргүзөбүз-деп…

-Акыңар болсо ачык айткыла. Эл алдында өндүрөбүз деп…

-Басмачыларга жан тартпагыла. Алар силердин душманыңар…

-Ооба. Биз душманыбыз. Эми, эмне кыла аласың?

-Тилиң тим эле буудай кууручу эле, сүйлөбөйсүңбү?

-Актип болуп көрүнүп, ат минип, тебетей кийип… Ой энеңди… сенин. Алгыла, атын алып, кийимин сыйрып алгыла!-деп өкүм буйрук берген жигит башынын сөзү менен жабалактагандар Бабакты ат үстүнөн сүйрөп түшүшүп, бириси баш кийимин, бириси үстүндөгү тонун, бириси бутундагы өтүгүн сыйрып алышканда, ал соксоюп ыштан-көйнөкчөн, жылаңайлак турду.

Аңгыча болбой арытан бирөө келип, тургандарды оморолото:

-И, эмне болду?

-Мына бу, өкмөт өзү келип колубузга түштү.

-Кана, ким экен ал? деп Ади атын темине бергенде ортолук жарыла, четтеп, басмачылар аттарын кетенчиктетишти.

Бабак башын көтөрүп, каршысында турган Адини көрдү да эмне деп айтаарын билбей башын жерге салды.

-А Бабаксыңбы?

-Айланайын Ади, мени жигиттериңе талата көрбө?-деп момурады ал.

-Кийимдерин кайтарып бергиле, жигиттер. Бул өз күнөөсүн мойнуна алды-дегенде баягы чечиндирип алгандар, анын кийимдерин ортого ташташты.

-Эй, Бабак! Кийимдериңди кийгин да, кечинде бир союшуң менен биз отурган үйгө өзүң кел!-деп, атынын башын бурду.

Баятан бери аны шылдыңга алып, жажалап жаткан басмачылар аны ээрчий алыстап кетишти. Бабак кечинде бир союшту өңөрүп, Ади жигиттери менен конгон үйгө келди. Союш союлуп, эт казанга салынды. Бир топко аңгемелешип отурган соң, Ади жигит башчысын чакырып:

-Экөөң кучакташып дос болгула. Бири-бириңе жамандык ойлобой ынтымакташып жүргүлө. Кектешкендин арты жаман. Эр жигиттин көңүлү таза болот-деп экөөнү кучакташтырып, дос кылып, отургандардын батасын алып берди.

***

-Ади Кытайга барат экен.

-Жо-ок. Кытайга ашып кетиптир.

-Анын аркасынан Бапы, Токтосун, Арзымат да кеткен имиш.

Айыл ичинде ар кыл имиш кайра көбөйдү. Райондон бейтааныш адамдар келишип, Адинин жүргөн-турган жерлерин акмалашып, эки-үч курдай жайлоого чейин барып кайтышты. Кээде милициялар, солдаттар келишип, айылдагыларды кыдырчуу болушту. Кайрадан дагы сурак күчөп, айылдыктар биринин артынан бири районго тез-тез катай баштапты.

Адинин карааны кайрадан айыл аралап, анын дарегине айтылчуу азайгансып баратты. Ал райондун аймагында болгон аш-той, маарекелерге катышып, тууган-уруктарга барып, бейкам жүрдү. Аны милициядагылар, ЭНКБдагылар суракка да алышпады. Базарда, эл топтошкон жайларга эч ким тескеп, тийген да жок.

-Ади басмачылардын башчысы. Кытайга качты. Тигини чаап алды. Муну атып салды-деген сөз жалган тура. Ал кечээ күнү милициялар менен сүйлөшүп, тамаша айтып күлүп жүрөт.

-Сенин айтканың туура окшойт. Кызыл партизандар аны менен кол алышып эле жүрүшпөйбү?

-Ооба Кызыл-Коргондогу Парманас максым баш болгон партизандар аны издеп, Бүлөлүгө канча жолу келгенин билем. Кечээ күнү экөө жолукканда учурашып кол кысышыптыр-дейт.

-Чынбы? Ошону айт?

Парманас максым Адинин колун катуу кысып кармаптыр. Ал ага жооп кылып, максымдын колун капшыра кармаса:

-Ай-ай, кайтпас, мен күчүңдү сынайын дедим деп, колун силкип карсылдап күлдү дейт.

-Көлөмү эки кишидей келген Парманас колун силксе, Адинин күчү оңор эмес го?

-Кеп башкада.

-Ии?

-Ади Кеңеш өкмөтүнө душман болсо, ошол милициялар, ЭНКБдагылар, же болбогондо Парманас максым дале, колун кайрып барып, камап салса болбойт беле?

-Ооба. Басмачыларга башчы, өкмөткө каршы деген сөз жалгандыгы билинип эле жүрбөйбү.

-Анан, эмне эле Адини издеп солдаттары бир келет. Милиция менен ЭНКБдагылары бир келет?

-Ал Кеңештин адамы экен. Жаңы өкмөттү Кашкарга орнотуш үчүн Сталиндин тапшырмасы менен жүрөт дешет.

-Ооба. Эмне эле түрмөдөн базарга баргансып, кайра келет десе, иш быякта турбайбы? Аны билбегендер каралап, жаман аттуу кылып «баш кесер», «ууру», «каракчы»-деп айтышат экен да?

-Көрө албас, ушакчылардын чыгарган сөзү. Угуп, билсең айтчы. Кайсыл элди тоноп, кимдерди атты?

-Анысын билбейт экенбиз.

Көп арасында ар кыл сөз чыгат. Акыры келип, аныгы айтылат демекчи, Адинин жүргөн-турганы көп арасында бааланып жатты.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Бүтүндөй өлкөгө тараган жут, акыры Алайга жеткен. Жаз мезгили эбак келсе да, кыш ызгаары кетпей койду. Кабылдаган кара шамал жүрүп, жерге көк чыкпайт. Бирин-экин эптеп аман алып калган малга тоют жок. Баягындагы малдуу-алдуу кезде салынган бастырмалардын үстүн ачып, шакка басылган камыш, кашек-чөп сыйрылып тоютка пайдаланылды. Аз күнгө жетип, ал да түгөндү. Ачкалыктан арыктаган мал жөлөп-таяганга карабай өлүп берди. Көк-жашык эт көпчүлүккө жук болбоду. Жалаңдаган карын ага тойбоду. Шылдыраган шорпо ичип, кайыш баштанган кара эт жеген элди ич өткөк каптады. Айрымдары ичин басып жатып, ордунан турбады. Жай көөлөп, жакындардын сөөгүн көтөрүп барып жашырууга кубаттуу адам чыкпады. Ар бир жандын көзүнөн бир ууртам ак, алаканга өлчөп салаар дан учту. Аргасы кеткендер алгы ичишти, чырыч кайнатышып, эптеп даам таткан болушту. Кээлеринин өзөгүнө түшсө, кээлери ичтери көөп денелери шалдырады. Топудагы дан эчкиге, кеседеги дан койго, торбодогу дан бодого алмаштырылды. Урукка сакталган дан да азайып, эл тукулжураган мезгилде бүлөлүлүктөрдүн абалы дале өзгөчөлөнбөдү.

Каалагандар Кашкарга кеткени, ойлонгону Ошко жеткени, Кара-Суудан кайын издеп, Өзгөндөгү тага-жээнге баргандар кайрылып келе башташты. «Кардың ачса карындаш изде» демекчи кайда барса да, жокчулуктун жону дүңкүйүп, кайрымдуулуктун казабы казан астырбады. Эмне болсо да, тоого береке, ырыскы үзүлбөйт экен. Сасык дебей сармысактын түбүн, долононун ашын, түмөн чөптүн тамырын кайнатып ичкендер, тумоодон алыс, жугуштуу оорудан сак жүрүштү. Калың кар улам жукарган сайын эл төш таянышып жарчек-бурчектерди казган болушту. Капылеттен бирөөсү күңгөй беттен жүрүп, кар үстүнө чыгып калган буудайдын башын көрдү. Кастарлап жулганы барып, даны толо шагыраган буудайдын баштарын тапты. Элге сүйүнчүлөп, энтеңдеп чуркап келди.

Эл капкүрлөп карды челип ыргытып, жүрүшүп, ат жабуунун бетиндей жердеги орулбай калган буудай аңызга келишти. Аярлап баштарын кыркып алышып, жаргылчакка тартышып, сокуга жанчышып, «көжө аш» ичишти. Күн өткөн сайын кар кетип, тээ бийиктеги күңгөй беттер ачыла баштады. Карарган жерге канаттуулар үйүлүп, алардан мурда айылдыктар жетип, баягында бирин-экиндеп машак тергендер, эми тутамдап, буудай-арпа жулушуп алдуулар азык камдады. «Көжө аш» эми «кожо аш » аталып, элдин баарын сүйүндүрдү.

Анын жөнү. Этекте эгин болбоду. Ага күндүн ачуу тийгени, жамгырдын жаабаганы себеп болду. Эгин эптеп жерден чыкканы менен ным жетишпей бой көтөрүп өспөдү. Аңыздардын түсү бурулбай карарып кала берди. Капылеттен кара чегиртке каптап, тумандай болуп, эгин талааны гана эмес, жердин бетин ээледи. Түшүм алалбасын туйган дыйкандар, тамыр издеп ар тарапка таркап кете башташты. Мындай акыбал өткөн жылы Казакстанда болуп өтүп, ошол жылдары, казактардын аркасы Алайдын айылдарына да келип жеткен эле. Уруктук данга эмес, жеп-ичкенге жетпеген данга зар болгон адамдардын абалына карабай, ар бир үйдү аңтара-тинткен айыл активдери ашыкча эч нерсе таба алышпай мукурашты. Тукулжураган эл аман калуу аракети менен ар тарапка чачырады.

Баягы өжөр Кожо адатынан тайбады. Аргынга амач салып, ар кайсыл жонго чыгып, жер тилди. Аны эч ким көргөн жок. Көрүшсө да көк майса чыгаарына ишенишкен жок. Анча-мынча тоолордун башына булут конуп, дир-дир эте «жашын» төгүп кеткени менен шамалга туруштук бере албаган булуттар кайдадыр көчүп кете берди. Бирок, салкын жайда, бийик бетте ным жатып, көк майса тамырлап, бой көтөрүп баш алды. Эми кыяра быша бересинде жылдын мезгилине карабай олчойто кар калың түшүп, айлананы басып калды. Эски кар кеткиче, жаңы кар жаап, аңыздагы бышкан дан, маалында оргонго адам жок, кар алдында басырылып кала берди. Кожо да эл менен кошо Кашкарга кетип, эгин унутулган эле.

«Качып кетсең, чачып кет» демекчи тоолук дыйкандын берекеси ушинтип, кийинки жылда элди көжөгө тойгузуп, «Кожонун ашы» аталып отурат. Көрсө, «Эр эмгегин жер жебейт» деген сөз бекеринен айтылбаган экен. Кожонун бир жылдык эмгеги бүлөлүлүктөрдүн тукумунун уланышына чоң

себепкер болгонун, жаштар билбесе да, карыялар унутушпай ушул күнгө чейин айтып келишет.

Жут болгон жылдын кийинкисинде эт жеп үйрөнгөн тоолуктар көптөн бери этсиз тамак жеп, ичтери жаландашып, анын үстүнө азыктары да түгөнүп, аргалары куруган туугандарынын абалын байкаган Кожо малдарын аман сактап калган чарбадарларга барды. Алдын жайлоодо сууктун күнүндө оттоп жүргөн топоздорду көрүп, акмалады. Бүркө күндө түн коюланып элдин баары жапырт уйкуга киргенде, четине бөлүп сүрүп айдады. Кай берендей болгон топоздорду тосуп-айдаш, билгенге канчалык тозоктун тозогу. Азали чарчабаган, аска-зоону аралай илбирстей чуркаган азамат, кокту-колотту булут чалган маалда эбин таап, эптеп, бир бөлүгүн тан сөгүлө кароосуна айдап келди. Бейкам, уйкуда жаткан туугандарын тургузуп, заматта четтен союп, санын сан, колун кол кылып болуп киришет. Ар бир үйгө тепе-тен, түргө бөлүп, колдошуп, жеткиришип, там-таштарга, кароолорго киргизишип, үстүн тапкан-ташкандары, кашек-чөптөр менен жаап, кан-жин болгон колдорун жууп, сойгон жерлерин, тарап тазалагыча кыламык кар жаады. Из басты болгонго кубанып турган чакта конушу айылдагылар жайытта жүргөн топоздорун акмалашып, такыр таппай калышты. Кожонун караанын байкап, илектешип калган топоз ээлери «Уурулуктун үстүнөн чыгып, Кожону айылында кармайбыз» дешип Кожонун айылына топтолуп келишти.

Моюн созо ат үстунөн кароолорду карашса, эч кандай шек чыкпайт. Курч туяктар тебелеген из да, союлган топоздордун кызарган кандары да, жайылган тери тургай, төгүлгөн карын-жини да билинбеди. Кайрылып, аркага бастыра алыстап кете алышпай, же аттан оонап түшө алышпайт дүбүртү менен чыга калгандарга кайрылышып:

-Бул тарапка, топоз айдалып келинбедиби?–дешет куугунчулар

-Топоздор деп айтышынарга караганда, саны арбын көрүнөт. Канча топоз? деп бироо билмексен боло суроо салат.

Экинчиси, мурдагынын сөзүн кубаттап, анын сөзүн толуктайт.

-Өнү-түсү, эн-белгилери бар беле?

-Көп топоз?

-Тогуз кара, бир ала-дейт кугунчулардын бирөөсү.

-Оу, бирөө-экөө болсо,бизден шектенсенер болот. Тогуз кара, бир ала топоз, алакандай айылдын кай тарабына батат? Мал аягы саяк. Башка тараптарды карап көргүлө–дейт төп акмазалана айылдагылар.

-Анынар да ырас. Көп эле, алыс кетпесе керек деп, куугунчулар аттарынан түшпөй аркаларына кайрылышат.

«Тогуз кара, бир ала» деген сөз шектуу бир иш боло калганда Кожонун туугандарынын арасында кийинге чейин айтылып калат

***

«Орустардын жүзүн көргөн тозокко түшөт», «Орус менен дос болсоӊ, балтаӊ жаныӊда болсун», «Орусту өлтүргөн киши бейишке чыгат» деген сөздөрдү ойлоп табышкан дин өкүлдөрү, караӊгы элдин баштарын айландырышты. Аларга ишенгендер үйдөгү балдарын да «Орус келатат, ыйлаган баланы алып кетет» деп коркутушчу. Тоолуктар аскер кийимин кийгендерди падышалык аскерди да, кызыл армиянын жоокерлерин да «солдат», солдат- орус деп түшүнүшкөн. Себеби армиянын катарында орустар гана кызмат кылат деп ойлошкон. Жергиликтүүлөр аскер кийимин кийген адам көрсө, анын ким экендигине карабай, андан жашырынууга, же качууга аракет кылышкан. Себеби падышалык аскерлердин элге кылган кыянаттыгы, аларды жазалоочу катары көрсөткөн.

Кызыл аскерлердин катарында кызмат кылган башка улуттагы жоокерлер да, карапайым адам менен басмачыны айрымалай алышпаган. Себеби алар бирдей жайында калпак, желек, кышында тебетей, тон кийинишкен. Командирлердин тапшырмасы боюнча качкан адамды атышкан. Орустардын «Стой. Стреляю» деген сөзүн жергиликтүүлөр түшүнүшкөн эмес. Орус солдаттары жергиликтүүлөрчө «Токто. Атам» деп эскертүүнү айта алышпаган.

Бүлөлү Ош-Кашкар жолунун тому. Кыска жол болгондуктан чек арачыларды, же атайын тапшырма менен барган кызыл аскерлерди көргөндөр качып бекинишкен. Жөн адам качпайт деген ой менен алар куугунга алып, тутууга аракеттенишкен, же атышкан. Жергиликтүү мергендер да, солдат көрсө, анын ким экенин билбей ок чыгарышкан. Аскер кызматкерлери Бүлөлүнү «шектүү аймак» катары тынымсыз көзөмөлгө алышты.

Көбүн эсе Бүлөлү аркылуу «кара тизмеге» туш келген байлар, басмачылар, уурулар Кашкарга өтүүгө аракеттенгендер бириндеп-экиндеп, же топ-тобу менен тоо аралай бекинип жүрүшкөн эле.

Кызыл-Коргондук Ураим аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп, кызыл аскерлердин, же чек арачылардын Бүлөлүгө барарын, же чек аркылуу ашып кетерин Будалык сельсоветинин төрагасы Турдуга эскертип:

-Бүлөлүгө тез жет. Солдаттар баратышат. Бүлөлү айылындагылар ак желек алып тосушсун-деп кабар берчү.

***

Ак-Босогодогу Молдо Нияз короо толо коюна, жайыттагы малына канаат кылбады. Дүнүйөнүн артынан түшүп, балдарына баш болуп, айылдарды чапты. Кыз-келиндерди тоноп, жалтыр-жултур буюмдарын зордоп алды. Каткандарды аңтарып, мойнундагы мончогун, кулагындагы сөйкөсүн, колундагы шакек, билериктерин, көкүрөгүндөгү өткөрмө, үзүк, чач учтуктарын, кеп такыядагы кечтелүү алтын, күмүш, акак, шуру, мончок деги эле аял затынын көркүнө көрк кошкон, тагынып, кийинип алса өзгөчө затка окшоткон баалуу буюмдарын койбой алды. Коюн-кончу адеми буюмдарга толду. Элдеги зергер буюмдардын бардыгы аныкы болду. Атасы барган жерден балдары калбады. Алганын алып, жулганын жулуп, каяша кылгандарды кандады.

Жети уулу жети бөрүдөй жортуп, алыскы, жакынкы жерлерди жойлошту. Алай-Гүлчө аймагынан ашып, ар жагы Чоң-Алай, Алайкуу, бир тарабы Араван, Ноокатка чейин барышып, олжо менен кайтып жүрүштү. Ошол кезде айылга ачкалыктан арыган, жокчулуктан жүдөгөн, азали күлбөгөн, жер карап сүйлөгөн кайырчы келди. Ыңгайы келген жерге түнөйт. Шарты жок жерге барганда, шашылбай жүрө берет. Кайыр берген калкка кайырчы имерилет.

-Кайдан келдиң деп, андан эч ким сурабады.

Кош көңүл кайырчы, кабагын түйүп, кеп оролу келип турса да, таржымалын айтып, андан ары сөз курабайт. Молдо Нияздын уулу кайырчынын баскан-турганынан, жаш курагынан кооптонуп, көп эле жактыра бербеди. Бир күнү кайырчыны капылеттен кармап алып, ар нерсени чечмелеп, сырын сурады.

-Кайырчым, кайдан келдиң? Ысмың ким? Үй-бүлөң барбы, канчага кирдиң? Эл-журтуң барбы? Жөндөн-жөн эл аралап, эмнеге минттиң?

-Байбатча. Ысмым Жусупжан. Жашымдан ата-энемен ажырап, кайыр суроого көнүп алыптырмын. Тагим Кашкарлык. Ылайыгым туура келген жерди, турак кылайын деген оюм бар-дейт. Жаңыбай ага көп ишене бербеди.

-Ата, кайырчы делген Жусупжан жөн адам эмес. Жөн адам минтип жүрбөйт. Акыры көзүбүзгө чөп салып жүрбөсүн. Тындым кылып коелубу?-дейт Жаңыбай атасына.

-Кой балам, мусаапыр адам кайырчы болот. Жүрө берсин, тийбе. Күнөйүңдү актаймын десең, кайыр бер. Сообу тиет-дейт Молдо Нияз.

Учуру келгенде кайырчы Жусупжан Молдо Ниязды жети уулун бириктирип кармады.

-Ко-ош Ниязбек аке! Молдо башыңыз менен мусулман кылбаган ишти кылдыңыз эле, күнөйүңүздү мойнуңузга аларсыз? Иш ушундай экен, колуңуз менен кылган күнөөңүздү мойнуңуз менен тартар мезгил келди-деп аскердик кийимчен туруп, жети уулу менен бириктирип атат.

-Ко-ош, Ниязбек аке! деген лакап, ушул күндө да эл арасында ыңгайы келгенде айтыла калат.

***

-Ади түрмөдөн чыгып келиптир-деген кабар айылга тарады.

Айгакчылардын күнү тууп, туугандар биринин үйүнө бири кире алышпай калды. «Шырп» эткен добуш НКБга жетип, эртеси эле районго чакыруу келип, сурак башталды.

-Кана, эмне көрдүң? Эмне билесиң? Тиги кайда жүрөт? Кимдикине кимдер келип кетти? Эмнеге келиптир?...

-Билбейм-десең эле балээге калдың.

-Сен өкмөткө каршысың. Билип туруп, жашырасың, айтпайсың. Эгер бир иш болсо, билип туруп айтпаганың үчүн сен жооп бересиң-деп жарга такайт.

Көргөн-билгениңди айтсаң, ага тиешелүү адамдарды чакы-рып, сени күбөгө тартат. Бир туугандар, ал тургай эрди-катын-дын төшөк ичиндеги айткан сөздөрү районго жетип,сурак күчөдү.

Жаз аяктап калган мезгил. Колунда барлар бирин-экин малын алып, жакынкы жайыттагы жайлоону көздөй көчүүгө

камданып калган. Көккө тойгон төрт түлүк мал да ирдене баштап, денесине суу жүргөн жандыктар өрлөп, анча-мынчалары койлорунун жүндөрүн кырка башташкан.

Эл арасындагы кару-күчү бар, билектүү азаматтар колхоздун жумушун кылып, тегиз чыккан көк майсалуу аңыздарга арык чаап, суу жеткирип, жапырт талаада. Кемпир-чал, жаш балдар малга караан. Кар кетип, чээнден чыккан суур-кашкулак менен алек болгон ит-куш, карышкыр эгиздеп кетип, малды дале сак-сактап артынан түшкөндөр жок. Көккө тойгон мал да алыстабай жака-белди имерчиктейт. Көпчүлүк малын ортолукка-колхозго топтоп берип,саналуу ган чарбадарларга бириндеп, экиндеп жылкы калып, аны да үч-төрт үй бир үйүргө кошуп, ар жылганын этегинде, биринен-бири алыс.

-Басмачылар элди тоноп, мал-мүлкүн талап жатыптыр.

-Кандай басмачылар?

-Кадимки эле басмачылар.

Басмачылар эчак эле жоюлбады беле?

-Жаңы дагы басмачылар уюшуптур.

-Кимдер экен? Кай жерден чыгыптыр?

-Тоокелер дешти. Башчысы Ади имиш.

-Калпты айтпагыла. Жаңы өкмөт басмачылардын ташын-талкан кылып, эчак эле жойгон. Кеп кайдан чыгып жүрөт? Ади Кытайга кетти дешкен. Бул кабар райондун аймагындагыларга угулуп, угула элегинде салт атчан, куралдуу топ, айылма-айыл кыдырып, чаң салып жүрдү.

Күтүрөгөн көп жылкынын туяктарынын үнү алыстан угулуп:

-Айт, айт! Тос! Бери кайры! - деген кыйкырык аба жарып, анда-санда «тарс-тарс» эткен мылтык үнү угулат. Эч нерседен кабары жок, бейкам жаткан айылдагылар үйдөн дүрбөп чыгышып, чуу чыккан тарапты элеңдей карашат. Майда бала-бакыралар коркушуп, энелеринин этектерине жабыша, аталарынын колтугуна пааналашат.

Айгайлап, күтүрөтө жылкы кубалагандардын үндөрүн уккан үйүрдөгү жылкылар кулактарын тикчийте кошкурушуп, желедеги кулундарды көздөй имерилишет. Ар бир желеге жакындаганда «тарс» эткире мылтыктарын көккө аткан топ.

Желесин кырк, ноктосун шыпыр! Кошуп айда –дешип, суроо-сопкуту жок, үйүдөгү жылкыларды сүрүп, жайлоодон жайлоого өтүп баратышты.

-Кой-ай! деп аларды тыйган, сүрүлүп бараткан жылкылардын алдынан тосуп,кайрылган эч ким жок. Кары-картаң, чал-кемпирлердин баары эле боз үйлөргө жашырынышып, туурдуктун тешигинен сыртка көз салышат. Мурдагы жылдардагы басмачылардан запкы тарткандар.

-Алда, эмне балакет болуп кетет. Жаш балдар, неберелер коркуп калышпасын дешип,өздөрү менен өздөрү алек.

Ар-ар жерде үчтөн-төрттөн кулунду бээлер үйүр кыла,желе байлагандардын жылкыларын кошуп айдашкан топ, айыл аралабай, сыртка салып Капчыгайды өрлөп, Ак-Ташты айланып, Үч-Кара-Бөктөрдүн башы менен Кара-Баргынын белине салып, Качуура тарапты көздөй кетип баратышты. Ары Кара-Кулжа тараптан да саналуу жылкы сүргөндөр Ак-Башаттын белин көздөй багыт алышты.

Бая эрте менен жалгыз ак бозун ээр- токуму жок, жүгөнүн шыпырып үй жанына бош кое берген. Жаз күнүнүн табына ныксыраганынан улам, көк чөптүн үстүнө, бутундагы чокоюн чечип ыргытып,«тук» этип алайын деген ой менен Жусмамат балбан жамбаштай калган.

-Айт-Уйт!-деген үндү тоготпой, качкан атын тоскон бирөөдүр деген ой менен башын көтөрүүдөн зериккен балбан, буту-колун кенен сунуп уктап жаткан.

-Апей! Атты айдап кетишти-деп чочуган кемпиринин үнүнө назар салбады.

Ак боз айдаганга көнсө да алыс барбайт. Ал таанымал. Эч ким айдап да кете албайт-деген ойдогу балбандын кулагына кулун-тайлардын, бээлердин кишенегени шак дей түштү.

-Көп жылкы кайдан келе калды?-деген ой менен башын көтөрө, элеңдей атарабын карап, те алыста көп жылкыны сүрүп, жер чаңыта бараткандарды көрө калды. Аңгыча ары коңшусу:

-Басмачылар жылкыларды айдап кетишти!-деп кыйкырыгынан улам, кечээки эл арасынан уккандары эсине түшө калды да, чокоюн кийбей, жылаңаяк чуркап жөнөдү.

Жылкылардын артынан жете алгыдай эмес.

-Болду болбоду булар Ак-Башатка салат деген ой менен балбан, жайлоону кыя өтүп, жылкы сүргөндөрдүн алдынан чыкмак болду. Кокту-колоттордогу аң-жарларды аттап өтүп, чалчык-балчыкка карабай былчылдата кечип жүрүп, Жошолунун-Дөңүнөн, Тегерек-Сазды аралай, Күнгөй-Жаңынын

ичи аркылуу чуркап белге чыкты. Денесинен чыккан тери жалаң кийиминен өтүп, үстүндөгү кийими малма-малма өлдөндү. Көкүрөгү ачышып, көзү тунарганга карабай жылкыларга жетүүнүн аракетинде болгон балбан кышылдап-күшүлдөп күйүккөн өпкөсүн баса албай турду. Сүрүлгөн жылкы Качура жакка айдалбай Жошолу тарапка, Кара-Токтуну көздөй бурулганын көрүп, алдынан утурлай жөнөдү.

Кулундуу бээлер, үйүрдөгү айгырлар аралашкан.

Көп жылкынын четинде ак бозу бүлүнө келе жатыптыр. Балбандын оюна коркунуч келбеди. Анын эси-дарты ак боздо. Жүгөндү колтуктай жылкылардын алдын тосту. Аңгыча көп жылкыны жандай чаап келе жаткан жигиттер сунган мылтыктын үңүрөйгөн оозу көзүнө чалдыкты.

-Эй, кач, тур буякка! Жылкылардын алдын тоспо! - деген өктөм үн угулду.

-Жалгыз ак бозум бар. Ак бозду таштагыла?

-Көп жылкы көзүңө көрүнбөйбү. Ак бозуң жылкылардан башкачабы? Мыскылдуу үн кекете суроо салды.

-Ырысыма бүткөн мал. Ишенгеним ак боз?

Арытан бир орунда токтобогон курч атын ойдолоткон адам көрүндү. Анын теше тиктеген каш-кирпиктүү кара көзү, балбандын көзүнө чагыла калды.

-Эмне болду? Ал алыстан өктөм үн катты.

-Мына бул телтейген бирөө, ак бозум деп келип, алдыны тосуп турат-деди жана мыскылдуу сүйлөгөн жигит.

-Канчалаган жылкылардын ээлери дап айта албай турса, мунун жол бөгөп чыкканын көр. Талпайта атып салайынбы?

Жылаңайлак, жылаң баш, шөлбүрөгөн көйнөк-ыштанчан, атынын жүгөнүн колтуктап турган балбан алардын көзүнө бир бечара көрүндү окшойт. Ат үстүнөн аны мыскылдай, тоготпой карап турушту. Ойдологон курч атын теминген адам ага жакындай келип тааныдыбы.

-А балбан тура. Ак бозуңду кошо айдашыптырбы?

Жумшак сүйлөгөн атчанга балбан назар салды.

-Балбан мени тааныбай турасыңбы? Мен Адимин.

-Ассалоом алейкум-шашкалактады балбан.

-Ваалеки. Ак боздун даңкын булар билишпейт. Бирок, абайлаганың керек го. Бир ок сенин балбандыгыңдан күчтүү. Тааныбагандар атып салышы мүмкүн. Эрдигиңе салбай,

абайлай жүр, абаке? Ак бозуңду кармап ал. Сизден башка болгондо бербейт элем. Ак боз колуңузга канчанчы жолу тийиши?

-Жетинчи.

-О жети жолку мөрөйүңүздөн ажыратмак экенбиз. Сиз элдин намысысыз. Ак боз менден тартуу.

Балбан анын сөзүнө маани бербеди. Башын жерге салып, үзүгө көк бурдаган атына барып, жүгөнүн катты.

-Кош балбан, мени эстей жүрүңүз. Буйруса бир алдыңызга келээрим бар-деп шериктерине башын серпип койду.

Аз да болсо тыныгып калган көп жылкыны сүрүп айдагандар, балбандын жанынан узап баратышты.

-Адини басмачы дешкендерге түк ишенчүү эмес элем. Элдин жылкыларын тоноп, сүрүп айдатып кеткендерге кийин ишендим.

-Аны өкмөттүн адамы деп, көбү айтышчу.

-Өкмөттөн да, жадады да.

-Ооба, улам аркасынан түшүшүп тутуп барышып, түрмөгө отургузушуп, кыйноого алышса, басмачы болуп кетти окшойт?

-Өзүнүн тобуна жалаң келбети келишкен, ыраң-баштуу, бойчон, балбан жигиттерди тандап алыптыр-деп айтып жүрүшөт.

-Мен да уктум. Өткөндө Бостонбай кошулам деп барыптыр.

-Кайсыл Бостонбай?

-Жошолулукчу. Финангит болуп жүрүүчү.

-Ии.

-Ал райондо налик алуучу өзбек бар эле го. Ошону өлтүрүп, мылтыгын тартып алып, «Мени кошуп ал?»-деп Адига барса:

-Сен мылтыгыңдан кичине болуп турасың. Сенен басмачы чыкпайт. Андан көрө тынч, элден налиг чогултуп, тиричилигиңди өткөр. Мен тууган катары боло айттым дептир.

-Жигиттерине кылдап ат берип, жайлоодо күндө машыгуудан өткөртүп жатат-деп уктум.

-Куралды кайдан алды экен?

-Адиге курал жокпу. Те баштагы жылдары Калкожону Алайкууда көчкү албады беле. Анын жигиттеринин куралдарын, ок-дарысын алайкуулук тагалары чогултуп, катып коюшкан экен. Адинин колуна тапшырып бериптир деп уктум.

-Ади анда ишке чындап киришкен экен.

-Эй, бир нерсени билдиңерби?

-Ии-и?

-Ади элди таласа, өкүмөт билип туруп, аны эмне жазалабайт?

-Чын эле.

-ЭНКБдагылар Кашкарды аласың деп, жөнөшүптүр.

-Ким билет. Булардын ишине түшүнүп да болбойт.

-Бая он жыл баштагы басмачылар куралы жок кантип элди тоношту экен?

-Болсо бир-экөөндө болгондур. Калганы шыргый асынып жүрчү дешет.

-Караңгы элди эптеп тоношкон да.

-Уксаңар, мен бир кызык айтайын. Курмушу кор башынын бир жигити шеригин ээрчитип Корулга барыптыр. Жолдон баягы куудул Абдыкадыр жолугат. Анын сүлкүлдөгөн жаңы түлкү тебетейи бар экен. Басмачы ага кызыгып, өзүнүн башындагы жаман малакайын Абдыкадырга кийгизип, түлкү тебетейди кийип алат.

-Ох, башыма чала-дейт шум Абдыкадыр.

-Эмнеге анттиң? - дейт басмачы.

-Тердеме оору тийип, башым кургабай койду эле. Зап гана болду –десе.

-Андай болсо, өзүң ал деп, малакайын кайра жулуп алып, Абдыкадырга түлкү тебетейин бериптир.

-Ха-ха-ха-дешкен көпчүлүк эл арасындагы жаңылыктарды бири-бирине жеткирип, топтошо калышканда зеригишпейт.

***

Күндөгүдөй жаркылдабай, ойлуу басып, кабагын түйгөн Адинин санаасында дүпөйүл санаа бардыгын туйган Сакандын көңүлү да кирдеп, бир буюмун эки кармап, тынчсызданды. Көпкө бирге жашаган жубайлардын сыры бири-бирине малым болуп, кулк-мүнөздөрү окшошуп да кетет эмеспи. Күйөөсүнүн ар бир кыймылын, ымаасын айттырбай түшүнгөн Саканга Адинин пейили беш колундай белгилүү болчу. Күйөөсүнүн бүгүнкү чөгүңкү көңүлүн эмнеден деп, ар кандай себептерди ойлоп, эч кандай из да таба албады.

Күндөшү Лайликан баласынын катуу күйүтүн тартканынанбы, же өлүмүнөн чочуп калганбы кабагын жазбай жүрүп өтүп кете берди. Чырайы келишкен, акыл-эси толук, ары кичи пейил,

адамгерчиликтүү, ак жоолуктун алды эле. Бир үйдө бирге туруп, бирге жашашса да, күндөштүк кылбады. Оорун колдон, жеңилди жерден алып, экөө эже-сиңдидей, эриш-аркак жашашты. Жаткан-тургандан кызганганын билдирбеди.

-Эки катын талашкан эркек, барктуу болот-деп күйөөсүн тамашалап койчу.

Күйөөсү да ага жооп кылып:

-Экөөңү тең бирдей көрөм. Бириң оң бөйрөгүм, бириң сол бөйрөгүм деп экөөнүн эки бетинен өпкөндө, үчөө тең бирдей каткырышчу.

-Сиз эжеми жакшы көрөсүз. Дайым ошол тарапты карап жатасыз-деп күлкүгө айландырса, Сакан ага териккен болуп:

-Мени уктатып коюп, экөөң, таң атканча кучакташып жатканыңарды байкайм-деп жооп берчү.

Күйөөсү экөөнү алакчылабагандыктан, бардык иш ачык болуп, ортодогу сөз да жарыя айтылчу. Көйнөк, жоолук, зарыл буюмду экөөнө тең, бирдей түстө, бирдей көлөмдө алып келчү. Ошондон улам кимисинин колу бош боло калганда жууп, жайып, кургатып, жыйыштырып бир жайга катышчу. Эгиз козудай ынтымак экөөнө айылдагы аял-эркектин баары суктанышчу.

-Адинин «кош чынарын» көргүлөчү? Кандай ынтымак. Ушак-тешек менен иштери жок. Кеп талашканын көрбөйбүз-деп эркектер, аялдар чогулган жерде айтышса:

-Баары келип эркектен. Адидай боло албайсыңар –дешип аялдар чубулдашчу.

-Адинин кандай касиети бар экен? Айткылачы, биз да билели?-дешип эркектери суроо салышса:

-Адинин өзүнөн сурагыла. Биз анын сырын билгидей катыны белек-дешип аялдар эркектердин оозун жап кылышчу.

Ади менен Сакан ошол түндү бирге жатышып, бир жастыкка баш коюшса да, кирпик какпай таңды атырышты.

-Сакан көз ачып көргөн жубайым сен. Көөнүңө кир кетирсем кечир, алтыным? Мен сенин алдыңда актана албайм. Актанууга акым да жок.Канчалар менен бирге болсом да, «катын жандуусуң» деп айтпадың. Пейилиңдин кенендигине мен там берем. Маселен мен, сенин ордуңда болсом, андайга жол койбос элем.

Ак никемди булгады, ак төшөгүмдү арам кылды деп ичиңден ойлосоң да, сыртыңа чыгарбадың. Мындай айкөлдүк эч

бир жандын колунан келбесе керек. Аңдасам эшиктеги ит да, итаягын коруйт. А сен менин кылыгыма тырчып да койбодуң. Аныңа мен маашырланып, аялдардын сулуусун тандадым. Кылыктуусун издедим. Бирок, аял затынын лаззаттуу кучагына, жан жыргаткан табына бүтүндөй денемди ийитип, өзүнө тартып алган деңиздей чексиз кумарына канбадым. Чаңкоом ташып, кайра-кайра сүйүү маңызын таткым келе берди. Кумарым таркабады, эргүүм жанбады.

Көрсө аял затынын кучагы-мен эңсеген, мен чаңкаган, мен суктанган махабаттын өзү экен. Лаззаттуу махабатка моокум, чаңкоом канбайт. Бул мен үчүн ойлоп көрсөм айыкпас оору окшойт. Андан кантип айыгаарымды билбейм. Бул менде тубаса пайда болгонбу, же кимдир бирөөлөрдөн жукканбы, же кийин пайда болгонбу, аны билбейм.Бир божомолумда атам мени алып барып, Лайлига жоолуктурган күндөн башталдыбы деп ойлойм. Сенен башканы көрө элек болчумун. Ошол түнү анын койнунда жатканда аял заты мен ойлогондон башка, өзүнчө бир керемет дүйнө экенин сездим. Өзүмдү башка дүйнөгө баргандай туйдум. Ошол туюмум мени аялдардын кучагына азгырып кетти. Андан түк чыга албай жүрөм. Бул менин аял кумарына баткан сезимим окшойт. Бирок, кайда барсам да, кайда болсом да бир өзүңө салыштырам. Сенин сезимиңдей сезим, сенин эркелигиңдей эркелөө, сенин жытыңдай жыт, өзүңө тартып, сиңирип алган акыл эч кимде жок. Бул да болсо бала кезде баш бириктирип, бой кошкон сезимден болсо керек.Сен менин дүйнөмдө, тирүү жүргөн денемде ажырагыссың.

Жупташкан денелер ажырап, жуурkандын жакасы өйдө тартылды.

-Сен мени жансыз сүрөттөй сездиң окшойт. Жүрөк байкуш миңдеген тамырларга кан берип, ийип, денеге жылуулук берип, тап чыгарып, жашоо кумарын арттырып, жараткан чакта аң-сезимди, акыл-эсти бирдей жаратат. Адам баласынын аракетине жараша артыкчылыктар пайда болобу деп ойлойм. Бала кезде адамдардын бардык сезимдери бирдей болчуудай сезилчү. Бой жеткенден баштап, ар бир нерсени ажыратып, талдоого аракет кылдым.

Балалыгымдан ажырап, балакатка жеткен чакта сени жолуктурдум. Сага болгон жылуу сезим, кандайдыр бир ышкыга

тартты. Көрүүнү, бирге болууну самоочу болдум. Кыз баланы Кудай кем жаратканбы, же тартынчаактык, уяң, майин мүнөз тубасалыкпы, ички жылуу сезимдеримди билдирүүдө алсыз болдум. Ышкым артылып, акыры сүйүү отуна кабылдым. Ага сенин турган турпатың, шайыр мүнөзүң, тартынбаган эркиң, шайдоот жүрүшүң себеп болду. Айрыкча анча-мынчаны көрүп, баштарынан өткөргөн жеңелеримдин сөздөрү менин делебемди козгоду.

Биринчи колумду кармаган күндөн баштап, өзүмдү сендик деген туюм пайда болду. Ошондон баштап өзүмө-өзүм убада бердим. Ушул пенде жолдошум болсо, алдынан кыя өтпөйм, айткан сөзүн эки кылбайм. Элге окшоп кызганып, чырдашпайм. Түбөлүккө бирге жүргөнүмө канат кылайын. Ушул ойлогондорум бактым болсун дедим. Болгон дүйнөмдү сага арнадым.

Ырас, ар бир пендеде кызганыч, самоо, эңсөө болбой койбойт эмеспи. Мен бала кезде баш кошоор алдында өзүмө берген убадамды аткарып, сенин баскан-турганыңа кириш-педим. Алдыңдан кыя өтпөдүм. Чырдашпадым. Бирок, кызганыч өзү жаман экен. Адам денесинде тап болгон соң, кызганычтын чогу өчмөк тургай, жалындайт окшойт. Мен убадам боюнча анымы сыртка чыгарбадым. Эгер чыкса эле чыр, өчөшүү башталып, бактымдан ажырап калчуудай сезилип келди. Сенин ички туюмуңу, аял затынын кучагынан чыга албаган кумарыңды сезмек тургай, эң жакшы билип жүрдүм. Ошол оорудан сени арылтуу үчүн канчалык аракет кылдым. Түрдүү түмөн айла-ларды ойлоп, сезим кушуңу колума алып, эркелеп, эркелетип, эчен алакетке түшүп келдим. Аны туйганыңа ыраазымын. Сенин денеңден ажырагыс болгонума сыймыктанам.

Ажырагыстай сезилген жупташкан денелер жуурканды серпип, биринин табы, бирине өтүп ташыган суудай чамынып жатты.

-Дүпөйүл болгон сезимиңди, айталбай турган оюңду туюп, ичимде божомолдоп ар нерсеге жоруп турам. Ачык айта бер. Өлүмдөн башкасынын бары тез бүткөнү жакшы.

Өзүң билесиң сапар тартканы турам. Жолум оор. Аркасы кандай болот,аны Кудай билет. Байыртан бери бабаларыбыз артына из калтырып, аты менен ордуна кам көрүп, мурас калтырган. Менин да артымдагы изим балдарым. Алар атымы өчүрбөйт. Максут менен Кеңеш апамын кароосунда болуп көнүп

калышты. Сен төрөгөн балдардын бирөө менде, бирөө сенде болсун. Нышан кичине, эненин колунда эркелеп торолгону жакшы. Сен аны ардактап караарыңа ишенем. Бейтааныш бөтөн жерде, бөтөн элде турмуш кандай өтөт, жашоо кандай болоору белгисиз. Душманы көп, чуулуу жерге баратабыз. Болоор ишти, аткара турган милдеттерди алдын ала айтыш жөнсүз болоор? Кудайым ал кулум десе жакшылыгы болоор. Жамандыгын өлчөп, жакшылыгын ченеп, башымды сайып баратам, менин бактым элдин бактысы, элдин бактысы меники. Кан кечээр, кандуу жолдо канча күн кармалам, келемби, келбейминби ал экөөбүзгө табышмак.

Сен жашсың. Көрө турган күнүң, ичээр сууң кенен. Айдай чырайың, алтындан артык акылың бар. Жерде калбайсың. Атымы уккан сестенет.Көзүм өтсө көбү сага айгак чыгып, кордук көрсөтөт. Себеби менин артымдан түшүп ушактап, көрө албагандар көп. Көбүн мага теңебейсиң. Бирок, мендейди таба албайсың. Айылда бир Доорон идиректүү. Жаңы өкмөткө жагып, актип көтөрүлөт. Колуңду сурайт, макулдук бер. Ошондо ушак сөздөн, айың кептен арыласың.

Чырмаша өскөн дарактай болгон жуп дене ак куулардай айкашып, кумар көлүндө сүзүп жүрүштү.

Көл-Чаты менен Көл-Башы,
Көп эле болдум эл башы.
Көптү билип турамын,
Бул айтканым иш башы.
Айлыбыз ыйык деги эле,
Биз чоңойгон жер эле.
Канчалык көөндөн сызсам да,
Көңүлдөн өчпөйт деги эле.
Тагдырдын иши Саканым,
Дилимди айтып жатамын.
Жашообуз эки бөлүнөт,
Ойлосом аны капамын.
Сырымды айтып жатамын,
Коштошконго капамын.
Нышанымды асыра,
Батамды берем Саканым.
Байбиче атка коносуң,
Көп балалуу болосуң.

Кыйналбайсың эч качан,
Аныгын айтты жолборсуң.
Көңүл бур айткан кебиме,
Бек түйгүн дилге, сезимге.
Доорон сага үйлөнөт,
Кылчактабай –мейли де.
Ыраазымын Кудайга,
Сендей жарга кошконго
Аттанамын Кытайга,
Ак ишти билип толгонбо.

Ак никелешкен жуп элек. Актыгыңа ыраазымын. Аз жашаган өмүргө ыраазы бололу. Талагым ак. Кош Саканым. Тагдырга моюн суналы!

Көмкөрөсүнөн түшкөн Сакандын жылаңач денеси солкулдап, жууркандын жакасына көз жашы тамчылап жатты.

***

Адинин Кашкарга ашаарын билген Парманас, канчалык ат моюндап келсе да, үлгүрбөй калды. Ал ойлонуп турбастан Аскалыдагы Турганбайга келип:

-Сен ашууга барчуу жолдорду жакшы билесиң. Атка жеңил, тайга чак чапсаңсың. Мен келгичекти Ади жылып кетиптир. Сен аркасынан жетип айт. Кызыл Аскерлерге өзү келсин. Күнөөсү кечирилет. Тез жетип, айт.

Жерчилдик кылган Турганбай өзү билген жолго салып, Адинин аркасынан Көк-Сууга жетти. Ал союштарды сойгузуп, эт бышыртып, жигиттерине азык камдатып жаткан экен. Салам айткан Турганбай Парманастын аманатын түгөл айтты.

Экөө аттарын жанаша бастырышып, сүйлөшүп баратышты.

-Турганбай аке эл-журтубуз, мага капа болушпасын. Бул ишти бүгүн түшүнүшпөсө да, эртеңки күндөрү билишип ыраазы болушаар. Мүмкүн, менин ишиме баа беришип, териштирип, менин дилимдеги ишке ынанышар. Ал келечектин иши. Менин чыныгы дилимден айткан саламды айта барыңыз.

Биз ашууга жетпей кайырлашалы. Ушул ашуу-Кара-Бел деп аталаарын сиз жакшы билесиз. Ашуудан ашкандагы алгачкы кадамым ак жолтой болушун Кудайдан тилеп баратам. Ишим ак. Дайыма эл тараптамын. Көп тапшырма, ишенич мойнумда. Аларды аткарыш милдетим. Ага ак дилим менен кызмат кыламын деп ант бергемин.

Сиз жөн кетпеңиз. Мына бул аргымак алдыңызга тарткан белегим болсун. Жолдо кетип жатканыңызда топ бадал учурайт. Андагы табылгыга кызыл чүпүрөк байланган. Анын түбүндө сизге, бала-чакаңызга менин белегим бар.

Үйүңүзгө жетээриңиз менен Арзи, Карагул, Жаанбайга жоолугуп, менин абалымды, саламымды айтып коюңуз. А бул менин чепкеним. Иниңиздин колунан алып коюңуз? - деп, атты туура тартып мингизип, кымбат баалуу чепкенин жаап, коштошуп бастырып кетти.

Ади белге чыга бергенде кылчая аркасын тиктеди. Көзүнө ары тааныш, ары сүйкүм тоолору тартыла берди. Аппак тоолор, көкмөк болгон асман нуруна чагылыша кенен кучагын жая, көк тиреп турган эле. Колдун салааларындай болгон жыш чокулар, уюган айран баштанып, кең ааламдын кучагына бой таштап, келберсип жатат. Тоолорго тоолор уланып деги эле баш-аягына көз жетпейт. Ушул кең мейкиндеги тоолордун кучагында, кылымдардан кылымдарга көчүп кыргыз жашап келет. Кыргыздын турмуш кечирген турагы, эртеңки келечеги, ишеничи ушул тоолор. Тоосуз кыргыздарды элестете албагандай эле, кыргыздарсыз тоолорду элестетүүгө болбойт. Оордугуна чыдап, суугуна тоңуп бул тоолордо кыргыз гана жашай алат. Тиричилигинин бардыгы тоого баглык. Мал менен жашап, малды байлык деп санап, аш-тоюн, кубаныч-кайгысын, жашоодогу каада-салтын, үрп-адатын, алыш-бериш мамилесинин баарын тоолук ден соолугунан, өмүрлүк жарынан кийинки байлык деп малга таянат. «Мал боор этиң менен барабар» деген сөз да жөн жеринен айтылбаса керек. Тиричилигин мал менен өткөргөн тоолукка Камбар Ата тукуму-минсе улоо, кымызы чаңкаса суусундук, ач калса азык. Ат адамдын канатыделип, каалаган максатына заматта жеткирет. Мал сааса сүт, айран, курут, май белен. Жандык мейманга сойсо ызат, жесе кубат, кийсе кийим. Төө жаныбар көчсө улоо, кербен тарткан кире тоютту көп деле талап кылбаган мал. Аларды сатса пул, каалаcа азык, катса мүлк. Атадан балага калган түгөнбөс байлык. Ошол үчүн тоолук малдын касиетин улук көрөт. Баалап, кастарлап энчи кылып уулуна, неберелерине берет. Тартуу кылып, баалайт.

Жай мезгили. Тоо ичи жашыл чүмкөнүп, миң түркүн сайраган канаттуу куштар. Ар жылгадан ойноо балдардай таштан-

ташка секирип, ары тунук, ары муп-муздак тамчыларын секирткен булактардын добушу бири-бирине үн кошуп, аскаларды жаңыртат. Тескей бетти жапыра жыш чыккан ышкындардын кызыл баш боткоктору сан гүлгө аралашып көз жоосун алат. Күнгөй беттеги токумдай болуп далдайган чүкүрүлөрдүн ачылып бараткан боткокторун ыйына тартып алып, ортосунан кырс сындырсаң, аппак сүт аралаша суусу чыгып, шилекейди чуурутат. Асманда бүркүттөр каалгып, аска башында аркар-кийиктер телчиген улактарын ээрчите кыялай басат.

Жаратылыш келберсип, жай толуп турганы менен тоолуктар ачкалыктан мукурап, дандан тукулжурап, тамак-аш жетишпеген чак. Эки-үч жылдан бери түшүм болбой, колунда бар данын, кыш ичи түгөтүп алган айылдыктардын күнү акка түшүп, аны да ченеп, үнөмдөп калышкан. Саан мал барында эле эмес бириндеп-экиндеп саналуу гана. Ал эми жогунда жандыктан эчкиси да жок. Тоолуктар кайберендерден көзү өтүп калган. Аны да атканы атат. Аталбаганы аш аңдып ичип, эптеп бышыкчылыкка жетиштин аракети. Кудайга шүгүр, элдин ырыскысы тоого байланып, төш таянгандар кур келбей, эч болбогону канаттуулардын жумурткасын таап келишет. Мылтыгы бары, капкан, тузак койгондор олжолуу болушуп, көзгө сүймөнчүк.

Мама менен Сулайман Чоң-Өрдөшкө чоң үмүт менен кийикчилеп барышкан. Капылеттен алардын алдынан Ади чоочун шериги менен кошо чыгышты. Кол беришип:

-Кандай сагыр, айыл-ападагылар тынчпы? Кантип атасыңар?

Тынчылык. Бирок, эгин жок. Эл бир аз упрап…

-Эч нерсе эмес. Аманчылык болсун. Ач карын тоет. Кийикчилеп жүрөсүңөрбү?

Ал-жай сураган Адидан ыңгайсызданган Мама белиндеги кол чаначты ага суна:

-Ак татыңыздар? - деп өтүндү.

Ади анын колунан азыраак айранга суу кошулган чалапты алып, акырын ээрдин тийгизе шеригине узатты. Шериги ачка окшойт. Чаначтын оозун кайрый коюп, курк-курк эттире эки-үч ирмеди.

-Эй-эй токтот. Сагырлардын араң тапкан чалабын сен ичип койсоң, булар кечке ачка жүрөбү? - деп Мамага узатты.

-Сагырым, Куда каалаѕа ийгилик болооруна жакын калды. Чыдай тургула. Жакшы күндөрдө жолугабыз– деп кол берип, шериги экөө узап басып кетишти.

***

Чыгыш Түркстан аймагынын тарыхы эчендеген кылымдардын кыйырын тепчип, бизге белгисиз түпкүрдө жатканы менен негизинен түрк тилдүү калктын өкүлдөрү жашагандыктан Түркстандын чыгыш тарабы деп аталып калган. Кийинки монгол баскынчылык мезгилдеринде да калктын көпчүлүгүн негизинен мусулмандар түзүп, «Моголстандын» бир бөлүгү аталып келди. Кийинчерээк Жаркент хандыгы «Кашкар хандыгы» делип, монголдордун урпактары менен мусулмандардын ортосундагы бийлик талашуудан эчен миңдеген адамдардын өмүрүн жалмады. Жеңишке эч кимиси ээ боло албай, кожолордун бирибирине болгон чыккынчылык күрөшүнүн натыйжасы калмактардын бийликтерди ээлешине себеп болуп калды. Мусулмандар менен калмактардын ортосундагы келишпөөчүлүк күч алып, кытайлардын кийлигишүүсү менен «калмак жапырыгы» улантылып, миллионго жеткен калмактар кыргын таап, көпчүлүгү Түркстан аймагынан сүрүлүп, Орусия аймагына барып баш калкалашты. Кытай өлкөсү кырдаалды чебердик менен пайдаланып, өз кызыкчылыгына оңой эле жетишип, Чыгыш Түркстан аймагын өз карамагына кошуп алып, 1757-жылдан баштап Цинь империясы үстөмдүгүн орното баштады. Ага каршы кожолордун козголоңу, жергиликтүү кыргыздардын көтөрүлүшү мусулмандар менен каапырлардын ортосундагы кырдаалды курчутту.

Андан кийин эле анголо-орус атандашуусу күчөп, колониялык басып алуу, дүйнөнү бөлүшүү саясаты сугалактык менен колго алынды. Ангилия Ост-Индияны, андан соң Оогонду басып киргенде, Орусия Сибир аркылуу Казакстан, Орто Азия аймагын көздөй шашылды. Ири империялардын каптап келе жатканына алдыртадан көз салып, байкоого алып турган Кытай империясы эки өлкөгө тең келишим түзүүгө чакырды.

Чыгыш Түркстан түндүк, түндүк-батыш жана батыш тараптары Совет өкмөтүнө (казак, кыргыз жана тажик элдери жайгашкан аймактары) түндүк-чыгышында-монгол, түштүк-батышында-Оогон, түштүк жагынан Индия жана Кытайдын

Тибет тарабы, чыгыш жагынан Цинхай жана Гансу провинциялары менен чектешип калды.

Чыгыштан Кытай, батыштан Россиянын басып алуусунан улам, кыргыз жери эки империянын ортосунда талашка түшүп, Цин (Кытай) империясы менен Россиянын ортосунда 1860-жылы «Пекин келишими» түзүлдү. Чугучактагы «орус-кытай» келишиминин чечимдерине ылайык 1864-жылы 25-сентябрда «Батыш-Чыгыш райондор чек арасын бекитүү келишими» кабыл алынды. 1870-жылы «Тарбагатай чек ара келишими», 1884-жылы «Иле келишими» түзүлүп, ата-бабаларынан бери көчүп-конуп жүргөн кыргыздар бир тарабы Кытай, экинчи тарабы Орус империясына карап, экиге бөлүнүп калган эле.

Кыргыздар жашоо шартына карай Синьцзян аймагынын түндүгүндөгү Куча шаарынан тартып, түштүктөгү Кара-Каш дарыясына чейинки жарым тегерек сыяктуу өрөөндү түзгөн түштүк бөлүгүн илгертен эле туруктап келишкен. Негизинен кыргыздар Синьцзян Кашкар (Ками), Ак-Суу, Иле, Котон (Хэтянь) өрөөндөрүндө жашап, Улуу-Чат, Ак-Чий, Ак-Тоо оодандарында Кашкар менен Жаңы Гисар шаарларынын ортосундагы: Эгиз-Жар, Жаңы-Жер, Ылай-Булак, Төмөн-Ойлу аймактарында Паараш, Жыгач-Аяк, Кос-Аю, Беш-Камыш аттуу жерлерде жайгашышкан. Кыргыздын оң,сол,ичкилик топторундагы кыпчак, черик, жоош, чоң багыш, кесек, найман, тейит, жору ж.б уруулары мекендешкен.Чоң уруулардан бөлүнгөн майда топтор да, өз алдынча аймактарды ээлеп жашашкан. Кашкар шаарынын батыш тарабындагы Айгырач, Арча-Бел, Чимген, Бостон-Терек, Жаңы-Гисар шаарларынын түштүк аймагындагы Чумбус, Кең-Кол, Чаарлын, Ордолун, Кароол, Гыжек конуштарын көбүн эсе кыпчактар ээлеген. Ал эми наймандардын көбү Кызыл-Тоо, Тоюнлук, Чимген, Там, Аркалык, Сөгөт, Кешки, Сарай, Кайыз аймактарын жана Тагарма өрөөнүндөгү Сары-Кол, Таш-Коргон, Жай-Терек, Жайылган тоо кыркалары менен түздүгүн туруктакшан эле.

Тейит уруусундагы топтор Тар-Тоо, Кызыл-Суу дарыясынын оң агымындагы (Кашкар шаарынын батыш тарабы) Бөрү-Токой, Кара-Таш, Чумбус дарыясы Кон-Терек, Чимген өзөндөрүндө көп. Кесектер Пас-Рабат, Кең-Кол, Тагарма айланасын ээлешкен. Чоң багыштар Тоюн дарысынын Чакмак, Терек, Майдан жана Кашкар шаарынын түштүк-батыш

тарабында-Кызыл-Ой, Ком-Жууган, Жыгач-Арт атарабында, кушчулар Жай-Дөбө, Бычан, Аңгыз, Инген, Шейит, Жейрен-Булак тарабындагы кең аймакта, жооштор Кызыл-Суу дарыясынын боюндагы Сымкана, Сары-Булак, Токой-Башы, Эттик, Сакал, Жыгын, Жоюлган-Суу, Улуу-Чат өрөөндөрүн ээлешкен. Черик менен кушчулар Ак-Чий, Кара-Чий, Жалаң-Чий, Кара-Булак, Сары-Булак, Кызыл-Күмбөз, Ак-Бейит, Кызыл-Аң, Кулан-Сарык, Уч, Ак-Өтөк, Жаман-Суу, Баш-Чакма, Сапарбай, Кара-Теке ж.б аймактарда турушчу. Уйгурлардын көпчүлүгү Черчен, Керия, Каргалык, Котон, Кара-Каш, Жаркенд, Меркит, Марал-Башы, Куча өңдүү тегиз жерлерде айрыкча Иле аймагы тараптагы Турпан, Хамий өрөөндөрүндө көп жайгашкан эле.

***

1920-жылдары Кытайдагы бийликти гоминьданчылар башкарып калышкан эле. Гоминьдан (улуттук партия) 1912-жылы белгилүү кытай саясий ишмери Сунь Ятсен тарабынан революциялык күчтөрдүн арасында түзүлүп, башталышында жумушчу-дыйкандар менен майда буржуазия топторунун кызыкчылыгын коргоп, коммунисттер менен өнөктөш болот. Андан беш-он жыл өтпөй, 1921-жылы Кытайда Гусаньдан (Кытай коммунисттик партиясы) партиясы түзүлгөнү жарыяланып, өлкөдө бийлик үчүн атаандашкан дагы бир саясий күч пайда болуп, анын 1-сьезди өткөрүлөт. Канткен менен жаңы партиянын келечектеги максаттары коомчулукка кеңири жете элек эле. Андыктан коммунисттер гоменьдандык кыймыл менен бирге аракеттенүүгө аргасыз болушкан. Гоменьдандык партиянын ишмердиги тескери жакка бурулуп баратканын аңдаган гуаньдан (коммунисттик) партия өз алдынча жолду тандап алды. Сунь Ятсен өлгөндөн кийин партияны генерал Чан-Кай Ши башкарып, оңчул күчтөрдүн таасири күчөйт. Ал Америка менен Англиянын өкүлдөрүнө таянып, биротоло мамлекетке бийлигин орнотуп 1927-жылы 12-апрелде Нанкинь шаарында Улуттук өкмөт түзүлгөнүн жарыялайт. 1928-жылдын аягында капиталисттик өлкөлөрдүн көбү, Чан-Кай-Шинин өкмөтүн тааныйт. Чан-Кай-Ши өтө катаал бийликти жүргүзөт. 1928-29-жылдар аралыгында эле үч жүз миңдей прогрессивдүү интеллигенция өкүлдөрүн, революционерлерди өлтүрөт. Гоменьданчылардын тескери саясатынын таасири айрыкча

Чыгыш Түркстан аймагында күч алып, Кытай эмес элдерди басынтып, кордоо, кысымга алуу жүргүзүлө баштаган болчу.

Кытайдагы эки партия карама-каршы саясатты жүргүзүшүнөн улам тирешүүлөр, камакка алып, куугунтуктоолор өкүм сүрдү. Дал ошол чакта Япония Кытайдын түндүк-чыгыш бөлүгүн басып алып, мамлекеттин ички абалы өзгөчө жабырланат. Айрыкча Синьцзян аймагындагы элдердин жашоосу кескин төмөндөп, туруксуздук абал өкүм сүрөт. 1928-жылы Синьцзян провинциясына гоменьданчылар тарабынан У Чжунь Синь генерал-губернатор болуп дайындалды. Жаңы генерал губернатор Чыгыш Түркстандагы эркиндикти, теңдикти самаган калк өкүлдөрүн куугунтукка алып, катуу режимди киргизди. Чет элдик соодагерлерге жол ачып, англис, немец, япон, швед, америкалык миссионерлерди тарта баштап кирешелер бийлик ээлерине түшүп, мамлекет өзгөчө болуп көрбөгөндөй жардыланды. Гоменьдандык админстрация жергиликтүүлөргө салыктардын түрүн жана көлөмүн көбөйтүп, зордоп тартып алуу, кытай эмес улуттагыларды кордоо,ассимляциялоо-кытайлаштыруу саясатын колго алышты. Адилетсиздик улуттук араздашууну пайда кылып, улуттар ортосунда тез-тез кандуу кагылышуулар пайда болду.

Синьцзяндагы (Жергиликтүүлөрдүн айтымында Шинжаң) калктын жашоосу оор, турмуштары начар эле. Туруксуз абалдан улам курч окуялар пайда болуп, жергиликтүү калк басмырланып, күндөн-күнгө абалдары кыйындап бараткан. 1928-жылы Шинжаңга гоминьдан өкмөтү тарабынан Цзинь Шу Жень генерал-губернатор болуп дайындалган соң, боштондукка аракет кылган жетекчилер жок кылынып, баш-аламандык андан бетер күчөдү. Жарым феодалдык түзүлүш өкүм сүрүп, чет элдик соодагерлерге кеңири жол ачылды. Гоменьдандык аскерлер, чиновниктер кытай эмес улуттагыларды тоноп, басынтып салыктардын түрүн көбөйттү. Админстративдик талаптарды аткарбагандарга жазалар салынып, кордоо көнүмүш адатка айланды. Адилетсиз саясатка каршы улуттук араздашуу пайда болуп, шаар ичиндеги уйгур, дунган улутундагылар кытай улутундагыларга көрүнбөй качып, жашынууга аргасыз болушту. Ал эми тоо арасындагы кыргыздардын абалы андан да жаман эле. Бир тарабынан гоменьдандык бийликтин кысымына кабылып, экинчи жагынан басмачылардын талоонуна учурап,

кыйноодо калган болчу. Туруктуу саясий бийликтин жана өкмөттүн көзөмөлүнө алынбаган Шинжан аймагына качып барган басмачылар анголо-америкалык кызматтардын колдоосуна таянып, советтерге кайра чабуул уюштуруучу база катары пайдаланууну көздөшкөн.

Карт Кашкар дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен карым-катыштуу шаар. Түштүк Чыгыш Азиянын, Индостандын, Сауд Арабиянын шаарларынан көптөгөн соодагерлер келип, башка өлкөлөрдөн келгендер менен мамиле кылышат. Бай соодагерлерден тартып, майда ишкерликке кызыккандар, өз өлкөсүнөн куулуп, ушул жерди баш паанек кылган саясий ишмерлерден бери түрдүү улуттагылар жашайт. Байышты көздөп баш оту менен соодага кирген фирмалар, ишканалар иштерин жүргүзүшөт. Көп өлкөлөрдүн консулдугу менен элчилери жайгашкан. Кытайдын баш калаасынан тартып, Сары деңизден бери карай келген Оогон менен Индустандан чыккан кербендер кызыткан базарларда апийим саткан көпөстөр, түркүн-түрлүү буюмдарын жайып, кардар чакырган кызыл кулактардын караандары арбын. Ар түрдүү, ар кыл максаттагы адамдар быкбырдай кайнайт.

Капиталисттик чет өлкөлөрдөн келгендердин ар биринин чалгындоо кызматтары бар. Айрыкча англиялык чалгынчылардын жашыруун сыры, табышмактуу аракеттери көпчүлүккө маалым эмес эле. Бүт дүйнөгө өз таасирин орнотуп, кожоюндук кылууну көздөгөн Улуу Британия Орто Азияга ээлик кылууга мурдатан эле кызыкдар болуп, Орусияга тарттырып жибергенине ичи өрттөнгөн Англия Түркстанды бөлүп кетүүгө, эч болбоду дегенде өз таасирин орнотууга ыңгайлуу учурду күтүп жүргөн.

Февраль революциясынан кийин англиялык импералисттер Түркстанда Британиянын аскер миссиясын түзүүгө катуу киришишти. Орто Азиядагы буржуазиялык улутчулдардын башчылары, динчилердин өкүлдөрү, Бухара эмираты, Хива хандыгы менен байланышышып, күзүндө Оренбургдагы казак-орус аскерлеринин атаманын шайлашты. Ал эми жылдын аягында Антанта менен Американын империалисттери «Түркстан аскер уюмун»-шпиондук диверсиялык борбор түзүштү. «Кокон автономисын» Британиянын аскер миссиясы колдоп көп өтпөй эле Советтик Түркстан менен Бухара Эмиратын кагыштырып,

Каспий жакта өрт тутантып,не бир чыгаан советтик ишмерлер далай совет бийлигин жактагандар кыргын тапты.

Чет жактардан колдоо тапкан ак гвардиячылар Чарджоунун жанында кыргын салып, каптап баратып, капыстан катуу сокку жеди. Заматта Англия аскерлери жардамга жетип барышып, Каспий аймагын басып алышып, генерал губернаторду түзө коюшту. Ал эми Жети-Суу менен Фергана аймагындагы Совет бийлигинин душмандарын Кытайдагы англиялык консулство жетектеди. Консул Макартеней өз милдетин ишенимдүү аткарып, көбүн шыкактап, колдоп жатты. Дал ошол мезгилде ага кошумча болуп, Ташкендеги америкалык консул Тредуэлл англиялыктар менен бирдикте Совет бийлигине каршы чоң көтөрүлүштү көтөрүүгө катуу даярдык көрө баштады. Согуш туткундарынын арасында үгүт жүргүзүшүп, Түркстанга чогулган Германиянын, Австриянын туткундарын алып чыгышканда дал ошол 1918-жылдын күз айында Душак станциясынын жанында Кызыл Армия баш көтөргүс кылып талкалап салды. Кийинки жылдын башында ак гвардиячыл эсерлердин козголоңу жалп өчтү. Совет бийлигинин душмандарына таянып, Орто Азия элдеринин ички душмандарын бириктирип чоң күчкө айландырууда талап-тоноочулук, зордук-зомбулукту колдонгондорго жалпы эл жапырт каршы чыгышты. Англиялык аскерлер аргаларын таппай, кыйын абалда калышып 1919-жылдын жаз айынын башталышында Иранга кире качып кутулушту.

Кызыл Армиянын Түркстан аскерлерине кошулушу Англиянын ой-максатын ойрондоду. Жабыла катуу иштеген план бузулуп, бири-бирине болгон таянычтар талкаланды. Андан кийин оомадылары Ашкабадда тайыды. Түркстан фронту түзүлгөндөн кийин чет элдик интервенциянын биринин артынан бири ойрону чыкты.

Орто Азияга чектеш аймак Кытай, Оогонду өз өкүмүнө имерип, активдүү аракетке өтө баштаган болчу. Аны байкаган АКШ бул мерчемдүү мезгилди колдон чыгаргысы келбей, түрк дүйнөсүн өзү башкаргысы келген Түркия бир тараптан чыгып, басмачылык кыймылга кол кабыш кыла башташкан. Бардыгы биригип большевиктик түзүмгө олуттуу кооп туудурган аракеттерде дал ошол сырткы күчтөрдүн салымы күч эле. Антибольшевиктик кыймылдын Түркстандагы ташкыны көп өтпөй эле солгун тартып, аскер бөлүктөрүнүн талкалангандан

калганы элден бөлүнүп, минтип баш-паанек издеп Кашкарга келип отурат. Бул жайда да жөн жүрбөстөн жергиликтүүлөргө зомбулугун көрсөтө башташты.

***

Жаш совет өкмөтү менен Кытай мамлекетинин ортосундагы чек араны көзөмөлдөө анчейин колго алына элек чакта Шиңжандын Кыргызстан менен чектеш тарабы басмачы топторунун баш паанегине айланды. Тоо тарабындагы негизинен кыргыздар жашаган аймакты Чыпак казы жана анын уулу Шабдан, чоң багыш уруусунан чыккан Осмоналы башкарып, качып барган басмачылар менен ортоктош ынак болушту. Алар өз ой- мүдөөлөрүн аткарууда басмачыларга таянышты.

Англия империясынын тукуруусуна таянган куралдуу басмачылардын таасири улам күчөдү. Отузунчу жылдардын башталышында чоң багыш уруусунан чыккан Осмоналы, советтер тарабынан өтүп барган басмачылар арасында чоң аброй алып, башчылыкка тизгин талашып жүргөн Ади корбашыны аскер башы, Жаныбек казыны кеңешчи кылып өзүнө тартты. Аймактын Жыгын, Көөнө, Улуу-Чат тоолорунда ээн-эркин жүргөн басмачылар топтору эки көк жалдын сөздөрүнөн чыга алышпайт эле. Кашкар шаарын алууну масилат кылышып, Эски Кашкарды басып алышты да, өзүнчө Чыгыш Түркстан мамлекети түзүлгөнүн жарыялашты. Осмонали өзүн падыша атап, бийликти колуна алды. Кездемеден акча чыгартышып, соода алакасын жүргүзүштү. Осмонали падыша аталганы менен негизги бийлик Адинин колунда болуп, айтканы-айткандай, дегени дегендей аткарылып турду.

Совет өкмөтү орногонго чейинки падыша өкмөтүнүн агрардык саясатындагы Кыргызстандын түштүк аймагындагы дыйканчылыкка ыңгайлуу мыкты жерлерге орус дыйкандарын орноштуруу маселеси, орус дыйкандары менен жеринен ажыраган кыргыздардын ортосунда карама-каршылыкты күчөткөн эле. Совет бийлигинин орношу менен, солчул-эсерлердин алгачкы улуттук саясатындагы кетирген кемчилик-тери, орус дыйкандар армиясынын жергиликтүү калкка жасаган кандуу окуялары, зордук-зомбулуктары, динге каршы жаңылыш саясаты, дин кызматкерлеринин куугунтукталышы жана көйгөйлүү агрардык маселе жергиликтүү элдин кыжырдануусун пайда кылды. Карапайым калктын улуттук эркиндик, өзүнүн диний

ишенимдерин коргоо, өз жерине ээ болуу үчүн күрөшүн, дин кызматкерлери билгичтик менен пайдаланышты.

Басмачылар кыймылынын жанданyусунда диний мүнөздөгү уюмдар Россиянын курамынан биротоло бөлүнүп, өз алдынча мусулмандардын мамлекетин куруу саясатын бетке тутушкан. Совет бийлигинин жүзүн каралаган солчул-эсерлердин, улут саясатындагы маанилүү демилгелерди бурмалоосу, большевиктердин айкын максаттарынын маани-маңызын, жергиликтүү калкка жеткирүүдөгү саясий сабатсыздык басмачылар кыймылынын жайылышына шарт түздү. Ислам мамлекетин түзүү демилгесин көтөрүп чыккандар «исламды каапырлардан коргоп калуу,ар бир мусулмандын милдети» деген жарыяны беттерине тутушту. Басмачылардын жана кызылдардын кызыл кыргынынан набыт болгондордун күбөлөрүнүн бир тобу жеке өмүрүнүн коопсуздугу үчүн Кытай-Кашкарга баш паанектеп кетүүгө мажбур болушту.

***

Чыпак казы эки миңден ашык өзүнүн туугандарына гана эмес, Кашкар аймагындагы кыргыздар арасында, чоң абройлуу эле. Коңшулаш уйгур-дунган бийлери менен да алакалаш болуп, айткан сөзү жерде калбаган ары акылман, көрөгөч адам болчу. Адинин өткүрлүгүн, ар бир ишти колго алардагы токтоолугу ага жакчу.

-Оош-кыйыштуу чакта, ушундай эр азамат, иш билги, элге күйгөн адам зарыл эле. Керектигин билгендей, өзү келгенин кара-деп көөнү толуп жүрдү.

Буга чейин Ади көп келди. Келген сайын казыга жолугуп, элдин ал-абалын сурады. Экөө ээрчишип жалаң кыргыз айылдары жайгашкан жерлерди кыдырышты. Анда уруу башчылары, бийлер менен сүйлөшүшүп, Совет менен Кытайдагы жаңылыктар тууарасында маектешишти. Учурдагы кооптуулук эске алынып,элдин тынчтыгы, биримдиги туурасында ой бөлүшүштү. Уйгурлар менен дунгандар түзөң аймактардагы сууга мол, эгинчиликке ыңгайлуу жерлерди турукташса, кыргыздар тоо тарапты байырлашып, малга ыңгайлуу, көчүп-конуучу шартты пайдаланышып, казактар менен алакалаш жашашчу. Кытай өкмөтүндөгү бөлүнүп-жарылуу, бийлик талашуу, улам бири кетип, экинчиси келген алмашуулар Кытай элдерине гана

эмес, коңшулаш калктарга да салакасын тийгизип, элдин турмуштары улам начарлап жаткан эле.

Жергиликтүү эл көбүн эсе тиричиликти өткөрүүдө базарга муктаж болчу. Ар түрдүү өлкөлөрдөн келген товарлар дүңүнөн алмашуу жолу менен жүргүзүлүп, тоолуктардын буюмдары арзыбаган баага бааланчу. Аймакка ангилчандар мурдараак келишип, завод, фабрикаларды куруп, базарды ээлешсе, аларга атаандашкан орустар да жергиликтүү элдин чийки товарларын алып, кайра иштетишип пайда көрө башташкан болчу.

Аймакты башкарууга болгон кытайлардын, андан калса уйгур менен дунгандардын аракеттери көбүн эсе зордук-зомбулук менен чечилгендиктен, кыргыз жакшылары аз добуш менен чектелип калгандыгы айкын билинди. Тоолуктар кат сабатты жоюуда, документтүү иш алып барууда башкаларга теңеле албаган. Бийликти ээлегендер башка улуттардан эле. Алар менен тең тайлашып, кармашканга өзүнүн байлыгына ишенген Осмоналинин жөндөмдүүлүгү чектелүү болчу. Анысын ал өзү да билип, Чыпак казыдан сырын жашырбай айтканы бар.

-Казым, талаш-тартыш болот. Анын аягы кээде чырга айланып, курал алышууга чейин барат. Элибизди башкалар басып алабы деп да корком. Биз шартка ылайыктап жашап жүрүп, бир жактуу болгонубузду байкайм. Кат сабат менен базарды колго алсак, элдин турмушу да башкараак болоор беле. Болорман бирөөлөр башчылыкка керектей?

-Эл камында болгонуң эсиңдин бардыгы. Элди артынан ээрчитип, баш болоор көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Бирок эл ичинен андайлар чыкпай да койбойт. Мен сага бирөөнү табыштайын деп жүрдүм эле.

-Айтканыңызды түшүндүм. Каршылыгым жок.

Кашкар аймагындагы мусулмандар менен кытайлардын ортосундагы келишпестик уламдан-улам күчөйө берди. Акыры барып ал чырга айланды. Ар бир аймакта - мусулман балдарын кытайларга каршы күрөшүүгө биримдик түзүүгө үндөгөн үгүттөр күч алды. Кытайларды шаар, кыштактардан айдап чыгууга убадалашып, уйгурлар, дунгандар, кыргыздар бири-бирине өкүл жөнөтүштү. Мусулмандар жашаган ар бир аймакта курал кармап, сөз бекиткен жыйындар уюштурулду. Доотай (аскер губернатору) алардын аракетине тыюу салып, «куралдарды өз ыктыярлары менен тапшырууну» талап кылды. Шамансур

баштаган топ доотайдын талабына моюн сунушуп, курал-жарактарын тапшырышты.

Бирок Жаркенттеги миңге жетпеген кытай аскерлери менен мусулмандар ортосунда келишпөөчүлүк жаңжалга айланды. Бул ишке да доотай киришип, чырды токтотту. Мусулмандардагы сегиз жүз беш атар, он эки атар, племетторду өткөрүп жатышканда Кашкардагы мусулмандарга жардам берүүгө Кожонияз баштаган топ Үрүмчүдөн келишти. Ага Котон, Жаркенттен төрт жүзгө жакын адамдар кошулушту. Алар Кашкар чапанын кийген эки жүз элүүгө жеткен кытай аскерлерин сыртка чыгарбай, камалоону макулдашышты. Кытайлар шаардын ичинде, мусулмандар сыртта, бирин-бири акмалап турушту. Тамак-ашсыз кытайлар ачка калышып, куралдарын тапшырууга аргасыз болушту. Аңгыча кашкарлыктарча кийинген кытай аскерлери жардамга келе жаткандыгы билинди.

-«Жаркенттин жанындагы жаңы шаардын алдын, аскер менен тоскула. Ортого албасак Кашкарга өтүп, биригип кетет»- деген кат Кашкарга да, Жаркентке да жетип келди. Кашкарда Ади башчылык кылган өзбек Юсупжандын сегиз жүз, кыргыз Абдыкалыктын миң эки жүз аскери бириккенин туйган кытайлар жарашууга элчи жиберишти. Кожонияз кытайлардын «элдешебиз» дегенине карабай аскерлери менен кол салгандыктан, эки тараптын ортосунда атышуу башталып, тополоң күч алып кетти. Мусулмандар өктөмдүк кылып, көп күчкө ээ болуп, Кашкарды кытайлардан тазалашты.

Бирок кытайлар Чыгыш Түркстандын ар бир шаарына жапырып басып киришип, өз бийликтерин чыңдоонун аракетинде болушту. Жергиликтүү элден алым алууну көбөйтүшүп, салыктын ар кандай түрлөрүн киргизишти. Көөнө Турпан, Комулдагылар кытай өкмөтүнө нааразылык билдиришип, көтөрүлө башташты. Кожонияз ажынын жетекчилигиндеги топтор элди көтөрүлүшкө чакырып, биригүүгө үндөп жатышты. Көтөрүлгөндөрдү Му-Сул бай колдоп ат, тон, курал-жарак таркатып жүрдү. Ар тараптан чыккан нааразылык улам күч алып, көтөрүлүшкө айланды.Үч айдын ичинде Синьцзяндын борбору Үрүмчү ээленди. Бийликти колго алган кытайлар качууга аргасыз болушту. Колго түшкөндөрдүн «мусулман болууга», «ыйман айтууга» мажбурлашты. Макул болбогондор атылды. Үрүмчүдөн соң Кучар, Ак-Суу, Кашкар, Жаркент, Котон

аймагындагы мусулмандар да көтөрүлүшүп, бийликтеги кытайларды кубалашып, шаарларды колго алышты. Жаңы шаардагы кытайлар көптүк кылышып, коргонууну чыңдашып, шаарды колдорунан чыгарышпады.

Кытай өкмөтү ар бир аймака доотайды шайлоого көрсөтмө берди. Кашкар, Үрүмчү, Кулжа, Ак-Суу, Котон, Марал-Башы, Жаңы шаар, Жаркент, Чарчын, Чаркарык аймактарынан келген өкүлдөр доотайлык кызмат орунга талапкерди көрсөтүүгө чогулушту. Ар бир улуттагылар өз өкүлдөрүн көрсөтүп жатышты. Кыргыздар Осмоналини, дунгандар Зу Хэйди жана Темир-Ши-жаң, Кожонияз көрсөтүлдү. Жалпы добуш берүү менен Зу Хэй доотай шайланып, Кашкарга Осмонали, Котонго Шамансур көрсөтүлүп, кеч кирип кеткендиктен өкүлдөр таркап жатышты. Таң атпай чаң тополоң башталды. Кытайлар тарабынан көрсөтүлгөн Темир-Ши-жаң доотайлыкка көрсөтүлбөй калганына ызааланып, Зу Хэйден бийликти тартып алмак болду. Кожониязга «бийликти алып берем» деп убада берип, анын аскерлери менен өзүнүн аскерлерин бириктирип, Зу Хэйге каршы жөнөттү.

Зу Хэй Темир-Ши-жаңдын арам оюн туюп, анын чабуулуна каршы алдын ала даярдык көрдү. Темир-Ши–жаң аскерлерин баштап келе жатканда, анын аскерлерине каршы ок чыгарбай, өзүн атууга адамдарына көрсөтмө берди. Темир-Ши-жаң өлтүрүлгөндөн кийин орус консулу Кытай аскерлерин колдосо, англия консулу Зу Хэйдин аскерлерин колдоп ортодо кармаш башталды.

Эки тараптын ортосундагы карама-каршылык күч алып согушка айланып баратканда аларга каршы самолет бомба таштап таркатты. Жаңы орунга Кожонияз көрсөтүлдү. Кытайларга кошулуп кеткен Кожониязды мусулмандар жактырышпай ага баш ийүүдөн баш тартышты. Орус консулу менен англис консулдугу мусулмандарды өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануууну көздөшкөнүн туюп, дунгандар, уйгурлар, өз алдыларынча бөлүнүшүп таркап кетишти. Адинин күчү менен Осмонали Кашкарды ээлеп, калды. Кытайлар менен болгон кармашууда жергиликтүү кыргыздарды жетектеген, Адинин аброю көтөрүлүп, чоң ишеним ыйгарылды.

Осмон өзү чоң багыш уруусунан эле. Аны бийликке же пашалык даражага Советтен барган басмачылар жеткирди.

Аскер жетекчиси Ади, кеңешчиси Жаныбек казы, казна башчысы Чыпак казы. Бирин-бири колдоого алышып, кеңири бийликтин доорун сүрүштү. Оокаттуулар менен соодагерлер пул чогултушуп, Осмонду паша аташып, чылк алтындан таажы кебетесиндеги баш кийим ыйгарышты. Ал бийлик кылган эски Кашкар шаарынын элинин жарымы кыргыз, жарымы дунгандар. Осмон паша аталган менен бийлик Адинин колунда. Андан баары сестенишип, алдынан кыя өтүшпөйт.

Пашанын кошуну Кашкардын астындагы Опол деген жерде эле. Адинин даңазасы уккандарга өз таасирин тийгизбей койгон жок. Жыйнаган колу улам көбөйө берди. Бирок, алардын көпчүлүгү чаап алганга, талоончулукка маш, нашакорлору да бар болчу. Ади алар менен бирме-бир иштеп, жоокерчилик өнөргө үйрөтө баштады. Көпчүлүгү уруш өнөрү менен тааныш эмес, куралды пайдаланууну билишпей, жаздым атышчу. Ал эми Совет тараптан ооп келгендердин арасында кызыл аскерлер менен далай жолу беттешип, бөрүдөй кыйды болгондор да бар болчу. Осмон паша чет элдик чалгындоолор менен байланыш түзүп, Синьцзяндын губернатору Шень-Ши-Цай менен да жакындан мамиле түзүүнү көздөп жүргөн.

Кашкардын жанындагы Тоюн деген жерде Осмон пашанын кошуну бейкам жаткан. Ади туугандарынан кабар алмакка Алайга кеткен болчу. Капыстан кол салуу болуп, мылтыктардын тарсылдагы туш тараптан чыга баштады. Капылеттен жасалган чабуул Осмон пашанын жигиттерин дабдаарытып койду. Бирин-экин бетешүүгө катышпай, алдастаган кошундагылар чегине Осмон паша жаткан коргонго пааналашты. Ишенимдүү мергендери мерчемдүү жайларга жайгашып, курчап келе жаткандардын алдыңкыларына каршы ок чыгарышты. Атышуу бир топко созулуп, эки тараптан тең чыгымга учурады. Чабуулга чыга алышпай курчоого алгандар аркаларына кайтышты. Көрсө алар жергиликтүү элден чыккан ыктыярдуу отряддын жигиттеринин аракеттери экен.

Тегирментиде Осмон паша, Токтобек, Жаныбек казы, Мамасали казы, Шермат паңсаттардын жүз боз үйдө жашаган жигиттери бар. Алар бириксе миңге жакын кол болот. Басмачылардын топтору ыктыярдуу отряд менен да, Кашкар менен да элдешишпеди. Улуу-Чат менен Тегирментинин аралыгы алты күндүк жол. Жылдын сентябрь айында Улуу-

Чаттан беш жүз ыктыярдуу отряддын жоокерлери жыйырма төөгө курал-жарак, азык-оокат жүктөшүп, Тегирментиге карай жолго чыгышты. Куш-Уйкуга келип бир түнөп, Кызыл-Ойго экинчи күнү, үчүнчү күнү Тополукка аярлашып, улам Тегирментиге жакындай беришти. Алардын максаты билдирбей басмачылардын колун талкалоо эле.

Тегирментиге он чакырым калганда түн кирип, караңгыда жол көрүнбөй калды. Кошун үчкө бөлүнүп, биринчи бөлүк шаарга баруучу жолдон, экинчи бөлүк шаардын түндүгүнөн, үчүнчү бөлүк чыгыш тарабынан кол салмак болушту. Чабуул качан самолет учуп келип, басмачылар жайгашкан ортолукка бомба ташталганда башталмак. Үч бөлүк тең белгиленген чекке жетип, толук жайгашкан соң, таң эрте менен бомба ташталды. Ок атуу башталып кетти. Бомбалоодон качышып, шаарга баруучу жолдо беш жүзгө жакын аялдар, басмачылар атылган окко карабай каптап кирип келишти. Көбү окко учуп, калганы колго түшүп беришти. Башчылары колго түшпөй, качууга үлгүрүштү. Кантсе да басмачылардын изи сууп, жергиликтүү элди талап-тоноо токтолгондой болду.

Ади буга чейин Чыпак казы менен эчен курдай жолугушкан. Адинин өжөрдүгү, сөзүнөн кайтпаган көктүгү, кайра тартпас мүнөзү казыга жаккан эле. Аскер өнөрүн өздөштүрүп, эчендеген орус генералдарынан, аскер жетекчилерден таалим алган Ади баскан-турганы тың, кыска, так сүйлөшү, ар бир ишке астейдил көңүл бөлүшү, нак аскер адамы экенин айгинелечүү.

-Атаңын көрү. Эл башкара турган мырза экен. Бийликти алыш, элдин башын бириктириш ушунун гана колунан келет. Аскердик кийимдин жарашканын айт. Атка да, үзөнгү теппей шарт минип, дайыма алдыда бөлүнүп жүрүшү кимдигин аныктап турат-деген казы көптөн бери ага баа берип, сындан өткөрүп жүргөн.

Ади жоокерлерди тындырбады. Дем алыш бербеди, улам машыктырып, суй жыкты. Түнү болсо түнү, күнү болсо күнү жигиттерди так, даана сүйлөп, жооп берүүгө шай кылды. Жигиттерди ат үстүндө алыштырды, жерде жарыштырды. Кылыч чаптырды, чуркап баратып, же ат үстүндө мылтык атууга, шап менен чабууга, деги эле түрлүү түмөн эрежелерди көрсөтүп даярдыктан өткөрдү.

Эки мамлекеттин өкүлдөрүнүн тирешүүсүнөн улам улуттар аралык мамиле курчуй берди. Уйгурлар менен кыргыздардын ортосундагы карама-каршылыкта, кыргыздар көбүрөөк жабыр тарта баштады. Кыргыздар көбүн эсе сырт тарапта жайгашкандыктан күндөлүк тиричиликте, соода-сатык ишинде кемкарчы көбөйө баштады. Кожонияз уйгур болгону менен эки элдин ортосунда аралжы болууга кызыкпады. Анын негизги максаты бийлик менен гана чектелип калды.

Осмонали Кашкардагы ички тартипти колго ала албады. Эки элди ынтымакка келтирүүдө алсыз болуп чыкты. Кыргыздар колундагы мал-мүлкүн соодалоодо, күндөлүк тиричиликке зарыл буюмдарды алууда, базарга баруудан айбыгып,четке сүрүлө башташты. Көз көрүнө буюмдарын тарттырышып, арыздаттануулар көбөйө баштады. Осмоналынын алсыздыгы элге дайын болду.Элден бөлүнүп калганын өзү да туйду. Анын колунда бийликтин аты гана болгону менен элди башкарууга келгенде өзүнүн чабалдыгын мойнуна алды.

Эл бийлеп, турмуштан көптү көрүп, кексесине айланган Чыпак казы Осмоналыга өзүнүн оюн ачык айтты.

-Паша Адинин колунан көп иш келээрине көзүң жеткендир. Тизгинди ага берип, ат үстүндө болгонуң оң. Бийликти алдырам деп санаа тартпа. Анын оюна кой. Бийлик орун, сеники. Ал камчыңы гана чабат. Ишеним кылсаң бийлигиңди жүргүзүп берет. Мезгил оор болуп турат. Элдин тагдырына аралжы болор Ади. Эл башкарууну ага тапшыр?

Осмоналы башын жерге салып, бийлик колдон чыгып бараткаyына ич тызылдап ызаасын билдирмексен болуп турду.

Таксыр, бийлик өзүнүздө калсын. Мен сиздин жардамчыңыз эле болоюн?-деди Ади.

-Жок. Сенин мээнетиң ак. Эл бөтөндөргө кор болуп калбасын. Паша да ушундай бүтүм чыгарды -деди казы.

Осмоналынын тизгин кармаган эки колу калтырап, муундары бошошуп турду. Бийлик ээсинин көрүнүшү аянычтуу эле. Көпчүлүк “Ади, Ади” –деп кыйкырышып жатышты.

***

Осмонали бүркүт таптап, куш салууга өтө ынтызар болчу. Үйүнүн алдында тандамал тайгандар байланып, ылаачындарды түлөткөн «жолум үй» жанаша тигилип турчу. Бүркүт, куш, тайгандардын күлүгүн таптап, сууткан санаткерлери менен

саяпкерлери Осмонали пашанын конушуна жанаша конушчу. Көбүн эсе бул өнөргө Кашкар аймагындагы кыргыздар менен казактар ышкылуу келишип, жылдын ыңгайлуу мезгилин бош кетиришчү эмес. Кийинчерээк бул өнөргө жакынкы жерде жайгашкан орус, ангилчан, шивет, кытай, уйгур, дунган калктарынын өкүлдөрү көп катышчу болушкан. Осмонали да алар менен алака кылып, кеч күздөн баштап жазга чейин сонор кууп, тайган агытып, бүркүт, куш салып, салбуурунда көңүл ачышаар эле.

Осмонали жаңы түлөтүлгөн бүркүтүн сынап көрмөккө Кашкардын баягы атагы алыска кетип, кербендерге гана эмес, келип-кеткен жолоочуларга дайын болгон чөлдүн четиндеги Миң-Жолго бөкөндөргө ууга келди. Алдында санаткери менен салбуурунчулары айгайлап, бөкөндөрдү үркүтүп, өзү ортодогу дөбөчөдө улам чууга каны кызып, делбектеген бүркүтүнө кошулташыл боло, умтулуп турган чакта, так секирип туйлаган бөкөндөр качып калды. Шашыла, томогосун алып, шилтеген бүркүтү, асманга атып чыгып, шукшуруула келип, уусун иле, абага көтөрүлүшү көөнүнө жагып, бийлик ызаасын унута, чери бир жазылды. Шериктери кубалап, айдап келген бөкөндөрдү улам шилтеген сайын курч тырмагына илип кеткен бүркүтүн эс алдырмакка мүнүшкөрүнө берип, өзү туура жактагы коктуну көздөй жай бастырган. Коктуга кире бериштеги тумшукту имериле бергенде алдынан бейтааныш адам чыгып, шашыла салам берип, ат үстүнөн кол берди. Ал алик ала кол суна бергенде, шап тизгинди ала коюп, өзүнүн ээр кашына орой:

-Үнүңү чыгарбай, менин артымдан жүр -деди орой сүйлөп.

Каршылык кылып, тизгинди тарта бергиче болбой, дагы бири жандай келип, бөйрөк тушуна мылтык такады.

-Бастыр артынан. Кетенчиктесең лөкүданды (затворду) басып салам. Бастыр!-деди шериктерине кошумча болуп.

Коктуну тереңдей беришкенде аларды күтүп турган, куралчан үч-төрт адам көрүндү.

-И, паша Советтен качып келген басмачыларга калканч болуп турганыңды билебиз. Ангилчандарга кызмат кыласыңбы, же кытайларгабы?

-Жапондор менен түрктөргө кызмат кылса керек?

-Суракка алып эмне кыласыңар! Кимисине болсо, ошонусуна болсун. Кетирип ийгиле!-деди бириси.

Осмонали алардын жүзүн тике карап, жооп берүүгө үлгүрө электе «чып», «чып» эте тапанчанын алсыз үнү, ээн чөлдө жаңырбады. Ат үстүндөгү салаңдаган дене кумга сүйрөлүп кала берди. Ээрчишкен караандар аттарын желдирип алыстап кетишти.

***

Эски Кашкар мусулмандардыкы деп аталганы менен шаарда бардык улуттардын өкүлдөрүн жолуктурууга болот эле. Кийинки жылдардагы англичандар менен орустардын атаандашуусунан улам орус көпөстөрү, англичан ишкана ээлери завод-фабрикаларды курушкан. Чийки заттарды кайра иштетишип, деңиз аркылуу башка мамлекеттерге алып кетишет. Англичандар көбүн эсе Индия, Пакистан, оогондон көп жалданган жумушчуларды алып келишсе, орустар көбүн эсе жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн күчүн пайдаланышып, тери бышыруучу, жүн иштетүүчү ишканаларды курушкан. Темир, таш, кыш чыгаруучу заводдор көп. Ошондон улам Кашкар да экиге - жаңы шаар, эски шаар болуп, анын тургундары да мурдагы жашагандар, кийинки келгендер болуп бөлүнүп калышкан. Башка өлкөлөрдөн келген өкүлдөр көбүн эсе Жаңы-Кашкарда турушат.

Ади Кашкарга келген сайын орус консулу Постниковго жоолукмайын кетпейт. Экөөнүн көңүлү жакын, теңтуш. Айрыкса анын жубайы Надежда Алексеевнанын адамгерчилик- меймандостугу өзгөчө эле. Келген адамга чай бермей сайын кетирбейт. Үй-бүлөсүндөгүлөргө гана эмес, тааныш-билиштерге да камкор. Балдары Юра менен Лола да Адини көргөндө, алыстан чуркап келип учурашышат. Постников мырза тарыхка кызыккан адам. Жашында Петрограддагы университеттин Чыгыш таануу бөлүмүндө окуп, кытай, англис, кыргыз тилдерин жакшы билчү.

-Кыргыз, казак, уйгур тилдерин ушул жерге келгенден баштап үйрөндүм-дейт таза сүйлөп.

Жубайы Надежда Алексеевна экөө тең кыргыздар менен кыргызча сүйлөшүшүп, пикирлешет. Экөө тең Адини дос катары сыйлашып, Алик деп аташат.

-Алик, орус тилинде таза сүйлөгөн кыргызды Кашкардан жоолуктурам деп такыр ойлогон эмесмин. Эмне бала кезиңде орус балдар менен чогуу жүргөнсүңбү? Же орус мектебинде окугансыңбы? - деп таң калган.

Сөз арасында орус макалдарын айта кетсе, майрамдарда орус эл ырларын ырдаганда чын көңүлүнөн ыраазы болуп, каткырчу.

-Алик, сени көрбөй, үнүңдү уккан киши орус деп ойлойт. Ал тургай мен дагы өңүңдү көрүп, орус эместигиңе ишенип кетем. Бизге таржымалыңды айтып берчи? - дечү.

-Надия мага таң калбай эле кой. Жаш кезимден араб алфавитин үйрөнүп, сабатымды ачтым. Андан соң экинчи Оренбургдагы кадеттик корпуста тарбияландым. Орус досторум абдан көп.

-Арабча да билет турбайсыңбы?

-Ооба. Бала кезимен окуп, кийин ушул Кашкарда билимимди уланттым.

-Кыргыз эли байыркы элдердин катарына кирет-деп кайсыл бир окмуштуу айтканын окуганым бар.

-«Иокиниф ата»-Чыгыш таануучу, Пушкиндин досу Бичурин белгилеген. Ал Кытайда иштеп жүрүп, Кытай императору У-Ди жөнүндөгү Кытай тарыхынын атасы аталган. Цыма-Цяндын эмгектери менен таанышып чыккан.

-Сен саясатчы, тарыхчы да турбайсыңбы?

-Надинка, Аликтин географ, адабиятчы экенин билбейт турбайсыңбы?-деп сөзгө аралашты үй ээси. -Элдик ырларды укмуш билет. Арасында, өзү да кошуп жиберет-деп досуна сыймыктанган Постников.

-Чынбы, Алик? Бизге ырдап берчи?

Апасынын сөзүн Лола менен Юра да кубаттай кол чапкылап сураныशты.

…-Ээй, көбү жалган, көбү чын.

Көпчүлүктүн көөнү үчүн… деп Манастан үзүндү айтканда алакан чаап, үй-бүлө түгөл кубатташты.

Алардын ар биринин кыял-пейилдерин ырга кошуп ырдап, кайра которуп бергенде, таң калышып, суроо үстүнө суроо бере кетишти.

-Алик, кыргыздардын баары эле сендейби? Ырга ошончо эле жакынсыңарбы?

-Бизде «ыр билбесең, мөөрөп бер» дешет.

-Ал эмнеси?

-Ал «Адам ыр билет. Ыр билбеген айбан» деген салыштыруу.

-Ой муну кара! Кандай кызык-деп Надежда Алексеевна чын дилинен кубана алаканын чаап. -Анда силер өнөрдү балаган калк экенсиңер. Мен таң калып жатам. Өтө эле шайыр болсоңор керек ээ? - деп көптөгөн суроолорду берчү.

***

Ади Кашкарга келип, досунун которулуп кеткенин билип, атайлап консул жайгашкан үйгө келди. Өкүлчүлүктөгү үй ишинде, катчылыкта да иштеп жүргөн Баймамбет уулу Темир экөө да ага-инидей ысык эле. Досу менен коштошо албай калганына өкүнгөн Ади, алардын таржымалын Темирден укту.

-Баягында сиз келип кеткенден кийин, менин кечки мектепте орус тилинде окуганымды жана орус тилин өздөштүргөнүмдү жакшы билген Постников мырза өзүнө котормочулукка жана катчылыкка кабыл алды. Ал кызматка келишиме анын жубайы Надежда Алексеевна менен балдары Лола, Юралар себепкер болушту. Бир үйдө бирге жашап, алар менен бир туугандай болуп калган болчумун.

Ишин тапшырып, Москвага жөнөмөк болуп калды.

-Мен сени алып кетем. Чоң шаарга алып барып окутамын. Адистик аласың-деп Постниковдун айтканын уккан аял балдары аябай кубанышты.

-Баарыбыз бөлүнбөй, бирге жашай беребиз-деди Надежда Алексеевна.

Менин макулдугумдан соң, Кашкардан Эркеч-Там аркылуу Россияга жөнөмөк болуп, даярдык көрө баштадык. Бардыгыбызга виза алды. Бизге улоо, жүктөрдү артууга кербенчилерден ат алды. Аялы менен кызы «атчан жүрүп кыйналат»-деп, эки атка, алды-аркага кошо турган жоо жасаттырды. Уулуна жана мага жабдыгы менен ат даярдатты. Баарыбызды коштоп бара турган кызматчыларды алып, алдын ала акыларын берди. Шор-Булакка чейин кызы менен аялын извошко салып, жолго чыктык. Төрт күн дегенде Эркеч-Тамга жеттик. Бийик жердеги түтөккө чыдабай Надежда Алексеевна катуу кыйналып ооруп калды. Айласыз самолет чакырды. Самолеттун учуп баруусуна уруксат болбогондуктан Надежда Алексеевнанын абалы оорлой берди. Үчүнчү күнү жолго чыгып, жыла бермек болдук. Бизди эки солдат, бир медициналык кызматкер коштоп жүрдү. Сопу-Коргонго жеткенибизде Надежда Алексеевна адамды тааныбай,

эс-учун жоготуп койду. Лангарга жеткенибизде ал дүйнөдөн кайтты.

Оштон машина келип күтүп турган экен. Анын сөөгүн машинага салып кетишти. Биз эртеси Ошко келип, кербен сарайга түштүк. Июнь айындагы күн ысыкта орус көрүстөнүнө Надежда Алексеевнанын сөөгүн жашырышканын эртеси уктум. Кербен сарайдагы жүктөрдү машинага салышып, жаңы шаардагы бакка алып келип түшүрүштү. Лола менен Юра мени кучактап алып аябай ыйлашты. Мен да ыйлап токтоно албадым. Мени көрүстөнгө баштап барышты. Атын жазып эстелик коюшуптур. Мен көрүстөндү кучактап алып, апамдай болгон мээримин эстеп көпкө ыйладым. Бирде ыйлап, бирде сооронуп жүрсөк он беш күндөн соң, кабар жеткен консул келди. Баарыбыз кучакташып алып ыйлап, көпкө басылбадык. Постников мырза:

-Ал жакта сени карагыдай эч ким жок. Кыйналып каласың. Мен балдарды жеткирип кайта келем. Кайтарымда өзүм менен бирге алып кетем - деп Кара-Сууга барып поездге отурушту. Мен Анжианга чейин барып коштошуп калдым. Кербенге кошулуп Кашкарга кайттым.

Консулдун катчысы Николай Васильевич мени күтүп алып, Постников жашаган үйгө ээрчитип келди. Үйдүн эшигин кулптап, мөөр басып койгон экен, экөөбүз ачсак буюмдарды чаң баскан.

-Сен эч жакка кетпегин. Постников мырза келгиче үйдү кайтар-деп катчы мырза колума мылтык берип, кошумчалады. -Сыртыңдан башка бирөөлөр күзөтөт-деди.

Мен үйрөнгөн адамдар жок. Алардын ар бир кыймылын, мамилелерин эстеп сагынып жүргөнүмдө кат келди. Ыйлап-сыктап аларга белек даярдап катка кошуп жибердим. Алардын катындагы:

«-Дорогой Тимур, прижай к нам. Ждем вас»-деген сөздөрүн күн сайын окуп, ыйлап жүрдүм.

Постников мырза келерин билдирип телеграмма жөнөткөнүнөн улам, кубануу менен аны чыдамсыздык менен күттүм. Үйдү тазалап, столдорду жасадык. 15-октябрда «Куш-Уйкуда болом, Извош жөнөткүлө» деп кабар келди. Консулдагы кызматкерлер күтүп алуу үчүн Лангарга барып утурламак болушту. Ал үйгө келип, үч күн дем алып, ишин баштады. Чоң үйдө экөөбүз

гана жашайбыз. Ал келгендерди кабыл алат. Жума күнү дем алыш болгондуктан кээде ууга чыгып, өрдөк, кыргоол атабыз.

Постников ишин Ткачев мырзага тапшырды. Мени алып кетмек болгондо Ткачев:

-Бул өкүлчүлүккө керек адам. Котормочу. Керек болсо окууга консулство өзү жөнөтөт-деп бир сөздөн кайтпай туруп алды. Мен Ткачевго жалынып:

-Мага уруксат бер, окугум келет? Постников мырзанын балдары менен бир туугандай болуп калгам-десем көнбөдү.

-Энеңер өлбөгөндө иштер башкача болот эле. Сен балдар менен бирге окуп, билим алат элең. Мен кат жазып турам. «Тимурду алып келем» деп балдарга да жалганчы болмок болдум-деп ыйлады. Экөөбүз кучакташып көпкө соороно албай турдук.

Кетээринде Ткачевго мени дайындап:

-Жакшы кара. Ал мени узатканы барбасын. Анын ыйлаганын көрсөм, кайгыма чыдабайм-деп дайындаптыр. Экөөбүз үйдө кучакташып коштошуп, ыйлап кайырлаштык. Бирок, ушул күнгө чейин кат жок. Күндө күтөм. Тирүү болсо кабарын билдирет эле-деди Темир сөзүн аяктап.

***

Жаңы консул Ткачев Адини жакшы кабыл алды.

-Постников айткан. Келип туруңуз –деди ал жайдарылана.

***

Кашкардагы жергиликтүү Кытай бийлиги кыргыздардын өздөрүнөн чек араны көзөмөлдөөчү аскер топторун түзүүгө киришти. Улуу-Чаттагы чек ара тобуна ошол аймактагы абройлуу Чыпак казынын уулу Шабданбек топтун командирлигине, орун басарлыгына Ысакбек көрсөтүлдү. Союздан өткөн басмачылар Жыгын, Көөнө Улуу-Чат тоолоруна байырлашкан эле. Тынч жаткан элге бүлүк салышып, мал-мүлктөрүн тоношкондорго каршы күрөшкө жергиликтүү жигиттер ыктыяры менен келип кошула башташты.

Синьцзян аймагы татаалдаша берди. Жер ооп келген басмачылар тобун талкалоого жергиликтүү ыктыярдуу жигиттердин тобу күндөн күнгө күч алышты. Кытайлар менен мусулмандардын ортосундагы бийлик талашуу дагы да күчөдү. Аймактагы уйгур, дунган, казак, кыргыз, тажик элдеринин

топтору куран кармап биригүүнү көздөштү. Кимисине болбосун курал-жарак, ок-дары зарыл керек болчу.

Гоминьдандык бийликке Синьцзян аймагындагы уйгур, дунган, кыргыз өңдүү калктардын өкүлдөрү наразы эле. Ар бир калк аларга каршы өздөрүнчө аскер куроону макулдаша башташты. Алардын максаты мусулмандардын шаарларын кытайлардан тазалап, бийликти биротоло алуу болчу. Аны уйгур, дунган, кыргыз билармандары кубаттай башташты. Мусулмандардын бүтүмү Үрүмчүдөгү доотайга билинип, куралдарды казнага тапшырууну талап кылды. Ар бир калктын өкүлдөрү өздөрүнчө маслат кылып, куралдарды тапшыруудан баш тартышты.

Элдин Адиге көрсөтүлгөн сый-урматы жөн жеринен эмес. Билимдар аскер жетекчи. Сабаттуу жоокер Көрүнүшү абдан сүрдүү. Караган киши тайсалдабай койбойт. Бет-маңдайындагы кишини жалт караганда анын шилисине чыга түшчүдөй болгон курч көзү, сүрдүү кебетеси кимди болбосун жалтаңдатат. Ал жөн киши эмес.Ар кыл айтымдар бар.Өзүнүн сыры өзүнө маалым.

-Атайын тапшырма менен жүргөн чекист.

-Сталин менен байланышы бар. Мамбашчы менен жөн киши сүйлөшпөйт.

-Түрмөгө жөнөкөй солдат, милиция айдап кетсе, кайтаарында генералдар узатып келет.

-Жеке өзүн аэроплан алып жүрөт.

-Жайлоодогу үйүндө бир аппарат бар экен. Борбор менен түз сүйлөшүп турат дешет.

Мына ушулардын баары ага кошумча сүр берип, көргөндү гана эмес, укканды да таң калтырып, сүрдөнтөр эле.

Ади чылк алтындан таажы кийип паша аталды. Чыпак казынын салтын улап, ысмы жазылган кездемеден пул чыгарды.

Ади-Ади болгон чакта Жаныбекке:

-Казы аба. Бийликти бизге байлап бербейт. Кадырманыбыз болуп, кеңешиңизди аябассыз? Кыраакы адамсыз. Калыстыгыңыздан жазбайсыз деп ишенебиз.

-Айтканың жөн. Калыстыктан эмнеге таябыз. Бирок, «сатылып кетемби» деп аярлап турам.

Баягындагы Адинин айткан сөзү эсинен кетпеген кексе казы, бир чети тамашалай, экинчи сактана, какшыктай кетти.

-Баркыңызды баага салбаң казым. Аярлана турган эч нерсе жок. Кудайым жаратканына бир эле өкүм берген. Ошол өкүм келгенче ак дил иш көрсөтүңүз.

-Макул. Айтканыңды ойлонуп көрөйүн. Тараза ташы калыс.

Экөөнүн сылык-сыпаа суроо-жообунда ары кээкерлүү да, ары кытмыр да ой жаткан эле.

Казы бүткөн боюн жыйрып, «Ади пашаны» көзүнүн кыйыгы менен аярлана тиктеди.

Адинин оомадысы артып, уйгурларды башкарган Кожо Нияз ажы, дунгандардын башчысы Зу Хэй, орус консулу Ткачев, англия консулу Эссертон мырзалар колдоп жатышты.

***

Тоолук кыргыздар Кашкар шаарын кытайлардан тазалоо аракетин көрүп жатканда Түштүк Кыргызстандагы жер-суу реформасына жана колхоздоштуруу саясатына каршы туруп, басмачылар тобун түзүп, Алай аймагындагы элдин мүлкүн «талоонго алып», өзүнүн ишенимдүү жигиттери менен качып келген Ади паңсаттын даңкы бир эле союз тараптан качып өтүп келишкен басмачылардын гана эмес, Кашкар аймагындагы жергиликтүү калктын, анголо-америкалык агенттигинин жана түрк-оогон өкүлчүлүгүнүн көңүлүн өзүнө бурду.

-Мынаке, курал-жарак, ок-дары, азык, ат-улоо сурабастан чек арачылардын базасы болгон Гүлчөнү талоонго алып, Кызыл Армиянын солдаттарынын курчоосунан аман чыгып келгендерди көрүп алгыла. А силер болсо бардык, зарыл буюмдар менен камсыз болуп туруп, ар кандай шылтоолорду таап, калкаланып отурасыңар. Кана берген убада? Кана жыйынтык? - деген тикелей суроо коюлду.

Жаныбек казы, Кайып паңсат, Осмон эшен баш болгон топтогулар имамдын алдында баштарын жерге салып отурушту.

-Ади түрмөгө түштү. Ишенимге кирди. Бошонуп чыкты. Машыгуудан өткөн жигиттери менен Бүлөлү, Терек, Тай-Чыкпас, Эркеч-Там чек ара өтмөктөрүнөн аман өтүп, келип отурат. Бул иш силердин колуңардан келбейби? Мен, талап кылгандарга, эмне деп жооп берем?

-Чек аралар бүтөлүп…

Кайыптын сөзүн этегине чыгарбай каарданган имам.

-Сизди качан өтөт?-деп, ким күтүп отурат! Алдыңызбы, жооп бериңиз!

Атайын тапшырмаларды алышкан топ, сиркелери суу көтөрбөй, кабактарын бүркөп сыртка чыгышты.

***

Ади мурдагы орус консулунда иштеген Баймамбет уулу Темирге капыстан тоодо жүргөндө жолугуп калды.

-Ассалоом алекум Ади аке-деди ал оозуна салам берип.

-Ваалекума ассалоом, катчы бала. Кайдан тоого келип калдың? Ткачев мырзада иштебей калдыңбы?

-Ткачев өзү мени «Тоого барып иште» деп жиберди.

-Кандай зарылдыгы болуп калды?

-Атайын тапшырма менен чек араны сактап жүргөн ыктыярдуу отрядда иштеп жүрөм.

-Ал жерде, эмне иш кыласың?

-Эркеч-Тамдагы ыктыярдуу топтун кагаз ишин алып барам.

-Оо азамат. Чоң иш кылып жүрүпсүң. Башчыңар ким?

-Башта Чыпак казынын уулу Шабданбек эле. Ал өлгөндөн кийин Ысакбек болуп калган.

-Шабданбек? Кандайча киши колдуу болуп өлүп калды?

Шабданбекти Ади жакшы таануучу. Чыпак казынын жалгыз уулу. Дайыма барганда жылуу учурашып, ал-жай сурашчу. Жаңы үйлөнгөнүн да билчү. Аны киши колдуу болуп өлдү деп уккан эле.

-Мен биринчи Шабданбек менен иштеп жаткам. Ал үйүнө тез-тез каттап турчу. Жаңы үйлөнгөндүктөн Кара-Терекке кетип калаар эле. Атасы Чыпак казы өзүн коштогон беш-алты жигити менен дайыма басмачылардын арасында болуп жүрдү. Басмачылар элди талап-булап, мал-мүлктөрүн тартып алып кыйноого салганын көрмөксөнгө салат.

-Эл абдан кор болду. Биз Шабдан баатырды атасына кошуп кармап, курал-жарагын алып, өзүбүзгө Шабдандан бөлөк ыктыярдуу отряд түзөлү деп маслат кылдык.

Бул оюбузду Кадырберди бай, Шаманбек, Мамут, Миңбай, Койчубай, Мырза, Момунбай, Моно ажыларды чакырып, айттык. Алар бир алдын коркушуп:

-Койгула,балдар. Бейбаштык кылбагыла! Ортодо чыр чыгып кетпесин –дешти.

-Эл кыйналып жатат. Өзүбүз сактабасак. Басмачылар тоноп, кыйнашты-десек.

-Өзүңөр билгиле. Элге оорчулук келбесин. Чыпак казы кыргыздарга гана эмес, Кашкар аймагындагы элдерге башы таанылган-чоң абройлуу адам. Анын айтканын эч бири, эки кылбайт. Казыга зыяныңарды тийгизбегиле! - дешти.

Жылдын апрель айында отузга жакын шылуун балдарды тандап алышыптыр. Ат-тону, тамак-ашын эл камсыз кылмак болушуптур. Курал-жарак да эл тарабынан камдалыптыр. Алар Кара-Терекке барып Шабданды атасы менен кармамак болушту. Ишке шашылыш киришишти. Кара-Терекке ишенимдүү адамдар жөнөтүлүп, «Казы качан үйгө келгенде, бизге кабар бер!» дешти.

-«Атасы үйүнө келди»-деген кабар жетти.

Жигиттер топтолуп жөнөп кетишти. Мен чек араны сактап, беш жигит менен калдым.

Алар түнү менен Кара-Терекке жетип барышса, дайындаган киши:

-Курал-жарак тамда. Чыпактын аскерлери боз үйдө жатат-деп айтып берет.

Алдын курал-жарактарды алышып, аскерлер жашаган үйдү орошот да, сырттан үн салышат.

-Шабдан, Шабдан!-дешип бир-экөө кыйкырат.

Шабдан сыртка чыгып караса, көпчүлүк курчап алганын көрөт. Жүгүрүп үйгө кирип, тапанчасын алып чыгып, тургандарга сес көрсөтөт.

-Шабдан, эми кеч болуп калды. Тез кийинип чык. Болбосо жаман болуп калат-деп Ысакбек эскертет.

Сырттагы чууну уккан казы, кабатырлана уулуна үн салды.

-Шабдан, эмне болуп кетти?-атасы аркы үйдөн кыйкырды.

-Болоору болду, ата. Менин убалыма калдыңыз-дейт баласы.

Шабдан менен казынын колдорун байлашып отургузуп коюшуп, үйдү аңтарууга киришти. Чыпак алардын жамандык кылаарына ишенген жок.

Шабдан 25, атасы 70 жашта. Уруусу Кара-Теректик жорулардан эле. Баргандар аларды наркы дүйнөгө жөнөтүштү.

Ошол күндөн тартып, ыктыярдуу топко Мону уулу Ысакбек башчылык кылды. Орун басары менен бир тууган агам Баймамбетов Сыдыкбек болуп, Кара-Терек, Эттик, Сакал деген жерлерде ыктыярдуу отряддын мүчөлөрүнүн саны 150 гө жетти.

Отряддагыларга эл ат, тон, тамактарын беришет. Басмачыларга каршы күрөшкө биротоло аттанып чыктык. Биз үч топко бөлүнүп басмачыларды басып алууга жөнөсөк, алар үч топко бөлүнүп, бизге келе жатыптыр. Сакалды, Тогочордо кармашып, көбүн колго түшүрдүк. Калгандары Кызыл-Ой, Тегирментиге качышты. Биз Улуу-Чатты ээлеп турдук. Биздин аскерлердин саны улам көбөйө берди. Басмачылар менен ыктыярдуулардын кармашы чар жайыт эле. Кезиге калышканда гана бири-бирине ок чыгарышпаса, тоо аралап барышып, атайлап кармашууга эч кимиси даабай келүүдө-деди Темир болгонун болгондой айтып.

-Экөөбүз кабарлашып туралы. Бири-бирибизге пайдабыз тиет-деп Ади жылуу коштошту.

***

-Мусулман ишмерлери! Исламдын баркын көтөрүүнү ким колго алат?

Диндин бийик асабасынын алдында биригүү зарылдыгын ойлогондор барбы?

-Синьцзяндагы аз улуттар өз укугуна ээ болбой, запкы көрүп жүрө береби?

-Кашкарда улуттук-боштондук күчтөрдү бириктирип, баштап берчүү азаматтар жокбу?

-Синьцзяндын көп улуттуу элин, кең аймактуу жерин бир ууч кытай төбөлдөрү башкарып жатканына нааразыбыз!

-Жергиликтүүлөрдөн башчы койсо болбойбу?

-Элди күрөшкө үндөп, эркиндикке чакырып, келечекти ойлогондор барбы?-деп үндөө көтөргөндөр улам-улам көбөйүп жатты.

Кашкарда кимдер гана жашабайт. Ар түрдүү көз караштагы дунган, уйгур, тажик, казак, өзбек, моңгол, кыргыз улутундагылар бардыгы биригип, бир жеңден кол чыгарсак, эркиндик өзү эле келбейби?-деген суроо алдыңкы көз караштагылар тарабынан көтөрүлдү.

1932-жылы Синьцзянда феодалдык режим менен улуттук эзүүгө каршы чоң көтөрүлүш чыкты. Ал Хами шаарынан башталып, Кашкарга заматта жетти. Провинциянын көп аймагына тарады. Түндүк жагы Алтай, түштүгүндө Иле менен Котондон да ашты. Бул кыймылды уйгур байлары, дымактуу ак сөөк Кожо Нияз ажы, Сабит дамылдалар колдошуп, пайдаланып калууну самашты.

Үч айдын ичинде Синцзяндын борбору Үрүмчүнү ээлешти. Кытайлар кача башташты. Колго түшкөндөрүн мусулман кылышып, ыйман айттырышты. Ыйман айтууга көнбөгөндөрдү өлтүрүштү. Үрүмчүдөн соң Кучар, Ак-Суу, Жаркент, Кашкар элдери да көтөрүлүшүп, шаарлардагы бийликтерди тартып алышты. Бирок айрым шаарлардагы кытай армиясы бар жерлерде көтөрүлүшчүлөр жеңишти колго ала алышпады.

Кашкарда уйгурлардын кийимин кийген үч жүзгө жакын кытай аскерлери бар эле. Котон, Жаркенттеги кыргыздар топтошуп, кытай аскерлерин бирин да чыгарбоого убада кылышты. Ачка калган кытайлар багынып берүүгө аргасыз болушту. Провинциялардагы админстративдик реформадан кийин алар көпчүлүк байлардын ишенимдеринен чыгып калышкан эле. Алардын абалын билген, тымызын «жең ичинен» убадалашкан японлук милитаристтердин агенти болгон Чань-Суйлук милитарист Мао-Жун–ин аскерин Синьцзянга киргизүүгө үлгүрдү.

Көп өтпөй Мао-Жун-ин менен мамилелери келишпей Кожо Нияз ажы менен анын жактоочулары бир тарап болуп, бийлик талашуудан тирелишип калышты. Кожо Нияз ажы, Сабит дамбылдалар баштаган уйгур феодалдары Англиянын жардамы менен Кашкарда Чыгыш Түркстан аттуу өкмөт түзмөк болушту. Синьцзяндагы алдыңкы саясий күчтөр бул өкмөттү колдошподу. Анткени алар элди сүткорлук менен эзүүгө алган чет элдик соодагерлер менен биргелешип, алык-салыктын эсебинен жашамак болушкан эле. Кожо Нияз ажы менен Сабит дамбылдалардын колдоосу менен Ади пашанын топтору тез куралданып, ирилене берди.

Баштагы жылдын башында Үрүмчүдө Цзинь-Шу-Женьдин милитаристтик өкмөтү кулатылып, башка провинциалдык өкмөт түзүлдү. Анда алдыңкы көз караштагы ишмерлер аз да болсо топтошо башташкан болчу. Бир жылга жетпей көңтөрүштү Шен-Ши-Цай деген милитарист ишке ашырып, өзү Синьцзяндын губернатору болуп «провинциядагы бардык элдердин укугу бирдей» деп жарыялады. Элдин эркиндигин, экономикалык жана маданий өнүгүшүн колдоорун билдирди. Жаңы синьцзяндык өкмөттүн атынан «алты жобонун саясатын» жарыялады. «Имперализм менен күрөшүү, СССР менен достукта болуу, экономикалык жана маданий курулушту

өнүктүрүү», кийинчерээк убакыт көрсөткөндөй бул жоболор жөн гана кур сөз болуп чыкты. Анын ошол жылдардагы эл көтөрүлүшүн эптеп басып, өзүнүн бийлигин орнотуу амалы экени билинди.

***

Ади бийликти алган соң, Кашкарды ортолук кылды. Жигиттерине окшош аскердик бычымдагы кийимдерди тиктирди. Он башы, элүү башы, жүз башылардын ар бирине жигиттеринен башкача порумдагы кийим кийгизди. Унаа турмандарын да окшоштуруп, ат жабуу, ээр-токум, көпчүк-көрпөчөлөрү да бир түстө болушун талап кылды. Күндө ат үстүндө кылыч чабышка, мылтык атышка машыктырды. Жоокерлеринин жаткан жайлары, азык-оокаттары алардын унааларынын жем-чөбү, ал тургай ат такаларына чейин, бир чоң короого жайгаштырууга жетишти. Кум-шоролук Кеңеш уста башчылык кылып, аттарды асырап, такалоону, короо-сарайды ыңгайына карай бөлүп, тосууну колго алды. Анын кол алдында колу усулдуу жыгач, темирди иштетүүчү, көөрүк басып, аспаптарды чыңоочу, курчутуп, оңдоочу усулдууларга иштерди берип, аны так аткарууну талап кылды.

-Кашкардын базарын тескеп, тартибин кара. Соода ишинде талаш-тартыш, жаңжал чыкпасын. Аларманга да, сатарманга да шарт түзүлсүн. Келим-кетим эске алынып, кербен тарткан соодагерлерге кербен сарайлар азык-оокат, жем-кашек даяр болсун. Базардан алынган табылга жоокерлердин кем-карчына сарпталсын. Бардык ишке көзөмөлдү күчөтүп, жардамчыларды тандап ал деп Суранга өзгөчө жооптуу тапшырма берди.

Базардын күндөлүк акыр-чикирлерин ташытып, тазалыгына көз салууга иниси Кадыркул менен анын досу Ноокаттык Мамыразакты бекитти. Адинин жана жан достору сабай Жали менен Кадырдын уулу Соорон эле. Ал экөө чарбалык иштерди моюндарына алышып, ар дайым азык-оокат, кийим-кече, жем-чөп, жыгач, темир, унаа турманына болгон муктаждыктарды аткарышты.

Кашкардын базарын кызыткан соодагерлер. Алар үчүн толук шарттар түзүлбөсө, зарыл нерселер камсыз болбосо, келбей да коюшат. Миңдеген чакырым жол басып, эчендеген шаар, ээн талаа, эрме чөлдөрдү, тоолорду аралап,ашуу-белдерди ашып,чаалыгып-чарчап, ары жүдөп келген кербендер

үчүн улоолоруна тоют, жем-суу, өздөрүнө каалаган тамактардын түрлөрү, жада калса, мончо да жагылуу турбаса болбойт. Аларды тейлеш үчүн да чоңдордон тартып, жаш балдарга чейин жалчылар кабыл алынат. Бириси кир-коогун жууса, бириси мончо жагып, суу ташып, дагы бири ат тердиктерин, төөлөрдүн комун, эшек-качырлардын чомун, тарткы, жүгөн, куюшканына чейин жамап-жаскап, жаңыдан тигип, акыларын алышат.

Карт Кашкарга кимдер гана келбейт. Ар кыл диндеги, түрдүү улуттун адамдары түрдүүчө кийинип, өз тилдеринде сүйлөшүп, мамиле мал алмашуу, көбүн эсе алтын, күмүш аркылуу жүрөт. Дүңүнөн соодаланган буюмдар, бир жерден, экинчи жайга которулуп аларды артып, жүктөгөн, түшүрүп жайгаштырган, сактап көзөмөлдөгөн жалчылары да, аларды жумшап-тескеген башчылары да арбын. Бир жерде жалаң нан сатылса, бир жайда түрлүү түмөн жер-жемиш, алардын кургатылган кактары, бир четинде жалаң тиричилик шаймандары болсо, дагы бир жайда кийим-кече… Адам жанынан башкасынын баары бар. Ал тургай адам денесин саткан аялдар ачыктан-ачык, жалпыга жарыя. Ар көчөдө күндө базар. Бир жерди «кытай базар» дешсе, дагыларын орус базары, хиндустан, түрк, негр, япон, уйгур-дунган, оогон ж.б делип, дүйнөнүн төрт бурчунан алынып келинген, ар түрүнө, түсүнө, атына сан жетпеген буюмдар соодаланат. Алармандан сатарман көп. Очоктогу от улуу жагылып, казандагы суу шарактап кайнагансып, базарлардын ичтери да каршы-терши баскан адамдардын кыймылы быкбырдай кайнап, кечке чейин булоолонгон буу сымал, бозоргон боз туман басып, ар кыл жыт, каңылжарды жарат.

-Пош, пош-деп жол талашып чырдашкан, бирөөлөрдү түртүп, жилкиген, сөгүнүп-сөздөнгөн, кыйкырык-бакырыктан баш адашат.

Ар көчөдө маскарапоздор ойноп, кичинекей канаттуудан, төрт аяктуу айбандарга чейин алыштырып, талаштырып, пайда тапкан оюнпуруштардан тартып, мелдеш коюп күч сынашкан балбандар да арбын. Сооданын кызыгына баткандардын көңүлү, Кашкардын сыртында эмнелер болуп жаткандыгын эстеринен чыгарып койгондой эле.

Чыгыш Түркстандагы шаарлардагы базарларга дүйнөнүн төрт тарабындагы өлкөлөрдүн соодагерлери, ири ишкана, компаниялардын өкүлдөрү кардарлардын көңүлдөрүн бурмакка өз товарларын алып келип, соодалоонун аракетинде болчу. Орустардын, англичан, америка, япон, кытай, швед, индия оңдуу мамлекеттердин завод, фабрикаларынан чыгарылган курал-жарактардан баштап, тиричилик буюмдары, кийим-кечелер деңиз, тоо-чөлдөр аркылуу ташылып келинген кербен-дер каттамы жыл бою токтобогон. Кашкар аркылуу ал товарлар чет өлкөлөргө чыгарылгандыктан шаар ары тополоңдуу, чыр-чатактуу абалда болчу. Анын үстүнө Орусиядан, Фергана аймагынан баш калкалап барган качкындардын саны да күн сайын өсө берди.

Ади алгачкы ишин базардан баштады. Суранчыга берилген тапшырманын канчалык деңгээлде аткарылганын билгиси келдиби, же тартипти колго алууну көздөгөнбү, айтоор ишенимдүү адамдары менен көчөлөрдү аралап жүрдү.

-Паша келатат. Ади келатат-деген кабар өзүнөн мурун соодагерлерге, сатуучуларга жеткениненби, чымыр денелүү, орто бойлуу, кош кирпиктери, сакал-муруту боегондой капкара, жарашыктуу аскер кийимчен, сүлкүлдөгөн суусар тебетейчен кырктан жаш, отуздан өтүп калган, курч көздөрү тиктеген адамынын шилисинен өтчүүдөй сезилген, кыймылы шайдоот, айланасына сергек көз салган мырза, жоон топ адамдын алдында келатты. Он-он беш арым алдыда куралган жигиттер:

-Жол бошоткула! Тартип, тартип. Тополоң болбосун! -дешип ары-бери чаржайыт баскан адамдарды аралап, жол бошоткондорду баамдаган көпчүлүк, кетенчиктей, сапка, тизиле туруп калып жатышты.

Адини тааныганы да,тааныбаганы да жоон топ мырзалар өтүп баратканда колдорун көкүрөктөрүнө ала, баштарын ийишип, салам берип жатышты. Алардын алигин алган алдыдагы мырза, сыпайы гана баш ийкеп, кээ-кээде оң колун көкүрөгүнө ала өтүп баратты.

-Ади, Ади. Жаңы паша! - деген күбүр-шыбыр угула калып, аркада тургандар, буттарынын учтары менен тура калышып, көрүүгө шашып жатышты. Көбү аркасынан ээрчий карашып:

-Азамат ай! Баралына келген чагы экен.

-Келбети келишкенин айт.

-Тим эле сүрөт. Бирок, өтө эле сүрдүү көрүнөт.

-Пашанын сүрү болбосо болобу.

-Огоо. Көзүндө иш бар. Кимди болсо да жалтанткыдай.

-Чыныгы мырза деп ушуну айтыш керек. Кийимдери дагы жарашыптыр.

-Паша дейсиңер, элге эмне иш кылып берет?

-Ишин базардан баштаптыр. Тартип орноткусу келет го?

Ар ким, өз билгендерин өз тилдеринде айтып жатышты. Мырзалардын тобу жабдыктар сатылчу жайга келгенде, башчынын аярлоосу менен токтоп калышты. Эчен жолу ийленип таза бышырылган кайыштар чебердик менен өрүлүп, же жупташтырылып тигилип, бетине алтын, күмүш, жез капталган ат жабдыктар: Сызма, көмөлдүрүк, куюшкан, жүгөн, нокто, басмайыл, үзөңгү боо, ээр, токум, жаазы деги эле улоого зарыл делген буюмдар баасына жана сапатына жараша кыдырата илинип, тизилип оңор эмес жерди ээлеген. Башкасын айтпаганда да ээрдин эле «Кашкар ээр», «Кожент ээр», «Котон ээр», «Анжиан ээр», «тоолук ээр» ж.б аталган түрлөрү чебер усталардын колдорунан жаралып, эң бышык терилер менен капталып алтын, күмүш чегерилген. Анын да мырзаларга, карыкартаңдарга, аялдарга, кыздар менен жаш балдарга арналган, балбандарга жортуулга барганда токулуучу оңор эмес түрлөрү, алыстан эле көз жоосун алып койкоет. Алтын, күмүш үзөңгүлөр, того, тартмалар да ар кыл көлөмдө, түрдүүчө кештеленген.

Ат негизги улоо болуп эсептелгендиктен ар бир адамдын кимдиги унаа турумунан эле билинчү. Бектики бектей, бийдики бийдей, баатырдыкы баатырдай жасалгандыктан ар бири өзүнө ылайыгын пайдаланышар эле. Анын үстүнө ат жабдыктан эч ким аянбай, койдон баштап, жылкынын кунуна чейин бааланчу. Ат жабдык, жакшы бир аттын баасына барабар эле.Адинин ал жайга келип, аярлап калышынын да себеби бар. Неге дегенде ал жигиттердин кийимдери, унаа турмандары да бирдей окшош болушун талап кылган болчу.

-Бүгүндөн калбай Ысамаматка айткыла. Сапаттуу ээрлерди тандап, жигиттердин аттарына ылайыктап, окшош ээр-токумдарды алсын. Өтө эле жасалгалуу болбосо да, сапаттуу, ары жарашыктуу болсо болот-деп жанында жүргөн жигитин дайындады.

Ысамамат Бүлөлүдөн өзү менен кошо барган тууган-дарынан эле. Ал тири карак, ары калыс болгондуктан Алайдан, башка жактардан көчүп келгендерге көз салып, кийим-кече, азык-оокат, дан үлөштүрүп берүүнү тапшырган. Ошону менен катар башка жакка кетүүчүлөргө да, жол азыгын камдап берүүгө, жигиттердин кем-карчына, ат көөлүктөрүнүн толукташына көмөктөшүүнү, милдеттендирген болчу. Аярлаган топ, жуп жөнөй беренинде алдыдагы Ади бирөөнү көрө кала, тык токтой калды. Анын каршысындагы адам тааныштай көрүндү. Сарасеп сала кайра карап, анын Арали экенин так тааныды. Ал бир көргөн адамын эсинен чыгарчу эмес. Ысмын, кай жердик, кайсыл уруудан экенин унутпайт эле. Атасы Кожо да бир короо коюнун өңү-түсүн, белгисин айныбай биле турган.

-Тиги Аралини, кечинде үйгө алып баргыла-деп Ади, сөөмөйү менен көрсөтүп, басып кетти.

Арали Нуралык жооштордон чыккан Тогочор байдын көзүн караган, жалгыз эрке баласы. Ал күмүш ээр, ат жабдыктарын ыңгайы келсе кымбат баага сатууга, же алтын ээрге алмашууга Кашкар базарына алып келген болчу.

Мырза тобу менен кеткен соң, аны дегдеңдетип, Адинин короосуна алып келишти. Аттарын жайгаштырып, өзүн сыйлуу конок катары, аземделе жасалгаланган үйгө киргизишти. Ар түрдүү даамдарды толтурган бай дасторконго отургузуп, үй кызматчылары жан-алакетке түшө кызмат кылышты. Бирок, ал сыйлар Аралинин көзүнө көрүнбөдү. Көңүлү кирлеп, көөнү дүпөйүл. Бир мезгилдеги окуя көз алдынан кетпейт.

Тогочор бай Нурадагы жоош уруусундагы байлардын катарындагы адам. Анын айтканы айткандай аткарылып, үй кызматкерлеринен башка жалаңдаган, шылуун жигиттер кызмат кылышат. Кашкар аймагындагы кыргыздар гана эмес, уйгур байлары менен байланыш түзүп, катташ. Маал-маалы менен чакырышып, зыяпаттары бир. Жаңы өкмөт байлардын аркасы-нан түшүп, куугунтукка алган чакта да, анын байлыгын тескеген эч ким болбоду.

Жер оодуруп, иш жашырып жүргөн байлардын көбү Нурага келгенде Тогочор байдыкына түшүшөт. Себеби ал чек арадагылар менен калың. Аларды үйүнө чакырып коноктоп, же болбосо маал-маалы менен арнаган союшун берип жиберип, белек-бечкеги менен кабар алып турат. Качкан-бозгон байлар-

дын «тартууларынын» жарымы үлөштүрүлгөндүктөн, анын сөзүн эч бири жок дебейт. Анын кабарын угуп-билгендер аркы тарапка да, берки тарапка өтчүүлөр Тогочор байга келишет. Мынан келди чек арадагы эки тизгин, бир чылбыр байдын колунда.

Ади эки жигити менен Тоң-Мурунду ашып, Бөдө-Белге өтүп кетмекке,Нурага бурула калган.

-Ади келиптир-деген кабар жоошторго тарап, баары эле чак-челекей чочулап калышкан.

-Кокуй, Ади келсе жан койбойт.

-Келин-кесек, кыз-кыркынды бекиткиле.

-Жалгыз-жарымдабай, этияттангыла! Ал басмачылары менен талап-булап кетет-дешип, бирине-бири кабар берип жатышты.

Ади эки шериги менен айыл аралап, жай бастырып баратышкан. Кези келсе эркеги бар үйгө түшүп, кымыз ичүү да ойлорунда болчу. Ортодогулар чоң боз үйгө тизгин бурушту. Жакындап келишсе, эшиги түшүрүлгөн үйдөн утурлап чыккан эч ким болбоду. Обочороктогу үйлөрдүн эшигинен баштарын кылтыйта чыгара калган балдар, кайра жашырынышып, чоңдордун карааны көрүнбөйт. Үйдөн эч ким чыкпагандыктан, ээрчише келгендер аркаларына кайрыла бегеринде, боз үйдүн эшиги серпиле калып, шоп-шоп эте эки-үч жигит шымалана чыга келишти. Алардын артында байдын уулу Арали да бар эле.

-Ассалоомалейкум –дешти ат үстүндөгүлөр жабыла.

-Ваалеки-дегенче үйдөн чыккандар аттарды жылоолоп кармашып, колтуктарынан сүйөп түшүрүштүн камында турушту.

Меймандар аттарынан ооп түшө башташканда, дагы үйдөн эки-үчөө чыга калып, аларды көптөп, асыла кетишти. Адинин жигиттери канчалык серпишишкени менен алар көптүк кылып, жөн коюшпады. Жаш жигиттер менен алышууну айып көргөн Ади, аларды «кантээр экен» деп, каяша кылбай, колдорун байлоого аракеттенгендерге тосуп берди.

-Бул эмне кылганыңар? Үйгө келген мейманды ушинтип шылдыңга аласыңарбы? - деди жигиттеринин бириси.

-Силер, басмачысыңар. Элди талаганы келдиңер. Силерди ае жок.

-Булар кимдер экен? - деп үйдөн зоңкулдаган үн чыкты.

-Басмачылар. Кармап колдорун байлап салдык-деп жооп берди үй ээсинин жигиттеринин бириси.

-Басмачы болсо, ырас болуптур. Жыгып туруп, көгөнгө байлагыла! - деди баягы үйдөн чыккан үн жигиттерине буйруп.

Байдын жигиттери байлануу меймандарды колу-буттарынан ала, булкуп жыгышып, көгөндү көздөй сүдүрөштү.

-Койгула жигиттер. Биз жөн-жай эле келдик. Бул кайсы жоругуңар?

-Силер Адинин жигиттерисиңерби?

-Ооба. Бу киши Ади деген болот.

-Адинин атын жамынып көбү келген. Биз силерге алданбайбыз. Жаныңардан үмүт кылсаңар, үн чыгарбагыла-дешип, чала-була тепкиге ала кетишти.

-Булар ар нерсени айтып, башты айландырышат. Ооздоруна тыгын тыгып койгула. Кулагыбыз тынчыраак болсун-деди жигит башы.

Көпкөлөң жигиттер меймандардын ооздоруна жаңы эле кыркылган жүндөн тыгышып, моюндарын бурап, баш чайкагандарына карабай, ары жактагы дөбө болгон жүн менен ороп коюшту. Үчөө суроо-сопкутсуз, үй артындагы жүнгө көмүлүп, түнү бою үн чыгара алышпай жата беришти. Жүндүн чубашына көккө тойгондон кийинки шаталагы жампасына булганган үчөө чүчкүрүнө алышпай, денелерин кене басып, эртеси күнгө чейин жатышты. Тогочор бай эрте менен таң атпай туруп, эшиктеги көгөнгө байлануу жаткандарга көңүл да буруп койбостон, атын минип бир жакка кетти. Жаткандар менен эч кимдин иши болгон жок.

-Адинин жигиттери келди деген кабарды уккан жоошторго түшкөн бүлөлүлүк кыздардын бириси, кимдер келгенине кызыкканбы, же ага-туугандарыман болуп жүрбөсүн дегенби, жүнгө аралашып жаткандардын жанына келет да, жүндөрдү сыйрып ыргытып, туугандарын таанып, шашыла колдорун байлаган жиптерин кесип бошотту. Үчөө кечээ күндөн бери каңтарылып турган аттарына келишип, кыздын чакыруусуна карабай бастырып кетишти.

Тогочор бай үйүнө келсе, кечээ күнкү колдору байлануу «басмачы» дегендер жок. Аларды издетсе, айылындагы жакынкы туугандарынын келини бошотуп жибергенин айтышты.

Байдын жообун күтпөй, бошоткон келин ачуулангандарга келип:

-Туугандын турпагы алтын дейт. Менин туугандарым кудаларына келип сый көрүүнүн ордуна, келтек жеп, колдору байланып, чубашка тумчугуп, кенеге таланып, оозу тыгындалышына чыдабайм. Бул элде жок жорук. Башкаларга угулса бүтүндөй жооштор наалада каларыңарды ойлободуңарбы? -дейт.

Келиндин жообун уккан бай ордунан тура калды.

-Ата, ушул келинче да акылыңар жокпу? Басмачы ушинтип келмек беле? Алдын кимдигин билбейсиңерби? Жөн келген мыймандарды байлап, мени кепке калтырган акмактар! - деп бай жигиттерин тилдеди.

-Баргыла, келинден, кимдер экенин тактап сурап келгиле!

Келиндин жообу боюнча Адинин өзү экенин билип, андан бетер ачуусу бетине чыгып, жер чапчыды.

-Атаңын гана оозун урайындар. Мени атайлап, өлтүргөнү калгансыңарбы. Ажалыман мурда өлөмбү? Ади эле болсо, бизди соо коебу? Атын сурап, кимдигин билбейсиңерби-деп баштарын шылкыйткан жигиттерин камчылап сабайт. -Кегине алган Ади келбей койбойт. Айылдын убалына калдыңар, акмактар. Силерди гана байлап бербесемби? Эй, акмак! Ал Адимин деп айтпадыбы? - жигит башын жекирди.

-Айтты-деди, жигит ашын жерге сала, дене бою калтырап.

-Эмне деп айтты? Бай кекетти.

-Адимин-деп

-Анан эмне болду?

-Адинин атын жамынып көбү келген. Сен бизди алдаба! деп байлап салдык.

-Байлабай өлгүлө! Жугунду кор иттер. Ал эмне кол кайруу кылбадыбы? Адиге онуңардын күчү жетпейт эле го?

-Кол кайруу кылбады.

-Ии, иттер. Акмактар! Ал «теңелбейин» деп, силерди сынаган тура. Баскыла, баарың барып, куруңарды мойнуңарга илип, кечирим сурап келгиле! Болбосо, башыңарды мен аламын-деп Тогочор бай жер тепкилеп, жигиттерин ээрчиштире аркасынан жөнөттү. Алар Адиге жетмек кайда. Эчаак эле бел ашып кеткен болчу. Жигиттер темселеп, Адини таба албай, чарчап, суй жыгыла кайра келишти.

-Таанaбасты сыйлабас. Айыбыбызды моюнга алабыз-деп бай өзү бармак болуп жатканда:

- «Ади Кашкарга кетиптир» деген кабар угулду. Ушул окуяны эстеген Аралинин көңүлүнө тамак барбады.

Кеч бир маал болгондо Ади меймандын үстүнө кирди. Ал жай сурашып, тамактанышкандан кийин, келгенден бери башын жерден албаган мейманга кайрылды.

-Тогочордун жалгызы, эки күн күнгө какталып, койдун жүнүнүн чубашына малынып, сасыган жытына оролуп, оозго кык жүн тыгылып сүйлөмөк тургай, араң дем алып, буту-колубуз уюп жатып.

-Сенин да, бир кезегиң келээр деп, атаңа кекендим эле.

-Кашкарда мусапыр болуп, менин алдымда турасың. Бала атасы үчүн жооп бере алабы?

-Колуңузда турам, таксыр. Эрк өзүңүздө.

-Кашкар экөөбүзгө тең. Бөтөн жерде мусапырбыз. Үчүнчү күнү аттандырам. Атаң «кел» дегенге жарабады десем, кектегендей болом. Кыргыз үйүнө кирген жыланга да ак чачып узаткан. Жоош туугандардын мага кылган кылыгын, башкаларга айтсам, атаң Тогочорго наала тиет. Өзүмүн аброюма шек келет. Намыстанып эч кимге айтпадым.Даам деген улук. Элде «Бир жерден даам татсаң, миң жолу салам бер» деген сөз бар. Атаң бир келип, сыйымы көрүп кетсин. Эки күн сыйымы сен көр. Үчүнчү күнү уруксат берем-деп чыгып кетти.

Аралиге эки күн, эки айдай сезилип, оюна ар кыл коркунучтар келди.

-Ади ашкан канкор. Бирөөгө жакшылык кылууну билбейт. Кара мүртөз. Эч кимди аябайт-дешчү эле го. Же мени алдап туруп өлтүргүсү барбы? Жамандык кылгысы келсе, эмнеге эки күнгө кармайт? Өзүнө ар кыл суроо берип, кайра өзү жооп берип, санаанын туманында болуп, эмне сый көргөнү эсине келбеди. Үчүнчү күн дегенде кызматчы жигиттер Аралинин кош атын жетелеп келип, шаардын четине чейин узатып, кайра кайтышты.

Өзүнүн аман калганына бир ишенип, бир ишенбеген Арали, бая дүкөндүн жанына келгенде аярлай калып, тамеки алганча, бир «ишени» койнуна кыса чыккан. Шаардан бир топ узап, ээн талаага келгенде аттарын шакка байлап, тикесинен туруп, бир демалуу менен шишени бошотту. Тамекисин тутантып, соруп

отурган боюнча уйкуга кетти. Мастыгы тарап, ордунан турса, күн бешим убак болгонун болжоп, атын минип, салт атын жетелеп жолун улантты.

***

Улуу-Чаттагы жооштордун Шекер бийи той берип, Зымкана, Кызыл-Ой, Чоң-Токойдогу аба-аксакалдарды түгөл чакырды. Жооштордун жоон топ аксакалдары адияда бирге болушуп, аркы-беркиден улап отурушуп, Анжиан-Аркадан келгендердин башын бириктирип, ызаттап той-топурга чакырып туралы-деп кеп сала кетти.

Бул пикир баарына жактыбы, кайтаарында баягы сөздөрүн кайра жаңылашты.

-Анжиан-Арканын жакшылары бири-бири менен келише алышаар бекен?-деп суроо узатты жооштордун аксакалы Артык бай.

-Келише албай эмне? Алардын ортосунда дүнүйө, же бийлик талаш болмок беле? Сый көрүп кете беришет. Биздин милдет сый көрсөтүш. Чакыралы-деди Маматибраим күпүлдөп.

-Угушубузга караганда бири-бирин басмырлап, курал көтөргөндөргө чейин барышарын уктум эле. Сооронбай сөзгө кошулду.

-Ошол жакшылардын ичиндеги айрым топтордогу шылуундар, жергиликтүү элге да кысым көрсөтүп, талап-булап жатканын угуп-билип эле жүрөсүңөр. Жоосунсуздайбы дейм? Шайбек бай беркилерге кошула кетти.

-Аныңар ырас. Ади келгенден бери бири-бирин тономой, элди таламай токтолуп калды дешет. Ал ыраспы?

Ибраим аксакал отургандарга кайрыла кетти.

-Атын атап чакырып, ызат көрсөткөнүбүз чоң адамгерчилик. Биз элбиз, этияттагыла! деп ошондо кеп кылалы-деди Момун бай.

-Алыскыларга кабар беришибиз да, алардын келиши да кыйын. Жакынкыларын чакырып, ал-жайларын сурап коелу. Не болсо да, үй отондорунан алысташып, мусапырдай болуп жүрүшөт. Мен үйүмө келерки жумада чакырайын. Намазды да бирге окуйбуз-деди Зымканалык Жусупбек сопу.

Анын бүтүмүн жактырган жооштордун аксакалдары эмки жуманын келишин макул көрүшүп, үйлөрүнө таркашты. Маслаттагыдай болуп кийинки жума күнү Анжиан-Арканын

жакшылары Жусупбек сопунун боз өйлөрүнө конокко келишти. Меймандардын саны арбын болгондуктан, жооштордун аксакалдары эки үйгө бөлүнсө, Анжиан-Арканын жакшылары атайлап көтөрүлгөн он канат эки үйгө отургузулду. Жалаң «менмин» деген аксакал бий, байлар чоң үйгө жайгаштырылып, орто жаш, алардан кичүүлөр андан кийинки боз үйдө отурушту.

Эрте мененден бери кенен жайылган дасторкон үстүндө сый көрүп, суусундукка кымыз ичишкен жакшылар жума намазын окушкан соң, чай кайнам молдонун масаласына кулак түрүштү. Жалаң шырбаз, багылан козунун этине тойгон меймандар масала угуп отурушуп, алды үргүлөй башташканда, «мейман чыгышка» уруксат суралып, сыртка чыгышып, буту-колдорун жазып, жеңилдеп келишти. Жаш жигиттер колго суу куюшуп, чачык сунушуп, байлардын чечкен бут кийимдерин түздөй шыпылдап жүрүштү.

Үй ээси улам-улам жол тарапты кылчактай карап тынчсызданышына караганда бирөөнү күткөнү билинип турду. Күн оосо да зарыга күткөн адамы кечиккенден улам, сыртка көк майсанын үстүнө жумшак көлдөлөңдөрдү салдырып, меймандарды чакырды. Бир чети жакшыларды алаксытмакка, экинчиси күү угузуп көңүлдөрүн алмакка ортолукка комузчуларды отургузду. Күү артынан күүлөр чертилип, меймандардын көңүлү ачылып, жарпы жазыла баштаган чакта отургандардын арасынан бирөө комузчунун күү күүлөп жатканынан пайдаланып:

-Күү черткен комузчулар бизге жагып турат. Баятан бери алмак-салмак күү чертишип, кулактын кычуусун кандырып, буюккан черибизди жазышты. Эки комузчуну мелдештирип черттирбейлиби-деди сакал-мурутун эми ак аралап бараткан Ташыбай.

-Ап-бали, көңүлдөгү сөздү таап айтты. Байге саялы! Төлөнбай мырза кубаттай кетти.

-Анда эки тарап болуп, комузчулар Анжиандык кыргыздар тараптан,кытайлык кыргыздар тараптан чыгышсын-деп таркылдады Мамат балбан.

Отургандар кубаттап, биринен-бири өтүп чурулдай баштаганда, арытан шашыла баскан жигит Жусупбек сопунун жанына басып келип, жүйүртө отурганча кулагына бирдеме деп

шыбырай кетти. Сопунун кабагы ачыла, жайдары башын ийкеңдете, ордунан туруп:

-Жакшылар, бешим намазына аз убакыт калыптыр үйгө тарталы– деп колун көкүрөгүнө ала, боз үйлөр тарапка серепчиледи.

-Кана балдар, колго суу келтиргиле! Меймандарды баштап жүргүлө. Эт тартууну чамдаткыла-деп жигиттерине буйрук бере, ашкана тарапка басты.

Меймандар колдорун чайкашып, бөлүнгөн үйлөрдөгү өз орундарына отурушту. Шыпылдаган жигиттер бүгүлө келишип, дасторкон жаңыртышып, бириси кымыз куйса, экинчиси узатышып, илбериңкилигин көрсөтүштү. Кара аяктар кыдыр-тылып, бирден жеткен соң, кереге бою келген, жаңы ышталган, серке чанач баканга илинип, чараларга салынган туу калган байтал бээнин жумшак эти биринин артынан бири киргизиле баштады. Алдын жеңдей болгон сары чучук толтурулган чара, андан соң бийлер жечүү, ич эт келтирилип, бөкөл белиндеги кындан бычагын алууга камданып жатканда, эшиктен кобур угулуп, салам айткан Адинин тааныш карааны көрүндү.

-Ассалоому алейкум жакшылар.

-Валекима ассалоом, эл башы.

-Келиң, келиң төргө, төргө өтүңүз?

-Жок. Ушул жерге. Орундан козголбогула.

-Келиң, келиң.

-Сиздерди козгоп койгонума айыптуумун.

-Айыбы жок. Ооматтуу адам даяр тамактын үстүнөн чыгат.

-Айып этпеңиздер? Жумуш менен кармалып калдык.

-Келиңиз, төргө өтүңүз.

-Аксакалдардан өйдө өтө албайм. Мен ушул жерден орун алайын деп, аксакалдардан төмөн көчүк басты.

-Эртеден бери сиздер сураштырып жаткан Адини баарың билесиздер. Кулбак абам экөөбүз Ади менен жердеш, тууган да болобуз-деп сыймыктанганын билгизди. Үй ээси четте отурган Кулбак миң башы да анын сөзүн ырастап, баш ийкеп отурду.

Кечээ күнү бышырылып, муздатылган чучук-жал, казы-карта бир нече жолу алдырылып, эми булоосу көтөрүлүп, табы кайта элек эт жиликтенип, устукан алдырууда жалгыз чоң чарага толо болгон жылкынын учасы үй ээсинин ымдоосу менен Адиге сунулду.

-Келиңиз, эл башы? Улуу жилик уча сиздики.

-Коюңуз аксакал, улуулата алалы.

-Жок. Эл башчысың. Сага ылайык-дешип отургандар жабалакташты.

-Туугандар. Биздин Алайда андай салт болгон эмес. Уча эң бир сыйлуу жашы улук аксакалдыкы.Төргө суналы.

-Төрдүн карысы, жаштын аксакалы. Эл эгеси, көптүн аксакалы. Сен ылайыксың, ал.

-Жок. Аксакалдан эч ким өтө алган эмес. Абамын жашына чейин, бизге көп бар. Элибиздин каадасы биз үчүн ыйык. Каадабызды сыйлайлы. Карыя алыңыз?-деп төрдүн ортосунда отурган ак сакалы көкүрөгүн жапкан, кызыл жүздүү, ыраңы жылдыздуу аксакалга сунду.

Орундуу айтылган сөздү баары туура көрүштү. Карыядан соң отургандардын ар биринин жаштарына жараша улуулата жаш козудай болгон жылкынын жилиги тартылды. Чоң үйдөгүлөр устукандарынан ооз тийишип, сыртка узатышты. Үй ээси, балдары менен кошо чакырылып, бата берилди. Аксакалдардын катарындагы чоң молдо ата-бабалардын арбагына, мазар-машаяктарга арнап үнүн келтире, кыраатына чыгара курандын бир сүрөөсүн окуп, экинчи сүрөөгө келгенде Адиге белги берди. Ади молдонун кыраатын улап, курандын этегинде токтой калганда, кайрадан кезекти молдо алып, көпкө чейин тилек айтып, алаканы менен жүзүн сылады.Төрдүн ортосунда отурган аксакал ордунан козголбогондуктан, кошо отургандардын бирөөсү да туруп кете албады. Жабыла, өзүнө көзүн тиккен көпчүлүктү туйган карыя, обдула, үн жасап:

-Ади, Анжиан-Арка, анын ичинде Аксы-Алай аймагындагы идириктүү, эл бийлеген аба-аксакал, бай-бийлери бир сен деп келип, өзүңдү калка кылып отурабыз. Баарыбызды бириктирип, ынтымакты колго ал. Бул жер-бизге өз эмес бөтөн. Бөтөн жерде бөлүнгөнүбүз болбос. Бирибизге-бирибиз жөлөк бололу. Өз жерибиздин турпагы бизге насип эткидей эмес. Бу да болсо Кудайдын буйругу. Чыгыш Түркстан аймагын жалаң мусулман дегенибиз менен каапырлардын өктөмдүгү күч алып бараткандай. Коргонуу армиясын түзүп жатасың, бул да болсо биздин аман болушубузга көрүлгөн камкордук деп сүйүнүп жатабыз. Ишенгенибиз сен. Өзүңө сак бол! Адам аласы ичинде. Кооптуу чакта өзгө да ишенбе. Ишенимди да ишенгенге билдир.

Сенин этияттыгың бизге медет. Ниети жаман элине пас, жерине кас. Элиң сага бийик, жериң сага ыйык. Ойлогон максатыңа жетип, оожала бер! Оомийин–деп жүзүн сылаганда отургандар жабыла кубатташты.

***

Жаныбек казынын Кашкар аймагына келгенине беш алты жылга жакын убакыт болгон. Ал ушул күнгө чейин эле жердин да, элдин да сырын жакшы билчү. Мурда Совет-Синьцзян соода байланышында иштеп, эчен жолу кербени менен жүк алып келип, кайра кайтып жүргөн. Жергиликтүү соодагерлер менен мамиле кылып, ал тургай чет өлкөлүк фирма-ишканалардын товарын Ош-Өзгөн-Ташкентке чейин ташыган. Убактылуу туруучу үй-жайы, кербен сарайында өзүнүн ишеничтүү кызматкерлери бар эле. Ал жетимиштен ашса да, кең далылуу чымыр денесинде карылыктын белгиси билинчү эмес. Беш убак намазын жазбай окуп, ар дайым сөөлөт күтүп жүрө турган. Ак боз атына ак желеги, куудай ак сакал-мойлоосуна түстөшкөн ак селдесин көргөндөр ал өтүп кеткичекти тиктеп калышчу. Аны ээрчип, узатып жүргөн жигиттеринин да кийимдери окшоштугунан көчөлөрдүн четинде отурган соодагерлер аңдап, «жөлөмөлүү» адам деп ойлошчу.

Адинин Кашкарга келиши менен элдин казыга болгон мамилеси өзгөргөндөй болду. Эми кашкарлыктар күн сайын көчөдө өтүп бараткан көздөрү өткүр, чымыр денелүү, сакал-мойлоосу боегондой капкара, ат үстүндө кыт куйгандай нык отурган Адинин артынан ээрчий карашчу болушту. Анын шамдагай кыймылына, жоолуккан адамга кунт кое тиктеп, анын ички сырын заматта аңдап, билип алгандай болгон көзү төп келип, эрктүү, жалтанбас экенин айгинелеп турчу. Казы менен Ади бийликте да, байлыкта да бири-бирине жол бербеген, эрегишкен эки караан экенин көргөн адам айттырбай түшүнөөр эле. «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт»-демекчи экөө тең бири-бирине сыртынан билдирбөөгө аракеттенген мамилелери болсо да, ички туюмдарында мөрөй талашкан күлүктөрдөй ары атаандашуу, ары жол талашуу туюмдары бардыгын сезишчү.

-Кызыңаганаталак уурунун баласы. Ушул күнгө чейин жаңы өкмөттүн көзүнө илинбей, колуна түшпөй кантип жан сактап келди? Буга окшогон басмачылардын көбү ГПУнун тизмесине

алынып, түрмөгө отургузулуп, ың-жыңсыз жоголду? Бул кандай эле далдоодо калат? Баягында «Гүлчөнү талап, канча орусту өлтүрдү» делгенде, ушул башчы болду делди эле, ГПУ кантип колдон чыгарып ийди? «Басмачылар түп-тамырынан бери, түгөл жоголду» деп, жаңы өкмөт даң салып жатканда, кайдан эле бул басмачы болуп, элди талап-тоноп, Кашкарга өтүп келе калды? Келгенде да, бирде ангилчандардын консулу менен жандашып, бирде кытайлар менен кол кармашып, бирде орус консулу менен шынарлашып кала калат. Кай тарабы менен кызматташ? Менин аркама түшкөн «жансыз». Оозунуп «ким көрдү?» кылып, кутулсамбы? Анда анык балээге каламбы? Билмексенге салып жүрө берсем, «тындым» кылып коебу? Орустар, ГПУ баары бир жөн койбойт?-деген казынын санаасы, жанын тынч койбоду. Эртеден кечке ушул ой. Көптүн арасын барса да, жалгыз отурса да ушул сана. Ал тургай намазга туруп, эңкейе жайнамазга сажда кыларда да Адинин элеси, көз алдына тартыла кетет. Канча жолу келме келтирип, курандын сүрөөлөрүнө алаксыйын десе да, бирөө келип, пайлап тургандай туюла берет. Тобокелдикке салган казы эч бир жанга билгизбей көзүн тазалатмак болду.

Ади эрте менен Англиянын Кашкардагы консулу подполковник Эссертонго келип, сөздөрү бүткөн соң, сыртка чыгып бараткан. Казы экөө карп-курп бет келише калышты.

-Ассалоом алейкум, казым– деди Ади шайдоот учурашып.

Аны бул жерде деп ойлобогон казы, буйдамалана шектүү тиктеди.

-Ва-алеки. Кайда жүрөсүң?

-Эссертон мырза чакырткан экен. Жардам берейин деп.

-Эмне жардам?

-Азыркы абалды түшүнүп турасыз. Беш жүз мылтык сурадым.

-Беш жүз мылтыкка эмнеңи бересиң?

Казынын саламды алик алар-албас болуп, өзүнө шектене суроо салганына сынай тиктеген Ади сынамакка, тамашалай кетти.

-Сизди беш жүз мылтыкка айрыбаштадым.

Казы ачуусу келгенин жашыра албады. Буулугуп туруп, сөз кайтарды.

-Кой балакай. Мен кантип эле беш жүз мылтыкка тең келип калайын? Наркыма жеткирип, саткың келсе, кымбатыраак сатпайсыңбы?-деди кумсара.

-Тамаша аба. Сизди кантип сатып калайын.

-Сен бала мени шакаба чекпегин. Мен белгилүү адаммын. Менин кунуму соодалай турган туула элек. Адам сатканыңды кой!

-Сиздин бир тал чачыңыз кымбат абаке. Кантээр экен деп ойлогом. Сөзүмдү алдым.

Казы кылчайбай ары басты. Ади анын терикkенине машыр боло, ууртунан жылмая тиктеп турду.

***

Кеч күз. Ызгаар күчөп, бороон болчудай күн бүркөлүп келет. Ыңгайлуу учур. Кар жааса из басты. Ким кайдан келип, кайда кеткенин бир түн билмек. Адинин кыштоосу жайык түзөңдө. Кеч күүгүмдө ашыкча караан жок. Баары жай-жайына тарап, эшик алдындагы каңтарылган аттар эчак отко коюлган. Үйдөгүлөр жылуу очокту тегерене отурушуп, кечки тамакты ичип бүтүп калышкан.

-Өрт, өрт! деген катуу чыккан үн менен бирге көккө атырылган жалын түндүктөн көрүндү. Үйдөгүлөр жапырт сыртка атып чыгышты. Үй жанындагы үймөктөн соймоңдогон жалын жалбырттап оңор эмес жерди жарытты. Ади өрттү көздөй чуркаган жигиттерин токтотту.

-Куу чөптү өчүрө албайсыңар. Өчүргөн чакта да аны мал жебейт. Кең талаага чаап, алыстан келгиле. Атайлап өрттөгөндөрдүн караанын узай элек. Тирүү кармашка аракеттенгиле!

Ади жаман малакай, тебетейди кийип, өрттөнгөн үймөктөн тескери басты. Өрткө таңыркаган бала-чака, аялдар улам алга жылып, топтошо чурулдап жатышты.

-Азыр эле үйгө кире калгам. Бакырган үндү угуп, чыга калсам өрт.

-Жалынды көрө калып, эмне балакет болуп кетти деп кыйкырыпмын.

-Үймөк өрттөнгөнү жакшы болуптур. Кокус үй өрттөнсө эмне кылмакпыз?

-Ким өрттөдү?

-Кеч бала-чака барбайт эле.

-Атайлаган бирөө эле, от койду.

-Үймөктө эмне күнөө.

-Ичи арамдын иши.

Ар ким билгенин айтып жатышты. Баятан бери үймөктүн сырты жалындап жатты эле, эми ички быкшыган түтүн жалынга айланып, шамалдын эпкини менен ары-бери караңгылыкты кубалап соймоңдоп жатты.

-Качты, карма, тут!

-Быякта, алдын тос!

-Чап, аяба!

«Тарс-тарс» эткен үн түндү жарды.

Бети-башы жарылган бирөөнү колун аркасына байлап, атын оморолото айдап келе жаткан караан көрүндү. Аңгыча дагы бир тараптан колу-бутун салаңдата бирөөнү өңөрүп келаткан атчан адам, алыстан эле бак-бак сүйлөнө мактана.

-Тим эле, атка жеткирбейт. Союл шилтеп араң токтоттум. Кыштоонун коен жатагына чейин билген жигиттер мерчемдүү жерлерди туспалдап барышып, качып жүргөн караандарды соройто чаап, алып келип жатышты. Куугунчулардын бирөөсүн жаза аткан түнкү качкын да кармалды. Акырегине ок тийген куугунчу, оруксунган колун аяр кармап, улам туткунга ызырынат.

-Огуң дал тийсе өлүп калмакмын. Ушуну мага бергиле, өз колум менен жайлайын. Аткан андай эмес, мындай деп, энесин таанытайын-деп булкунуп коет.

Алоолонгон жалын улам басайып, чоң үймөктөн чыккан тап да мээлүүн тартканы менен улам шамал күүлөнө келип, майда кара кыпындар төбөдө учат. Шамал тийген үймөк кызара түшүп, дүрт-дүрт эте жалын көтөрүлүп,өрттүн жарыгынан айлана айкын көрүнөт. Алты бейтааныш кармалып колу-буттарына чидер салынып, ортодо жатты.

-Сурагылачы! Шериктери менен канчоо экен?

-Канчооңор элеңер?

Эч кимиси үн катпай шылкыйышат.

-Суракты эртең беришет. Канчоо экенин билип алабыз. Тек койгула-деди бириси.

-Деги ким жибериптир буларды? Билгилечи? -деди бириси.

-Билип-билбегенде эмне. Өзүбүздүн эле Өзгөндүктөр экени көрүнүп турбайбы?-деди бири камырабай.

Колу-буттары маталган туткундар түнү бою эшикте жатышты. Кеч күздүн ызгаардуу суугунда сыз жерде, кыймылдоого шайы келбегендерге күн аркан бою көтөрүлгөндө гана көңүл бурулду. Алар колго түшкөндө жандарынан түңүлүп калышкан болчу. Адинин атын жөн адам укканда селт эткен, айыптуу болуп колго түшкөн соң, анын аябастыгын туйган бирөөсү сурак жүрө электе эле сайрап кирди.

-Айланайын Ади, шорубуз бар экен. Туулган жерибизден айрылып бир өлдүк эле. Колуңа түшүп эки өлүп отурабыз. Тирүү калбаска көзүбүз жетип турат. Кыйнабай өлтүрт. Кылыч менен чапсаңар, мылтык менен атсаңар мүрт кетебиз. Осмон пашанын кылганын кылба бизге. Жердештигиң болсун эртерээк жайлат. Бир суранаарым ушул-деди жалынычтуу.

-Сен эмне дейсиң? -деди жигит башы Жалил экинчи туткунга эңкейе берип.

-Айыбым мойнумда, денем колуңарда. Баары бир өлүм. Мени да кыйнабагыла?

-Сенчи? Жалил үчүнчүсүнө суроо салды.

-Казынын колунан келгенибизди көрүп, билип турасыңар. Актана албайбыз. Калганын өзүңөр билгиле. Тирүү кетирбей-сиңер. Тирүү экенибиз, же өлгөнүбүз казыга баары бир. Бир өтүнөрүбүз, денебизди ит куш жебесин, эптеп «жар көчтү» же «жарма көр» кылып бөлсүн, топурак таштатып койгула?

-Ади келдиби? Кимиңер Адисиңер? Адиге айтып койгула! Бөтөн жерге келип Ади паша болуп турат. Өз жерин бир эстеп койсун. Миң паша болсо да башында бир өлүм бар.Үч кайыптын бири өлүм. Ал ак. Андан эч ким кутула алган эмес. Бизди жиберип чокко салган казы да өтөт. Убалыбыз өкүмдарларда-деди арыкчырай чыйылдап сүйлөгөн бирөөсү. Ади арытан басып келгенде туткундарды тегеректеп турган жигиттери кетенчиктей тең жарыла беришти.

«-Бөрүлөрдөн» кандай сөз чыгып жатат?

-Казы жөнөттү-деп айтышты.

-Казыга менин башымы алып барышмак экен да? Эми, өздөрү жөн барса казы кабыл алаар бекен?

-Казыга кор кылба, Ади. Өзүң эле жаныбызды тынчыта көр. Кайсы үйдө экениңди билбей алдастап калдык. Өрт чыкканда чуркап келгениңде жайламак болдук эле. Көк жал жөн жеринен «көк жал» аталбайт экен. Биздин божомолду тескери буруп,

колго түшүрдүң. Боорубузду отко кактасаң да, чокко салып куйкаласаң да өзүң бил.

-Туулган жериңерди эстейсиңерби?

-Эстебей анан…Эми көрө албай калдык го.

Аркы тараптагысы башын тескери буруп, ээрдин тиштеди.

Туулган жери эсине түшкөн бирөөсү, шолоктоп ыйлап жатты.

-Бок жеп, казынын бал тилине кирип, мусаапыр болуп… бала-чакадан тирүүлөй ажырап…

-Өзүбүзгө чала. Канчаларды кан какшаткан элек. Өзүбүздү өлбөстөй сезгенбиз.

-Тирүү калсаңар эмне кылат элеңер? Адинин суроосу баарын таң калтырды.

Тирүү калыш ойлоруна кирбеген. Өлөбүз деп ойлошуп, жашоодон түңүлүп калышкан болчу.

-Мен Ата Журтума сойлоп болсо да кетээр элем.

-Мен өлгөн жанмын. Барышка бетим чыдабайт. Өлгөнүм артык.

-Колу-буттарын чечип кое бергиле! Экинчи караандарын көрбөйүн-деп Ади шарт бурула аркасына басып кетти.

Бардыгы үчүн бул сөз өөндөй туюлду. Ушул сөз кантип Адинин оозунан чыкты? Ади да бирөөгө кайрым кылабы? Күнөөнү кечире алабы. Аны мындай деп эч ким ойлогон эмес. Ойго келбес жорук. Чын айттыбы? Колу-буттары таңылуу жаткандар каңырыш угушу мүмкүн. Жарданып тургандар уккан кулактарына ишенбей турушту.

***

Ал окуянын изи сууй электе, казы кошуну менен бейкам отурган чакта, капылеттен Ади куралдуу жигиттери менен басып кирди. Эшиктеги кароолдор үлгүрбөй калышканбы, же алар белги берүүгө, токтотууга буямалары келбей калганбы, шарак-шурак куралдын үнү чыгып:

-Кыймылдабагыла!

-Жаныңдан үмүт кылганың тек тур!

Курал алууга ашыккан бир экөө кол созо бергенде «тарс-тарс» ок чыгып, мылтыктын сайынан түтүн булады. Көпчүлүк титиреп туруп берди.

-Казы аба, бирибизге -бирибиз жамандык ойлобойлу? Алтын башыбыз ээн талаада калса, душмандарыбызга таба болобуз. Таба болгуча «тооба» дейли.

Жигиттери шапа-шупа куралдарды жыйнай кетишти. Казынын «лам» дешке буямасы келбеди.

Эртеси Адинин алдына өзүнүн жана жан достору Абдыкалык менен Жусупжан келди. Абдыкалык Ади менен таанышканга чейин Бухарада Ибрагимбекке жигит болуп жүрүп, бектин колу талкаланган соң Ферганага өтүп, Куршаптык туугандарына келген болчу. Ади көңүлүнө жагып кучакташып дос болушкан эле. Жусупжан Анжианда жүргөндө Жаныбек казы жагып, катташ болуп жүрүп кайрадан Кашкарда көрүшүшкөн. Экөө тең Адиге сөзү өткөн өткүр жигиттер болчу. Абдыкалык Бухарадагы казнаны чып-чыргасын коротпой Адиге тапшырган. Ал эми Жусупжан Ади дегенде жанын бере турган жан кыйышпас жакыны.

-Ади, казыбыздын кызыл өңүн бозортпо, куралдарын бергиз. Экинчи сенин алдыңдан кыя өтпөйт. Бардыгына биз кепил.

-Мейли, силер келип калыпсыңар, чып-чыргасын калтырбай алгыла. Ичибизге кек сактабайлы.

-Ыраазыбыз досум!

***

-Ади курал-жарагы менен өзүнүн атын минип келсин! - деген Кайып түрктүн чакырыгы Адини көп деле ойлондурган жок.

-Мейли, бара-көрө билербиз-деген ой менен эртеси күнү эрте менен жете келди.

Салам айткан Адини обочо жерде тигилген боз үйдүн алдында шымаланган жигиттер күтүп алышты. Атынан колтуктап түшүрүшүп, бириси атын ары карай жетеледи. Бириси ак чачыкты мүрүсүнө илип келип, колуна суу куймакка чөгүндү көтөрө бергенде, анын жанында боз үйдүн эшигин көтөрүп меймандын асынган мылтыгы менен кылычын алмакчы болгон шериги.

-Үйгө алып кирип, иле турайын? деп сурап алып, боз үйгө кире кетти.

Ал колун жууп, таза чачыкка аарчып жатып, Кайыпты эстеди.

-Паңсат кайда?-деди колуна суу куйган жигитке.

-Ким бирөө шашылыш чакырганбы, сырткы кийимин кийбестен, сиздин келишиңизге «келип калам» деп атын чапкан бойдон кетти.

-Үй ээси келгичекти, сыртта эле турганыбыз оңдой?

-Сыртта туруш, сизге ылайык келбейт, таксыр. Үйгө кирип, беймарал отуруңуз? Паңсат азыр эле келип калат-деди бойпоңдогон жигит.

Ади анын айтканын макул көрүп, боз үй жакка басты. Анын куралын алып, үйгө иле чыккан жигит, элпек боз үйдүн эшигин көтөрдү. Мейман босогодон баш бага, үйдө эч ким жоктугун байкай, эңиле кадам таштаганда, капшыттын эки тарабында эки жигит пайда болуп, мылтыктарын такай:

-Кыймылдаба!-дешип, жамбашындагы маузерин алууга үлгүрүштү да, экөө анын эки колуна кайыштан сыйыртмак илишти.

Ади экөөнү эки бош колу менен капшыра кармаарын ойлоду. Бирок, үчүнчү, төртүнчү жигиттер куралчан артында турушарын эстеп, аракетин токтотту. Сыйыртмак салган колдорун кайрый байлашып, төр жакка отур дегендей баштарын ийкешти. Аны коштоп келгендер бир аз аркада калышкан эле. Аларды да башка үйгө түшүрүшүп, амал менен куралдарын алышып, колдорун байлашты.

Адидан кабар болбогонуна тынчсызданган Балтабай эки-үч жигит менен келсе, Адини жигиттери менен туткунга алып, колу-буттарын байлап койгон. Балтабай эмне деп айтарын билбей туруп калды.

-Балтабай сен бара бер. Ади биздин колдо. Ишеничтүү. Эч жакка кетирбейбиз-деди Кайып түрк.

Балтабай кетерин, же каларына баамы жетпей, айланчыктап, күнү бою Кайыпты имерчиктеди. Эки күн болсо да, уулунан кабар билинбегендиктен, Кожо Кайыптын боз үйүнө келди.

-Кожо, Балтабай кетип калгыла. Болбосо мылтык менен атып салам. Ади менен жекече сүйлөшө турган ишим бар. Бизге тоскоол болбой, кеткиле!-деди паңсат.

-Балтабай сен булардан ажыраба. Мен улам келип, кабар алып турам. Булардын оюн бил! - деди Кожо.

Адинин туткундалганына эки күн болсо да, бошотушпады. Кайып улам бир жакка кетип, кайра келип, Балтабайга оюн так билдирбеди.

-Паңсат Адини бошотуп бериңиз?-деп өтүндү Балтабай.

-Адинин куну миң тилда. Төлөп, бошотуп кеткиле! - деди Кайып.

Балтабай уккан сөзүн Кожого жеткирди.

-Тилда Адинин башы-көзүнө садага. Ме алып барып, бер!-деп Балтабайга миң дилде санап берди.

Кайып паңсат тилданы алса да, аны бошотподу. Же максаты эмне экенин ачык айтпады. Кийинки күнү башка тарапка журт которду. Күн кеч кирип кетип, Адиге арналган үй тигилгени менен ички эмеректерин жайгаштырууга үлгүрө электе, Кайып баягы адатынча башка жакка кеткен боюнча, кечигип жатты. Жаңы журтта жигиттерге баш-көз болуп, Молдо аттуу жигит калды. Ал Адиге ылым санадыбы, же атайлап айттыбы?

-Ади, сени атууга өкүм кылышты. Эптеп, шартын таап качып кутул. Тигил казыкта каңтарылуу байланган менин атым. Ал аяктуу жылкы. Эптеп эле жетип минсең, ат жетпейт-деди.

Түн киргендиктен бир туурдукту алдыга жайып, экинчи туурдукту үстүгө жаап, эки түрк Адини ортого алышып, экөө эки тарабына жатышты. Кечке жаңы журтка көчүп, тыным албай иштешкендиктен, ал экөө жатаары менен катуу уйкуга киришти. Түн бир маал болгондо калдайган туурдук арасынан Ади суурулуп чыгат да,жанында жаткан жаш түрктүн белиндеги бычагын билдирбей алып, каңтарылуу аттын сагалдырыгын бычак менен бошотуп, чылбырын казыкка байлануу бойдон таштап, Молдонун атын минип, качып жөнөдү. Уйкуда жаткандар туюп калышып, аркасынан куугунга түшүштү. Аларды караңгыда адаштырган Ади качып кутулуп кетти. Кайып түрк Адини кайтарган эки жигитти жазалап, эси-көөндөрүнөн кеткис кылып сабатып, үйүнөн айдап чыгарды.

***

Кашкар аймагындагы эл бийлеген билармандар түгөл чакырылып, Ади чоң той берди. Белгиленген күнү Кашкардагы англиялык орентациядагы өкүлү, Сабит дамбулла баш болгон Ташбай, Жаныбек казы, Кайып паңсат, Жусупжан, Гиди баштаган басмачылар, орустардын консулу Ткачев, дунган-

дардын башчысы Зу Хэй, уйгурлардын башчысы Шамансур, Чыпак казы, Осмонали, Арка-Анжиандан барган бай, бийлер баш болушкан меймандар түгөл келишти. Элге той ашы тартылган соң, тамаша көрсөтүлүп эңиш, күрөш оюндарынан кийин чоң улак берилди. Ади жалаң билармандар менен бирге болуп, анын жан жигиттери Кадыр уулу Соорон, Жали сабайлар башкарышып, оюндун шарттарын көпчүлүккө жарыялап турушту.

Бая эңиште Айти менен Адиш топ жарып, эч кимге мөрөй бербей, кыл чайнап турса, эми улакка келгенде өздөрүн тартып, аттарын аяп жатышты. Чын-чынына келгенде уйгурлар аттарын табында кармашып, кылдашкан экен. Жергиликтүүлүк кылып, жем, чөбүн кылдап беришкенгеби, таза кандуу асыл тукум аттары ары бойлуу келип, сөөк-саактуу. Жабдыктарын да келиштирип, өтө эле көрккө чыгарышкан. Чү-деген эле жерден аткан октой атырылып, каршысында кезиккен таш-жардан кайтышчуудай түрлөрү жок. Балбандары да сом билек, ары чапсаң, ары илелүү. Биринин артынан бири чыгышып, аттарын туйлатып, дооронду жарып турушту.

Мындайда, жаат-жаатка бөлүнүп, бирин-бири сүрөгөндөр көбөйүп кетет эмеспи. Уйгурлар бир тарап, жергиликтүү кыргыздар Анжиан-Аркадан баргандар бир тарап болуп турушкан. Эр эңиш улам кызыган сайын Шиңжандык кыргыздар Кыргызстандан баргандарга кошулуп кетишти. Ат үстүндө алышышып, колдор колго карышып жаткан чакта, кыйкырык, ызы-чуу көтөрүлүп, аба жарып жатты.

-Ал, ал эле ал!

-Тарт! Карма!

-Манас бабабыз колдосун! Бас!

-Чү де! Темин атты! - дешип, бирин-бири сүрөгөн үндөр, балбандарга дем берип жатты.

Ади Алайдан жалаң балбан жигиттерди тандап барганбы, эңиште эч кимге мөрөй алдырышпады. Ат үстүндө кадагандай отурушуп, оюндун эрежесин бузушпай, бет-маңдайлаша кол сунуп жатышты. Улам эңиште мөрөйдү жеңип алышкандарынан улам, дымак байлашып, алдыртадан бирин-бири кубат дем берип жатышты. Күрөшкө келгенде, уйгурлар менен дунгандар бет келишишип, көргөндөрдүн кандарын кызытышты. Баягы ат үстүндөгү кыргыздар терлеген аттарын суутушуп, чет-четтеп

бастырышып, кээлери ээр-токумдарын алып, жайдакталган аттарын жумшак жерлерге оонатышып, элдин чуусуна баш көтөрө моюндарын созуп, караган болушат.

«Эңиш», «күрөш», «бука тартыш» оюндарынын тамашасынан соң, түш оой, күн кыңкая берген чакта, улак тартыш элан болду. Түз жер ого эле кенен болгондуктан, той ээлери ноопаздай болгон чоң торпокту өңөрүп келип, бир четке таштašты. Той башкаруучу Кадырдын уулу Соорон ортого чыгып кыйкырып жатты.

-Жама-гат. Угуп алгыла. Кимде-ким ушул торпокту галадан алып чыгып, маарага таштаган болсо, соорун ошонуку. Уктуңарбы?

-Уккула! Уккула! Көпчүлүк дагы элан кылам. Оюн так, таза болушу керек. Тескери басканга, жип байлаганга жол берилбейт. Өзүңө ишенген күчүң барың таштап соорунду ал!

-Эй, той башы, соболубуз бар?-деди топ арсынан бирөөсү ат үстүндө тура калып.

-Айта бер! Кандай собол?

-Жамаат-жамаат болуп, талашып, маарага таштоого болобу?

-Ап-бали, туура собол. Чыр чыкпагыдай болуш керек.

-Көтөргөндөргө соорун болобу?

-Туура айтат. Оңор эмес экен.

Ар ким, ар тараптан суроо беришип, аларды кубаттап-коштогондор жабыла той башчынын жообун күтүп жатышты.

-Көпчүлүк! Эшитип алгыла! Жамааттaшып, маарага таштагандарга жол берилбейт. Бири көтөрүп, бири ала качканга жол жок. Балбанмын деп өзүңө ишенген чабандес жерден өзү көтөрсүн. Өзү маарага таштаса гана мөрөй берилет. Уктуңарбы, аламан?

-Уктук, уктук.

-Анда, оомийин! Аларманың алып кет. Чабандесиң байгеге жет!

Чуру-чуу болгон тамашадагылар, жабыла ага кошулушуп, беттерин сылашты. Аттарын күтүрөтүп, теминип-кагынган улакчылар, биринен-бири оозунуп, умтулуп жатышты. Баятан бери ачык жайда жаткан торпоктун айланасы котолошуп, этке үйүлгөн чымындай комок-комок. Аттардын бышкырыгы, үзөңгүлөрдүн кагышканы, көп туяктын күтүрөгөн үндөрү көтөрүлүп,

чабал атчандар, тебелендиде калбастын аракетинде, четке карай чыгууга шашылышты.

Теминип-кагынып, кээлери аттарын жазгай камчы шилтешип, эптеп торпокко жетүүнүн аракетинде, ортолукка умтулушат. Чоң аттардын кысындысында калган ары чабал, ары чакан аттар улам кетенчиктешип, ээсинин миң алакетке түшүп темингенине, жаза-буза камчы шилтегенине карабай, кетенчиктешип, эптеп сыртка чыгуунун аракетинде тисерилишет. Мынчалык чоң жыйында баари бир колу торпокко жетпестигин туйгандар, көптү тамаша кылып, галани тегерене бастырышып, улактын кызыгынан кыя кете албай айланчыкташат. Аттардын алды көл-шал тердеп, айрымдарынын соорундарынан, кулак алдыларынан ак көбүк чыкканына карабай, чабандестердин эси-дарттары ортого жетиш. Жанатан бери эт бышым убакыт өтсө да, торпоктун шыйрагын кармап, жулкуп көтөрүүгө буямалары келбеди. Келсе да көптүн сүрү ага жеткирбеди. Терлегенден улам өңү-түстөрү өзгөргөн аттарын өлөр-тирилерине карабай жутунган чабандестер да ооздору кургап, суй жыгылыша, ээриндерин шилемейлеген болушат.

Мусулмандардын улак тартышын көргөн башка улуттун адамдары таңданышып, кадимки эле кармаштагыдай бирин-бири кылыч менен чаап, чокмор шилтеп, найза батырган жоокерлерди элестетишип, оюндун этеги кандай болоорун күтүшүп тургандай. Колдорунда куралы жок улакчылар чогулуп алып, бирин-бири жанчып жаткандай сезилип, баш чайкашат. Эртеден бери жашыл болуп жаткан талаа миңдеген аттардын туяктарына тебеленип эзилип, турпагы чыгып, чаң көтөрүлөт. Көп аттын деми, туяктардан чыккан чаңга аралашып, галадагылардын төбөсүндө бозомук түтүн көтөрүлгөн. Эки жолу эт бышкыдай убакыт болсо да, галаны жарып барып, көп аттын тебелендисинде жаткан торпокту так көтөрүп, атынын жалына эч ким сала албаганын көргөн Ади, баятан бери аттарын аяп турган жигиттери тарапка үн салды.

-Эй, галаны топ жарып, кимиң чыгасың?

Тоокелер бирин-бири тиктешти. Баарынын көөнү Умандын уулу Адиште эле. Ал чарчы бойлуу, кең далылуу как элес жигит эле. Эрте менен эңишке түшүп, бир нече жолу жеңишке жетишип, чаалыгып калган «ак бакай» атын аяп, галага кирбей турган эле. Адиштин күчү, ээсине ылайык атынын сыры да

туугандарына белгилүү болчу. Кызыл-Ойдон Улуу-Чатка бараткан жолдо, атайлап коюлган таш бар. Аны ары-бери өткөн жолоочулардын билгени да, билбегени да токтой калышып, таңыркап өтүшөт. Кээде жети-сегизи биригип, жерге нык отурган ташты козгомокко ары түртүшүп, бери түртүшүп, алдары жетпегенде жолго түшүшөт.

-Бул ташты атайлап бирөө көтөрүп келип койбосо, кайдан келмек эле?-дешкен жолоочулар, кимдин, кайсыл балбандын күчү экендигин билбей кете беришет.

-«Адиштин ташы» дешет билгендер. Адиштин атын уккандары менен өзүн билбегендер, таңдайларын такылдатып тим болушат. Кадимки эле бүлөлүлүк тоокелердин кулуну, Адинин жана-жан досу Адиш, аты менен баратып, бир жайдан ушул ташты байкап калат.

-Күчүмү бир сынап көрөйүн. Эл оозунда айтыла жүрсүн-деп, ат үстүнөн жаткан ташты көтөрүп, өңөрө калганда «ак бакайы» таштын оордугунан, тизелей калат. Оңор эмес жайдан, атына өңөрүп келип, аярлап жерге таштап, жол боюндагы дөбөчөгө кырынан коюп коет. Көрүп, билгендер балбандын күчүнө там беришип, өтүп баратышып, ыраазы болуша баштарын ийкеп өтүшөт. Таштын таржымалын, балбандын күчүн билбеген жолоочулар, андан узап баратса да, кылчак тиктеп кетишет.

Дал ошол Адиш Ади досунун суроосун жерге калтырбай, атынын белин бек тартып, жалын сылай, аяк артты. Сыркеш аты аны жакшы түшүнөт. Камчы шилтебей, акырын теминген ымаасы менен «ак бакай» галаны көздөй арыш керди. Ал күү менен келип, галада суу кечкендей жылып баратты. Оморосуна салмагын сала, илгерилеген сайын, баятан бери чаалыккан аттар, кетенчиктей беришип, жол бергенсишет. Чай кайнамда торпокко жеткен ат, кысылган денесин күйшөй, мойнун чулгуп алды. Андан жалтанган аттардан улам, торпок жаткан ортолук ачыла түштү. Чабандес шап кол созуп, торпоктун колунан кармай атына дем берди.

-Я, жаныбарым «ак бакай», көтөрдүк!-деген бойдон, эртеден бери эчен аттардын туяктарына тебеленип суу болуп, ылайга айланган торпокту шарт көтөрдү. Жанындагылар жабыла андан талашышып, бири колдоп, бири буттан аткый кармап, өздөрүнө тартып жатышты. Мындайдын эченин

башынан өткөрүп, үйрөнчүк болгон «ак бакай» салмагын сала алга жүткүндү.

Адиш аягын артышка шашпады. Баятан башын кейкейте, көп аттарды аралай күчөнө сүрүлгөн ат шарт мойнун көтөрө, башын чулгаганда чоң торпок аттын мойну менен ээр кашка капталып, чабандестин үлгүрүп, жапма салышына ыңгайы келе калды.

-Кана эми, тартчууң тарт! Жулчууң жул!-деп өзүнө ишенген балбан тулпарына бут учунан ымаа бере теминип койду.

«Ак бакай» бар күчүн сала обдулуп, топ ичинде сүзүп бараткандай сезилет. Комоктошкон улакчылар ага илеше, аркадан ээрчий бастырышкан сайын, жар сүрүлгөндөй болуп, жер көчүп баратkансыды. Быкбырдай кайнаган көпчүлүк, шамал айдаган булуттай тездик менен бир тарапка сүрүлүп баратты. «Ак бакайга» арттан сүргөн топ, кубат бергендей алдыдагы котологондор улам суюлган сайын жортконун, текирең таскакка алмаштырып арыш керет. Алды-аркасынан, жан-жамбашынан тарткандарды тоготпогон тулпар, көп топ четке чыга бергенде, мойнун бир булкуп алганда, бучкактап келе жаткандардын колдору ажырай түштү. Бир демдеги ыңгайды сая кетирбеген чабандес, чапка басты да, ишеничтүү:

-Айт, жаныбарым «ак бакай!». Эми мөрөй биздики деп, колун булгалады.

Аттын аты гана ага илеше жармашпаса, көбүн чаңына жеткирбеген «ак бакай» ээси бурган тарапка, элпек кайрыла, чоң жыйынды тегеренди. Маара жакындаган сайын, күлүктөр куйрук улаш келишип, чабандестер тартып алуунун аракетинде биринин артынан бири кол созот. Белгилеген чекке жеткенде Адиш эки аягын көтөрүп, торпокту ат үстүнөн жерге таштады.

-Азамат. Анык эр экен!

-Эмгеги ак. Күчүңө баракелде!

-Аты да, өзү да келишкен экен.

-Ким деген экен?

-Кайсы элдин чабандеси?

-Охо! Балбанда күч да, илаа да бар экен. Ушунча балбандарды так калтырды. Анык ата уулу!

Көпчүлүк бири суроо берип, бири жооп берип,чуру-чуу. Демиккен атын эс алдырып, аяр бастыра четтеген Адишти

таңыркашкан көпчүлүк, каяктан болсо да чаап келишип, таң калып жатышты.

-Чабандестин аты ким деди?

-Адиш.

-Кайсыл топтон экен?

-Тоокелерден дешти.

-Ооба. Бул чөлкөмдө мындай балбан жок эле. Ооп келгендерден экен да. Кайран жигиттин күчүн улак болбосо ким билмек.

-Болсун! Чыныгы алп экен. Көпчүлүктүн сөзү, эрмеги Адиш болуп жатты.

Паттага таштамай кайра улантылды. Ортодо чогулган билармандар Адишти өздөрүнө чакырып алышып ар кими кызыккан суроолорун беришип таңданып жатышты.

Кийинки соорунду да эч бири ала албай, чабандестер торпокту алдырып, маарага жете алышпады.

-Адиш, өзүң кирбесең болбойт?-деген Адинин сөзү менен чабандес жайдактап, терин кургаткан атын кайра токунду.

Эми чабандестердин көбү ага жол берип, ортодо жаткан торпокту көтөрүүгө тоскоол болушпады. Ал жерден алгандан кийин аны пайлашкандар туштарабынан тарткылашып, сууруп ала алышпады. Чабандес да торпокту чапка баскан бойдон топту кеңири аралап жүрдү. Эки тараптан келип, улам булкушкан чабандестер улакчынын күчүнө ыраазы болуп, жандай чаап маарага чейин узатышты. Адиш мараны бир айлана келип, чоң торпокту консулдар, Кашкар аймагынын билармандары турган жайга келгенде жерге ыргытты.

Консулдардын кол чабуусуна кошулуп, андагылар алыстан кыйкырып жатышты.

-Азамат!

-Баракалда!

-Ырахмат!

-Кызыңа талак тоокелердин оомадысы келишкен экен-деди Жаныбек казы.

-Адинин оомадысыбы? Же балбандыкыбы?-деди Кайып паңсат.

-«Иши оңолоордун ити чөп жейт»-делген эмеспи, булардын кел-кели келген чагы-деди Осмон эшен.

-Ади паңсаттын бардык иши эле оңко туруп жатат дейсиңерби?-деди казы шериктерине түс үйрүй тиктеп.

-Бул да болсо биздин абийир. Болбосо,бөтөн жерде жылдызыбыз жерге түшүп калмак. Эмне болсо да башкалар там бергидей болуп туралы-деди Ташбай бий, курсант боло тегерегин карап.

-Кудай Адиге биздин күндү түшүрбөй калсын-деди казы жактыра бербей.

-Мунун да ичээр суусу эсепке түшкөн, эсине албай жүрсө керек! - деген кээкерлүү сөзү жанындагыларга айкын угулду.

***

Той өткөндөн кийин Балтабай Кызыл-Ойдо Жаныбектин жигиттери Айтмарек менен Курманбекке жолугуп калды. Ал-жай сурашып, тойдун өткөнүн сөз кылышты.

-Адинин жан жигиттери тыңбы?-деди Айтмарек.

-Баарыбыз эле чогуубуз. Балтабай жооп берди.

-Тандамал жигиттерди, кайтарчу койбосоңор болбойт. Кимдин ким экенин кайдан билесиңер-деди Курманбек.

-Өзүнүн көлөкөсүнөн корккон казы дейсиңерби? Ал деген Ади. Эч кимден жалтанбайт. Балтабайдын жообу Айтмарекке жакпады.

-Адиге айт. Сак болсун. Жан сакчыларын жанынан чыгарбасын.

-Шек билсеңер ачык эле айткыла.

-Түнү-күнү кайтарып, көз жаздымга калтырбагыла. Учур өзү шектүү чак. Айттырбай эле билгиле!

-Азыр бөтөнгө эмес, өзгө ишенбей турган мезгил. Өтө сак болсун! Аманат сөздү айта бар-дешти Айтмарек менен Курманбек.

-Ади, казынын жигиттери Айтмарек менен Курманбек мага дайындап, атайлап эскертишти.

-Эмне дешти?

-Ади сак болсун. Бирөөлөргө ишенбесин. Жан сакчылары күнү-түнү көз айрыбай кайтарышсын. Тандамал жигиттерди койсун дешти.

-Саксынсаң да, саксынбасаң да, ар бир башта бир өлүм бар. Андан эч ким качып кутула албайт. Бул жагынан бейкам бол-деп Ади басып кетти.

Ади бийликти колго алган соң, Алайга кабар жиберип, тuугандарын алдырды. Бүлөлүлүктөр жапырт көчүп келишип, Зымкананын жанындагы Чоң-Токойго отурушту. Ысамамат бий көрсөтүлүп,жаңы көчүп келгендерге кийим-кече, азык-оокатын камдап бере баштады.

-Кашкарга барам, Ошко кетем дечүүлөргө жолго жетерлик азык-оокат, кем-карчтарына кайрылышат. Ошону менен катар Адинин кошунундагылардын улоолорун жем-чөп, жоокерлерине кийим-кече камдап, бирде Кызыл-Ойдо, бирде Кашкарда элдин камы менен жүрөт.

-Кызыл-Ойго Ади паша келет экен-деген кабардан улам Ысамамат кошуундагылар кийим-кечелерин дыкаттык менен бир сыйра карап чыкты. Чоң-Токойдогуларга келип, элдин азыгына көңүл бөлдү. Бардыгы эле ойдогудай сезилип кемтиги жоктой туюлду. Ошентсе да анын ичи уйгу-туйгу. Көпчүлүктүн баары эле телегейи тегиз эмес. Кемтиктери арбын болчу. Аларды билсе Ади аябайт. Ар бир иштин орду менен так аткарылышын каалайт. Эгер тапшырылган иш өз убагында, так аткарылбаса эч кимди аябайт. Аны бул жердегилердин бары жакшы билишет. Адинин жана жан досу Абдыкалыктын окуясы бардыгына сабак болду.

-Абдыкалык сен тасыккан адамсың. Элүү эр азаматты тандап ал. Улоо турманынан баштап, кийим-кече, жаткан-турганы ал тургай көчөдө жүргөнүнөн бери, жетекчисине кантип кайрылышты, берилген тапшырманын аткарылышын маалым-доону үйрөтүүгө мөөнөттү канча күнгө келишели-деди Ади Абдыкалык досуна, кошундагылардын арасында кайрылып.

-Он күндүк мөөнөт жетет, таксыр жетекчи деди Абдыкалык.

-Он күндө иштин жүрүшүн, ар бир жигиттин курал-жарак менен камсыз болушуп, көзөмөлдүккө алууну Раимжанга тапшыралы. Эгер так аткарылса сен менин орун басарым болосуң. Раимжан сенин ордуңа кошундун башчысы болот.

-Куп болот, таксыр жетекчи.

-Раимжан сен эмне дейсиң?

-Сиздин айтканыңыздай таксыр жетекчи.

-Эгер мөөнөтүндө аткара албасаңар, экөөңдүн тең жетекчи экениңерге карабайм. Кол алдыңардагы жигиттериңерге саба-там. Он беш күн отура албай, кыйналарыңар эсиңерде болсун! Макулдаштыкпы.

-Макулдаштык-дешти экөө тең.

-Кошундагы калган жигиттерди үч топко бөлүп машыктыруу Жусупжанга тапшырылат. Кошуундагылардын кем-карчын толуктоо, аттарга жем-чөп менен камсыз кылуу чарбалык иштер боюнча менин орун басарым Молдомаматка тапшырылат.

-Уктуңарбы? Кимде суроо бар? Жокпу. Ишти колго алгыла!

-Таксыр!-Матазим кайрылды.

-Мен силерге суроо барбы?-деп кайрылдым. Мындан соң «Суроо барбы?» дегенде суроо берип жүргүлө! Жетекчинин сөзүн кунт коюп угуш керек! Айт суроонду!

-Аскердик кийимдерди, качанкыга чейин даярдатабыз?

-Матосмон, Матазим экөөң он беш күндүн ичинде даярдалышын камсыз кыласыңар! Амат ар бир жигиттин так өлчөмдөгү кийимине жооп бересиң. Биринин эле өлчөмү тура келбей турган болсо керт башыңа жоопкерчилик жүктөлүп, он башылыктан алынып, ат багар болосуң.

Кошуундагылардын ар биринин өзүнө берилген жеке тапшырмалары бар эле. Милдеттери так бөлүштүрүлгөн. Эгерде, кимде-ким милдетин аткарбаса ал жазаланчу. Арадан он күн өтүп, Абдыкалыкдын жоопкерчилиги каралды. Биринчи эле караганда унаа турмандан айыптар чыга келди. Ат жабуу, токумдар бир кылка эмес. Кийим-кечелерге, жаткан-тургандарына көзөмөлдүк жок. Көчөдө жүрүүнүн, кайрылуу, жооп берүү эрежелери сакталбайт. Курал-жарак толук камсыздалбаган.

-Убада боюнча Абдыкалыкка, Раимжанга жүздөн балак урулду. Айткандай, экөө тең он беш күн отура алышпай туруп, тамак ичип жүрүштү. Кошуунду башкарып жүрүшүп, таксырдын буйругу менен кол алдындагылардан балак жешти. Бул иш бардыгына сабак болду. Ошол күндөн баштап кошундагылар арасында тартипке, бирдей эрежеге көңүл бөлүндү. Жусупжандын аброю көтөрүлө баштады.

-Жигиттерге бир кылка аскердик кийимдерди даярдоодо Матосмон, Матазим, Аманаттардын аракеттеринин пайнабы натыйжалуу болду.

Адинин ар бир аракетин пайлап отурган Жаныбек Абдыкалык менен Раимжандын «жабырланган дилдерин» туйду. Казы экөөнүн тең таржымалын жакшы билчү. Абдыкалык «Куршаптык болом» дегени менен көп жердин даамын татып,

кексесине айланган карышкырлардын бири боло турган. Бир мезгилде Бухарада Ибрагим бекке жигит болуп жүрүп, анын колу талкаланган соң Ферганага из жашырып келген. Дээринен бийликке жакындыгынанбы Мадаминбек менен бир жүрүп, кийин ал кызыл аскерлерге кошулуп кеткен соң Ади менен жан кыйышпас дос болушуп, Алай тоолорунун бир үңкүрүндө бычак жалашып касам ичишет.

«Жүрсөк багытыбыз, бассак кадамыбыз бир. Акыреттик досбуз. Антыбыздан тансак агарып жаткан тоо урсун, көгөрүп турган көк урсун!» дешип, кучакташышып төш тийгизишкен.

-Эки көк жалды кандай тагдыр бириктирип калды?-деген суроону бир чети ичи тарып, экинчиси таң калып казы өзүнө-өзү суроону ушул күнгө чейин берип келет.

-«Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт» эле качан сүзүшө кетээр экен?-деп алдыртадан аңдып жүргөн. Караса экөө тең бири-бирине алдырбас, азылуу жырткыч. Ади бир сырдуу, сүрдүү кабагын түйүп, көңүлү келген адамга сүйлөбөсө, Абдыкалык жайдары, кабак-кашы жазылып, көргөн адамы менен бажаңдап ачылып сүйлөшө кетет. Алдыртадан ал ага суроо салат.

-Экөө кандай биригип кетишкен?

-Казым буларды бириктирген дүнүйө.

-Дүнүйө!

-Ооба, ооба. Абдыкалык Бухарадагы эмирдин казынасын жүктөп, Ферганага келет. Аны узаткан генерал жетектеген орус офицерлери келишимдин негизинде Алай аркылуу Оогонго жеткиришмек. Алардын акылары жарымы төлөнгөн. Жарымы Оогонго жеткенде берилмек.

-Ии? Уланта бер.

-Калганын билбейм.

-Калганын ким билет?

-Менин да башым маң.

Оор үшкүрүнүп, эмирдин дүнүйөсүнүн дарегин билүүгө суроо салды. Мен-менмин деген, эл арасындагы башы көрүнгөндөрдү кепке тартты. Көбү аңдабады. Аңдаса да «каяктагы эмирдин дүнүйөсүн айтат»-дегендей жер карашты. Казы өзүнүн суроосун, сөз арасында Осмон эшенге кыйытты.

-Бухарадан Ферганага келгени ырас экен. Бирок, кимдер алып келгени белгисиз дешет. Осмон эшен казыга суроолуу тигилди.

-Бир билсе Жусупжан билиши мүмкүн, чекмелеп көрүңүзчү деди эшен.

Жусупжандын таржымалы казыга, бир топ белгилүү болчу. Баягында Анжианда жүргөндө Жусупжан өзүнө жан жигит эле. Кийин кызыл аскерлер менен байланыш кылгандан кийин Жусупжан да эстен чыгып кетти. Адиге кантип биригип калды?

-Адиге жалаң тандамал эргулдардын биригип калышынын себеби эмнеде? Казы Жусупжан менен сүйлөшүп отуруп эмирдин казнасы жөнүндө сөз козгой кетти.

-Бухарадан чыккан казна Фергана аймагында Ошко жетип, андан ары жиги билинбейт дешет. Ыраспы?

-Орус офицерлеринин бир-экөө Гүлчөгө келгенде кармалып, туткундалыптыр деп уктум. Казна алып жүргөндөр кайда экенин билбейт экенмин-деп Жусупжан сөзүн токтотту.

Казы Абдыкалыкта көп сырдын бардыгын туйду. Алдын Раимжанды өзүнө тартмак болду да жигиттерин жумшап өзүнө чакыртты. Раимжан келип, кучакташа көрүшүшүп, ал жай сурашуудан соң, атайын мейманга арналган дасторкон жайылды.

-Бөлөм, өз үй болгондо өзгөчө болмок. Бөтөн жер болсо да, дасторкон өзүбүздүкү. Кенен отуруп, ал-жай сурашып, сырдашканга чакырдым-деди казы.

Жаныбек казы Раимжандын атасы Турганбай бай менен карын бөлө боло турган. Башта Өзгөндө экенинде жаман-жакшылыкта Алайга келип, Алайлыктар Өзгөнгө барышып, каада менен катташып турушчу. Өзгөндөн Алайга түзөңдөп барам десе да, белес ашып, ашуу менен барам десе да жол арбын. Кышын-жайын каттоо үзүлчү эмес. Чоң аш-той, маарекелерде Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн, Жалал-Абад, Ош аймагындагы билармандар бири-бирине кат, же атайын чабаганчы жөнөтүшүп тамаша бирге өткөрүлчү. Атактуу балбан, саяпкер, өнөрпоз деги эле уруунун атын чыгарган өнөр ээлери калың элге кабардар болушчу. Биларманга кат-кабар жөнөтүлгөндө да этегинде «палан ырчы, комузчу, саяпкер, балбан, улакчы» ж.б ала келүүлөрүн өтүнүп, белгилей кетүү адат эле.

-Атанын аты да, даңкы да, намысы да балага милдет. Атанын жолунан бала чыга албайт. Ата деген улук. Ошон үчүн

ата арбагына сыйынабыз. Ар жагын өзүң жакшы билген, ата тарбиясын көргөн, ата уулусуң! Атаң-Турганбай бий деп мага кошуласыңбы, же тууганым деп Адиге кошуласыңбы? Карт казы сөздүн ток этээр жерин карманып, суроо салды.

-Сизге да, Адиге да кошула берем, деди Раимжан тайсалдай сегиз көчүгү ачышканынан чекесин тырыштырып. -Ади менен казынын эрегишкенин жакшы билген Раимжан сөздөн илинип калбайын деген тайизде.

Эки өйүздөгү күңгөй-тескейдей болуп, бирин-бири көрүп турганы менен бириге алышпаган экөөнүн мамилесин угуп билгендер.

-Экөөнө эмне жетпейт. Бөтөн жерде бирин-бири колдоп, ынтымакташышпайбы? Же ортосунда боло албаган бийлик, же байлык барбы? Эмнеге эле экөө далыларын салышат?

-Ээ, бири эски Никелейдин адамы. Бири жаңы Советтин адамы. Эзээли бириге алышпайт.

-Казы дале жаңы өкмөттүн саясатын кылып, совет-кытай соода байланышын жүргүзүп келбеди беле?

-Анын колун булгап, жолун бузган туугандары менен уулдары болду деп жүрүшпөйбүз.

-Анысы да бар. Бирок, «мал ачыгы, жан ачыгы» делип, жаңы өкмөт казынын мүлкүн ортолукка алышынын ызаасынан казы, жүзүн буруптур.

-Адичи? Ал кандай эле казыга каршыгып калат?

-Ал атайын тапшырма менен казыны кармамакка келиптир деп угабыз.

-Андай эмес. Казыны кармаса, канчалаган кызыл партизандар келип-кетип жүрүшөт. Ади алардан өзгөчөбү?

-Адинин максаты эмне экен?

-Ади Чыгыш Түркстанды Кытайдан бөлүп алам-деген максат менен жүрөт-деп угам.

-Огоо. Оңор эмес милдетти моюнга алыптыр. Эми кантип жатат?

-Келгенине аз эле болбой Шиңжаңдагы жалаң кыргыздарга гана эмес, уйгур, дунган, тажик, казактарга, жамы мусулман элдерине чоң аброю бар Чыпак казыны колго алды. Ал аркылуу Осмон пашанын аскер башчысы эле. Эми Кашкар пашасы. Өзүнүн атынан пул чыгарып, Чыгыш Түркстан өлкөсүн таанууга чет өлкөлөргө кат жолдоп жатат-дешти.

-Кат жолдогону эмнеси?

-Чыгыш Түркстан мамлекетин тааныгыла дегени.

-Өкмөт баштыгы Ади болду дештиби?

-Ади болгону болду.

-Вазирликке кимдерди коер экен?

-Вазирликке Жаныбек казыны, Раимжан менен Абдыкалык досторун, катчылыкка Жусупжан досун бекитмек болгон экен.

-Анан?

-Анан алардын билими жок. Үй-бүлөлөрү жок деген шылтоо болуп жатыптыр деген кеп бар.

-Кимиси эмне иш аткарат? Же пашанын айтканы менен болуп жүрө беришеби? Үй-бүлөлөрү жок болсо, бул жерден үйлөшөт да?

-Жо-ок. Бирисин ички иштерди башкарат десе, экинчисин азык-оокатты карайт. Үчүнчүсүн билим берүүгө тартат деп атаптыр. Үй-бүлөсү жок бийликке отурууга шарият уруксат бербейт имиш.

-Анда кат сабаты барлар керек экен. Достору Абдыкалык менен Раимжанды тил албагандыгы үчүн катуу жазалаган экен. Экөө эми ага каршы туруп жатат деп уктук.

-Жаныбек казы казнаны берсе барам деп жатыптыр.

-Жаңы паша өзүнө душман көбөйтүп жатыптыр, этеги кантээр экен?

-Эсен болсок, аны да көрөбүз.

-Казы баш болгон достору биригип кетсе, пашаны аңтарып салышат го дейм.

-«Жатып өлгүчөктү, атып өл» дейт. Карт карышкыр жөндөн-жөн колго түшүп бербейт.

«Калк айтса, калп айтпайт» демекчи, «миш» да жөн жеринен чыкпайт. Казынын Раимжанды жарга такашынын этеги Адинин тагдырынын ташын бир тарапка оодуруу эле. Раимжандын тилин байлап, тамырын тартып жатты.

-Атаң бир сүйлөгөн адам. Так айт. Элибизде макал бар «Бөлөм, бөлөм-бөлөм үчүн өлөм»-дейт. Менин да салмагым бар. Башым таанылган адаммын. Сени Адидан ашык кылып, куштап алышка тилим да келет. Колум да жетет. Сени жаш баладан бетер шымалап, абийиратыңды көп көзүнө ачып, балдак урушу жаныма батып кетти. Шариятта абийирди башкага көргөзүү күнөө. Жада келгенде койнуңдагы аялыңа да

көрсөтүүгө болбойт. Мусулман мындай ишке барбайт. Каапырдын ишин кылыптыр. Сен эмес, мен намыстандым. Намыс деген башка. Атанын уулусуң, айт! Сен колума эле тийгизип кой. Калганын өзүм бүтүрөм!

-Сиз айткандай болсун!

-Ап-бали. Ал менин башымы «беш жүз мылтыкка саттым» дейт. Мен анын башына бир куржун алтын коем. Абдыкалык досуңду ынат?!

-Казым, аны ынатыш сизден болсун. Мен ага жардам берейин.

-Мен убададан тайбаган адаммын. Эки сүйлөгөн жан эмесмин. Бир куржун алтынды азыр жүктөп кет.

-Иш бүтүрөлү казым?

-Ата баласы. Келе колуңду. Колун байлап, үйдөн чыгарып бер. Эси-көөнүнөн кеткис кылып, жанын ачыштырып, коеюн. Кимди-ким жазалаарын билип алсын.

-Кана эмесе бөлө ак дасторконго бата кылып коелу?

-Оомийин! Экөөбүздүн жүзүбүз бири-бирибизге жарык.

Казы ордунан шайдоот турду. Бир паста тилинен адашып, эмне балакет болуп кеткенин эми гана туйган Раимжандын башы кеңгиреп, чекесиндеги лукулдаган кан тамыры жарылчуудай болуп өзүнө билинип турду. Уюган буттарын араң козгоп, бир-эки обдулуп барып, чалыштап эшикти көздөй жөнөдү.

-Абдыкалык мырза, жаш туруп көпчүлүккө башсың. Талаа-түздө өзүңө окшогон көрөрман жигиттер көпкө караан болот. Бу жергиликтүүлөр ыктыярдуу атрият түзүп жатат-деп угам, деги максаттары кандай?-деди казы намаздан кийин Абдыкалыкка капылеттен жолуга калып.

-Айылдарды басмачылардан колдойбуз дешип топ түзүп жатышат деп уктум.

-Бир тарабынан гоминьданчылар тытмалап, бир тарабынан ыктыярдуулар тобу тынчыбызды алып, бизди да жүдөтүшөт окшойт.

-Казым, кабатыр болбоң келишебиз. Кудайдын жери кең эмеспи.

-Кашкардын чайын ичип, чаңкоону кандырганча, өткөн-кеткенден кеп салалы, кандай дейсиң?

-Жүрүңүз? Мен да сиздин насаатыңызды угууга кумармын, казым.

Экөө чайканада чай чайпап, бет маңдай кеп келебин созуп отурушту. Чайкана атарабында адамдардын карааны көп болгону менен ар кими өзүнчө. Уйгуру өзү менен өзү. Дунгандары ары четте. Кыргыздары да бирин-экин боло, оор кийимдерин чечине, жеңилдешип, аңгеме-дүкөн курушат. Чайканадагы кайнаган сууну чай салып демдөө, аны кардарга узатуу, чай ташыган баланын кардардын алдына чай менен чай пияланы алып барып, аяр коюп, алдын тазалап кетүүнүн өзү чебердик, жагымдуу сот жогорку маданият.

Абдыкалык чай куюлган пияланы казыга ары кылдат, ары чебердик менен эки колдоп узатып, улам чайнектин буусун чыгарбай, чарчысы менен жаап отурду. Чыгыш элинде чай узатуу да чоң өнөр. Чакан чай пияланын түбүнөн бир аз ашыра шаркыратпай, акырын куюлган чайды жанына отурган кишиге оң колдоп сунуп, кайра узатканда да оң колдоп алыш, кичи пейилдиктин белгиси.

Ушундай жайда жакшы сөз чыгып, жагымдуу маанай түзүлөт. Казы чекесиндеги нымшыган терин белиндеги чарчысы менен акырын сылай суроо салып отурду.

-Мырзам, же баштагы жылдары кызылдардан качкан жүктүү кербен Фергана аймагын аралай келип, Гүлчөгө жеткенден соң жиги билинбей калды деп, бир уктум эле. Деги ал сөздүн чынтөгүнүн биле албадыңбы?

-Ошондой сөз айтылган. Чек ара тосулуп калып, тоо аралай кетиптир деп бирөөлөр кеп кылышканын укам. Бирок, кийинки маалыматтан кабарым жок.

-Кызылдардын колуна түшсө эмдигиче билинмек. Тоо арасында кандай ың-жыңы жок сиңип, кетет? Же кербен тарткандар алайлыктар бекен?

-Жергиликтүүлөрдөн да болушу мүмкүн.

-Дүнүйө деген бир мезгилде кадыры бар эле. Азыр баркы да кетип баратабы дейм? Канчалаган байлар куугунтукка алынышып, тапкан-ташыгандарын жүктөй келишип, гоминьданчылар күнүн көрүп жатабы дейм?

-«Көбүнө зар да, кээсине кор» деген ушундай тура. Тапкан ташыганы насип этпей, талаада калгандар да бар.

-Ади досуңдун алтыны көбөйсө көбөйүп, азали кемибесе керек?

-Ар ким өзү билет, даткам. Биз дүнүйөгө келгенде бири-бирибизге сыйбыз.

-Кеп уккандай болдум. Аскер башыларын жазалаптыр деп да айтып калышат.

-Ар кимдин пейили өзүнө жараша. Башкаларга сабак болсун деп жатып, кээ бирөөлөрдүн көңүлүн кирдетип алды.

-Аскер башы сен элең. Көңүлүңө доо кетпедиби?

-Кетпей коебу. Башкаларга жаза колдонсо да, башчыларга тил тийгизбесе болмок. Жүзүбүздү жер каратып койду.

-Туура эмес иш кылыптыр.

-Туура эмес эле. Ичибиз муздады. Башка жайда болгондо кетип калмакпыз.

-Эмне, ал башыңарды байлап алганбы? Мага кел? Кызматыңа каалашынча акы төлөйүн.

Абдыкалык аны сынай тиктеди.

-Чын айтам. Кызматың канча? Баасын айт?

-Бир сөз менен илешип калгам. Болбосо кетип да калат элем.

-Эмне тилда берем дедиби? Канча? Нак төлөйбү?

-Экөөбүздү бириктирген… ойлоно түшкөн Абдыкалык өзүнүн сөзүнө өзү чочуй, кайра оңдой. -Убададан таялбай турам.

-Канчага убадалашкансыңар? Мен төлөйүн келесиңби?

-Канча төлөйсүз?

-Бир шарт менен.

-Айтыңыз.

-Адини мага алып келип бересиңер? Бир куржун тилда силердики.

-Ого! Ал кыйын иш. Жалгыз колуман келбейт.

-Көптөйсүңөр.

-Кимдер бар?

-Раимжан сага жардам берет.

-Ал Адинин адамы.

-Мендик!

-Жалгыз экөөбүздүн колубуздан келбейт.

-Ишеничтүү жигиттериңер бар. Кааласаңар ордуна отургула. Бирибизге-бирибиз көмөктөшөлү. Ойлочу. Аттуу-баштуу адам болсок. Сенин карамагыңдагы адамдардын алдында,

жылаңачтатып, шылдыңга калтырып, аялуу жериңерди чапкылатып жатса жакшы иш болдубу? Силер менин колума эле тийгизип койгула. Калганын өзүм билем. Экинчи кол көтөргүс кылам.

-Тилимден байланып калдым эле. Болбосо өзүнө жараша иш кылмакмын.

-Кеч эмес. Жигиттериңерге аскердик кийимди качан кийгизесиңер?

-Базардан кийинки күнү.

-Базар күнү баарын жуунуп, базарга барып кел дейсиңер, туурабы?

-Ооба.

-Бир куржун тилда дап даяр. Кааласаңар экөөң тең, бөлүп алгыла.

-Казым иш бүтүрөлү.

-Убада, убада. Куралсыз буту-колун байлап алып келгиле. Ак куржун силердики.

-Казым…Үйүндөгү аялы жанынан чыкпайт.

-Анын жайын мага койгула. Ал эч каршылык көрсөтпөйт!

-Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашыптыр дейт. Кана ичкен чайыбызга бата кылалы. Э Куда, ал кулум десең ишибизди оңдо? Бей саат кырсыктан сакта? Олооу акбар!

***

Кызыл-Ойдогулардын ал-абалынан кабар алганы барган Ади кечке эл кыдырып жүрүп, салт атчан жүргөн жан жигиттерин ээрчитип, кеч болсо да Кашкарга кайра кайтты. Түнү менен жол жүрүшүп, таң каракчысы болгондо лузанга (сепилге) жете келишти. Жигиттерине уруксат берип, өзү үйгө кирди да, кече күндөн бери ат үстүндө жүрүп, талыкшыган денесин жаза керилип-чоюла бир топко кыймылдап келип чечинди. Жастыкка башы тиери менен терең уйкуга кетти.

Раимжан эрте менен кошуунду көтөрдү. Бардыгын катарга тизип, кулактандыруу жарыялады.

-Жигиттер! Бүгүнкү күн базар. Эртең баарыбыз үчүн ары кубанычтуу, ары жооптуу күн. Силердин ар бириңер үчүн ченелип, бычылып тигилген аскердик кийим тигилип бүттү. Жалпыбыз кийинип, жоокердик салтанат өткөрөбүз. Ал үчүн бүгүн баарыңар базарга барып, сакал-мурутуңарды тегиздетип,

чач алдырып жуунуп келгиле. Куралыңарды чарба башчысына тапшыргыла. Түшүнүктүүбү? Анда уруксат.

Жигиттер топураган боюнча сүрүлүп, көчөгө чыгып кетишти. Сепилдин бир жак тарабында Ади жаткан үйдүн эшигинде ары-бери баскан Балтабайдын карааны жалгыз. Ал шериктери катары кете албаганына капа болгондой шылкыйа басат. Күзөттө тургандардын кийими башкача түстө мурда эле тигилген эле. Аскердик кийим боюна көп эле коошпогон Балтабай бош баскан сайын, бүчүлөрү толук кадала элек кийими көк кытандын канатындай желпине көзгө комсо көрүнөт.

Арытан келген Раимжан аны көрө кала, алыстан кыйкырды.

-Балтабай боюңду түздөп тыкан турбайсыңбы? Көрчү, бүчүлөрү кадалбаган кийимиң, басканың сайын желпиңдеп жарашпай калыптыр. Бар, сен да барып, бүчүлөрүңдү кадатып кел!

Араң турган Балтабай, шашкалактаган боюнча, шериктеринин аркасынан чуркап жөнөдү.

Сепилдин ичиндеги Ади жашаган үйдүн ичиндеги кире бериште чоң бөлмө. Анын ичинде үч бөлмөлүү кирүүчү эшик. Ортоңку эшик Ади тамактануучу бөлмөнүкү. Анын төрүндө уктоочу бөлмө бар. Ал эми ортоңку эшиктин эки тарабындагы оң эшикте күзөтчүлөр жашайт. Сол эшикте аялынын, апасынын буюм-тайымдары. Тамактануучу жайга эки тараптан тең кирүүчү туурасында эшиктер бар.

Раимжан менен Абдыкалык ээрчише киришип, күзөтчүлөрдүн турган жайына баш багышты. Адинин ишенимдүү делген жигиттери, ары инилери Койтукур менен Жунус тамактанып жатышкан. Удаалаш кирген агасынын досторун көргөн жигиттер орундарынан тура калышты.

-Бейгам, тамактана бергиле. Биз таксырга жоолуга турган зарыл ишибиз бар эле. Силерге көрүнүп коелу дешти экөө.

-Тамакка келиңиздер?-беркил экөө.

-Анан. Силер козголбогула-деп жооткотушту эки аскер башы, чыгып баратып.

Раимжан сыртка чыгып, сепилдин бир тарабын көздөй кол булгалады. Шаптай болгон шамдагай беш-алты жигиттер лыпылдай басып, жете келишти. Раимжан сыртта турган боюнча башын бир тарапка серпип койду. Шоп-шоп эткен жигиттер Ади жаткан бөлмөгө атырыла кирип барышты. Төрдөгү секиде жумшак төшөк үстүндө жаткан Адинин көзү, ойлонуп бир

жайды теше тиктегендей болуп ачык эле. Удаама-удаа кирип баргандар, сүрдүгө токтоп калышты. Бир аз эле олдоксон кыймылдашса, ал адатынча, сүрдүү карап, аркы бөлмөдөгү жан сакчыларына:

-Алгыла, мына бул бейадепсиздерди. Уруксаты жок кириш-кендери үчүн балак алгыла! Эси көөндөрүнөн чыккыс болсун!, Же «баштары алынсын!» деп айтып жиберчүүдөй, теше тиктеп турду. Бир демге тык токтошуп, акырын тисерилише, шыбыш билдирбей кетенчиктешип, эшикти үн чыгарбай жабышты.

-Эмне болду? Эмнеге кайттыңар?-деди, алардын ар бир кадамын жаземдебей пайлап турган Раимжан шыбырап.

-Көзү ачык. Уктабаптыр.

Жанаша бөлмөдөн баш баккан жаш жубан үстүндөгү чылк жибек кийимин сүлкүлдөтүп, алардын шыбышын угуп, мыскылдуу жылмайганча, үнүн угулар-угулбас чыгарып:

-Ал ошондой. Катуу чарчаганда, көзүн ачып уктайт. Кире бергиле! Ушунчаңар туруп, бир бөрүнүн дөбөтүндөй болгон немеден коркосуңарбы?-деп алардын намысына тие, көздөрүн кыбыңдата, мыскылдуу сүйлөдү.

-Киргиле! Аттаңдын оозун урайын ашкебилер! Шымыңар булганып калган жокпу?-деп Абдыкалык аларды демите шыбырай жекирип, өзүн колго ала кошо кирди.

Шап эте, уйкудагы Адинин баш жагына жетип барып, кош жастыктын алдына коюлган маузерди шарт алган Абдыкалык, үнсүз беркилерге «кармагыла» дегендей белги берди.

Шаптай болгон жигиттер: бириси колдон, экинчиси буттан алып, үчүнчүсү баса жыгып, заматта колу-буттарына кишен сала коюшту.

Эй, мунуңар, тамашаңарбы, чыныңарбы?-деди Ади уйкусурап.

Жанаша бөлмөдөгү опур-топурду сезген Жунус куралы жок бейкам кирип келди. Адинин колу-буту кишенделгенин, өзүнө кезелген маузерди көрүп, аптыга колу-буттары калтырады. Бирөөсү жетип барып, колун бурай оозун жапты. Мылтыгын көтөргөн Койтукурдун карааны көрүндү. Ал-абалды шарт түшүндү окшойт.

-Ади аке, эмне кылайын?

-Тым…Адинин оозун тургандардын бирөөсү, жаба койду.

Бурч тарапта турган жигиттердин бириси, Койтукурдун мылтыгын колунан жулуп алып оозун басты.

Жалаң ыштанчан, белинен жогору жарым жылаңач Адини колу-бутун байлап, төшөктөн тургузуп жатканда:

-Сүзмөгө окшош, кайраты жок суу жүрөктөр! Кайдан гана силерге ишендим эле деп, элпек козголуп, туруп,кылчайбай сыртка чыга жөнөдү.

Куралдуу топ атчандар колу аркасына байланган, жарым-жылаңач Адини жайдак атка мингизишип, буттарын ат белине тартылган жипке орой байлашып, ортого ала Кашкардын көчөлөрүнө шаң салышып, улам барабанды кактырып, айландырып баратышты.

Теңдик издеп эчен,экчелдим,

Телчиктирип, убадага бек дедим.

Ара жолдо өз досторум сатышты,

Аттиң арман, максатыма жетпедим.

Алдыда бараткан эки жарчы, барабандын дүңкүлдөгүнө кошул-ташыл болушуп, алмак-салмак кыйкырышат.

-Броодарлар! Азиз мусулмандар!

-Көргүлө, көрүп алгыла!

-Уккула, билип алгыла!

-Кашкардын пашасымын деген Ади колго түштү!

-Кашкарды сураган Ади атылат!

-Адинан ашкан Адиге, жаза берилет! Ордого келгиле! Падыша сарайына чогулгула!

Күн сайын эмес, саат сайын эчен өзгөрүүлөргө күбө болуп жүргөн Кашкар шаарынын калкы, үн чыккан жакты элеңдей, узата карашып,топ атчандар өтүп кеткичекти, бирин-бири суроолуу тиктеп турушту. Ар короонун эшигинен шыкаалашкан шаардыктар окуяга түшүнбөй аңкайышты.

Жарым-жылаңач денеси күнгө чагылышкан, өткүр көздүү адам башын бийик көтөрүп, жайдак аттын үстүндө колу аркасына байланса да, өзүн эркин кармап, ырдап баратты.

-Маакул деп жапырт колдогон,

Максатка жетпей толгоном.

Баарынын башын бир кылып,

Эртеңин элдин ойлогом.

Артымда калың элим бар,

Арканда, кол-бут жолум тар.

Алдырып коюп душманга,
Арманда турам болуп зар.
Азапка келип кабылдым,
Тозоктуу шорго малындым.
Көрө албаган душманга,
Капылет торго чалындым.
Акыйкат ишим төп эле,
Алдыда максат көп эле.
Кармалып калдым капыстан,
Калкыма кебим бек эле.
Шинжаң, Кашкар эл калды,
Айтылуу Алай жер калды.
Кармап берип «досторум»,
Курбалдаш курдаш, тең калды.
Азапта турган Түркстан,
Арылмак кандуу уруштан.
Өзүнчө өлкө аталып,
Акыры болмок Гүлстан.
Ак карлуу белде чек калды,
Эркеч-Там, Көк-Суу бел калды.
Ак дил ишке жете албай,
Аламан кыргыз эл калды.
-Кармаган топтун орду бош,
Каршылык иштин колу бош.
Кайыр кылбайт силерге,
Кашкардын эли кайыр кош!

Кашкардын эски сепилинин короосунда топ атчандардын келиши зарыга күтүп турушкан, Жаныбек казы баш болгон калың топ, жапырт утурлай чыгышып, дүрдүгө тосуп алышты. Элге элан болгон кабардан уламбы, аял-эркек баш болгон шаардыктардын карааны уламдан-улам сепил ичинде көбөйө берди. Ак ыштан, көйнөк үстүнө ак желек кийген, ак сакалдуу, ак селдечен Жаныбек казы жагалдана, жанындагыларга алда бир демелерди айтканынан уламбы, анын айланасындагы ак селдечен молдолор да, илелеген жылкыдай болушуп, улам баштарын ийип макулдуктарын билдирип жатышты.

Сепилдин ичинин бир тарабында, дайыма шаар башчыларынын жан-жөөкөрлөрү баш болгон молдо-казылар, алардын бир таабында улам келип, саны көбөйүп, комоктошкон шаардын

калкы. Алардын бир тарабында күнөөкөрлөрдү өлүмгө буйруган өкүмдүн аткарууга даяр турган дар.

Анда көзгө суук көрүнүп, эчендеген «күнөөлүү» делгендердин башын жуткан сыйыртмак. Ал жашоого кам көрүп, күндөлүк кардын тойгузууга жем издеп чыккан паранда, жан-жаныбарларды күтүп, аларга жик билгизбей, аңдып жаткан жыландай суук көрүнгөн бир нече кылтак, ажалдын өкүлү болуп салаңдап турат. Анын шакектей болгон көзү «адамдын кимдигине карабай, өзүмө об тартып алып, келбес жайга узатып коем» дегенсип, төбөдө салбырайт. Дар алдындагы секиде Ади бул көрүнүштү көнүмүштөй сезип, көпчүлүккө сыр бербей, булчуңдары буруйган сымбаттуу денесин түз тутуп, кыжалат болуп кабатырланганы, же өлүмдү ойлоп корккону билинбеген жүзү менен ары өткүр, ары сүрдүү көздөрүн бир ирмеп койбой, жардангандарды кыдырата тиктеп, жай турду.

Баятан бери маслатташып, баш ийкешкен молдо-казылардын бир бүтүмгө өкүмүн көпчүлүккө билдирмекке шаардын казысынын катчысы топтон бөлүнө алдыга чыкты да, каргылданган үнү менен көпчүлүккө элан кыла, чыйылдаган жагымсыз үнү менен угуза кыйкырды:

-Ассалоомалейкум, момун мусулмандар!

Биссимилларахманиррайым, азиз бууродарлар!

Шаарыбыздын уламалары биригип, шаар казияты, калың калкка элан кылуу вазипасын мага тапшырды. Ал жарыяны сиздерге билдирип коюну өзүм милдаттарман деп эсептеймин.

-Кожо уулу Адини дарга асуу жазасы өзгөртүлүп, атууга өкүм кылынды!

-Кайсы күнөөсү үчүн?

-Эмне себеп?

-Күнөөсү мойнуна коюлдубу?-деп, комоктошкон көпчүлүк арасынан кыйкыра уу-дуу суроолор берилди.

-Бул мусулман баласы жасабаган күнөөлөрдү жасаган!-деди Жаныбек казы бийик секиде аралаш турган тобунан бөлүнө чыга уу-дууну баса катуу кыйкырып.-Шарияттан чыгып, сегиз катын алган.Мындай катынпоздорго мусулмандардын ортосунда орун жок!-деп Адини көздөй колун серепчиледи.

Сепил үстүндөгү жарданышкан шаардыктар уу-дуу боло, биринин сөзүн бири укпай, баш-аламан кобурай кыйкыра башташты. Казы жака-белин кылчая карап:

-Жана-жан досторуна жана кол алдындагы кызматкерлерине мусулманчылыкка сыйбаган, шарияттын эрежесине туура келбеген жок жазаны колдонуп, көпчүлүктүн көзүнчө абиратын көргөзүп, аялуу жерлерине, көчүктөрүнө балдак ургузган. Мусулманчылыкты, өз динин сатып, балчебектердин кызматын кылган, советтин тыңчысы. Ко-ош-деп, дагы күнөөлөрдү санаганча, сепил үстүндө турган көпчүлүктүн арасынан кыраан-каткы күлкү угулду.Көпчүлүккө сөзү жетпей калган казы, жанаша турган Раимжан менен Абдыкалыкка кайрылыды:

-Адинин жолун жолдобогонуңарды, андан бөлүнгөндөрүңөрдү сөзүңөр менен эмес ишиңер менен көрсөтөсүңөр. Алгыла мылтыкты!-деп тургандарга жарыя буйрук берди.

Адинин күнөөсүн эл алдында жарыялап, анын моюнга алуусуна мен кепилдик берем-деген казынын сөзү менен шаар казыятындагы Жанибектин адамдары «Ади өз күнөөсүн, өз мойнуна алганы» үчүн дарга асууну чечишкен.

-Болоору болду.Адинин көзүнүн тирүүсүндө кетпес кегимди, өчпөс өчүмдү өз колум менен алайын-деген ой менен шаардын уламалар тобуна Жаныбек казынын сөзүн кубаттай Абдыкалык кайрылган:

-Ади менин досум. Ишенген аскер башчысы да мен. Бирок, ал менин достугума, кызматыма карабай, көп алдында шылдыңга калтырып, куйругума камчы салдырды. Аны аспагыла? Өчүмү алыш үчүн өз колум менен атып өлтүрөйүн?-деп иштин өтөсүнөн чыгууну биротоло колго алып, милдетти өз мойнуна алган.

“Күнөөкөр” жазасын моюнга алган соң, аны атууга жети мерген жигит даярдалган эле. Алар дардын каршысында октолуу мылтыктарын камдап, даяр турушту.

-Ади, “күнөөлөрдү” моюнча алганыңды элге,элан кыл. О дүйнөгө таза кеткениңди билели-деди казы маашырлана.

-Күнөөлүү адамды, о дүйнө кабыл албай коет беле. Канчалык күнөөм бардыгын бир Кудай өзү билет. А сен божомолдоп күнөө коюп жатасың. Колу-буттарымдагы чырмаган жиптерди чечтир. Сен менден коркпой эле кой. Эч жакка качып кетпейм.

Жаныбек жанындагы жигитти ымдап, кулагына бир нерселерди шыбырады. Ал чуркап келип, Адинин чырмалган денесиндеги жипти бошотту. Ал солк этпестен, казыны карап сүйлөп жатты.

-Казым чындыкты айта албай турасың. Оозундум деп ойлобогун. Эгер жамандыгым болсо, башта эле аттырып, же туткундап коет элем. Өз Мекенинен кетип, бөтөн жерде мусаапыр болуп жүрөт. Ал да болсо жашоонун кызыкчылыгы-деп колум барбады. Элибиз күнкорсуз болсун дегем. Ал оюм ишке ашаарында, жолуму кесип отурасың. Максатташ бололу деп, эчен жолу чакырдым. Дилиң эл дебей калган экен. Бир айтаарым. Качкын болуп калдың. Өмүр бою мусаапыр болуп өтөсүң. Өзүңдүн керт башыңды ойлогон боз чымчыксың. Чымчыкка барган жери конорго. Мекениңи жоготконуң өзүңү жоготконуң. Сен чыныгы эр болсоң, мына бу жети жигитиңе аттырба. Өз колуң менен көзүмө тике карап туруп, аткын. Мен сага ыраазы болоюн.

Каршысында катар тизилген куралчан жигиттердин арасынан бирөөсү суурулуп чыгып, беш атаар мылтык менен өзүн мээлеген адамды көрүп, Ади ага кайрыла кетти:

-Эй мырза, мылтыгыңды жүзүңдөн ал. Дидарыңды көрөйүн?!

-Менмин. Өз колум менен узатайын дедим. Абдыкалык мээлеген мылтыкты төмөн түшүрдү.

-Сен белең! Экөөбүз кыяматтык дос элек. Башка, бөтөн-дөргө бер?!

-Өз колум менен жайлайын деген ниетим бар эле. Башкага ыраа көрбөйм.

-Ач көздүгүңө барыпсың да. Бүгүн шашканың менен эртеңки ниетиңе жетпей калдың, досум!

Андан аркы сөздөрдү уккусу келбеген Абдыкалык шашыла машаны басты. Ок чакыбады. Ал мылтыкты оңдоп октоп, мээлегиче:

-Баарың биригип, бир, Ади боло албайсыңар! Бир сааттан соң баарың артымдан барасыңар!- деди Ади камырабай, күлүп туруп.

Абдыкалык мээленген мылтыктын машасын басты. Ствол жарылып кетти.

-Тумарды алгыла! Касиеттүү курандын сүрөөсүнө мусулман мылтык кезебейт! Шарияттан жол издеген казы-молдолордун башына бул ой кирбедиби?-деди Ади өктөм

Жаныбектин ымдоосу менен жанагы жигит чуркап барып, Адинин колтугуна асылган тумарды шыпырып алды.

-Бул тумарды апамын колуна тапшыргыла. Эми атсаңар болот.

-Мөрөйдү тарттырып ийгенсиген Абдыкалык шашкалактап, жанындагы аскердин тогуз атарын колунан жулуп ала, атып жиберди. Ок тийгенин сездирбеген Ади камырабай турду. Алактаган Абдыкалык машаны удаа-удаа басып-басып алды. Адинин денеси солк этпеди. Маңдайда тургандар алдастап калышты. Казы алдыга бөлүнө чыгып, катарда турган мергендердин октолуу мылтыгын ала, удаа-удаа атып жиберди. Адинин денеси кынтая барып, кулап түштү.

Жаныбек аркы тарапта даяр турган атын көздөй шашыла басты. Анын артынан жан-жөкөрлөрү калбай, дуу ээрчиди. Казы атына аяк арта бергенде, сепилдин бир тарабынан тарсылдаган мылтыктын үндөрү угула баштады. Казы боз жоргонун тизгинин бир силкип, сепилдин экинчи тарабына карай бурула, катуу темине берээринде, топ ичинен бирөөсү үн катты:

-Как баш, дагы кандай балээ баштаганы калды?!-деген үн казынын кулагына шак дей түштү.

-Сөз кимдин оозунан чыкты?!

Жаныбектин адамдары элтең эте, жарыла беришти. Ортодо жашы отузга жете берген, шыңга бойлуу сулуу жигит, жалгыз калды. Казы белиндеги маузерин шарт ала коюп, турган жигитти көздөй басып калды да, аттын оозун катуу силкти. Анын артынан ээрчиген топ караан, таандардын үйүрүндөй боло далбактап, аттарына камчы басышып, чаап жөнөштү. Сырттагы тарсылдак улам жакындап, күтүрөгөн көп аттын туяктарынын үнү даана угулуп, булкунган аттарын атырылткан уйгур жигиттери, кетүүгө камынып жаткан топту орой окко элешти.

-Ай, айланайындар! Токтогула?! Атпагыла, уулумду? Тирүү жүзүн бир көрүп калайын? Бир сөзүн угайын? Айланайындар! Ата көрбөгүлө?!

Сепилдин кире беришиндеги ачуу кыйкырган аялдын үнү аба жарды. Каргылдана, боздогон доошу чыгып, башындагы жоолугу мүрүсүнө шыпырылып, аппак чачы бетин жаап, күйүккөндөн буулугуп араң дем ала, буттары чалыштаган караан көрүндү. Көкүрөгү жакжая ачылып, аябай тердеп, бууланган жалаң көйнөкчөн эне чуркап келип, уулунун сулк жаткан денесин кучактай, солкулдап, ыйлап-боздоп, кыйкырып жатты.

-Айланайын кулунум, акыретке кеттиңби?!

Ажалыңа ким жетти?
Көрө албаган душмандын көзүнө көк таш тыгылсын.
Кара ниет, канкорлор, көп узабай жыгылсын!
Казыга карай баспа –дегем,
Казыга ишенип, жатпа-дегем.
Жан күйөөр сага, түбү жок- дегем,
Жакшылык кылаар түрү жок- дегем.
Айланайын арстаным!
Арам досту кармандың,
Аярлабай алдандың
Достун түбү доо дегем,
Догурунса жоо дегем.
Катындын түбү кас дегем,
Кайыр кылбас пас дегем.
Кароолдо турган балдарың,
Камырабас жаш дегем!
Кара көзүм кашайып,
Кайдан да жалгыз таштадым.
Караан болбой жаныңа,
Айылга неге каттадым?...

Эне байкуштун кайгысы, Кашкар шаарынын төбөсүндө жаңырып, алыска угулуп жатты.

-Кайран баланын өмүрү шейит кетти. Кайгырып ыйлаган менен таппайбыз. Ак кепиндеп, аруу жууп, Аппак кожонун мазарына койгула. Алды-аркасында элге эге болом деп, эчендер менен кармашып, ак дилине ээ болбой кетти. Алла акыретин берсин-деп Кожо Нияз ажы тажиясын күтпөй, аскерин алып жөнөп кетти.

Адинин айбатынан айбыккандардын көбү душман чыгышты. Алайдан баргандарды басмачылардын өздөрү талашты. Алардын аркасынан ыктыярдуу топтун мүчөлөрү сая түштү. Кызыл партизандар аларга кол кабыш кылышып, Чыгыш Түркстандагы саясат өзгөрүп, Кашкар шаарында бийлик улам-улам алмашып жатты.

## Эпилог

-Абдыкалык тоо аралап качып жүрөт. Кимде-ким көргөн болсо, милицияга, же ГПУга кабарлагыла! Анын куралы бар.

Кармоого жардам берүүчүлөргө этият болуусу эскертилет! деген кабар кеч күздө элге тарады.

Талаада түнөп калбай, жалгыз жүрбөй, аңга чыккан мергендер, отунга баргандар, мал карагандар этияттанып сак-сактап калышты.

-Эдилбекте жүрөт имиш.

-Жок. Кичи-Өрдөштөн көрүшүптүр.

Ар кимдин миш-мишине кулак түргөндөрдү Карачач кемпирдин Кичи-Өрдөшкө балдары менен отунга барып көргөнү, ырастады.

-Эки чоочун киши жүрөт. Алардын ким экендигин так айта албайбыз-дешти Карачач кемпирдин сөзүн ырастаган балдары.

-Айылдагы чабандес, балбан жигиттер барбасаңар,анча-мынчаңарды куралчан жүргөн качкындар, тоготпойт. Атын коюп да, кете беришет-дешти айыл аксакалдары чогулгандарга кайрылып:

-Туйба балбан сен Матинин уулу Маманы, Матанын уулу Сулайманды ээрчитип бар. Экөө тең, өзүңө окшоп бакубат. Кайра тартпас, шамдагай жигиттер. Көп эле күчүңөргө ишенбей, абайлагыла. Алар жанкечтилер.Ок чыгаруудан аянышпайт-дешти аксакалдар.

Кеч күздүн ызгаарында кыламык кар жаап, кокту-колотту агартып койду.

Үчөө куралы жок, мал издеген болушуп, колотмо-колот өтүшүп, Кичи-Өрдөштү көздөй жөнөштү. Алыстан эле суу боюнда бири-биринен алыстап, куралы жок отурган эки караан-ды көрүштү. Өздөрүнөн шек алдырбаска бак-бак сүйлөшүп, улам жакындай беришти. Эки караан тең ордуларынан тура кала, бири-бирин сестене караршты. Үчөө тең шайдоот салам айтышып, кол берүүгө камданышты.

-Жакын келбегиле. Алыс тургула!-деди бириси өктөм сүйлөп шектене.

-Эмнеге келдиңер?-деди экинчиси чоочуркай.

-Мал карап жүрөбүз.

-Жолуңар менен кете бергиле! деди корс сүйлөп баягы биринчиси.

Үчөө шылтоо кылар сөз таба алышпай, кайрыла жөнөш-көндө Мама койнунан махорканы алып, кагазга ороду да:

-Кел, тамызып кой?-деп Сулайманга кайрылды.

Аңгыча чоочун киши:

-Алып кел, тамекиңден бери!-деп үн салды.

-Сен мына бул тамекини алып барып бер. Ал тамызгы сураганда, менде экенин айтып, тамекини бергенче баса кал! Мен да шап жетем-деди Мама Сулайманга.

-Туйба аке, сиз ошол замат, шеригин кармайсыз.

Үчөө шыбыраша макулдашкан соң, Сулайман басып барып, колундагы тамекини бейтаанышка узатты.

-Эй, күкүртү кана?-деди бейтааныш.

Сулайман Мамага карап:

-Күкүрттү бер!-деп жанына чакырды.

Бейтааныш тамекини оозуна алып барганда, Мама күкүрттү чакканча, аны артка түртө, басып жыгылды. Бейтааныш ага моюн бербей, үстүнөн алып ыргытууга аракеттенип жатканда, Сулайман анын буту-колун кайрып, өйдө турууга мүмкүнчүлүк бербеди. Кармашып жатышкан үчөө, кыламык карга сыйгаланып, сууга түшүштү. Бейтаанышты суу ичинде көтөрүп урарда, Маманын оюна, анын куралы эсине түшө калды. Аны кучактаганча, жамбашын сыйпаласа, ал да бир колу менен улам жамбашын сыйпалап, маузерине колу толук жетпей жатыптыр. Мама анын колун шап кайрый кармап, маузерин күч менен жулуп алды. Экөөнө бой бербей, жан талпастык менен каршылык көрсөтүп жаткан бейтааныш, бошошо түштү. Мама аны кое берип, маузерин кезей:

-Жаныңдан үмүт этсең, кыймылдаба!-деди.

-Ажалыңар жеткен эмес экен. Маузер колго тийгенде, каныңар ушул сууда агат эле.

-Сенин ажалың жеткен экен. Маузер биздин колдо турат-деди Мама Туйба жакка көз кырын салып.

Ал эчак эле, анын экинчи шеригин колун аркасына байлап коюп, суу ичиндеги үчөөнү карап турган болчу.

-Беш атаар кайда?

Туйбанын колунан таңылганы жалтандыбы, же «Эми бизге баары бир» дедиби, суу боюндагы таштын коңулу жакка, башын серпти.

Экөөнүн көтөрүп жүргөн куржунун аңтарганда, койдун бышкан куйругу, азыраак каткан нан чыкты. Үч балбан эки туткундун колдорун байлап, айылга айдап келишти. Колдорун бошотушуп, узун аркан менен белдеринен таңып, сыртка чыгып

бошонуп, кайра киргенге мүмкүнчүлүк беришип, боз үйгө камап коюшту. Туткундарды эки шеригине калтырган Мама түнү менен Будалык аркылуу ашып, Гүлчөдөгү комендатурага кабар бергени жөнөдү. Таңга маал солдаттарды ээрчитип барса, туткундардын кабарын уккан Кызыл-Коргондун айыл өкмөтү барып,

-Өкмөткө өзүбүз тапшырабыз деп, алып кетиптир.

Коркунучтуу качкындарды кармап, куралсыздандырганы үчүн Мама, Сулайман, Туйбанын ар бирине жүз сомдон, Карачач кемпирге жүз сом сыйлык милиция тарабынан ыйгарылды.

Кийинки маалыматка караганда Абдыкалыктын шериги, карапайым эле момун, бир айылдын тургуну болуп чыкты. Канкор жана кексе, куу Абдыкалык аны мал издеп жүргөн жеринен кармап алып, өзүнө караан кыла, алып жүргөн экен. Суракта күбөлөр чакырылып, ал акталган соң үйүнө бошотулуп жөнөтүлдү.

Жаныбек казы бөлөсү Раимжанга ырайым кылбады. «Куржун толо алтын берем» деп, «бөлөсү үчүн өлбөдү». «Эмне болсоң ошо бол» деп, ак куржун артынган атын моюнга бир чапкан боюнча, аркасына бир кылчайбай Оогонго ооп кете берди.

«Адидан ажыраган» Раимжан Кашкар аймагында көпкө тура албады. Аркасынан айгак түшүп, акыры из жашырып, чек арадан өтүп, Бүлөлүгө келе бергенде, Адинин туугандары кармады.

-Ырас, өзүбүздөн өткөн иш. Жошолуну бир көрүүгө мүмкүндүк берсеңер, мен силерге ыраазы элем?

-Биз сени, аман-эсен көргөнүбүзгө «ыраазыбыз» дешти, бүлөлүлүктөр.

Аны «ардактап» комендатурага өткөрүп беришти.

# ЫНТЫМАКТАШКАН АРАКЕТ



Кыргыз элинин тагдыры эчендеген татаал мезгилдерге туш келди. Эл эркиндиги үчүн эчендеген эр азаматтар өмүрүн арнап, күрөшкөндүгү эл арасында ооздон-оозго айтылып жүрөт. Алардын акыйкат күрөшү, эл-жерди сүйгөн мекенчилдиги кийинкилер үчүн үлгү, зор тарбия. Тарыхта андай адамдардын саны арбын. Айрымдарына тарых өз баасын берип, эрдиктери жана басып өткөн жолдору, кийинки муундагыларга жетип отурат. Өз эли тарабынан унутулбаган айрым тарыхый инсандардын өмүр жолдору, оош-кыйыштуу окуялар, кийинки муундагылар тарабынан терең изилденип,мезгилдин катмарындагы бүдөмүктөнгөн түпкүрүнөн жарк эте таңкы жылдыздай жанып чыга келүүдө.

Жыйырманчы кылымдын баш чениндеги улуттук-боштондук көтөрүлүштөрдүн күрөшүндө эчендеген чыгаан инсандардын тагдырлары катылган. Айрымдары бизге белгилүү болсо да, кээлери эл оозунда айтылганы менен чыгармачыл адамдар, окмуштуулар тарыхчылар тарабынан изилденбей келген. Элибиз эгемендик алгандан кийин бул иш аз да болсо колго алынууда. Буйруса мындай иштерди бүгүнкү күндөгү жана эртеңки азаматтар терең изилдеп, эл алдына алып чыгары анык.

Биз сөз кыла турган тарыхый инсан Кожо уулу Ади 1890-жылдары Алайда төрөлүп, өзүнүн өмүр жолунда, татаал окуяларды баштан кечирген. Бирде «басмачы» деп, бирде «качкын» деп айтылып, ошол мезгилдеги көрө албастардын жамандоосунан кийинкилер арасында караланып келди. Бирок, эл арасында айтылган аңыздарды, аны көргөн-билген адамдардын эскерүүсүндө «одоно жактары» жок экендигине коомчулук күбө. Басмачы болгон чакта да, ал өз элинин басмырланышына каршы күрөштү. Элди, жерди ыйык сактоого «басып алуучуларга» каршы турду. Анын эң негизги максаты эл

эркиндиги, бөтөндөргө көз карандысыз өлкөнү түптөөгө болду. Максатына жетиш үчүн күрөштү.

Эркиндикти самаган уулун эли унутпады. Кылымга жакын убакыт өтсө да, айыл аксакалдары, биларман адамдар-акыл-эсти, эрдикти, эң негизгиси адамгерчиликти баалаган урпактары «Кожо уулу Ади» аттуу коомдук фондду түзүшүп, анын өмүр жолун изилдешип, кийинкилерге элге арналган атын калтырууга макулдашышты. Коомдук фонд аркылуу жаштар арасында тарбия ишин жакшыртууга, ынтымактуу биримдик болууга чыгармачылык менен иштегендерди колдоого, жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоого, жакшы окууга, материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүү максатын көздөп, атайын Жобону иштеп чыктык.

Адинин ишмердигин коомчулукка кеңири жайылтуу колго алынды. Эл оозундагы айтымдардын, тарыхый далилдердин негизинде китеп жарык көрүүдө. Тарыхый инсандын таржымалын дагы да терең изилдеп, толуктоо кийинки муундагылардын иши. Айрыкча Кашкар (Кытай) аймагындагы окуяларда анын орду өзгөчө экендиги бизге бүдөмүк бойдон эле. Эл арасынан жыйнап, каармандын эркиндикке умтулган жүзүн ачуудадагы китеп бизди кубандырды.Уккан-билгендердин арасында талкуугa алынып, кошумчулар менен дагы да толукталары айдан ачык.

«Кожо уулу Ади» атындагы коомдук фонду бул башталышты кубаттайт. Тарыхка тамчы болсо да кошумча болгон бул эмгек окурмандарды да кайдыгер калтырбайт-деген ойдобуз. Коомдук фонддун келечектеги максаты жана ишмердиги коомчулукка айкын болушу үчүн бирдиктүү аракеттерди жүргүзүп, иш-чараларды турмушка ашыралы деген программаларды кабыл алдык. Биздин демилгени коомчулук да колдооруна терең ишенебиз.

***Р.Сарыбаев,***

***«Кожо уулу Ади» коомдук фондд***
***Бүлөлү айылы.***

## Пайдаланылган адабияттар жана маалыматтар:


-С.Наматбаев «Ишеничти актап». Ф.Кыргызстан.1984.
-Кыргыз ССРинин Борбордук мамлекеттик архиви. 89-фонд. 3-опись, 6,5-дело,254-бет.
-«Воспоминания участников революционных событий и гражданской войны в Киргизии». Ф.1957.
-Кыргыз ССРинин Борбордук мамлекеттик архиви 13-фонд,3-опись,10-дело,306-барак.
-История гражданской войны в Узбекстане.Т.1964 г.43-б.
-А.И.Зевелев, Ю.А.Полянов,А.И.Чугунов. «Басмачество возникновения сущность крах». М.1981 г.
-Кыргыз ССРинин Борбордук мамлекеттик архиви.13-фонд,2-опись,5-дело.
-Кыргыз ССР Ички иштер Министрлигинин Даңк музейинин фондуларынан.
-Т.Жалилов. «Верные отчизне». Ташкент.1968 г.
-Истории ВЧК 1917-1921 гг. Сборник документов.М.1958 г.
-СУСССР 1924.№12.
-Октябрь революциясынын Борбордук мамлекеттик архиви.393-фонд.73-опись,53-дело.
-Истории Киргизской ССР.Ф.1968.II том.
-Ош облустук мамлекеттик архиви, 79-фонд,1-опись,28-дело.
Адиева Каминур Теңешовна Үрүмчү шаары.
-Алиев Маматибраим-Алай району, Бүлөлү айылы.
-Балтабаев Сатыбалды-Алай району, Бүлөлү айылы.
-Болотов Арстан-Ош шаары.
-Жолонов Абдыкадыр-Алай району, Жошолу айылы.
-Караев Сатыбалды-Алай району, Бүлөлү айылы.
-Качкынбаев Майрамбек-Алай району, Бүлөлү айылы ж.б.
-Мамаев Калдыбай-Алай району, Бүлөлү айылы.
-Нышанов Камчыбек - Алай району, Бүлөлү айылы.
-Сатаров Абдыбали-Алай району, Кызыл-Коргон айылы.
-Тажикова Ракыя-Алай району. Сопу-Коргон айылы.
-Токтобаев Мамашарип-Алайкуу өрөөнү, Кызыл-Жар айылы.
-Турганбаев Жаныбек-Алай району, Аскалы айылы.

Мазмуна


Аракетибиз айкындалууда.......................................................... 3
Биринчи бөлүм............................................................................ 5
Экинчи бөлүм............................................................................ 188
Үчүнчү бөлүм............................................................................ 414
Эпилог....................................................................................... 510
Пайдаланылган адабияттар жана маалыматтар................. 512


Суранчы Жетимишов

# АЛБУУТ ДАРЕК ИЗДЕРИ


Редактору: Качкынбаев Майрамбек
Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Корректору: Суранчиев Бекмамат
Компьютерге түшүргөн: Закирова Шарипа
Көркөмдөгөн Ыкыбал уулу Элдияр

Басууга 10.11. 2014-ж.
Кагаздын форматы 60х84 1/16 32,25 Көлөмү басма табак.
Нускасы 2000. Буйрутма №69 Офсеттик ыкма менен басылды.
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-236
0779 77 77 89, 0770 13 02 02